КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# 3төн 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ «БАЛАЛЫК» ПРОГРАММАСЫ

Бишкек
2017

Акысыз
таратылат

УДК 372.31.4
ББК 74.1
Y–99

**Түзүүчүлөр:**
*Г. С. Расулова, Т. А. Орусбаева, А. И. Фадина,*
*Н. К. Тунгатарова, Л. Ф. Дворянинова, С. В. Пужанская*

**Кеңешчилер:**
*А. Д. Токтомаметов, А. А. Исаева*

**Рецензенттер:**
*Л. В. Усенко, Т. Э. Алиева, Л. Турдахунова*

**Которгондор:**
*А. Д. Токтомаметов, Б. З. Субанова*

Y–99 **3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы.** – Б.: Аркус бас., 2017. – 352 б.

ISBN 978–9967–31–592–1

Education
for Community
Development

Программа Education for community development, ECD уюмунун эксперттер тобу тарабынан КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Билим берүү максатында глобалдык билим берүү» долбоорунун алкагында «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамына (3, 4-беренелер), «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» КР билим берүү мамлекеттик стандартына ылайык түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, 2016-жылдын 29-сентябрдагы №1339/1 буйругу менен бекитилген.

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 29-июндагы токтому менен жактырылган.

Y 4305000000–17

УДК 372.31.4
ББК 74.1

ISBN 978–9967–31–592–1

© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2017

# МАЗМУНУ


**Түшүндүрмө кат** ........ 5

**I бөлүм. Билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу** ........ 9

**II бөлүм. Балдардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында болуусун уюштуруу**

2.1. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштөө регламенти........ 20

2.2. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия ........ 20

**III бөлүм. Билим берүү процессин уюштуруу**

3.1. Педагогикалык процессти уюштуруу ........ 23

3.2. Кыска мөөнөттө болуу топтору ........ 24

3.3. Балдар кыска мөөнөттө (3 саат) жана 10 саат боло турган мектепке чейинки билим берүү уюмдары үчүн режимдик учурлар........ 24

3.4. Түрдүү курактагы топтордо педагогикалык процессти уюштуруу ........ 26

**IV бөлүм. 3–4 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы**

4.1. 3–4 жаштагы балдарга курактык мүнөздөмө ........ 30

4.2. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү (таблица) ........ 32

4.3. 3төн 4 жашка чейинки (экинчи кенже топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы ........ 33

4.4. Экинчи кенже топтун сабактарынын болжолдуу расписаниеси ........ 33

4.5. Экинчи кенже топтун кыймыл активдүүлүгүнүн режими ........ 34

4.6. 3төн 4 жашка чейинки балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар ........ 34

4.6.1. Кеп өстүрүү........ 34

4.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу ........ 37

4.6.3. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу........ 42

4.6.4. Конструкциялоо........ 46

4.6.5. Көркөм адабият........ 48

4.6.6. Музыкалык өнүгүү ........ 50

4.6.7. Көркөм өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу ........ 53

4.6.8. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия ........ 56

**V бөлүм. 4–5 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы**

5.1. 4–5 жаштагы балдарга курактык мүнөздөмө ........ 61

5.2. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү (таблица)........ 64

5.3. 4 төн 5 жашка чейинки (орто топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы ........ 65

5.4. Орто топтогу сабактарынын болжолдуу расписаниеси ........ 65

5.5. Орто топтогу кыймыл активдүүлүгүнүн режими ........ 66

5.6. 4 төн 5 жашка чейинки балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар: ........ 66
5.6.1. Кеп өстүрүү ........ 66
5.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу ........ 69
5.6.3. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ........ 72
5.6.4. Конструкциялоо ........ 75
5.6.5. Көркөм адабият ........ 77
5.6.6. Музыкалык өнүгүү ........ 79
5.6.7. Көркөм өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу ........ 83
5.6.8. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия ........ 86
**VI бөлүм. 5–6 жаштагы балдарды өнүктүрүү программасы**
6.1. 5–6 жаштагы балдарга курактык мүнөздөмө ........ 94
6.2. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү (таблица) ........ 98
6.3. 5 тен 6 жашка чейинки (жогорку топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы ........ 99
6.4. Жогорку топтун сабактарынын болжолдуу расписаниеси ........ 99
6.5. Жогорку топтун кыймыл активдүүлүгүнүн режими ........ 100
6.6. 5тен 6 жашка чейинки балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар: ........ 100
6.6.1. Кеп өстүрүү ........ 100
6.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу ........ 103
6.6.3. Сабат ачуу ........ 106
6.6.4. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ........ 108
6.6.5. Конструкциялоо ........ 111
6.6.6. Көркөм адабият ........ 113
6.6.7. Музыкалык өнүгүү ........ 115
6.6.8. Көркөм өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу ........ 118
6.6.9. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия ........ 120
**VII бөлүм. Ата-энелер жана коомчулук менен өз ара мамиле** ........ 127
**Глоссарий** ........ 130
**Адабияттар** ........ 134
**Программага карата тиркемелер** ........ 140
**Программаны өздөштүрүү боюнча пландалган натыйжаларга балдардын жетүүсүнө мониторинг жасоо системасы** ........ 140
**Болжолдуу тематикалык пландар** ........ 147
**«Балалык» программасына тиркеме: билим берүү жана өнүктүрүүчү сабактар боюнча болжолдуу тематикалык пландар** ........ 165

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Бул 3төн 6 жашка чейинки балдар үчүн негизги билим берүү программасы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган негизги ченемдик документтердин талаптарына ылайык, коомдун жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыкты, алар: Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы; Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамы, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандарты; Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси; Балдардын укуктары жөнүндө конвенция; Мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобо.

Негизги билим берүү программасы Education for community development уюмунун эксперттер тобу аркылуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен, **Дүйнөлүк Банктын «Билим берүү максатында глобалдык өнөктөштүк» «Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү» долбоорунун техникалык тапшырмасына ылайык, сапатты жакшыртуу жана 3төн 6 жашка чейинки балдарды эрте курактагы өнүктүрүү программаларына тартууну көбөйтүү максатында иштелип чыкты.**

Бул Программаны иштеп чыгуунун башкы себептеринин бири – билим берүү системасын модернизациялоо, учурдагы билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттагы өзгөчөлүктөр болуп калды, алар мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы (мындан ары – МБУ) мазмундуу жана тарбиялоо-билим берүү процессин уюштуруу ыкмаларын аныктоодо маанилүү өзгөрүүлөрдүн зарылдыгын шарттады.

Программаны иштеп чыгуу азыркы мектепке чейинки курактагы баланын өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу, мектепке чейинки билим берүү уюмунун билим берүү процессин уюштуруп жатып, буларды эсепке албай коюуга болбойт. Жаңы Программа, биринчи кезекте, балага, анын муктаждыктарын жана табигый мүмкүнчүлүктөрүн ачууга багытталган.

Азыркы бала – келечекке, дүйнөнү, адамды жана табиятты таанууга багыт алган кичинекей жаран. Ал турмуштагы кубулуштарды жана окуяларды түрдүү: кызыкчылык, пайдалуулук, эстетикалык, таанып билүү көз карашынан баалоого даяр. Азыркы баланын ички резервдери ишмердиктин ар кандай түрлөрүндө: оюнда, музыкада, эмгекте, көркөм өнөрдө, изилдөөдө ачылат. Азыркы бала ишмердиктин ар кандай түрлөрүн өз ара ишенимдүү айкалыштырып, бириктире алат. Ал бала чоң адамга караганда тез аракеттенет, чөнтөк телефонун жана компьютерди, телевизорду, азыркы гаджеттерди бат өздөштүрөт, автомобилдин маркаларын, жарнактарды билет. Ошол эле учурда, оюн бала үчүн негизги ишмердик болуп кала берет. Балдарды процесстин өзү, өз алдынчалыгын жана эркиндигин көрсөтүү мүмкүндүгү, тандоо, ойлогондорун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү өзүнө тартып турат.

Мындан сырткары, азыркы педагогго болгон талаптардын өзгөрүшү жаңы Программаны иштеп чыгуу үчүн негиз болду. Мектепке чейинки билим берүүдө учурдагы педагог тарбиялоо-билим берүү процессин гумандуулук мамилелердин негизинде ишке ашырып, ар бир баланын куралтык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алып, мектепке чейинки курактагы бакубат баланын бүтүндөй өнүгүүсүнө жардам бериши керек. Ар бир баланын өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү менен, педагог үй-бүлө, коомчулук жана башка институттар менен кызматташтыкты уюштурат.

Көпчүлүк азыркы ата-энелер баланын өсүүсүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке албастан, алардын билим алуусуна (интеллектуалдык жөндөмдөрүнүн өсүүсү, эрте

окуп, эсептөөсү, тилдерди билүүсү ж. б.) жогорулатылган талаптарды коюшат. Бул учурдагы ата-энелердин өзүнүн балдарына үлгү, авторитет болгусу келгени, баланын таанып билүүсүнүн өсүүсүнө умтулуу менен көпчүлүк учурда балдар менен өнөктөштүк мамилени кантип курууну биле беришпейт.

Бул Программада ишмердиктин өзүнчө багыты катары гендердик тарбиялоо бөлүп көрсөтүлдү. Бул мектепке чейинки уюмдардын педагогдору иштеген программаларда *гендердик тарбиялоого* жетиштүү көңүл бурулбай, программалар көпчүлүк учурда «жыныссыз» болгону менен шартталды. Бирок, азыркы медиктер, психологдор, педагогдор гендердик таандык болууну (идентификацияны), гендердик социалдаштырууну, баланы үй-бүлөлүк жана социалдык турмушка даярдоону камтыган гендердик тарбияны эрте жаштан баштоо керектигин тастыкташат. Гендердик социалдаштыруу үчүн абдан маанилүү мезгил мектепке чейинки курак болуп эсептелет, анткени бул мезгилде баланын инсанынын абдан маанилүү белгилери, касиеттери жана сапаттары калыптанат.

Аталган бардык себептер жаңы Программаны иштеп чыгуу зарылчылыгын шарттады.

Программанын түзүмү күн режиминдеги ишмердиктин түрлөрүн жана өнүктүрүүчү сабактарды камтыган билим берүү ишмердигинин жыйындысынан турат, алар балдардын курактык, жекече өзгөчөлүктөрүн жана кызыкчылыктарын эсепке алуу менен, алардын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

Программанын **негизги максаты** – өнүгүүнүн курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык психикалык жана денелик сапаттарынын толук кандуу жана ар тараптуу өнүгүшү үчүн коопсуз шарттарды түзүү, социалдык ийгиликтүүлүктү камсыз кылган инсандын базалык маданиятынын негиздерин, социалдык ийгиликтүүлүктү камсыздаган окуу ишмердигинин негиздерин калыптандыруу.

Программа мектепке чейинки курактагы балдардын денелик, когнитивдик, социалдык, чыгармачыл, эстетикалык, көркөм-кептик багыттарын өнүктүрөт.

Программаны ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** аныкталды:

- ар бир баланын денелик жана психикалык ден соолугун сактоо жана бекемдөө, эмоционалдык бакубатчылыгын камсыз кылуу;
- кийинки куракка өтүүдө ырааттуулукту сактоо менен ар бир курактагы баланын кызыкчылыктарына жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык өсүүсүн камсыз кылуу;
- балдар ишмердигинин ар кандай түрлөрүн, аларды жуурулуштурууну пайдалануу менен салттуу, инновациялык технологияларга негизделген тарбиялоо-билим берүү процессинин моделин түзүү;
- баланын таанып билүү активдүүлүгүн, акыл-эс жөндөмүн жана кептик карым-катышын, бир нерсеге кызыгуусун, өз алдынча таанып билүүгө жана ой жүгүртүүгө умтулуусун өстүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- баланын инсанынын базистик мүнөздөмөлөрүнүн калыптануусуна өбөлгө болуучу, азыркы талаптарга жооп берген жагымдуу шарт түзүү;
- мектепке чейинки уюмдун жана үй-бүлөнүн шартында баланы тарбиялоо мамилелеринин биримдигин камсыз кылуу.

Программанын милдеттерин чечүү балдардын ишмердигинин ар кандай түрлөрүн уюштурууда ишке ашат (кыймыл, оюн, эмгек, карым-катыш, таанып билүү-изилдөөчүлүк, музыкалык-көркөм), ошондой эле балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык, билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарды өзүнө камтыган тартипте балдардын өз алдынча ишмердигинде жана үй-бүлөлөр менен мектепке чейинки билим

берүү уюмунун өз ара аракеттенүүсүндө ишке ашат, ал Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жүргүзүлөт.

Мазмундуу уюштуруу формаларын, ишке ашыруу усулдарын жана технологияларын тандоо баланын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык ишке ашат.

Программа мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүүнүн окутуучу, өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу милдеттеринин биримдигин камсыз кылат, аларды ишке ашыруу процессинде мектепке чейинки курактагы баланын шайкеш өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр калыптанат.

Программанын өзгөчөлүгү күн/жума ичинде балдардын ортосундагы жана чоңдор менен тиешелүү темада өз ара аракеттенүүсүн уюштурууга жуурулушкан мамилени киргизүү болуп саналат.

Ар бир мектепке чейинки курактагы бала үчүн табийгалуулукка каршы аны максималдуу өнүктүрүү эмес, биринчи кезекте анын мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмүн болушунча толук ачуу үчүн шарт түзүү, мектепке чейинки куракта ишмердиктин баланын күчү жеткен түрлөрү аркылуу аны бүтүндөй өнүктүрүү маанилүү.

Программада тарбиялоонун: адептик, мекенчилдик, көп маданияттуулук, гендердик, коопсуз бакубат жашоо образын тарбиялоо багыттары чагылдырылды, алар өз жерин, өз элин, Мекенин сүйгөн, башка элдердин салт-санааларына, үрп-адаттарына толеранттуулук менен мамиле кылган жаранды тарбиялоого багытталган.

**Программанын түзүмү бул бөлүмдөрдү өзүнө камтыйт:**

- 1-бөлүм. Билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу.
- 2-бөлүм. Балдардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында болуусун уюштуруу.
- 3-бөлүм. Билим тарбиялоо-берүү процессин уюштуруу.
- 4-бөлүм. 3төн 4 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.
- 5-бөлүм. 4төн 5 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.
- 6-бөлүм. 5тен 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.
- 7-бөлүм. Ата-энелер жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү.
- Программада «Мониторинг жана баалоо» тиркемеси, болжолдуу тематикалык пландар бар.

***1-бөлүм. Өнүктүрүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу*** тарбиялоо-билим берүү процессинин мамилелерин жана принциптерин аныктайт, ал мектепке чейинки курактагы баланын өзгөчөлүктөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө жана билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштурууга ылайык курулушу зарыл.

***2-бөлүм. Балдардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында болуусун уюштуруу*** мектепке чейинки уюмдарда иштөө регламентин билдирет, бул бөлүмдө балдарды дене тарбиялык-чыңдоочу өстүрүүнү эске алуу менен мектепке чейинки билим берүү уюмундагы билим берүү-тарбиялоо процессинин мазмуну жана формалары аныкталды.

***3-бөлүм. Тарбиялоо-билим берүү процессин уюштуруу*** мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы педагогикалык процессти өзгөчө уюштурууну аныктайт, жетектөөчү оюн ишмердиги менен *комплекстүү-тематикалык принцип* чоң адам менен баланын өз ара мамилесинин мазмунун, каражаттарын, усулдарын жана формаларын карайт.

***4-бөлүм. 3төн 4 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.*** Программа 3–4 жаштагы балдардын курактык мүнөздөмөлөрүн жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн карайт. Анда билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы, күтүлүүчү

натыйжалар, сабактардын болжолдуу тизмеги (расписаниеси), балдардын кыймылдуу активдүүлүк режими, предметтик өнүктүрүүчү чөйрө бар.

***5-бөлүм. 4төн 5 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.*** Программа 4–5 жаштагы балдардын курактык мүнөздөмөлөрүн жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн карайт. Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы, күтүлүүчү натыйжалар, сабактардын болжолдуу тизмеги (расписаниеси), балдардын кыймылдуу активдүүлүк режими, предметтик өнүктүрүүчү чөйрө орун алган.

***6-бөлүм. 5тен 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы.*** Программа 5–6 жаштагы балдардын курактык мүнөздөмөлөрүн жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн карайт. Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы, күтүлүүчү натыйжалар, сабактардын болжолдуу тизмеги (расписаниеси), балдардын кыймылдуу активдүүлүк режими, предметтик өнүктүрүүчү чөйрө камтылган.

***7-бөлүм. Ата-энелер жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү.*** Мектепке чейинки курактагы баланы өнүктүрүүдө ата-энелердин, коомчулуктун ролу.

### Программанын тиркемеси:

- **«Мониторинг жана баалоо»** программаны өнүктүрүү боюнча пландалган (базалык) натыйжаларга балдардын жетүүсүнө мониторинг жасоо системасын, ошондой эле аны өткөрүү ыкмаларын жана усулдарын сыпаттайт. Ал балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, билим берүү чөйрөлөрү боюнча программаны өздөштүрүүнү баалоо барактарын өзүнө камтыйт;
- **Сабактардын болжолдуу тематикалык пландары.**

# I бөлүм

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨЛӨРҮН ЖУУРУЛУШТУРУУ

Учурдагы мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүнүн башкы принциби **– билим берүү чөйрөлөрүн мектепке чейинки курактагы балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык жуурулуштуруу принциби.**

Бул принцип мектепке чейинки билим берүү уюмдарын тарбиялоо-билим берүү процессин билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруунун негизинде уюштурууга милдеттендирет. Жуурулушкан мамиле баланын инсанынын таанып билүүчүлүк, эмоционалдык жана практикалык чөйрөлөрүн бирдикте өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

- **«Дене өнүгүүсү»** өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмуну баланын денелик, психикалык ден соолугун сактоого жана бекемдөөгө, аларды дене жагынан өстүрүүгө, бакубат жашоо образы маданиятынын негиздерин жана дене тарбияга кызыгуусун калыптандырууга багытталган.
- **«Таанып билүү жана когнитивдик өнүгүү»** өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмуну балдарда таанып билүү кызыкчылыктарын, дүйнөнү таануунун образдуу формасын, көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнү жана балдарды интеллектуалдык өнүктүрүүгө багытталган. Бул чөйрө объект менен кубулуштардын байланышын, бири-биринен көз карандылыгын аныктоону, турмуштун түрдүү чөйрөлөрүн таанып билүү ыкмаларын (сенсордук талдоо, көрсөтмөлүү моделдерди куруу жана колдонуу ж. б.) калыптандырууну карайт. Натыйжада балада акырындык менен дүйнөнү бүтүн кабыл алуу, жеткиликтүү таанып билүү маселелерин өз алдынча чече алуусу, эксперимент жасоого, логикалык таанып билүүгө, өз алдынча жыйынтык чыгарганга кызыгуусунун өнүгүүсү калыптанат.
- **«Сабаттуулук жана карым-катыш»** өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмуну балада туура байланыштуу кепти, дикцияны жакшыртуу, тыбыштарды, муундарды жана сөздөрдү так, туура айтууну билдирет. Мында фонематикалык угумду, артикуляциялык аппаратты, баланын кептик айтымын өркүндөтүү боюнча иштер ачылат, педагогдун көңүлү чоң адамдардын адабий тилдин ченемдерин сактоонун маанилүүлүгүнө топтолот. Психикалык процесстерди, анын ичинде кепти да, бүтүндөй күн ичинде ишмердиктин ар кандай түрлөрүндө өнүктүрүү жана байытуу үчүн шарттарды түзүү зарыл.
- **«Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү»** өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмуну социалдык мүнөздөгү алгачкы түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө жана балдарды социалдык мамилелер тутумуна кошууга, алардын айланадагы адамдар менен өз ара мамиле кылуунун конструктивдүү ыкмаларына жана каражаттарына ээ болуусуна багытталган. Кеп акырындык менен балдардын социалдык-баалуулук багыттары, «гумандуу» жүрүм-турум түшүнүктөрү, табият менен адамдын биримдигин сактоону, курчап турган чөйрөнү коргоону, жакшы иштерди жасоону, боорукерликти кыла берүү тууралуу болууда. Эмоционалдык кайдыгер эместик искусствого, музыкага, адабиятка, биздин өлкөдөгү түрдүү элдердин каада-салттарына, өз Мекенинин этномаданиятына аралашуу, дүйнөлүк коомчулукка кызыгуусунун артуусу аркылуу өнүгөт.
- **«Чыгармачылык жана эстетикалык өнүгүү»** өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмуну баланын эстетикалык маданиятын калыптандырууга, алардын өзүн көрсөтө алуудагы муктаждыктарын канааттандырууга, түрдүү кырдаалдарга бай, жеке кызыкчылыктарына ылайык, балдарды кыял чабытына, ийгиликтүү чыгармачылык ишмердикке шыктандырган өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүүгө багытталган.

**Билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруунун башкы максаты – курчап турган дүйнөнү балдардын бүтүн кабыл алуусу үчүн шарттарды камсыз кылуу.**

Балдардын денелик, интеллектуалдык жана инсандык сапаттарын калыптандыруу боюнча психологиялык-педагогикалык милдеттер бардык билим берүү чөйрөлөрүн

өздөштүрүүнүн жүрүшүндө жуурулушуу менен чечилет, аны менен катар милдеттүү түрдө психологиялык коштоо менен ишке ашып, ар бир билим берүү чөйрөсүнүн милдеттери да ишке ашат.

- Бул программада 5 өнүктүрүү чөйрөсү бөлүнүп көрсөтүлдү: **«Социалдык жана эмоционалдык өнүктүрүү», «Таанып билүү жана когнитивдик өнүктүрүү», «Сабаттуулук жана карым-катыш», «Чыгармачылык жана эстетикалык өнүктүрүү» жана «Денелик өнүктүрүү»**, **аларды ишке ашыруу шайкеш түрдө бири-бирине өтүүнү, бири-бирин толуктоону билдирет**, балдарда дүйнөнүн бүтүн көрүнүшүнүн калыптануусуна жардам берет.
- Календардык-тематикалык пландоо **өнүктүрүү чөйрөлөрүн жуурулуштурууну аныктайт,** алар балага теманын мазмунун ар тараптуу ачып берет:
  - курчап турган дүйнөдө болуп жаткан жана балдардын кызыкчылыгын жараткан (ачык табияттык кубулуштар жана коомдук окуялар, майрамдар) чыныгы окуялар;
  - көркөм чыгармаларда сыпатталган элестүү окуялар, алар чыныгы окуялар сыяктуу эле күчтүү тема түзүүчү фактор болуп саналат;
  - өнүктүрүүчү чөйрөлөргө ылайык, кызыгууну жана изилдөөчүлүк активдүүлүктү жараткан, педагог атайын «моделдештирген» окуялар;
  - үй-бүлөдө, топто, МБУда болуучу, балдарды «өзүнө тартып алуучу» жана узакка алардын көңүлүн бурдуруучу окуялар, алардын тамыры, эреже катары, массалык карым-катыш каражаттарында жана оюнчук индустриясында (мисалы, динозаврлар менен алектенүү ж. б.) болот.
  **Бардык бул темаларды педагог бүтүндөй билим берүү процессин ийкемдүү долбоорлоо үчүн колдонсо болот.**
- Мектепке чейинки курактагы балдардын ишмердигинин негизги түрлөрүн жуурулуштуруу: таанып билүү-изилдөөчүлүк, эмгектик, көркөм-чыгармачыл, карым-катыштык, кыймылдуу. **Ишмердик жуурулуштуруунун психологиялык негизи катарында өзүнүн ичинде психикалык процесстердин компоненттерин бириктирүүгө жана топтоштурууга жөндөмдүү.**
- Мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиялоо-билим берүү процессинин акыркы натыйжасы катары каралган инсандын жуурулушкан сапаттарын калыптандыруу. Өзүнүн маңызы боюнча инсан бүтүн, системалуу. Адам инсандык жактан калыптануу процессинде акырындык менен өзүнчө жашоо жөндөмү катары жана чөйрө менен өзүнүн мамилелерин түзүү жана колдоо жөндөмдүүлүгү катары өз алдынчалуулукту өздөштүрө берет. **Ар бир инсандын жуурулушкан жекечелиги тарбиялоо, өстүрүү жана окутуу процессинде түзүлөт.**

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жуурулушкан процессти уюштуруунун өзгөчөлүгү мында, аталган формалардын баары таза түрүндө болбойт, тиешелүү теманы тандоо да аларды жуурулуштурууну билдирет.

***Мисалы:*** *күн, жума ичинде балдарга апа тууралуу чыгармаларды окушат, апаларынын сүрөттөрүн карашат, апаларынын сүрөттөрүн өздөрү тартышат, «Менин апам» портреттеринин көргөзмөсүн жасашат, апаларынын кесиптери тууралуу айтып беришет, апалары үчүн белек – аппликациялык открыткаларды даярдашат, апаларга арналган музыкалык чыгармаларды угушат, чоң адамдар менен бирге апалар үчүн концерт уюштурушат, «Апамдын жасалга кийимдери» же «Кожойке» долбооруна катышышат. Ушул күндөрдүн биринде апалардын бири менен жолугушуп, ал уулу же кызы үчүн сүйүктүү таттууну кантип даярдай тургандыгынын сыры (сыр ар кандай болушу мүмкүн) менен бөлүшсө жакшы болмок.*

Мындай күндө балдар биргелешкен майрам чөйрөсүнө гана аралашпастан, өзүнүн апасын баалоого жана сыйлоого үйрөнүшөт, назиктик, камкордук, эркелетүү, кең пейилдик сыяктуу азыркы аялдын эң мыкты мүнөздөрүн өздөштүрүшөт; өзүнүн апасын баалап, урматтоого үйрөнөт. Мында рухий-адептик жана гендердик тарбиялоо, социалдык, инсандык, көркөм-чыгармачыл, таанып билүү-кептик өсүү, ошондой эле балдарда активдүүлүк, кызыгуучулук, эмоционалдык боорукердик, чыгармачылык сыяктуу сапаттарды калыптандыруу ачык көрүнүп турат.

Аны менен бирге балдарда бар ишмердиктеги таанып билүү билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн бекемдөө, б. а. кырдаалдарды (турмуштук, стандарттуу эмес, оюн) жаратуу мүмкүнчүлүгү жаралат, анда балдар ишмердиктин субъекттери болушат. Анын негизинде балдар үчүн кызыктуу, өзүнө тартып турган оюн сюжети болот. Жол берилген ар түрдүү түшүндүрүү (интерпретация): жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн сюжеттүү комплекстери, кыймылдуу жана музыкалык-кыймылдуу оюндар, спорттук эстафеталар, психогимнастика, музыкалык этюддар-тренингдер ж. б.

Ошондуктан жуурулушкан сабактардын формалары оюн түрүндө болушу керек: саякат-оюн, баарлашуу кырдаалдары, майрамдар, долбоорлор, окуялар ж. б. Ал эми мектепке чейинки балдарды окутуу баланын инсанын өнүктүрүүнү башкаруу катары каралат, анда буга чогуу катышкан чоң адамдын абалы **«балага үстүртөн эмес», «бала менен катар эмес», «бала менен бирге»** болот, ал эми биргелешкен ишмердиктин негизги түзүүчүсү бала менен педагогдун «өз ара мамилеси», «кызматташуусу» болуп саналат.

### Жуурулушкан сабактардын максаты:

- баланын жеке тажрыйбасын системага салуу, тереңдетүү жана жалпылоо;
- күндөлүк иштерде жакшы көрүнбөгөн байланыштарды жана өз ара көз карандылыкты аңдап сезүү үчүн аракеттердин жаңы ыкмаларын өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- бар билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү түрдүү кырдаалдарда (турмуштук, оюн, атайын түзүлгөн кырдаалдар) колдонуу үчүн шарттарды жаратуу.

### Жуурулушкан сабактын болжолдуу түзүмү:

- **Кызыктыруу** – балдардын көңүлүн мазмунга буруу, аларда сабак учурунда педагог менен өз ара аракеттенүүгө кызыгууну жаратуу. Кызыктырууну аныктап жатып, педагог, биринчи кезекте, учурдагы көйгөйлөрдү жана иштерди эске алуу менен, балдардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана каалоолорун жетекчиликке алышы керек болот.
- **Мазмун** – турмуш менен байланышта, балдардын түшүнүүсү үчүн жеткиликтүү болушу шарт. Балдарга жаңы билимдер берилет, же сөзсүз түрдө көркөмдүүлүккө таянуу менен түрдүү өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн мазмунунун негизинде бар билимдер бекемделет.
- **Талдоо же баалоо.** Балдарга алынган маалыматты бекемдөөгө же мурда өздөштүрүлгөндөрүн актуалдаштырууга карата практикалык ишмердик сунушталат. Бул ишмердик менен кандай максатта алектенгендигин, эмнеге үйрөнгөндүгүн, өзү, башкалар үчүн эмне жаңылык ачкандыгын түшүндүрүү балдар үчүн маанилүү. Эгерде сабакта ишмердиктин кандайдыр бир продуктусу даярдалган болсо, аларды презентациялоо керек болот: жамааттык майда буюм, сүрөт, макет, китеп, аңгеме (өзү үчүн эмне өздөштүргөнүн, эмнеге үйрөнгөнүн, муну кандайча пайдаланса болорун, бул кимге пайдалуу болору ж. б. тууралуу айтып берүү).

Өнүктүрүү чөйрөлөрүн бардык режимдик процесстер, педагогикалык ишмердик, сабактарды уюштуруу жана ата-энелер менен өз ара мамиле аркылуу **жуурулуштуруу** максатка ылайык болот:

| | |
|---|---|
| **Педагогикалык ишмердик** | Жуурулушкан мамиле баланын инсанынын денелик, таанып билүүчүлүк, социалдык жана чыгармачыл чөйрөлөрүн булар аркылуу биргеликте өнүктүргөнгө мүмкүнчүлүк берет:<br>1) мектепке чейинки билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык, режимдик учурларды ишке ашыруу;<br>2) балдар ишмердигинин ар кандай түрлөрү: оюн, карым-катыш, эмгек, таанып билүү-изилдөө, үзүрлүү, чыгармачыл; өз алдынча ишмердик. |
| **Сабактарды уюштуруу** | Тарбиялоо-билим берүү процессин куруунун комплекстүү-тематикалык принциби, ал түрдүү өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн («Сабат ачуу»; «Кыргыз тилин жана орус тилин ж. б. тилдерди үйрөнүү»; «Көркөм адабият»; «Айлана-чөйрө менен таанышуу», «Музыка сабагы», «Көркөм өнөр», «Дене тарбия», «ЖМТК» ж. б.) мазмунун бирдиктүү, жалпы теманын айланасына жуурулуштурат, ал тиешелүү бир мезгилге карата (бул Программада – жума) бириктирүүчү болуп калат, мисалы: «Оюнчуктар», «Бала бакча», «Менин үй-бүлөм», «Кесиптер» ж. б. Теманы тандоо балдардын кызыкчылыктарын өнүктүрүү, билим берүү жана тарбиялоо милдеттерин, учурдагы кубулуштарды жана ачык окуяларды (сезондук көрүнүштөр, майрамдар ж. б.) эсепке алат. Балдардын тандоосу жана кызыкчылыктары боюнча өз алдынча ишмердик үчүн шарттарды уюштурууга өзгөчө көңүл бурулат, анда бала ишмердикти тандоо эркиндигине болгон укугун ишке ашырат. Тарбиялоо-билим берүү процессин уюштуруу курагына ылайык келген иштерди (сабактар, байкоолор, элементардык тажрыйбалар, эксперимент жасоо ж. б.) билдирет. Балдар үчүн негизги иш формасы жана ишмердигинин жетектөөчү түрү оюн болуп саналат. |
| **Ата-энелер менен өз ара мамиле** | Биргелешкен (балдар, ата-энелер, педагогдор) иш-чаралар, формалдуу эмес өз ара мамилени уюштуруу ата-энелер менен ишенимдүү кызматташтыкты орнотконго жардам берет, бул педагогикалык процесске жалпысынан оң таасир этет. Баланы социалдык-инсандык өнүктүрүү милдеттерин чечүүдө педагогдун ата-энелер менен өз ара мамилеси өзгөчө роль ойнойт. Так ушул үй-бүлөдө бала башка адамдар менен өз ара мамиле кылуу тажрыйбасына ээ болот, башка адамдардын сезимдерин, көңүл кушун түшүнгөнгө, жакындарына кам көрүп, көңүл буруп, көңүл чөгүүлөрүн бөлүшкөнгө үйрөнөт. Ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнүн жүрүшүндө үй-бүлө, жакындары катышпай, балдардын натыйжалуу интеллектуалдык өсүүсү болбой тургандыгын педагог баса белгилейт. Педагог ата-энелерди балдардын кызыгуусун активдештирүү, кептик карым-катышты өнүктүрүү ыкмалары менен тааныштырат, аларга тарбиялоо маселелерин чечкенге жардам берет, ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатат. Педагог ата-энелерди активдүү катышуучулар катары педагогикалык процесске тартат, мектепке чейинки балдарды өнүктүрүү боюнча биргелешкен ишмердикке багытталган пикирлештердин жамаатын түзөт.<br><br>Викторина, көргөзмө, майрамдарды, көңүл ачууларды (утренниктерди) (бала – ата-эне) өткөрүү, эксперименттерди жана байкоолорду жүргүзүү, таанып-билүүчүлүк аңгемелешүүлөр, театрлаштырылган, спорттук жана музыкалык көңүл ачуулар, эмгек жана спорттук ишмердик, тематикалык экскурсиялар жана сейилдөөлөр, үй-бүлөлүк китеп окуу, жомок угуу. |

## 1.1. Өнүктүрүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу

*№1 таблица*

| ӨНҮКТҮРҮҮ ЧӨЙРӨЛӨРҮН ЖУУРУЛУШТУРУУ | |
|---|---|
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрү** | **Денени өстүрүү** |
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн компоненттери** | Денени өстүрүү балдардын ишмердигинин төмөнкү түрлөрүндө тажрыйба алууну билдирет:<br>• кыймылдуу, анын ичинде көнүгүүлөрдү аткаруу менен байланышкан, денени башкаруу (координация) жана ийкемдүүлүк, кыймылдуулук жана чыдамкайлык сыяктуу дене сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган түрү;<br>• организмдин таяныч-кыймылдуу системасын туура калыптандырууга, тең салмактуулукту өнүктүрүүгө, кыймылды, эки колдун тең ири жана майда моторикаларын башкарууга жардам берген, ошондой эле туура, негизги кыймылдарды (басуу, жүгүрүү, жеңил секирүү, эки тарапка бурулуу) аткаруу менен организмге зыян алып келбеген түрү, спорттун айрым түрлөрү тууралуу баштапкы түшүнүктөрдү калыптандыруу, эрежеси менен кыймылдуу оюндарды өздөштүрүү; кыймылдуу чөйрөдө максат коюучулуктун жана өзүн жөнгө салуунун болушу;<br>• бакубат жашоо образы баалуулуктарынын болушу, анын жөнөкөй ченемдерине жана эрежелерине (тамактанууда, гигиенада, коопсуздук техникасында, кыймылдоо режиминде, денени чыңдоодо, пайдалуу адаттарды ж. б. калыптандырууда) ээ болуу. |
| **Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү процесс** | Педагогикалык процессти уюштурууда гимнастиканы, дене көнүгүүлөрүн (физмүнөткалар), денени чыңдоо боюнча иш-чараларды, саякаттарды, басып эс алууларды, эмгек ишмердигин, спорттук көңүл ачууларды, ата-энелер менен биргеликте майрамдарды өткөрүү менен байланышкан түрдүү иш-чаралар, эрежелер боюнча спорттук оюндар жана иш-чаралар, дене чыңдоо иш-чаралары жана экскурсиялар каралат. |
| **КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар** | «Денелик өнүктүрүү» билим берүү чөйрөсү боюнча сабактарды уюштуруу «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)», «Айлана-чөйрө менен таанышуу», «Кеп өстүрүү», «Көркөм адабият», «Конструкциялоо», «Дене сабагы», «Музыкалык сабак», гимнастика өткөрүү сыяктуу билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарды жуурулуштурууну карайт. |
| **Окутуу чөйрөлөрү, активдүүлүк борборлору** | Спорттук оюндар борбору, дене тарбия үчүн имараттагы зал, дене тарбия бөлмөсү, таза абада сабактарды/көңүл ачууларды өткөрүү үчүн оюн аянтчасы.<br>Коопсуз, жагымдуу өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. |
| **Ата-энелер жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү** | Балдардын денелик жана таанып билүү муктаждыктарына ылайык, чоң адамдардын балдар менен эркин баарлашуусунун өнүгүүсүнө жардам берген, мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү кызматташтыкка, үй-бүлөлөрдүн жана ата-энелердин клубдарынын ишмердигине, ата-энелердин чогулуштары үчүн, балдардын эс алуусу үчүн үй-бүлөнүн календарын жүргүзүүгө катышууга (ата-эне – бала) тартуу.<br>Дене тарбиялык чыңдоочу иш-чараларды, денени бекемдөөчү иш-чараларды, спорттук оюндарды, эс алууну, экскурсияларды, басып эс алууларды, эмгекке тартууну уюштуруу. Чоң адамдын бакубат жашоо образы боюнча жеке мисалын көрсөтүүсү, жеке гигиена көндүмдөрүнө үйрөтүү жана туура тамактанууну уюштуруу. |

| **Өнүктүрүү чөйрөлөрү** | **Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү** |
|---|---|
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн компоненттери** | Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү коомдо кабыл алынган ченемдерди жана баалуулуктарды өздөштүрүүгө багытталган, буга төмөнкүлөр да кошулат: моралдык жана адептик баалуулуктарды; баланын чоң адамдар жана теңтуштары менен баарлашуусун жана өз ара мамилесин өнүктүрүү, түрдүү эмоционалдык абалды, толкундануулары, таасир эткендерди сыпаттоонун эсебинен байланыштуу кебин жана сөз байлыгын өстүрүү; өз алдынчалуулуктун, максатка багытталгандыктын жана өзүн башкаруунун, өзүнүн аракеттеринин болушу; социалдык жана эмоционалдык интеллекттин, карым-катыш көндүмдөрүнүн, түрдүү эмоционалдык абалды, толкундануулары, пикирлерди сыпаттоонун эсебинен байланыштуу кеп жана сөздүктүн байышы; кызматташа алуу жана карама-каршылыктардан качуу, эмоционалдык боорукердик, чогуу тынчсыздануу, теңтуштары менен биргелешкен ишмердикке даярдыкты калыптандыруу, өз үй-бүлөсүнө, балдар коомчулугуна жана уюмдагы чоң адамдарга болгон урматтоо мамилесин жана аларга таандык болуу сезимин калыптандыруу; эмгектин ар кандай түрлөрүнө оң мамилени калыптандыруу; тиричиликтеги, социумдагы, табияттагы коопсуз жүрүм-турумдун негиздерин калыптандыруу; жеке гигиенаны сактоо жана туура тамактанууну түшүнүү, өзүнүн ички эмоционалдык абалын жана айланадагылардын абалын түшүнүү жана таануу, эмоционалдык көркөмдүк каражаттарына ээ болуу үчүн шарт түзүү. |
| **Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү процесс** | Социалдык жана эмоционалдык чөйрөдөгү ишмердиктерди уюштуруу кошулган да мүнөзгө ээ болот. Алар оюндардын, сабактардын, эмгек ишмердигинин, дене тарбия-чыңдоо иш-чараларынын (дене көнүгүүлөрү, спорттук оюндар ж. б.) ар кандай түрлөрүн колдонуу менен биргелешкен ишмердикте өткөрүлөт. Материал балдардын өз алдынча ишмердиги процессинде колдонулат, бул кошумча сабактарды уюштурууну билдирбейт, ал окуу, театралдашкан, музыкалык, кыймылдуу оюндар, драмалашкан оюн, көңүл ачуулар, майрамдар формасында уюштурулат. |
| **КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар** | «Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү» өнүктүрүү чөйрөсү боюнча ишмердиктерди уюштуруу «Кеп өстүрүү»; «Көркөм адабият»; «ЖМТК»; «Конструкциялоо», «Айлана-чөйрө менен тааныштыруу»; «Музыкалык сабак»; «Дене тарбия сабагы»; көркөм өнөр (ийлөө, чаптоо (аппликация), сүрөт тартуу), ошондой эле сабактарда дене көнүгүүлөрүн өткөрүү сыяктуу билим берүү жана өнүктүрүү сабактарын жуурулуштурууну карайт. |
| **Окутуу чөйрөлөрү, активдүүлүк борборлору** | Бардык активдештирүү борборлору.<br>Коопсуз жагымдуу чөйрөнү түзүү. |
| **Ата-энелер жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү** | Таанып билүү муктаждыктарына ылайык, чоң адамдардын балдар менен эркин баарлашуусунун өнүгүүсүнө жардам берген, мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү кызматташтыкка (үй-бүлөлөрдүн жана ата-энелердин клубдарынын ишмердигине, ата-энелердин чогулуштары үчүн, балдардын эс алуусу үчүн үй-бүлөнүн календарын жүргүзүүгө, концерттик номерлерди даярдоого (ата-эне – бала)) тартуу аркылуу активдүү катышуу. Алар биргелешкен эмгек ишмердик процессинде, дене-чыңдоочу иш-чаралар, үй-бүлөлүк окуу, спорттук, театралдашкан жана музыкалык көңүл ачуулар, балдар үчүн майрамдар формасында өткөрүлөт. |

| Өнүктүрүү чөйрөлөрү | Таанып билүү жана когнитивдик өнүгүү |
|---|---|
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн компоненттери** | Таанып билүү жана когнитивдик өнүгүү сезүү, кабыл алуу, түшүнүк алуу, эс тутум, элестетүү, ой жүгүртүү, кеп, көңүл буруу, эрк, эмоция, таанып билүүчүлүк жана изилдөөчүлүк аракеттерди калыптандыруу, коопсуз жүрүм-турумдун негиздерин, аң сезимдүүлүктүн болушун калыптандыруу; элестетүүлөрүн, логикасын жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү жана өзү, башка адамдар, курчап турган объектилер, курчап турган дүйнөдөгү объектилердин (форма, түс, өлчөм, материал, үн чыгаруу, ыргак, темп, сан, бөлүк жана бүтүндүк, мейкиндик жана убакыт, кыймыл жана тынч абал, себеп жана натыйжа ж. б.) касиеттери, кичи Мекени жана Ата Мекени, элибиздин социо-маданий баалуулуктары, ата мекендик салт-саналар жана майрамдар, жалпы адамзаттын үйү катары жер планетасы, тирүү организмдер, анын табиятынын өзгөчөлүктөрү, дүйнө элдеринин өлкөлөрүнүн көп түрдүүлүгү тууралуу алгачкы түшүнүктөрүн калыптандырууну билдирет. |
| **Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү процесс** | Таанып билүү жана когнитивдик ишмердикти уюштуруу ойноо, окуу, жомокторду угуу, математикалык аракеттер, себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо, изилдөө жана эксперимент жасоо, таанып билүү маектери, басып эс алуу жана экскурсия, эс алуу, эмгек ишмердиги аркылуу чыгармачылык активдүүлүк менен балдарды акыл-эс жагынан өнүктүрүү милдетин чечкенге багытталган. |
| **КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар** | «Когнитивдик жана таанып билүү» билим берүү чөйрөлөрү боюнча ишмердикти уюштуруу «Айлана-чөйрө менен таанышуу», «Кеп өстүрүү», «Сабат ачуу», «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу», «Конструкциялоо», «Көркөм адабият», «Кыргыз тилин жана орус тилин ж. б. тилдерди үйрөнүү», «Музыкалык сабак», «Дене тарбия сабагы», ошондой эле сабактарда дене көнүгүүлөрүн өткөрүү сыяктуу сабактарды жүүрүлуштурууну билдирет. |
| **Окутуу чөйрөлөрү, активдүүлүк борборлору** | Кызыктуу математика жана конструкциялоо борбору.<br>Илим борбору.<br>Сенсордук өнүктүрүү борбору.<br>Экология борбору.<br>Окуу борбору.<br>Драмалаштыруу борбору.<br>Искусство жана чыгармачылык борбору.<br>Кум жана суу борбору.<br>Коопсуз, жагымдуу, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. |
| **Ата-энелер жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү** | Түрдүү иш-чараларды, эс алууларды, майрамдарды экскурсияларды уюштуруу аркылуу ата-энелерди жана коомчулукту тартуу. Викториналарды, столдо ойнолуучу жана дидактикалык оюндарды, эксперименттерди жана байкоолорду өткөрүү, үй-бүлө менен окуу, таанып билүү маектешүүлөрү, театралдашкан, спорттук жана музыкалык көңүл ачуулар, эмгек ишмердигин уюштуруу, экскурсиялар, басып эс алуулар. |

| Өнүктүрүү чөйрөлөрү | Сабаттуулук жана карым-катыш |
| --- | --- |
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн компоненттери** | Сабаттуулук жана карым-катыш баарлашуунун жана маданияттын каражаты катары кепке ээ болуууну, тыбыштык жана айтымдык (интонациялык) кеп маданиятын, фонематикалык угумду, баланын чоң адамдар жана теңтуштары менен маектешүүсүнүн жана өз ара мамилесинин өнүгүүсүн, активдүү сөздөрүнүн байыгандыгын; байланыштуу, грамматикалык жактан туура диалогдук жана монологдук кепти; кептик чыгармачылыкты, кептин тыбыштык жана интонациялык маданиятын, фонематикалык угумду өнүктүрүүнү, китеп маданияты, сабат ачуунун негизи катары тыбыштык аналитикалык-синтездик активдүүлүгүн калыптандыруу, балдар адабияты менен таанышууну, балдар адабиятынын түрдүү жанрындагы тексттерди угуп түшүнүүнү, окутуунун негизи катары тыбыштык аналитикалык-синтетикалык активдүүлүктү калыптандырууну билдирет. |
| **Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү процесс** | Билим берүү процессин уюштурууда түрдүү оюн ишмердиги колдонулат, дидактикалык оюндар аркылуу карым-катыштык, окурмандык, көркөм-чыгармачылык ишмердик, сюжеттик-ролдук оюндар, драмалаштыруу оюндары, кыймылдуу оюндар, жомокторду окуу, угуу; айтып берүү жана кайра айтып берүү, музыкалык жана театралдык оюндар, көңүл ачуу, басып эс алуу жана экскурсиялар, чоң адамдардын жардамы менен таанып билүү маектери. |
| **КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар** | «Сабаттуулук жана карым-катыш» билим берүү чөйрөсү боюнча сабактарды уюштуруу «Кеп өстүрүү», «Сабат ачуу», «ЖМТК», «Кыргыз тилин жана орус тилин ж. б. тилдерди үйрөнүү», «Көркөм адабият», «Айлана-чөйрө менен таанышуу», «Музыкалык сабак», «Көркөм өнөр», «Дене тарбия сабагы», ошондой эле сабактарда дене көнүгүүлөрүн өткөрүү сыяктуу сабактарды жуурулуштурууну билдирет. |
| **Окутуу чөйрөлөрү, активдүүлүк борборлору** | Сабат ачуу борбору.<br>Окуу/китепкана борбору.<br>Драмалаштыруу борбору.<br>Коопсуз, жагымдуу, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. |
| **Ата-энелер жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү** | Викториналарды, көргөзмөлөрдү, майрамдарды, эрте мененки иш-чараларды, эксперименттерди жана байкоолорду өткөрүү, таанып билүү маектешүүлөрүн, театралдашкан, спорттук жана музыкалык көңүл ачууларды, эмгек жана спорт ишмердигин, экскурсияларды, басып эс алууларды, үй-бүлө менен окууну, жомок угууну уюштуруу. |

| Өнүктүрүү чөйрөлөрү | Чыгармачылык жана эстетикалык өнүгүү |
|---|---|
| **Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн компоненттери** | Чыгармачылык жана эстетикалык өнүгүү искусство чыгармаларын (сөздүк, музыкалык, көркөм сүрөттүк) кабыл алуу жана түшүнүү негиздерин өнүктүрүүнү, табият дүйнөсүнө, курчап турган дүйнөгө карата эстетикалык мамиленин болушун, искусствонун түрлөрү тууралуу жөнөкөй түшүнүктөрдү калыптандырууну, музыканы, көркөм адабиятты, фольклорду кабыл алууну, көркөм чыгармалардагы каармандар менен кошо кайгырууга кызыктырууну, балдардын өз алдынча чыгармачылык ишмердигин (көркөм сүрөт, конструктивдүү-моделдик, музыкалык ж. б.) ишке ашырууну билдирет. |
| **Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү процесс** | Педагогикалык процессти уюштурууда түрдүү оюн ишмердиги, дидактикалык оюндар, сюжеттик-ролдук оюндар, драмалашкан оюндар, кыймылдуу оюндар, окуу, жомок угуу, музыкалык чыгармаларды угуу, ырдоо, бий кыймылдарын аткаруу, музыкалык аспаптарда ойноо, музыкалык жана театралдашкан оюндар, сюжеттерди аткаруу, кайра айтып берүү, көңүл ачуулар, майрамдар каралат. |
| **КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар** | «Чыгармачылык жана эстетикалык өнүгүү» билим берүү чөйрөсү боюнча ишмердикти уюштуруу «Музыкалык сабак», «ЖМТК», «Көркөм өнөр» (ийлөө, чаптоо, сүрөт тартуу), «Айлана-чөйрө менен таанышуу»; «Кеп өстүрүү», «Конструкциялоо», «Көркөм адабият» сыяктуу сабактарды жуурулуштурууну билдирет. |
| **Окутуу чөйрөлөрү, активдүүлүк борборлору** | Искусство жана чыгармачылык борбору.<br>Жагымдуу чөйрөнү түзүү.<br>Драмалаштыруу борбору.<br>Коопсуз, жагымдуу, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. |
| **Ата-энелер жана башка социалдык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү** | Иш-чараларды өткөрүүдө көргөзмөлөрдү, конкурстарды, көңүл ачууларды, майрамдарды, музыкалык жана театралдашкан иш-чараларды, эрте мененки иш-чараларды, спектаклдерди, үй-бүлөлүк окууну уюштурууга чоң адамдарды тартууну, көркөм өнөр боюнча иш-чараларды уюштурууну, экскурсияларды, басып эс алууларды, ата-энелерде баласынын ийгилигине кызыгууну өнүктүрүүнү билдирет. |

## II бөлүм

# БАЛДАРДЫН МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА БОЛУУСУН УЮШТУРУУ

## 2.1. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштөө регламенти

***Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы сабактар*** сентябрдан май айы кошулуп өткөрүлөт, сабак процессинде аткарылуучу педагогикалык ишмердик, балдар ишмердигинин (кыймылдуу, оюн, карым-катыштык, таанып билүү, изилдөөчүлүк, музыкалык-көркөм, эмгектик, окуу) ар кандай түрлөрүн уюштуруу «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» КР мамлекеттик стандартынын билим берүү жана өнүктүрүү сабактарынын негизги планына ылайык жылдык, календардык жана тематикалык пландын, сабактардын санынын негизинде ишке ашырылат.

Июндан сентябрга чейин мектепке чейинки уюмдарда сабактар өткөрүлбөйт, балдар үчүн музыкалык, спорттук көңүл ачуучу, дене чыңдоочу иш-чаралар, майрамдар, спорттук жана кыймылдуу оюндар, экскурсиялар, үзүрлүү ишмердик, уюштурулат, балдардын таза абада болуусунун убактысы узартылат.

Билим берүү жана өнүктүрүү сабактарынын негизги планына ылайык жылдык, балдардын денелик жана психикалык ден соолугун бекемдөө үчүн акыл чыңалуусун талап кылган сабактар эстетикалык дене чыңдоочу циклдеги сабактар менен аралаштырылат.

Сабактардын узактыгы төмөнкүдөй:

- экинчи кенже топто – 12–15 мүнөт;
- ортоңку топто – 15–20 мүнөт;
- жогорку топто – 20–25 мүнөт.

Сабактардын ортосунда тыныгуу каралган:

- экинчи кенже, ортоңку топтордо тыныгуу 10 мүнөттөн кем болбойт;
- жогорку топто – 8 мүнөт.

Акыл чыңалуусун талап кылган сабактын ортосунда дене көнүгүүсү өткөрүлөт.

Вариативдик модель катары мектепке чейинки билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн түрдүү курактагы мектепке чейинки топторду түзүү мүмкүнчүлүгү каралат.

Каалаган топто ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын болуусуна жол берилет, бирок алар ***ар бир курактык топто өнүгүүсүндө жеңил четтөөлөр бар 1–3 баладан ашпашы керек***.

## 2.2. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия

Балдардын ден соолугун бекемдөө – аларды ар тараптуу өнүктүрүүнүн жана өсүп жаткан организминин нормалдуу жашоосун камсыз кылуунун башкы шарты. Бакубат бала – эреже катары, кубанычтуу, активдүү, ынтызар, чыдамкай, денелик жана интеллектуалдык жетиштүү жогорку өсүү деңгээлине ээ бала.

Мектепке чейинки курак ден соолуктун пайдубалын калыптандырууда чечүүчү курак болуп саналат. Так ушул мезгилде органдардын жана организмдин бардык иштөө системаларынын активдүү өсүүсү ишке ашат.

**Бакубат, дени соо баланы тарбиялоо анын дене өсүүсүнө комплекстүү мамиле кылган учурда гана мүмкүн болот.** Мектепке чейинки билим берүү уюмунда/бала бакчада көңүлдү дене чыңдоочу чараларга топтоо зарыл: рационалдуу режим, балансталган тамактануу, денени чыңдоо жана түрдүү оорулардын алдын алуу, ошондой эле денелик өсүүгө окутуу.

## Куракстык топтордогу дене чыңдоочу иш-чаралардын комплекси

| № | Чыңдоочу иш-чаралар | 2-кенже топ (3–4 жаш) | Ортоңку (4–5 жаш) | Улуу (5–6 жаш) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Балдарды таза абада эрте менен кабыл алуу | + | + | + |
| 2. | Имараттын ичиндеги жана таза абадагы эрте мененки көнүгүүлөр | + | + | + |
| 3. | Уйкудан кийинки көнүгүүлөр | + | + | + |
| 4. | Аба менен денени чыңдоо | + | + | + |
| 5. | Дем алдыруучу көнүгүүлөр | + | + | + |
| 6. | Жылаңайлак басуу | + | + | + |
| 7. | Кырлары чыгып турган, кыйшык такталар, топчулары бар жолдор менен басуу | + | + | + |
| 8. | Муздак суу менен жуунуу | + | + | + |
| 9. | Кайнатылган, бөлмө температурасындагы суу менен тамакты чайкоо | + | + | + |
| 10. | Бир күндө 2 ирет сейилдөө | + | + | + |
| 11. | Түзөөчү көнүгүүлөр | + | + | + |
| 12. | Майкасыз уктоо | + | + | + |
| 13. | Баланстышкан тамактанууну уюштуруу | + | + | + |
| 14. | Витаминдештирүү | + | + | + |
| 15. | Температуралык аба режимин сактоо (19° – 22°C) | + | + | + |
| 16. | Имаратты желдетүү | + | + | + |
| 17. | Нымдап тазалоо | + | + | + |
| 18. | Жарык режими | + | + | + |
| 19. | Эмеректерге белги салуу | + | + | + |
| 20. | Төшөнчүлөргө жана тазалык буюмдарына белги салуу | + | + | + |

# III бөлүм

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

## 3.1. Педагогикалык процессти уюштуруу

Баланын инсанын өнүктүрүү жана тарбиялоо жагымдуу психикалык жана денелик ыңгайлуу чөйрөнү түзүүнү карайт.

Билим берүү процессин уюштуруунун негизин **жетектөөчү оюн ишмердиги** менен **комплекстик-тематикалык принцип** түзөт, анткени оюн мектепке чейинки балдардын таанып билүү ишмердигинин негизги формасы болуп саналат, ал балдардын ой жүгүртүү процессин жана кыймылдоо мүмкүнчүлүктөрүн активдештирет, оң эмоционалдык фонду жаратат жана балдарды ишмердикке шыктандырат.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы педагогикалык процесс педагогикада чоңдор менен балдардын педагогикалык ишмердиктеги мазмунга бай максаттуу жана уюштурулган өз ара аракети катары каралат. Ал тиешелүү системаны билдирет, анын компоненттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- ***Максаттык***, педагогикалык ишмердиктин максаттарынын жана милдеттеринин бардык көп түрдүүлүгүн: башкы максаттан – инсанды ар тараптуу жана шайкеш өнүктүрүүдөн баштап, айрым сапаттарды же алардын элементтерин калыптандыруунун конкреттүү милдеттерине чейин өзүнө камтыйт;
- ***Мазмундук***, жалпы максатка да, ар бир конкреттүү милдетке да кошулуучу маанини, педагогдордун балдар менен өз ара мамилесин, алардын кызматташтыгын, процессти уюштурууну жана башкарууну чагылдырат, буларсыз акыркы натыйжага жетүүгө болбойт (бул компонент адабиятта уюштуруучу же уюштуруучу-башкаруучу деп да аталат);
- ***Натыйжалык***, анын натыйжалуулугун чагылдырат, коюлган максатка ылайык жетишилген ийгиликтерди мүнөздөйт.

***Аны аткаруучулар болуп милдеттүү өз ара байланыштагы эки тараптар – тарбиялап жаткан жак жана тарбияланып жаткан жак болот.***

Мектепке чейинки билим берүү уюмдардагы **педагогикалык процессти куруунун негизги принциптери:**

- ✓ балдардын курактык жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу;
- ✓ баланын кызыкчылыктарына таянуу;
- ✓ тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк жана билим берүүчүлүк милдеттерди биргеликте чечүү;
- ✓ жетектөөчү ишмердик, ишмердикти алмаштыруу жана ишмердиктин ар кандай түрлөрүнүн бирдиктүү педагогикалык процесстеги бири-бирин толуктаган өз ара байланышы жөнүндө жобону эсепке алуу;
- ✓ чоңдордун жетекчилик (фасилитациялык) ролу аркылуу тарбиячынын балдар менен өз ара мамилесин ишке ашыруу;
- ✓ коопсуз ыңгайлуу чөйрөнү түзүү, анда эркин чыгармачыл инсан өнүгөт;
- ✓ педагогикалык процессте тарбиячы менен тарбиялануучуну бири-бирин урматтоого жана «Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны» сактоого шыктандыруу.

**Билим берүү процессин уюштуруу буларды камтыйт:**

- ✓ оюн ишмердиги;
- ✓ оюн аркылуу чыгармачылык активдүүлүк;
- ✓ изилдөө, эксперимент жасоо (оюн эксперименти, предметтер жана материалдар менен тажрыйба);

- ✓ таанып-билүү аңгемелешүүлөрү;
- ✓ окуу, жомок угуу;
- ✓ айтып берүү жана кайра айтуу;
- ✓ сейилдөө жана экскурсиялар;
- ✓ көңүл ачуулар жана майрамдар;
- ✓ эмгек ишмердиги (жаратылыштагы эмгек жана чарбалык-тиричилик эмгеги);
- ✓ өз алдынча ишмердик.

## 3.2. Кыска мөөнөттө болуу топтору

**Иштеши**

Кыска мөөнөттө болуучу топтордогу билим берүү процессинин мазмуну Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандарты жана ушул программа менен аныкталат.

Кыска мөөнөттө болуучу топтордогу билим берүү процесси ийкемдүү мазмунду камтыйт жана баланы жекече, инсанга багытталган өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Кыска мөөнөткө келип кетүүчү топторду уюштуруу зарылчылык болсо, ар түрдүү курактагы балдардын болуусун карайт.

Билим берүү процессин жана тарбиялоону уюштуруу балдардын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен ишмердиктин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүнү карайт.

## 3.3. Балдар кыска мөөнөттө (3 саат) жана 10 саат боло турган мектепке чейинки билим берүү уюмдары үчүн режимдик учурлар

*1-таблица*

**Эрте менен болуу топтору үчүн болжолдуу күн режими (3 саат)**

| | |
|---|---|
| Балдарды кабыл алуу, оюндар<br>(Балдарды кабыл алууга: баласы жөнүндө ата-эне менен сүйлөшүү, эгер аба ырайы жакшы болсо, балдарды сыртта кабыл алуу кирет) | 8:30 – 9:00 |
| Сабакка даярдануу. Сабактар, оюндар | 9:00 – 10:40 |
| Сейилдөөгө даярдануу. Сейилдөө, оюндар | 10:40 – 11:30 |
| Балдардын кетиши | 11:30 |

*2-таблица*

## Күндүзү болуу топтору үчүн болжолдуу күн режими (3 саат)

| | |
|---|---|
| Балдарды кабыл алуу, оюндар<br>(Балдарды кабыл алууга: баласы жөнүндө ата-эне менен сүйлөшүү, эгер аба ырайы жакшы болсо, балдарды сыртта кабыл алуу кирет) | 12:00 – 12:30 |
| Сабакка даярдануу. Сабактар, оюндар | 12:30 – 14:10 |
| Сейилдөөгө даярдануу. Сейилдөө, оюндар | 14:10 – 15:00 |
| Балдардын кетиши | 15:00 |

***Эскертүү:*** 1) Балдар канчалык кичинекей болсо, сабактардын ортосундагы аралык ошончолук көбүрөөк болушу керек. 2) Ар бир топтогу балдар менен иштегенден кийин бөлмөнү желдетүү жана нымдуу тазалоо зарыл.

*3-таблица*

## 10 саат болуу топтору үчүн болжолдуу күн режими

| | |
|---|---|
| Балдарды кабыл алуу, оюндар, гигиеналык жол-жоболор<br>(Балдарды кабыл алууга: баласы жөнүндө ата-эне менен сүйлөшүү, балдар-ды кароо, эгерде топто карантин болсо, анда температураны өлчөө; жекече иш, аба ырайы жакшы болсо, эрте менен ки кабыл алуу участокто өтөт, эрте менен ки көнүгүү) | 8:00 – 8:30 |
| Эрте мененки тамактануу (саарлык) | 8:30 – 9:00 |
| Сабакка даярдануу. Сабактар, оюндар | 9:00 – 10. 40 |
| Сейилдөөгө даярдануу. Сейилдөө | 10:40 – 11:50 |
| Сейилдөөдөн кайтып келүү, түштөнүүгө даярдануу | 11:50 – 12:10 |
| Түштөнүү | 12:10 – 12:50 |
| Уктоого даярдануу. Уктоо | 12:50 – 14:50 |
| Акырындык менен балдарды тургузуу, аба ваннасы, гигиеналык жол-жоболор | 14:50 – 15:20 |
| Түштөн кийинки шам-шум этүү (полдник) | 15:20 – 15:40 |
| Оюндар, өз алдынча ишмердик<br>Сейилдөөгө даярдануу, сейилдөө, кыймылдуу оюндар | 15:40 – 16:40 |
| Сейилдөөдөн кайтып келүү, кечки тамакка даярдануу. Кечки тамак (эгерде МБУ-да кечки тамак каралбаса, оюн менен сейилдөөнүн убактысы узартылат) | 16:40 – 17:30 |
| Балдардын үйлөрүнө кайтуусу<br>(ата-энелер менен маектешүү, жекече иштер) | 17:30 – 18:00 |

## 3.4. Түрдүү курактагы топтордо педагогикалык процессти уюштуруу

Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде вариативдүү модель катары ар түрдүү курактагы мектепке чейинки группаларды түзүү мүмкүнчүлүгү каралат.

- Түрдүү курактагы топтордогу тарбиялоо-билим берүү процессинин негизи мектепке чейинки педагогиканын жалпы талаптарын ар бир топто ар кандай курактагы балдарды тарбиялоонун конкреттүү шарттары менен туура айкалыштыруу болуп саналат. Ар бир конкреттүү шартта педагог топтун курамын аныктоосу, 2–3 топчону бөлүп, аларга ылайык тарбиялоо-билим берүү ишин дифференциялоосу маанилүү. Топторду жакын, аралаш куракта комплектилөө абдан максатка ылайык болуп саналат. *Мисалы,* кеп өстүрүү, айлана чөйрө менен таанышуу боюнча сабактар бардык балдар менен бир эле мезгилде өтүлөт. Математика сабагын балдардын жашына ылайык, майда топчолорго бөлүп, педагогдун жардамчысынын жардамы менен өткөргөн жакшы. Чаптоо, сүрөт тартуу, музыка жана дене тарбия сабактарын да ар бир куракка ылайык материалдарды тандап, бирге өткөрсө болот. Бир күнгө жана бир жумага сабактардын саны сакталат.
- Балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн болушунча эсепке алуу принцибин жакшылап ишке ашыруу керек. Топто жалпы режим аныкталат, ал топтогу балдардын мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына жооп берет, өз алдынча ишмердик үчүн да, сабактарды өткөрүү үчүн да жагымдуу шарттар түзүлөт.
- Түрдүү курактагы топто тарбиялоо-билим берүү процессин уюштуруу оң таасирге ээ болот: ар кандай курактагы бир топто болтуруу педагогдун ишин татаалдаштырганы менен ошол эле учурда түрдүү курактагы балдардын баарлашуусун уюштуруу үчүн анын алдында кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылат.
- Байкоо көрсөткөндөй, ар түрдүү топтогу кичинекей балдар улуу балдардын чын дилден айткан кеңештерин, сын пикирлерин, бааларын чын дилден кабыл алышат, биргелешкен ишмердиктеги алардын адилет жетекчилигин жакшы кабыл алышат жана кескин авторитардык мамилеге терс реакция кылышат. Кичүү балдардын улуулары менен дайыма баарлашуусу достук жана толеранттуу мамилени, өз алдынчалыкты калыптандырат.

Бирок мунун баары өзүнөн өзү болуп калбайт, ал педагогдун күн сайын тер төгүп иштеген ишинин, балдардын жашоосун жана өз алдынча ишмердигин туура уюштуруунун натыйжасы болуп саналат. Мындай топтордогу иш педагогдон чоң чеберчиликти жана кылдаттыкты, бардык курактагы топтордун программасын билүүнү, программалык талаптарды бардык балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрү менен айкалыштыра билүүнү, өзүнүн көңүлүн туура бөлүштүрө билүү жөндөмүн, ар бир баланы жана жалпы топту көрө билүүнү жана түшүнүүнү талап кылат.

**Түрдүү курактык топтордо окутууну уюштурууда эки негизги форманы: оюнду жана сабакты бөлүп көрсөтүшөт.**

Түрдүү курактык топтордо **оюн** олутту натыйжаларга жетишкенге мүмкүнчүлүк берет, анткени педагогдун балдар менен жана балдардын ортосундагы өз ара

мамиле үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Дидактикалык, интеллектуалдык оюндар окутууну уюштуруу формасы катарында өзгөчө мааниге ээ болот, анткени аларда өзүн-өзү окутуу жана бирин бири окутуу колдонулат. Дидактикалык оюнда окутуу жана оюн өз ара аракеттенет.

Түрдүү курактык топтордо ишти ийгиликтүү уюштурууда **балдардын жалпы оюну** зор мааниге ээ болот. Түрдүү курактык топтун биримдигине балдар үйлөрүнөн алып келген оюнчуктар көмөк көрсөтөт, анткени баарлашуунун жаңы кырлары жаралат. Биргелешкен ишмердик учурунда баарлашуу ар кандай курактагы балдардын бири-бирине таасир этүүсү, өз ара жардамды уюштуруу, кичүүлөрүн улууларынын окутуусу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет.

***Бирок оюн түрдүү курактык топтордо педагогикалык процесстин натыйжалуулугун байкаларлык жогорулатканы менен мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде окутууну уюштуруунун негизги формасы сабак болуп кала берерин айтып коюу керек.***

Түрдүү курактык топтордо окуу процессин уюштуруунун фронталдык, топтук жана жекече формалары колдонулат, алар балдардын курагын эске алуу менен, убакыт чектерин оптималдуу колдонгонго, педагог менен балдардын жана балдардын ортосундагы өз ара мамилени ар кандайча калыптандырганга мүмкүнчүлүк берет.

Бир топ жалпы окуу милдеттерин фронталдык сабактарда, ал эми конкреттүүлөрүн (жаңы материалды берүү, бекемдөө, билимдерди кеңейтүү жана тактоо) бир топчо менен болгон сабакта чечкен жакшы.

***Түрдүү курактагы топто ишти уюштурууда төмөнкү учурларды эске алуу керек:***

1. Педагог түрдүү курактык топто тарбиялоо-билим берүү процессин уюштуруу менен сабактын максатын, милдеттерин, мазмунун так аныктап, түрдүү курактагы балдар менен сабактарды өткөрүүнүн методикасын жакшы билиши керек.

2. Программалык талаптар тиешелүү тапшырманы аткаруунун түрдүү ыкмаларынын эсебинен ар бир курактык топчо үчүн дифференцияланат.

3. Фронталдык сабактарда бир топ жалпы окуу милдеттерин, ал эми бир кыйла конкреттүүлөрүн (ар кандай) бир топчо менен болгон сабакта чечкен жакшы.

4. Түрдүү курактык топто иштөөнүн негизги формасы жуурулушкан сабактар болуп кала берет. Сабактарды өткөрүүдө бир топчодогу балдардын ишмердиги башка топчодогу балдарды алаксытпаганын кароо керек. Жалпы сабактарды балдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана алардын өз алдынчалуулук деңгээлдерин эске алуу менен, бардык курактык топтордогу балдар үчүн бирдей же жакын темада өткөргөн максатка ылайык болот.

5. Сабак үчүн даярдалган материал бардык топчолордогу балдар үчүн жалпы элементтерди камтышы керек, бул оюндарды өткөрүү, тиешелүү тапшырмаларды аткаруу үчүн балдарды бириктиргенге мүмкүнчүлүк берет.

6. Түрдүү курактык топто тапшырмаларды аткаруу эки жол менен аткарылат: педагогдун түздөн түз жетекчилиги менен; дидактикалык оюндардын жана материалдардын жардамы менен (балдардын өз алдынча иштери).

7. Тарбиялоо-билим берүү процессин уюштурууда мектепке чейинки куракгагы балдардын жекече, курактык жана жыныстык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу керек болот.

# IV бөлүм

## 3–4 ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## 4.1. 3–4 жаштагы балдарга курактык мүнөздөмө

Бул курактагы баланын **эмоционалдык өнүгүүсү** жакындарына байлануу жана аларды жакшы көрүү, курчап турган чөйрөгө, теңтуштарына ак ниет мамиле сыяктуу сезимдердин жана эмоциянын жаралышы менен мүнөздөлөт. Төртүнчү жаштагы бала чоң адамдар жана башка балдар менен курган өз ара мамилелери туруктуу эместиги жана жагдайдан көз каранды болгондугу менен айырмаланат. 3–4 жаштагы балдар тиешелүү уруксат берүүлөр жана тыюу салуулар («болот», «керек», «болбойт») менен байланышкан айрым жүрүм-турум эрежелерин жана ченемдерин өздөштүрүшөт, башка баланын жүрүм-турумундагы жүрүм-турум эрежелерине жана ченемдерине туура келбегендикти көрө билишет. Бирок мында балдар ченемди бузуунун өзүн эмес, чоң адамдын талабын бузууну бөлүп көрсөтүшөт («Сиз мушташса болбойт деп айттыңыз го, ал болсо мушташып жатат»).

Бул курактагы балдарга **мотивдерди аңдап түшүнө албоо, импулсивдүүлүк жана сезимдеринин, каалоолорунун кырдаалдан көз карандылыгы мүнөздүү**. Балдар теңтуштарынын эмоционалдык абалына тез тартылып кетишет. Бирок бул мезгилде мурдагы каалагандай жүрүм-турум бир калыпка келе баштайт. Ал кыймыл-аракетинин жана кебинин өсүүсү менен шартталат. Балдарда сыймыктануу жана уялуу сезими пайда болуп, атына жана жынысына байланышкан өзүн-өзү таануу элементтери калыптана баштайт. **Эрте курак 3 жаштагы кризис менен** аяктайт. Бала өзүн чоң адамдан айырмаланган, өзүнчө киши катары сезет. Анда «Мен – өзүм» деген образ калыптанат. Кризисти көпчүлүк учурда терс көрүнүштөр коштоп жүрөт: тескери жооп, өжөрлүк жана улуулар менен байланыштын бузулушу ж. б. Кризис бир нече айдан баштап эки жылга чейин созулушу мүмкүн. ***Ошондуктан чоң адамдардын милдети – баланын өз алдынчалуулукка умтулуусун колдоо, туура эмес кыймыл аракетин сындап өчүрүп салбай, анын кыймыл аракетинин жай жана туура эместиги жөнүндө айтып, баланын өз күчүнө ишенүүсүн жоготпоо.***

Бала 3 жашта **гендердик ролду өздөштүрө** баштайт. Ал өзүнүн жынысын туура атайт, өзүнүн гендердик таандыктыгы тууралуу алгачкы түшүнүктөрү болот. Бул куракта балдар башка адамдарды жынысы боюнча топтоштурушат, балдарды, чоңдорду, карыларды чыныгы турмушта да, сүрөттөрдөн да таанышат. Башка жыныстагы курбуларына карата кызыгуусун, көңүл буруусун, кам көрүүсүн көрсөтө баштайт.

Бул курактагы балдар **өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүнө** активдүү ээ болушат – өз алдынча тамак жешет, кийинишет, чечинишет, жуунушат, кол жоолукту, таракты, сүлгүнү, тиш щетканы ж. б. пайдаланышат. Төртүнчү жаштын аягына карата кенже мектепке чейинки бала столдо тамактанып жатканда жана туалет бөлмөсүндө жуунуп жатканда жөнөкөй жүрүм-турум маданиятына ээ боло башташат.

Айланадагы кубулуштар, **буюмдардын түрдүү касиеттери** жана өзү тууралуу түшүнүктөрдүн тиешелүү **запасы** топтолот. Бул куракта туура уюштурулган өнүгүүдө балада негизги сенсордук эталондор калыптанган болушу керек. Ал негизги түстөр (кызыл, сары, көк, жашыл) менен тааныш. Балдар 3 жашта өз бөлмөсүнүн (квартира, үй), бала бакчадагы топтун бөлмөсүнүн, ойногон короонун ж. б. **мейкиндигин** иш жүзүндө өздөштүрүшөт. Тажрыйбанын негизинде аларда бир катар мейкиндик түшүнүктөрү калыптанат. Столдун жанында стул турганын, диванда оюнчук мамалак жатканын, үйдүн алдында дарак өсүп турганын, үйдүн артында гараж бар экенин, топ дарактын алдына тоголонуп кеткенин алар билишет. Мейкиндикти өздөштүрүү кептин өсүүсү менен бирге ишке ашат: бала мейкиндик мамилелерин билдирген сөздөрдү (байламталар жана тактоочтор) колдонгонго үйрөнөт.

Бул куракта бала **убакытты өтө жакшы биле бербейт**. Убакытты көрүүгө, кармап көрүүгө, аны менен ойноого болбойт, бирок балдар аны сезишет, анткени баланын организми тиешелүү негизде ага реакция кылат (бир мезгилде уктагысы, башка бир мезгилде эрте мененки тамакты ичкиси, ойногусу келет). Балдар адамдардын ишмердигинин тиешелүү түрлөрүнүн, табигый өзгөрүүлөрдүн сутканын бөлүктөрүнө, жыл мезгилине туура келгенин байкашат (түнү укташ керек ж. б.).

Төрт жаштагы баланын **айланадагы кубулуштар тууралуу** түшүнүгү, бир тараптан, курактын психологиялык өзгөчөлүктөрү, экинчи жагынан, анын түздөн түз алган тажрыйбасы менен шартталган. Төрт жаштагы бала айрым жашылчаларды, жемиштерди формасы, түсү, даамы боюнча айырмалашат, чымчыктын эки-үч түрүн, айрым үй жаныбарларын, көп кездешкен курт-кумурскаларды билишет.

Төрт жаштагы баланын **көңүл буруусу** эрксиз болот. Бирок анын омоктуулугу ар кандайча көрүнөт. Адатта бала 10 – 15 мүнөт бир нерсе менен алек боло алат, бирок өзүнө тарткан иштер бир топ узакка созулат да, бала башка нерсеге өтпөйт жана алаксыбайт.

Үч жаштагы баланын **эс тутуму** дароо кабыл алып, тез алмашат, эрксиз болуп, ачык эмоционалдык мүнөздө болот. Оң жана терс сигналдар жана кубулуштар бекем жана узакка эсте калат.

Үч жаштагы баланын **ой жүгүртүүсү** көрсөтмөлүү аракетте болот: бала предметтер менен түздөн түз аракеттенүү (пирамиданы куруу, үлгү боюнча конструкциялоо ж. б.) аркылуу маселени чечет. Көрсөтмөлүү-аракеттеги маселелерде бала шартты максат менен айкалыштырганга үйрөнөт, бул бардык ой жүгүртүү ишмердиги үчүн зарыл.

Үч жашта **элестетүү** эми гана өнүгө баштайт, бул биринчи кезекте оюнда ишке ашат. Бала бир предмет менен алектенип жатып, анын ордуна башканы элестетет: кашыктын ордуна таякча, самындын ордуна таш, стул – саякат үчүн машина ж. б.

3–4 жашта бала жалпы оюнга катышуу же үзүрлүү ишмердик үчүн **теңтуштары менен баарлашууга** көбүрөөк жана чын дилден аралаша баштайт. Чоңдор жана теңтуштары менен баарлашуунун негизги каражаты **кеп** болуп саналат.

Кенже мектепке чейинки баланын **сөздүгү** негизинен тиричилик предметин, оюнчуктарды, ага жакын адамдарды билдирген сөздөрдөн турат. Бул куракта тыбышты айтуу кемчилдиги болушу мүмкүн. Өсүүнүн көпчүлүк көрсөтмөсү боюнча кыз балдар (артикуляция, сөз байлыгы, кептин тездиги, окуганды түшүнүү, көргөнүн же укканын эстеп калуу) уул балдардан озуп кете алышат.

3–4 жашта балдарда чоңдор менен өз ара аракеттенген абалда **китепке жана адабий каармандарга** болгон кызыгуусу калыптануусу уланат. Баланын окуу чөйрөсү жаңы чыгармалар менен толуктала берет, бирок буга чейин тааныш тексттер мурдагыдай эле кызыктыра берет. Чоңдордун жардамы менен бала каармандарды атайт, жакшы ишке жан тартат, тексттин жакшы бүткөнүнө кубанат. Ал чоңдор менен бирге чын дилден иллюстрацияларды карайт, багыт берген суроолордун жардамы менен каармандар жана кырдаалдар тууралуу айтып берет, б. а. сүрөт менен окулган текстти байланыштырат. Бала чоңдордун артынан кайталап же айрым сөздөрдү, фразаларды айтып, өзү «окуй» баштайт, чакан ырлардагы жөнөкөй ыргактуу саптарды эстеп калат.

**Эмгек ишмердигин өнүктүрүү** көпчүлүк учурда эмгектин процесстик тарабын өздөштүрүү менен байланышкан. Кичинекей балдар эмгектин түрү катары өзүн-өзү тейлөөнү көбүрөөк өздөштүрүшөт, бирок чоңдордун жардамы жана көзөмөлүндө чарба-тиричилик эмгегинде, жаратылыштагы эмгекте айрым процесстерди аткарганга жөндөмдүү.

**Үзүрлүү ишмердикке болгон кызыгуу туруктуу эмес**. Иш схемалуу, деталдары жок – бала эмнени чагылдырганын болжолдоп билүү кыйынга турат. Ийлеп чаптоодо балдар чымчып чоюу, тоголок кылып үзүп алуу, аларды алакандарынын ортосунда жана тегиздикте тоголоктоо, жалпайтуу, аппликацияда тааныш предметтердин даяр элесин жайгаштыруу жана чаптоо аркылуу сюжеттерди алмаштырып, өсүмдүктөрдөн жана геометриялык фигуралардан оймолорду түзүп, алардын түсүн, көлөмүн алмаштыруу менен бир нерселерди жарата алышат. Конструкциялоо процессуалдык мүнөзгө ээ болот. Бала үлгү боюнча эки-үч бөлүктөн турган жөнөкөй предметтик түзүлүштөрдү гана конструкциялай алат.

Балдардын **музыкалык-көркөм ишмердиги** түздөн түз жана бөлүнбөгөн (синкретикалык) мүнөзгө ээ болот. Музыкалык образдарды кабыл алуу практикалык ишмердикти (сюжетти аткаруу, иллюстрацияларды кароо ж.б.) уюштурууда искусстволордун синтезинде ишке ашат. Үндү айырмалоо, угуму өркүндөй берет: бала предметтердин тыбыштык касиеттерин топтоштурат, тыбыштык предэталондорду (катуу-акырын) өздөштүрөт. Ал жөнөкөй музыкалык талдоону (бийиктиги боюнча үндүн өзгөргөнүн, ыргактагы айырманы байкайт) аткара алат. Музыкалык-көркөм ишмердиктин ар кандай түрлөрүнө (ырдоо, угуу, музыкалык-ыргактуу кыймылдар) кызыгып, тандай баштайт.

Бул мезгилде **баланын кыймылга болгон муктаждыгы** (анын кыймыл активдүүлүгү сергек абалынын убактысынын жарымынан аз эмесин түзөт) жогору. 3–4 жаш курак ошондой эле дене сапаттарын (ылдам, күчтүү, координациялуу, ийкем, чыдамкай) калыптандыруу боюнча максаттуу ишти баштоо үчүн жагымдуу курак болуп саналат. Төрт жашка карата баланын салмагы 16,5 килограммга, орточо бою 102 сантиметрге, көкүрөк клеткасынын айланасы 53 сантиметрге жетет.

| | |
|---|---|
| **4.2. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү** | Бала 3–4 жаштагы куракта акырындап үй-бүлөдөн сырткары чыга баштайт.<br>Баланын чоң кишилердей болуп бир ишти аткарууга болгон каалоосу анын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө карама-каршы келет. Бул карама-каршылык ***оюндарды өнүктүрүү аркылуу чечилет.*** Оюндун эң башкы өзгөчөлүгү болуп анын шарттуулугу эсептелинет. Балдар жөнөкөй, ачылбаган сюжеттердеги бир-эки ролдогу оюндар менен чектелишет. Эрежеси менен оюндар жаңы гана калыптана баштайт.<br>***Предмет жөнүндө түшүнүк калыптана*** баштайт. Балдар түстөрдү пайдалана башташат. Улуулардын көрсөтмөсү менен жөнөкөй буюмдарды жасай алышат. Бул курактагы балдарга аппликациянын эң жөнөкөй түрлөрүн жасоо жеткиликтүү болот.<br>***Конструктивдүү ишмердикте*** мааниси жана үлгүсү боюнча анча татаал эмес курулуштарды куруу менен чектелишет.<br>5 же андан көп формаларды, түстөрдү билүү, көлөмү боюнча буюмдарды дифференциялоо, мейкиндикте багыт алуу.<br>Көрсөтмөлүү-аракеттеги ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү уланат.<br>Топтогу балдардын абалы көпчүлүк учурда педагогдун пикири менен аныкталат. Баланын жүрүм-туруму көбүнчө кырдаалга жараша болот. |
| **Курактын жетишкендиктери** | Мамилелешүү кырдаалга жараша болот. Оюн мектепке чейинки куракта жетектөөчү ишмердик болуп эсептелет.<br>Оюндун негизги мазмунун оюнчуктар жана буюм – ордун алмаштыруучулар менен алектенүү түзөт. Элестетүү өнүгөт.<br>Баланын көркөм чыгармачылыгы буюм жөнүндө түшүнүгүнөн көз каранды. Жабыштырып жасоо аркылуу колунун майда моторикасын өнүктүрүү.<br>Аппликация аркылуу кабыл алууну өнүктүрүү. Сенсордук эталонго өтүү. Предметтер ортосундагы мамилелерди жана кээ бир жашыруун байланыштарды аныктоо. Сүйүктүү чыгармалардан маанилүү үзүндүлөрдү эстеп калуу жөндөмү. Балдар өз ара аракеттенүүгө активдүү киришпестен, көбүнчө жанында ойношот. Өзүн-өзү баалоо, жыныстык жактан таандык кылуу өнүгө баштайт. |

| | |
|---|---|
| **Ишмердиктин артыкчылыктуу түрлөрү** | Оюн, карым-катыш; үзүрлүү, таанып-билүүчүлүк, изилдөөчүлүк, конструктивдүү, көркөм чыгарманы окуу (кабыл алуу), кыймылдуу, көркөм-музыкалык, эмгектик, көркөм өнөр. |
| **Иштин артыкчылыктуу формалары** | Сюжеттик оюндар; кептик кырдаалдар, балдар чыгармачылыгынын продуктыларын даярдоо боюнча өнөркана, байкоо жүргүзүү, конструкциялоо, окуу.<br>Жаттап алуу, оюн көнүгүүлөрү, кыймылдуу жана дидактикалык оюндар, угуулар, аткаруулар, кыймылдуу оюндар (музыканын коштоосунда), биргелешкен аракеттер. |

## 4.3. 3төн 4 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ (экинчи кенже топтогу) БАЛДАР ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ САБАКТАРДЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ

Билим берүү уюмдарында өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу ишмердик Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандартынын Негизги планына ылайык уюштурулат.

Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы:

| № | Жумалык сабактардын аталышы | 2-кенже группа (3төн 4 жашка чейин) |
|---|---|---|
| 1. | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү | 1 |
| 2. | Кеп өстүрүү | 1 |
| 3. | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) | 1 |
| 4. | Конструкциялоо | 1 |
| 5. | Көркөм адабият | 1 |
| 6. | Музыка сабактары | 2 |
| 7. | Дене тарбия сабактары | 3 |
| 8. | Ийлеп чаптоо | 1(*) |
| 9. | Аппликация | |
| 10. | Сүрөт | 1 |
| | **Баары** | **12** |
| | **Узактыгы** | **12–15 мин.** |

## 4.4. Экинчи кенже топтун сабактарынын болжолдуу расписаниеси

| № | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү | Кеп өстүрүү | ЖМТК | Көркөм адабият | Конструкциялоо |
| 2. | Дене тарбия | Музыка сабагы | Сүрөт | Ийлеп чаптоо/ аппликация | Музыка сабагы |
| 3. | | | Дене тарбия сабагы | | Дене тарбия сабагы |

## 4.5. Экинчи кенже топтун кыймыл активдүүлүгүнүн режими

| Уюмдун формасынын аталышы | Убактысы | |
|---|---|---|
| Жалпы уюшулган ишмердик | 6 саат | жумасына |
| Зарядка. Эрте мененки көнүгүү | 6–8 мүнөт | ар күнү |
| Күндүзгү уйкудан кийинки сергитүүчү көнүгүүлөр | 5–10 мүнөт | ар күнү |
| Сабактардын арасындагы дене көнүгүүлөрү (физминутка) | 5–10 мүнөт | ар күнү |
| Сабак учурундагы дене көнүгүүлөрү | 1–2 мүнөт | ар күнү |
| Кыймылдуу оюндар | 6–10 мүнөт | 2–4 жолудан кем эмес |
| Спорттук көңүл ачуулар | 20 мүнөт | айына 1–2 жолу |
| Ден соолук күнү | күн бою | кварталына 1 жолудан кем эмес |

## 4.6. 3төн 4 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАР ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ САБАКТАР

### 4.6.1. Кеп өстүрүү

Мектепке чейинки куракта балдарды тарбиялоодо эне тили сабагынын ролу өтө чоң: кеп аркылуу бала жүрүм-турумдун, мамиле түзүүнүн, өз ара мамиле боюнча адамдардын ортосундагы келишимдин эрежесин өздөштүрөт, курчап турган дүйнөнүн сулуулугун кабыл алат жана көргөнүн айта алат, сезгенин жана байкаганын бере алат. Балада кенже мектепке чейинки курактан баштап эле тилге кызыгуусу пайда болуп, сөздөргө «эксперимент» жасай баштайт. Тилдин грамматикалык жагына, маанилик жагына басым жасап, жаңы сөздөрдү түзөт. Мындай өнүгүү эне тилдин бардык байлыгын чындап билүүсүнө алып келет.

**Максаты:** кептин тилдик маданиятын ырааттуу, максаттуу өздөштүрүү, кептин тыбыштык маданиятын калыптандыруу, лексиканы, грамматиканы, байланыштуу кепти өздөштүрүү, сөздүктү байытуу.

**Кеп өстүрүүнүн милдеттери** балдар ишмердигинин ар кандай түрлөрүндөгү бардык компоненттерин өнүктүрүүнү, балдардын карым-катыш кыла билүүсүн өнүктүрүүнү, ачык эмоционалдык абалды калыптандырууну билдирет.

**Сөздүктү калыптандыруу.** Балдар жакынкы курчап турган нерселер жөнүндө түшүнүктөрүн байытуунун негизинде сөз байлыктарын кеңейтишип, активдештирип турушат. Кийимдердин, бут кийимдердин, баш кийимдердин, идиштердин, транспорттун түрлөрүнүн аттарын жана предметтердин белгилерин такташат.

Буларды үйрөнүшөт: буюмдардын майда бөлүктөрүн жана деталдарын айырмалаганды жана атаганды (көйнөктүн – жеңи, жакасы, чөнтөгү, топчулары), сапатын (түс жана анын кошумча түсү, көлөмү, өлчөмү), үстүндөгү өзгөчөлүктөрү (жылмакай, түктүү, бодурлуу), кээ бир материалдар жана алардын касиеттери (кагаз жеңил айрылат жана

ным болот, айнек идиштер сынат, резина буюмдары кое бергенден кийин өзүнүн алгачкы формасына келет), ордун аныктоо (терезенин жанында, алыс, шкафтын алдында). Мааниси боюнча бирдей буюмдарга көңүл бурушат (стул – табурет – скамейка, тон – пальто – дубленка). Жалпылоочу сөздөрдү түшүнүү (*кийим, идиш, эмерек, жашылчалар, жемиштер, канаттуулар ж.б.у.с.)*; сутканын бөлүктөрүн аныктоо *(эрте менен, күндүзү, кечкурун, түн)*; сырткы көрүнүшү боюнча үй жаныбарларын жана алардын балдарын, жашылчаларды жана жемиштерди айырмалоо.

**Кептин тыбыштык маданияты.** Балдар үндүү тыбыштарды туура *(а, у, и, о, э)* жана кээ бир үнсүз тыбыштарды төмөндөгүдөй ырааттуулукта айтканга үйрөнүшөт: ***п – б – т – д – к – г; ф – в; т – с – з – ц.*** Артикуляциялык аппарат, угуп кабыл алуу, фонематикалык угум өнүгөт жана кептик дем алуу калыптанат, тыбыштарды айтуу такталат жана бекемделет (куурчакты уктаткандагы ыр **– а-а-а,** шамалдын үнү **– у-у-у,** аары **– з-з-з,** жөжө **– ж-ж-ж,** кар **– р-р-р**, насос **– с-с-с**). Кептин туура темпи, интонациялык көркөмдүк иштелип чыгат. Кыска фразаларды жана сөздөрдү так, жай, табигый интонация менен айтууга үйрөнөт.

**Грамматикалык туура кеп.** Балдар сын атоочторду зат атоочтор менен саны, род, жөндөмөлөр боюнча байланыштырганга; зат атоочторду жандоочтор менен пайдаланганга ***(ичинде, үстүндө, астында, артында, жанында)*** аракет кылышат, кебинде зат атоочторду көптүк жана жекелик формада, көптүк түрдөгү зат атоочтордун илик жөндөмөсүндөгү формасын ***(машиналардын, куурчактардын, китептердин, алмуруттардын, кара өрүктөрдүн)*** пайдаланганга үйрөнүшөт. Тыбыштарды тууроонун негизинде сөздөрдү жасоо ыкмасын өздөштүрөт: өрдөк **«кря-кря»** – крякалайт, мышык **«мяу-мяу»** – мыелойт. Жөнөкөй жайылма сүйлөмдүн түзүлүшүн ***(«Чоң энем менен ойногону барам»),*** бир өңчөй мүчөлөр менен сүйлөм түзгөндү өздөштүрүшөт **(«Биз паркка барып, селкинчекке, каруселге түшүп ойнойбуз»).**

**Байланыштуу кеп.** Балдар предметтерди, картиналарды, китептерди, иллюстрацияларды кароо тирүү объектилерге, табият кубулуштарына, курулуштарга байкоо жүргүзүү, спектакль, мультфильмдерди көрүү учурунда кепке тартылышат. **Диалогдук кепти өздөштүрүшөт**: берилген суроону угуу жана түшүнүү, ага түшүнүктүү жооп берүү, сүйлөп жаткандын сөзүн бөлбөө, чогуу ойногон оюнда курдашы менен макулдашуу, өзүнүн пикирин, каалоолорун (эмнени жана кайдан көргөнүн, костюмунда эмне аппликация бар экенин; китепчени, жаңы буюмду ким сатып алганын) айтуу.

Балдар **монологдук кепти** өздөштүрө башташат: улуулардан тапшырма алышат, эки буюмду салыштырышат, бирдей буюмдарды, жуптарды табышат, педагогдун айтуусу боюнча 3–4 сүйлөмдөн турган аңгеме түзүшөт, улуулардын жардамы менен жакшы тааныш жомокту айтышат, оюнчуктар, жаратылыш, балдар жөнүндө кыска ырларды окушат, балдар китепчелерин окууну жана сүрөттөрдү көрүүнү чын көңүлдөн аткарышат. Балдарда үй-бүлөдө, топто ***«рахмат», «саламатсызбы», «жакшы барыңыз», «түнүңүз бейпил болсун»*** деген тиешелүү сөздөрдүн сылык формасын айтууга каалоолору пайда болот. Педагогдун жардамы менен бири-бири менен жакшы мамиледе болууга үйрөнүшөт жана топтогу балдарды таанып жана аларды атынан аташат, аттардын эркелеткен формасын пайдаланышат, жакшы тааныш жомокту драмалаштырууга катышууга каалоосу пайда болот.

Кенже мектепке чейинкилердин кебин өстүрүү процессинде **методдордун** толук спектри пайдаланылат**:**

➢ ***Оюн:***

- «түшкү тамакты даярдайбыз», «куурчакты жуундурабыз», «коенду дарылайбыз», «конокторду кабыл алабыз» деген сюжеттүү оюндар балдарга жөнөкөй турмуштук кырдаалдардын логикасын түшүнүүгө жана баланын сөзүн байытууга жардам берет;

- үн чыгарып тууроочу оюндар: «мышыктын көңүлдүү балдары», «аюунун олдоксон мамалагы», «тоок жана балапандар» балдардын кыялдануусун жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, сөздүк запасын толтурууга жардам берет;
- жуунуп жатканда, тамак ичип жатканда, сейилдөөгө даярданып жаткан мезгилде күлкүлүү нерселерди айтуу балдарда режимдик учурларды аткарууга кызыгууну пайда кылат, активдүүлүктү жана өз алдынчалуулукту өнүктүрүүгө түрткү болот, балдардын кебин байытат;
- жаңы оюнчуктар менен ойноо, жакшы тааныш чыгармаларды: «Көмөч», «Кичине үй», «Теремок», «Чамгыр» драмалаштыруу, балдарга стимул берип, анча татаал эмес ролдогу диалогдорду кайталашат.

➢ ***Сөздүк***: жомокторду, макалдарды, табышмактарды түшүндүрүү, айтып берүү, окуу жана жаттоо, маектешүү, ырларды, күлкүлүү окуяларды окуу:

- педагог улуулар менен биргеликте баланын жашоосундагы окуялар, жандуу жана жансыз жаратылыштагы объектилер жөнүндө айтып берүүгө шыктандырат, өздөрүнүн кыймылдарын (сүйлөп коштоп) түшүндүрүп айтууга кызыктырат: «Кубикти алам. Отургуч болот. Коробка – бул стол. Куурчак, отур. Чай ичебиз»;
- педагог балдарга кебин пландаштырганга шыктандырат: «Куурчак дагы эмнени каалайт? Ал ким менен сейилдөөгө чыгат?».

➢ ***Көрсөтмөлүү*** (байкоо, демонстрациялоо, окутуунун техникалык каражаттары (ОТК), предметтик жана сюжеттик сүрөттөрдү кароо, улуулардын эмгеги жөнүндө иллюстрациялар).

➢ ***Практикалык:***

- кеп айтууда дем алууну өнүктүрүү үчүн бир нече оюндар жана көнүгүүлөр бар. Кум жана кар менен, суу жана самын көбүгү менен оюндар, кагаз менен, көлөкө менен, ж. б. у. с. оюндун түрлөрү бар;
- кеп айтууда дем алууну өнүктүрүү үчүн педагог оюндарды уюштурат («каакымды үйлө», «корабликтер сүзүп жүрүшөт», «кар бүртүкчөлөрү учуп жүрүшөт»).

## Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

**Сүрөттөр менен сюжеттүү картиналар:**

| | |
|---|---|
| ✓ Транспорт<br>✓ Жашылчалар<br>✓ Жемиштер<br>✓ Адамдын дене мүчөлөрү<br>✓ Кийимдер жана бут кийимдер<br>✓ Жаныбарлар жана канаттуулар<br>✓ Кесиптер<br>✓ Жыл мезгилдери<br>✓ Жемиштер жана мөмөлөр<br>✓ Электр-тиричилик аспаптары<br>✓ Чоң адамдардын кесиптери | ✓ Менин үйүм. Үйдүн бөлүктөрү<br>✓ Курт-кумурскалар<br>✓ Идиштер жана ашкана аспаптары<br>✓ Жакшы учур үчүн көрсөтмөлүү оюнчуктар<br>✓ Жаратылыш кубулуштары<br>✓ «Манас» эпосу боюнча сүрөттөр<br>✓ Кыргызстандын символикалары<br>✓ Бишкек шаары, облустук маанидеги шаарлар, башка калктуу пункттар жөнүндө сүрөттөр жана картиналар<br>✓ «Нооруз», «Жаңы жыл», «8-март – Апамдын майрамы», «Биздин Ата Мекенди коргоочулар» майрамдары жөнүндө сүрөттөр.<br>✓ Кыргызстандын кооз жерлери жана жаратылышы жөнүндө сүрөттөр жана картиналар |

**Окуу жылынын аягындагы «Кеп өстүрүү» боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

Балдар:

- ★ тааныш чоң адамдар менен чын көңүлүнөн сүйлөшөт;
- ★ ага кайрылган сөздү түшүнүп, суроолорго жооп берет, жөнөкөй, көп колдонулган сүйлөмдөрдү пайдаланат;
- ★ кебинде жаңы сөздөрдү пайдаланат;
- ★ сөздүк запасын жаңы сөздөр менен толуктайт;
- ★ баланын жеке тажрыйбасында орун алган нерселерди жана көрүнүштөрдү түшүндүргөн сөздөрдүн эсебинен активдүү сөздөрү көбөйөт.
- ★ кебинде туура грамматикалык формаларды пайдалана алат;
- ★ чоң адамдар менен биргеликте жеке турмушундагы окуялар, көргөн кырдаалдары жөнүндө, сюжеттүү сүрөттөр, сүрөттөрдүн топтому жөнүндө аңгеме түзөт;
- ★ педагогдун суроосу боюнча, сүрөткө карап 3–4 сүйлөм түзөт;
- ★ педагогдун жардамы менен жомоктордун катышуучуларын жана аңгемелердин каармандарын сүрөттөп айтып берет;
- ★ курбулары менен сүйлөшүүгө кызыгуусу башталат: аны чогуу ойноого чакырат, өзү активдүү сүйлөшүп, оюнга чын көңүлүнөн аралашат;
- ★ баланын кеби эмоционалдуу болуп, туура дем алуу менен коштолот; бала сөздөрдөгү жана сүйлөмдөрдөгү педагог тарабынан атайын бөлүнүп айтылган тыбыштарды угат.

## 4.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу

**Максаты:** курчап турган көрүнүштөргө жана объектилерге таанып-билүүчүлүк кызыгуусун; жөнөкөй этикалык эрежелер тууралуу билимдин негизинде баарлашууга жана өз ара аракеттенүүгө, оң жүрүм-турумга жана мамилеге даярдыкты, социалдык маданияттын негиздерин калыптандыруу.

Педагогикалык ишмердик аркылуу «Айлана-чөйрө менен таанышуу» сабагын «Таанып билүү жана когнитивдик өнүгүү», «Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү», «Чыгармачылык жана эстетика» өнүктүрүү чөйрөлөрүнө **интеграциялоо**. Айлана-чөйрө менен таанышуу боюнча билим берүү процессинин бардык мазмундары башка өнүгүү чөйрөлөрүнө жуурулушуу менен балдардын социалдык-эмоционалдык чөйрөсүн өнүктүрүүгө, жеке тажрыйбасын байытууга, өз алдынчалуулукка, өзүн-өзү туура баалоого, бала бакчада курбулары, улуу адамдар менен баарлашуудагы кубанычка, курчап турган дүйнөгө эмоциясын, кызыгуусун жаратканга; сүрөт тартууда, ийлеп чаптоодо, аппликацияда жаратылыш объектилерин чагылдырганга, коопсуз жүрүм-турумга жана жаратылыштагы эмгекке, адамдын табият менен өз ара аракеттенүүсүнө жардам бергени маанилүү.

**Айлана-чөйрө менен таанышуунун негизги милдеттери:**

***Предметтердин дүйнөсү.*** Балдар курчап турган предметтер, алардын сапаты, касиети жана предметтердин жана материалдардын багыты жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтет жана системалаштырат; жакын аралыктагы предметтердин көлөмүн, түсүн, формасын, майда бөлүктөрүн атайт, бир канча сенсордук белгилери боюнча топтоштурат, карап чыгуу жана изилдөө билгичтигин өнүктүрөт. Предметтердин кармалап көрүп

(жылмакай-одуракай), даамдап көрүп (таттуу-ачуу), угуу аркылуу (шырылдайт-такылдайт) сапатын жана касиетин айырмалаганга үйрөнөт, предметтер менен аракеттерди атайт.

Өзүнүн тилинде ар түрдүү предметтердин аталышын тактайт жана активдештирет, тааныш эмес предметтердин аттарын эстеп калууга үйрөнөт, предметтердин топторун түшүндүрүүчү түшүнүктөрдү өздөштүрөт (оюнчуктар, кийим, бут кийим, идиш, эмерек).

Топтун бөлмөсүндөгү жана турмуш тиричилик предметтерин туура (багыты боюнча) колдонуу билгичтигин өнүктүрөт.

Буюмдарга аяр мамиле кылуу көндүмүн, оюнчуктарды, китептерди, идиштерди туура сактоо боюнча көндүмдөрдү калыптандырат.

***Байланыш жана жылып жүрүү каражаттары.*** Балдар жергиликтүү шартты эске алуу менен транспорт каражаттарын атоону жана таанууну үйрөнүшөт (автобус, троллейбус, поезд, жүк ташыган машина, жеңил машина, самолет, вертолет, теплоход, мотоцикл).

Автомашинанын бөлүктөрүн айырмалай алуу билгичтиги өнүгөт (кабина, руль, кузов, эшиктери, дөңгөлөктөрү).

Светофордун кызыл, сары жана жашыл белгисинин мааниси менен, көчөдөн жүрүм-турумдун жөнөкөй эрежелери менен таанышышат (көчөнүн кайсы жеринен жана кантип өтүү керек). Көчөнүн бөлүктөрүн атоого жана айырмалоого үйрөнөт (көчөнүн өтө турган жери жана тротуар).

***Издөө эксперименталдык ишмердиги.*** Балдар предметтер менен иштегенди: тор менен балык кармаганды; карандаш жана краска менен сүрөт тартканды; лентанын жардамы менен буюмдарды өзүнө тартканды ж. б. үйрөнүшөт. Ар түрдүү материалдар менен таанышышат (суу куюлат, түсү алмашат; кургак кум төгүлөт, ным болгон кумдан бир нерсе жасаса болот; карды тоголоктосо, фигураларды жасаса болот, эгер жылуу жерге алып кирсе, ал эрип кетет; үн чыгарса болот ж. б.). Эксперименттин натыйжасын көрүү үчүн, башкалардын кыймыл-аракетине байкоо жүргүзүүнү үйрөнүшөт.

***Жандуу жана жансыз жаратылыш жөнүндө түшүнүк.*** **Жансыз жаратылыш.** Ачык жарык объектилер жана жаратылыш кубулуштары: күн, асман, булуттар, күн желеси, жамгыр, күндүн күркүрөшү, чагылган, кар, кар бүртүкчөлөрү, шамал, муз, кумдун, суунун, кардын жана муздун негизги касиеттери жана сапаттары. Балдар жансыз жаратылыштагы сезондук өзгөрүүлөр менен таанышышат.

**Өсүмдүктөр.** Балдар дарактардын, бадалдардын, жакынкы жердеги жаратылыш курчоосундагы чөп өсүмдүктөрүн, жаратылыштагы жерлерди жана алардын айырмаланып туруучу белгилерин – жалбырактардын, гүлдөрдүн, алардын сабактарынын боекторун, өлчөмүн жана көлөмүн билишет. Өсүмдүктөрдө тамыры, жалбырагы, гүлү, жемиши болорун билишет. Өсүмдүк гүлдөйт, түшүм берет. Өсүмдүктүн өсүшү үчүн жылуулук, нымдуулук, күн зарыл. Өсүмдүктөр идиште (клумбада), талаада, бакта, токойдо, короодо өсөт. Өсүмдүктөрдүн жашоосу сезонго жараша өзгөрөт.

**Жаныбарлар.** Балдар жаныбарлар дүйнөсүнүн конкреттүү өкүлдөрүн, алардын аталыштарын, сүт эмүүчүлөр эмнеге кирерин билишет. Сүт эмүүчүлөрдөн сырткары «жаныбарлар» классына балыктар, канаттуулар, курт-кумурскалар, жөргөмүш сымалдар, млюскалар, курттар сыяктуу көптөгөн башка организмдер тиешелүү болот. Үй жаныбарлары (мышык, ит, уй, эчки, жылкы, кой ж. б.) жана жапайы жаныбарлар (карышкыр, түлкү, аюу, коен, элик ж. б.), үй канаттуулары (торук, өрдөк, каз ж. б.), жапайы канаттуулар (карга, таранчы, чабалекей ж. б.) болот. Балдар жакын айланадагы жаныбарлардын жана канаттуулардын сырткы көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен таанышат.

Балдар ар түрдүү мезгилдеги жаныбарлардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө, жаныбарлардын балдарынын туулушу, жазында канаттуулардын балдары пайда болушу жөнүндө билишет.

***Маалымат менен иштөө.*** Жеткиликтүү маалыматтарды кабыл алуунун эң жөнөкөй көндүмдөрү (улуулар менен аңгемелешүүдөн, китептерден, телеберүүлөрдөн, фильмдерден), таасирлерин бөлүшүү өнүгөт. Алар жаңы маалыматтын булагы катары адабий чыгармаларга, алардын маанисине (жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, оюнчуктар жөнүндө, туугандары, оюнчуктарга мамиле ж. б. жөнүндө) кызыгат жана аны өнүктүрөт.

***Менин мекеним – Кыргызстан.*** Жашаган жери (кичи мекени) шаар же айыл менен таанышышат. Кыргызстанда улууларга (аларды ардакташат, сыйлашат, алардын кеңештерин угушат) жана балдарга (аларды коргошот, сакташат, эркелетишет) өзгөчө мамиле кылышат. Адамдар үйдө, боз үйдө, батирде жашагандары жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандырышат. Балдар бакчага, улуулар жумушка бара тургандыктары жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандырышат. Кыргызстан элдеринин маданият башатына аралашышат.

***Адам.*** Балдар сырткы денелик өзгөчөлүктөр жөнүндө түшүнүк алат (баш, колдор, буттар, бет; көздөр, мурун, оoз ж. б). Эмоционалдык абал жөнүндө (ачкамын, тойдум, чарчадым, эс алдым, оорудум, капа болдум, кубандым, ыйладым, күлдүм ж. б.) айтууну үйрөнөт.

Өзү жөнүндө алгачкы түшүнүктөрү калыптанат, өзүнүн дене мүчөлөрүн жаныбарлардын, канаттуулардын дене мүчөлөрү менен салыштырат. Бала өзүн чоңдорго окшобогон өзүнчө адам экенин аңдап сезет. Анда «Мен өзүм» деген образ калыптанат. Жөнөкөй туугандык мамиле (менин апам, атам, байкем, иним, эжем, сиңдим, чоң энем, чоң атам, абам, чоң апам, таежем жана таекем бар. Алар мени жакшы көрүшөт, мен жөнүндө кам көрүшөт) тууралуу түшүнүктөр бекемделет.

***Үй-бүлө.*** Үй-бүлө тартылган жөнөкөй сүрөттөрдү, картиналарды көрүүгө кызыгат, үй-бүлө мүчөлөрүн, алардын аракеттерин атайт. Үй-бүлө оюнун ойноп, ролдорго бөлүштүрүшөт «Бул атам, апам, балдар». Үй-бүлө үчүн бөлмө жасап, эмеректерди, идиш-аяктарды коюшат.

Үй-бүлө боюнча сюжеттүү оюн үчүн мейкиндикти түзөт (эмеректерди, идиш-аяктарды коет ж. б.).

Өзүнүн үй-бүлөсү жөнүндө, ким эмне кылып жатканы, үй-бүлөдө бири-бирине кандай жардам берери тууралуу суроолорго жооп беришет. Башка балдардын да үй-бүлөсү бар экенин, ата-энелер менен балдар бири-бирин жакшы көрүшөрүн жана бири-бирине жардам беришерин түшүнүүгө үйрөнүшөт.

***Чоң адамдардын эмгеги.*** Чоң адамдардын эмгеги жөнүндө жана алардын эмгектенүүдө жасаган аракеттери (педагог, медайым, ашпозчу, короону карагыч, дарыгер, бала багуучу), балага жакын адамдардын ишмердиги жөнүндө түшүнүктөрү байыйт (Мисалы: «Апам мугалим», «Атам дарыгер» ж. б.). Чоң адамдардын эмгек процессиндеги аракеттерди бөлүп көрсөтөт (ашпозчу жашылчаларды тазалап жатат, салат даярдоодо). Түрдүү кесип ээлери (айдоочу, учкуч, капитан) транспорт каражаттарын башкарышары жөнүндө маалымат алышат. Улуулардын эмгегине кызыгуусу жана алардын жасаган иштерине аяр мамиле кылуусу калыптанат.

Балдар улуулар менен бирге күчү жеткен эмгекке тартылышат (оюнчуктарды жыйноо, столду жасалгалоого, гүлдөрдү сугарууга, балыктарга жем берүүгө жардам берүү). Өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иш уланат.

***Бала бакча.*** Бала бакчадагы топтун имаратын, участокту жакшы билет. Бала бакчанын имаратына (медициналык кабинет, музыка залы, ашкана, кир жуучу жай, кошуна топтор) экскурсия жасалат. Топтун бөлмөсүндөгү жабдуулар (анда эмеректер, оюнчуктар, идиштер, жандуу бурч, китеп бурчу бар) жана уктоочу бөлмө (эмерек, төшөнчү буюмдары), жуунучу бөлмө, туалет, кире бериш менен таанышышат.

***Жүрүм-турум маданиятынын көндүмдөрү.*** Сылыктык көндүмдөрүн (саламдаша, коштошо билүү, жардам алуу, ал үчүн ыраазычылык билдирүү) бекемдешет. Жүрүм-турум маданиятынын алгачкы элементтерин сактоону үйрөнүшөт. Этикеттин эң жөнөкөй эрежелерин: улууларды угууга, оюнчуктары менен бөлүшкөнгө, коомдук жерлерде өзүн токтоо алып жүрүүгө үйрөнүшөт.

***Чоң адамдар жана курдаштары менен өз ара мамилеси.*** Өзүнүн атын, ата-энесинин атын, үй-бүлөнүн аттарын атоого үйрөнүшөт, өзүнүн туугандары жөнүндө айтып беришет. Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө кам көрүүнү жана сыйлоону үйрөнөт. Курдаштары менен биргелешкен ишмердикке катышууга, жанында ойноого, башка балдарга ойноого тоскоол болбоого үйрөнүшөт. Эмгек тапшырмаларына кызыгуу өнүгөт.

Баланын өз алдынчалуулугун колдоо жана өнүктүрүү, бала өзү жасай ала турган нерселерди ал үчүн жасабоо керек.

***Адептик ченемдер жөнүндө түшүнүк.*** Өзүнүн үй-бүлөсүн, бала бакчасын, өз үйүн жакшы көрүү сезимин өнүктүрөт. Баланын өзүн сыйлоосун, кадыр-баркын урматтоосун колдоо, чоң адамдар анын ийгилигине кубанууга даяр экендигин, ийгиликсиз нерселер болсо, алар дайыма колдошорун жана жардам беришерин бала түшүнгөндөй кылуу керек. Бала бакчадагы жүрүм-турум эрежелери менен тааныштыруу зарыл.

**Бул куракта милдеттерди өздөштүрүүнүн негизги методдору төмөнкүлөр болуп саналат**:

- ➔ улуулар менен биргеликте ***байкоо жүргүзүү,*** жаратылыштын объектилеринен сенсордук белгилерди таап чыгуу (түсү, көлөмү, формасы);
- ➔ суу, кум, чопо, таштар ж.б. менен ***эксперимент – оюндар***;
- ➔ ***улуулардын эмгегине байкоо жүргүзүү жана ага балдарды катыштыруу***;
- ➔ оюнчук-жаныбарлар, сүрөттөр, жаратылыш материалдары менен ***иллюстративдик-көргөзмө материалдарды, дидактикалык оюндарды пайдалануу;***
- ➔ ***тууроо оюндарынын образдары***, оюнчуктарды, манжа жана куурчак театрларынын каармандарын колдонуу менен ***оюн кырдаалдарын*** уюштуруу;
- ➔ үзүрлүү ишмердик, жаратылыш жөнүндө балдар көркөм адабияттарын окуу.

Педагог «Эмне жөнүндө айтам, тап», «Сыйкырдуу баштыкча», «Так ушундайды тап», «Жашылча – жемиштер», «Даамдап, бил (жыты боюнча бил)», «Ким эмне кийип турат?», «Пазлды иретте» (эки, төрт бөлүктөн) деген оюндарга көп көңүл бурат.

## Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө.

**Сүрөттөр:**

| | |
|---|---|
| ➢ Транспорт<br>➢ Жашылчалар жана жемиштер<br>➢ Кийимдер жана бут кийимдер<br>➢ Кесиптер<br>➢ Дарактар жана өсүмдүктөр<br>➢ Жыл мезгилдери<br>➢ Жемиштер жана мөмөлөр<br>➢ Курт-кумурскалар<br>➢ Балыктар<br>➢ Идиштер жана стол аспаптары<br>➢ Курчап турган чөйрө (Кыргызстандын жаратылышы, Бишкек шаарынын ж.б. кооз жерлери)<br>➢ Электр-тиричилик аспаптары<br>➢ Чоң адамдардын кесиптери<br>➢ «Манас» эпосу боюнча сүрөттөр<br>➢ Бишкек шаары жөнүндө сүрөттөр жана картиналар, Кыргызстандын символикасы | ➢ «Нооруз», «Жаңы жыл», «8-март – Апамдын майрамы», «Биздин Ата Мекенди коргоочулар» майрамдары жөнүндө сүрөттөр<br>➢ Жол кыймылынын эрежелери<br>➢ Альбомдор: «Биздин үй-бүлө», «Бишкектин көчөлөрү», «Менин шаарым», «Биздин бала бакча», «Үйдөгү жана бала бакчадагы майрамдар»<br>➢ Көркөм адабият: шаары, айылы тууралуу ырлар, аңгемелер жана кыргыз элинин легендалары<br>➢ Балдардын жана чоңдордун өзү, шаары, айылы, курчап турган жаратылышы жөнүндө сүрөттөрү<br>➢ Кыргыз элинин кооздук-кол өнөрчүлүк искусствосунун үлгүлөрү<br>➢ Кыргыз элинин жана башка элдердин костюмундагы куурчактар |

## Окуу жылынын аягына карата «Айлана-чөйрө менен таанышуу» боюнча базалык күтүлгүчү натыйжалар:

**Балдар:**

★ үй-бүлө жөнүндө түшүнүктөрү калыптанган, кимдер жашайт, үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттары кимдер, алар эмне менен алектенишерин билишет;

★ өздөрүнүн ата-энелеринин аттарын жана кесиптерин атай алышат;

★ тарбиячысынын, тарбиячынын жардамчысынын, короо тазалагычтын, айдоочунун, сатуучунун кесиптерин билишет;

★ курбуларына жакшы мамилеси калыптанат, алардын аттарын билет;

★ турмуш-тиричилик буюмдары, коомдук жана жаратылыш көрүнүштөрү тааныш, предметтер менен көрүнүштөрдүн ортосундагы өз ара байланыштарды жана жөнөкөй байланыштарды, коомдук жашоодогу көрүнүштөрдү орнотууну өнүктүрүү: элдик оюндар, майрамдар, салттар, үрп-адаттар;

★ майрамдарда өзүн кантип алып жүрүү, кандай кийинүү керектиги жөнүндө түшүнүк калыптанган. Манас – элдик баатыр экенин, сүрөттөрдөгү элдик баатырлардын образдарын (Манас) билишет;

★ алар жашаган шаар, айыл жөнүндө түшүнүктөрү бар, жашаган шаарынын, айылынын жана мамлекетинин аттарын билишет жана Кыргыз Республикасынын символдору менен тааныш;

★ транспорттун бардык түрлөрү боюнча түшүнүктөрү бар, аларды ар башка кесиптеги адамдар башкарарын билишет (айдоочу, учкуч, шофер), транспорт каражаттарын билишет жана аташат (элдерди ташый турган жана транспорттук), жүк жана жүргүнчүлөрдү ташый турган транспорттун түрлөрүн, машинанын бөлүктөрүн билишет. Балдар жолдун өтө турган бөлүгүн, жөө адамдар өтө турган бөлүгүн жана тротуарды билишет. Светофордун кызыл жана жашыл түсүнүн маанисин түшүнүшөт;

- ★ буюмдарды салыштырып жана мааниси боюнча топторго бөлүштүрүүнү билишет: «идиш», «эмерек», «бут кийим», «кийим» деген түшүнүктөрдүн, кандай материалдан жасалганын айырмалай алат. Жыл мезгилдерине мүнөздүү өзгөчөлүктөр, ушуга байланыштуу жаратылышта болуп туруучу өзгөрүүлөр, адамдардын өзүн алып жүрүүсү жана ишмердиги менен тааныш;
- ★ жаратылышка аяр жана камкор мамиле калыптанган; жашылча жана жемиштерди, гүлдөрдү сырткы көрүнүшү, даамы жана жыты, жашылчалардын уруктарын сырткы түрү боюнча айырмалашат, аттарын аташат;
- ★ үй жана жапайы жаныбарларды, алардын балдарын билишет жана алардын денесинин негизги бөлүктөрүн аташат, кайда жашап, эмне менен тамактанышарын, кандай үн чыгарарын билишет;
- ★ кээ бир өсүмдүктөрдүн, курт-кумурскалардын, балыктардын аталыштарын билишет;
- ★ сезондук көрүнүштөрдү билишет жана белгилерин айтышат;
- ★ көчөдөгү, чоң жолдогу коопсуз жүрүм-турумдун эрежелерин билишет.

## 4.6.3. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу

**Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу –** бул билимдерди, акыл ишмердигинин ыктарын жана ыкмаларын берүүнүн жана өздөштүрүүнүн максаттуу жана уюшулган процесси.

Математикалык элементардык түшүнүктөрдү **калыптандырууну кабыл алуу, эске сактоо, көңүл буруу, интеллект, ой жүгүртүү сыяктуу бардык ой жүгүртүү** процесстеринин түрлөрүнө түрткү болуучу когнитивдик жана таанып билүүчүлүктү өнүктүрүүгө багытталат.

Максаттуу окутуу процессинде балдарды ар түрдүү математикалык ишмердиктер менен тааныштырууда, алардын байланыштарды жана мамилелерди түшүнүүсүнө багыт алынат.

Балдардын мектепке чейинки курагындагы жөнөкөй математикалык билимдерди жана билгичтиктерди калыптандырууда билим берүү жалгыз гана практикалык натыйжаны бербестен (эсептин көндүмдөрүн, жөнөкөй математикалык операцияларды аткаруу), кеңири өнүгүүчү натыйжаны да ишке ашырат. Психикалык процесстерди өнүктүрүү: өздөштүрүү, элестетүү, ой жүгүртүү, тил жөн гана аракет кылбастан, окуу процессинде тынымсыз өнүгүп турат, ошону менен бирге балдар буюмдардын саны, көптүгү, чоңдугу жана көлөмү жөнүндө элементардык билимдерди алышат, убакытка жана мейкиндикке ориентир алганды үйрөнүшөт, көлөмдүн, бүтүндүн жана бөлүктүн ортосундагы алгачкы математикалык түшүнүктөрдү, калыптандыруучу программанын негизи болуп кызмат кылган сандык мамилелерди аныкташат. Ал окутуунун тибине карата өзгөрүп турган билимдерди жана билгичтиктерди өздөштүрүүсүндөгү балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт. Окутуу ар бир баланын таанып билүү ишмердигинин өнүгүүсүн эске алып, курулушу керек.

«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун» **негизги максаты** мектепте математиканы ийгиликтүү өздөштүрүүгө даярдоодо, мектепке чейинки балдардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдө, ар түрдүү логикалык тапшырмаларды чыгара билүүдө (баланын инсанын өнүктүрүүгө багытталган) балдарга жардам берүү болуп саналат.

Интеграция изилдөөнү колдонуудан, топтоштуруудан, санына жараша көбөйтүү жана азайтуу аракеттеринен, математика сыяктуу эле тилдик билгичтиктерге ээ болуудан, куруу билгичтигинен, көлөмүн, чоңдугун (сүрөт тартууда, жабыштырып жасоодо, аппликацияда) чагылдыруудан турат. Интеграция эң алгач оюндарда, практикалык ишмердикте, ар кандай кырдаалдарда, көңүл ачууларда ишке ашат.

### Негизги милдеттер:

1. Математикалык мазмундагы оюндар аркылуу балдардын эмоционалдык боорукердик сезимин өнүктүрүү.
2. Балдардын көңүлдөрүн предметтердин касиеттерин (көлөмүн, чоңдугун), окшош жактарын (ошондой эле, ошого окшош) өздөштүрүүгө жана алардын жайгашуусуна, тартибин, теңдигин жана тең эместигин, сутканын карама-каршы бөлүктөрүн түшүнүүгө (күн-түн; эрте менен кечинде), балдардын ишмердигинин күндөлүк түрлөрүнүн предметтер арасындагы жөнөкөй көз карандылыктарын өздөштүрүүгө буруу.
3. Логикалык ой жүгүртүүнүн ыкмаларын калыптандыруу (салыштыруу, бөлүштүрүү).
4. Курчап турган дүйнөнү өз алдынча жана активдүү таанууну өнүктүрүү, анын кеңири картинасын түзүүгө, чыгармачылык демилгени пайда кылууга кызыктыруу.
5. Майда моторикаларды жана көрүү-кыймылдаткыч координацияларын өнүктүрүү.
6. Көлөм, түс, чоңдуктарды өздөштүрүүнү өнүктүрүү.

Окутуу процессин үзүрлүү түзүү балдардын **физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде оптималдуу шарттарды жаратышы керек**.

Мектепке чейинкилердин физиологиялык процессинин мыйзам-ченемдүүлүгү бала бакчанын ар бир курактык тобу үчүн элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча сабактардын узактыгын аныктоо үчүн кызмат кылат, алардын түзүмдөрүн шарттайт, ишмердиктин мүнөзү боюнча ар башка түрлөрүн (дене көнүгүүлөрүн киргизүү, окуу-таанып билүү тапшырмаларын өлчөө ж. б.), окутуунун ар түрдүү методдорун жана каражаттарын айкалыштырат жана кезектештирет, конструкциялоо, дене тарбиясы, кеп өстүрүү, айлана чөйрө менен таанышуу, көркөм өнөр ж. б. у. с. өнүктүрүү тармактарын жайылтуу үчүн кызмат кылат.

**Көптүк жөнүндө түшүнүк** бардык математикалык түшүнүктөрдүн негизи болот. Ошондуктан бала бакчанын көпчүлүк топторунда ага өзгөчө көңүл буруш керек.

### Саны:

- ➔ көптү топтоп, бирдей жана карама-каршы предметтерден топ түзүп жана андан бир предметти бөлүп алуу;
- ➔ «көп», «бир», «бирден», «бирөө да жок», «тең», «бирдей» деген түшүнүктөр менен тааныштыруу;
- ➔ айланадан бир жана бир канча окшош предметтерди табуу;
- ➔ «канча?» деген суроонун маанисин түшүнүү; жооп берүүдө «көп», «бир» деген сөздөрдү пайдалануу;
- ➔ элементтерди (предметтерди) өз ара салыштыруунун негизинде предметтердин тобун тең/тең эмес деп салыштыруу;
- ➔ предметтин элементтерин катары менен, солдон оңго жантыгынан жайгаштыруу менен, бир топтогу предметтерди башка топтогу предметтерге ырааттуу үстүнө жана жанына коюу ыкмаларын колдонуу;

➔ ар түрдүү белгилери боюнча көптүктү топтоштуруу;

➔ буларды түшүнүү жана кебинде активдүү колдонуу: ошончо – канча, тең, көп – аз (саны боюнча), бирден, көптөн;

➔ сандарды колдонбостон, көптүктүн ортосунда тең жана тең эместикти аныктоо;

➔ көптүктү салыштыруу менен көптүктүн элементтерин бир бирден байланыштыруу;

➔ бирден – үчкө чейин эсептебей жана санын айтпай, укканы боюнча, тууроо менен алаканды уруунун же такылдатып уруунун (кыймылдардын) санын кайталоо;

➔ «теңби?», «эмне көп (аз)?» деген суроолорду түшүнөт; айтылгандан пайдаланып, суроолорго жооп берет: «Тигил жерде канча болсо, мында да ошончо» же: «Мында бирдей».

Балдар **көлөмдү** аныкташ үчүн карама-каршы маанидеги (бирдей) предметтердин өлчөмүн бири-бири менен салыштырууга, салыштыруунун жыйынтыгын сөз менен түшүндүрүүгө үйрөнүшөт: узун – кыска, бирдей (узундугу боюнча бирдей), кең – тар, бирдей (кеңдиги боюнча бирдей), бийик – жапыз, бирдей (бийиктиги боюнча бирдей), чоң – кичине, бирдей (көлөмү боюнча бирдей), жоон – ичке, бирдей (жоондугу боюнча бирдей).

**Геометриялык фигуралар менен таанышууда** балдар геометриялык фигураларды айырмалаганды үйрөнүшөт: айлана, төрт бурчтук, үч бурчтук; сезүү жана көрүү аркылуу фигуралардын формаларын изилдөө. Ошол жерде тиешелүү формалар болот (мисалы,топ, тарелка – айлана, китептер, ящик, кубик, кагаздын барагы – бурчтары менен), предметти колу менен кармалап (сезүү аркылуу – кыймылдуу изилдөө) көрүү.

**Мейкиндикте ориентир алуу.** Балдар өздөрүнүн денесинин бөлүктөрүнүн жайгашканына ориентир алууга үйрөнүшөт (баш, моюн, ич, далы, буттар, оң/сол колдор, буттар) ушуга ылайык өзүнөн баштап мейкиндиктеги багыттарды айырмалай алышат: алды (бети караган жак) – арты (арт жак, далынын арты), бийикте – төмөндө, оңдо (солдо) – оңго (солго). Оң жана сол колдорун, буттарын айырмалаганды үйрөнүшөт.

**Убакытта ориентир алуу.** Балдар сутканын контрасттык бөлүктөрүнө ориентир алганды үйрөнүшөт: күн – түн, эрте – кеч.

**Бул предметтин милдеттерин ишке ашыруу өсүүнүн жана курчап турган дүйнөнү таануунун негизги каражаттарынын бири болуп саналат,** ал төмөнкүлөрдө каралат:

✓ ишмердиктин математикалык түрлөрүнө чейин: салыштыруу, теңдөө, комплектөө, логиканын жана математиканын элементтери (ошондой, ошончо, ошого барабар);

✓ ишмердиктин математикалык түрлөрү: эсеп, өлчөө, саноо.

**Методдор жана ыкмалар**: байкоо, эксперимент жүргүзүү, практикалык, оюн.

Математикалык өнүктүрүүдө тапшырмаларды өздөштүрүү ишмердиктин күндөлүк түрлөрүндө: билим берүү ишмердигинде, жеке чыгармачылык ишмердикте, майда топтордогу чыгармачылык ишмердикте дене көнүгүүлөрүн жүргүзүүдө, турмуштагы процесстерде (сейилге чыгууга кийинүүдө, жуунууда, тамак ичүүдө), ар түрдүү материалдар менен ойноодо, оюнда, өнүктүрүүчү кырдаалдарда, көңүл ачууларда ишке ашат. Ушул максат менен педагог салыштырууга жана каршы коюуга, көлөмү, өлчөмү, мейкиндикте жайгашуусу, түсү боюнча таанып билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган оюндарды сунуш кылат.

Бул **оюндар:**

- ➔ предметтердин сүрөттөр, контурлар же элеси менен байланыштыра билүүнү өздөштүрүү («Ушундайды тап», «Рамкалар – вкладыштар»);
- ➔ бөлүкчөлөрдөн бүтүндү түзүүдө ушундай эле элементтерди тандоо («Квадратты жарат», «Картинкаларды түз», пазлдар менен оюндар);
- ➔ көлөмдүү моделдештирүү – элементтерден жөнөкөй курулуштарды куруу (ар түрдүү конструкторлор, кубиктер, кагаз, коробкалар);
- ➔ өнүктүрүүчү материалдарды пайдаланып, формасы боюнча топтоштура билүүнү өздөштүрүү («ошондой», «ошончо эле», «бардыгы квадрат»), формасы жана көлөмү боюнча (тегерек, чоң).

**Балдар ишмердигин уюштуруунун формасы:**

- ➢ окуу-оюн ишмердиги;
- ➢ жеке-чыгармачылык ишмердик;
- ➢ чакан топтогу чыгармачылык ишмердик (6 жашка чейинки балдар);
- ➢ дене көнүгүүлөр (түрдүү кыймылдуулук деңгээлиндеги дидактикалык оюндар да дене көнүгүүсү катары боло алат).

Милдеттерди ишке ашыруу ыңгайлуу өнүктүрүүчү чөйрөнү уюштурууга негизделген (натыйжалуу өнүктүрүүчү оюндар, окуу-оюн куралдары жана материалдары).

**Өнүктүрүүчү чөйрө** – математикалык көз карандылыкты жана мыйзамдуулукту таанып билүүгө карата кызыгуунун булагы, ал математикалык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө таасир этет, аны төмөндөгүчө курса болот:

- ➢ математикалык бурч, активдүүлүк борбору – эстетикалык жабдылган, балдар үчүн жеткиликтүү орунда жайгашат;
- ➢ математикалык көңүл ачуулар:
  - тегиз жерде модел жасоо оюндары;
  - формалардын эталону – шар, куб, айлана, квадрат, үч бурчтук;
  - эң жөнөкөй оюндар – баш катырмалар;
  - рамкалар – вкладыштар;
  - Дьенештин логикалык блоктору.
- ➢ дидактикалык оюндар: предметтер менен оюндар, столдогу-басма оюндар, сөздүк оюндар.

Педагогикалык иштерди жогорулатуунун негизги багыттары болуп булар эсептелет:

- ✓ элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча балдар менен билим берүү ишмердигинде өнүктүрүүчү, дидактикалык оюндарды кеңири пайдалануу;
- ✓ кенже мектепке чейинки балдарда элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда дидактикалык оюндарды системалуу пайдалануу;
- ✓ балдарды интеллектуалдык өнүктүрүү процессине ата-энелерди активдүү тартуу, педагог менен өз ара мамиле кылуу аркылуу алардын педагогикалык чеберчилигин арттыруу.

**Окуу жылынын аягында «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптанды-руу» боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

Балдар:

- ★ угуу, байкоо, салыштыруу жана окуп үйрөнө турган объектини айырмалоо, ар түрдүү анализаторлору менен (көрүү, угуу, даам билүү, жыт алуу, кармап көрүү) маалыматтарды кабыл алышат;
- ★ улууларга жана курбуларына жардам берүүдө кайрылуунун жөнөкөй формаларын билишет;
- ★ математикалык сүйлөмдөрдү түзүшөт жана аларды сүрөттөрдө чагылдырышат;
- ★ дидактикалык, өстүрүүчү оюндарда, атайын уюштурулган сабактарда жана улуулар менен биргелешкен ишмердикте активдүүлүктү көрсөтүшөт;
- ★ математикалык түшүнүктөрдү билишет;
- ★ предметтерди түсү, көлөмү, чоңдугу боюнча топтоштурушат;
- ★ бир өңчөй предметтерден топ түзө алышат жана топтон бир предметти бөлүп көрсөтүшөт «бир» менен «көптүн» ортосундагы катышты түшүнүшөт;
- ★ курчап турган жерден бир жана көптөгөн окшош предметтерди табышат;
- ★ көлөмү боюнча бири бирине карама-каршы келген предметтерди, бири бирине коюп көрүп салыштырышат;
- ★ ошончо – канча, барабар, көп – аз (саны боюнча), бирден, көп маанисин түшүнүшөт жана кебинде пайдаланышат;
- ★ предметтердин кайсынысы узун-кыска, кенен-тар, бийик-жапыз экенин көрсөтүшөт;
- ★ айлананы, үч бурчтукту жана төрт бурчтукту, бурчтары бар жана тегерек формадагы предметтерди айырмалашат;
- ★ алдында – артында, жогору – төмөн, сол жак – оң жак, үстүндө – астында, жогору – төмөн, алгач – кийин сөздөрдү түшүнүшөт;
- ★ убакытта ориентир алышат: эрте менен, күндүз, кечинде, түнү дегенди аташат жана айырмалашат.

## 4.6.4. Конструкциялоо

**Конструкциялоонун негизги максаты:** конструкциялоо ишмердигинин каражаттары аркылуу мектепке чейинки курактагы балдардын таанып билүү активдүүлүгүн, баланын композициялык жана долбоордук ой жүгүртүүсүнүн жөнөкөй негиздерин өнүктүрүү.

Конструкциялоо тарбиялоо-билим берүү процессине активдүү кошулат, аны ишке ашырууда төмөнкү өнүктүрүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу маселеси чечилет:

***элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу*** – балдар курууга канча, кандай бөлүктөр кеткенин эсептешет, бардык деталдар геометриялык фигуралар экенин түшүндүрүшөт; мейкиндикте ориентир алышат; аларда көлөмдү, форманы, санды айырмалоо билгичтиги калыптанат;

***денелик өнүгүү*** – блоктордон куруу, майда жана ири бөлүктөрдөн конструкциялоо балдардын кыймылдуулук активдүүлүгүн, ири жана майда моторикасын өнүктүрүүгө жардам берет;

***айлана-чөйрө менен тааныштыруу*** – балдарга курчап турган дүйнө тууралуу бай ой-пикир, таасир керек, ага сейилдөөлөр, экскурсиялар түрткү берет, ал учурда балдар жаратылыштын түрдүү объектилерин жана кубулуштарын байкоого мүмкүнчүлүк алышат, тажрыйбасын байытышат, табияттын жана түрдүү ыргытылуучу материалдарды топтошот, иликтеп үйрөнүшөт, ал эми педагог мында көргөндөрүн эстеп калып, кийин ишмердигинде колдонгонго шарт түзөт;

***кеп өстүрүү, көркөм адабият*** – балдар курулуштарды, майда-бараттарды талдашат, айтып беришет, өздөрүнүн варианттарын ойлоп табышат, бири биринен конструкциялык чечимдерди үйрөнүшөт; сүрөттөгү бөлүктөрдү карашат, аларды түп нуска менен салыштырышат, аттарын эстеп калышат; ошол эле учурда окутуунун сөздүк методдору негизги болуп эсептелет: сыпаттоо, эске салуу, кыскача аңгемелешүү, тамашалуу ырлар, макалдар ж. б. колдонулат;

***Көркөм өнөр*** – балдар тартылган бөлүктөрдү чыныгы нерсе менен салыштырууга үйрөнүшөт, көркөм өнөр көндүмдөрүн (ийлеп чаптоо, сүрөт тартуу, аппликация) пайдаланышат, бул чийме жана сүрөттөр боюнча куруу билгичтигин өнүктүрүү, түстөрдү айырмалоо жана түстөрдү кабыл алуу үчүн маанилүү;

***Музыкалык тарбия*** – оюндун маанисине жараша түрдүү ырлар, музыкалык коштоолор ж. б. колдонулат.

**Милдеттер:**

- ➔ балдарга курулган курулуштарга жөнөкөй талдоо жасаттыруу;
- ➔ конструкциялык билгичтиктерди өнүктүрүү, негизги курулуш (кубиктер, кирпичтер, пластиналар, цилиндрлер, үч кырлуу призмалар) деталдарын, мурда алынган билгичтиктерди (коюу, тиреп коюу), курулуштардагы түрдүү түстөрдүн деталдарын, ошондой эле ЛЕГО конструкторун пайдаланып, жаңы курулуштарды куруу;
- ➔ кирпичтерди, пластиналарды тик (катар, айлана боюнча, төрт бурчтуктун периметри боюнча) жайгаштырууну, аларды бири бирине тиешелүү аралыкта (дубал, дарбаза) жакын коюуну, терезе жана эшик үчүн орун калтырууга үйрөтүү;
- ➔ башка деталдарын кошуу менен конструкциянын башка варианттарын түзгөнгө балдарга түрткү берүү;
- ➔ курулушту эки жол менен өзгөртүүнү: бир деталды башкалары менен алмаштыруу, узунуна да, бийигине да коюу (жапыз жана бийик мунара, кыска жана узун поезд);
- ➔ өзүнүн ойлоосу боюнча курулушту куруу каалоосун өнүктүрүү;
- ➔ курулушту жакшыртууну үйрөнүүнү улантуу, аларды сюжети боюнча бириктирүү: жантык тепме (горка), мунара; тепкичтер, үйлөр, тосмолор, дарбазалар; куурчак үчүн эмеректер, стол, отургуч, диван;
- ➔ оюндан кийин деталдарды коробкага тыкан салууга үйрөтүү.

**Жылдын аягында «Конструкциялоо» боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар**

- ★ бардык адамдар ар түрдүү үйлөрдү, көпүрөлөрдү, машиналарды, кораблдерди, самолетторду, балдар үчүн ж. б. оюн курулуштарын курушарын түшүнүшөт;
- ★ курулуш жөнүндө элементардык түшүнүктөргө ээ болот (кичинекей үй, хан сарай, имараттар жана боз үйлөр);
- ★ предметтерде ачык көрүнгөн касиетин, сапатын жана формасын бөлүп көрсөтүү менен жөнөкөй сенсордук талдоо жасоону ишке ашырууну үйрөнүшөт;

★ курулуш материалдарынын деталдарын аташат жана туура пайдаланышат; мейкиндик багытта элементардык көндүмдөргө ээ (жакын, жогорку ж. б.);

★ элементардык конструкциялык көндүмдөргө ээ болушат (коюу, тиреп коюу, жөнөкөй тосмолорду жасоо);

★ кароодо курулуштун бөлүктөрүн бөлүп карашат, ар бир бөлүгү кандай деталдардан турганын, атын атап айтышат;

★ бир деталын экинчи деталга алмаштырып, курулушту алмаштыра алышат; курулуштун бийиктигин, узундугун, кеңдигин алмаштырышат;

★ параметри боюнча курулушту айырмалашат: чоң – кичинекей, тар – кең ж. б.;

★ бош жерлерди курулуш деталдары менен тиешелүү аралыкта тосконду билишет;

★ бош турган жерлерге курулуштарды кура алышат;

★ мазмуну боюнча курулуштарды бириктирет жана чогуу жакшыртышат;

★ курулушту түшүнүшөт, материалдарды коробкага салышат, жеринде жыйнашат.

## 4.6.5. Көркөм адабият

Төрт жаштагы балдардын баш мээсинин түзүлүшү жана функциялары интенсивдүү өнүгөт. Баланын активдүүлүгү жогорулайт, максаттуулугу күчөйт, психикалык функциялары өнүгөт. Билүүгө ынтызарлыгы күчөйт, кебинин өнүгүүсүндө маңыздуу өзгөрүүлөр жүрөт: сөз байлыгы көбөйөт, курчап турган нерселер жөнүндө жөнөкөй пикирлери жаралат, ал кеңири айтуулардан көрүнөт. Көркөм чыгармаларды, көркөм форманын айрым элементтерин – рифманы, ритмди кабыл алуу жогорулайт. Балдар прозанын жана поэзиянын тексттерин айырмалай алышат, аларда жомокторду жана ырларды угууга кызыгуу өсөт, улуулардын кебиндеги интонацияларды тууроо күчөйт.

**Максаты:** китепти жана көркөм сөздү сүйүүсүн өнүктүрүү, балдардын интонацияга бай жана көркөм кебин өнүктүрүү, сөздүгүн байытуу.

**Негизги милдеттери:**

➔ балдарды жомоктун, аңгемелердин, ырлардын мазмунун эмоционалдуу кабыл алууга тартуу менен, алардын көркөм кабыл алууларын өнүктүрүү;

➔ балдарды практикалык көркөм көндүмдөргө, тааныш жомокторду, аңгемелерди, ырларды калыбына келтиргенге, айтууга үйрөтүү;

➔ окуу маданиятына тарбиялоо.

***Окуу жана балдарга айтып берүү*.** Жомоктун мазмунун укканга, түшүнгөнгө, образдуу сөздөрдү эстеп калганга, көркөм чыгарманы окууда, каармандардын мүнөзүн берүүдө интонациялык өзгөчөлүктөрүн кабыл алганга үйрөтүү («Карышкыр жана жети улак» орус элдик жомогундагы эне Эчкинин назик жана сүйүктүү үнү, Карышкырдын одоно жана күрүлдөгөн үнү). Ырларды окууда балдарды көркөм форманын музмунун жана кээ бир элементтерин: рифманы, кептин ыргактуулугун эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү маанилүү. Көркөм тексттердин прозалык жана поэтикалык формаларын алмаштыруу менен, педагог прозалык жана ыр кепти айырмалоого үйрөтөт («Мышык, короз жана түлкү» орус эл жомогу, Т. Сыдыкбековдун «Мамалак», К. Жуманазаровдун «Бото», «Кичинекей чычкандын укмуш жоруктары», эскимос жомогу). Жомоктор, чакан аңгемелер балдарды сюжетти эмоционалдуу кабыл алганга,

каармандарга кабатырланганга, жомоктогу айтылган айрым өзгөчөлүктөрдү байкаганга үйрөтөт (мисалы, Л. Н. Толстойдун «Үч аюу», кыргыз эл жомогу «Арстан жана коен». Ырларды угууда жана окууда көркөм чыгармаларда жашоодогу ар түрдүү коомдук жана турмуштук кубулуштар: майрамдар, балдардын жана жаныбарлардын жашоосунан күлкүлүү жана олуттуу эпизоддор, окуялар чагылдырылышы мүмкүн экендигин балдардын түшүнүү мүмкүнчүлүгү жаралат (Т. Тыныбеков «Балапан», Б. Асаналиев «Аюу», «Куурчак»). Көркөм чыгармаларды кайталоо балдардын тааныш чыгармаларда ориентир ала билүүсүн, аларды сүрөттөрү, үнү боюнча таануусун, мазмуну боюнча суроолорго жооп берүүсүн (А. Барто «Оюнчуктар», «Коен койотаны кантип коркутту», Түндүк Америка индеецтеринин жомогу), табышмактарды табуусун («Жаныбарлар жөнүндө табышмактар», «Буюмдар жөнүндө табышмактар» Абдылда Карасартов) бекемдейт.

***Көркөм окуу*** балдарды ырларды, күлкүлүү ырларды, бат айтмаларды, жаңылмачтарды интонацияны сактап, тыбыштарды кебинде туура айтууга үйрөтүүнү билдирет. Көп жолу кайталап көркөм окуу балага тыбыштарды шашпастан, так айтууга, көркөм чыгарманын мазмундук жагын аңдап түшүнүүгө, интонацияда мазмунга карата өзүнүн эмоционалдык мамилесин (кошо кайгыруу, жек көрүү, кубануу, сүйүнүү, түшүнө албоо, сыймыктануу ж. б.) чагылдырганга мүмкүнчүлүк берет: «Суу-суу, менин бетимди жуу», С. Луговойдун «Ачкычтар», «Коделек (такай)», «Сеня жираф», А. Бартонун «Кулун», «Биздин Таня» ырлары. «Шалгам» орус элдик жомогу, «Карышкыр менен түлкү» кыргыз элдик жомогу, К. Чуковский «Мойдодыр», А. Токомбаев «Самолет», Т. Самудинов «Коенек», «Мамалак» А. Осмонов «Чегиртке, «Кумурска». Элдик көңүлдүү ырлардын ритмин берүү, интонация аркылуу берүү, сөздөрдү так айтуу. Тааныш көңүлдүү ырларды көркөм аткара алуу билгичтигин бышыктоо.

Жанры ар башка фольклордук чыгармаларды көркөм окуу балдарда муундун ритминин жана ыргагынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүүсүн өнүктүрөт.

Үй-бүлөнүн жана баланын окурмандык маданиятын өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүүдө ата-энелер менен иштөө маанилүү болуп саналат. Педагог балдардын өнүгүүсүндө окуунун маанисин түшүнүү үчүн үй-бүлө, коомчулуктун өкүлдөрү менен биргеликте формалдуу жана формалдуу эмес мүмкүнчүлүктөрдү колдонот.

## Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Көркөм чыгармаларды тандоо программалык милдеттерге ылайык ишке ашырылат. Адабиятты тандоо балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө жана муктаждыктарына дал келиши керек. Бул куракта артыкчылык кооз жасалгаланган, ачык сүрөттүү китептерге берилет.

Балдардын окуу маданиятын жана окууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү үчүн топтун бөлмөсүндө өзгөчө, атайын орун болушу керек. Окуу же китеп бурчун түзүүдө балдардын муктаждыктары жана мүмкүнчүлүктөрү, коопсуздук жана ыңгайлуулук тууралуу эстен чыгарбоо зарыл. Бул жайлуу, баланы өзүнө тартып турган орун болушу шарт, ал жерде бала китепти барактай алат. Ойлонулган китеп бурчу мектепке чейинки курактагы балада көркөм адабиятка болгон кызыгуусун калыптандырганга, китепти колдонуу маданияты көндүмдөрүнө ээ кылуу мүмкүнчүлүгүнө олуттуу таасир этет. Китепти колдонууда сактоо керек болгон эрежелерди балдардын билүүсү маанилүү болуп саналат:

- китепти таза кол менен гана алуу;
- этияттап барактоо;

- айрыбоо, бырыштырбоо, оюн үчүн колдонбоо;
- дайыма ордуна коюу.

**Жылдын аягында «Көркөм адабият» боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ укканы боюнча тыбыштардын күчүн аныкташат (акырын – катуу);

★ улууларга тез-тез суроо берип турушат;

★ башка балдар менен ойной алышат;

★ катты окшоштурушат (тартайтып түрдүү нерселерди (каракуля) жазышат, тартышат);

★ китепти, оюнчуктарды жана алар менен ишмердиктин түрлөрүн өз алдынча тандашат;

★ тапшырманы аткара албаса, «билбейм» деп айтышат;

★ чоң адамдар тарабынан берилген кошумча суроолорго өзү, үй-бүлөсү жөнүндө айтып беришет;

★ «мүмкүн», «мүмкүн эмес», «жакшы», «жаман», «керек» деген сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт;

★ өздөрүнүн аттарын билишет жана аташат;

★ улуулардын кебин кайталап, аларды туурашат;

★ сүрөттөр жана оюнчуктар боюнча аңгемелерди түзүшөт;

★ билимдин булактарына (китептер, сүрөт) кызыгуусу артат;

★ окуяларды ойлоп табышат.

## 4.6.6. Музыкалык өнүгүү

Музыка жалпы искусство сыяктуу эле балага дүйнөнү таанууга жана өзүн дүйнөнүн бир бөлүгү катары сезгенге, жаратылышка, коомго, курчап турган дүйнөгө карата мамилесин калыптандырууга жардам берет. Көптөгөн көркөм каражаттарынын болгондугуна байланыштуу музыка маанайын көтөрүп, көңүлүн ачып, жөн гана баланын бош убактысын коопсуздандырып, жашоодо күч берет, көрүнбөгөн энергия менен толуктайт, эң терең рухий талаптарды канааттандырат, ага жакшы, ак көңүл, татынакай болууга шанс берет.

Өнүгүүнүн чыгармачылык жана эстетикалык чөйрөлөрү өзүнө музыкалык, көркөм, театралдык, музыкалык билим берүүнү камтып, чыгармачыл мүмкүнчүлүктү өнүктүрөт.

**Музыкалык өнүгүүнүн максаты:**

- музыкага болгон эмоционалдык берилүүнү тарбиялоо;
- үч музыкалык жанр менен тааныштыруу: ыр, бий, марш;
- музыкалык эске тутууга түрткү берүү, тааныш ырларды, пьесаларды таануу билгичтигин калыптандыруу;
- музыканын мүнөзүн (көңүлдүү, сергек, жөнөкөй) сезүү, ага эмоционалдуу реакция кылуу.

**Музыкалык өнүгүүнүн негизги милдеттери:**

***Угуу.*** Балдарды музыкалык чыгармаларды акырына чейин угууга, музыканын мүнөзүн түшүнүүгө, чыгармада канча бөлүк бар экенин билүүгө жана аныктоого (бир же эки бөлүктүү форма) үйрөтүү; ырда эмне жөнүндө сөз болуп жатканын айтып берүү. Октава менен септиманын чегинде бийиктиги боюнча тыбыштарды айырмалоо, обондун жаңырышындагы күчүнүн өзгөрүүсүн (катуу, акырын) байкоо жөндөмүн өнүктүрүү. Музыкалык оюнчуктардын, музыкалык аспаптардын (музыкалык балка, шарманка, шылдырак, барабан, бубен, металлофон ж. б.) чыккан үнүн айырмалоо билгичтигин өнүктүрүү.

***Ырдоо.*** Ырдоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берүү: ре (ми) – ля (си) диапазонунда күчкө салбай ырдоо; баары менен бир темпте, сөздөрдү таза жана так айтуу, ырдын мүнөзүн (көңүлдүү, созуп, жароокерленип) берүү.

***Ыр чыгармачылыгы.*** Бешик ырларынын обонун «Баю-баю» муунуна карата жана көңүлдүү ырларды «ля-ля» муунуна карата аягына чейин ырдоого үйрөтүү. Үлгү боюнча көңүлдүү жана кайгылуу ырларды куроо көндүмдөрүн калыптандыруу.

***Музыкалык-ритмикалык кыймыл.*** Музыканын эки бөлүктүү формасына жана анын жаңырышынын күчүнө жараша (катуу, акырын) алга жылганды үйрөтүү; музыканын жаңырышынын башталышына жана анын бүтүшүнө (өз алдынча баштап жана кыймылды бүткөрүү) реакция кылуу. Негизги кыймылдардын көндүмдөрүн өнүктүрүү (басуу жана чуркоо). Бардыгы менен чогуу жана жекече марш тебүүгө, музыкага жараша бат жана белгилүү бир ченемде жеңил чуркоого үйрөтүү. Бий кыймылын аткарууда сапатын жакшыртуу: эки буттап жана бир буттап кезеги менен жерди тепкилөө. Жубу менен тегеренүү билгичтигин, түз текирең-таскакты аткаруу, музыканын коштоосунда жана музыкалык чыгарманын (предметтер менен, оюнчуктар менен, алар жок) мүнөзүнө жана темпине ылайык кыймылдоо. Оюндагы жана жомоктогу образдардын эмоционалдык жана көркөм берүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берүү: аюу келатат, мышык жылып келүүдө, чычкандар чуркашат, коен чуркап баратат, короз басып баратат, данды чокуп жатат.

***Бий-оюн чыгармачылыгын өнүктүрүү.*** Бий күүсү менен бий кыймылдарын өз алдынча аткарууга шыктандыруу. Жаныбарлардын мүнөзүн чагылдырган кыймылдарды аткарууну активдештирүү.

***Балдардын музыкалык аспаптарында ойноо.*** Балдарды кээ бир музыкалык аспаптар: чоор, металлофон, коңгуроо, жылаажын, шылдырак, барабан жана алардын үндөрү менен тааныштыруу; балдардын урма музыкалык аспаптарында ойноонун элементардык көндүмдөрүнө ээ болуусуна көмөк көрсөтүү. Сабактарда окутуунун жекече жана жамааттык методдору пайдаланылат, ар бир баланын өзгөчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, жекече-дифференциалдык мамиле ишке ашат. Сабак жумасына 2 жолу 15 мүнөттөн жүргүзүлөт.

***Театрлашкан оюндар.*** Театрлашкан оюн ишмердигине кызыгууну ойготуу, аны өткөрүү үчүн шарт түзүү. Драмалашкан оюндарда жана куурчак спектаклдеринде окуяларды өнүктүрүү үчүн байкап кароо билгичтигин өнүктүрүү; каармандардын мүнөздүү кыймылдарын тууроо (чымчыктар учушат, улак секирет). Балдарга башка кишинин эмоционалдык абалын берүүнү үйрөтүү (мимика, поза, жест, кыймыл).

Балдарды столдогу куурчактарды башкаруу ыкмалары менен тааныштыруу. Куурчактын кыймылдарын жөнөкөй ырлар менен коштоону үйрөтүү. Анча татаал эмес сюжеттеги ырларды, жомокторду импровизациялоо аракеттерин өнүктүрүү. Ата-энелердин жана курдаштарынын алдына чыгууга түрткү берүү.

***Көңүл ачуу.*** Күн сайын көңүл ачуучу учурларды уюштуруу (5–10 мүнөт). Жумасына бир-эки жолу (20–25 мүнөт) театралдашкан көрсөтүүлөрдү көрүүнү уюштуруу, теле-берүүлөрдү, үн жазууларды угуу; чоңураак балдар тарабынан уюшулган концерттерге катышуу.

Дене тарбиялык эс алууларды, ар түрдүү тематикадагы көңүл ачууларды (өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана бышыктоо үчүн) өткөрүү. Жаңы темага кызыктыруу, балдардын көңүл ачуу мезгилинде көргөндөрүнөн жана уккандарынан ырахат алуусуна жетишүү.

***Майрамдар.*** Балдарды кыргыз жана орус элдик майрамдык маданиятына тартуу. Мамлекеттик майрамдарды (Кыргызстандын көз карандысыздык күнү, Жаңы жыл, 8-Март, Ата-Мекенди коргоо күнү ж. б.), календардагы элдик майрамдарды; топтогу балдардын туулган күндөрүн белгилөөнү уюштуруу. Жалпы кубаныч, жакшы маанай түзүү, өзүнө жакын улууларды жакшы көрүү, курдаштарын кыйбастык сезимин калыптандыруу. 3–4 жаштагы куракта алгачкы музыкалык тажрыйбаны топтоо максатында балага тыбыштар менен көнүгүү жана активдүү эксперимент жасоо үчүн шарттарды түзүү зарыл. Музыкалык үндөрдү жана оюндарды өзгөртүп түзүү (аны угууда, элементардык музыкалаштырууда, ырдоодо, жөнөкөй бийди жана ритмикалык кыймылдарды аткарууда) балага музыканын мүнөзүнө, анын жанрларына ориентир алууга жардам берет.

### Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө

***Белгилүү үндөр менен оюнчук-аспап:*** Чоң жана кичине коңгуроолор, музыкалык балка, музыкалык чимирик, шарманкалар. Үн чыгаруучу аспаптар: жылаажындар, шылдырактар, барабандар.

***Үн чыкпаган образдуу аспаптардын топтому***: гармошкалар, чоорлор, балалайкалар.

***Үндүн бийиктигин аныктоо үчүн 3 баскычтуу музыкалык тепкичтер*** (куштун энеси жана балапандары отурат), кашыктар.

***Музыкалык кыймылдуу оюндарга атрибуттар***: «Мишка, бизди кууп жет», «Паровоз», «Мышык жана балдары».

***Ырларга сүрөттөр*** (кубда) боектуу иллюстрациялар түрүндө.

***Музыкалык кыймылдуу оюндарга жана балдар бий чыгармачылыгына атрибуттар:*** шапка – маскалар, шапка – кулакка кийгичтер, аттар, музыкалык рулдар, матрешкалардын жоолуктары, түрдүү түстөгү желекчелер, үкү тагылган баш кийимдер, кол жоолуктар, шакекчелер менен ачык түстөгү тасмалар, түйдөктөр, түрдүү түстөгү кубиктер, күзгү жалбырактар, кар бүртүкчөлөрү (сезонго жараша).

***Окутуунун техникалык каражаттары (ОТК) жана программадагы чыгармалардын топтому***: музыкалык репертуар менен дисктер (элдик жана классикалык музыка, канаттуулардын жана жаныбарлардын үнү, жаратылыш көрүнүштөрүнүн үнү).

***Музыкалык-дидактикалык оюндар***: «Менин балдарым кайда?», «Канаттуулар жана алардын балапандары», «Сыйкырдуу баштыкча», «Акырын-катуу», «Аспапты таанып бил», «Куурчак басат жана чуркайт», «Эмнеде ойнойм?», «Үйдө ким жашайт?».

***«Ырдай» же «бийлей» ала турган образдуу музыкалык оюнчуктар:*** короз, мышык, коен, жыгылбас куурчактар.

Бул курактагы балдарда музыкалык өнүгүүнүн мазмуну аларды музыкалык ишмердиктин ар түрүнө тартуу, музыкага кызыгууну калыптандыруу, элементардык музыкалык жөндөмдүүлүктөр жана кээ бир аткаруучулук көндүмдөрдү өздөштүрүү болуп саналат. Кичинекей балдар музыкалык чыгармаларды толугу менен кабыл

алышат. Ал бара-бара көркөм интонацияны угуп жана көркөм учурларды, андан кийин чыгарманын бөлүгүн бөлүштүрүп баштаашат. Бул курактагы балдардын аткаруу ишмердиги жаңы гана пайда боло баштаган болот. Үн аппараты азырынча калыптана элек, үнүнүн булчуңу өнүгө элек, байланыштары ичке, кыска болот. Баланын үнү анча бийик эмес, дем алуусу алсыз, үстүртөн. Ошондуктан репертуар тексттин жана обондун жеткиликтүүлүгү менен айырмаланышы керек. Бул курактагы балдар эрксиз көңүл бурууга ээ болгондуктан, бардык окуу процессин балдардын кызыкчылыгына жана сезимдерине таасир эткидей кылып уюштуруу керек. Балдарды музыкага тартуу бала өзүн жакшы сезип, музыканы сүйүүгө жардам бере турган кызыктуу жана жеткиликтүү көнүгүүлөрдүн, музыкалык оюндардын, бийлердин, хорлор аркылуу музыкалык ритмикалык ишмердиктин чөйрөсүндө ишке ашат. Музыкалык сабактарда өзгөчө көңүлдү балдар музыкалык аспаптарында ойноого буруу керек, анда балдар өзү үчүн музыкалык үндөрдүн жана алардын мамилесин, дүйнөсүн ачышат, түрдүү аспаптардын үн чыгаруу коомдугун айырмалашат. Мектепке чейинкилерди музыкалык тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн өзгөчөлүгү көркөм ишмердиктин ар кандай түрлөрүнүн өз ара байланышы болуп эсептелет: тилдик, музыкалык, ыр, бий, чыгармачыл-оюндук. Атайын тандалган музыкалык репертуар музыкалык ишмердиктин түрлөрүн жемиштүү айкалыштырганга жана алмаштырганга, баланын музыкалык сабактагы чарчоосунун алдын алып, активдүүлүгүн сактаганга мүмкүнчүлүк берет.

**Окуу жылынын аягында Музыкалык өнүгүү боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ балдар музыкалык чыгармаларды аягына чейин угуп, алардын тааныш ырларды тааныйт, үндөрдү бийиктиги боюнча айырмалайт (октаванын чегинде);

★ айтылышында өзгөрүүлөрдү байкайт (акырын – катуу);

★ бири-бириннен калбай жана бири-биринен озуп кетпей ырдайт;

★ музыканын маанайы жөнүндө алгачкы пикирди жаратуу, эмоционалдуу жан тартканын көрсөтөт;

★ бийдин, ырдын мүнөзүнө жараша эмоционалдуу жообун билдирет;

★ бийдин кыймылдарын аткаруу: жуп болуп айлануу, буттары менен кезектештирип жер тепкилөө, предметтер менен (желекчелер, баракчалар, кол жоолуктар ж. б. у. с.) музыканын алдында бийлөө;

★ балдар музыкалык аспаптарын (металлофон, барабан ж. б.) атоо жана айырмалай билүү;

★ элементардык музыкалаштыруудагы үндөрдү изилдөө боюнча оюндарда активдүүлүктү көрсөтүү.

## 4.6.7. КӨРКӨМ ӨНӨР: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу

Мектепке чейинки кенже балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндө сүрөттү, ийлеп чаптоону жана аппликацияны өз ичине камтыган көркөм ишмердүүлүк зор мааниге ээ болот. Ал балдарды өзүнө тартат, өз алдынча кандайдыр бир кооз нерселерди жасоо мүмкүнчүлүгү менен кубандырат. Бул үчүн баланын түздөн-түз сезүү органдары аркылуу

алганжеке тажрыйбасын, сүрөт тартуу, жууруп ийлөө жана аппликация менен иштөөгө ийгиликтүү ээ болуу тажрыйбасын топтоо жана кеңейтүү керек.

Өнүгүүнүн чыгармачылык жана эстетикалык чөйрөлөрү сүрөт, аппликация жана ийлеп чаптоону камтыган көркөм ишмердикти билдирет.

**Максаты:** балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү, өз алдынча көркөм ишмердиктин пайда болушуна жана аны өнүктүрүүгө түрткү берүү.

## СҮРӨТ

**Негизги милдеттер:**

- ➔ айлана формасындагы, түз сызыктуу ар түрдүү сүрөттөрдү, татаал эмес предметтерди, алардын негизги белгилерин (түсү, формасы) көрсөтүп, сүрөт тартканга үйрөтүү;
- ➔ балдарды сүрөттү жакшы көрүүгө үйрөтүү, байкагычтыкка, көңүл буруучулукка машыктыруу;
- ➔ улуулардын көрсөтмөсүн уга билүү, көрсөтүлгөндөрдү кайталап, тиешелүү аракеттерди аткаруу;
- ➔ калем менен кыл калемди пайдаланууга үйрөтүү (туура кармап, эркин, ашыкча басым жасабай кагазга тартууга), боек менен кыл калемди аяр тандап (ашыкчасын идиштин четине сүртүп коюу), анын түгүнө ылайык жылдырып тартуу, жууп, салфетка менен кургатуу;
- ➔ түстү сезүүсүн, негизги түстөрдү атап, айырмалай алуусун (кызыл, сары, көк, жашыл, ак, кара), боек менен эки-үч түстү боеосун өнүктүрүү;
- ➔ композициялык көндүмдөрдү өнүктүрүү, кагаздын барагына сүрөттү туура жайгаштырууга үйрөтүү;
- ➔ техникалык көндүмдөрдү, салттуу эмес сүрөт тартуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, жогорудан төмөн, солдон оңго түз сызыктарды жүргүзүүгө, аларды кесилиштирүүгө, кыйшык сызык жүргүзүүгө, түз жана кыйшык сызыктарды бириктирүүгө, ошондой эле аларды кошууга үйрөтүү, балдарды айлана, тик бурчтук жана үч бурчтук формаларын тартууга үйрөтүү.

## АППЛИКАЦИЯ

**Негизги милдеттер:**

- ➔ балдарды айлананы, квадратты, үч бурчтукту айырмалап жана туура атоого үйрөтүү;
- ➔ предметтин түстөрүн салыштырууга жана туура атоого үйрөтүү (жашыл балаты, кызыл желекче, сары балапан);
- ➔ кагаздын барагынын тегиздигинде жөнөкөй ориентир алууга үйрөтүү;
- ➔ формаларды жайгаштырууда (катарга, четтерине, бурчтарына) композициялык билгичтикти өнүктүрүү;
- ➔ формаларды желимдөө көндүмдөрүн өздөштүрүү;
- ➔ желим менен абайлап иштөөнү үйрөтүү: аны кыл калемге жука шыбап, желимделе турган фигуранын арткы бетине шыбап (атайын даярдалган клеенканын үстүндө); желимделген жагын кагаздын барагына коюп, салфетка менен бекем басып, тыкан иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

## ИЙЛЕП ЧАПТОО

**Негизги милдеттери:**

➔ ийлеп чаптоого кызыгууну калыптандыруу. Чопонун, пластилиндин касиеттери жана ийлеп чаптоонун жолдору жөнүндө түшүнүктөрүн бышыктоо;

➔ түз жана айлантып тоголоктогонго, пайда болгон таякчалардын учун бириктирүүгө, эки колунун алакандары менен шарды былчыйтууга үйрөтүү;

➔ балдарды анча татаал эмес, бир канча бөлүктөрдөн турган предметтерди жасоого үйрөтүү (жыгылбас курчак, балапан, пирамидалар ж. б.);

➔ ийлеп чаптоо мезгилинде предметтердин көлөмүнө жана формасына көңүл бурууну үйрөтүү керек;

➔ эки кол менен макулдашып иштегенге үйрөтүү, мында пластилинди алакан менен туура келтирип басуу.

Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн бул процесске балдарды акырындап тартып, аларда кубануу сезимин пайда кылып, топто жагымдуу, кооз жагдай, оюн бурчтарын түзүп, эстетикалык өнүктүрүү чөйрөсүн түзүү зарыл; балдар тарабынан жасалган жекече жана жамааттык сүрөттөрдү, аппликацияларды топтун ичин жасалгалоого пайдалануу керек.

### Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө

- балдардын иштери үчүн көргөзмө-бурчтар;
- сүрөт тартуу үчүн кагаздар, карандаштар, фломастерлер, борлор, гуашь жана кыл калемдер;
- ылай, камыр, пластилин, доскалар, стек (скульптордун куралы);
- жасалгалоо үчүн балатынын, кар кишинин, жыгылбас куурчактын ж. б. элестери;
- ыргытыла турган жана жаратылыш материалы;
- иллюстрациялык материалдар.

### Окуу жылынын аягында Көркөм өнөр боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

★ иллюстрацияларды кабыл алууда, элдик декоративдик искусствонун чыгармаларын, оюнчуктарды, жаратылыш көрүнүштөрүн жана жаратылыш объектилерин кабыл алууда **эмоционалдуу кызыгуусун** көрсөтүшөт, алар тарабынан жасалган жеке жана жамаат менен даярдалган иштерге кубанышат.

### Сүрөт тартууда:

★ сүрөт тартууга боло турган материалдарды билишет жана аташат;

★ программада аныкталган түстөрдү билишет;

★ элдик оюнчуктар (матрешка, дымков (чоподон жасалган көркөм өнөр) оюнчуктарын таанышат);

★ композициясы боюнча жөнөкөй, сюжети өтө эле ойлонулбаган айрым буюмдарды чагылдырышат жана сызыктардын, штрихдердин, тактардын, жөнөкөй формалардын негизинде жөнөкөй (предметтик, сюжеттик) сүрөттөрүн жаратышат;

★ тартылган предметтерге туура келүүчү түстөрдү тандашат;

★ калемди, фломастерди, кыл калемди жана боекту туура пайдаланышат;

★ чоң адамдардын коштоосу менен бала жамааттык чыгармачыл (биргелешкен композицияларды) иштерди аткарууга катыша алат, чогуу эмоционалдык кайгырууну (жалпы кубаныч) баштан өткөрөт.

**Ийлеп чаптоодо:**

★ пластикалык материалдардын (чопо, пластилин, пластикалык масса) касиетин билүү, алардан кандай предметтерди жасоого боло тургандыгын түшүнүшөт;

★ чопонун чоң бөлүгүнөн анча чоң эмес томолокту бөлүп алып, алаканды түз жана айлантып кыймылдатып аны тоголоктошот;

★ ийлеп чаптоонун түрдүү ыкмаларын пайдаланып, 1–3 бөлүктөн турган ар түрдүү буюмдарды жасашат.

**Аппликацияда:**

★ даяр фигуралардан предметтердин келбетин түзүшөт;

★ түрдүү формадагы кагаздан ар кандай жасалгаларды даярдашат;

★ тартылып жаткан предметтерге туура келген жана өзүнүн каалоосу түстөрдү тандашат;

★ материалдарды кылдат, тыкан пайдаланышат.

## 4.6.8. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия

Дене өнүгүүсү дене сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган, организмдин таяныч-кыймыл системасын туура калыптандырууга жардам бере турган координация жана ийкемдүүлүк сыяктуу кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өз учурунда калыптандырууну өзүнө камтыйт. Жуурулушуу бала өздөштүргөн кыймыл көндүмдөрүн ишмердиктин башка түрлөрүнө өткөрүүдөн, өз алдынчалыкка жана чыгармачыл демилгеге шыктандыруучу жалпы ыкмаларды пайдалануудан көрүнөт. Өз кезегинде кыймыл активдүүлүгүндө балдар башка өнүктүрүү чөйрөлөрүн өздөштүрүүдө алган тажрыйбаны пайдалана алышат.

> ***Мисалы,*** *аралыкты шарттуу белгилер менен өлчөө, кыймылдын санын эсептөө, мейкиндикке ориентир алуу, көнүгүүлөргө жаңы образдарды ойлоп табуу, сезондук көрүнүштөрдү чагылдырган көнүгүүлөрдү аткаруу, музыка менен көнүгүүлөрдү аткаруу.*

Жуурулушуу карым-катыштын вербалдуу эмес каражаттарын: мимикаларды, жесттерди, позаларды туура колдонуудан көрүнөт.

**Балдарды тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн негизги милдеттери:**

➔ балдардын денелик жактан толук кандуу шайкеш өсүүсүнө көмөк көрсөтүү;

➔ кыймыл тажрыйбасынын бекемделишине жана байышына: негизги кыймылдарды, жалпы-өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү аткарууга, кыймылдуу оюндарга катышууга түрткү берүү;

➔ балдарда өзүнүн кыймылдарын башкалардын билгичтиктери менен макулдашуу билгичтигин өнүктүрүү: көнүгүүлөрдү бир мезгилде баштап, бир мезгилде бүтүрүү, сунушталган темпти сактоо; тарбиячынын көрсөтмөсү менен тиешелүү кыймылдарды жаратуу жана кайра жаратуу;

- ➔ балдарда кыймыл активдүүлүгүнө болгон муктаждыкты, дене көнүгүүлөрүнө болгон кызыгууну өнүктүрүү;
- ➔ жууну, кийинүү, тамак ичүү, мекеменин ичин жыйноо процессинде өз алдынча аракеттенүү билгичтигин өнүктүрүү.



**Негизги кыймылдар:**

Педагог шарт түзүп, балдарды төмөнкү көнүгүүлөрдү аткарууга түрткү берет.

***Тең салмакта басуу жана көнүгүүлөр:*** кадимки басуу, буттун башы менен, ордунда тизени бийик көтөрүп (топ, жуп болуп, ар башка багытка баштоочунун артынан колоннада бирден басуу), темпти өзгөртүп, бутунун башы менен отуруп туруу; сызыктардын, шнурлардын арасы менен, тактайда басуу (узуну 2–3 м, туурасы 20 см); ошону эле предметтерди аттап (предметтер арасындагы аралык 10–12 см), ийилген тактайда басуу (кеңдиги 30–35 см, 20 см-ге көтөрүлгөн) аркылуу аткаруу.

***Чуркоо:*** топ болуп, чачырап, бирден, жуп болуп, түз жана жылан болуп, токтоп, предметтердин арасы менен, темпин өзгөртүп чуркоо.

***Секирүү:*** ордунда, алдыга жылып (2–3 м), бир тегеректен экинчи тегеректе, предметтерди тегеренип жана алардын арасында; бийиктиктен секирүү (20–25 см); сызыктан, шнурдан, предметтен (бийиктиги 5 см) секирүү.

***Тоголотуу, ыргытуу, кармоо***: топту эки колдоп бири бирине (аралыгы 1,5 м), догоо (кеңдиги 50–60 см), предметтер ортосунда тоголотуу; улуулар тарабынан ыргытылган топту (аралыгы 70–100 см) кармоо;

***Жөрмөлөө жана жармашып чыгуу:*** төрт буттап түз (аралыгы 3–6 м), предметтер арасында жыландай болуп (4–5 предмет), кыйшык тактайда; догоонун алдында жөрмөлөө (бийиктиги 40 см); кичинекей шатыга, тикесинен турган шатыга (бийиктиги 1,5 м) кадам менен жармашып чыгуу, арканга жармашып чыгуу.

***Тизилүү:*** эркин, чачырап, жарым айлана, колонна болуп, бирден, экиден (жуп болуп), тегерете тизилүү.

***Кайра тизилүү:*** ориентир боюнча колоннадан 2–3 звено болуп тизилүү.

***Бурулуу:*** ордунда бурулуу.

## Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр

Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү өздөштүрүүдө кыймыл тажрыйбасын байытуу үчүн педагог эрте мененки гимнастикада төмөнкү кыймылдарды аткарууну көбүнчө сунуш кылат.

***Баштапкы абал:*** туруп, бутту бир аз керип, отуруп, жатып, тизелеп.

***Баштын абалы жана кыймылы:*** жогору, ылдый, оңго, солго буруп (3–4 жолу).

***Колдун абалы жана кыймылы:*** (бир убакта, бир багытта): алдыга-артка, жогору, эки тарапка (5–6 жолу).

***Дененин абалы жана кыймылы***: эңкейүү (алдыга, солго, оңго), бурулуу (солго, оңго) – 3–4 жолу.

***Буттун абалы жана кыймылы:*** жарым отуруу, ордунда секирүү (ар бирин 20–30 жолу).

## Спорттук көнүгүүлөр

***Велосипед тебүү:*** үч дөңгөлөктүү велосипедде түз, бурулуп, тегеренип тебүү.

***Сүзүүгө даярдануу***: сууда орун которуп жылуу, бетке, башка суу куюу.

***Чана тептирүү:*** куурчактарды бири-бирин анча чоң эмес жылгаяк тепмеден чана тептирүү.

***Муз тебүү:*** чоң адамдын жардамы менен эки буттап муз жолчо менен муз тебүү.

**Кыймылдуу оюндар.** Педагог балдарда негизги кыймылдардын көндүмдөрүн бышыктоо үчүн кыймылдуу оюндардын ар түрдүү режимдик учурларын пайдаланат. Басуу кыймылдуу оюндары: чуркоо, секирүү, жөрмөлөө, жармашып чыгуу, ыргытуу жана кармоо.

Балдар чоң адамдардын жардамы менен кыймылдуу оюндардагы негизги эрежелер менен таанышат, сигналга бат жооп берүүгө үйрөнөт, оюндагы ийгиликке жана улуулардын туура баа коюусуна эмоционалдуу кабатырланышат.

***Кыймылдардын координациясын өнүктүрүүчү оюндар:*** «Тийбей сойлоо», «Мишка менен өт, чычкан менен сойло», «Түз жол менен», «Ашкабак чапмай», «Саз жерде дөңдөн дөңгө».

***Ылдамдык-күч сапаттарын өнүктүрүүчү оюндар:*** «Топту түрт», «Шылдыракка чейин сойлоп жет», «Дүмүрдүн жанында секиребиз», «Таранчылар жана машина», «Мышык-чычкан», «Көпөлөктү карма», «Ак терек, көк терек».

***Тездикти өнүктүрүүчү оюндар:*** «Бат карма», «Бат кармап, бат кой», «Каруселдер», «Батыраак тегерек болгула», «Күн жана жамгыр», «Аюунун токоюнда», «Коюма карышкыр тийди».

**Балдарда сергек жашоо образынын баалуулуктарынын пайда болуусу жана анын жөнөкөй ченемдерине жана эрежелерине ээ болуусу.** Ден соолукту колдоого, бекемдөөгө жана сактоого көмөк көрсөтүүчү жеке гигиенанын элементардык көндүмдөрү жана билгичтиктери (жуунуу, кийинүү, жуунуу, тамак жегендин көндүмдөрү, имараттын ичин жыйноо ж. б.); ден соолукка коркунуч келтирүүчү режим, кырдаалдар жөнүндө элементардык билимдер. Маданий-гигиеналык жол-жоболорду аткаруунун негизги алгоритмдери.

*Минималдык натыйжалар:*

- Чуркоо 30 *м*-ге – 13,5 сек.
- Ордунан узундукка секирүү – 40 см.
- Предметти ыргытуу – 4 м.
- Ичи толтурулган топту ыргытуу (1 кг) – 90 см.
- Секирип түшүү – 20–25 см.

## Окуу жылынын аягында ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

★ курагына жараша координациялык кыймылдарды аткарат;

★ ар түрдүү денелик көнүгүүлөргө туура мамиле жасайт;

★ кыймыл ишмердигинде өз алдынчалуулукка умтулат;

★ тегерек, колонна, жуп болуп турат, өз ордун табат;

★ сигнал боюнча көнүгүүнү баштайт жана бүтүрөт;

★ башын ылдый салбай, колдорунун, бутарынын кыймылын туура келтирип, бутун шалпылдатпай басышат;

★ башын ылдый салбай чуркашат;

★ бир убакта эки буту менен секирет жана ордунан узундукка секирүүдө жана бийиктикке секирүүдө жеңил жерге түшөт;

★ топту колунун манжалары менен кармайт, көкүрөгүнө баспайт; топту ыргытат;

★ колун полго тийгизбей, догоонун алдынан (40 см) өтөт;

★ тепкич-шаты менен ишенимдүү чыгат жана ары жагына өтөт (бийиктиги 1,5 м);

★ гимнастикалык дубалга салмак салган кадам менен чыгат.

# V бөлүм

# 4төн 5 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## 5.1. 4–5 жаштагы курактык балдарга мүнөздөмө

4–5 жаштагы балдар **социалдык ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин** али аңдап сезе элек болот, бирок аларда өзүн кандай алып жүрүү (алып жүрбөө) тууралуу жалпыланган түшүнүк түзүлө баштайт. Ошондуктан балдар теңтуштары ченемдерди жана эрежелерди сактабаганда, «мындай кылбайт», «мындай кылууга болбойт» деген ж. б. сөздөр менен аларга кайрылышат. Эреже катары, бешинчи жылы балдар чоң адамдын эскертүүсү жок эле учурашышат жана коштошушат, «рахмат» жана «суранам» деп айтышат, чоң адамдын сөзүн бөлбөйт, аларга сылык кайрылышат. Ошентип, 4–5 жаштагы баланын жүрүм-туруму 3–4 жаштагыдай анчалык импульсивдүү жана түздөн эмес, айрым бир учурда тигил же бул ченемдерди жана эрежелерди кармануунун зарылдыгы тууралуу чоң адамдын же теңтуштарынын эскертүүсү да керек.

Бул куракта балдар жуунуу, кийинүү, терең ваннада жуунуу, тамак жемей, имаратты тазалоо процесстеринин алгоритми жакшы өздөштүрүлөт. Мектепке чейинки бала атрибуттарды, аны коштогон процесстерди билишет жана багыты боюнча колдонушат: самын, сүлгү, кол жоолук, тиш щетка жана паста, салфетка, стол приборлору. Маданий-гигиеналык көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн деңгээли ушундай, балдар аларды сюжеттик-ролдук оюндарга эркин которушат.

**Өзүн кандай сезгенине көңүлүн топтоо** көрүнө баштайт, баланы өзүнүн ден соолугу тынчсыздандыра баштайт. 4–5 жаштагы бала өзүн кандай сезип жатканын жөнөкөй мүнөздөөгө жөндөмдүү болот, кыйналып турса, чоң адамдардын көңүлүн бура алат.

4–5 жаштагы балдар **предметтер менен ойноо аракеттерин улантышат,** бирок эми бул кыймылдардын тышкы ырааттуулугу чыныгы абалга туура келет: бала алгач нанды кесет, ошондон кийин гана столдун үстүндөгү куурчактын алдына коет. Оюнда балдар өзүнүн ролун аташат, кабыл алынган ролдордун шарттуу экенин түшүнүшөт. Оюндагы жана чыныгы өз ара мамилени бөлүү ишке ашат. Оюн процессинде ролдор алмашышы мүмкүн. 4–5 жашта теңтуштары оюнда баланы бир топ өзүнө тартат, аларга өнөктөш катары чоң адамга караганда артыкчылык берилет. Жалпы оюнга экиден бешке чейинки бала тартылат, ал эми биргелешкен оюндардын узактыгы орточо 15–20 мүнөттү түзөт, айрым учурларда 40–50 мүнөткө чейин жетет.

**Ири моторика** өнүгөт. Ошентип, 4–5 жашта балдар таянычтарга жантыгынан (полдон 20 см бийиктикте) жайгаштырылган гимнастикалык тепкичтин рейкаларын колун капталына алып, аттап өтө алышат; топту жогору ыргытып, аны эки колу менен тутат; орто көлөмдөгү шуруну (же топчуну) жоон каучукка (учу катуу ичке жипке) тизет. Бала үйрөтүлүп жаткан кыймылдарды, алардын элементтерин активдүү жана аң сезимдүү өздөштүрүүгө жөндөмдүү.

4төн 5 жашка чейинки куракта жалпы кабыл алынган **сенсордук эталондорду** өздөштүрүү, аларды колдонуу ыкмаларына ээ болуу, предметтерди изилдөө бекемделет жана уланат. Беш жашка карата балдар эреже катары негизги түстөр, геометриялык формалар жана көлөм тууралуу жакшы билип калышат. Бала өзүн курчаган мейкиндиктен эрки менен предметтерди байкап, карап, издей алат. Бул куракта кабыл алуу акырындык менен аң сезимдүү, максаттуу жана талдай турган болуп калат.

Орто мектепке чейинки куракта ой жүгүртүү менен аракеттердин байланышы сакталат, бирок эми мурдагыдай түздөн түз болбойт. Көпчүлүк учурда практикалык өзгөртүп түзүү (манипуляция) талап кылынбайт, бирок бардык учурда балага бул объектини так кабыл

алуу жана көрсөтмөлүү билдирүү керек болот. 4–5 жаштагы балдардын ой жүгүртүүсү кабыл алуунун артынан көрсөтмөлүү образ формасында өтөт.

Бешинчи жылы **көңүл буруу** 3 жаш курактан айырмаланып, бир топ туруктуу болуп калат (эгерде бала топтун артынан кетсе, анда башка кызыктуу предметтерге алаксыбайт). Көңүл буруунун өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчү мында болуп саналат, 5 жашта баланын ишмердигинде эреже менен аракеттенүү – эрктүү көңүл буруунун алгачкы зарыл элементи пайда болот. Так ушул куракта балдар эреже менен оюндарды активдүү ойноп башташат: стол оюндары (лото, балдар доминосу, чүкөлөр) жана кыймылдуу оюндар (жашынмак, салочка (колун тийгизсе, кезек ага өтөт), «Жоолук таштамай»).

Мектепке чейинки куракта баланын **эс тутуму интенсивдүү өнүгөт.** 5 жашта ал көрсөтүлгөн картиналардан 5–6 предметти (10–15тен) эстеп кала алат. 4–5 жаш куракта ырларда, чоң адамдардын аңгемелеринде сүрөттөлгөн, мультфильмдерде кездешкен ж. б., образ жараткан репродуктивдүү элестетүү басымдуулук кылат.

**Элестетүү** образынын өзгөчөлүктөрү баланын тажрыйбасынан жана чоңдор эмне айтканын, картиналардан көргөнүн ж. б. түшүнүү деңгээлинен көз каранды болот. Аларда көпчүлүк учурда чыныгы жана жомоктук, фантастикалык нерселер аралашып калат. Элестетүү балага курчап турган дүйнөнү таанып билгенге, тааныштан тааныш эмеске өткөнгө жардам берет. Продуктивдүү элестетүүнүн элементтери оюнда, сүрөт тартууда, конструкциялоодо, ийлеп чаптоодо ж. б. түзүлө баштайт.

Бул куракта чоң адамдар жана теңтуштары менен **баланын баарлашуудагы демилгелүүлүгү жана өз алдынчалуулугу** өнүгөт. Балдар практикалык иштерде (биргелешкен оюндарда, тапшырмаларда) кызматташууну улантышат. Аны менен катар интеллектуалдык баарлашууга активдүү умтулушат, бул көптөгөн суроолордон *(эмнеге? эмне үчүн? эмнеликтен?),* чоң адамдардан таанып билүү мүнөзүндөгү жаңы маалыматтарды алууга умтулуусунан көрүнөт. Теңтуштары менен баарлашуу мурдагыдай эле башка балдар ишмердиктери (оюн, эмгек, үзүрлүү ишмердик) менен тыгыз айкалышкан, бирок таза баарлашуу учурлары кездешет. Кызматташтыкты колдоо, мамиле түзүү үчүн балдардын сөздүгүндө адептик түшүнүктөрдү чагылдырган сөздөр жана сөз айкаштары: катышуу, боор ооруу, кошо кайгыруу сөздөрү пайда болот. Чоң адамдар менен баарлашуу процессинде балдар кептик этикалык эрежелерин: саламдашуу, коштошуу, ыраазычылык, сылык сурануу, сооротуу, кошо кайгыруу, жан тартуу сөздөрүн колдонот.

Көпчүлүк байланыштарда баарлашуунун башкы каражаты **кеп** болуп саналат, анын өнүгүүсүндө олуттуу өзгөрүүлөр болот. 5 жашка карата көпчүлүк балдар эне тилинин тыбыштарын туура айтып башташат. Эне кебинин чыгармачыл өзгөрүү, жаңы сөздөрдү жана сөз айкаштарын ойлоп табуу процесси уланат. Педагогдун жардамы менен балдар кыска адабий чыгармаларды кайра айтып бере алышат, сүрөт боюнча айтып бере алышат, оюнчуктарды сыпатташат, тажрыйбасынан алган таасирлерин өз сөздөрү менен бере алышат. Жакын адамдары балага балдар китептерин дайыма окуп берсе, окуу туруктуу муктаждык болуп калат. Окурмандык тажрыйбаны топтоодо олуттуу ролду сүрөттөр ойнойт. 4–5 жаш куракта балдар китепти көпкө караганга, картина боюнча анын мазмунун айтып бергенге жөндөмдүү. Бул куракта балдар китепти колдонууга карата талаптарды, аны менен иштөөдө гигиеналык ченемдерди жакшы кабыл алышат. Балдардын эмоционалдык чөйрөсүнүн өсүүсүнө байланыштуу окуганынан алган толкундануулары олуттуу тереңдейт. Алар китептеги учурларды турмушка которууга аракет кылышат,

чыгармалардагы каармандарды туурашат, чын дилден жомоктордогу, аңгемелердеги ролдук оюндарды ойношот.

Ортоңку мектепке чейинки куракта **балдар эмгегинин** өздөштүрүлгөн эмгек процесстеринин базасында максат коюу, көзөмөлдөөчү-текшерүүчү аракеттер сыяктуу компоненттери активдүү өнүгөт. Бул өзүн өзү тейлөөнүн сапатын олуттуу жогорулатат, балдарга чарбалык-тиричилик эмгегин-жана жаратылыштагы эмгекти өздөштүргөнгө мүмкүнчүлүк берет.

Музыкалык көркөм жана үзүрлүү ишмердикте балдар көркөм чыгармаларга, музыкалык жана көркөм өнөр чыгармаларына эмоционалдуу мамиле кылышат. Мектепке чейинки балдар музыкалык чыгарманын сюжетин бир топ бүтүн кабыл алып, музыкалык образдарды түшүнүп башташат. Музыкага, музыкалык чыгармалардын ар кандай түрлөрүнө активдүү кызыгышат. **Музыкалык эс тутум** балдарга сүйүктүү ырларды эстеп калганга, тааныганга жана ал тургай атаганга мүмкүнчүлүк берет.

Мектепке чейинки баланын маанилүү көрсөткүчү **көркөм өнөр** болуп саналат. Төрт жашка карата балдар чагылдырган предметтер көп болот. Сүрөттөрдө бөлүктөр пайда болот. Баланын сүрөтүндөгү ой тартып жатканда өзгөрүшү мүмкүн. Балдар жөнөкөй техникалык билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушат. Конструкциялоо продуктивдүү мүнөзгө ээ боло баштайт: балдар келечектеги конструкцияны ойлонушат жана аны аткаруу ыкмаларын издешет. Алар кагаздан, жаратылыш материалынан майда-барат буюмдарды даярдай алышат; кайчы менен иштөө техникасына ээ боло башташат; даяр жана өз алдынча кесилген жөнөкөй формалардан композицияларды түзүшөт.

Төрттөн беш жашка чейинки курак – салыштырмалуу тынч мезгил. Бала кризистен чыгып, жалпысынан тынчыраак, уга турган, ыкка тез көнө турган болуп калат.

Бул куракта балдар **кыймылга бекем муктаждыкты** сезишет, бул муктаждыгы канааттанбаган учурда, активдүү кыймыл ишмердиги чектелген учурда, алар толкунданышат, укпаган, кежир болуп чыгышат. Ошондуктан акылга сыярлык кыймылдуу режимди сактоо, балдардын турмушун түрдүү кыймылдуу оюндар, оюн тапшырмалары, музыканын коштоосундагы бий кыймылдары, хорлуу оюндар менен байытуу өзгөчө мааниге ээ болот.

| | |
|---|---|
| **5.2. 4–5 жаштагы балдардын курактык өзгөчөлүктөрү** | Баланын жашоосунун бешинчи жылы организминин өсүшүндөгү интенсивдүү учур болуп саналат. Балдардын негизги кыймылынын өнүгүүсүндө байкаларлык сапаттуу өзгөрүүлөр жүрөт. Эмоционалдуу боелгон кыймыл ишмердүүлүгү денелик жактан өнүгүүнүн гана каражаты болбостон, жетишерлик бийик козгогучтары менен айырмаланган балдардын психологиялык ашыкча жүктөрүнөн да бошотуу жолдорунун каражаты болуп эсептелет.<br>Өз аракеттерин пландаштыруу, тиешелүү ойду жаратып, ишке ашыруу билгичтиги пайда болот жана өркүндөйт,бул ой жөнөкөй каалоодон айырмаланып, аракеттин максаттарын гана эмес, ага жетүү ыкмаларын да өзүнө камтыйт.<br>Өзгөчө маанини биргелешкен сюжеттик-ролдук оюндар ээлейт. Дидактикалык жана кыймылдуу оюндар олуттуу мааниге ээ. Бул оюндарда балдарда таанып-билүү процесси калыптанат, байкагычтык өсөт, эрежелерге баш ийүү билгичтиги, жүрүм-турум көндүмдөрү түзүлөт, негизги кыймылдар өнүгөт.<br>Оюн менен катар беш жаштагы балдарда ишмердиктин үзүрлүү түрлөрү интенсивдүү өнүгөт, айрыкча көркөм өнөр жана конструкциялоо. Ойлору жетишерлик туруктуу жана отчеттуу болбосо да, тарткан сүрөттөрүнүн жана курулуштарынын сюжеттери бир аз болсо да ар түрдүү боло баштайт.<br>Кабыл алуулары бөлүктөргө бөлүнө баштайт. Балдар предметти изилдөө билгичтигине ээ болот, алардын ортосундагы мамилени курууга жана аларды өзүнчө бөлүктөрдү бөлүп көрсөтүүнү ырааттуу улантат.<br>Мектепке чейинки орто курактагы балдардын маанилүү психикалык жаңы түзүлүүсү предметтер жөнүндө түшүнүктөрдө, бул предметтердин жалпыланган касиеттеринде, предметтер жана окуялар ортосундагы мамилелер жана байланыштарда акылга таяна билүүсү болуп саналат.<br>Балдар беш жашында байланыш кебине активдүү ээ болушат, анча чоң эмес адабий чыгармаларды, оюнчук, сүрөттөр, өзүнүн жашоосундагы кээ бир окуялар жөнүндө айтып бере алышат.<br>Беш жаштагы бала үчүн *курбуларына өзүн окшоштуруу, жынысы боюнча өзүн окшоштуруу процесси* өзгөчө мааниге ээ. Өзүн-өзү баалоо кырдаалга жараша болуп, туруктуу мүнөздө болбойт. |
| Курактын жетишкендиктери | Образдуу ой жүгүртүү өнүгө баштайт; эске тутуунун көлөмү өсөт; эрктүү эстеп калуулар топтоло баштайт; мейкиндикке ориентир алуу өнүгөт; көркөм өнөр ишмердиги маанилүү өнүгө баштайт. Сүрөт предметтик жана деталдаштырылган боло баштайт; элестетүүнүн өзгөчөлүктөрү калыптанат: оригиналдуулук жана эрктүүлүк; кеп балдардын активдүүлүгүнүн предмети боло баштайт; таанып-билүү кызыгуусу жетектөөчү болот; курактык феномен: таарынуу өөрчүйт; атаандаштык, мелдешүүчүлүк пайда болот; улуулар тарабынан сыйлоо, аны мактоо, өзгөчө кыздарга зарыл болот. |
| Ишмердиктин артыкчылыктуу түрлөрү | Оюн; карым-катыштык; үзүрлүүлүк; таанып-билүүчүлүк; изилдөөчүлүк; конструктивдүүлүк; көркөм адабиятты окуу (кабыл алуу); кыймылдуу; музыкалык-көркөм; эмгектик. |
| Иштин артыкчылыктуу формалары | Кептик кырдаал; сюжеттик оюндар; балдар чыгармачылыгынын үзүрлөрүн даярдоо боюнча чеберкана; байкоо; конструкциялоо; окуу; жаттоо; оюн көнүгүүлөрү; кыймылдуу дидактикалык оюндар; эксперимент жасоо; угуу; аткаруу; кыймылдуу оюндар (музыканын коштоосунда); биргелешип аракеттенүү. |

## 5.3. 4төн 5 жашка чейинки (орто топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү иш-мердүүлүк Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган Негизги планына ылайык уюштурулган.

| № | Бир жумадагы сабактардын аталышы | Ортоңку топ (4төн 5 жашка чейин) |
|---|---|---|
| 1 | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү | 1 |
| 2 | Кеп өстүрүү | 1 |
| 3 | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) | 1 |
| 4 | Конструкциялоо | 1 |
| 5 | Көркөм адабият | 1 |
| 6 | Музыка сабагы | 2 |
| 7 | Дене тарбия сабагы | 3 |
| 8 | Кыргыз тили (**) (орус тилдүү топтор үчүн) же<br>орус тили (**) (кыргыз тилдүү топтор үчүн) | 1 |
| 9 | Ийлеп чаптоо | 1(*) |
| 10 | Аппликация | |
| 11 | Сүрөт | 1 |
| | **Баары** | **13** |
| | **Узактыгы** | **10–15 мүн** |

*Сабактар бир жумада алмашып турат;
**Кыргыз/орус тилдерин окутууда балдар 25 жана андан көп болсо, 2 майда топко бөлүнөт.

## 5.4. Орто топтогу сабактардын болжолдуу расписаниеси

| № | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү | Кыргыз тили / орус тили | Кеп өстүрүү | Көркөм адабият | Конструкциялоо |
| 2 | Дене тарбия сабагы | Сүрөт | ЖМТК | Ийлеп чаптоо, аппликация | Музыка сабагы |
| | | Музыка сабагы | Дене тарбия сабагы | | Дене тарбия сабагы |

## 5.5. Орто топтогу кыймыл активдүүлүгүнүн режими

| Уюштуруу формаларынын аталыштары | Убакыт | |
|---|---|---|
| Жалпы уюшулган ишмердик | 8 саат | жумасына |
| Зарядка. Эрте мененки көнүгүү | 6–8 мүнөт | күн сайын |
| Күндүзгү уйкудан кийин сергитүүчү зарядка | 5–10 мүнөт | күн сайын |
| Сабак учурундагы дене көнүгүүсү | 5–10 мүнөт | күн сайын |
| Кыймылдуу оюндар | 10–15 мүнөт | жумасына 2–4 жолудан аз эмес |
| Спорттук оюндар | Жумасына бир жолудан аз эмес максаттуу окутуу | |
| Спорттук көнүгүүлөр | 10 мүнөт | Жумасына 1 жолудан аз эмес максаттуу окутуу |
| Сейилдөөдөгү дене көнүгүүлөрү | 10–12 мүнөт | күн сайын |
| Спорттук көңүл ачуулар | 30 мүнөт | айына 1–2 жолу |
| Спорттук майрамдар | 40 мүнөт | жылына 2–4 жолу |
| Ден соолук күнү | күн бою | кварталына 1 жолудан кем эмес |

## 5.6. 4төн 5 жашка чейинки балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактар

### 5.6.1. Кеп өстүрүү

Ортоңку топтогу балдардын кебин өстүрүү боюнча иштердин **максаты** айланадагы адамдар менен өз ара мамиле кылуунун (коммуникация) конструктивдүү ыкмаларына жана каражаттарына ээ кылуу болуп саналат.

**Негизги милдеттери:**

***Сөздүктү калыптандыруу.*** Балдар жанында курчап тургандар, өздүк тажрыйбасында болбогон предметтер, кубулуштар жөнүндө билимдерин кеңейтүүнүн негизинде сөздүгүн толуктайт. Кебинде предметтердин аттарын, алардын бөлүктөрүн, деталдарын, алар даярдалган материалдарды, материалдын көрүнгөн жана айрым көрүнбөгөн касиеттерин (тырышат, урулат, сынат, үбөлөнөт, күйөт) колдонууну активдештирет. Кебинде көп колдонулган сын атоочторду, этиштерди, тактоочторду, предлогдорду пайдаланганга үйрөнүшөт. Сөздүгүн адамдардын ортосундагы мамилени, алардын эмоционалдык абалын мүнөздөгөн сөздөр менен толукташат.

Сөздүгүнө кесипти билдирген зат атоочтор; эмгек аракетин мүнөздөгөн этиштер *(дарыгер дарылайт, дары жазып берет, бинт менен таңат, кан басымын өлчөйт, тамакты майлайт ж. б.).* Предметтин жайгашкан ордун *(солдо, оңдо, катар, жанында, ортосунда),* сутканын убактысын, адамдардын абалын жана көңүл кушун мүнөздөгөнгө үйрөнүүнү улантышат. Көп колдонулган ат атоочторду жана тактоочторду *(тигинде, тигил жакка, ушундай, бул)* бир топ так сөздөр менен алмаштырат, антоним сөздөрдү *(таза–кир, жарык–караңгы)* пайдаланат. Жалпылагыч маанидеги зат атоочторду *(эмерек, жашылчалар, жаныбарлар)* пайдаланганды үйрөнүшөт.

***Кептин тыбыштык маданияты.*** Үндүү жана үнсүз тыбыштарды туура айтууну бышыктайт, ышкыруучу, шуулдама жана сонордук *(р, л)* тыбыштарын туура айтууга көнүгөт. Артикуляциялык аппараты өнүгөт. Дикциясынын үстүнөн иштөөсүн улантат: сөздөрдү жана сөз айкаштарын так айтууну өнүктүрөт. Фонематикалык угуусун өстүрөт: атайын бир тыбыш менен башталган сөздөрдү угуп, айырмалап жана сөздөрдү атоону үйрөнөт. Кептин интонациялык көркөмдүгүн өнүктүрөт.

***Кептин грамматикалык түзүлүшү.*** Балдарга сөз менен активдүү эксперимент жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилет, бешинчи жаштагы балага мүнөздүү сөз жасоо колдоого алынат *(күлкүнүчтүү, жок калды, жылаңбут ж. б.),* мында этияттык менен сөздүн жалпы кабыл алынган вариантын айтуу маанилүү. Сүйлөмдөгү сөздөрдү макулдашуу улантылат, сөздө предлогдорду туура пайдалануу билгичтиги өркүндөйт; жаныбарлардын балдарын түшүндүргөн (окшоштугу боюнча) зат атоочтордун көптүк сандагы формалары пайда болот, бул зат атоочторду атооч жана табыш жөндөмөлөрүндө *(бачикилер – бачикилерди, мамалактар – мамалактарды ж. б.)* пайдаланышат; илик жөндөмөдөгү зат атоочтордун көптүк түрүн туура пайдаланышат *(алманын, туфлинин, китептин ж. б.).* Айрым этиштердин буйрук ыңгайынын туура формасын *(жаткын! жат! баргын! чурка!),* татаал багыныңкы жана татаал бирикме сүйлөмдөрдүн жөнөкөй түрлөрүн туура сүйлөө үчүн педагог шарт түзөт.

**Байланыштуу кеп.** Диалогдук кеп өркүндөтүлөт: балдар аңгемелешүүгө активдүү катышууга, угуучулар үчүн түшүнүктүү суроолорду бергенге жана жооп бергенге үйрөнүшөт. Досу менен сүйлөшүүдө түшүндүрмө кепти пайдаланышат. Предметти, картинаны (педагогдун үлгүсү боюнча) сүрөттөөгө үйрөнүшөт. Картина, китептердеги иллюстрациялар боюнча, өзү, үй-бүлөсү тууралуу аңгемелерди, оюнчуктар, предметтер ж. б. тууралуу сыпаттама аңгемелерди түзүүгө көнүгүшөт *(«Менде ушундай токой пайда болду. Анда… жашашат,… өсөт»* ж. б.). Анча чоң эмес жомоктордун жана аңгемелердин сюжеттерин кайра айтып беришет, ырларды жатташат, көркөм айтып беришет.

**Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө:**

- оюнчуктар;
- балдар менен түрдүү сюжеттик линиялар чагылдырылган сүрөттөр;
- калктуу конуштарды чагылдырган сүрөттөр;
- жашылча-жемиштердин муляждары;
- эмерек жана идиш-аяктарды чагылдырган сүрөттөр;
- сюжеттүү сүрөттөрдүн сериялары;
- балдардын оюндарын жана тамашаларын көрсөткөн сүрөттөр;
- жаныбарлар, канаттуулар, курт-кумурскалар чагылдырылган сүрөттөр;
- ар түрдүү фактурадагы жана түстөгү кездемелердин кесиндилери жана башка коопсуз ыргытылуучу материал;
- жомоктун каармандары – көлөмдүү же тегиз оюнчуктар;
- түрдүү жыл мезгилиндеги ар кандай жаратылыш көрүнүштөрүн чагылдырган сүрөттөр;
- кесипке тиешелүү кандайдыр бир кыймыл-аракетти билдирген сүрөттөр (тикмечи тигип жатат, айдоочу автобусту айдап бара жатат ж. б.);
- программалык милдеттерге ылайык көрсөтмө куралдар: плакаттар, таблицалар, муляждар, модулдар;
- мектепке чейинкилер үчүн хрестоматия.

«Сабаттуулук жана карым-катыш» өнүктүрүү чөйрөсүн жуурулуштуруу кеп өстүрүүнү, карым-катыштын жана маданияттын каражаты катары кепке ээ болууну; активдүү сөздүктү байытууну; байланыштуу, грамматикалык жактан туура диалогдук жана монологдук кепти; кептик чыгармачылыкты, фонематикалык угумду өнүктүрүүнү, китеп маданияты, балдар адабияты менен таанышууну, түрдүү жанрдагы тексттерди угуп түшүнүүнү, сабат ачууга үйрөтүүнүн негизи катары тыбыштык аналитикалык-синтетикалык активдүүлүктү калыптандырууну; баланын чоң адамдар жана теңтуштары менен баарлашуусун жана өз ара мамилесин өнүктүрүүнү өзүнө камтыйт.

### «Кеп өстүрүү» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

- ★ эне тилиндеги бардык тыбыштарды туура айтат;
- ★ кептеги тыбыштарды жаратылыштагы же турмуштагы үндөр менен салыштырат (шамалдын ыры «у-у-у», жылан «ш-ш-ш», коңуз «ж-ж-ж», чиркей «з-з-з», суу «с-с-с», насос «сь-сь-сь» ж. б.);
- ★ миң сөздү пайдаланат, 6–8 сөздөн турган фразаларды курат. Баланы ата-энеси гана эмес, бейтааныш кишилер да түшүнөт;
- ★ адамдын түзүлүшү жаныбарлардын түзүлүшүнөн эмнеси менен айырмаланарын түшүнөт, алардын денесинин бөлүктөрүн атайт (колдору – таманы, тырмактары – текөөрү, чачы – жүнү ж. б.);
- ★ сөздү так айтууну үйрөнөт;
- ★ сөз байлыгын жаңы сөздөр менен толуктайт;
- ★ табышмактардагы, лакаптардагы образдуу айтылгандарды түшүнөт, аларды түшүндүрө алат;
- ★ татаал сүйлөмдүн ар түрүн пайдаланат; айтып берүүдө тике жана кыйыр кептер пайдаланылат;
- ★ үлгү боюнча жеке тажрыйбадагы окуялардан, сюжеттүү картина боюнча, картиналардын топтому боюнча өз алдынча аңгемелерди түзө алат; жомоктордун аягын ойлоп табат;
- ★ анча чоң эмес адабий чыгармаларды олуттуу өзгөртпөй, ырааты менен айтып бере алат. Зат атоочко бир канча сын атоочторду тандай алат; сөздөрдү мааниси окшош башка сөздөргө алмаштыра алат;
- ★ адамзаттык өз ара мамилеге байланыштуу сөздөрдү пайдаланат;
- ★ кебинде туура грамматикалык формаларды колдонат;
- ★ туура суроо берүүнү жана аларга туура жооп берүүнү билет;
- ★ монологдук кепти пайдаланат;
- ★ аңгемелердин жана жомоктордун каармандарын сүрөттөп айтып бере алат;
- ★ окуяларды, ордун, кыймыл-аракеттерин сүрөттөп айтып бере алат;
- ★ аңгемелерди баяндап айта алат;
- ★ баланын жеке тажрыйбасында орун албаган, ошону менен бирге предметтерди жана көрүнүштөрдү түшүндүргөн сөздөрдүн эсебинен активдүү сөздөрү көбөйөт;
- ★ зат атоочторду көптүк сандын формасына туура коюуну билет (гүл – гүлдөр, кыз – кыздар);

- ★ сүрөттөө боюнча предметтерди таба алат (алма – тоголок, даамдуу, сары). Өз алдынча предметти сүрөттөп бере алат;
- ★ кандай кесиптер бар экенин, бул кесиптеги адамдар эмне кызмат кыларын билет;
- ★ аңгемелешүүдө колдоо көрсөтүүнү билет: суроого жооп берип, туура суроо бере алат;
- ★ уккан аңгемелеринин, жомокторунун мазмунун айтып бере алат. Бир канча ырларды, көңүлдүү ырларды жатка айтып бере алат;
- ★ атын, фамилиясын, жашы канчада экенин, өзү жашаган шаарын/айылын айтып бере алат;
- ★ жакын арада болуп өткөн окуяларга тиешелүү суроолорго жооп бере алат: Сен бүгүн кайда болдуң? Жолдон кимди жолуктурдун? Апаң дүкөндөн эмне сатып алды? Сен эмне кийип турасың?

## 5.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу

Беш жаштагы баланын ошол жыныстагы чоң адамдар менен өзүн окшоштуруу курагы. Балдарда теңтуштары менен мамиле түзүүгө, оюнга кызыгуу пайда болот, алардын жашоосунун бардык чөйрөсүндө өз алдынчалуулук өнүгөт. Баланын өнүккөн ой жүгүртүүсү, объектилер ортосундагы жөнөкөй байланыштарды жана мамилелерди орнотуу жөндөмдүүлүгү курчап турган дүйнөгө зор кызыгууну ойготот. Жашоосунун алтынчы жылында курчап турган дүйнөнүн коодугуна эмоционалдык реакцияларды өнүктүрүү абдан маанилүү. Балдар жакшы таасир алышы үчүн шарт түзүү зарыл. Көпчүлүк окумуштуулар бала кезде көргөн жана адамдын аң-сезиминде сакталып калган ачык түстөгү сүрөттөр сезимге жылуу, эмоционалдуу таасир калтырат.

**Милдеттери:**

Балдарда мекенине, өлкөсүнө кызыгуусу, сүйүүсү жана сыйлоо сезимдери жана курчап турган жашоодогу көрүнүштөргө кызыгуусу пайда болот. Борборго – Бишкек шаарына кызыгууну өнүктүрүү. Кыргызстан элдеринин салттарын үйрөнүү, элдик баатырлардын эстеликтери, нравалык жана патриоттук сезимдерди тарбиялоо боюнча иштер улантылат. Мектепке чейинки ортоңку курактагы балдар менен иш жүргүзүүдө балдарды курчап турган чөйрөсү жөнүндө билимин кеңейтүү, ачык көрүнгөн сапаттардан жана касиеттерден (түс, форма, чоңдук ж. б.) бир топ татаал байланыштарга жана мамилелерге, алгачкы роддук түшүнүктөрдүн (оюнчуктар, бут кийим, кийим, аспаптар ж. б.) негизинде жаткан маңыздуу мүнөздөөгө өтүү боюнча маселе чечилет. Балдарды предметтерди, алардын түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө үйрөтүү зарыл; сенсордук анализдин бардык жөнөкөй ыкмаларын ишмердиктин ар башка түрлөрүндө (оюн, эмгек, көркөм ишмердик ж. б.) адекваттуу пайдалануу. Предметтик дүйнөгө аяр мамилени тарбиялоо үчүн балага тиешелүү сөздүктөрдү өздөштүрүүгө, өзүнүн божомолдорун жана ой-пикирин кебинде так жана ачык калыптандырууга үйрөтүү керек. Улуулардын эмгеги менен таанышуу балага заманбап дүйнө менен таанышууга, алардын улуулар менен байланышын кеңейтүүгө, бейтааныш адамдар менен мамиле түзүүгө үйрөтөт. Педагогдун милдети – балдарды даяр эмгек процесси менен тааныштыруу, алардын эмгектин натыйжасынын жетишкендиктерин жана элдердин муктаждыктарын канаттандырууга багытталгандыгын көрүүгө жардамдашуу, эмгек процессинин компоненттерин (эмгектин максаты жана мотивдери, эмгектин предметтери, жабдуу куралдары, эмгек кыймылдары, натыйжалар) бөлүштүрүүгө үйрөтүү, эмгектин кээ бир түрлөрү жана кесиптер жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу, оюндардан алган таасирлерди чагылдырууга түрткү берүү. Баланы

улуулардын эмгеги жөнүндөгү алган билимин жана эмгек билгичтигин жеке өзүнүн эмгек ишмердигине өткөрүүгө үйрөтүү зарыл. Бул негизде баланы биринчи жолу социалдаштыруу, айланадагы адамдардын жана предметтик дүйнөгө мамилени аныктоочу баалуулук ориентирлерин өздөштүрүү жүрөт.

Балдардын өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө, жаратылыштагы сезондук көрүнүштөр жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруу улантылат. Педагог курчап турган жаратылышка кызыгууну, анын сулуулугуна суктануу жөндөмдүүлүгүн, өсүмдүктөргө жана жаныбарларга аяр мамиле кылууну: гүлдөрдү, бадалдарды акырын айланып өтүүнү; кесилген же анча көп эмес сандагы үзүлгөн өсүмдүктөрдү сууга салууну; канаттуулардын жана жаныбарлардын жанында өздөрүн тынч алып жүрүүнү; тирүү жандын баарына кам көрө билүүнү жаратат. Балдарда өзүнө жана жакын туугандарына кызыгууну калыптандырууга чоң көңүл бурулат. Балдар жакынкы социалдык курчап тургандар жөнүндө алгачкы маалыматтарды алышат, жашоодогу коопсуздук эрежелерин өздөштүрүшөт.

***Айлана-чөйрө менен таанышуу боюнча иштерде булар зарыл:***

- балдардын бири бирине кызыгуусун пайда кылуу, аларды жакындаштырууга жардам берүү;
- балдарга бардык адамдар ар башка, алар бири биринен айырмаланышарын түшүнүүгө жардам берүү;
- балдарда бири бирине жакшы мамиле кылууну үйрөтүү;
- балдардын ойлорун жана сезимдерин вербалдаштырууга түрткү берүү;
- баланын эмоционалдык чөйрөсүн өнүктүрүү;
- кебиндеги сөздөрдө эмоциянын аталыштарын билдирген сөздөрдү пайдаланууну активдештирүү;
- балдарды көңүл кушун мимикалык реакция менен туура келтирүүгө үйрөтүү;
- колдун кыймылдарынын (жест) көркөмдүгүн өнүктүрүү;
- балдарга достук деген эмне, алар кимдерди досторубуз деп эсептешерин аныктоо;
- балдарда достук мамилелерди, боорукердик сезимдерди, досуна колдоо көрсөтүү сезимин, ага кам көрүү сезимин тарбиялоо;
- балдардын арасында психологиялык байланышты өнүктүрүү;
- бири-бири менен достошуу, мимиканын жардамы менен байланыш түзсө болорун балдарга көрсөтүү;
- жакшы эмоциянын жардамы менен пикир келишпестиктерди чечүүнү үйрөтүү;
- балдарга пикир келишпестиктердин жеңил пайда болуусун, чыр-чатактарды чечүүнүн кандай жолдору бар экенин көрсөтүү. Балдарга урушкандан көрө достошуу жагымдуураак экенин сезүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек;
- балдарды пикир келишпестик кырдаалынан вербалдык ыкмалар менен гана эмес, жесттер менен да чыгууга үйрөтүү;
- жаратылыш жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу: аба-ырайынын абалы, сезондук көрүнүштөр; дарактардын, бадалдардын, гүлдөрдүн аталыштарын бышыктоо; үй жана жапайы жаныбарлар, канаттуулар менен таанышуу, алардын жашоосундагы жана жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүү; жалпылоо жана ой корутунду чыгаруу, жөнөкөй байланыштарды орнотуу.

***Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө:***

*Картиналардын сериясы:* «Жыл мезгилдери», «Жапайы жана үй жаныбарлары балдары менен», «Жашылча – жемиштер», «Дарактар жана өсүмдүктөр», «Гүлдөр», «Курт-кумурскалар», «Транспорт», «Идиш-аяктар», «Кесиптер», «Балыктар», «Тамак-аштар», «Эмерек», «Күндөлүк турмуштагы буюмдар», «Сутканын бөлүктөрү», «Жаратылыштагы көрүнүштөр», «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялар, Бишкек шаары жөнүндө сүрөттөр жана иллюстрациялар, Кыргызстандын символикалары, «Нооруз», «Жаңы жыл», «8-март – Аялдардын майрамы», «Биздин Мекенди коргоочулар» майрамдары, «Жолдо жүрүүнүн эрежелери» жөнүндө иллюстрациялар.

*Альбомдор:* «Биздин үй-бүлө», «Бишкектин көчөлөрү», «Менин шаарым»/«Менин айылым», «Биздин республика», «Кыргызстандын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү», «Биздин бала бакча», «Үйдөгү жана бала бакчадагы майрамдар».

*Көркөм адабият:* туулуп өскөн шаары/айылы жөнүндө ырлар, аңгемелер жана кыргыз элинин легендалары, канаттуулары, жапайы жана үй жаныбарлары, өсүмдүктөрү жөнүндө аңгемелер.

Балдардын жана улуулардын өздөрү, шаары/айылы, курчап турган жаратылыш жөнүндө сүрөттөрү.

Кыргыз элинин декоративдик-прикладдык искусствосунун үлгүлөрү, кыргыз элинин искусствосунун предметтери, орус жана биздин республикада жайгашкан башка элдердин искусство предметтери.

Кыргыз элинин, орус элинин, башка элдердин кийимдеринин жана идиш-аяктарынын элементтери.

Туулган жердин жаратылышы жөнүндө аудио жана видеокассеталар.

Туулган жерге арналган балдардын жана улуулардын майда-барат буюмдары.

**Айлана-чөйрө менен таанышуу боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Бала билет:**

- ★ шаардын жана айылдын мүнөздүү белгилери тууралуу билет;
- ★ шаарда жана жаратылышта жүрүм-турумдун жөнөкөй эрежелери жөнүндө билет;
- ★ коомдук транспорттун ар башка түрлөрү жөнүндө билет;
- ★ үй-бүлө жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара жардамы тууралуу билет;
- ★ адамдын денесинин негизги бөлүктөрү жана алардын милдеттерин билет;
- ★ жүрүм-турумдун жана жеке гигиенанын элементардык эрежелерин сактайт;
- ★ өсүмдүктөрдүн өсүү шарттары; жашылча-жемиштерди өстүрүү жөнүндө билет;
- ★ адамдардын кесиптери жана ар башка кесиптеги адамдардын бири-бирине жардам берүүсү зарыл экендигин билет;
- ★ адамдын сезондук жашоосунун негизги өзгөчөлүктөрү жөнүндө билет;
- ★ адамдардын сезондук жашоосунун негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу билет;
- ★ үй жаныбарлары (алардын пайдасы, үй жаныбарларын кароодо адамдардын эмгеги жөнүндө) жана жапайы жаныбарлардын жаратылыштагы жашоолору жөнүндө түшүнөт;
- ★ курт-кумурскалардын аталыштары жана алар кантип жылып жүрүшөрү (көпөлөк учат, үлүл сойлойт, чегиртке секирет) тууралуу билет;

★ жыл мезгилдери жөнүндө, жылдын белгилерин билет;
★ изилдөө иштерин жүргүзүүгө жана жөнөкөй акыл корутундусун жасоого жөндөмдүү;
★ өзүн тейлөөдө активдүү жана тамактануу процессин, жашоо ишмердигин процессин уюштурууда улууларга жардам берүүгө умтулат.

**Аткара билет:**

★ топчуларын топчулап, сыдырмасын тартып, боолорун байлай алат, кашык менен вилканы пайдаланат;
★ чоң топчуларды жана шуруларды жипке тизет;
★ карандашты кагаздан албай туруп, так сызат;
★ сүрөттүн контурунан чыкпай, тегиз түз сызыктар менен фигураларга штрих жүргүзөт;
★ сүрөттөрдү четине чыгарбай сызып, боейт;
★ (белгиленген параллелдүү түз сызыктын) четине чыкпастан, ортосу менен сызат;
★ оң жана сол колду айырмалайт.

**Жасай алат:**

★ ар түрдүү эмоционалдык абалын көрсөтө алат;
★ эмоционалдык реакцияларды башкара алат;
★ пайда болгон кырдаалда эмоционалдык жактан актаган жолду табат;
★ жыл мезгилдерин жана анын белгилерин айырмалай билет;
★ шаарды айылдан айырмалай билет;
★ дарактардын (3–4 түрүн) жана бадалдардын (1 түрүн) атайт жана айырмалай билет;
★ козу карындарды жана жемиштерди атайт;
★ жей турган өсүмдүктөрдү жебей турган өсүмдүктөрдөн айырмалайт;
★ группадагы маселелерди чечүү (топтук ишмердиктин көндүмдөрү);
★ сабакта өзүн тура алып жүрүү (толук жооп берүү, тарбиячыга жана балдарга ж. б. суроо бере билүү).

## 5.6.3. ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Максаты:** көптүк, өлчөм, форма, мейкиндик жана мезгилдик мамилелер жөнүндө түшүнүктөрдү өнүктүрүү, балдарды эсептегенге үйрөтүү жана эсеп түшүнүгүн алгачкы калыптандыруу.

**Негизги милдеттери:**

➔ ишмердиктин практикалык түрлөрүндө жана оюндарда объектилерди касиети (формасы, өлчөмү, саны, мейкиндиктеги жайгашуусу) боюнча айырмалоо билгичтигин өнүктүрүү, (туура келүүсүн, аткаруу тартибин аныктоо, бүтүндөн бөлүктү табуу) салыштыруу;

➔ предметтердин формасы, өлчөмү, саны боюнча жөнөкөй көз карандылыгын ачып көрсөтүү жана объектилердин бир-эки белгиси боюнча өзгөрүүлөрүн кароо;

➔ салыштыруу, предметтердин топторун жалпылоо билгичтигин өнүктүрүү, кезектештирүү жана артынан аткаруу мыйзам ченемдүүлүгүн бөлүп көрсөтүү, байланыштыруу, түшүнүктөр планында операцияларды аткаруу, чыгармачылыкка умтулуу;

- ➔ ишмердикте демилгени пайда кылуу, натыйжага жетүүдө жана аткарууда талкуулоо учурунда максатты тактоо жана көрсөтүү;
- ➔ аткарылган кыймыл-аракет жөнүндө айтып берүү билгичтигин өздөштүрүү, практикалык иш-аракеттер боюнча улуу чоң адамдар, улуулар, курбулары менен сүйлөшүү.

Математикалык өнүктүрүүнү билим берүү процессинин башка багыттары (көркөм өнөр, жаратылыш, конструкциялоо) менен **жуурулуштуруу** күн сайын максаттык багыттар аркылуу ишке ашат: тартипке келтирүү (кантип?) – үчтөн биригишет, бою боюнча куурчактарды аныкташат, бадалдын эң узунун издеп табышат (кантип жана эмне үчүн салыштырууга болот?), бөлмө өсүмдүктөрүнүн жалбырактарынын формасын аныкташат (аларды эмне менен салыштырууга болот?). Дидактикалык каражаттар – оюндар, оюн материалдары, көркөм, таанып билүү адабияттары, тажрыйбалар жана эксперименттер – таанып билүүнүн ар кандай түрлөрүн жуурулуштуруу элементтерин өзүнө камтыйт. Өнүктүрүү чөйрөлөрүнүн мазмунун **жуурулуштуруу** педагогикалык ишмердик, сабактарды уюштуруу, ата-энелер жана коомчулуктун мүчөлөрү менен өз ара аракеттенүү аркылуу уланат.

***Сан жана эсеп.*** 5 жаштагы балага көптүк (топ) сапаты жагынан түрдүү предметтерден (ар башка түс, көлөм, өлчөм) турушу мүмкүн экендиги тууралуу түшүнүк берүү керек. Бөлүм, мазмун өзүнө булар боюнча ишти камтыйт:

- көптүктүн курамдык бөлүктөрүн бирдиктүү бүтүн катары айырмалоо;
- катар, биринин артынан бири жайгашкан эки жыйындыны салыштыруу;
- саны боюнча бирдей жана бирдей эместигин аныктап, ар бир топтун элементтерин саноо;
- 5–6га чейин саноо, санын сан жана цифра менен белгилөө (1ден 5, 6га чейин);
- туура эсептөө ыкмаларына ээ болуу: сан атоочторду ирети менен айтуу; ар бир сан атоочту кайра эсептелип жаткан топтогу бир гана предмет менен байланыштыруу; акыркы сан атоочту бардык кайра эсептелген предметтерге байланыштуу кылуу, мисалы: «Бир, эки, үч – баары үч кружка».
- 1–2, 2–2, 2–3, 3–3, 3–4, 4–4, 4–5, 5–5 сандары менен аталган пердметтердин эки тобун салыштыруу;
- аралаш сан катары берүү (эки жана үч, үч жана төрт, төрт жана беш), анда предметтер бири экинчисинин үстүнө коюлуп, эки катар жайгашуусу керек;
- тең эмес топторду эки ыкма менен теңдөө, аз топко бир (жетпеген) предметти кошуу же чоң топтон бир предметти (ашыкчаны) алуу;
- үлгүсү же саны боюнча тиешелүү сандагы предметтерди саноо жана алып коюу;
- сыйпалоо менен предметтердин санын аныктоо; тыбыштарды саноо;
- өзүнүн жана башкалардын кыймылдарын эсептөө, көрсөтүлгөн сан боюнча кыймылды ошол санда аткаруу;
- предметтер бири-биринен ар кандай алыстыкта жайгашып, өлчөмү боюнча айырмаланган учурда барабардыкты (барабарсыздыкты) аныктоо;
- саны предметтин өлчөмүнөн жана алардын мейкиндикте жайгашуусунан көз каранды эместигин түшүнүү.

**Көлөм.** Эки предметти көлөмү боюнча салыштыруу (узундугу, кеңдиги, бийиктиги, калыңдыгы), аларды так биринин үстүнө бирин коюу жана тиркөө билгичтигин өркүндөтүү. Предметтерди көлөмдүн эки белгиси боюнча салыштырууну үйрөтүү (кызыл тасма жашылдан узунураак жана кенен, сары шарф көк шарфтан кыскараак ж.б.). Балдарды

3–5 предметтин ортосунда узундугу, кеңдиги, бийиктиги боюнча өлчөмдүк мамилени аныктоого үйрөтүү: аларды тиешелүү уланмалуулукта – көлөмү кичирейүү же чоңоюу тартибинде жайгаштыруу.

Предметтердин өлчөмдүк мамилелерин катарда белгилөөгө үйрөтүүнү улантуу (Бул мунара – бийик, бул – жапысыраак, бул – дагы жапыс, а бул болсо – эң жапыс). Бала предметтерди салмагы азайган же жогорулаган тартипте коюу менен аларды салмагы боюнча аныктоого үйрөнөт.

***Форма. Геометриялык фигуралар жана көлөмдүү телолор.*** Геометриялык фигуралар (тегерек, квадрат, үч бурчтук) жөнүндөгү балдардын билимдерин бекемдөө. Аларды жаңы геометриялык фигуралар (тик бурчтук, сүйрү тегерек), көлөмдүү тело (шар, куб жана цилиндр) менен тааныштыруу. Сезүү-кыймыл жана көрүү анализинин жардамы менен (бурчтарынын бар же жоктугу, туруктуулугу, кыймылдуулугу ж. б.) фигуралардын өзгөчө белгилерин бөлүп көрсөтүүгө, геометриялык фигуралардын бурчтарын, чокусун жана жактарын атоого жана айырмалоого (тик бурчтук менен квадраттын төрттөн бурчу, төрттөн чокусу жана төрттөн жактары, ал эми үч бурчтукта үч бурчу, үч чокусу жана үч жагы бар; айлана менен сүйрү тегеректе бурчтары жок) үйрөтүү. Фигуралар ар түрдүү өлчөмдө болору жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу. Балдарды предметтердин формасын геометриялык фигураларга байланыштырууга (шар, куб, цилиндр, айлана, квадрат, үч бурчтук, тик бурчтук, узунча тегерек) маанилүү (тарелка – тегерек, жоолук – квадрат, терезе, эшик – тик бурчтук, жарым жоолук – үч бурчтук, күзгү – сүйрү тегерек, топ – шар, бокал – цилиндр ж. б.).

***Мейкиндикте ориентир алуу.*** Өзүнүн денесинин бөлүктөрүн билгендигинин негизинде багытты өзүнөн баштап аныктоо берилген багытта кыймылдоо (алга – артка, оңго – солго, жогору – ылдый), билгичтигин өнүктүрүү; предметтердин өзүнө карата жайгашуусун («стол – менин алдымда», «менин оң жагымда – эшик», «сол жагымда – терезе», «арт жагымда текчелерде – оюнчуктар») сөз менен түшүндүрүү. Мейкиндик мамилелер менен тааныштыруу: алыс – жакын (үй – жакын, ал эми дүкөн – алыс). Кагаздын барагында ориентир алууга үйрөтүү.

***Убакытта ориентир алуу.*** Балдардын сутканын бөлүктөрү, алардын уланмалуулугу жөнүндө (эрте менен, күндүз, кечинде, түн) түшүнүктөрүн кеңейтүү. «Кечээ», «бүгүн», «эртең» деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү. Конкреттүү мисалдар менен «бат – жай» деген түшүнүктөрдү ачып берүү.

**Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө**

- Мектепке чейинки орто курактагы балдардын математикалык тапшырмаларды өздөштүрүүсүнө оюндар жана эсепти өздөштүрүүдөгү өнүктүрүүчү материалдар, формалардын касиеттери жана мамилелери, убактылуу, мейкиндик жана сандык өлчөмдөр түрткү берет. Бул оюндар:
- формасы жана түсү боюнча түзүү жана өзгөртүү: «Уникуб», «Түстүү панно», «Тетрис»;
- тегиздикте жана көлөмдүү моделдештирүү: «Кубиктер», «Чудо-соты», «Танграм», «Сыйкырдуу айлана», «Оюн квадраты», «Жыланча»;
- мааниси боюнча карточкаларды байланыштыруу: пазл менен ойноо, «Бөлүк жана бүтүн», «Түстөр жана формалар», «Сандар жана цифралар»;
- логиканы жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө карата ар түрдүү оюн материалдары (Монтессоринин материалдары) эң сонун туура келет: «кызгылт мунара», «күрөң тепкич», «кызыл штангалар»; бирдей көлөмдөгү жана бирдей түстөгү, ар башка көлөмдөгү жана бир түстөгү топчулардын топтому; жаратылыш материалдары (тобурчак, эмен желуддары, каштандар, жаңгактар, таштар);

➢ түстүү эсеп таякчалары, ширеңкелер же кесилген шпажкалар, кесилген кыска бутактар ж. б.);
➢ геометриялык фигуралар, туурасы жана узундугу ар түрдүү тасмалар.

**Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ үйрөнүлө турган объектилерди угат, байкайт, салыштырат жана классификациялайт;
★ аңгеме түзө алат, математикага байланыштуу мисалдарды келтире алат;
★ математикалык өсүүнүн негиздери жөнүндө билими бар, математикалык терминдерди өздөштүрдү; абстрактык ой жүгүртүүгө шарт түзө алат;
★ күндөлүк жашоодо математикалык билимдерин пайдалана алат;
★ предметтердин тобу кандай бөлүктөрдөн турарын айырмалай алат, алардын негизги мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн атайт (түсү, көлөмү, чоңдугу);
★ бала 5 жашта бардык цифраларды билет (0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9), предметтерди онго чейин эсептеп, керектүү цифра менен предметтердин санын байланыштырат;
★ эки топтун предметтерин өз ара байланышын бирден салыштырат (жуптарды түзөт);
★ ар башка көлөмдөгү (узундугу, туурасы, бийиктиги) 3–5 предметти көбөйгөн (азайган) тартипте жайгаштылат;
★ катардагы ар бир предметтин көлөмү жана ордугу жөнүндө айтып берет;
★ геометриялык фигураларды атайт жана айырмалайт (үч бурчтук, айлана, квадрат, тик бурчтук, сүйрү тегерек); көлөмдүү геометриялык фигураларды (шар, куб, цилиндр), аларга мүнөздүү айырмачылыктарды билет;
★ айланадан тааныш фигураларга жана телолорго окшогон предметтерди табат;
★ өзүнө карата тигил же бул предметтин жайгашуу абалын жана өзүнөн аркы кыймылдын багытын аныктайт (оңго, солго, алга, артка, жогору, төмөн);
★ жакыныраак – алысыраак, жакын – алыс деген сөздөрдүн маанисин билет;
★ оң жана сол жакты айырмалайт;
★ сутканын бөлүктөрүн жана сутканын алмашуусун аныктай алат жана аны кебинде айта алат: бүгүн, кечээ, эртең;
★ батыраак – акырыныраак, бат – жай деген сөздөрдүн маанисин билет;
★ предметтердин санын салыштырып билет, маанисин түшүнөт: көбүрөөк – азыраак, бирдей ж. б.
★ предметтердин бирдей эмес топторун бирдей кылуу: бир предметти саны аз топко кошуу

## 5.6.4. «КОНСТРУКЦИЯЛОО»

**Максаты:** конструкциялоого кызыктырууну өнүктүрүү. Курулуштарды, сүрөттөрдү, жөнөкөй чиймелерди талдоого үйрөтүү, негизги бөлүктөрүн, функционалдык багытын бөлүп көрсөтүү.

### Негизги милдеттери:

- ➔ балдардын көңүлүн бала бакчанын тегерегиндеги түрдүү имараттарга жана курулуштарга топтоо;
- ➔ сейилдөөгө чыкканда, ойноп жаткан процессте балдар менен биргеликте машиналарды, арабаларды, автобустарды жана транспорттун башка түрлөрүн карап, аларды бөлүктөргө бөлүп, алардын формасын атап жана эң чоң бөлүгүнө карата жайгашуусун айтуу;
- ➔ балдарда курулуш деталдарын атап жана айырмалай билүү жөндөмүн өнүктүрүүнү улантуу (куб, пластина, кирпич, устун); конструктивдүү касиеттерин (туруктуулугу, көлөмү, чоңдугу) эске алуу менен, аларды пайдаланууга үйрөтүү;
- ➔ балдар кандай окшош курулуштарды көргөндөрүн эстөөнү сунуштап, ассоциациялык байланыштарды аныктоо билгичтигин өнүктүрүү;
- ➔ курулуштун үлгүлөрүн анализдөөнү үйрөтүү: негизги бөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү, аларды көлөмү жана өлчөмү боюнча айырмалоо жана окшоштуруу, бул бөлүктөрдүн бири бирине карата мейкиндикте жайгашуусун аныктоо (үйдө – дубалдар, үстү – жабылган чатыр; машинада – кабина, кузов ж.б.);
- ➔ өз алдынча курулушту өлчөөнү үйрөтүү (бийиктиги, узундугу жана туурасы боюнча), тарбиячы тарабынан берилген контрукциянын принциптерин сактоо («Ушундай эле, анча бийик эмес үй кур»);
- ➔ ири жана майда курулуш материалдарынан жана конструктор ЛЕГОдон курулушту жасалгалоо жана түзүү үчүн ар түрдүү түстүү деталдарын пайдаланып, курулушту курууну үйрөтүү;
- ➔ кагаздан конструкциялоого окутуу: тик бурчтуу баракты ортосунан бүктөп, жактарын жана бурчтарын бириктирүү (альбом, желекчелер, куттуктоо открыткалары), деталдын негизги формасына чаптоо (үйгө – терезе, эшиктер, трубалар; автобуска – дөңгөлөктөр; отургучка – жөлөнгүчтөр);
- ➔ балдарды жаратылыш материалдарынан майда-чүйдө буюмдарды даярдоого тартуу: кабыктар, бутактар, жалбырактар, тобурчактар, каштандар, жаңгактын кабыктары, самандар (кайыкчалар, кирпилер ж.б.). Бөлүктөрдү бышыктоо үчүн желим, пластилинди пайдаланууга үйрөтүү; майда-чүйдө буюмдарга ар түрдүү көлөмдөгү чыгырыктарды жана коробкаларды жана башка буюмдарды пайдаланса болот.

### Конструкциялоо боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балада:**

- ★ чыгармачылык, ойлоп табуучулук өнүгөт;
- ★ курулуштарды, майда-чүйдө буюмдарды жасалгалоодо элементтердин гармониялык биригүүсүндө эстетикалык табит калыптанат;
- ★ курулуучу объектилер, курулушка, техникаларды, предметтерди, буюмдарды курууга байланыштуу адамдардын ишмердиги тууралуу түшүнүктөрү жана билимдери кеңеет;
- ★ мейкиндикте ориентир алуу көндүмдөрү өнүгөт (алдында, артында, ичинде ж.б.);
- ★ курулуш деталдары, алардын аталыштары жана касиеттери жөнүндө түшүнүктөр калыптанат (көлөмү, чоңдугу, туруктуулугу, бириктирүү, бекемдөө жолдору);
- ★ сүрөттөрдү, конструкцияларды, курулуштарды анализдөөнү үйрөнүшөт; жекече жана биригип ойлонулган курулуштарды түзүшөт жана алар менен ойношот;

аларды ар түрдүү параметрлер боюнча кайта курушат, оозеки түшүндүрүп курат;

★ конструктивдик көндүмдөр өнүктүрүлөт (деталдарды аралаштырат, формасы боюнча айкалыштырат, алар менен эксперимент жүргүзүп, бекемдеп, көрсөтүп, коюп, ар башкача бириктирет);

★ жөнөкөй оюнчуктарды жасоону үйрөнөт; кагаз баракты жарымынан бүктөп жана кагаздын элементтеринен кесилгендерди жабдып, жөнөкөй жалпак оюнчуктарды даярдоого көнүгүшөт;

★ тик бурчтуу барактын кагазын жарымынан бүктөөгө үйрөнүшөт;

★ тегиздиктеги конструкциялоо менен машыгышат (геометриялык мозаика);

★ жарабаган (коробкалардан) жана жаратылыш материалдарынан майда-барат буюмдарды жасоого машыгышат;

★ кайчыны, желимди пайдаланганды үйрөнүшөт.

## 5.6.5. КӨРКӨМ АДАБИЯТ

4төн 5 жашка чейинки балдарда (жашоонун бешинчи жылы) организмдин интенсивдүү өнүгүүсү жүрөт. Өзүнүн иш-аракетин пландаштыруу билгичтиги пайда болот жана өнүктүрүлөт, натыйжага жетүүнүн ыкмалары жана аракеттин максаттарын камтыган атайын пикирди түзүшөт жана ишке ашырышат.

Бул куракта байланыш кеби активдүү өнүгөт, балдар анча чоң эмес адабий чыгармаларды айтып бере алышат, оюнчугу, сүрөттөр, жеке жашоосундагы окуялар жөнүндө айтып беришет. Өзүнүн жүрүм-турумун досторунун жүрүм-турумдары менен салыштырып, алардын жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баалоого жөндөмдүү болушат.

Өтө эле ачык көркөм каражаттарды, ырлардын ритмдерин кармай алышат, ырларды, прозаларды жана табышмактарды, кыргыз элинин жашылчалар, тамактар жөнүндө А. Карасартовдун табышмактарын билишет жана эстеп калышат. Бала 4–5 жашында эле көркөм чыгармалар типтүү мүнөздөгү көрүнүштөрдү чагылдырарын түшүнүшөт.

**Педагогдун окуп берүүсү – балдарды көркөм адабиятты сүйүүгө үйрөтүүдөгү эң бир жайылтылган метод болуп эсептелет.** Балдарда практикалык көндүмдөр калыптанат: ырларды окуй алат, жомокторду айтат, мазмунуна жараша интонацияларды өзгөртө алат, катышкан жактардын диалогдорун эмоционалдуу айта алат.

Педагог үй-бүлө менен өнөктөштүктө баланын гендердик таандыктыгын эске алуу менен анда окуу маданиятын өнүктүрүү үчүн түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Мектепке чейинки куракта ***бактылуу үй-бүлөнүн*** образын көркөм адабияттар жана балдардын тажрыйбасын пайдалануучу аңгемелешүүлөрдүн жардамы менен калыптандырууга болот (бактылуу үй-бүлө – бул баары бири бирине кам көргөн, ынтымактуу үй-бүлө).

**Максаты:** балдардын кебин өстүрүүнү, активдүү жана пассивдүү сөз байлыгын байытууну, кебинде чыгармалардагы көркөм каражаттарды колдонууну, окуу маданиятын өнүктүрүүнү улантуу.

**Негизги милдеттер:**

➔ балдардын адабиятка кызыгуусун тереңдетүү, улуулар менен биргеликте жана өз алдынча ишмердигинде китеп менен дайыма мамиле курууга каалоосун тарбиялоо;

- ➔ фольклордун түрдүү жанрлары (жомоктор, аңгемелер, макалдатып айтуулар, калптар, ырлар ж. б.) менен «окуучулук» тажрыйбасын кеңейтүү (угуу тажрыйбасы). Текстти толугу менен кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүү, каармандардын башкы мүнөзүн түшүнүү, алардын жүрүм-турумдарынын татаал эмес мотивдери, чыгарманын жалпы маанайын жана тексттин эмоционалдуулугун сезе билүү;
- ➔ адабий чыгармалардын негизинде көркөм-кептик ишмердик билгичтигин өнүктүрүү: жомокторду жана аңгемелерди айтып берүү, көңүлдүү ыларды жана макалдатып айтууларды, ырларды көркөм айтуу, поэтикалык рифмаларды ойлоп табуу, кыска табышмактар, үн коштоп, көркөм тексттин негизинде рифмалар жана сөздөр менен адабий оюндарга катышуу;
- ➔ көркөм ишмердиктин бардык түрлөрүндө окуяларды жана адабияттардагы каармандарды, угулган чыгармалар жөнүндө өздөрүнүн ойлорун чагылдырууну каалаган балдарды колдоо: сүрөттөрдө, фигураларды даярдоодо, оюн-драмаларда ж. б.;
- ➔ адабий чыгармалар аркылуу балдарда «эр жүрөктүүлүктү», кыздарда «назиктикти» калыптандыруу, ошону менен бирге балдарда лидерлик сапат, бири-бирине өз ара жардамдашуу; турмушта бардык жерде эмгекчилдер, өзүнө ишенүүчүлүк, жоопкерчиликтүү, чечим кабыл алууга жөндөмдүүлөр керектигин көрсөтүү.

Балдарды өнүктүрүүдөгү тапшырмаларды өздөштүрүү педагог тарабынан уюштурулган ишмердиктин биргелешкен түрлөрүндө (өнүктүрүүчү, көркөм тексттин негизинде чыгармачыл-оюн кырдаалында, адабий көңүл ачууларда, театрлашкан оюндарда), ошондой эле тааныш фольклордук жана адабий тексттердин негизинде театрлашкан жана көркөм ишмердикти, көркөм кепти, өз алдынча адабиятты активдештирүү үчүн предметтик өнүктүрүүчү чөйрөнү уюштуруу каражаттары аркылуу ишке ашат. Балдарга эмоционалдык таасирди күчөтүү үчүн музыканы угуу менен адабий тексттерди окууну айкалыштыруу же шуулдактар менен коштоо маанилүү (мисалы, шамалдын шуулдаганы – кагаздан жасалган баш кийимдин шуудураганы, күн нурунун жылышы – металлофонго акырын уруу, арыктагы суунун шылдыраганы – суусу бар бөтөлкөнүн чайпалуусу ж. б.).

### Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Текст менен максаттуу таанышуу орду ***китеп бурчу, көркөм чыгармачыл-ишмердик борбору, «китепкана» борбору*** болгону маанилүү, анда китептер мектепке чейинкилер үчүн театрлашкан, көркөм жана музыкалык ишмердиктин атрибуттары менен толукталат, ал фольклордук жана адабий чыгармалардын негизинде чыгармачылык көрүнүштөрдү өнүктүрүүнү камсыз кылат. Бул борборду жакшы жарык болгон, тынч, жайлуу, ыңгайлуу креслосу, диваны, төшөктөрү бар жерге жайгаштыруу керек.

Предметтик-мейкиндик чөйрөсү ошондой эле гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, өз алдынча ишмердиктин негизи болуп саналат.

Балдар үчүн коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу жана конкреттүү окуу муктаждыктарын эске алуу менен анын формасын өзгөртүп, педагог балдардын кызматташып иштей алуусуна, ар түрдүү сабактарга катышуусуна жана тапшырмаларды аткаруусуна түрткү берет. Бул учурда педагогдун ролу балдардын жана кыздардын алдында чөйрөнүн мүмкүнчүлүгүнүн бардык спектрын ачууга жана алардын гендердик жана жекече өзгөчөлүгүн, ар бир баланын муктаждыгын эске алып, өзүнчө элементтерди пайдаланууга күчтү жумшоодо болот.

4–5 жаштагы балдардын адабий өнүгүүсүнүн **негизги методдору** төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- улуу кишинин окуусу (айтып берүүсү);
- кайра айтып берүү;
- картина менен аңгеме, оюнчук тууралуу сыпаттама аңгеме ж. б. түзүү;
- ар түрдүү топтогу суроолор менен кийинки аңгемелешүү;
- сүрөттөрдү кароо;
- театрлашкан оюндар.

**Көркөм адабият боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ көңүл коюп кызыгуу менен окуп бергенди жана айтып бергенди угат, чоң адамдын адабий чыгарманы окуп берүүсүн суранат;

★ чыгарманы көңүл коюп талкуулайт, окуяларга жана каармандарга өзүнүн мамилесин билгизет;

★ мазмуну боюнча суроолорго жооп берет, себеп байланыштарын аныктайт, каармандарды айтып, аларга эң жөнөкөй баа берет;

★ тааныш жана кайрадан окуган жомокторду жана аңгемелерди айтып берет, макалдаткан сөздөрдү, ырларды көркөм айтат, кыска баяндоо түрүндөгү табышмактарды ойлоп табат;

★ тыбышты туураган жана уйкаштык оюндарга активдүү катышат;

★ адабий чыгармалардын жана фольклордун негизинде чыгармачыл көркөм ишмердиктин бардык түрлөрүнө активдүү жана чын көңүлү менен катышат: иллюстрацияларды тартат, фигураларды ийлеп жасайт, каармандардын кызыктуу образдарын түзүп, театрлашкан оюндарга катышат.



## 5.6.6. МУЗЫКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Мектепке чейинки ортоңку топто өз алдынчалуулугунун өскөндүгүнө жана музыкалык тажрыйбанын чогулгандыгына байланыштуу бала бий, ырдоо, инструменттик ишмердиктин активдүү катышуучусу болуп калат. Балдардын музыкалык ишмердигин уюштуруунун шарттары көркөм жана эмоционалдык компоненттердин биримдигин камсыз кылышы керек.

### Максаты:

Балдардын музыкалык жөндөмүн, музыканы эмоционалдуу кабыл алуу жөндөмүн, балдарды ырдоо жана музыкалык-ритмикалык билгичтик менен көндүмдөргө үйрөтүү, музыкалык-көркөм ишмердикти өнүктүрүү, музыканын жардамы менен өзүнүн маанайын, өзү жөнүндө билдирүү жана мамиле кылуу билгичтигин өнүктүрүү.

Беш жаштагы балдар музыкага эмоционалдык көңүл коюучулукту көрсөтүшөт, музыканын контрасттык маанайын айырмалашат, музыкалык чыгарманын мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт. Аларда анча көп болбосо дагы угуу тажрыйбасы чогулат, музыканы жогору баалоо байкалат, музыка-угуучулардын маданиятынын негизи салынат.

Түшүнүү процессинде балдар алаксыбастан, музыкалык чыгарманы башынан аягына чейин угушат.

***Түшүнүүнү дифференциялоо өнүгөт:*** балдар айрым көркөм каражаттарды бөлүп көрсөтүшөт (темп, динамика, регистр), жөнөкөй марш, бий, бешик – жанрларын айырмалай башташат. Музыкалык ишмердик процессинде негизги музыкалык жөндөмдүүлүктөр активдүү өнүгөт (музыкага эмоционалдык мамиле болуп эсептелген алакан менен сезүү, ритмди сезүү).

***Музыкалык-сенсордук жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү улантылат:*** балдар бийиктиги, динамикасы, узактыгы, тембри боюнча (тааныш музыкалык аспаптарды салыштырууда) контрасттык үндөрдү айырмалашат.

Аткаруучулук музыкалык ишмердиктин тажрыйбасы топтолот. Музыкалык аткаруучулуктун бардык түрлөрү активдүүрөк өнүгө баштайт. Балдар бара-бара ырда, ритмикада, элементардык музыкалык аспаптарда ойноодо аткаруучулук көндүмдөрүнө ээ болушат. Үндүк жана дем алуу аппараттары өсөт жана өнүктүрүлөт. Балдар улуулар аткарган ырларды көңүл коюп угушат жана улуулар менен чогуу, өзүнчө эмоционалдык мамилесин билдирип ырдоого каалоосу пайда болот. Аларда туруктуу ырдоо көндүмдөрү турукташа баштайт, сүйүктүү ырлары пайда болот. Таяныч-кыймылдаткыч аппаратынын өнүккөндүгүнө байланыштуу музыканын алдында кыймылдоосу ритмдүү жана шайкеш боло баштайт.

Балдар мейкиндикте жакшы ориентир алып, музыканын коштоосунда ишенимдүү жана таасирдүүрөөк, мүнөзү боюнча адекваттуу жана музыкалык чыгарманын өзгөчөлүгү боюнча таасирдүү боло баштайт.

Балдар кыймылдын жардамы менен динамикадагы, темптеги, регистрдеги өзгөрүүлөрдү берүүгө жөндөмдүү боло баштайт. Балдардын бий жанры жөнүндө түшүнүктөрү кеңеет, бий кыймылдарынын запасы көбөйөт.

Сюжеттүү оюндарда пайдаланылган образдык-оюндардын кыймылдары таасирдүүрөк жана салмактуурак боло баштайт.

Балдардын ырдоодо, оюндарда, эркин бийлөөдө чыгармачылык менен өзүн көрсөтүүсү байкалат. Балдардын музыкалык аспаптарга кызыгуусу турукташа баштайт. Элементардык музыкалык аспаптар жөнүндө түшүнүктөрүнүн запасы көбөйөт, аларда ойноо көндүмдөрү өнүгө баштайт. Балдар чын көңүлү менен музыкалык ишмердиктин бардык түрлөрүнө жана формаларына (өз алдынча музыкалык ишмердикке, майрамдарга, көңүл ачууларга) катыша башташат.

**Милдеттери:**

**Угуу**

- ➔ балдарда музыкага кызыгууну, аны угууну каалоону өнүктүрүүнү улантуу;
- ➔ музыкадагы жанрлар (ыр, бий, марш) жөнүндө билимди бышыктоо;
- ➔ музыкадан алган таасирлерди байытуу, музыкага түшүнүп жасалган мамиле, музыкалык маданияттын негизин андан ары өнүктүрүүгө жардам берүү;
- ➔ музыканы угуу маданиятынын көндүмдөрүн калыптандыруу (чыгарманы алаксыбай аягына чейин угуу);
- ➔ музыканын мүнөзүн сезүү билгичтигин өнүктүрүү, тааныш чыгармаларды таануу, угулгандар жөнүндө өзүнүн ой пикирин айтуу;

- музыкалык чыгармалардын көркөм каражаттарын таануу билгичтигин калыптандыруу (акырын, катуу, жай, бат);
- тыбыштарды бийиктиги боюнча (бийик, секстанын чегинде төмөн, септиманын) айырмалоо жөндөмүн өнүктүрүү.

***Ырдоо:***

- көркөм ырдоонун көндүмдөрүн калыптандыруу, макулдашып, кыймылдуу, созуп ырдоо билгичтигин (биринчи октаванын ре – си чегинде);
- кыска музыкалык фразалардын ортосунда дем ала билүү билгичтигин өнүктүрүү;
- обонду таза ырдоого, фразалардын бүтүшүн жумшартуу, сөздөрдү так айтуу, музыкага мүнөздөмө берип, көркөм ырдоого шыктандыруу;
- аспап жана ал жок (педагогдун жардамы менен) ырдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

***Ыр чыгармачылыгы:***

- балдарды өз алдынча бешик ырынын обондорун түзүүгө, музыкалык суроолорго жооп берүүгө («Сенин атың ким?», «Мышык, сен эмне каалайсың?», «Сен, кайдасың?») шыктандыруу, берилген текстке обонду импровизациялоо билгичтигин калыптандыруу.

***Музыкалык-ритмикалык кыймыл:***

- музыканын мүнөзүнө ылайык балдарда ритмикалык кыймылдын көндүмдөрүн калыптандыруу, музыканын эки же үч бөлүктүү формасына ылайык кыймылды өз алдынча өзгөртүүнү улантуу;
- бий кыймылдарын өркүндөтүү: түз текирең-таскак, пружинка, жалгыз жана жуп болуп тегеренүү;
- тегеренип бийлөөдө жана кол кармашып жуп болуп бийлөөдө, буттун учу жана согончогу менен туруу, колдун алакандарын ритмдүү чабуу, жөнөкөй кайра курууларды аткаруу (тегеректен чачырап, жана тескерисинче), ордунан секирүү;
- негизги кыймылдардын көндүмдөрүн өркүндөтүүнү улантуу («салтанаттуу» басуу, тынч, «сырдуу»; жеңил жана умтулуп чуркоо).

***Бий-оюн чыгармачылыгын өнүктүрүү:***

- бий-оюн көнүгүүлөрүн (жалбырактар айланат, кар бүртүкчөлөрү түшүп жатат) эмоционалдуу-образдуу аткарууну өнүктүрүү жана мимика жана пантомимолорду пайдаланып, сценаларды аткарууга (көңүлдүү жана капалуу коен, айлакер түлкү, ачуулуу карышкыр ж. б.) түрткү берүү;
- анча чоң эмес спектаклдерди коюу жана ырларды инсценировать этүү билгичтигин өнүктүрүү.

***Балдардын музыкалык аспаптарында ойноо:***

- жөнөкөй обондорду жыгач кашыктарда, шылдырактарда, барабанда, металлофондо ойноо билгичтигин калыптандыруу.

***Театрлашкан оюндар:***

- балдарда театрлашкан оюн ишмердигине кызыгууну өнүктүрүү;
- тааныш адабий сюжеттер боюнча, көркөм каражаттарды пайдаланып (интонация, мимика, жест), анча татаал эмес оюндарды ойноону үйрөтүү.

*Көңүл ачуулар:*

- эмоционалдуу жакшынакай жагдайды түзүү;
- таанып-билүүчү көңүл ачууларга кызыгууну өнүктүрүү;
- балдарды көңүл ачуунун бардык түрлөрүнө даярдануу процессине балдарды тартуу;
- куурчак спектаклине, музыкалык жана адабий композицияларга, концерттерге катышууга каалоосун калыптандыруу;
- спорттук жана оюн мелдештерин ж. б. уюштуруу;
- кызыктуу жана мазмундуу жумуш менен алектенүүнү калыптандыруу жөнүндө кам көрүү;
- бири бирине жана улууларга жакшы мамиле кылууну тарбиялоо;
- көркөм маданиятка, эстетикалык-эмоционалдык чыгармачылыкка тартуу, патриоттук жана нравалык тарбияны ишке ашыруу.

*Майрамдар:*

- балдарды майрамдык маданий иштерге тартууну улантуу;
- майрамдарда чыгып катышууга каалоосун жана умтулуусун тарбиялоо;
- өлкөдө, үй-бүлөдө, бала бакчада болуп жаткан окуяларга катыштыгы барын сезүүсүн калыптандыруу;
- Мекенге, жакын адамдарына сүйүүсүн тарбиялоо;
- майрамдык иш-чараларды, Кыргызстандын көз карандысыздык күнү, Мекенди коргоочулардын күнү, Кыргыз тили күнү, Нооруз, Жаңы жыл, 8-март, жазында жана күзүндө элдик календарь боюнча майрамдарды уюштуруу.

Ортоңку топтогу балдар жетишерлик музыкалык тажрыйбага ээ болушат, анын натыйжасында музыкалык ишмердиктин ар кандай түрүнө: угуу, ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймыл, музыкалык аспаптарда ойноо жана чыгармачылыкка активдүү катышышат.

**Предмет*тик* өнүктүрүүчү чөйрө:**

- шатыча – үч тепкич;
- аспаптар: металлофон, шылдырактар, коңгуроолор, чимириктер, музыкалык коробкалар, балкалар, бардык үн чыгарган аспаптар;
- ичинде даны бар киндерлер;
- такылдатканда ар башка үн чыгарган дарактын ар башка бутактары;
- столдогу музыкалык-дидактикалык оюндар;
- үн чыгарган коробкалар (ичинде даны, куму, шариктери бар кутулар);
- магнитофон;
- балдар ырлары жазылган кассеталар жана дисктердин топтому;
- ыр китепчелер;
- жараксыз материалдардан аспаптар: түрдүү көлөмдөгү суусу бар бөтөлкөлөр, ар нерселер менен толтурулган баночкалар, башка үн чыгарган сенсордук предэталондор.

**Музыкалык өнүгүү боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

- ★ музыкалык чыгармаларды көңүл коюп угат, анын мүнөзүн сезет; өзүнүн сезимдерин сөздөр, сүрөттөр, кыймылдар менен билдирет;
- ★ ырларды обону аркылуу тааныйт;
- ★ үндү бийиктиги боюнча айырмалайт (householdсексты-септимы чегинде);
- ★ созуп ырдап, сөздөрдү так айтат; ырды бирдей баштап, бирдей бүтөт;
- ★ музыканын мүнөзүнө жооп берүүчү кыймылдарды аткаруу, аларды музыкалык чыгарманын эки бөлүктүү формасына ылайык өз алдынча бөлөт;
- ★ бий кыймылдарын аткарат (пружинка, ордунан секирүү, айланып жуп болуп бийлөө, жуп болуп жана бирден айлануу);
- ★ предметтер менен кыймылдарды аткарат (куурчактар, оюнчуктар, бантиктер);
- ★ ырларды, тегеренип ырдаган ырларды инсценировкалайт (тарбиячы менен биргеликте);
- ★ металлофондо бир үн менен жөнөкөй музыкаларды ойнойт.

## 5.6.7. КӨРКӨМ ӨНӨР (СҮРӨТ, ИЙЛЕП ЧАПТОО, АППЛИКАЦИЯ)

**Көркөм өнөрдүн максаты** балдарды көркөм искусствого тартуу, балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү.

**Негизги милдеттери:**

- ➔ эмоционалдык-эстетикалык сезимдерин тарбиялоо, предметтердеги жана көрүнүштөрдөгү пайда болгон жакшы нерселерге жооп берүү билгичтигин калыптандыруу, курчап турган дүйнөнүн коозлугун сезе билүү;
- ➔ предметтер жана көрүнүштөрдүн жеткиликтүүлүгү жөнүндө образдуу түшүнүктөрдү калыптандыруу, аларды жеке ишмердигинде тартып көрсөтүү билгичтигин өнүктүрүү.
- ➔ искусство чыгармаларын көркөм кабыл алууну өнүктүрүү, тартылгандарга эмоционалдуу мамиле кылуу;
- ➔ көркөм өнөр, декоративдик, конструктивдик ишмердик боюнча көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандыруу;
- ➔ балдардын чыгармачылык процесске жеке көз карашын, ой толгоолорун ишке ашырууну каалоосун колдоо.

### СҮРӨТ

**Милдеттери:**

- ➔ негизги түстөр боюнча балдардын билимин бышыктоо;
- ➔ кошумча түстөр менен тааныштыруу;
- ➔ түстөрдүн айкалышын пайдаланууну үйрөтүү;
- ➔ предметтердин квадрат, айлана, сүйрү тегерек жана үч бурчтук формалары жөнүндө билимдерин бекемдөө жана аларды ар түрдүү материалдарда чагылдыруу;

- ➔ көлөмдүү формалар менен тааныштыруу: шар, куб, цилиндр, кирпичтер, пластиналар, төрт кырдуу нерселер;
- ➔ өз ара байланыштагы бөлүктөрдө жайгашкан, маанилүү мүнөздөгү белгилери бар предметтерди тартууда анын формасын берүүнү үйрөтүү; түзгөн образ менен колдун кыймылын дал келтирүү (жеңил, салмактуу, шилтем, күч менен басуу);
- ➔ кууш жана кенен сызыктарды, тилкелерди (жалпагынан же кистинин учу менен) ишенимдүү жүргүзүү, айлананы, чекитти, жааны, трилистникти тартуу,
- ➔ карандашты, кистини, фломастерди, түстүү жана саргыч борду туура кармоо; сүрөт тартууда колдун эркин кыймылдатуу; контурдун сыртына чыгарбай сүрөттөрдү боео;
- ➔ симметрияны сактап, тилкелерге, айланага, квадратка саймаларды түшүрүү.

## АППЛИКАЦИЯ

**Милдеттери:**

- ➔ бир канча бөлүктөрдөн предметтерди куруу билгичтигин өнүктүрүү;
- ➔ саймага бир канча формаларды (10–12) жайгаштырууну үйрөтүү;
- ➔ контраст боюнча түстөрдү айырмалоого үйрөтүү, түстү сезүүнү өнүктүрүү;
- ➔ көлөмү боюнча формаларын ажырата алуу билгичтигин өнүктүрүү жана чоң жана кичине формаларды пайдалануу;
- ➔ тегиз формалар менен тааныштыруу: айлана, тик бурчтук, сүйрү тегерек жана үч бурчтук;
- ➔ түз жана тегерек сызыктар боюнча (кыска жана узун) кесип алуу көндүмдөрүн өздөштүрүү жана диагоналы боюнча квадратты кесе билүү (чатыр, парус), тик бурчтуктун бурчун кесүү (кайыкча), кыйшык кесүү (балаты, ракета), квадраттан тегерек форманы кесип алуу (помидор, алма, дөңгөлөк, тарелкалар);
- ➔ үзүлгөн аппликациянын техникасы менен тааныштыруу, салттуу эмес техникаларды жана материалдарды (туз, тыбыт, канаттар, кырындылар, кабыктар, саман, салфеткалар) пайдаланууну үйрөтүү;
- ➔ бөлүкчөлөрдү тыкан кесип, аны чаптоо, аларды негизги нерсеге тыкан жабыштыруу, бекитүү үчүн башка материалдарды пайдалануу.

## ИЙЛЕП ЧАПТОО

**Милдеттери:**

- ➔ ийлеп чаптоо сабактарына туруктуу кызыгууну тарбиялоо;
- ➔ колдорунун кыймылдарынын координациясын, ой-жүгүртүүнүн жана элестөөнүн активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- ➔ колдун бардык манжалары жана бармактары менен ийлеп чаптоо;
- ➔ предметтердин көлөмү жөнүндө, алардын түзүлүштөрү, бөлүктөрдүн бири бирине дал келиши жана майда бөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн тактоо;
- ➔ сенсомотордук көндүмдөрүн өнүктүрүү: майда моторика, сезип кабыл алуу, көрүп кабыл алуунун курчтугу, кыймылдын координациясы;
- ➔ ийлеп чаптоонун ыкмаларын пайдалануу билгичтигин өнүктүрүү: бүтүндөн кесиндилерди алып чыгуу, кармап көрүү (кулактарын, тумшугун), форманы алыш үчүн (табак, ваза) шарды, цилиндрди басып көрүп, кысып жана кыпчып, манжаларынын

сырты менен сылап бөлүктөрдү бириктирүү; ишти скульптордун таягынын (стек), бириктирмелердин (налеп), үрөндөрдүн, крупалардын, шурулардын жардамы менен коолдоо.

Орто топтогу педагогикалык процесс ишмердиктин бардык түрлөрүндө элестетип көрүүлөрдү түзүү ыкмаларын жана искусствонун бардык түрлөрүнө катышуу каражаты менен көркөм-эстетикалык кабыл алууну өнүктүрүүгө багытталган. Билим берүү кырдаалдарында жана күнүмдүк ишмердикте айлана-чөйрөгө сулуулукту пайда кылууга кызыгууну чакыруу, балдардын сүрөт тартууну, ийлеп чаптоону, курууну каалоосун колдоо, оюнда ишмердиктин продуктысын пайдалануу зарыл.

**Бул методдорду жана ыкмаларды** пайдалануу максатка ылайык:

- ***Түрдүү көркөм материалдар менен эксперимент жүргүзүү:*** алакандын изин эмнеге айлантса болот?, алчанын согу, помада менен сүрөт тартса болобу?, гуаш менен тартылган сүрөттү түстүү фломастер менен тартып бүтүп, сүрөткө аппликациянын элементтерин кошумчалоо, пластилин менен «сүрөт тартуу»; аппликацияга ар түрдүү салттуу техникаларды (кебез шариктер, бырышкан кагаздын кесиндилери, туз, кум, крупалар, конфеттер), сүрөт тартууда (алакандын изи, манжалар, буттун манжалары, картошканын сүрөтү, жалбырактар, кляксография, кулак тазалоо таякчаларын, губкаларды пайдалануу, шам, самын көбүкчөлөрү менен сүрөт тартуу), ийлеп чаптоодо (чопо, туздалган камыр, ар түрдүү фактурадагы пластилин) пайдалануу.
- Балдар кызыккан ар түрдүү ***оюн ыкмалары*** оюндун жемиштүү ишмердигине өтүүгө жана натыйжаларды утуп алууну активдештирет.
- ***Стол – басма оюндары*** («Элдик кол өнөрчүлүк», «Форманы тап», «Түстү тanda»), оюндар жана көнүгүүлөр («Тартылып бүтпөгөн сүрөттөр», «Оймолорду иретте», «Эмнеге окшош?»).
- Ар түрдүү эстетикалык көңүл бурдура турган предметтерди, дубалга тартылган сүрөттөрдүн элементтери, ошондой эле алардын жардамы менен өнүктүрүүчү чөйрөнү курууну ***карап чыгуу, талкуулоо, утуп алуу.***
- Сенсордук тажрыйбаны байытууга көмөк берүүчү ***көнүгүүлөр жана тажрыйбалар,*** изилдөө аракеттерин, аналитикалык билгичтиктерди, сенсордук эталондорду өздөштүрүүнү өнүктүрүү.
- ***Ишмердиктин түрлөрүн жуурулуштурууну жана искусствонун синтезин пайдалануу*** – сүрөт боюнча аңгеме түзүү, сюжетти аткаруу, музыкалык коштоону, образга үндөрдү тандоо.

**Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө:**

- көркөм чыгармачылык борбору жеткиликтүү жана эстетикалуу жасалгаланышы керек;
- жабдылган болушу (оюнчуктар, элдик кол өнөрчүлүктүн предметтери менен);
- сүрөт тартуу, ийлеп чаптоо, аппликация үчүн жабдылган (ар түрдүү түстөгү, фактурадагы, калыңдыктагы кагаздын барактары, альбомдор, кыл калемдер, боектор, карандаштар, фломастерлер, түстүү борлор, саргыч борлор, пластилин, пластилин массасы, сүрөт тартуу үчүн тактайлар, мольберттер, пластилин менен иштөөдө алдына койгучтар, суу үчүн банкалар ж.б.);
- сүрөт тартуунун ар түрдүү техникаларынын үлгүлөрү менен камсыз болгон;

- ➢ чыгармачылык тапшырмалар бар балдар журналдарынын, боемолордун варианттары «жарым даяр материалдар», «бүтпөгөн композициялар»;
- ➢ китептик графика, живопистин иллюстрациясы: натюрморт, пейзаж, портрет; скульптуранын кичинекей формалары.

### Көркөм өнөр боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлгөн натыйжалар:

**Балдар:**

### Сүрөт тартууда

- ★ предметтерди жана көрүнүштөрдү тартууда, так формаларды түзүүдө көркөм ыкмаларды берүү билгичтигин пайдаланып, түстүү материалдарды, түстөрдү тандап, тыкан боей алат: карандаштар, боектор (гуашь), фломастерлер, түстүү майлуу борлор ж.б.;
- ★ сюжеттин мазмунуна ылайык баракка жайгаштырып, бир канча сүрөттөрдүн предметтерин бириктирип, анча татаал эмес сюжетти бере алат;
- ★ дымковдук жана филимоновдук дубалга тартылган сүрөттөргө кыргыз прикладдык искусствосунун элементтери менен оюнчуктардын элестерин жасалгалап түшүрө алат.

### Ийлеп чаптоодо

- ★ Ар түрдүү предметтердин жана оюнчуктардын образын түзүп, алардын коллективдүү композициясын бириктирет; өздөштүрүлгөн ыкмалардын бардык көп түрдүүлүгүн пайдаланат.

### Аппликациялоодо:

- ★ түз, диагонал боюнча (квадрат, тик бурчтук) кесүү, кайчыны түз кармоо, квадраттан тегерек кесүү, жай салмак менен кесип, бурчтарын тегеректайт;
- ★ бир канча бөлүктөрдөн турган предметтердин сүрөттөрүн тыкан жабыштырат;
- ★ предметтин түсүнө ылайык же каалоосу боюнча түстөрдү тандайт;
- ★ геометриялык фигуралардан жана өсүүчү формалардан оймолорду түзөт.

## 5.6.8. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия

Дене өсүүсү сабагы үчүн өнүктүрүү чөйрөлөрүн жана «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият», «ЖМТК», «Музыка», «Айлана-чөйрө менен таанышуу», «Көркөм өнөр» сабактары менен **жуурулуштуруу** максатка ылайыктуу. Жуурулуштуруу сенсордук эталондорду, коопсуз жүрүм-турум эрежелерин, социалдык тажрыйбаны, кептик билгичтерди, жомок каармандарынын кыймыл аракеттерин, ар түрдүү образдарды тууроо, адам жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүүнү өздөштүрүүдөн турушу мүмкүн.

### Негизги милдеттер

- ➔ Балдардын гармониялуу физикалык өсүүсүнө жардам көрсөтүү.
- ➔ Кыймыл тажрыйбасын түзүүгө жана байытууга түрткү берүү:
  - жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн техникаларынын негизги элементтерин, негизги кыймылдарды, спорттук көнүгүүлөрдү активдүү, ишенимдүү аткаруу;
  - кыймылдуу оюндардын эрежелерин сактоо жана көзөмөлдөө;

- кыймылдуу оюндарды жана көнүгүүлөрдү өз алдынча жүргүзө билүү;
- мейкиндикте ориентир ала билүү;
- көнүгүүлөрдү өз алдынча аткаруу үчүн көрсөтүүлөрдү үлгү катары кабыл алуу;
- курбуларынын кыймылдарын баалоо жана алардын кемчиликтерин байкай билүү.

➔ Балдардын жана кыздардын дене өсүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алып, ийкемдүүлүгүн, күчүн, жалпы көтөрүмдүүлүгүн, координациясын, ылдам-күчтүк сапатын максаттуу өнүктүрүү, балдар жана кыздардын ылдамдык-күчүнүн сапатын көтөрүү үчүн балдардын *гендердик спецификасын,* балдар менен кыздардын жүрүм-туруму жөнүндө түшүнүктөрдү, алардын өз ара мамилелерин акырындап калыптандыруу керек. Мындай тапшырмаларды аткаруу балдар менен кыздардын ортосундагы өнөктөш мамилени өнүктүрүүгө, топтогу балдарды гендердик социалдаштырууга ийгиликтүү таасир этет.

➔ Сергек жашоо образынын элементардык эрежелерин аткарууга кызыгууну, кыймылдуу активдүүлүктүн муктаждыгын калыптандыруу.

➔ Жуунуу, колун жуу процессин туура жана өз алдынча аткаруу билгичтигин өнүктүрүү; өзүнүн сырткы кебетесин көзөмөлдөй алуусу; тамак ичкенде өзүн алып жүрүүсү; өз алдынча кийинүүсү жана чечинүүсү, өзүнүн буюмдарын (жеке пайдалануучу буюмдар) карай алуусу кирет.

### Негизги кыймылдар

Балдардын түрдүү негизги кыймылдарды өздөштүрүүсү үчүн педагог аларды төмөнкү көнүгүүлөрдү аткарууга түрткү берет.

**Негизги кыймылдар:** педагог шарт түзүп, балдарды төмөнкү көнүгүүлөрдү аткарууга түрткү берет.

***Тизилүү:*** бирден боюна карап колоннага тизилүү.

***Кайра тизилүү:*** бирден колоннадан кыймылда экиден колоннага жетектөөчүнү алмаштыруу менен тизилүү.

***Бурулуу:*** ордунда оңго, солго жана артка бурулуу.

***Басуу жана тең салмактуулук:*** кадимки басуу, буттун башы менен, согончогу менен, тамандын сырткы тараптары менен туруу, тапшырмаларды аткаруу (кол бөйрөктө, мүрдө, эки, артында, колдо предметтер бар, башында ж. б.), жон жакка, «жылан» болуп, темпти өзгөртүп басуу, салмакты салып, жипте, устунда басуу.

***Чуркоо:*** колоннада бирден жана жуп болуп, «жылан» болуп предметтер арасында, жетектөөчүнү жана темпти алмаштырып, сызыктар арасында (аралык 30–90 см), тизени бийик көтөрүп; түрдүү баштапкы позициядан (тике туруп, тизелеп ж. б.) старт менен чуркоо, түрдүү темпте чуркоо.

***Секирүү:*** эки буттап артка бурулуу менен бутту алмаштырып; колду баштын үстүнө коюп, артында туруш керек; алдыга карай секирүү (3–4 м); алдыга-артка, капталдап кайрылуу менен; узундукка секирүү 25 см, предметтер аркылуу бийиктикке секирүү 5–10 см; ордунан узундукка секирүү (50–70 см); ордунан өйдөнү көздөй секирүү (15–20 см). Тең салмактуулукту же белгиленген жоболорду сактап айлануу: буттап туруу, өйдө көтөрүлүү.

***Ыргытуу, тутуу, түртүп ыргытуу:*** предметтер ортосунда топту, обручту тоголотуу (аралык 40–50 см); бир же эки колдоп түрдүү баштапкы позициядан топту тоголотуп ийүү; топту жогору ыргытып, тутуп алуу, топту бир же эки колдоп уруу, топту эки колдоп бири бирине ылдый жактан, башынан ашырып ыргытуу жана тутуп алуу (аралык 1,5 м), предметти түртүп ыргытуу.

***Жөрмөлөө жана жармашып чыгуу:*** предметтер арасында топту тоголотуу менен төрт буттап жөрмөлөө; гимнастикалык скамейкада колу менен тартылып, ичи менен сойлоо; алаканы жана таманы менен таянып, тактага чыгуу; гимнастикалык дубалга (бийиктиги 2 м) жармашып чыгуу, анын бир таягынан экинчисине жөрмөлөп, рейканы кое бербей, кадамын алмаштырып оңго, солго чыгуу.

### Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр

Салттуу төрт жекече жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү түрдүү баштапкы абалды түрдүү темпте (жай, орто, тез) аткаруу, чыңалуу менен, түрдүү предметтер менен көнүгүүлөрдү кол менен бутту бир мезгилде жана кезектештирип, колду шилтеп, айлантып аткаруу; тизесин бүкпөстөн алдыга эңкейүү, ийилүү (оңго, солго), бурулуулар.

***Баштапкы абалдар:*** туруп, оң, сол тизеде туруу (буту алдыда, согончокто, ичине, жонуна жатып).

***Дененин абалы жана кыймылдар:*** бурулуулар, эңкейүү (оңго, солго, алдыга), 4–5 жолу.

***Баштын абалы жана кыймылы:*** жогору, ылдый, тараптарга (4–5 жолу) буруу, ийилүү.

***Колдун абалы жана кыймылы:*** колду бир багытта жана кезектештирип жогору-ылдый; колду шилтөө (алдыга-артка, өзүнүн алдына); манжаларды түйүү жана жазуу, колдун сөөктөрүн айлантуу (7–8 жолу).
***Дененин абалы жана кыймылы:*** эңкейүү (алдыга, солго, оңго), бурулуу (солго, оңго) – 3–4 жолу.

***Буттун абалы жана кыймылы:*** бурулуу, эңкейүү (оңго, солго, алдыга), 4–5 жолу.

### Спорттук көнүгүүлөр:

***Велосипед тебүү:*** эки, үч дөңгөлөктүү велосипедде түз, айланып, «жылан» болуп, бурулуп тебүү.

***Лыжа менен басуу:*** жылмышкан кадам, ордунда бурулуу, бийикке чыгуу жана полдо елочка болуп басуу, лыжаны кийүү жана колдо алып жүрүү эрежелерин сактоо.

***Муз тебүү:*** муз жолчо менен эки буттап өз алдынча жылмышуу.

***Чана тебүү:*** чана менен дөңчөгө чыгуу, дөңдөн чана тээп түшүү, ылдыйда тормоздоо; бири биринин чанасын тебүү.

***Суу да сүзүү:*** сууга башын салып чөмүлүү, бутун алмаштырып кыймылдатуу, сууда ойноо.

### Кыймылдуу оюндар:

Балдар эрежелер менен таанышып, аларды аткарганга аракет кылышат; алып баруучунун кызматын өзүнө алышат. Мелдешүү элементтери менен оюндар киргизилет. Кыймылдуу оюндар жана ири жана майда моториканы өнүктүрүүгө, реакциянын тездигине, ылдамдык-күч сапаттарына, координацияга, ийкемдүүлүккө, тең салмактуулакка карата оюн көнүгүүлөрү. Чуркоо, секирүү, тырмышып чыгуу, ыргытуу жана тутуу, мейкиндикте ориентир алууга жана көңүл бурууга карата оюндар.

### Координацияны өнүктүрүү үчүн оюндар:

«Эң шамдагай»: узундугу 5–6 м болгон зигзаг образдуу линия менен жүгүрүү, «Коендор жана кайтаруучу», «Желекке ким тез чуркап жетет», «Дөңгөч менен өт», «Алдыга (тарапка) сунулган колдогу предметтер менен айланып чыгуу», «Сызык менен көзүңдү жумуп өт».

### Кыймылдын тездигин өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр:

Тездикти өнүктүрүү үчүн орто курактагы балдар менен иштөөдө педагог кайталаган методу колдонот, анда көнүгүүлөр максималдуу аракеттер менен, бирок жеңил, эркин, ашыкча чыңалуусуз аткарылат. Мында тездик көнүгүүсү узак болбошу керек, эс алуу үчүн интервалдар колдонулат – жеңил чуркоо, жай басуу, көңүлдү ордуна тынчтандыруучу көнүгүүлөр.

***Ылдам чуркоо:*** 15–20 м. аралыкты 1-жарым жылдыкта 2–3 жолу, 2-жарым жылдыкта 4–5 жолу чуркап өтүү.

***Түрдүү баштапкы абалдан:*** туруп, бир тизесинде туруп, жатып, 10–12 м чуркоо.

Тизени бийик көтөрүп, тоскоолдук аркылуу темпти өзгөртүп, 10–12 м чуркоо.

***Алкак менен оюндар:***

- «Алкак кубалап жет», «Ким алыска?».

### Кагаз предметтер менен оюндар:

«Көгүчкөнгө жет», «Кимдин самолету алыска учат?», «Ыргытып, тез карма», «Кагаз топ менен ойнойбуз».

**Оюндар:** «Түстүү автомобилдер», «Өзүңө жуп тап», «Биз – көңүлдүү балдарбыз», «Үкү», «Желекке чейин ким батыраак чуркап жетет?», «Аюунун токоюнда», «Каздар – каздар», «Жоолук таштамай», «Ак терек, көк терек».

### Ылдамдык-күч сапаттарын өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр:

«Аттар»: жамбашты бийик көтөрүп, тоскоолдук аркылуу тездетип чуркоо;

«Жолчо менен»: ордунан узундукка жана алдыга жылып секирүү;

«Дөңдөн дөңгө»: бийиктиги 12–15 см болгон бийик эмес предметтерге секирүү;

«Топтор»: ордунда секирүү. Мында ар бирин 20–35 секунддан 2–3 серия секирүүнү эстен чыгарбоо маанилүү;

«Сааттар»: гимнастикалык дубалда туруп, бир колу менен рейканы кармап, бутун кезек менен шилтөө (ар бир бутту 5–6 жолу);

«Чегиртке»: гимнастикалык дубалды карап туруп, эки колдоп бир рейканы кармап, ылдыйдан экинчи-үчүнчү рейкага тез туруу жана полго түшүү. Татаалдатуу: эки бут менен түртүп, экинчи рейкага секирип чыгуу;

«Кош бол, топ!»: ичи толтурулган топту (500 г) 3–4 м аралыкта жупта баштапкы абалдан отуруп, бутту жайып тоголотуу;

«Үйдөн үйгө»: Полдо 30–35 см аралыкта жайгашкан обручтан обручка эки буттап секирип, жеңил түшүү (диаметри 30–35 см);

«Кенгуру»: 1 м аралыкта 12–15 см бийиктикте жайгашкан резиналар же рейкалар аркылуу секирүү;

«Ким көп тасма чогултат?»: ордунан жогору секирип, баланын жогору сунулган колунан 20–25 см бийик тартылган аркандан кыска тасмаларды бирден алуу;

«Күн желе»: 1 м аралыкта жаткан тасмалар аркылуу секирүү, алардын түсү күн желе-нин тилкелерине окшош.

**Күчтү жана чыдамкайлыкты өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр:**

салмагы 500 г болгон ичи толтурулган топ жана фитбол менен көнүгүүлөр;

көнүгүүлөр көбүнчө баштапкы абалдан отуруп же жатып 3–5 жолу аткарылат;

отуруп, топту алдыга болушунча алыска тоголотуу;

туруп, топту башынын үстүнө көтөрүү жана алдыга болушунча алыска ыргытуу;

жонуна жатып, топ башынын үстүнө сунулган колдо, айланып ичине жатуу;

чоң топту (фитболду) колдорунун ортосуна ритм менен кысуу;

фитболду, ичи толтурулган топту тегерек боюнча бири бирине берүү;

полдо жонунан жатып, буттары фитболдо, жамбашты жогору көтөрүү;

ортоңку топтогу балдардын чыдамкайлыгын өнүктүрүү үчүн педагог анча интенсивдүү эмес үзгүлтүксүз көнүгүүлөр методун анча чоң эмес тыныгуулар менен колдонот. Жылдын аягында үзгүлтүксүз кыймылдардын узактыгы 1,5 – 2 мүн. чейин жеткирилиши мүмкүн.

**Көнүгүүлөр:**

ортоңку ылдамдыкта чуркоо (максималдуунун 50–60 %ы);

төмөнкү ылдамдыкта 1-жарым жылдыкта 150–200 м (максималдуунун 30–40 %ы) жана 2-жарым жылдыкта 240–300 м чуркоо;

жыл башында 30–50 секунд, жыл аягында 50–60 секунд (20–25тен 50–60ка чейинки секирик сериясы менен, чоң эмес тыныгуулар менен) секирүү.

Узак убакытта аткарылган, кыймыл көп жолу кайталанган кыймылдуу оюндар: «Поезд», «Кулундар», «Күн жана жамгыр», «Өзүңдүн барагыңды тап», «Желектерди тап», «Эчкилер», «Качмай топ», «Аркан тартмай».

Педагогдун ***гендердик өзгөчөлүктү*** эске алуусу маанилүү, анткени беш жаш куракта скакалка аркылуу секирүүдө уул балдар менен кыз балдардын ортосунда олуттуу айырма байкалат – уул балдар бирден секирүүнү ишке ашырышат, кыздар түрдүү секирүүлөрдү өздөштүрүшөт, аларды күндөлүк турмушта колдонушат; уул балдардын жүгүрүүдөгү, секирүүдөгү жана түртүп ыргытуудагы орточо натыйжалары кыз балдардын орточо натыйжаларынан ашып кетет; кыздар ийкемдүүлүккө жана тең салмактуулукка карата көнүгүүлөрдү уул балдарга караганда жакшы аткарышат.

**Минималдуу натыйжалар:**

- Чуркоо 30 м – 13,5 сек.
- Ордунан узундукка секирүү – 50 см.
- 80 г салмактагы предметти ыргытуу – 4 м.

- 80 г салмактагы предметти ыргытуу – 5 м.
- Ичи толтурулган топту ыргытуу (1 кг) – 1,3 м.
- Секирип түшүү – 40 см.

**Балдарда сергек жашоо образынын баалуулуктарынын пайда болуусу жана анын жөнөкөй ченемдерине, эрежелерине ээ болуусу**

Сергек жашоо образынын жөнөкөй эрежелери, аларды сактоонун адамдын ден соолугу үчүн мааниси тууралуу түшүнүктөр; ооруга алып келүүчү зыяндуу адаттар тууралуу; ден соолук үчүн коркунучтуу жана кооптуу кырдаалдар, ошондой эле алардын алдын алуу жөнүндө. Ден соолукту колдоого, бекемдөөгө жана сактоого көмөк көрсөтүүчү жеке гигиенанын негизги көндүмдөрү жана билгичтиктери (жуунуу, кийинүү, жуунуу, тамак жегендин көндүмдөрү, имараттын ичин жыйноо ж. б.); ден соолукка коркунуч келтирүүчү күн режими, кырдаалдар жөнүндө элементардык билимдер. Маданий-гигиеналык жол-жоболорду аткаруунун негизги алгоритмдери.

**Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ бала дене жагынан шайкеш өнүгүүдө, анын кыймыл тажрыйбасын кеңейтет (өздөштүрүлгөн негизги кыймылдардын көлөмү, жалпы өнүктүрүүчү, спорттук көнүгүүлөр жетишинче ар түрдүү);

★ кыймыл ишмердигинде бала жакшы чыдамкайлыкты, тездикти, күчтү, координацияны, ийкемдүүлүктү көрсөтөт;

★ жүрүм-турумда кыймыл ишмердигине жана денелик жактан өркүндөтүүгө муктаждык көрсөтөт;

★ бала жаңы жана тааныш дене көнүгүүлөрүнө бекем кызыгуусун, көнүгүүлөрдү аткарууда тандоосун жана демилгелүүлүгүн көрсөтөт;

★ кыймыл тажрыйбасын топтоо деңгээлине жараша балдарда төмөнкүдөй жаңы *кыймыл билгичтиктерин* калыптандырат:

  - боюна карап, бирден колоннага тизилет;
  - бирден колоннадан жетектөөчүнү алмаштыруу менен кыймылда экиден колоннага кайра тизилет;
  - басып баратып көрүп, ориентир алуу менен өз алдынча звеного кайра тизилет;
  - тараптарга бурулууну так аткарат;
  - энергиялуу түртүлүү, тең салмактуулукту сактоо менен жеңил түшөт;
  - 1,5 м аралыктан топту тутуу, аны катары менен 5 жолудан кем эмес полго урат;
  - түртүп ыргытууда баштапкы абалга келүү, түрдүү ыкмалар менен жөрмөлөйт;
  - кадамды алмаштырып, рейкаларды кое бербей, гимнастикалык дубал менен 2 м чейин жогору көтөрүлөт;

- жүгүрүп барып, муз дорожка менен сыйгаланат;
- музыканын мүнөзүнө жана темпине туура кыймылдайт;

★ спорттун айрым түрлөрү тууралуу түшүнөт;

★ көнүгүүлөрдү ишенимдүү, так, айтылган темпте жана ритмде, көркөм аткарат, таанyш көнүгүүлөрдөн татаал эмес комбинацияларды (варианттарды) чыгармачылык менен түзгөнгө, процесстерди өз алдынча жана туура аткарат;

★ өз алдынча жуунат, колун жууйт; өзүнүн сырткы көрүнүшүн өз алдынча карайт; тамак учурунда столдо өзүн тыкан алып жүрөт; өз алдынча кийинет жана чечинет, өзүнүн буюмдарын карайт.

# VI бөлүм

## 5тен 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## 6.1. 5–6 жаштагы балдардын курактык мүнөздөмөсү

Бала 5–6 жашта өзүн жана башка адамды коомдун өкүлү (жакынкы социум) катары таанууга аракеттенет, акырындык менен социалдык жүрүм-турумдагы жана адамдардын өз ара мамилесиндеги байланышты жана көз карандылыкты аңдап сезе баштайт. 5–6 жашта мектепке чейинки балдар оң адептик тандоону (көбүнчө элестетүү планында) жасашат. Балдар 4–5 жаштагыдай көпчүлүк учурда кебинде жакшы – жаман, ак көңүл – ачуулуу деген баалоо сөздөрүн колдонгонуна карабастан, алар моралдык түшүнүктөрдү билдирүү үчүн бир топ так сөздөрдү көбүрөөк колдоно башташат: сылык, чынчыл, камкор ж. б.

Бул куракта мектепке чейинки баланын жүрүм-турумунда сапаттык өзгөрүүлөр жүрөт – ***өзүн жөнгө салуу*** мүмкүнчүлүгү калыптанат, б. а. балдар мурда чоң адамдар аларга койгон талаптарды эми өзүнө кое баштайт. Бул жалпы кабыл алынган ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин, аларды аткаруунун милдеттүүлүгүн балдар аңдап сезгенине байланыштуу мүмкүн болот.

5тен 6 жашка чейинки куракта **баланын өзү тууралуу** түшүнүктөрүндө өзгөрүүлөр жүрөт. Бул түшүнүктөр ушул убакытта бала өзүнө ыйгарган мүнөздөмөлөрдү гана эмес, келечекте ал ээ болгусу келген же тескерисинче, ээ болгусу келбеген сапаттарды өзүнө камтып баштайт жана азырынча реалдуу адамдардын же жомоктордун каармандарынын образдары болот («Мен Жөргөмүш Адамдай болгум келет», «Мен канышадай болгум келет» ж. б.). Аларда балдар өздөштүрүп жаткан **адептик ченемдер** көрүнөт.

Бул куракта балдар олуттуу деңгээлде теңтуштарынан ориентир алат, убактысынын көпчүлүк бөлүгүн алар менен биргелешкен оюнда жана баарлашууда өткөрөт, жолдошторунун баалары жана пикирлери алар үчүн маанилүү болот.

Балада 5–6 жашта **алгачкы гендердик тиешелүүлүк** системасы калыптанат, ошондуктан 6 жаштан кийин анын айрым жактарын калыптандырууга карата тарбиялык таасир этүүлөр эми анчалык натыйжалуу эмес. Бул куракта балдар олуттуу белгилер боюнча (эркектик жана аялдык сапаттар, сезимдердин, эмоциялардын жаралуу өзгөчөлүктөрү, гендердик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрү) өзүнүн гендердик тиешелүүлүгү тууралуу дифференцияланган түшүнүккө ээ болушат. 5–6 жаштагы балдарда эркектер менен аялдардын сырткы сулуулугу тууралуу түшүнүктөрү болот; эркектер менен аялдардын кесиптери менен алардын жынысынын ортосундагы байланышты аныкташат.

Бул куракта олуттуу өзгөрүүлөр балдар оюндарында, так ушул **оюнда өз ара мамиле кылууда** болот, анда оюндун эрежелерин биргелешип талкуулоо олуттуу орунду ээлеп баштайт. Балдар бири биринин аракеттерин көзөмөлдөгөнгө көп аракет кылышат – тигил же бул персонаж өзүн кандай алып жүрүшү керектигин айтышат. Оюн учурунда карама-каршылыктар жаралган учурда балдар эрежеге таянуу менен өнөктөштөрүнө өзүнүн аракеттерин түшүндүрөт же алардын аракеттерин сындайт. Бул курактагы балдар оюн үчүн ролдорду бөлүштүрүп жатканда, кээде көйгөйдү биргелешип чечүү аракетин да байкоого болот («Ким болот…?»). Ошол эле учурда аракеттерди макулдашуу, милдеттерди бөлүштүрүү көпчүлүк учурда балдарда оюндун жүрүшүндө жаралат. Оюн мейкиндиги татаалдашат (мисалы, «Театр» оюнунда сцена жана грим бөлмөсү бөлүп көрсөтүлөт). Оюн аракеттери ар түрдүү болот. Балдардын оюндан сырткаркы баарлашуусу азыраак кырдаалдуу боло баштайт. Алар өздөрү менен эмне болгонун чын дилден айтып беришет: кайда болушту, эмнени көрүштү ж. б. Балдар бири бирин көңүл коюп угушат, досторунун айткандарына эмоционалдуу мамиле кылышат.

**Ири моторикасы** бир топ өнүккөн болуп калат. Бул курактагы бала татаал кыймылдарды өздөштүрүүгө жөндөмдүү: энсиз скамейка менен өтө алат, ошол эле учурда анча чоң эмес тоскоолдуктан аттап өтө алат; бир колу менен топту жерге бир нече жолу катары менен ура алат. Чыдамкайлыгы (дене көнүгүүлөрү менен жетишээрлик узак алектенүү жөндөмү) жана күч сапаттары (баланын жетишээрлик узак убакыт бою аракеттенүү жөндөмү) өсөт. Шамдагайлыгы жана майда моторикасынын өнүгүүсү баланын өзүн тейлөөсүндөгү бир топ жогорку өз алдынчалуулуктан көрүнөт: балдар кийинип жана чечинип жатканда, чоң адамдын жардамына иш жүзүндө муктаж болбойт. Алардын айрымдары шнурларды боолорун ботинкаларга өткөрүп, бантик кылып байлай алат.

5-6 жашта балалар **курчап турган дүйнө тууралуу** жетиштүү түшүнүктөр запасына ээ болушат, аларды өздөрүнүн активдүүлүгүнүн, суроо берүүгө жана эксперимент жасоого умтулуусунун негизинде алышат. Предметтердин негизги касиеттери тууралуу түшүнүктөр дагы кеңеет жана тереңдейт. Бул курактагы бала негизги түстөрдү жакшы билет жана алардын оттеноктору тууралуу түшүнүккө ээ (мисалы, бир түстүн эки оттеногун көрсөтө алат: ачык кызыл жана өтө кызыл). Алты жаштагы балдар геометриялык фигуралар бири биринен эмнеси менен айырмаланарын айтып бере алышат. Алар үчүн көптөгөн предметтерди көлөмү боюнча өз ара салыштыруу кыйынга турбайт: мисалы, ар кандай көлөмдөгү 7–10 тарелканы катары менен коюу жана тиешелүү сандагы түрдүү көлөмдөгү кашыктарды аларга коюп чыгуу.

**Баланын мейкиндикте ориентир алуу жөндөмү өсөт.** Эгерде ага бөлмөнүн жөнөкөй планын көрсөтсө, ал өзү уктаган кроватты көрсөтө алат. Убакытты өздөштүрүү али абдан жогору эмес. Жыл мезгилдерине, жуманын күндөрүнө так ориентир алуу жок болот. Балдар ачык окуялар менен байланышкан жуманын күндөрүнүн жана жылдардын, айларын аттарын жакшы өздөштүрүшөт.

Балдардын **көңүлү** бир топ туруктуу жана эрктүү болуп калат. Алар анча өзүнө тартпаган, бирок керектүү иш менен чоң адамдар менен бирге 20–25 мүнөт алектене алышат. Бул курактагы бала чоңдор берген эреже менен аракеттенгенге жөндөмдүү. Эс тутумдун көлөмү олуттуу эмес өзгөрөт. Анын туруктуулугу жакшырат. Мында эстеп калуу үчүн балдар татаал эмес ыкмаларды жана каражаттарды (карточкаларды жана сүрөттөрдү жардамчы катарында) колдоно алышат.

5–6 жашта **көрсөтмөлүү образдуу ой жүгүртүү** жетектөөчү мааниге ээ болот, ал балага жалпыланган көрсөтмө каражаттарды (чийиелер, схемалар ж.б.) жана түрдүү предметтер менен кубулуштардын касиеттери жөнүндө жалпыланган түшүнүктөрдү колдонуу менен, бир топ татаал маселелерди чечкенге мүмкүнчүлүк берет. Практикалык жактан текшербей туруп, зарыл байланыштарды, мамилелерди аныктоо татаал болгон учурда балдар көрсөтмөлүү-аракеттеги ой жүгүртүүнү колдонушат.

5–6 жаш куракты активдүү **(продуктивдүү) элестетүүгө** ээ болуу курагы катары мүнөздөөгө болот, ал практикалык ишмердиктен алыстап, өз алдынчалыкты өздөштүрүп баштайт. Элестетүү образдары чыныгы болуп жаткан нерселерди бир топ толук жана так көрсөтөт. Бала чыныгы менен ойдон табылганды так айырмалай баштайт. Элестетүүнүн аракеттери – ойду жаратуу жана ишке ашыруу – алгач оюнда түзүлө баштайт. Бул оюнга чейин ал тууралуу ой жана анын сюжети пайда болорунан көрүнөт. Акырындык менен балдар конструкциялоодогу жана сүрөт тартуудагы алдын ала ой боюнча аракеттенүү жөндөмүн өздөштүрүшөт.

Баланын жашоосунун алтынчы жылында анын **кебинин өсүүсүндө** маанилүү өзгөрүүлөр жүрөт. Бул курактагы балдар үчүн тыбыштарды туура айтуу норма болуп калат. Өзүнүн кебин чоң адамдардын кеби менен салыштырып, мектепке чейинки бала өзүнүн кебинин кемчиликтерин көрө алат. Алты жаштагы бала интонациялык көркөмдүк каражаттарын эркин колдонот: ырды көңүлүн чөгөрүп, шаңдуу же салтанаттуу окуй алат, кептеги үндүн катуулугун жана темпин кырдаалга жараша (ырды майрамда катуу окуу же өзүнүн сырларын акырын айтуу ж. б.) жөнгө салууга жөндөмдүү. Балдар жалпылоочу сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди, сөздөрдүн маанилеринин оттенокторун, көп маанилүү сөздөрдү колдонуп башташат. Балдардын сөздүгү да кесиптердин аттарын, социалдык мекемелерди (китепкана, почта, универсам, спорт клуб ж. б.) зат атоочтор; түрдүү кесиптеги адамдардын эмгек аракеттерин билдирген этиштер, аракеттердин сапатын, кесиптик ишмердикке карата адамдардын мамилесин чагылдырган сын атоочтор жана тактоочтор менен активдүү толукталат.

Балдар кеп этикетинин эрежелерин өздөштүрүү менен, **оюндук жана иштиктүү диалогду** өз алдынча курганга, түз жана кыйыр кепти колдонгонго үйрөнүшөт; сыпаттоочу жана күчтүү сезим берилген монологдордо эпитеттерди, салыштырууларды колдонуу менен каармандын абалын, анын көңүл кушун, окуяга карата мамилесин бергенге жөндөмдүү.

5–6 жаштагы баланын окуу чөйрөсү түрдүү тематикадагы, анын ичинде үй-бүлөнүн көйгөйлөрү, чоң адамдар, теңтуштары менен өз ара мамилеси, өлкөнүн тарыхы менен байланышкан чыгармалар аркылуу толукталат. **Бала эсинде чоң көлөмдөгү маалыматты кармоого жөндөмдүү, узакка окуу ага жеткиликтүү.** Балдар адабий контекстке аралашышат, ага автор, чыгарманы жаратуу тарыхы да кирет. Тексттерди талдоо практикасы, иллюстрация менен иштөө окурмандык тажрыйбанын тереңдешине, окурмандык симпатиянын калыптанышына жардам берет. 5–6 жаштагы баланын жашоосунун коопсуздугу жогорулайт. Бул аң сезиминин жана жүрүм-турум эркинин өсүүсү, эгоцентристтик позициядан өтүүсү (бала башканын позициясында туура алууга жөндөмдүү болот) менен байланыштуу. Ой жүгүртүүнүн божомолдоочу кызматы өнүгөт, бул балага окуялардын келечегин көргөнгө, өзүнүн жана башка адамдардын аракеттеринин жана жоруктарынын жакынкы жана алыскы кесепеттерин алдын ала көрө билгенге мүмкүнчүлүк берет.

**Эмгек ишмердиги.** Жогорку мектепке чейинки куракта (5–7 жаш) эмгек ишмердигин пландоо жана өзүн-өзү баалоо активдүү өнүгөт. Мурда өздөштүрүлгөн балдар эмгегинин түрлөрү сапаттуу, тез жана аң сезимдүү аткарылат. Кол эмгегинин ар кандай түрлөрүн балдардын өздөштүрүүсү мүмкүн болот.

**Көркөм чыгармаларды, музыкалык жана көркөм өнөр чыгармаларын кабыл алуу** процессинде балдар аларга көп жаккан нерсени (чыгармаларды, персонаждарды, образдарды) тандоого жөндөмдүү, аны эстетикалык баалоо элементтеринин жардамы менен негиздешет.

Жогорку мектепке чейинки куракта балдардын **музыкалык эрудициясынын** олуттуу баюусу ишке ашат: музыканын түрлөрү жана жанрлары жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөр калыптанат, көркөм образ менен композиторлор колдонгон көркөмдүк каражаттарынын ортосундагы байланыштар аныкталат, эстетикалык баалар жана ойлор айтылат, музыкалык артыкчылык берүү негизделет, айрым эстетикалык

тандоо жаралат. Музыканы берилип жана көңүл буруп угушат. Музыкалык ишмердиктин сапаты жогорулайт. Чыгармачыл башталыштар бир топ аң сезимдүү жана багытталган (образ, көркөмдүк каражаттары ойлонуштурулат жана аң сезимдүү тандалат) болуп калат.

Үзүрлүү ишмердикте балдар ошондой эле ойлогонун чагылдыра алышат. **Майда моториканы өнүктүрүү** көркөм өнөр техникаларын өркүндөткөнгө таасир этет. Мектепке чейинки балдар боек менен (кыл калемдин учу жана жалпак жагы менен) ичке жана жоон сызыктарды жасай алышат, шакектерди, догоолорду тартышат, бир чекиттен үч түрдүү мазокту жасайт, ачык, күчтүү жана жаңы оттенокторду алуу үчүн боекту палитрада аралаштырат, бир топ ачык оттенокту алуу үчүн негизги тонду агартат, бир боекту экинчисинин үстүнөн берет. Алар чопонун бүтүн бөлүгүн чаптап жабыштыра алат, колунун манжалары менен форманы моделдештирет, бириктирген жерлерди сүрүп жылмалайт, негизги формадан бөлүктөрдү манжалары менен созот, өзүнүн ишин скульптордун куралы (стек) жана бириктиргич (налеп) менен кооздойт, аларга жазат. Кайчы менен иштөө боюнча практикалык көндүмдөрү өркүндөйт: балдар квадраттан тегеректи, тик бурчтуктан сүйрү тегеректи кесе алышат, айрым геометриялык фигураларды башкасына: квадраты – бир канча үч бурчтукка, тик бурчтукту – тилкелерге, квадраттарга жана кичинекей тик бурчтуктарга айландырышат; кесилген фигуралардан түрдүү предметтердин сүрөттөрүн же кооз композицияларды жаратат.

Балдар чоң адамдар берген шарттар боюнча **конструкциялашат,** ошол эле учурда түрдүү материалдардан өз алдынча чыгармачыл конструкциялоого даяр болушат. Аларда аракеттердин жалпыланган ыкмалары жана алар конструкциялап жаткан объектилер жөнүндө жалпыланган түшүнүктөр калыптанат.

| | |
|---|---|
| **6.2. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү** | 5–6 жаш куракта бала чыныгы менен ойдон чыгарылганды так айырмалай баштайт. Элестетүү аракеттери – ойду жаратуу жана ишке ашыруу – алгач оюнда түзүлө баштайт. Мында оюнга чейин ал тууралуу ой жана сюжет пайда болот.<br>5–6 жаштагы бала коомдун мүчөсү катары өзүн жана башка адамды таанууга умтулат, акырындык менен *адамдардын социалдык жүрүм-турумундагы жана өз ара мамилесиндеги байланышты жана көз карандылыкты* аңдап сезе баштайт.<br>5–6 жашта мектепке чейинки балдар оң адептик тандоо жасашат (көпчүлүк учурда элестетүү планында).<br>Моралдык түшүнүктөрдү – сылыктыкты, чынчылдыкты, камкордукту ж. б. берүү үчүн так сөздүктү көбүрөөк колдоно баштайт.<br>Бул куракта мектепке чейинки баланын жүрүм-турумунда *өзүн жөнгө салуу* мүмкүнчүлүгү калыптанат, б.а. балдар мурда чоң адамдар аларга койгон талаптарды өздөрүнө кое башташат. Ошентип, алар көбүрөөк кызыктуу иштерге алаксыбастан, *аз кызыктырган ишти* (оюнчуктарды жыйноо, бөлмөнү тартипке келтирүү ж. б.) *аягына чыгарат.* Бул *жалпы кабыл алынган ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин балдардын жана аларды аткаруунун милдеттүүлүгү аңдап сезгенине* байланыштуу мүмкүн болот. Бала анын жүрүм-турумуна башкалардын баасын гана эмес, ченемдерди жана эрежелерди алардын өздөрүнүн да сактоосуна, анын жүрүм-турумунун өз моралдык-адептик түшүнүктөрүнө шайкеш келгендигине да эмоционалдык жактан кыйналат. Бирок, ченемдерди сактоо (ынтымактуу ойноо, оюнчуктарды башкалар менен бөлүшүү, агрессияны көзөмөлдөө ж. б.), эреже катары, бул куракта өздөрү жактыргандар, достору менен гана өз ара мамиледе ишке ашат.<br>Оюндагы өз ара мамиледе *оюндун эрежелерин биргелешип талкуулоо* олуттуу орунду ээлейт. Балдар көпчүлүк учурда бири биринин аракеттерин көзөмөлдөгөнгө аракет кылат – тигил же бул каарман өзүн кандай алып жүрүшү керектигин көрсөтүшөт. Оюн учурунда карама-каршылыктар жаралган учурда, балдар өнөктөштөрүнө өзүнүн аракеттерин түшүндүрөт же эрежеге таянуу менен алардын аракеттерин сындайт. Бул курактагы балдардын оюн үчүн ролдорду бөлүштүрүүсүндө кээде көйгөйдү биргелешип чечүүгө болгон аракетти да («Ким болот…?») байкоого болот. Ошону менен бирге балдардын аракеттерин макулдашуу, милдеттерин бөлүштүрүү көпчүлүк учурда оюндун жүрүшүндө эле жаралат.<br>Көркөм өнөрдө балдар көрсөткөн айлана-чөйрөдөгү жана адабий чыгармалардагы образдар татаалыраак боло башташат. Сүрөттөр бир топ деталдашкан мүнөздө боло баштайт, алардын түстүк гаммасы байыйт. Уул балдар менен кыздардын сүрөттөрүндөгү айырмачылыктар бир кыйла ачык боло баштайт. Уул балдар техниканы, космосту, аскер аракеттерин ж. б. көбүрөөк чагылдырышат. Кыздар адатта аялдардын образдарын: ханышалар, балериналар, моделдер ж. б. тартышат. Адамдын сүрөтү бир топ деталдашкан жана пропорционалдуу боло баштайт. Колдорунда манжалар, көзү, оозу, каштары, ээги пайда болот.<br>Балдар чагылдыруу, куруу сыяктуу талдоо ыкмаларын эркин колдонушат; түрдүү деталдардын негизги конструктивдик өзгөчөлүктөрүн талдап гана койбостон, аларга тааныш көлөмдүү буюмдар менен окшоштугунун негизинде алардын формаларын да аныктайт.<br>Эркин курган нерселери симметриялуу жана пропорционалдуу боло баштайт, алардын курулуштары көрүп ориентир алуунун негизинде ишке ашат. Балдар керектүү материалды тез жана туура тандашат.<br>Бул куракта балдар барактан татаал формаларды түзүп, өздөрүнүкүн ойлоп таба алышат. Ишмердиктин бул түрү жеткиликтүү гана эмес, ал балдардын мейкиндик боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн да маанилүү. Балдарда кабыл алуу өнүгүүсүн улантат. Образдуу ой жүгүртүү өнүгөт. Жалпылоо жана ой калчоо көндүмдөрү өнүгүүсүн улантат, бирок алар олуттуу деңгээлде кырдаалдын көрсөтмөлүү белгилери менен чектелет. Көңүл буруу өнүгүүсүн улантат, ал эркин болуп калат. Балдарда байланыштуу кеп өнүгүүсүн улантат. |
| Курактын жетишкендиктери | Негизги жетишкендиктер адам маданиятынын предметтери катары буюмдардын дүйнөсүн өздөштүрүү менен байланыштуу;<br>Балдар адамдар менен оң баарлашуунун формаларын өздөштүрүшөт; келечектеги мектеп окуучусунун позициясы калыптанат.<br>Мектепке чейинки курактын аягында таанып билүүнүн жана жеке өсүүнүн жогорку деңгээлине ээ болушат, Бул кийин мектепте ийгиликтүү окуусуна мүмкүнчүлүк берет. |
| Ишмердиктин артыкчылыктуу түрлөрү | Оюн; карым-катыштык; үзүрлүү; таанып билүү; изилдөө; конструктивдик; көркөм адабиятты окуу (кабыл алуу);кыймылдуу; музыкалык-көркөм; эмгектик. |
| Иштин артыкчылыктуу формалары | Кептик кырдаал; сюжеттүү оюндар; балдар чыгармачылыгынын продуктуларын даярдоо боюнча өнөркана; байкоо; конструкциялоо; окуу; жаттоо; оюн көнүгүүлөрү; кыймылдуу дидактикалык оюндар; угуу; тажрыйба жасоо; аткаруу; кыймылдуу оюндар (музыканын коштоосунда); биргелешкен аракеттер, өз алдынча аракеттер. |

## 6.3. 5тен 6 жашка чейинки (жогорку топтогу) балдар үчүн билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы

| № | Сабактардын аталышы<br>Жумасына | Жогорку топ<br>(5–6 жаш) |
|---|---|---|
| 1 | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү | 1 |
| 2 | Кеп өстүрүү | 1 |
| 3 | Сабат ачуу | 1 |
| 4 | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК) | 1 |
| 5 | Конструкциялоо | 1 |
| 6 | Көркөм адабият | 1 |
| 7 | Музыкалык сабак | 2 |
| 8 | Дене тарбия сабагы | 3 |
| 9 | Кыргыз тил (**) (орус тилдүү топтор үчүн) же<br>орус тил (**) (кыргыз тилдүү топтор үчүн) | 2 |
| 10 | Ийлеп чаптоо | 1(*) |
| 11 | Аппликация | |
| 12 | Сүрөт тартуу | 1 |
| | **Баары** | **15** |
| | **Узактыгы** | **20–25 мүн** |

*Сабак бир жумада алмашып турат;
**Кыргыз/орус тилин окутууда топто балдар 25 жана андан ашык болгондо, 2 топко бөлүү каралат.

## 6.4. Жогорку топтун болжолдуу сабак ирети расписаниеси

| № | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кеп өстүрүү | Сабат ачуу | ЖМТК | Конструкциялоо | Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү |
| 2 | Дене тарбия сабагы | Музыкалык сабак | Кыргыз тили | Көркөм адабият | Кыргыз тили |
| 3 | Ийлеп чаптоо, аппликация | Сүрөт тартуу | Дене тарбия сабагы | Музыкалык сабак | Дене тарбия сабагы |

## 6.5. Жогорку топтун кыймыл активдүүлүгүнүн режими

| Уюштуруу формаларынын аталыштары | Убакыт | |
|---|---|---|
| Жалпы уюшулган ишмердик | 10 саат | жумасына |
| Көнүгүү (зарядка). Эрте мененки гимнастика | 8–10 мүнөт | күн сайын |
| Күндүн аягында денени жандандыруучу көнүгүү | 5–10 мүнөт | күн сайын |
| Сабак учурундагы көнүгүүлөр | 5–10 мүнөт | күн сайын |
| Кыймылдуу оюндар | 15–20 мүнөт | жумасына 2–4 жолудан кем эмес |
| Спорттук оюндар | жумасына 1 жолудан кем эмес максатка багытталган окутуу | |
| Спорттук көнүгүүлөр | 15 мүнөт | жумасына 1 жолудан аз эмес максаттуу окутуу |
| Эс алуудагы дене тарбия көнүгүүлөрү | 10–15 мүнөт | күн сайын |
| Спорттук көңүл ачуулар | 30 мүнөт | айына 1–2 жолу |
| Спорттук майрамдар | 60 мүнөт | жылына 2–4 жолу |
| Ден соолук күнү | Күн бою | кварталына 1 жолудан кем эмес |

## 6.6. 5тен 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАР ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ САБАКТАР

### 6.6.1. Кеп өстүрүү

Жогорку мектепке чейинки курактагы балдардын кебинин өнүгүүсүнө бир топ бай сөздүк мүнөздүү, ал пассивдүү лексиканын эсебинен да кеңейүүсүн улантат. Көпчүлүк балдарда кептин грамматикалык түзүлүшүн калыптандыруу аяктайт, балдар акырындык менен тексттин грамматикасын (кебинде сүйлөмдөрдүн ортосунда каражаттарды колдонот; өзүнүн текстин түзүүдө киришүү жана жыйынтыктоо сүйлөмдөрүн түзүшөт) өздөштүрө башташат.

Педагогдун ролу активдүү сүйлөө, баарлашуу, кептин үлгүлөрүн өздөштүрүү кырдаалдарын түзүүдө болуп саналат. Баланы мектепке даярдоонун зарылдыгын эске алуу менен фонемалык угумга жана тыбышты туура айтууга, колдун майда моторикасын өнүктүрүүгө, баланын чоң адамдар жана теңтуштары менен баарлашуусун жана өз ара мамилесин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу керек болот.

**Максат:** жогорку топто кепти өстүрүү боюнча иштин негизги максаты оозеки кепти жана кептик баарлашуу маданиятын, ошондой эле балдардын карым-катыштык жөндөмүн калыптандыруу болуп саналат.

**Негизги милдеттер:**

***Сөздүктү калыптандыруу***

- ➔ балдардын айлана-чөйрө тууралуу билимдерин тактоону жана кеңейтүүнү улантуу менен, сөздүк ишин ишке ашыруу;
- ➔ кепти айланадагы тиричилик буюмдарын, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды, канаттууларды, кесиптерди, эмгек куралдарын билдирген зат атоочтор; буюмдардын касиеттерин жана сапаттарын, түстөрдүн түрлөрүн, эмоцияларды, сезимдерди, кыйналууларды мүнөздөгөн сын атоочтор; адамдардын өз ара мамилелерин, алардын эмгекке болгон мамилесин билдирген тактоочтор менен байытуу;

- балдарды сын атоочко карата зат атоочту *(ак – кар, шекер, бор, медициналык халат),* мааниси окшош сөздөрдү – синонимдерди *(тентек – шок – бейбаш),* каршылаш маанилүү сөздөрдү – антонимдерди *(алсыз – күчтүү, бүркөк – ачык)* тандоого көнүктүрүү;
- мааниси так дал келген сөздөрдү балдардын пайдалануусуна жардам берүү;
- буюмдарды салыштыруусун, олуттуу белгилерин табуусун, алардын негизинде буюмдарды топторго бириктирүүсүн (идиш-аяк, эмерек, кийим, бут кийим, транспорт, жашылчалар, жемиштер, жапайы жаныбарлар, үй жаныбарлары) өнүктүрүү.

***Кептин тыбыштык маданияты:***

- тыбыштарды туура, так айтууну бекемдөө;
- угуп айырмалоого жана айтылышы, угулушу окшош каткалаң үнсүздөрдү так айтууга үйрөтүү: *с – з, с – ц, ш – ж, ч – ц, с – ш, ж – з, л – р*.
- тыбыштык угумун өстүрүүнү улантуу;
- сөздөгү тыбыштын ордун (башында, ортосунда, аягында) аныктоого үйрөтүү;
- кептин интонациялык көркөмдүгүн кайталоо: темпти, кептин ыргагын, үндүн күчүн жана тембрин өзгөртүү.

***Кептин грамматикалык түзүлүшү:***

- сүйлөмдөгү сөздөрдү байланыштыра билүүнү өркүндөтүүнү улантуу: зат атоочтор сан атоочтор менен *(беш алмурут, үч бала)* жана сын атоочтор менен зат атоочтор менен *(бака – жашыл карын);*
- сөзгө туура эмес коюлган басымды, үнсүздөрдүн алмашып келүүсүндөгү катаны байкаганга балдарга жардам берүү, аларды өз алдынча оңдогонго мүмкүнчүлүк берүү;
- сөз түзүүнүн түрдүү ыкмалары менен тааныштыруу тарбиячы, куруучу, жумушчу *(кант салгыч, нан салгыч; май салгыч, туз салгыч; жаңы сөз жасоочу мүчөлөрдү пайдаланат);*
- бир муундуу сөздөрдү түзүүгө көнүгүү *(маймыл – маймылча – маймылдар),* анын ичинде этиштер менен *(чуркады – чуркап кетти – чуркап баратат);*
- көптүк сандагы зат атоочторду атооч жана табыш жөндөмөдө, буйрук ыңгай этиштерди; салыштырмалуу даражадагы сын атоочторду жана тактоочторду; жөндөлбөй турган зат атоочторду туура колдонгонго балдарга жардам берүү;
- жөнөкөй, татаал бирикме, татаал багыныңкы сүйлөмдөрдү колдонууга көнүктүрүү. Тик жана кыйыр кепти пайдалана билүүсүн өркүндөтүү.

***Байланыштуу кеп:***

- кептин диалогдук формасын өркүндөтүүнү улантуу. Педагог койгон суроого өз көз карашын айтуу аракетин колдоо, макулдугун же макул эместигин достук мамиледе айтуу; эркин маектешүүнү колдой билүүсүн өнүктүрүү;
- чакан жомокторду жана аңгемелерди тике жана кыйыр сөздү пайдалануу менен байланыштуу, ырааттуу жана көркөм кайра айтып берүү билгичтигин өнүктүрүү;
- предмет тууралуу, сюжеттүү картинанын мазмуну тууралуу (план жана үлгү боюнча) айтып бергенге, сүрөттөр боюнча ырааттуу өнүккөн иш-аракет бар аңгеме түзгөнгө үйрөтүү;
- өз тажрыйбасындагы окуялар тууралуу (план боюнча) аңгеме түзө билүүсүн өнүктүрүү, тааныш эмес жомоктордун аягын ойлоп табуу;

- ➔ педагог сунуштаган темага карата чыгармачылык мүнөздөгү чакан аңгемелерди түзө билүүсүн калыптандыруу;
- ➔ байланыштуу монологдук кепти өнүктүрүү, балдардын кептик чыгармачылыгын өнүктүрүү жана шыктандыруу;
- ➔ балдардын кептик баарлашуу тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү, жамааттык карым-катыш шартында баарлашуу этикасын өнүктүрүү, саламдашууда, коштошууда, өтүнүч менен кайрылууда, ыраазычылык билдирүүдө, телефон менен сүйлөшүүдө, столдо отурганда кептик этикетти аткаруусун колдоо.

**Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө:**

- ➢ ар кандай ишмердик менен алектенген балдар тартылган сүрөттөр;
- ➢ үйлөр бар көчө, калктуу пункт тартылган сүрөттөр;
- ➢ жашылчалардын жана жемиштердин муляждары;
- ➢ түрдүү оюндар үчүн оюнчуктар;
- ➢ идиштер менен эмеректердин жана кийимдердин ж.б. сүрөттөрү;
- ➢ сюжеттик сүрөттөрдүн сериясы;
- ➢ түрдүү кызыктар тартылган сүрөттөр;
- ➢ тооктор жана балапандар тартылган сүрөттөр;
- ➢ аталыштарында «т» тыбышы бар оюнчуктар (түлкү, торпок, топ ж.б.);
- ➢ үй жана жапайы жаныбарлар тартылган сүрөттөр: пил, арстан, төө, багыш, бугу, торпок, түлкү, карышкыр, ат, уй, эчки, кой, чочко;
- ➢ түрдүү фактурадагы жана түстөгү кездемелердин кесиндилери, башка ыргытыла турган материалдар;
- ➢ жазгы, жайкы, күзгү, кышкы пейзаждар тартылган сүрөттөр;
- ➢ үй-бүлө чагылдырылган сүрөт;
- ➢ флора менен фаунанын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган түрдүү материктер тартылган сүрөттөр;
- ➢ тегиз же көлөмдүү оюнчуктар – жомоктордун каармандары;
- ➢ жылдын түрдүү мезгилиндеги ар кандай жаратылыш көрүнүштөрү тартылган сүрөттөр;
- ➢ кандайдыр бир иш-аракеттер тартылган сүрөттөр;
- ➢ жайында, күзүндө, кышында, жазында алектене турган сюжеттер менен сүрөттөр;
- ➢ көрсөтмө куралдар: плакаттар, таблицалар, муляждар, модулдар;
- ➢ оюнчуктар, дидактикалык жана өнүктүрүүчү оюндар, колдонмолор.

Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө мектепке чейинки балдардын түрдүү активдүүлүктөрүн (денелик, оюн, акыл-эстик ж.б.) гана камсыз кылбастан, гендердик өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу менен, анын өз алдынча ишмердигинин негизи да болуп саналат. Ошону менен бирге тарбиялоонун психологиялык өзгөчөлүктөрүндө предметтик чөйрөдөгү «кыздардын» материалдары жана колдонмолору басымдуулук кылган теңсиздик жоюлду, анткени алар аял-педагогго жакын болчу, анын үстүнө балдар жакшы көргөн оюнчуктарга караганда алар коопсуз болуп көрүнөт. Бул учурдагы педагогдун ролу уул балдар менен кыздардын алдында чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн бардык тарабын ачып берүүдө жана гендердик өзгөчөлүктөрдү, ар бир баланын жекече өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен, алардын аракеттерин анын айрым элементтерин пайдаланууга багыттоо болуп саналат.

**Кеп өстүрүү боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

★ кебинде жаңы сөздөрдү пайдаланат;
★ сөз байлыгын жаңы сөздөр менен толуктайт;
★ табышмактардагы, макал-лакаптардагы образдуу айтылган сөздөрдү түшүнөт, аларды түшүндүрө алат;
★ түрдүү татаал сөздөрдү колдонот; кайра айтып берүүдө тике жана кыйыр кепти колдонот;
★ үлгү боюнча өз алдынча өз тажрыйбасындагы окуялар тууралуу; сюжеттүү сүрөттөр, сүрөттөрдүн топтому боюнча аңгемелерди түзө алат; жомоктордун аягын ойлоп таба алат;
★ ырааты менен, олуттуу таштап кетүүлөрсүз чакан адабий чыгармаларды кайра айтып бере алат;
★ зат атоочко бир нече сын атоочторду тандайт; сөздү мааниси окшош башка сөз менен алмаштырат;
★ адамдардын өз ара аракеттенүү дүйнөсүнө тиешелүү сөздөрдү колдонот;
★ кебинде туура грамматикалык формаларды колдонот;
★ суроолорду туура берет жана аларга жооп берет;
★ монологдук кепти колдонот;
★ жомоктордогу жана аңгемелердеги каармандарды сүрөттөп бере алат;
★ окуяны, анын ордун жана окуяларды сыпаттап бере алат;
★ эне тилиндеги бардык тыбыштарды туура атайт;
★ сөздөрдү так айта алат;
★ сыпаттама аңгемелерди түзө алат.

## 6.6.2. Айлана-чөйрө менен таанышуу

**Максаты:** балдардын курчап турган дүйнө тууралуу түшүнүктөрүн жана билимдерин кеңейтүү жана системалаштыруу.

**Милдеттер:**

➔ балдарда социалдык жана баалуулук-маанилик компетенттүүлүктү, өзүнө жана табиятка болгон оң мамилени өнүктүрүү;
➔ балдарда социумга тиешелүүлүк сезимин тарбиялоо;
➔ топтогу оң эмоциялык фонду жана ар бир баланын эмоционалдык бакубатчылыгын камсыз кылуу;
➔ балада өзүнүн эмоционалдык абалын жана айланадагы адамдардын сезимдерин түшүнө билүүсүн калыптандыруу;
➔ ар бир балада өзүнүн «МЕНине» карата оң мамилесин калыптандыруу;
➔ балдарда жамаатта биргелешип иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу;
➔ балдарда бири бирине болгон ак ниет мамилени тарбиялоо;
➔ балдарда башкаларды түшүнө билүү жана өзүнүн аракеттерин өнөктөшүнүн аракеттери менен макулдашуу жөндөмүн өнүктүрүү;

- ➔ балдарда жаратылышка болгон кызыгууну, жаратылыш объектилерин активдүү таанууну жана аларга мамиле кылууну каалоосун өнүктүрүү;
- ➔ балдардын жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгү жөнүндөгү түшүнүктөрүн, байытуу; жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү окшоштук белгилери боюнча топторго бириктире билүүсүн өнүктүрүү;
- ➔ жаратылыш дүйнөсүн сактоого жана ага этияттык менен мамиле кылууга, анын коздугун жана өз ара байланышын көрө билүүгө тарбиялоону улантуу.

Топтогу өнүгүү чөйрөсүндө, табигый чөйрөдө педагог экологиялык маанидеги көйгөйлүү кырдаалдарды балдардын өз алдынча чечүүсү, эксперимент жасоосу, байкоо жүргүзүүсү, жаратылыш бурчундагыларды карап, тейлөөсү үчүн шарт түзөт.

**Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө:**

Сүрөттөрдүн сериясы:

- «Жыл мезгилдери», «Жапайы жана үй жаныбарлары балдары менен», «Жашылча-жемиштер», «Дарактар жана өсүмдүктөр», «Гүлдөр», «Курт-кумурскалар», «Транспорт», «Идиш-аяктар», «Балыктар», «Тамак-аштар», «Эмерек», «Күндөлүк турмуш предметтери», «Күндүн мезгилдери», «Жаратылыш көрүнүштөрү».

Иллюстрациялар:

- «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялар; Бишкек шаары тууралуу иллюстрациялар жана сүрөттөр Кыргызстандын символикалары; «Нооруз», «Жаңы жыл», «8-Март – апамдын күнү», «Биздин Ата-Мекенди коргоочулар» майрамдары, «Жол кыймылынын эрежелери» жөнүндө иллюстрациялар.

Альбомдор:

- «Биздин үй-бүлө», «Бишкектин көчөлөрү», «Менин шаарым», «Менин айылым», «Биздин республика», «Кыргызстандын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү», «Биздин бала бакча», «Үйдөгү жана бала бакчадагы майрамдар».
- Көркөм адабият: өз шаары тууралуу ырлар, кыргыз элинин аңгемелери жана легендалары, түрдүү элдердин жомоктору.
- Балдардын жана чоң адамдардын өздөрү, шаары, курчап турган чөйрө тууралуу сүрөттөрү.
- Кыргыз элинин жана башка элдердин декоративдик-прикладдык искусствосунун, искусство предметтеринин үлгүлөрү.
- Кыргыз костюмдарынын, башка элдердин кийимдеринин элементтери.
- Өз аймагынын жаратылышы тууралуу аудио жана видеокассеталар.
- Өз аймагына арналган балдардын жана чоңдордун майда-барат буюмдары.
- Жандуу жаратылыш бурчу: бөлмө өсүмдүктөрү, балыктар менен аквариум, тоту куштар, хомяктар, таш бака жана үрөндөр, өсүмдүктөр өстүрүлгөн идиштер.

Балага багытталган программа үчүн **«Илим борборун»** түзүү абдан маанилүү, анда балдар өсүмдүктөргө жана жаныбарларга эксперимент жасай алышат, натыйжаны издөөгө аракет кылышат, аны кайталашат, узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүшөт. Балдар өз пикирлерин айтышат, кызматташышат, күчтөрүн бириктиришет, чыгармачыл чечимдерди сунуш кылышат, жыйынтык жасашат. «Илим борборунун» материалдары: магнит, лупа, компас, термометр; ар түрдүү көлөмдөгү, жоондуктагы, фактурадагы тунук жана тунук эмес түтүкчөлөр, ченөө кашыктары, элек жана куйгучтар (воронкалар), аралаштыргыч, жыгач күрөктөр, ийилгич пластик түтүкчөлөр, самын; даамын, жытын,

түсүн салыштыруу үчүн түрдүү фактурадагы жана түстөгү кагаздар; түрдүү тамак-аш азыктары жана тамак-аш боегучтары; жаратылыш материалдары: кум жана суу, эмен жыгачынын уруктары, каштандар, жаңгактын кабыгы, тобурчактар, таштар, кабыктар, кыртыштар, үлүл кабыктары, таякчалар; техникалык материалдар: гайкалар, скрепкалар, бурагычтар, түрдүү металл зымдар, поролон, пенопласт ж. б.; өз алдынчалыгын жана өнүктүрүү жана өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн буюмдар: фартуктар, щеткалар, калактар жана чүпүрөктөр.

**«Айлана-чөйрө менен таанышуу» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар билишет:**

★ өзүнүн фамилиясын, атын, жынысын, курагын, үй дарегин;

★ ата-энесинин фамилиясын, атын, атасынын атын, жынысын, кесибин;

★ ирээти менен күн мезгилинин бөлүктөрүн;

★ ирээти менен жыл мезгилдерин;

★ турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздерин;

★ жол кыймылынын эрежелерин (бала светофор эмнеге керектигин, светофордун ар бир түсү эмне үчүн керектигин, кайсы жерде кантип жолдон өтүүнү билет);

★ ушул айдын аты, жумадагы күндүн ирээтин;

★ аны курчап турган бардык предметтердин аттарын: эмерек, идиш-аяк, кийим, тричилик жана электр аспаптарын, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, жаратылыш көрүнүштөрүн, сүйүктүү мультфильмдердин, жомоктордун, китептердин аттарын, сүйүктүү каармандардын аттарын.

**Аткара алышат:**

★ предметтердин касиеттерин жана сапаттарын мүнөздөп, түсүн, өлчөмүн, формасын аныктай алат;

★ предметтерди түрдүү белгилери боюнча салыштырат жана классификациялайт;

★ тиричиликте коопсуздук техникасын сактоо;

★ бала бакчада, анын участогунда жүрө алуу;

★ жаратылыштагы мезгилдик өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү жана жаратылыш көрүнүштөрүнүн ортосундагы себеп-натыйжалык байланышты аныктоо;

★ телефон чалуу жана диалог жүргүзүү;

★ жипти ийнеге саптоо, топчуну тигүү;

★ өзүн столдо алып жүрүү, столдогу аспаптарды колдонуу;

★ тишин тазалоо, тамак жегенден кийин оозун чайкоо;

★ топчулоо, бут кийиминин жибин байлоо;

★ чачынын тарамын, тырмактарын жана кийиминин абалын кароо.

**Түшүнүктөрү бар:**

★ көп улуттуу мамлекет катары өз өлкөсү, мамлекеттик майрамдар, өзүнүн шаары/айылы, анын белгилүү, кооз жерлери тууралуу;

★ армия жана аскер кесиби, Мекенди коргоо ардактуу милдети жөнүндө;

★ жакынкы айланадагы предметтер, алардын багыттары, алардын бөлүктөрү жана деталдары; алар жасалган материалдар тууралуу;

- ★ өз үй-бүлөсүнүн теги, санжырасы жөнүндө;
- ★ кесиптер, чоң адамдардын гендердик негиздеги эмгек аракеттери тууралуу;
- ★ бала бакчанын кызматкерлеринин кесиби жөнүндө;
- ★ гендердик негизде түрдүү кесип өкүлдөрүнө керектүү эмгек куралдары, шаймандары; тиричилик техникасы тууралуу;
- ★ өсүмдүктөр жана жаныбарлар, жөнөкөй экологиялык байланыштар жөнүндө;
- ★ космос, жылдыздар, планеталар тууралуу түшүнүктөрү болот.

## 6.6.3. Сабат ачуу

Мектепке чейинки уюмдарда сабат ачуу – бул окууга жана жазууга үйрөнүүгө (графикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө) даярдоо боюнча максатка багытталган, системалуу ишмердик. Сабат ачуу процесси төмөнкү компоненттерден турат:

- ✓ кептин тыбыштык жагын калыптандыруу, б. а. бала тыбыштарды туура, так айта алышы керек;
- ✓ фонематикалык процесстерди калыптандыруу, б. а. эне тилинин тыбыштарын угуу жана айырмалай алуу;
- ✓ тыбыш-тамгалык талдоого даярдык, б. а. сөздөгү сөздөрдү угуу жана бөлүп көрсөтүү, үндүү жана үнсүз тыбыштарга талдоо жасоо;
- ✓ балдарды: «тыбыш», «муун», «сөз», «басым», «сүйлөм», үндүү тыбыштар, үнсүз тыбыштар, каткалаң, жумшак, жоон, ичке терминдери менен тааныштыруу. Сөздүн схемасы менен иштей билүүсүн калыптандыруу.

Мектепке чейинки балдардын ийгиликтүү сабатка ээ болуу ишмердигинин маанилүү компоненти фонематикалык кабыл алууну калыптандыруу болуп саналат.

Сабака үйрөтүүнүн негизин ***кепти угууга, фонематикалык кабыл алууга жана тыбыштык, андан кийин тыбыштык-тамгалык талдоого таянуу*** түзгөндүктөн, балдарда **фонематикалык угуу кемчиликтерин эртерээк аныктоо жана аны өнүктүрүү боюнча системалуу иштин уюштуруу зарылчылыгы келип чыгат.**

Жогорку мектепке чейинки курактагы балдарда кептин тыбыштык тарабына болгон жогорку сезимталдык байкалат. Кийин мындай сезимталдык жоголот, ошондуктан так ушул куракта дароо тамгаларды сунуш кылбастан, фонематикалык угууну жана кептик кабыл алууну өркүндөтүү абдан маанилүү. Б. а. окууну баштаганга чейин бала сөз кандай тыбыштардан турарын уга билиши, сөзгө тыбыштык талдоо жасашы *(сөздү түзгөн тыбыштарды катары менен аташы)* керек.

Балдар эне тилинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүшөт, тыбыштарды уга алышат, үндүүлөрдү *(басым түшкөн жана түшпөгөн),* үнсүздөрдү *(каткалаң жана жумшак)* айырмалашат, угулушу боюнча сөздөрдү салыштырышат, сөздөрдү муундарга бөлүп, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табышат, муундардан, тыбыштардан сөз түзүшөт.

Жогорку топто сабактарда балдар сөздүн муундук түзүлүшү, сүйлөмдүн сөздүк курамы тууралуу элементардык билимдерди алышат, түрдүү тыбыштык маданияттагы сөздөргө тыбыштык талдоо жасоону үйрөнүшөт. Балдарды сөзгө тыбыштык талдоо жасоого үйрөтүүдө аларга тыбыштык талдоо жасоо каражаттарын берип, аны менен иштөөгө үйрөтүү маанилүү. Бул каражаттар – сөздүн тыбыштык курамынын схемасы, фишкалар, сөздөгү тыбыштарды интонациялык жактан бөлүп көрсөтүү.

Ошентип, окутуу процессинде балдарда сөздүн тыбыштык курамын талдоо, б. а. сөздөгү тыбыштарды айырмалоо жана бөлүп көрсөтүү, сөздөгү тыбыштардын санын жана иретин аныктоо, ар бир тыбышка сапаттык мүнөздөмө берүү сыяктуу билгичтиктер калыптанат. Мындан сырткары, балдар басым жана аны белгилөө; «сүйлөм» түшүнүгү менен таанышышат жана аны талдоону үйрөнүшөт. Балдар окуунун муундук жана бириктирип окууга көнүгүшөт, бул жай жана туура окууну камсыз кылат.

Мектепке чейинки балдардын сабатын ачуунун башкы **максаты** аларда сабат ачууга карата кызыгууну өнүктүрүү болуп саналат.

- Жогорку топто сабат ачуу процессинде төмөнкүдөй **негизги милдеттер** чечилет:
- активдүү, пассивдүү сөздүктү байытуу;
- ийгиликтүү окуу жана жазуу үчүн зарыл болгон базалык билимдерди жана билгичтиктерди калыптандыруу;
- кептин грамматикалык түзүлүшүн өнүктүрүү;
- кептин тыбыштык тарабын өздөштүрүү;
- сөздөгү муундардын, сөздөгү тыбыштардын санын аныктоо;
- сапаттык мүнөздөмөсү боюнча тыбыштарды топтоштуруу (үндүү жана үнсүз, басым түшүүчү жана түшпөөчү, каткалаң жана жумшак үнсүздөр) менен сөзгө тыбыштык талдоо жасай алуу;
- тыбыштын маани өзгөртүүчү кызматы менен тааныштыруу, айтылышы боюнча сөздөрдү салыштырууга, берилген тыбышка карата сөздөрдү тандоого үйрөтүү;
- графикалык муунга бөлүп жазууга үйрөнүү менен сөзгө түшүүчү басымды бөлүп көрсөтүү.

### Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө:

Магнит доскасы, сөзгө тыбыштык талдоо жасоонун сүрөт-схемасы, фишкалар-карточкалар, көрсөткүч (указка), предметтик сүрөттөр, фишкалар жана майда оюнчуктар (жеңиш менен окуу усулун ишке ашыруу), сөздүн тыбыштык курамынын тилке-схемасы (3, 4, 5 тыбыштан турган сөздөр), түстүү карандаштар (кызыл, көк, жашыл), бодуракай тамгалар, «кыймылдуу алфавит», түрдүү китептер, балдар журналдары, гезит материалдары.

### Сабат ачуу боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар

**Балдар:**

- «Тыбыш», «муун», «сөз», «сүйлөм», «басым» терминдерин туура колдонот;
- тыбыштарды ыраааты менен атоону билет;
- үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалай алат;
- жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштарды айырмалай алат;
- түрдүү тыбыштык түзүмдөгү (үч тыбыштуу: бал, кар, туз, сом; төрт тыбыштуу: бала, чана, акча, бака; беш тыбыштуу: такта, балка, мышык ж. б.) сөздөргө тыбыштык талдоо жасай алат;
- үндүү жана үнсүз тыбыштарды билет, ар бир фишканы белгилейт: үндүү – кызыл, каткалаң үнсүз – көк, жумшак үнсүз – жашыл;
- «каткалаң үнсүз тыбыш», «жумшак үнсүз тыбыш», «басым түшкөн тыбыш», «басымсыз тыбыш» терминдерин туура колдоно алат;

- ★ сөздүн башында, ортосунда, аягында берилген тыбыш боюнча сөздөрдү атай жана тандай алат, сөздөгү тыбыштын ордун аныктайт;
- ★ сөздөрдөгү муундардын санын, сөздөрдөгү тыбыштардын санын, басым түшкөн муундарды, үндүүлөрдү жана үнсүздөрдү аныктайт;
- ★ сөздөрдү фишкалар боюнча «окуйт»;
- ★ берилген тыбыш катышкан сөздөрдү тандай алат;
- ★ сөздөрдү муундарга бөлүп, сөздөргө басым кое алат;
- ★ кебинде синонимдерди, антонимдерди; предметтер жасалган материалдарды билдирген (кагаз, жыгач ж. б.) сөздөр колдонот;
- ★ ырларды көркөм айтып берет, анча чоң эмес аңгемелерди, жомокторду кайра айтып берет;
- ★ карандашты туура кармай алат;
- ★ алфавиттеги басма тамгаларды жаза алат.

## 6.6.4. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу

**Максаты:** көптүк, өлчөм, форма, мейкиндик жана мезгилдик мамилелер жөнүндө математикалык түшүнүктөрүн өнүктүрүү, сан түшүнүгүн калыптандыруу, балдарды саны, ирети боюнча жана артка саноого үйрөтүү.

**Негизги милдеттер:**

***Сан жана эсеп:***

- ➔ сапаты боюнча ар түрдүү элементтерден (түрдүү түс, өлчөм, форма, материал) көптүктү (предметтердин тобун) түзүү; көптүктүн элементи катары өзүнчө предмет да, ошондой эле бүтүндөй топ да болушу мүмкүн;
- ➔ бүтүндөй көптүк менен анын айрым бөлүктөрүнүн ортосундагы мамилелерди аныктоо; бүтүндү жана бөлүктү салыштыруу, көптүк ар бир бөлүктөн көп экендигин, ал эми бөлүк бүтүндөй көптүктөн аз экендигин түшүнүү;
- ➔ көптүктүн ар кандай түрлөрүн эсептин негизинде жана элементтерди (предметтерди) бири бирине салыштыруу; көптүктүн чоң/аз бөлүгүн же алардын тең экендигин аныктоо; көптүктүн бөлүгүн алып салуу боюнча операция менен, көптүктү бириктирүү операциясы менен, бир предметти гана эмес, көптүктүн бир бөлүгү катары бүтүндөй предметтердин бүтүндөй тобун билдирген бир сөзүнүн мааниси менен тааныштыруу;
- ➔ 10 санынын чегинде сандык жана катар эсепти өздөштүрүү; 0дөн 9га чейинки цифраны, 10 санын пайдалануу; 5–10 санынын чегинде (көрсөтмөлүүлүк негизде) ар бир сандын түзүлүшү менен ырааттуу тааныштыруу;
- ➔ 5тин чегинде сандардын курамы менен тааныштыруу, эки кичинекей сандан 5тин чегинде бир чоң санды алуу;
- ➔ «Канча?», «канчанчы?» («кайсы?») суроолорду айырмалоо жана аларга туура жооп берүү;
- ➔ үлгү жана берилген сан боюнча солдон оңго, оңдон солго көп сандан предметтерди алуу (10дун чегинде);

- ➔ сан элементтердин мүнөзүнөн, алардын сапаттык белгилеринен (предметтердин көлөмүнөн, алардын ортосундагы аралыктан, мейкиндикте жайгашуусунан) көз каранды болбой турганын билүү;
- ➔ конкреттүү көптүктөрдү салыштыруунун негизинде 10дун чегинде катар турган сандарды салыштыруу; аз санга бир предметти кошуу же көп сандан бир предметти алуу менен тең эместиктен теңди (теңден тең эместикти) алуу;
- ➔ тыбыштарды эсептөөгө, сыйпалап эсептөөгө, үлгү жана берилген сан боюнча жана бирге аз/көп (10дун чегинде) боюнча берилген кыймылдын санын эсептөөгө жана айтууга көнүгүү.

***Барабардык тууралуу түшүнүктөрдү калыптандырууну улантуу:***

- ➔ топтогу ар түрдүү предметтердин тең санын аныктоого, топторду эсептөөнүн жана салыштыруунун негизинде сандык маанилерди туура жалпылоого үйрөтүү;
- ➔ сандын предметтин көлөмүнөн, предметтердин ортосундагы аралыктан, формасынан, алардын жайгашкан ордунан жана эсептөөнүн багытынан (солдон оңго, оңдон солго, каалаган предметтен саноо) көз каранды эмес экендигин түшүнгөнүн тактоо;
- ➔ предметти (барак, тасма, тегерек, квадрат ж. б.) бир нече тең бөлүктөргө (эки, төрт) бөлүүгө болору тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу.

***Чоңдук:***

- ➔ түрдүү узундуктагы (бийиктиктеги, кеңдиктеги же калыңдыктагы) 5–10 предметтин ортосундагы өлчөмдүк катышты аныктоого үйрөтүү: предметтерди чоңдугу боюнча көбөйгөн (азайган) тартипте жайгаштыруу менен системалаштыруу; чоңдугу боюнча предметтердин ортосундагы мамилени кебинде чагылдыруу: «китеп – абдан калың, ал дептерден калыңыраак, ал эми баракча баарынан ичке» ж. б.;
- ➔ чоңдугу (узундугу, туурасы, бийиктиги, калыңдыгы) боюнча эки предметти түздөн түз – салыштырылып жаткан предметтердин бирине барабар үчүнчүнүн (шарттуу ченегичтин) жардамы менен салыштырууга үйрөтүү;
- ➔ балдардын көз болжолун, атайын уюштурулган шартта узунураак (кыскараак), жогору (төмөн), калың (ичке), кең (тар) жана ага барабар предметти таба алуусун өнүктүрүү;
- ➔ оор-жеңил, оорураак-жеңилирээк сөздөрүн колдонуу менен балдарда салмак сезимин өстүрүү.

***Геометриялык фигуралар:***

Көлөмдүү телолор: шар, куб, цилиндр, конус, пирамида, овалоид (овоид) жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдөө;

балдардын геометриялык жалпак фигуралар: айлана, квадрат, үч бурчтук, тик бурчтук, сүйрү тегерек (овал) жөнүндө билимдерин бекемдөө;

тааныш предметтердин формаларын талдоо, айланасындагы бирдей жана ар башка формадагы предметтерди: китеп, картина, столдун үстү – тик бурчтуу; поднос жана тамактар – сүйрү тегерек; тарелка, пиала, саат, кастрюлдун капкагы – тегерек ж. б. у. с. таба алуу билгичтигин өнүктүрүү.

***Мейкиндикте багыт алуу:***

- ➔ мейкиндик түшүнүктөрүн бекемдөө жана кеңейтүү: солдо, оңдо, жогоруда, төмөндө, алдыда, артта, ортосунда, жанында, катарында ж. б. Балдарды кебинде тигил же бул предметтин өзүнө жана башка предметке карата абалын билдиргенге үйрөтүү: «Куурчактын оң жагында коен отурат, ал эми куурчактын сол жагында ат, артында аюу, ал эми алдында машина турат»;

- ➔ берилген багытта кыймылдаганга, басуу, чуркоо, гимнастикалык көнүгүүлөр (алдыга, артка, солго, оңго ж. б.) учурунда кыймылдын багытын өзгөрткөнгө үйрөтүү;
- ➔ айланадагы адамдардын жана предметтердин арасында өзүнүн ордун аныктоого көнүктүрүү: ары жагында, жанында, ортосунда, алдында, каршысында, арт жагында, оң жагында жана сол жагында;
- ➔ балдарды баракта ориентир алганга (солдо, оңдо, жогору жагында, ылдый жагында, ортосунда) үйрөтүү.

***Убакытты билүүгө:***

- ➔ жуманын күндөрүн ырааты менен атаганга үйрөтүү. Бүгүн кайсы күн экенин, кечээ кайсы күн болгонун жана эртең кандай күн болорун аныктоо;
- ➔ балдардагы айрым убакыт бирдиктеринин узактыгы менен тааныштыруу аркылуу балдарда «убакыт сезимин» өнүктүрүү: сутка (эрте менен, күндүзү, кечинде, түн), жума (жуманын күндөрү), ай (азыркы айдын аты), жыл мезгили.

Математикалык мазмунду программанын башка бөлүмдөрү менен жуурулуштуруу окутуу процессин бир топ табигый жана турмушка багытталган кылат. Геометриялык фигураларды өзгөртүү ыкмаларын издөөнүн жүрүшүндө чыгармачылык мамиле аппликация, ийлеп чаптоо, кагаз пластик боюнча ишмердикте өздөштүрүлөт. Конструкциялоодо балдар сандардын, конструкцияны пропорция, симметрия боюнча талдоонун жардамы менен ченөөнү, салыштырууну колдонушат. Математикалык жана табият таануучулук боюнча өсүүнүн жуурулушуусу балдардын иликтеп-үйрөнүүгө, белгилери боюнча салыштырууга жана жалпылоого ээ болгону менен ишке ашат.

**«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдар:**

- ★ жөнөкөй математикалык маселелерди түзөт жана чечет;
- ★ предметтин олуттуу касиеттерин бөлүп көрсөтөт, формасын, өлчөмүн талдайт;
- ★ жуманын күндөрүн атайт, сутканын бөлүктөрүнүн, жыл мезгилдеринин ыраатын аныктайт;
- ★ элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча дидактикалык оюндарга карата кызыккандыгын көрсөтөт;
- ★ предметтердин топторунун курамдык бөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт; окшоштук жана айырмачылык белгилерин аныктайт;
- ★ бөлүктөрдү салыштырат; предметтердин толук тобу ар бир анын бөлүгүнөн көп (бөлүк бүтүндөн аз) экендигин түшүнөт;
- ★ 10дун чегинде эсептейт, артына санайт, санап бөлөт;
- ★ санды предметтердин эсеби менен байланыштырат;
- ★ сандык жана иреттик сан атоочторду туура колдонот, «Канча?», «Канчанчы?», «Эсеби боюнча канчанчы?» суроолоруна жооп берет;
- ★ 10дун чегинде (көрсөтмөлүүлүккө таянуу менен) катар турган сандарды салыштырат, кайсы сан башкасынан көп (аз) экендигин аныктайт; эки ыкма (алуу жана кошуу) менен предметтердин тең эмес топторун теңдештирет;
- ★ сандардын курамын билет жана 5тин чегинде эки аз сандан бир чоң санды түзөт;

- ★ көбөйүү (азаюу) тартибинде, көлөмү (узуну, туурасы, бийиктиги, калыңдыгы) боюнча катар жайгаштыруу менен түрдүү чоңдуктагы предметтерди (10го чейин) салыштырат;
- ★ көбөйүү (азаюу) тартибинде катар жайгаштыруу менен түрдүү оордуктагы предметтерди салыштырат;
- ★ предметтердин тегиздиктеги геометриялык формаларын айырмалайт (тегерек, сүйрү тегерек, үч бурчтук, төрт бурчтук);
- ★ предметтердин көлөмдүү геометриялык формаларын айырмалайт (куб, шар, овалоид (овоид), конус, цилиндр, пирамида);
- ★ предметтердин жана адамдардын арасындагы өзүнүн ордун, ошондой эле бир предметтин башкасына карата абалын сөз менен берет;
- ★ сутканын бөлүктөрүн ырааты менен жуманын ошол күнүн айтат;
- ★ тең эместен тең кыла алат;
- ★ жаза алат жана математикалык белгилерди колдонот;
- ★ предметтерди эң чоңунан эң кичинесине карата жана тескерисинче тизет;
- ★ предметтердеги геометриялык фигураларга окшош бөлүктөрдү бөлүп көрсөтөт;
- ★ баракта багыт (ориентир) алат.

## 6.6.5. Конструкциялоо

**Максаты:** конструкциялоого кызыгуусун өстүрүү. Негизги бөлүктөрдү, функционалдык багытын бөлүп көрсөтүү менен курулмаларды, сүрөттөрдү, элементардык чиймелерди талдоого үйрөтүү.

**Негизги милдеттер:**

- ➔ балдардын түзүлүүчү курулуш менен көргөндөрүн курчап турган чөйрөдөн көргөндөрү менен байланыштыра билүүсүн; ар кандай курулуштарды жана курулмаларды (конструкцияларды) түзө билүүсүн өнүктүрүүнү улантуу;
- ➔ курулманын негизги бөлүктөрүн жана мүнөздүү белгилерин бөлүп көрсөтүүгө үйрөтүү. Жаңы бөлүктөр менен тааныштыруу: формасы жана көлөмү ар кандай пластина, төрт кырдуу жыгач (брусок), цилиндр, конус ж. б. Бир бөлүктү экинчиси менен алмаштырууга үйрөтүү. Бир эле объектинин көлөмү жана конструкциясы ар башка курулмасын кура билүүсүн калыптандыруу;
- ➔ коюлган шарт боюнча да, каалаганы боюнча да, сүрөт боюнча курууга, керектүү *курулуш материалын* өз алдынча тандаганга үйрөтүү;
- ➔ тегиздикте иштегенге, *геометриялык мозаиканы* түзгөнгө үйрөтүү, ошондой эле магниттик конструкциялоо көндүмдөрүн калыптандыруу. *ЛЕГО конструктор* менен иштей алуу билгичтигин калыптандыруу;
- ➔ *кагаз* менен иштей алуусун өркүндөтүү: баракты бүктөө жана түрдүү багыттарда бүктөө; даяр кийимдин үлгүсү жана «оригами» менен иштөө. Кагаздан көлөмдүү фигураларды жасаганга үйрөтүү: чарчы кагазды бир нече тең бөлүктөргө бөлүү, бүктөөлөрүн жылмалоо, бүктөөлөрү боюнча (үй, себет, көпөлөк, кубик) кесүү;
- ➔ жалпак геометриялык фигуралар жөнүндөгү: айлана, чарчы, үч бурчтук, сүйрү тегерек, төрт бурчтук; геометриялых көлөмү жөнүндө: шар, куб, цилиндр, овалоид (овоид), конус, пирамида түшүнүктөрүн бекемдөө;

- ➔ *жаратылыш* материалдарынан (тобурчактар, бутактар, мөмөлөр) жана башка *ыргытылуучу материалдардан* (катушкалар, түстүү сырты бар зымдар, бош кутулар ж. б.) оюнчуктарды, сувенирлерди жасоого, бөлүктөрүн бекем бириктиргенге үйрөтүүнү улантуу;
- ➔ сюжеттик-ролдук оюн үчүн өз алдынча оюнчук (чымчыктардын, айбанаттардын жана адамдардын фигуралары, белектер, сумкалар, салфеткалар ж. б.); ата-энелер, бала бакчанын кызматкерлери үчүн сувенирлерди; балатыны коздоо буюмдарды жасай алуу билгичтигин калыптандыруу;
- ➔ балдардын өз алдынча ишмердиги учурунда аларды колдонмолорду (коробкалар, эсептөө материалдары) даярдоого, китептерди ремонттоого тартуу;
- ➔ тарбиячы жасаган майда-барат буюмдарды жана курулуштарды талдаганга; талдоонун натыйжасында конструктивдүү чечимдерди тапканга жана өзүнүн курулушун түзүүнү пландаганга жардам берүү;
- ➔ жамаат менен иштей билүүсүн өнүктүрүүнү улантуу, өзү жасаган майда буюмдарды жалпы идея менен бириктирүүсү, иштин кайсы бөлүгүн аткара турганын макулдашуусу;
- ➔ өз алдынчалыгын, чыгармачылыгын, демилгесин, ынтымакка умтулуусун, ошондой эле жамаатта иштей алуу билгичтигин колдоо;
- ➔ чыгармачыл элестетүүсүн, көркөм табитин өнүктүрүү.

**«Конструкциялоо» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:**

**Балдарда:**

- ★ көркөм табити, чыгармачылыкка, эксперимент жасоого жана тапкычтыкка болгон умтулуусу өнүгөт;
- ★ курулуштук, көркөм баалуулуктарды, техникалык жаңылыктарды, адамдардын турмушу үчүн керектүү предметтерди, буюмдарды, жаратуу боюнча адамдардын ишмердигине болгон кызыгуусу кеңеет;
- ★ курулуш элементтери жана алардын конструктивдүү касиеттери тууралуу түшүнүктөр калыптанат;
- ★ карым-катыштык иштиктүү баарлашуу көндүмдөрү калыптанат, биргелешкен ишмердикке болгон кызыгуусу өнүгөт;
- ★ мейкиндикте багыт (ориентир) алуу көндүмдөрү өнүгөт;
- ★ жамаатта иштей алат;
- ★ үлгү, коюлган шарт боюнча, ойлонулган идея боюнча курулуш материалдарынан, түрдүү конструкторлордон жана жалпак моделдөөдөн түзүү боюнча конструктордук көндүмдөрү өркүндөтүлөт;
- ★ курулуштарды, сүрөттөрдү чиймелерди (жалпыланган ыкма боюнча) өз алдынча талдоо жөндөмү өнүгөт;
- ★ курулуштун үлгүсүн талдай алат жана өзүнүн курулушун жаратуу баскычтарын пландай алат, конструктивдүү чечимдерди табат; үлгү боюнча да, өзүнүн каалоосу боюнча да курулуштарды кура алат;
- ★ татаал эмес майда буюмдарды жарата алат, жаратылыш жана ыргытыла турган материалдардан оюнчуктарды, сувенирлерди жасай алат, кагаз менен иштей алат: бүктөйт, бүктөөлөрү боюнча кесет;
- ★ ишке керектүү куралдарды, материалдарды өз алдынча даярдап, аларды колдоно алат;

- ★ жумуш ордунда тазалыкты жана тартипти сактоо адаты калыптанат;
- ★ түрдүү материалдарды (кагаз, картон, ыргытыла турган жана жаратылыш материалдары ж. б.) пайдалануу менен конструкциялоого кызыгуусу жана көркөм эмгектеги, дизайндагы билгичтиктери, көндүмдөрү калыптанат.

## 6.6.6. Көркөм адабият

Мектепке чейинки билим берүү уюмундагы ***көркөм адабият балдардын кебинин курамдык бөлүгү болуп саналат.*** Көркөм адабият аркылуу адабиятка, көркөм адабияттагы ***каармандарды таанууга кызыгуусу, каармандардын жүрүм-турумдарын баалоосу тарбияланат.***

Ырларды, макал-лакаптарды, табышмактарды көркөм окууга, чыгарманын маанисин интонация аркылуу бергенге, логикалык тынымдарды жасаганга, интонациялык басымдарды жасаганга үйрөтүлөт.

Балдарды көркөм чыгарманын каармандарынын мүнөзүн сезгенге жана түшүнгөнгө үйрөтүү, көркөм-кептик аткаруу жөндөмдүүлүктөрүн: аткарунун эмоционалдуулугун, мазмунга, персонаждарга болгон өзүнүн мамилесинен бери билүүсүн калыптандыруу.

Бул куракта адабиятка болгон кызыгуусу, каармандардын жүрүм-турумдарын баалоосу жаралат.

Бул курактагы балдар педагог койгон тапшырмалардын маанисин жакшы түшүнүшөт, тапшырмаларды аткаруу ыкмасына багытталган көрсөтмөлөрдү өз алдынча аткарат. Мунун негизинде окутуунун мүмкүнчүлүктөрү кеңеет.

***Өзүнүн жүрүм-турумун башкара билүүсү баланын көңүл буруусуна, эс тутумуна, ой жүгүртүүсүнө таасир этет. Көңүл буруу бир топ омоктуу болот, эрктүү эске тутуу жөндөмү жаралат. Ырларды, тексттерди, эсептөө ырларын, бат айтмаларды, легендаларды жаттоо менен балдар атайылап аларды кайталашат.***

**Максат:** балдардын көркөм сөзгө болгон кызыгуусун калыптандыруу, окурмандык маданиятты тарбиялоо жана алардын көркөм-чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү.

**Негизги милдеттер:**

балдардагы адабиятка болгон кызыгууну колдоо, аларды китепти сүйүүгө тарбиялоо.

- ➔ адабий-көркөм табитти, чыгарманын маанайын түшүнүү, поэтикалык тексттердин музыкалуулугун, уккулуктуулугун жана ыргактуулугун; жомоктордун жана аңгемелердин тилинин кооздугун, образдуулугун жана көркөмдүгүн сезүү жөндөмүн өнүктүрүү;
- ➔ балдардын текстти мазмуну, мааниси менен көркөм кабыл алуусун өнүктүрүүгө жардам берүү;
- ➔ кептин тыбыштык маданиятын, байланыштуу кепти, поэтикалык угумду өркүндөтүүнү улантуу;
- ➔ көркөм окууга, айтып берүүгө жана драмалаштырууга катышуусун өнүктүрүү;
- ➔ адабий чыгармалар аркылуу уул балдарда *«эр жүрөктүүлүктү»,* кыз балдарда *«аялзатына тиешелүү назиктикти»*, ошол эле учурда лидердик сапатты, бири бирине жардам берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүнү калыптандыруу; турмушта бардык жерде, бардык учурда эмгекти сүйүү, өзүнө ишенүү, жоопкерчилик, чечим кабыл алуу жөндөмү керек экендигин көрсөтүү.

5–6 жаштагы балдарды **көркөм өнүктүрүүнүн негизги методдору** болуп булар саналат:

- ➔ ***Балдарга окуу жана айтып берүү.*** Чыгармалардын эмоционалдык-образдуу маанисин түшүнгөнгө үйрөтүү. Балдарды жанрлардын өзгөчөлүктөрүн билгенге алып келүү: жомок-фантастика, жаныбарларга адамдын касиеттерин берүү, аңгеме-кыскача баяндоо, көбүнчө реалдуу мазмун менен, айтып берүүчү бар, ыр-мазмунду берүүнүн ыргактык жактан уюштурулган формасы.
- ➔ ***Көркөм окуу.*** Балдарды эки тилде көркөм жатка айтканга, интонация, логикалык басым, тыным менен автордун көңүл кушун: майрамдык, ойлуу, кайгылуу ж. б. бергенге балдарды үйрөтүү. Тынымды, логикалык басымды колдоно билүүсүн, кептин интонациялык көркөмдүгүн калыптандырууну, кубанычтуу көңүл кушун, кызыгууну, ар кайсы жыл мезгилдеринин сүрөттөрүнө сыймыктануу сезимдерин калыптандырууну улантуу.
- ➔ ***Кайра айтып берүү.*** Балдарды эмоционалдуу, логикалык жактан негиздүү, сюжеттин ыраатын сактоо менен, аңгеменин каармандарына карата эркелеткен, ак көңүл мамилени берүү менен кайра айтып бергенге шыктандыруу. Жомоктун каармандарын мүнөздөгөн образдуу сөздөрдү жана айтылгандарды кайра айтып берүү. Темалары ар башка чыгармаларга карата өз мамилесин билдирүү менен өз алдынча, көркөм айтып бергенге үйрөтүү; диалогдук жана монологдук кепти өнүктүрүү.
- ➔ ***Чыгармачыл айтып берүү.*** Чыгармачыл демилге көтөрүү, тарбиячынын аңгемесинин уландысын жана аягын ойлоп табуу билгичтиги. Тарбиячы сунуштаган темада аңгеме ойлоп тапканга, сюжетти ырааттуу өнүктүргөнгө, сөзүндө эпитеттерди, салыштырууларды колдонгонго балдарды үйрөтүү.

## Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Максаттарга жетүү жана милдеттерди чечүү үчүн балдардын окурмандык маданиятын жана көркөм сөзгө карата сүйүүсүн калыптандырууга жардам берүүчү предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү маанилүү. Башкы ролду бала бакчада китеп бурчун, драмалаштыруу бурчун туура ойлонуп уюштуруу ойнойт. Бардык зарыл материалдар баланын өз алдынча ишмердиги үчүн жеткиликтүү болушу керек. Китептерди тандоо тематикага жана балдардын суроо-талабына ылайык өзгөрүп турушу зарыл. Китеп бурчунда балдар өздөрү, ата-энелер жана чоң адамдар менен биргеликте даярдаган китептерге өзгөчө орун берилет. Китеп бурчун балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн түрдүү ыргытыла турган коопсуз материалдар менен толуктап туруу максатка ылайык болот. Сүрөттөрдүн көрсөтмөсүн, драмалашкан оюндарды уюштуруу, көркөм чыгармалардын мотиви боюнча каармандардын костюмдарын даярдоо китепке карата кызыгуунун, китепти жакшы көрүү өсүүсүнө жардам берет.

## «Көркөм адабият» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

- ★ китептерге жана окуу материалдарына кызыгат;
- ★ китептерге кызыгат, сүйүктүү китеби бар;
- ★ уккан тексти тууралуу ой жүгүртөт, каармандардын аракеттерин талдайт;
- ★ жомоктордун оң жана терс каармандарын айырмалайт;
- ★ аңгемелерди өз алдынча түзөт;
- ★ анча чоң эмес жомоктордун, аңгемелердин сюжеттерин кайра айтып бере алат;
- ★ ырларды жатка билет;
- ★ табышмактарды, макалдарды, жаңылмачтарды билет;

- ★ тааныш эмес сөздөрдүн маанисин сурайт;
- ★ сөздөрдү туура санда, жөндөмөдө колдонот;
- ★ китептер айлана-чөйрө тууралуу маалыматтарды камтый турганын билет;
- ★ китептин аталышы, автору, сүрөтчүсү болорун билет.

## 6.6.7. Музыкалык өнүгүү

**Максат:** эстетикалык кабыл алууну, музыкага кызыгууну, аны сүйүүнү өнүктүрүүнү улантуу; композиторлор, классикалык, элдик жана азыркы музыка менен таанышуунун негизинде музыкалык маданиятты калыптандыруу; балдардын музыкалык жөндөмүн өнүктүрүүнү улантуу: үнүн чыгаруу, ыргактуулук, тембрдик, динамикалык угум; эмоционалдык боорукердик жана чыгармачыл активдүүлүк; ырдоо, музыка менен кыймылдоо, балдар музыкалык аспаптарында ойноо жана импровизациялоо көндүмдөрүн андан ары өнүктүрүүгө жардам берүү.

### Негизги милдеттер:

#### *Угуу*

- ➔ музыкалык чыгармалардын жанрларын (марш, бий, ыр) айырмалаганга үйрөтүү. Чыгарманын айрым үзүндүлөрү (киришүү, жыйынтык, музыкалык фраза) боюнча обондорду таануу аркылуу музыкалык эс тутумду өнүктүрүү;
- ➔ квинтанын чегинде үндөрдү бийиктиги, музыкалык аспаптын ойнолушу (клавишалык-урма жана кылдуу: фортепиано, скрипка, виолончель, балалайка) боюнча айырмалоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

#### *Ырдоо жана ырчылык өнөр*

- ➔ ырдоо көндүмдөрүн, «ре» биринчи октавасынан «до» экинчи октавасына чейинки диапазондо акырын үн менен ырдоо; ырдын алдында, музыкалык фразалардын арасында демди алуу, сөздөрдү так айтуу, ырды өз учурунда баштоо аяктоо, обондун мүнөзүн эмоционалдуу берүү, ылайыктуу бийик же акырын ырдоо билгичтиктерин калыптандыруу;
- ➔ музыкалык коштоо менен жана коштолбостон, «соль» менен ырдоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берүү;
- ➔ түрдүү мүнөздөгү ырларды чыгармачылык менен аткарууга жана анда өз алдынчалыгын көрсөткөнгө көмөк көрсөтүү. Сүйүктүү ырлардын фондун түзүү, муну менен ырдоо музыкалык табитин өнүктүрүү;
- ➔ берилген текстке карата обонду импровизация кылганга үйрөтүү. Түрдүү мүнөздөгү обондорду жаратуу билгичтигин калыптандыруу: эркелеткен бешик ыры, берилген же жигердүү марш, жай вальс, көңүлдүү бий ыры.

#### *Музыкалык-ыргактуу кыймыл*

- ➔ ыргактуулук сезимин, музыканын мүнөзүн, эмоционалдуу-образдуу мазмунун кыймыл аркылуу берүү билгичтигин, мейкиндикте эркин багыт алуусун, жөнөкөй башкасына өтүүнү, орто темптен бат же жай темпке өз алдынча өтүүсүн, музыкалык фразаларга ылайык кыймылды өзгөртө билүүсүн өнүктүрүү;
- ➔ бий кыймылдарын (секирип кезек менен бутту алдыга сунуу; жарым отуруу менен өзгөртүлгөн кадам, алдыга сунуу, айлануу; бутту алдыга сунуу менен жарым отуруу) аткаруу көндүмдөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтүү;

- бий чыгармачылыгын калыптандыруу. Ырларды инсценировка кылуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү улантуу; жомоктогу жаныбарлардын жана канаттуулардын (жылкы, эчки, түлкү, аюу, коен, илегилек, карга ж. б.) образын түрдүү оюн кырдаалдарында импровизация кылганга үйрөтүү;
- кыргыз бий чыгармачылыгы, орус хору, бийи, ошондой эле башка элдердин бийлери менен тааныштыруу.

### *Музыкалык-оюн жана бий чыгармачылыгы*

- бий чыгармачылыгын өнүктүрүү; бий күүлөрүнө (пляска), бийлерге кыймылды ойлоп тапканга, бийге композиция түзгөнгө, чыгармачылыкта өз алдынчалыгын жана өзгөчөлүгүн көрсөткөнгө үйрөтүү;
- тиешелүү мүнөздөгү музыка менен түрдүү каармандардын кыймылдарын импровизация кылганга; ырдын мазмунун чагылдырган кыймылдарды өз алдынча ойлоп тапканга; жөнөкөй бий кыймылдарын ойлоп тапканга үйрөтүү;
- ырлардын, хорлордун мазмунун инсценировка кылганга шыктандыруу.

### *Балдар музыкалык аспаптарында ойноо*

- балдар музыкалык аспаптарында жөнөкөй обондорду ойногонго; жалпы динамиканы жана темпти сактоо менен, тааныш ырларды жекече жана чакан топ менен аткарууга үйрөтүү;
- балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү, аларды активдүү өз алдынча иш-аракеттерге шыктандыруу.

### *Театралдашкан оюндар*

- тааныш жомоктор, ырлар, обондуу ырлар боюнча сценка кое билүүсүн өнүктүрүүнү улантуу; бул максатта куурчактарды, баштан жана көйнөктөн турган куурчактарды (бибабо), чоподон өз алдынча жасалган буюмдарды, пластилин фигураларды, киндер-сюрприз оюнчуктарды, костюмдардын элементтерин, коздоолорду колдонуу. Аткаруучулук билгичтиктерди өркүндөтүү;
- каармандын эмоционалдык абалын сезгенге жана түшүнгөнгө, башка каармандар менен ролдук өз ара мамилеге катышканга үйрөтүү;
- спектаклдерди, концерттерди даярдоо жана өткөрүү үчүн чыгармачыл топторду түзгөнгө үйрөтүү;
- артисттик сапаттарды тарбиялоо, балдарды түрдүү театралдашкан көрсөтүүлөргө тартуу менен алардын чыгармачыл дараметин ачуу: оюндар, концерт, цирк, спектаклдерден сценаларды көрсөтүү. Балдарга теңтуштарынын, ата-энелердин жана башка коноктордун алдында чыгып, өнөрүн көрсөткөнгө мүмкүнчүлүк берүү.

### *Көңүл ачуу*

- баарлашууга катышып, суранычын билдирүү, кайрылуу билгичтигин калыптандыруу; мимиканы, колдун кыймылдарын колдонуу; ак көңүл, боорукер болуу; өнөктөшүн угуу;
- спортко кызыгуусунун жаралышына, спорт менен машыгууга умтулуусуна көмөк көрсөтүү;
- маданий-таанып билүү муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, суроо-талаптарын жана артыкчылык берүүлөрүн, ошондой эле эс алуу үчүн өздөштүргөн билимдерин жана билгичтиктерин пайдаланганын көрсөтүүсү үчүн шарттарды түзүү;
- кооздук менен сымбаты келишкендикти көрө билүү жана айырмалай алуу билгичтигин тарбиялоо. Курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө кызыгуучулукту жана

активдүүлүктү, чыгармачыл ишмердикке катышууга, жаңыны таанып билүүгө умтулууну колдоо.

### *Майрамдар*

- ➔ балдардын кадимки жана майрам күндөр тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- ➔ майрамдардын келип чыгуу тарыхы менен тааныштыруу, элдик майрамдык каада-салттарга жана үрп-адаттарга этияттык менен мамиле кылууга үйрөтүү;
- ➔ майрамдарга карата эмоционалдык-оң мамилени жаратуу, балдарды жалпы элдик көңүл ачууга тартуу;
- ➔ айланадагы адамдарга карата көңүл буруунун жана жакшы көрүү сезимин, досторун, чоң адамдарды даталуу күндөр, окуялар өз учурунда куттуктоого, өзү жасаган белектерди берүүгө тарбиялоо;
- ➔ майрамдарды даярдоого жана өткөрүүгө, топтун имаратын, музыкалык залды, бала бакчанын участогун ж. б. кооздоого; эл аралык, мамлекеттик, элдик жана тиричилик майрамдарын белгилегенге активдүү катышууга үйрөтүү.

### Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

- ➢ кичинекей шатыча – беш тепкич, аспаптар: металлофон, эрин гармошкалары, баян, барабан, бубен, коңгуроолор, музыкалык балкачалар, бардык үн чыгаруучу аспаптар, балдар пианиносу же анын жалпак сүрөтү;
- ➢ композиторлордун портреттери;
- ➢ столдогу музыкалык-дидактикалык оюндар;
- ➢ мини-фланелеграф; тегерекчелер-ноталар;
- ➢ окутуунун техникалык каражаттары (ОТК);
- ➢ балдар ырлары жазылган кассеталардын жана дисктердин топтому;
- ➢ ыргытылуучу материалдан аспаптар, ар кандай көлөмдөгү суусу бар бөтөлкөлөр, түрдүү толуктагычтар менен банкалар, башка үн чыгаруучу сенсордук эталондор.

### «Музыкалык өнүгүү» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

- ★ музыкалык чыгармалардын жанрларын (марш, бий, ыр); музыкалык аспаптардын (фортепиано, скрипка) үнүн; обону, киришүүсү боюнча чыгармаларды айырмалоо;
- ★ бийик жана төмөнкү үндү (квинтанын чегинде) айырмалоо;
- ★ чыңалуусуз, акырын жай, жеңил үн менен ырдоо; сөздөрүн так айтуу, ырды учурунда баштоо жана аяктоо; музыкалык аспаптын коштоосунда ырдоо;
- ★ музыканын түрдүү мүнөзүнө жана динамикасына ылайык ыргактуу кыймылдоо;
- ★ музыкалык чыгарманын жана музыкалык фразалардын үч бөлүктүү формасына ылайык кыймылды өз алдынча алмаштыруу;
- ★ бий кыймылдарын аткаруу: секирип, бутту алмак-салмак алдыга сунуу, бутту согончокко коюу менен жарым отуруу, айланып алдыга жылуу менен, таманды толук тийгизип ордунда басуу;
- ★ бири бирин туурабастан, ырларды, хорлорду өз алдынча инсценировка кылуу;

★ бирден же чакан топтор менен обонду металлофондо ойноо;

★ балдарды музыкалык өстүрүү түздүн түз билим берүү ишмердигинде жана күндөлүк турмушта ишке ашат.

## 6.6.8. Көркөм өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу.

**Максаты:** көркөм өнөргө тартуу, балдар көркөм чыгармачылыгын өнүктүрүү.

**Негизги милдеттер:**

***Сүрөт тартуу***

- ➔ байкагычтыгын жана дүйнөнү образдуу кабыл алуусун өнүктүрүү;
- ➔ элестетүүсүн өстүрүү – элестетилген образдар үчүн элестеги кырдаалды түзүүгө үйрөтүү;
- ➔ кооздукту кабыл алуунун негизинде эстетикалык сезимди калыптандыруу жана көрсөтүп жаткан образдар менен кошо кайгыруу жөндөмүн тарбиялоо;
- ➔ көргөн предметтерин жана мейкиндиктеги мамилелерди көркөм материалга өткөрүүнү каалоосун калыптандыруу;
- ➔ предметтердин реалдуу түсүн, чагылдырылып жаткан нерсеге карата өзүнүн мамилесин берүү үчүн түстү пайдаланганга үйрөтүү;
- ➔ көркөмдүк техникасын, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- ➔ көркөмдүк материалдарынын жана куралдарынын касиеттери менен тааныштыруу: боектор (гуашь, акварель, витраж боектору); жөнөкөй, түстүү, көмүр карандаштары; сангина, саргыч мом борлор, кыл калемдер; ак, түстүү, күңүрт боелгон кагаздар.

***Аппликация***

- ➔ табитин тарбиялоо жана предметтин чыныгы образын стилге келтире билүү;
- ➔ кагаздын түсүн жана аларга карата оттенокторду өз алдынча тандоо процессинде түстү сезүүсүн өркүндөтүү;
- ➔ балдардын предметтин конструкциясынын негиздери (ири жана майда бөлүктөр, алардын багыттары) жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү жана системалаштыруу;
- ➔ тегерек формаларды кесүү ыкмаларына ээ болууда көрүү-кыймыл кординациясын өнүктүрүү;
- ➔ түз кесүү техникасын бекемдөө;
- ➔ түз жана тегерек формалардан оюнчуктардын бүтүндөй көркөм образдарын түзүүгө үйрөтүү;
- ➔ эң ири бөлүгүнөн баштап, аларды майда, мүнөздүү бөлүктөрү менен толуктап кагазга сүрөттү чаптоого үйрөтүү.

***Ийлеп чаптоо***

- ➔ балдарды форманын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырганга балдарды үйрөтүү;
- ➔ образды майда бөлүктөр менен толуктоо, аны кооз элементтер менен байытуу аркылуу жөнөкөй пропорцияны берүү билгичтигин тарбиялоо;

- ➔ фигуралардын татаал эмес кыймылын берүү;
- ➔ бекитип бириктирүүнүн ар кандай техникаларын пайдалануу менен, бөлүктөрдү бекем бириктирүү.

## Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Предметтик өнүктүрүүчү чөйрөнү туура уюштуруу – бул билим берүү ишмердигинин маанилүү шарттарынын бири. Ал мындай болушу керек: мазмундуу, көп нерселер бар, жеткиликтүү, өзгөртүүгө боло турган, коопсуз, бала өз алдынча жана чыгармачылык менен иштей ала тургандай болушу зарыл. Жогорку топтогу көркөм өнөр (ИЗО) борбору балдардын үзүрлүү жана чыгармачыл ишмердиги үчүн төмөнкү зарыл материалдар менен жабдылышы керек: барактар жана альбомдор, кыл калемдер, краскалар, карандаштар, фломастерлер, ар кандай түстөгү борлор, пластилин, бор менен сүрөт тартуу үчүн доска, пластилин менен иштөө үчүн такталар, суу үчүн банкалар ж. б.; жыл мезгилине жараша картиналардын репродукциялары.

## «Көркөм өнөр» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

### *Сүрөт тартууда*

**Балдар:**

- ★ так формаларды түзөт, түстү тандайт, тыкан боейт, түрдүү материалдарды: карандаштарды, боекторду (гуашь жана акварель), фломастерлерди, түстүү майлуу борлорду ж. б. колдонуу менен предметтерди жана кубулуштарды көркөм чагылдырат;
- ★ бир нече предметти бириктирүү менен сүрөттө сюжетти берүү, аларды баракка көркөмдүк каражаттарын – композицияны колдонуу аркылуу сюжеттин мазмунуна ылайык жайгаштырат;
- ★ искусствонун тааныш чыгармаларын жанрдын түрлөрү: пейзаж, портрет боюнча атоо, айырмалайт;
- ★ оюнчуктардын элестерин кыргыз прикладдык искусствосунун, орус элдик жазууларынын элементтери менен коздойт;
- ★ бириктирет, суу кошот, боекторду агартуу аркылуу жаңы түстүк тондорду жана оттенокторду түзөт.

### *Ийлеп чаптоодо*

- ★ стектерди колдонот, аларды жалпы композицияларга бириктирет; өздөштүрүлгөн ыкмалардын бардык көп түрдүүлүгүн колдонуу менен көлөмдүү жана рельефтик сүрөттөрдү жаратат.

### *Кесип чаптоодо (аппликация)*

- ★ кайчыны туура кармайт жана аны менен түз, диагоналдар боюнча (чарчы, тик бурчтук) кесет, чарчыдан тегерек кесет, жай акырындык менен кесет жана бурчтарын тегерек кесет;
- ★ бир нече бөлүктөн турган предметтердин сүрөттөрүн тыкандык менен чаптайт;
- ★ предметтердин түстөрүнө жараша же өзүнүн каалоосу боюнча түстөрдү тандайт;
- ★ өсүмдүктөрдүн формаларынан жана геометриялык фигуралардан оймо-чиймелерди жаратат.

## 6.6.9. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия

Дене өнүктүрүү чөйрөсүнүн мазмунунун педагогикалык ишмердик, сабактарды жана ата-энелер, коомчулук менен өз ара мамилени уюштуруу аркылуу башка өнүктүрүү чөйрөлөрү менен жуурулушуусу уланат.

Алты жаштагы баланы дене маданиятына тартуунун негизги жолу педагогикалык жактан максаттуу шарттарды түзөөдө болот. Дене өнүгүүсү милдетин чечүү педагог уюштурган ишмердиктин түрлөрүндө ишке ашат: өнүктүрүүчү жана билим берүүчү кырдаалдар, түрдүү эс алуулар, майрамдар, ошондой эле дене тарбия залдарындагы, ден соолук борборлорундагы, спорттук жана топтук аянтчалардагы өз алдынча эркин кыймыл ишмердиги.

**Билим берүү ишмердигинин милдеттери**

- ➔ балдардын денелик жактан шайкеш өсүүсүнө жардам берүү;
- ➔ балдардын кыймылдоо тажрыйбасын топтоо жана байытуу:
- ➔ зарыл булчуң чыңалуулары менен көнүгүүлөрдүн бардык түрлөрүн (негизги кыймылдарды, жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү, спорттук көнүгүүлөрдү) аткаруу аркылуу аң сезимдүү активдүү билгичтиктерди өнүктүрүү;
- ➔ спорттук оюндар жана көнүгүүлөр тууралуу баштапкы түшүнүктөрдү жана ал боюнча билгичтиктерди калыптандыруу;
- ➔ кыймыл ишмердигинде чыгармачылык көрсөткөнгө шыктандыруу;
- ➔ өзүнүн жана жолдошторунун кыймылдарын талдоо (көзөмөлдөө жана баалоо) билгичтигин өнүктүрүү;
- ➔ *гендердик өзгөчөлүктөрүн* эске алуу менен балдардагы дене сапаттарын: координациясын, ийкемдүүлүгүн, жалпы чыдамкайлыгын, реакциясынын тездигин, жеке кыймылынынын ылдамдыгын, кыймылдардын эң көп тездигин, күчүн өнүктүрүү;
- ➔ ден соолук, анын баалуулуктары, ден соолукту бекемдөөчү пайдалуу адаттар, ден соолукту коргоо жана анын алдын алуу тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- ➔ маданий-гигиеналык көндүмдөрдү аткаруудагы жана бакубат жашоо образынын маанилүү адаттарын ишке ашыруудагы балдардын өз алдынчалыгын өнүктүрүү.

### Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Алты жаштагы балдарды дене маданиятына тартуунун негизги жолу педагогикалык жактан максаттуу шарттарды түзүүдө болуп саналат. Денелик жактан өстүрүү милдети педагог уюштурган ишмердиктин түрлөрүндө – өнүктүрүүчү жана билим берүүчү кырдаалдарда, эс алууларда, майрамдарда, ошондой эле дене тарбия залдарындагы эркин өз алдынчалуу кыймыл ишмердигинде, ден соолук борборлорунда, спорттук жана топтук аянчаларда ишке ашат.

- ✓ Билим берүү мейкиндиги окутуу каражаттары (анын ичинде техникалык), ***тиешелүү материалдар*** менен жабдылган:
- ✓ программанын өзгөчөлүгүнө ылайык оюн, спорттук, ден соолукту чыңдоочу жабдуулар, инвентарлар (түрдүү диаметрдеги жана багыттагы топтор, обручтар, секирмелер (скакалкалар), гантелдер, кеглдер, гимнастикалык таяктар, дугалар, белгиге ыргытуу үчүн баштыктар, алыска ыргытуу үчүн толтурулган топтор, султанчиктер, түрдүү формадагы жана өлчөмдөгү модулдар, «шаарчалардын» топтому, бадминтон ж. б. у. с.);

- ✓ ден соолукту бекемдөө жана өзүнө өзү массаж жасоо үчүн ыңгайлашуулар: пробкалуу килемчелер, кырлуу тактолар, куму бар каптар, толтурулган топтор, таштар менен килемчелер ж. б.

**Негизги усулдар** төмөнкүлөр болуп саналат:

- ➔ таанып билүүнүн өзгөчө объекти катары ***балдардын көңүлүн дене көнүгүүлөрүнө тартуу:*** педагог көрсөтүүнү түшүндүрүү, жарым-жартылай кыймылдарды көрсөтүү, айрым көнүгүүлөрдү баланын көрсөтүүсү, көрсөтмөлөр, баланын кыймылдарын талдоо жана ага баа берүү менен айкалыштырат, жолдошунун кыймылын баалоого жана өзүн-өзү баалоого шыктандырат;
- ➔ дене тарбия колдонмолорун ***карооо,*** алар менен кыймылдарды ***аткаруу;***
- ➔ ***бирдей, алмашылуучу, оюн, мелдеш методдорунун*** жардамы менен дене сапаттарын өнүктүрүү;
- ➔ ***маектешүүлөр, балдар көркөм адабиятын окуу,*** картиналарды, сүрөттөрдү кароо, видеофильмдерди, спорттун түрлөрү, спортсмендер, түрдүү дене көнүгүүлөрү тууралуу компьютердик презентацияларды ***кароо;***
- ➔ ***дидактикалык оюндар,*** аларда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн негизги кыймылдарынын түзүмү моделдештирилет. Бул «Адамга жан киргиз», «Карточкалардан комплексти түз», «Эмне туура эмес?» оюндары болушу мүмкүн;
- ➔ ***көркөм ишмердик,*** балдарга сүрөт аркылуу дене маданиятына болгон мамилесин, өзүнүн кызыкчылыктарын чагылдырганга мүмкүнчүлүк берет.

Дене өсүүсү процессин педагог балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен курушу керек, анда ал буларды эске алуусу керек:

- ➔ ден соолугунун абалы;
- ➔ дене даярдыгынын деңгээли;
- ➔ баланын гендердик таандыктыгы.

Балдардын дене өсүүсү боюнча сабактарды уюштуруу алардын ***гендердик таандыктыгын*** эсепке алуу менен сабак өтүлөт. Педагог кыздарга жана уул балдарга бирдей эле кыймылдарды аткарууга байланышкан түрдүү талаптарды коюшу керек: тактык, ыргактуулук, балдар үчүн кошумча аракеттердин чыгымдары жана кыздар үчүн ийкемдүүлүк, көркөмдүүлүк, көрктүүлүк. Уул балдар менен кыздардын айрым кыймылдарга ээ болуусунун бирдей эмес натыйжалуулугу педагогдун натыйжалуулукка карата талаптары да ар түрдүү болушу керек дегенди билдирет.

## Негизги кыймылдар

***Өз алдынча кайра тизилүү.*** Шеренгадан колоннага, эки катар колоннага, эки тегерекке, диагонал боюнча, ориентири жок «жылан» болуп тизилүү. Оңго, солго, ордунда бурч менен кыймылда бурулуулар.

***Басуу жана тең салмактагы көнүгүүлөр.*** Жарым отуруп, согончоктон буттун башына өтүп, буттун башында кармалып («короздун кадамы»), тапшырмалар менен (колду чаап, кол ар кандай абалда), көздү жумуп (3–4 м) басуу. Предметтер аркылуу (бийиктиги 20–25 см), кыйшык такта менен (бийиктиги 35–40 см, туурасы 20 см) басуу, гимнастикалык скамейкада көздү жумуп, бурулуп, колду ар кандай кыймылдатып, токтоп басуу. Шнур (8–10 м), устун (бийиктиги 25–30 см, туурасы 10 см), башында чыпта менен (500 г), дүмүрлөр боюнча, аркасы менен (3–4 м) басуу. Жарым отуруп, түшкөн салмакты алмаштырган кадам, таманын толук тийгизип ордунда, алдыга жылып жана тегеренип, бутту согончокко коюп жарым отуруу.

***Чуркоо.*** Буттун башында, тизени бийик көтөрүп, предметтер аркылуу жана алардын арасы менен темпти алмаштырып чуркоо. Жай темпте 350 м түз эмес өңгүл-дөңгүл жер менен чуркоо. Тез темпте 10 м (3–4 жолу), 20–30 м (2–3 жолу), жай темпте (1,5–2 мүн) 3–10 м бир нече жолу кайталап (челноктук) чуркоо.

***Секирүү.*** Ордунда: буттарды кайчылаштырып – буттар айрым-айрым; бир бут алдыда, экинчиси артта; алмаштырып оң жана сол бут менен 4–5 м. Эки буттап 5–6 предмет аркылуу (бийиктиги 15–20 см) секирүү, предметтерге: дүмүрлөргө, кубиктерге, дөңгөчтөргө (бийиктиги 20 см) секирип чыгуу. Колдон 20 см жогору илинген предметтерге чейин секирүү. Ордунан узундукка (80–90 см), бийиктикке (30–40 см) 6–8 м жүгүрүп келип; узундукка (на 130–150 см) 8 м жүгүрүп келип секирүү. Көрсөтүлгөн жерге тереңдикке (30–40 см) секирүү. Узун кыймылсыз жана термелип турган скакалка, алдыга жана артка айлантылган кыска скакалка аркылуу секирүү.

***Ыргытуу, тутуу жана түртүп ыргытуу.*** «Топ мектеби» (топ менен ар кандай кыймылдар).

Ар кандай баштапкы абалдан предметтердин арасы менен топту бир же эки колдоп тоголотуу. 10 жолудан кем эмес катары менен топту жогору ыргытуу, жерге уруу жана эки колдоп кармоо, бир кол менен 4–6 жолу катары менен аткаруу. Топту ордунда жана кыймылда 10 жолудан кем эмес катары менен (5–6 м кем эмес) уруу. Топту туруп, отуруп, ар кандай ыкмада (алдынан, көкүрөгүнөн, башынан, жерге уруу менен) бири бирине ыргытуу жана кармоо. Алыска (5–9 м), жантыгынан жана тигинен буталарга (2,2 м бийиктикке) 3,5–4 м аралыкта түртүп ыргытуу.

***Жөрмөлөө жана тырмышып чыгуу.*** Топту башы менен скамейкада түртүү менен төрт аяктап жөрмөлөө. Скамейкада колдун жардамы менен тартылуу; устунга отуруп, колдун жана буттун жардамы менен алдыга жылуу. Предметтер (скамейки, устун) аркылуу жөрмөлөө жана тырмышып чыгуу. Догоо, аркандын алдынан (бийиктиги 40–50 см) жөрмөлөө. Колдун жана буттун кыймылын ар башкача кылып, кезектешкен кадам менен гимнастикалык дубалга чыгуу, темпти алмаштырып, ыргактуу тырмышып чыгуу. Аркан тепкич, канат, эркин ыкма менен тырмышып чыгуу.

### Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр

***Баштапкы абал:*** туруп (согончоктор бирге, буттун башы ажырап турат), отуруп, жонуна жана ичине жатып.

***Баштын абалы жана кыймылы:*** жогору, төмөн, эки тарапка буруу, эңкейүү (4–5 жолу).

***Колдун абалы жана кыймылы:*** бир убакта жана ар убакта; бир багытта жана ар багытта – жогору (төмөн), эки тарапка; шилтөө жана айлантуу (бир убакта эки колу менен жана кезек-кезеги менен алдыга-артка); манжаларды айкалыштырып, колду алдыга жогору көтөрүү; колдун манжаларын жумуу, ачуу жана айлантуу (8–10 жолу).

***Дененин абалы жана кыймылы:*** бурулуулар, алдыга, артка, тараптарга эңкейүү, айлануу.

***Буттун абалы жана кыймылы:*** жарым отуруу (40 жолуга чейин), таянычты кармап туруп, алдыга жана артка шилтөө; бутту алдыга таштоо, колду алдыга сунуу менен эки тарапка, жогору таштоо; ордунда (40*3=120) секирүү, салмактуу предметтер – мешоктор, гантель (150 г), ичи толтурулган топтор (1 кг) менен көнүгүүлөр.

### Спорттук көнүгүүлөр

Бирден жана жуп болуп дөңдөн ылдый *чана тебүү,* тегиз жерде бири бирине чана тептирүү, лыжаны жылмыштырып, бутту алмаштырып басуу, коньки менен түз муз тебүү, сууга чөмүлүү, көкүрөгү менен, жону менен сууда жылмышуу, эки дөңгөлөктүү велосипед самокатта, роликтеги коньки *тебүү.*

***Туристтик жүрүштөр*** 25–30 мүнөттөн эки өткөөл менен жана алардын ортосунда активдүү эс алуу менен (оюндар, табигый шарттагы эстафеталар). Дем алуу жана эс алуу менен велосипед тебүү (25–30 мүнөттөн). Дем алуу жана эс алуу менен лыжа тебүү (15–20 мүнөттөн).

***Кыймылдуу оюндар*** дене сапаттарын өнүктүрүү жана кыймыл көндүмдөрүн бекемдөө үчүн чуркоо, секирүү, жөрмөлөө, тырмышып чыгуу менен. Оюн-эстафеталар. Оюндардагы эрежелер, аларды өзгөртүү варианттары, жетектөөчүнү тандоо. Кыймылдуу оюндарды өз алдынча өткөрүү.

***Городки:*** таякты (битаны) капталынан ыргытуу, городканы ордодон (5–6 м) жана жарым ордодон (2–3 м) чыгаруу.

***Баскетбол:*** топту көкүрөктөн бири бирине берүү; оң жана сол колу менен топту алып жүрүү; топту эки колу менен көкүрөгүнөн корзинага ыргытуу; жеңилдетилген эреже менен ойноо.

***Бадминтон:*** ракетка менен воланды айтылган багытка уруу; тарбиячы менен ойноо.

***Футбол:*** топту оң жана сол буту менен айтылган багытка тебүү; топту предметтерди айлантып, алардын арасы менен алып өтүү; топту дубалга тебүү; топту буту менен бири бирине берүү (3–5 м); жөнөкөйлөтүлгөн эрежелер менен ойноо.

## Дене сапаттарын өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр

### Кыймылдын тездигин өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр

***Көнүгүүлөр:*** старт менен түрдүү баштапкы абалдан жүгүрүү: туруп, отуруп, тизеге таянып; кыймылды алмаштыруу: басуу – секирүү; сигнал менен басууда жана жүгүрүүдө кыймылдын багытын өзгөртүү; кыймылдын интенсивдүүлүгүн өзгөртүү: басуу – бат чуркоо, жай чуркоо – тездетип чуркоо.

***Оюндар***

«Топотушки» – 90, 180 жана 360 градуска жылуу менен ордунда бурулуу.

«Өз ордуңду тап».

«Жылан» – сигнал боюнча багытты өзгөртүп, ийри дорожка менен басуу.

«Баспа!» – полдо жаткан тасма аркылуу чуркоо.

«Жорго» – сигнал боюнча басуунун, жүгүрүүнүн ыкмаларын алмаштыруу.

«Ордун алмаштыруу», «Бачым бас, токто», «Козу карындарды топто», «Топту дубалга ыргыт», «Ким тезирээк?», «Көпөлөктөр жана ийнеликтер», «Ак чөлмөк», «Качмай топ», «Жоолук таштамай», «Жигиттердин жарышы».

### Ылдамдык-күч сапаттарын өнүктүрүүгө оюндар жана көнүгүүлөр

Тизени бийик көтөрүп, алдыга 8–10 м чуркоо, шыйракты артка тартуу менен чуркоо.

5 м аралыкта алдыга жылуу менен секирүү.

Бийиктиги 15тен 30 см чейин тоскоолдуктар менен (тоскоолдук менен дорожканын узундугу 15–20 см, тоскоолдуктардын саны 3–8 болушу мүмкүн) чуркоо жана секирүү.

Жарым отуруп, терең отуруп басуу.

Чийилген теректин так ортосуна секирүү.

*Ичи толтурулган топтор менен көнүгүүлөр (салмагы 500–1000 г)*

Отуруп, буттар топто, буттарды эки жакка жаюу, жогору көтөрүү.

Отуруп, топ колдо, алдыга эңкейүү.

Топтун айланасында жана анын үстүнөн секирүү.

Түрдүү абалда (отуруп, туруп) топту тоголотуу.

*Кыймылдуу оюндар*

«Бака менен көк кытан», «Ким азыраак секирет», «Парашют», «Бир буттап жол менен».

**Күчтү өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр**

Ичи толтурулган топтун салмагы менен көнүгүүлөр, предметтин, өнөктөштүн тоскоолдугунан өтүү.

**Чыдамкайлыкты өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр**

Окуу жылынын башында 100 м болгон, жылдын экинчи жарымында 200 м болгон экиден аралыкта чуркап өтүү.

Жылдын башында узундугу 150 м болгон, жылдын аягында 200 м болгон 3 аралыкта жай чуркоо.

Кесилишкен жерде 300–350 м аралыкты жай чуркоо

1,5 – 2 мүн жай чуркоо.

*Кыймылдуу оюндар:* «Көк, жашыл, сары», «Коңгуроону шыңгырат», «Самолеттер».

**Ийкемдүүлүктү өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр**

*Колдор жана ийин айланасы үчүн.* Максималдуу амплитуда менен колду ар тарапка айлантып кыймылдатуу. Колдорду болушунча артка бир убакта сунуу.

*Дене үчүн.* Кол жерге жеткиче эңкейүү. Туруп, буттар бир аз алысыраак коюлган, обручту оңго-солго-оңго айлантуу кыймылы.

*Буттар үчүн.* Пружина кылып жарым отуруу. Жонуна жатып, бүгүлгөн тизе менен бутту жогору көтөрүү жана эки тарапка жаюу.

Дубалга капталы менен туруп, рейканы кармап, буттарды кезектештирип шилтеген кыймыл.

Ар кандай аралыкта жайгаштырылган (бирдей, алыстатылган) гимнастикалык таяктардан аттап чуркоо; 3 жолу 100 м кайталап чуркоо.

*Гимнастикалык таяктар жана тегеректер менен көнүгүүлөр.* Таякты бир колдон экинчисине ыргытып берүү. Тегеректи (диаметри 25–30 см) бир колдон экинчисине ыргытып берүү.

*Фитбол менен көнүгүүлөр.* Топтун үстүндө, топко отуруп ыргалуу; топто ыргалуудагы буттардын кыймылдары: буттар бирге, буттар эки тарапка коюлган; топко жонуна, ичине жатып жылуу.

***Кыймылдуу оюндар***

«Шамдагай бол», «Топту бер», «Тийбей өт» – предметтерден качуу, «Маятник»- оңго – солго секирүү, «Серсо», «Жамбы атмай», «Кегл оюну ур», «Обручка түшүр».

Оюндар – эстафеталар: «Жуп менен эстафета», «Кеглиге тийбей, топту алып өт», «Топту тегеректе ыргыт», «Тоскоолдуктар дорожкасы»: төмөнкү тапшырмаларды ырааттуу аткаруу: тең салмактуулукту сактап, чуркап жетүү, өтүү, алдына жатуу, секирүү, ордуна келүү.

### *Комплекстүү кыймылдарды өнүктүрүү үчүн кыргыздын кыймылдуу оюндары*

Аркан тартмай, улак тартыш, ак терек-көк терек, жамбы атмай, күрөш, ашкабак чапмай, качмай топ, жоолук таштамай, беш манжа, аркан тартыш, кызыл короз-ак короз.

**Балдарда сергек жашоо образынын баалуулуктарынын пайда болуусу жана анын жөнөкөй ченемдерине жана эрежелерине ээ болуусу**

Адамдын бакубат жана бакубат эмес экендигинин белгилери, бакубат адамдын өзүн сезүүсүнүн, көңүл кушунун жана жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү. Сергек жашоо образынын эрежелери, ден соолук үчүн пайдалуу (күн режими, тамактануу, уйку, басып эс алуу, гигиена, дене тарбия жана спорт менен алектенүү) жана зыяндуу адаттар.

Ооругандагы туура жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрү, үйдө ооруган тууганын кароодогу алы жете турган жардам. Ден соолукту коргоонун жана алдын алуунун айрым эрежелери: көрүү, угуу, дем алуу органдары, кыймыл.

Өзүнүн жана теңтуштарынын ден соолуктары, жаракат алуудагы, денени оорутуп алуудагы, өзүн жаман сезүүдөгү жөнөкөй алгачкы жардам жөнүндө түшүнүктөрү.

*Минималдык натыйжалар:*

- 30 м-ге чуркоо – 7,9–7,5 сек.
- Ордунан узундукка секирүү – 80–90 см.
- Чуркап келип узундукка секирүү – 130–150 см.
- Чуркап келип бийикке секирүү – 40 см.
- Ордунан жогору секирүү – 25 см.
- Тереңге секирүү – 40 см.
- Предметти түртүп ыргытуу: салмагы 200 г: 3,5–4 м; салмыгы 80 г – 7,5 м.

### Предметтик өнүктүрүүчү чөйрө

Алты жаштагы баланын дене өсүүсүнө тартуунун негизги жолу педагогикалык жактан максаттуу шартарды түзүүдө жатат. Дене өсүүсү милдеттерин чечүү педагог уюштурган ишмердиктин түрлөрүндө ишке ашат: өнүктүрүүчү жана билим берүүчү кырдаалдар, эс алуулар, майрамдар, ошондой эле дене тарбия залдарындагы, ден соолук борборлорундагы жана топтук аянтчалардагы эркин өз алдынча кыймыл ишмердиги.

✓ Билим берүү мейкиндигин окутуу каражаттары (анын ичинде техникалык да), ***тиешелүү материалдар*** менен жабдылган:
  - программанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык, оюн, спорт, ден соолукту чыңдоочу жабдуулар, инвентарлар (түрдүү диаметрдеги жана багыттагы топтор, обручтар, скакалкалар, гантелдер, кеглилер, гимнастикалык таяктар, догоолор, бутага ыргытуу үчүн чыпталар, алыска түртүп ыргытуу үчүн ичи толтурулган топтор, султанчиктер, түрдүү формадагы жана өлчөмдөгү модулдар, «городкилердин», бадминтон жана башкалардын топтому);
  - Денени чыңдоо жана өзүн-өзү массаждоо үчүн жабдуулар: пробка менен килемчелер, өңгүл-дөңгүл такталар, кум салынган чыпталар, ичи толтурулган топтор, таштар менен килемчелер ж. б.

### «Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия» боюнча окуу жылынын аягына карата базалык күтүлүүчү натыйжалар:

**Балдар:**

★ бала дене жагынан шайкеш өнүгүүдө, анын кыймыл тажрыйбасы (өздөштүрүлгөн негизги кыймылдардын, жалпы өнүктүрүүчү, спорттук көнүгүүлөрдүн көлөмү) бай;

★ кыймыл ишмердигинде бала чыдамкайлыгын, тездигин, күчүн, кыймылды башкаруусун, ийкемдүүлүгүн көрсөтөт;

★ жүрүм-турумунда кыймыл ишмердигине жана денесин өркүндөтүүгө болгон муктаждык так көрүнөт;

★ бала жаңы жана тааныш дене көнүгүүлөрүнө абдан кызыкканын, көнүгүүлөрдү аткарууда тандай тургандыгын жана демилгесин көрсөтөт;

★ спорттун айрым түрлөрү тууралуу түшүнүгү бар;

★ көнүгүүлөрдү ишенимдүү, так, берилген темпте жана ыргакта, көркөм аткарат, тааныш көнүгүүлөрдөн татаал эмес комбинацияларды (варианттарды) чыгармачылык менен түзгөнгө жөндөмдүү;

★ керектүү өзүн-өзү көзөмөлдөөнү жана баалоону көрсөтөт, башка балдардын көңүлүн өз алдынча бурганга жана тааныш кыймылдуу оюнду уюштурганга жөндөмдүү;

★ бакубат жашоо образынын жана коопсуз жүрүм-турумдун айрым милдеттерин иш жүзүндө чече алат;

★ өзүнөн өзү жана башкаларга (жаракатты жуумай, тазалоо, жардам үчүн чоң адамдарга кайрылуу) жөнөкөй жардамды көрсөтүүгө даяр.

★ дене жагынан өнүккөн, негизги маданий-гигиеналык сапаттарга ээ, дене көнүгүүлөрүнө кызыгат;

★ өзүн-өзү көзөмөлдөйт жана баалайт, жекечелигин көрсөткөнгө умтулат;

★ негизги кыймылдарды аткара алат, өзүнүн кыймылдарын көзөмөлдөйт жана башкара алат;

★ социалдык жүрүм-турум ченемдерин жана ишмердиктин ар кандай түрлөрүндөгү эрежелерди сактайт, теңтуштары жана чоң адамдар менен өз ара мамиледе коопсуз жүрүм-турумдун жана жеке гигиенанын эрежелерин сактай алат;

★ дүйнөгө, эмгектин ар кандай түрлөрүнө, башка адамдарга жана өзүнө оң мамиле кыла алат, өзүнүн артыкчылыктарын сезет;

★ теңтуштары жана чоң адамдар менен активдүү өз ара мамиле кылат, биргелешкен оюндарга катышат;

★ макулдаша алат, башкалардын кызыкчылыктарын жана сезимдерин эске алат, башкалардын жолу болбоосуна кошо кайгырат, ийгиликтерине кубанат, өзүнүн сезимдерин, өзүнө болгон ишенимин шартка жараша билдирет, карама-каршылыктарды чечкенге аракет кылат.

# VII бөлүм

# АТА-ЭНЕЛЕР ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕ

Дүйнөлүк практикада жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүү боюнча ишмердик бир аймакта жашаган адамдардын жалпы кызыкчылыгын билдирет.

Адамдарды өзү жашаган жерди абаттандыруу, жакшыртуу, өзүнүн аймагында чарбалык да, социалдык да инфраструктураларды, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү мекемелерин түзүү боюнча ишке тартуу жергиликтүү коомчулуктун ишмердигиндеги ийгиликтин ачкычы катары аныкталган.

Чоң адамдар менен балдардын өз ара мамилеси балдардын денелик, социалдык, эмоционалдык жана когнитивдик өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү үчүн зор маанигее ээ. Чоң адамдардын ролу да абдан маанилүү, анткени бул өз ара мамилелер билим алууга, тажрыйба алмашууга, сезимдерин жана пикирлерин талкуулаганга жардам берүү менен, балдардын тынымсыз өнүгүүсүнө жана окуусуна жардам берет.

Так ушул өз ара мамиле аркылуу балдарда өзүнүн «мен» деген сезими жана кайсы бир коомчулукка болгон тиешелүүлүгү өнүгөт, ошондой эле алар дүйнө жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүшөт.

Процесстин бардык катышуучуларынын ортосундагы маанилүү жана бири-бирин урматтаган мамилелерди орнотууга жардам берген өз ара мамилелер (ар биринин үнүн угууга умтулуу бар учурда) балада өзүнө болгон ишенимдин өсүүсүнө жана алардын өз коомчулугунун үзүрлүү жана камкор мүчөсү болуп калуусуна жардам берет. **Баланын окуусу жана социалдык өнүгүүсү башталган чөйрө катары анын үйдөгү жана үй-бүлөдөгү ролун аңдап сезүү менен, педагог бала бакча менен үй-бүлөнүн/жергиликтүү коомчулуктун ортосунда көпүрөнү жаратышы жана такай эки тараптуу баарлашуунун болушуна көмөк көрсөтүшү керек.** Балдардын окуусун жана өнүгүүсүн колдоо үчүн балдардын үй-бүлөлөрүнүн ар түрдүү курамын, тегин, жашоо образын, мүнөздөмөсүн жана алар жашаган жергиликтүү коомчулуктарды көңүлгө алуу керек.

***Балдардын ата-энелери жана жакындарына карата педагогдун сезимталдыгы жана үй-бүлөлөрдүн өзгөчөлүктөрүн эсепке ала билүүсү үй-бүлөлөрдүн ар кандай жол менен балдарынын окуусуна жардам берүүсүн жана бала бакчанын турмушуна салым кошуусун педагогдун баалоосунан көрүнөт.***

Үй-бүлөлөрдүн, мектептин жана жергиликтүү коомчулуктун натыйжалуу карым-катышына жана өз ара мамилесине көмөк көрсөтүү менен, педагог бардык бул тараптардын балдарды окутуу жана алардын келечеги үчүн кызыкчылыктарын жана жоопкерчиликтерин тааныганга жардам берет, муну менен жергиликтүү коомчулуктун жалпысынан биригүүсүнө жардам берет.

### Жергиликтүү коомчулукту тартуу менен мектепке чейинки билим берүү уюмдарын өнүктүрүү механизмдери

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүү уюмдарын (МЧУ) өнүктүрүүнүн абдан натыйжалуу жана кеңири тараган куралы адамдарды коомдук жыргалчылыкка же бардык катышуучулардын пайдасына багытталган биргелешкен ишмердикке тартуу болуп калды. Мындай ишмердик болуп тиешелүү коомчулуктун МЧУларды жакшыртууга багытталган иш-чараларга катышуусу эсептелиши мүмкүн:

- ✓ бул мисалы, сабактарды өткөрүүдө тарбиячыга жардам көрсөтүүгө багытталган ыктыярдуулар (волонтерлор) ишмердигине адамдарды тартуу да болушу мүмкүн;
- ✓ ошондой эле жергиликтүү коомчулуктун активдүү мүчөлөрүнөн, ата-энелерден турган ыктыярчылар тарабынан балдарды бакчага жана андан үйгө алып келүү үчүн дежурлук графигин түзүү менен, мектепке чейинки курактагы балдардын коопсуз маршрутун уюштуруу;

- ✓ жергиликтүү коомчулуктарды түзүү жана бекемдөө ишинде адамдарды МЧУлардын балдары катышкан тематикалык концерттер/театрлар, балдардын сүрөттөрүнүн, майда буюмдарынын көргөзмө-жармаңкелери сыяктуу маданий мүнөздөгү иш-чараларга катышууга тартуу өзгөчө натыйжалуулугун көрсөттү;
- ✓ мектепке чейинки курактагы баланын инсанын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү максатында жергиликтүү коомчулуктун биргелешкен ишмердиги үчүн маанилүү алкактын дагы бири бүгүнкү күндө биздин коомчулуктун Аталар кеңештери, Ата-энелердин клубдары, «Мен жана менин үй-бүлөм», «Биздин топ» спорттук командалары болуп саналат, алардын курамына балдар, тарбиячылар, тарбиячылардын жардамчылары, ата-энелер, жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү кириши мүмкүн, муну менен балдардын өсүүсүнө кам көргөн адамдарды бириктирүүгө болот. Ассоциативдүү уюмдар жеке жактыруулардын, өз ара байланыштын, жалпы кызыкчылыктардын негизинде курулат.

Мындай биргелешкен ишмердик жергиликтүү коомчулукту курууга өзгөчө жөндөмдүү. Ал жергиликтүү деңгээлде адамдардын биригүүсү, ошондой эле алардын жөндөмдүүлүктөрүн биргелешкен аракеттерге топтоо үчүн пайдубалды калыптандырат. Ошол эле учурда бул пайдубал эки элементтен турат:

- ➔ адамдардын ортосундагы социалдык байланыштарды түзүү жана бекемдөө;
- ➔ адамдардын жалпы максаттарды тактап, коюлган максаттарга жетүү үчүн өздөрүн уюштуруусун калыптандыруу.

Ошентип, коомдук жыргалчылыкка же бардык катышуучулардын пайда көрүүсүнө багытталган биргелешкен ишмердик социалдык инфраструктураны (адамдардын ортосундагы социалдык мамилелер, өнөктөштүк мамилелери, тилектештик, ишеним, өз ара бири-бирин урматтоо) түзгөнгө, тургундарда биригүү, демилгелүүлүк, жамаат менен аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандырганга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле мындай биргелешкен ишмердик адамдарда алардын кызыкчылыктары жалпы экендигин, ошондой эле баланы, жергиликтүү коомчулуктун толук кандуу мүчөсүн ар тараптуу өнүктүрүү идеясын алга жылдыруу үчүн аракеттенүүнүн жамааттык формаларын колдонуунун натыйжалуу экендигин түшүнгөнгө жардам берет.

Жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүнүн алкагында адамдарды биргелешкен оң ишмердикке тартуунун өзгөчө маанилүү натыйжасы адамдарда өз күчтөрүнө, балдары жана жалпысынан өздөрү үчүн жакшы бир кооз, кызыктуу, ак ниет нерсени биргелешип жасоо жөндөмүнө, жакынкы айланадагы курчап турган дүйнөнү өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө карата ишениминин жаралышы болуп саналат.

Мында жергиликтүү коомчулукту калыптандыруу жана ага кирген адамдардын биргелешкен ишмердиги алар жашаган экономикалык жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө жардам берет, муну менен адамдардын өз мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимин тастыктайт. Муну менен жергиликтүү коомчулуктарды өнүктүрүү боюнча ишмердик бир топ терең болот, ал адамдардын күчтөнүүсүнө багытталат.

## ГЛОССАРИЙ

***Аралаш сандардын ортосундагы мамиле*** – бул бир сан экинчисинен канчага көп же аз экенин так түшүнүү.

***Ачык суроо*** – бир топ туура жоопторду берсе боло турган суроо жана ага түрдүү ыкмалар менен жооп берүүгө болот. Ачык суроолор ой жүгүртүүнүн өсүүсүнө жардам берет, анткени жооп же белгисиз, же алдын ала аныкталган эмес.

***Баалоо*** – окутууну жана балдардын өсүү шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында кырдаалды, процессти, натыйжаларды системалуу изилдөө (мониторингдин негизинде).

***Балага багытталган окутуу*** – ар бир балага өзгөчө, бири биринен айырмаланган, кайталангыс катары мамиле кылган окутуу. Ал, биринчиден, бардык баскычтарды камтыган, системалуу болушу керек. Экинчиден, окуу планын түзүүдө, ар бир баланын жекече тандоосун ишке ашырганга шарт түзүүдө өзгөчө билим берүү чөйрөсү болушу керек, ансыз таанып билүү процесси тууралуу айтуу мүмкүн эмес. Үчүнчүдөн, мугалимдер атайын окуудан өтүшү зарыл, алар балага багытталган билим берүүнү түшүнүп, анын максаттарын жана баалуулуктарын колдошу абзел.

***Баланын өсүүсүнүн индикаторлору*** – балдардын денелик, когнитивдик, социалдык жана эстетикалык баалоо үчүн колдонулуучу көрсөткүчтөр.

***Балдардын ден соолугу*** – оорунун жана жаракаттын болбошу гана эмес, денесинин, рухий жана социалдык бакубатчылыгынын абалы (Бүткүл дүйнөлүк ден соолук уюмунун аныктамасы).

***Билгичтик*** – бул кайсы бир билимге (эрежеге) негизделген жаңы аракеттенүү ыкмасына ээ болуунун аралык баскычы.

***Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын негизги планы*** – мектепке чейинки билим берүүнүн, окутуунун жана өстүрүүнүн максаттарына, түзүмүнө, мазмунуна карата ченемдердин комплекси.

***Билингвизм*** – кош тилдүүлүк, эки тилди билүү.

***Гендер*** (англ. gender) – эркектердин жана аялдардын жүрүм-турумунун, ченемдеринин, жашоо стилинин белгилеринин жана мүнөздөмөлөрүнүн комплексин билдирген социалдык жыныс; ал социомаданий шарттардын таасири менен өзгөрүп турат. Жыныс (англ. sex) – адамдардын ортосундагы биологиялык, өзгөрбөй турган айырмачылык, ал эркектер менен аялдардын тукум жаратуу ролунда генетикалык жактан аныкталган.

***Гендердик социалдаштыруу*** – гендердик бирдейликти калыптандыруу жана гендердик ролду өздөштүрүү процесси.

***Графикалык көрсөтмөлүүлүк*** – таблицалар, үлгүлөр, техникалык сүрөттөр (предметтерди конструкциялоодо материал тандоо үчүн).

***Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген (ДМЧ) балдар*** – денелик, психикалык, социалдык, когнитивдик өсүүсүндө өзгөчө муктаждыктары бар балдар, алар социалдык жардамга, калыбына келтирүүгө, үй-бүлөнүн, адистин, коомдун өзгөчө көңүл буруусуна муктаж.

***Депривация*** – (лат. deprivatio – жоготуу, бир нерседен айрылуу) бул психикалык абал, ал субъектиге анын негизги (турмуштук) муктаждыктарын канааттандыруу үчүн узак убакыт бою мүмкүнчүлүк берилбеген турмуштук кырдаалдардан келип чыгат.

***ДМЧ балдарды жуурулуштуруп окутуу*** – бул ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мындай чектөөлөрү жок балдар менен жалпы билим берүүчү уюмдардагы бир класста/топто окутуу (инклюзивдик билим берүү).

***Жабык суроо*** – бир гана туура жообу бар суроо жана/же сурап жаткан адамга жооп белгилүү же суроого жооп берип жаткан адамдан аз гана жооп талап кылынат.

***Жергиликтүү коомчулук*** – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишке ашырылып жаткан айылда, шаарда жашаган калк.

***Жуурулуштуруу (интеграция)*** – көптөгөн айрым жактарды же топторду социалдык биримдикке келтирүү. Жуурулуштуруунун үч түрү болот: толук жуурулуштуруу, жарым-жартылай жуурулуштуруу, превентивдик жуурулуштуруу.

***Жуурулуштуруп окутуу*** – бул баланыни негизги өсүү чөйрөлөрүнүн жана окуу милдеттеринин тематикалык жана таанып билүү жагынан өз ара байланышына негизделет, мунун натыйжасында балдарда дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуу ишке ашат.

***Инклюзивдик билим берүү*** – аяр мамилеге муктаж категориядагы балдар, анын ичинде өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн жеткиликтүү болгон билим берүү.

***Интерактивдик усулдар (методдор)*** – диалогдук окутуу, анын жүрүшүндө окутуучу менен окуучулардын арасында, окуучулардын бири-бири менен өз ара аракеттенүүсү ишке ашат.

***Кеп ишмердиги*** – адамдын максатка багытталган жүрүм-турумунун бир түрү, ал ойду сөздө берүү процессин билдирет.

***Кептик карым-катыш*** – бул адамдардын бири-бири менен баарлашуусу, маалымат алмашуусу, ал коомдун болуп турушун жана инсандар аралык мамилени колдоп турат.

***Компетенция*** – бул окутуунун негизинде алынган билимге, тажрыйбага, баалуулуктарга, жөндөмгө негизделген жалпы жөндөмдүүлүк.

***Компетенттүүлүк*** – адамдын билимдердин, билгичтиктердин түрдүү элементтерин жана ишмердиктин ыкмаларын тиешелүү жагдайда (окуу, жеке, кесиптик) өз алдынча колдоно алган жуурулушкан жөндөмдүүлүгү.

***Күтүлүүчү натыйжалар*** – балдардын жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү, алардын негизги өнүгүү чөйрөлөрү боюнча тиешелүү билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушу.

***Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандарты*** – 6–7 жаштагы балдардын өсүү индикаторлорун камтыган ченемдик документ. Бул билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдагы токтому менен бекиген.

***Майда моторика*** – нерв, булчуң жана сөөк системасынын биргелешкен аракетинин жыйындысы жана колдорунун, буттарынын манжалары менен майда, так кыймылдарды аткаруу.

***Мектепке чейинки топ (тайпа)*** – билим берүү уюмдарында түзүлгөн мектепке чейинки курактагы балдардын тобу.

***Моделдештирүү*** – көрсөтмөлүү-практикалык ыкма, ага үлгүнү, моделди түзүү жана жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн аны колдонуу кирет. Мектепке чейинки курактагы балага буюмдук моделдештирүү (конструкциялоо) жана графикалык моделдештирүү (сүрөт, чийме) абдан ылайык келет.

***Мониторинг*** – өнүгүү процессин карап көзөмөлдөө үчүн маалыматтарды такай топтоо жана белгилөө процесси. Мониторингдин максаты – түзөтүү киргизүү, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу, пландалган милдеттерди чечүү, терс кесепеттерди болушунча азайтуу, өсүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

***Окуу-оюн ишмердиги*** – коюлган максатка жараша сабактар, балдар оюндардан көп нерсени таанып билишет, ошол эле учурда жаңы предметтик билимдерди өздөштүрүшөт.

***Окутууга карата жуурулушкан мамиле*** – балдар окуу материалын өздөштүрүү үчүн түрдүү предметтик чөйрөлөрдөгү ар кандай билимдерди жана көндүмдөрдү колдонушун талап кылган оюн же сабак.

***Окутуу стилдери*** – окутуунун ар кандай усулдары жана ыкмалары, алар окуучу үчүн окутууну бир топ натыйжалуу жана маанилүү кылат, анын ичине угуу, көрүү, кинестетикалык, тактилдик же көркөм усулдар жана ыкмалар да, окуучу артык көргөн окутуу ылдамдыгы, өзү жалгызбы же башка менен иштегенди жактырабы, бул да кирет.

***Өзүн-өзү баалоо*** – өзүнүн өнүгүүсүн, ишин, күчтүү жана алсыз жактарын же жүрүм-турумун баалоо жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында окуучу өзү жүргүзгөнүн баалоо.

***Өнүктүрүүчү жана окутуучу чөйрө*** – бул балдардын толук кандуу денелик, когнитивдик, социалдык жана эстетикалык өсүүсү үчүн түзүлгөн ыңгайлуу жана коопсуз шарт, жагдай, анда өз алдынчалуу жекече ишмердик, изилдөө жана эксперимент кылуу үчүн мүмкүнчүлүк камсыздалат.

***Өнүктүрүү (активдүүлүк) борборлору*** – жуурулуштуруп окутууга, ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнүн борборлору (бурчтары, аймактары), алар балдардын жөндөмүнө, муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына багытталат.

***Өсүүнүн сензитивдүү мезгили*** – адамда тиешелүү психологиялык касиеттерди жана жүрүм-турум түрлөрүн калыптандыруу үчүн абдан жагымдуу шарт түзгөн мезгил.

***«Пифагор»*** – балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн, геометриялык фигуралардын касиеттеринин көп түрдүүлүгү жөнүндө математикалык түшүнүктөрүн өстүрүүгө багытталган математикалык оюн – баш катырма.

***Портфолио*** – жеке адамдын иштерин (сүрөттөр, фотолор, майда буюмдар ж. б.) топтоо жана кыскача мүнөздөмө берүү, ал баланын билиминин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн ишмердиктин кайсы бир түрүндө алга жылуусун көрсөтүп турат.

***Психологиялык, медициналык, педагогикалык кеп-кеңеш берүү (ПМПК)*** – атайын түзүлгөн компетенттүү орган, ал ДМЧ балдарга диагноз коет жана оорусунун деңгээлин аныктайт, корутунду бүтүм берет жана кеп-кеңештик, ортомчулук жардам көрсөтөт.

***Сандар ортосундагы өз ара кайтарым мамиле*** – ар бир натуралдык сан өзүнөн мурдагыдан бир бирдикке көп, тескерисинче, ар бир мурунку сан кийинкиден бир бирдикке аз.

***Социалдашуу*** – баланын социалдык тажрыйбаны активдүү өздөштүрүү, ишке ашыруу процесси жана анын натыйжасы, буга социалдык жүрүм-турум, социалдык көндүмдөр, социалдык ыңгайлашуу кирет.

***Сөздөргө тыбыштык талдоо жасоо*** – бул сөздөгү тыбыштарды балдардын айтуусу жана угуу менен тыбыштардын санын жана белгилерин аныктоосу (үндүү, үнсүз, каткалаң, жумшак, уяң, созулма ж. б.).

***Тематикалык план*** – балдарды даярдоо программасынын билим берүү ишинин дене өсүүсү, айлана-чөйрө менен таанышуу, кеп өстүрүү, сабат ачуу, элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу, көркөм өнөр, музыка боюнча кеңири тематиканы

камтыйт. Сабактын тематикалык пландары төмөнкүлөрдү эске алуу менен түзүлөт: окуу материалын берүүнү акырындык менен татаалдаштыруу (жөнөкөйдөн татаалга); өтүлгөн материалды кайталоо жана бекемдөө; жуурулуштуруп окутуунун жана предмет аралык байланыш принциптерин чагылдыруу.

***Толеранттуулук*** (латынча tolerantia – чыдоо, чыдамкайлык, кабыл алуу) – башка дүйнө таанымына, жашоо образына, жүрүм-турумга жана каада-салтка түшүнүү, чыдоо менен мамиле кылуу. Толеранттуулук башка маданияттарды, өзүн көрсөтө билүү ыкмасын жана жекече өзгөчөлүгүн урматтоону, кабыл алууну жана туура түшүнүүнү билдирет.

***Фишкалар (сабат ачуу)*** – тыбыштарды белгилөөнүн шарттуу символдору б. а. 8x10см өлчөмүндө картондон жасалган түстүү фигуралар, алар 6–7 жаштагы балдардын сабатын ачуу сабактарында тыбыштарды түс менен шарттуу белгилөө үчүн колдонулат (үндүүлөр – кызыл, үнсүздөр – көк).

***Фонематикалык угум*** – бул тыбыштарды угуп, кабыл алуу.

***Шарттуу ченем*** – ченөө каражаты катары колдонулган предмет, ал өзүнчө ченөө куралы болот.

***Ыңгайлашуу (адаптация)*** – өзгөргөн социалдык чөйрөнүн шартына инсандын же социалдык топтун активдүү ыңгайлашуу процесси.

# АДАБИЯТТАР

## Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия


1. Бабаева Г. И. и др. Программа «Детство». – СПБ: ООО Издательство «Детство-Пресс», 2011.
2. Граббет Р. Игры для детей от 2 до 6 лет. – М.: ДОСМЭН, 1999.
3. «Дошкольное воспитание». – Москва, № 6, 1987; № 5,10, 2014.
4. «Здоровье дошкольника». – Москва, № 3, 2000.
5. Зимонина В. Н. Программно-методическое пособие «Расту здоровым». – М: «Владос», 2002.
6. Планы-конспекты НОД 2–7 лет в ДОУ // Моргунова О. Н. Физическая культура: Практическое пособие. – ТЦ учитель.
7. Подвижные игры и игровые упражнения для детей 5–7 лет // Пензулаева Л. И. – М.: Владос, 2002.
8. Физическая культура в детском саду / Пензулаева Л. И. – М.: Мозаика – Синту.
9. Футбол – гимнастика в физическом воспитании детей дошкольного возраста // Власенко Н. Э. – Санкт-Петербург.


## Кеп өстүрүү


1. Алексеева М. М., Яшина Б. И. Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников. – М., 1998.
2. Алексеева М. М., Ушакова О. С. Взаимосвязь задач речевого развития детей на занятиях // Воспитание умственной активности у детей дошкольного возраста. – М., 1983.
3. Алексеева М. М., Яшина Б. И. Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников. – М.: Издательский центр «Академия», 2000.
4. Алексиева С. Активизация словесного творчества детей // Дошкольное воспитание, 1970, N 9.
5. «Бала бакча»: Хрестоматия. И. Арабаев атындагы КМУ. – Бишкек, 1999.
6. Бондаренко А. К. Дидактические игры в детском саду. – М.: Просвещение, 1985.
7. Бородич А. М. Методика развития речи детей. – М., 1981.
8. Бородич А. М. Методика развития речи детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 2-е изд., 1984.
9. Вариативные программы: «Радуга» (Под ред. Т. Н. Дороновой), «Развитие» (Научный руководитель Л. А. Венгер), «Детство. Программа развития и воспитания детей в детском саду» (Логинова В. И, Бабаева Т. Й. и другие), «Программа развития речи детей дошкольного возраста в детском саду» (Ушакова О. С.).
10. Выготский Л. С. Речь и практическое действие в поведении ребенка / Л. С. Выготский // Собр. соч.: В 6-ти т. Т. 6 / Под ред. М. Г. Ярошевского. – М. Педагогика, 1984.
11. Гербова В. В. Занятия по развитию детей. – Москва, 2010.
12. Гербова В. В. Развитие речи в детском саду: Программа и методические рекомендации. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Мозаика-Синтез, 2010.
13. Дополнительная общеобразовательная программа Ушаковой О. С. «Программа развития речи дошкольников».
14. «Занимательная азбука» /Модифицированная/. Дом детства и юношества
15. Занятия по развитию речи в детском саду / Под ред. О. С. Ушаковой – М., 2000.
16. Макарцева Е. В. Программа «Развитие речи у детей 4–5 лет».
17. «Планета детства». – Александров, 2001.
18. Программа воспитания и обучения в детском саду / Под ред. М. А. Васильевой, В. В. Гербовой, Т. С. Комаровой. – М., 2005.

19. Программа развития и воспитания дошкольников в образовательной системе // Школа, 2100.
20. Развитие речи детей дошкольного возраста / Под ред. Ф. А. Сохина. – Москва: «Просвещение», 1976.
21. Теория и методика развития речи детей дошкольного возраста. Министерство образования Республики Беларусь, Белорусский государственный педагогический университет им. Максима Танка [Сост.: Н. С. Старжинская, Д. Н. Дубинина]. – 2-е изд. – Минск: [БГПУ], 2009.
22. Ушакова О. С. Развитие речи детей 3–5 лет. – Москва, 2001.
23. Ушакова О. С. Развитие речи дошкольников – М.: Изд-во Института психотерапии, 2001.
24. Ушакова О. С. Программа развития речи детей дошкольного возраста в детском саду. – М., 1994.
25. Хрестоматия для детей старшего дошкольного возраста. / Под ред. В. И. Логиновой. – Москва: «Просвещение», 1990.
26. Ядэшко И. Развитие речи детей от трех до пяти лет. – М.: Просвещение, 1966.
27. Яшина Б. И., Алексеева М. М. Теория и методика развития речи детей / Под общей редакцией Б. И. Яшиной. – Москва, 2013.

## Сабат ачуу

1. Бакка Н. Н. Методика обучения детей 5–6 лет грамоте: Казахстан, 2011.
2. Барышева Т. Ю. Лиса по лесу ходила.
3. Беш жаштагы балдарды сабат ачууга даярдоо. – Фрунзе, 1987.
4. Боромыкова О. С. Уроки логопеда. Песенки и потешки с движениями для развития речи.
5. Варенцова Н. С. Обучение дошкольников грамоте. – М., 1998.
6. Васильева М. В. Программа воспитания и обучения в детском саду.
7. Журова Л. Е. «Обучение грамоте в детском саду»: Изд-во «Педагогика». – М., 1978.
8. Журова Л. Е. Подготовка к обучению грамоте детей 4–7 лет. Программа. Методические рекомендации. ФГОС.
9. Журова Л. Е., Варенцова Н. С., Дурова Н. В., Невская Л. Н. Обучение дошкольников грамоте: Методическое пособие / Под ред. Н. В. Дуровой. – М.: «Школьная Пресса», 2004 г.
10. Журова Л. Е., Баренцева Н. В., Дурова Н. В., Невская Л. Н. Обучение дошкольников грамоте / Под ред. Н. В. Дуровой. – М., 1998.
11. Золотарюк О. М. Подготовка к обучению грамоте детей дошкольного возраста. – Москва, 2006.
12. Колесникова Е. В. От звука к букве. – М., 2000.
13. Методика обучения грамоте: Учебно-методическое пособие для преподавателей и студентов пед. учеб. заведений / Сост. Т. П. Сальникова. – М. / ГЦ Сфера, 2001.
14. Обучение грамоте детей дошкольного возраста / Составитель Ф. Г. Марцинкевич. – Волгоград, 2002.
15. Полякова Г. В. Рабочая программа дополнительного образования по учебной дисциплине «Обучение грамоте» для детей 5–7 лет.
16. Смирнова Л. Н. Логопедия в детском саду.
17. Старжинская Н. С. Подготовка к обучению грамоте в детском саду: занятия, игры, занимательный материал. – Минск, 2011.
18. Старжинская Н. С. Программа занятий по интересам «Учимся говорить правильно». – Минск, 2008.
19. Ткаченко Т. А. Звуки и знаки. Гласные.
20. Тумакова Г. А. Ознакомление дошкольников со звучащим словом. – М., 1991.

21. Ушакова О. С., Арушанова А. Г., Струнина Е. М. и др. Придумай слово: Речевые игры и упражнения для дошкольников: Кн. для воспитателей детского сада и родителей / Под ред. О. С. Ушаковой. – М.: Просвещение, 2000.

## Айлана-чөйрө менен таанышуу

1. «Бала бакча» тарбиячылар үчүн колдонмо. Түзүүчү Рахимова М. Р. – Бишкек, 1999.
2. Белкина Л. В. Адаптация детей раннего возраста в условиях ДОУ: ТЦ.
3. Вахрушев А. А., Кочемасова Е. Е. Здравствуй, мир!: М., 2014.
4. Волчкова В. Н., Степанова Н. В. Познавательное развитие. – Волгоград, 21. 2008.
5. Дыбина О. В. Ребенок и окружающий мир: Программа и методические рекомендации. – М.: Мозаика-Синтез, 2008.
6. Дыбина О. В. Занятия по ознакомлению с окружающим миром в средней группе детского сада: Конспекты занятий: Мозаика-Синтез, 2010.
7. Карпухина Н. А. Знакомство с окружающим миром. – М., 2008.
8. Кузьмин С. А. Время и календарь: Изд. «Книжный дом», 2004.
9. Машкова А. А. «Ребенок и окружающий мир»: ИТД «Корифей». – М., 2008.
10. Наша Родина. – Москва: Просвещение, 1984.
11. Откройте природу детям: СГПУ, с. Ореховка, 1995.
12. Программа воспитания и обучения в детском саду / Под ред. М. А. Васильевой, В. В. Гербовой, Т. С. Комаровой. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Мозаика-Синтез, 2005. – 208 с.
13. Программа развития и воспитания дошкольников в образовательной системе // Школа, 2100.
14. Пушкарева М. А., Морозова И. А. Ознакомление с окружающим миром: Конспекты занятий. Для работы с детьми 4–5 лет: Мозаика-Синтез, 2011.
15. Рабочая программа по разделу «Ребенок и окружающий мир: Для детей младшего возраста. Образовательная область «Познание».
16. Рабочая программа по разделу «Ребенок и окружающий мир: Для детей средней группы. Образовательная область «Познание».
17. Рабочая программа по разделу «Ребенок и окружающий мир: Для детей старшей группы. Образовательная область «Познание».
18. Рабочая программа по предмету «Ознакомление с окружающим миром» // Вахрушев А. А., Кочемасова Е. Е., Маслова И. В., Наумова Ю. И. Здравствуй, мир!: Пособие по ознакомлению с окружающим миром для старших дошкольников.
19. Рабочая программа по учебной дисциплине «Ознакомление с окружающим миром», с. Большой Арбай, 2009.
20. Родной край. – Москва: Просвещение, 1985.
21. Светлова И. А. Повышаем интеллект и эрудицию: ЭКСМО-пресс, 2011.
22. Тематическое планирование по ознакомлению с окружающим миром. Для детей 4–5 лет (по программе С. Г. Шевченко).
23. Шалаева Г. В. Веселые уроки: ООО «Издательство «ЭКСМО», 2007.
24. Энциклопедия для малышей «Я познаю мир». – М.: РОСМЭН, 2007.

## Көркөм адабият

1. Академик К. К. Юдахин топтогон кыргыз элинин макалдары жана лакаптары жыйнагынан. – Бишкек, 1997.
2. Алексеева М. М., Яшина В. И. Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников: Учебное пособие для студентов средних педагогических заведений. – М.: Академия,1997.
3. Апендинин жооптору. – Бишкек: Кыргызсоюзпечать, 2008.

4. Асакеева Б. Кубулуу. – Бишкек: ЮНИСЕФ, 2007.
5. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек: «Шам» басмасы, 1998.
6. Бородич А. М. Методика развития речи детей: Учебное пособие для студентов ВУЗов. М.: Просвещение,1981.
7. Гербова В. В. Занятия по развитию речи в средней группе детского сада: Пособие для воспитателя. – М.: Просвещение,1983.
8. Горбушина Л. А. Выразительное чтение и рассказывание. – М., 1975.
9. Гризик Т. И., Тимощук Л. Е. Развитие речи детей 4–5 лет. Методическое пособие для воспитателей дошкольных образовательных учреждений. М.: Просвещение 2004.
10. Гриценко З. А. Детская литература. Методика приобщения детей к чтению. – Москва: Издательский центр «Академия».
11. Гурович М. М. Ребенок и книга: Пособие для воспитателей.
12. Дмитриева О. Д. Выразительное чтение. – М., 1975.
13. Кадыров В. Манас – кыргыздардын улуу каны. – Бишкек: «Раритет», 2012.
14. Казиев А. Манас Алиппеси. – Бишкек, 2012.
15. Касымалы Жантөшев. Биздин жомоктор. – Бишкек: «Адабият», 1992.
16. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2002.
17. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга. – Бишкек, 2008.
18. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга. Фрунзе: «Мектеп». – 1978.
19. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе: «Мектеп», 1987.
20. Кыргыз макал-лакаптары. – Бишкек, 2014.
21. Кыргыз-орус макалдары, лакаптары жана учкул сөздөрү. – Фрунзе: «Мектеп», 1979.
22. «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо». Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2007.
23. «Наристе». Бөбөктөр үчүн хрестоматия. – Фрунзе: «Мектеп», 1989.
24. Соловьева Н. М. Практикум по выразительному чтению. – М., 1976.
25. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. – Бишкек: «Мектеп», 1991.
26. PISA 2006, 2009 жыйынтыктары боюнча отчет // Жеткиликтүү: http://testing. kg/ru/projects/pisa2009/

## Көркөм өнөр

1. Доронова Т. Н., Якобсон С. Г. Обучение детей 2–4 лет рисованию, лепке, аппликации в игре. – Москва: «Просвещение», 1992.
2. Казакова Т. Г. Развитие у дошкольников творчества. – Москва: «Просвещение», 1985.
3. Казакова Т. Г. Изобразительная деятельность и художественное развитие дошкольников. – Москва: «Просвещение», 1983.
4. Комарова. Изобразительная деятельность в детском саду. – Москва: «Просвещение», 1990.
5. Лыкова И. А. Изобразительная деятельность в детском саду (младшая, средняя, старшая группа). – Москва: «Просвещение», 2009.
6. Павлова О. В. Изобразительная деятельность и художественный труд. – Волгоград, 2011.

## Музыкалык өнүгүү

1. Бөдөшов А., Эралиева К. Күн балдары. – Бишкек: «Учкун», 2008.
2. Ветлугина Н., Дзержинская И., Квитницкая Е., Ломова Т. Музыка в детском саду. – М.: Издательство «Музыка», 1975.
3. Ветлугина Н., Дзержинская И., Ломова Т. Музыка в детском саду. – М.: Издательство «Музыка», 1981.

4. Ветлугина Н., Дзержинская И., Ломова Т. Музыка в детском саду. – М.: Издательство «Музыка», 1980.
5. Куприянова Т. М. Музыка для малышей. – Ярославль: Академия развития.
6. Метлов Н.  Песни для детского сада. – М.: Издательство «Советский композитор», 1975. .
7. Пряхина Е. Н. Музыка и песни для занятий с детьми 4–7 лет: Издательство «Учитель» 2009 г.

## Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу

1. Амонашвили Ш. А. В школу – с шести лет. – М., 2002.
2. Аникеева Н. Б. Воспитание игрой. – М., 1987.
3. Арапова-Пискарева Н. А. Формирование элементарных математических представлений в детском саду. Программа и методические рекомендации.
4. Давайте поиграем! Математические игры для детей 5–6 лет / Под ред. А. А. Столяра. М.: Просвещение, 1991. – 80 с.
5. Ерофеева Т. И. Математика для дошкольников: Книга для воспитателей детского сада. – М.: Просвещение, 2007. – 175 с.
6. Коваленко В. Г. Дидактические игры на уроках математики. – М., 2000.
7. Леушина А. М. Занятия по счету в детском саду: Учпедгиз, 1963. – 192 с.
8. Леушина А. М. Формирование математических представлений у детей дошкольного возраста. М.: Просвещение, 1974. – 368 с.
9. Метлина Л. С. Математика в детском саду. – М.: Просвещение, 1984. – 256 с.
10. Метлина Л. С. Занятия по математике в детском саду: Пособие для воспитателя детского сада. – М.: Просвещение, 1985 г.
11. Михайлова З. А. Игровые занимательные задачи. – М. Просвещение, 1985.
12. Непомнящая Р. Л. Развитие общих способностей: Детство-Пресс, 2005. – 60 с.
13. Новикова В. П. Математика в детском саду. Старший дошкольный возраст. – М.: Мозаика-синтез, 2000. – 112 с.
14. Перова М. Н. Дидактические игры и упражнения по математике. – М., 1996.
15. Петерсон Л. Г., Кочемасова Е. Е. Игралочка: Практический курс математики для дошкольников: Методические рекомендации. – Москва: Баласс, 2001. – 176 с.
16. Рихтерман Т. Д. Формирование представлений о времени у детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1991. – 47 с.
17. Сай М. К., Удальцова Е. И. Математика в детском саду, 1990. – 96 с.
18. Сербина Е. В. Математика для малышей. – М.: Просвещение, 1992. – 80 с.
19. Сербина Е. В. Математика для малышей. – М.: Просвещение, 1999. – 80 с.
20. Смоленцева А. А. Сюжетно-дидактические игры с математическим содержанием. М.: Просвещение, 1987. – 97 с.
21. Таруттаева Т. В. Развитие элементарных математических представлений у дошкольников. М.: Просвещение, 1980. – 64 с.
22. Тихоморова Л. Ф. Развитие логического мышления детей. – СП., 2004.
23. Шорыгина Т. А. Учимся ориентироваться в пространстве. – М.: ТЦ Сфера, 2004.
24. Щербакова Е. И. Методика обучения математике в детском саду. – М.: Академия, 2000. – 272 с.
25. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников / Под ред. А. А. Столяра. М.: Просвещение, 1988. – 303 с.
26. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников / Под ред. Р. Л. Березина, З. А. Михайлова, А. А. Столяра и др. – М.: Просвещение, 1988. – 303 с.
27. Фридман Л. М. Психолого-педагогические основы обучения математики. – М.: Наука. – 1999. – 156 с.

### Конструкциялоо


1. Агапова И., Давыдова М.  200 лучших игрушек из бумаги и картона. – Москва, 2008.
2. Антипова М. Соленое тесто. Необычные поделки и украшения. Красивые вещи своими руками. – Ростов-на-Дону: ИД Владис, 2007.
3. Гульянц К., Базик И. Я. Что можно сделать из природного материла. – Москва: Просвещение, 1984.
4. Доронова Т. Н. «Радуга»: «Развитие», 2003.
5. Короткова Е. А. «Рисование, аппликация, конструирование в детском саду», 2001.
6. Куцакова Л. В. Конструирование и художественный труд в детском саду: ТЦ «Сфера», 2005.
7. Куцакова Л. В. Коструирование и художественный труд в детском саду. – М.: Издательский дом «Воспитание дошкольника», 2001.
8. Лыкова И. А. Я создаю поделки. – М.: «Мозаика-Синтез», 2012.
9. Малышева А. Н., Поварченкова З. М. Занятия по аппликации и конструированию в детском саду. – М.: ТЦ «Сфера», 2000.
10. Новикова И. В. Конструирование и ручной труд в детском саду. – М.: Мозаика, 2007.
11. Парамонова Л. А., Протасова Е. Ю. Я люблю изобретать: «Карапуз», 2008.
12. Ремезова Л. А. Учимся конструировать. – Москва: Школьная пресса, 2004.
13. Скоролупова О. А. Тематическое планирование воспитательно-образовательного процесса, 2009.
14. Тарловская   Н. Ф., Топоркова Л. А. Обучение детей дошкольного возраста конструированию и ручному труду. – М: Просвещение, 1999.
15. Чен Н. А. Замечательные поделки своими руками. – Харьков, 2008.


### Программаны өздөштүрүү боюнча пландалган натыйжаларга балдардын жетишүүсүнө мониторинг жасоо системасы


1. Диагностика учебной деятельности и интеллектуального развития детей / Под ред. Д. Б. Эльконина и А. Л. Венгера. – М., 1981.
2. Дневник воспитателя: развитие детей дошкольного возраста / Под ред. О. М. Дьяченко, Т. В. Лаврентьевой. – М., 2000.
3. Каменская В. Г. Детская психология с элементами психофизиологии. – М., 2005.
4. «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарты, 2012.
5. Ноткина Н. А. и др. Оценка физического и нервно-психического развития детей раннего и дошкольного возраста. – СПб, 2003.
6. Урунтаева Г. А., Афонькина Ю. А. Практикум по детской психологии. – М., 2001.

# ПРОГРАММАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ БОЮНЧА ПЛАНДАЛГАН (БАЗАЛЫК) НАТЫЙЖАЛАРГА БАЛДАРДЫН ЖЕТҮҮСҮНӨ МОНИТОРИНГ ЖАСОО СИСТЕМАСЫ

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы тарбиялоочу-билим берүүчү процесс ар бир баланы анын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өнүктүрүүгө багытталган. Ошондуктан баланын мүмкүнчүлүктөрү, кызыкчылыктары, көйгөйлөрү тууралуу маалыматтын педагогдо болушу процессти натыйжалуу долбоорлоонун негизи болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, мониторинг билим берүү ишмердигинин натыйжаларын, педагогикалык процесстин көйгөйлүү жактарын жана күтүлүүчү натыйжаларды аныктоо, ошондой эле мектепке чейинки билим берүүнүн жана балдарды кароонун максаттарына, милдеттерине жетүүнү жакшыртуу үчүн ишке ашырылат.

Мониторинг ***сырткы** да, **ички** да* болушу мүмкүн:

- ***сырткы*** мониторинг мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси жеке жактар, билим берүү жана балдарды багуу кызматын көрсөтүү боюнча, борбордук жүзөгө ашыруу, аймактык, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышы «Билим берүү» жана «Мектепке чейинки билим берүү» Мамлекеттик стандарттын жана башка ченемдик укуктук актылар;
- ***ички*** мониторингди мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси жана педагогдор ишти жакшыртуу жана бул Программанын жана Мамлекеттик стандарттын ченемдерине шайкеш келүү максатында балдарга билим берүү жана аларды өстүрүү процессин, алардын жетишкендиктерин байкап кароо жана көзөмөлдөө аркылуу ишке ашырышат.

**«Мониторинг» түшүнүгү.** Мектепке чейинки билим берүү системасында «мониторинг» салыштырмалуу жаңы түшүнүк, ошондуктан буга чейин бир топ калыптанып калган «педагогикалык диагностика» жана «көзөмөл» түшүнүктөрү менен анын мамилесин тактоо талап кылынат.

***Көзөмөлдүн алкагында*** көзөмөлдөнүп жаткан объектинин пландалган жана чыныгы абалы салыштырылат, мисалы, баланын жетишкендиктери менен бул Программанын ар бир билим берүү чөйрөсү боюнча базалык күтүлүүчү натыйжалары салыштырылат.

***Педагогикалык диагностика*** – бул бала – бала, бала – чоң адам өз ара мамилесинин чыныгы абалын жана ага гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүн; ошондой эле өнүктүрүүчү чөйрөдө түзүлгөн шартта балдардын табигый дараметин ачуу мүмкүнчүлүктөрүн иликтеп үйрөнүүгө багытталган педагогикалык ишмердик. Ошондуктан диагностика иштин маанилүү элементи болуу менен бирге, себепсиз эле педагогдун да, балдардын да убактысын ала бербеши керек.

Балдардын Программаны өздөштүрүүнүн пландалган (базалык) натыйжаларына жетүүсүнө мониторинг жасоо системасы жыйынтыктоочу жана аралык натыйжаларды баалоого карата комплекстүү мамилени камсыз кылат, балдардын жетишкендиктеринин динамикасын баалаганга мүмкүнчүлүк берет. Алынган натыйжалар балдарга билим берүү ишин аң сезимдүү пландаганга жана ар бир баланын жана жалпысынан топтун өнүгүү динамикасын байкап караганга жардам берет.

Бул Программаны өздөштүрүүнүн пландалган натыйжаларына балдардын жетүүсүнө **мониторинг жасоонун жол-жоболору** эки деңгээлдүү мамилени билдирет:

- биринчи деңгээл – педагогдор колдонгон *төмөнкү формалдашкан методдор* (байкоо жүргүзүү, маектешүү, эксперттик баалоо ж. б.);
- экинчи деңгээл – адистер (психологдор, дефектологдор, логопеддер) тест, сыноо, психологиялык методикалар ж. б. түрүндө колдонгон, алынуучу маалыматтардын объективдүүлүгүн жана тактыгын камсыз кылуучу *жогорку формалдашкан методдор.*

Бул методдордун мүнөздөмөлөрүн жана аларды колдонуунун өзгөчөлүктөрүн карайлы.

**Төмөнкү формалдашкан методдорго** байкоо жүргүзүү, маектешүү, ишмердиктин натыйжаларын талдоо тиешелүү болот. Биринчи деңгээлди баалоо так ушул топтогу балдар менен иштеген педагог тарабынан курактык мезгилдер боюнча Программадагы билим берүү ишмердигинин милдеттерине жана мазмунуна ылайык иштелип чыккан атайын ***баалоо баракчасы*** боюнча ишке ашырылат. Мониторингдин объекти Программада аныкталган баланын өсүүсүнүн билим берүү чөйрөлөрүнө ылайык баланын денелик, интеллектуалдык жана инсандык сапаттары болуп саналат. Балдардын жетишкендиктери байкоо жүргүзүү, маектешүү, тарбиялоочу-билим берүүчү жагдайларды түзүү жана ата-энелер менен баарлашуу аркылуу бааланат.

***Байкоо жүргүзүү*** педагогикалык процессти уюштурууда алмаштыргыс болуп саналат. Байкоо жүргүзүү баланын өнүгүүсүнүн конкреттүү көрүнүшүн сыпаттаганга мүмкүнчүлүк берет, бала үчүн табигый шарттагы анын турмушун чагылдырган көптөгөн жандуу, кызыктуу фактыларды берет. Ошондуктан бул метод билим берүүгө мониторинг жасоодо баштапкы жана негизги болуп саналат. Байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары балдардын байкоо журналына жазылат.

***Маектешүү*** – баланын тигил же бул окуяны, жаратылыш кубулушун, социалдык өз ара мамилелерди терең түшүнүүсүнө, тигил же бул өнүгүү жаатында анын компетенциясын көрсөтүүсүнө жардам берет. Маектешүүнүн натыйжаларын педагог белгилеп жазып турат.

***Интервью алуу*** – кызыгууну ачып берүүгө, жүрүм-турумду баалаганга, баланын тиешелүү жүрүм-турумга же аракетке карата жеке мамилесин аныктаганга жардам берет. Интервью алуунун артыкчылыгы мында, сурамжылоо өткөрүүдө ийкемдүүлүктү көрсөтүүгө болот: интервью алууда суроолор пландалбаган жерге аларды кошууга, өзгөртүүгө жана жаңы маалыматтын негизинде байкап кароону улантууга болот. Интервью учурунда так маалыматты алуу үчүн буларды майда-баратына чейин ойлонуу зарыл:

- кимден интервью алуу керек?
- кантип интервью алуу керек?
- маалыматты кандайча жазуу керек?
- кандай түрдөгү суроолорду берүү керек?

***Ата-энелер менен маектешүү.*** Мектепке чейинки билим берүү уюмунан сырткары жакта болуучу баланын жүрүм-турумунун айрым өзгөчөлүктөрүн педагог ата-энелер менен жеке маектешүүдө тактай алат; бир топ кеңири сурамжылоо үчүн суроолор топтомун (опросник), анкеталарды колдонууга болот.

Мониторинг системасын уюштуруунун абдан оптималдуу режими баштапкы (окуу жылынын башында), аралык жана жыйынтыктоочу (окуу жылынын аягында) диагностикалык ченөөлөрдү кошуу болуп саналат.

Окуу жылынын башында (болжолдуу сентябрь ичинде) ***негизги баштапкы диагностика*** өткөрүлөт: старттык шарттар (өнүгүүнүн баштапкы деңгээли) аныкталат, бул убакка катары баланын жетишкендиктери, ошондой эле аларды чечүү үчүн адистин жардамы талап кылынган өнүгүү көйгөйлөрү тakталат. Бул диагностиканын

негизинде педагог тарабынан башка педагог адистер менен кызматташтыкта диагноз (б. а. баланын инсандык жактан өнүгүүсүнө тоскоол болгон көйгөй маселелер аныкталат, ошондой эле анын жетишкендиктери жана педагогикалык колдоону талап кылган жекече көрсөткүчтөрдү бөлүп көрсөтүлөт) белгиленет жана бир жылга баланын болжолдуу билим берүү маршруту долбоорлонот.

Окуу жылынын аягында (адатта майда) ***негизги жыйынтыктоочу диагностика*** өткөрүлөт: анын натыйжасында бала бакчанын кызматкерлери тарабынан коюлган милдеттерди чечүү деңгээли бааланат жана бул баланы өнүктүрүүнүн жаңы милдеттерин эсепке алуу менен, педагогикалык процессти андан ары долбоорлоонун келечеги аныкталат. Баланын курагына туура келген өнүгүү мүнөздөмөсү (жогорку топ үчүн – баланын 6 жашка чыккан мүнөздөмөсү) бул диагностика үчүн «идеалдуу ченем» катарында кызмат кылат.

Баштапкы менен жыйынтыктоочунун ортосунда ***аралык диагностика*** өткөрүлөт. Ал топтогу бардык балдар менен эмес, тандалып алынган – кимде өнүгүү көйгөйү болсо, ошол балдар менен гана өткөрүлүшү мүмкүн. Педагогикалык мониторингдин методу катарында балдарга байкоо жүргүзүү да, жөнөкөй тесттик тапшырмалар да колдонулушу мүмкүн. Аралык педагогикалык диагностиканы өткөрүүнүн максаты балага карата тандалып алынган билим берүү стратегиясынын тууралыгын баалоо, өнүгүү динамикасын аныктоо болуп саналат. Диагностиканын бул түрүнүн натыйжасы боюнча педагог, психолог, башка педагог адистер зарылчылык болсо, педагогикалык процесске түзөтүүлөрдү киргизе алышат.

| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>Тема: «Бизди курчап турган нерселер». А.Карасартовдун «Суу» деген ырын жаттоо<br>Балдар «а» тыбышын туура жана так айтууга үйрөнүшөт. Айлана-чөйрө тууралуу билим алуу менен бирге сөз-байлыгын кеңейтишет. Чоң кишилердин сөздөрүн угууга жана түшүнүүгө үйрөнүшөт. Маданий жана гигиеналык көндүмдөрдү жана ошондой эле ишмердүүлүктүн коопсуздуу эрежелерин үйрөнүп, аларды бекемдешет. Тилдин грамматикалык түзүлүшүн окууну улантышат: «бир» сан атоочту көптүк түрдө колдонууну үйрөнүшөт; сүйлөөдө бышыктоочторду колдонууну үйрөнүшөт; тыбыштарды туура айтууга үйрөнүшөт; кандайдыр бир тема боюнча сөздөрдү колдонушат.<br>Эртең менен жуунуунун маанилүүлүгү тууралуу маалымат алышат, ырларды жаттоо менен бирге балдардын сууга жана жуунууга болгон сүйүүсү артат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>Тема: «Сиздерди конокко чакырам»<br>Балдар тарбиячынын «Мен жана менин үй-бүлөм» схемасы боюнча аңгеме түзүшөт. Сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө көңүл буруруга үйрөтүү, сөз жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча сабактарга кызыктыруу. Бизди курчап турган айлана-чөйрө тууралуу түшүнүк берүүнүн негизинде сөз байлыкты кеңейтүү. Балдарда үй-бүлө тууралуу түшүнүк калыптана баштайт. Үй-бүлө мүчөлөрүн аташат: апа, ата, сиңди, ини. Балдар жакындарына кам көрүп, аларга болгон сүйүү сезимдерин көрсөтүшөт. Балдарда туугандарга жана жакын адамдарына карата мамилелер калыптана баштайт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү. «О» тыбышы. Балдар тыбыштарды өз эне тилинде туура жана так айтууга үйрөнүшөт. Тыбыштарды так айтууда туура дем алууну үйрөнүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>Тема: «Менин жакшы көргөн оюнчуктарым». А. Барто (Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Бишкек-2016) «Аюу», «Коен», «Топ», «Самолет»<br>Балдар жактырган оюнчуктар тууралуу аңгемелерди түзүшөт. «Куурчактарыбызды жуунталы». Тыбыштарды так айтуунун бекемдешет; «Оюнчуктар» темасы боюнча сөз байлыгын кеңейтишет. Нерселердин (буюмдардын), кыймыл-аракеттердин жана сапаттарды аталыштарын эстеп калышат: ванночка, самындоо, самын, сүлгү ж.б. Куурчак менен ойноону үйрөнүшөт.<br>Тилдин грамматикалык түзүлүшүн окууну улантышат: «бир» сан атоочту көптүк түрдө колдонууну үйрөнүшөт; сүйлөөдө бышыктоочторду колдонууну үйрөнүшөт; тыбыштарды туура айтууга үйрөнүшөт; | 4-апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 4 | «Оюнчуктар» темасы боюнча сөздөрдү колдонушат. «Оюнчуктар» темасы боюнча билим алышат; нерселердин сапаттарын жана жасай турган кыймыл-аракеттерди айтууга үйрөнүшөт; эрежелерди эстеп калышат: «Оюнчуктарыбызды жакшы көрөбүз жана аларды таарынтпайбыз».<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү. «О» тыбышы. Балдар тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөнүшөт. Тыбыштарды так айтууда туура дем алууну үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Тема: «Күз келди!»<br>Б. Асаналиевдин «Селкинчек» деген китебинен – «Күз», «Төрт мезгил».<br>Балдарга «күз мезгили» тууралуу түшүнүк берилет.<br>Балдарды табияттын түстүү жана ажайып кооз кубулуштарына (жалбырактардын жерге түшүшү) кызыктыруу.<br>Зат атоочторго сын атоочторду тандоого үйрөтүү.<br>Сөз байлыкты кеңейтүү. Зат атоочторду жана сын атоочторду туура колдонууга үйрөтүүнү улантуу. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>Тема: «Күз мезгили, конокко келиңиз»<br>«Күз мезгили» темасы боюнча сүрөттүн негизинде маектешүү.<br>Балдар сүрөттүн негизинде аңгеме түзүүгө үйрөнүшөт.<br>Курдаштардын жана чоң кишилердин суроолорун угууга жана аларга жооп берүүгө үйрөнүшөт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү. «А» тыбышы. «А» тыбышын туура айтууну бекемдешет (алмурут, дарбыз, шалгам ж. б.) | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Жайлоого саякат»<br>Балдардын сөз байлыгы кеңеет. Балдар толук татаал сүйлөмдөр менен сүйлөөгө үйрөнүшөт. Балдарда айлана-чөйрө тууралуу билим жана түшүнүктөрдүн кеңейиши менен алардын сөз байлыгы байый баштайт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү. «У» тыбышы. «У» тыбышын туура айтууга үйрөнүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күз мезгилинде эмгектенүү**<br>Тема: «Түшүмдү жыйнап алуу»<br>Балдарга «Чамгыр» орус эл жомогун окуп берүү (Бөбөктөр үчүн хрестоматия, Бишкек-2016).<br>Балдар күз мезгилинде эмгектенүү тууралуу билимди бакчада жана дачада алышат.<br>Тилдин грамматикалык түзүлүшүн окууну улантышат: «бир» сан атоочту көптүк түрдө колдонууну үйрөнүшөт; сүйлөөдө бышыктоочторду колдонууну үйрөнүшөт; тыбыштарды туура айтууга үйрөнүшөт; тыбыштарга көңүл бурууга үйрөнүшөт; кандайдыр бир тема боюнча сөздөрдү колдонушат. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>Тема: «Сүйүктүү үй жаныбарлары»<br>«Эчки жана улактар» сүрөтүн карап чыгуу.<br>Балдарга үй жаныбарлары, алардын өзгөчөлүктөрү жана талаптары жана ошондой эле аларга кам көрүү эрежелери тууралуу түшүнүктөр калыптана баштайт.<br>Сөз байлыгы кеңеет: мышык-мышыктын баласы, ит-күчүк, эчки – улак.<br>Көрсөтмөлүү ой жүгүртүүнүн жөнөкөй түрү өнүгө баштайт.<br>Балдарга үй жаныбарларына кайрымдуу мамиле кылууга үйрөтүү. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>Тема: «Токойдо». Ж. Алыкуловдун «Эмне үчүн коендун кулагы узун?» аттуу жомогун окуу жана айтып берүү<br>Балдар жапайы жаныбарлар тууралуу түшүнүк алышат, кубанышат жана аларда жагымдуу сезимдер пайда болот.<br>Сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү улантышат (сөз байлыгын кеңейтишет, тилдин грамматикалык түзүлүшүн жакшыртышат). | 2-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 10 | Көңүл буруу жана көргөнүн эстей алуу көндүмүн өнүктүрүүнү улантышат. Жомок менен таанышышат жана тарбиячынын жардамы менен аны түшүнүшөт. Адабий чыгарманы айтып берүүгө үйрөнүшөт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «о» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн (артикуляция аппараты) өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>Тема: «Канаттуулар биздин досторубуз». «Мышык, түлкү жана короз» (Бөбөктөр үчүн хрестоматия Бишкек-2016) орус эл жомогун окуу<br>Жомокту угууга жана түшүнүүгө үйрөтүү, тарбиячынын суроосуна жооп берүүгө үйрөтүү, сын атоочту зат атооч менен ээрчиштирүүгө жана зат атоочту жекелик жана көптүк санда колдонууга үйрөтүү. Канаттуулар тууралуу билимин кеңейтишет, алардын сырткы келбетин жана кыймылдарын аныктоого үйрөнүшөт. Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: Канаттар, тумшук, чалгындар/жүндөр. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>Тема: «Мен бул жерде жашайм»<br>Балдар өздөрүнүн шаары же айылы тууралуу түшүнүгүн кеңейтишет. Тарбиячы менен маектешүүгө үйрөнүшөт, шаардын (айылдын) аталышын билишет. Чоң адамдардын суроолоруна байланыштырып жооп берүүгө үйрөнүшөт.<br>Маектешүүгө активдүү катышышат, сөз байлыгын кеңейтишет.<br>Өздөрүнүн шаарына (айылына) болгон сүйүүсүн көнсөтүүгө үйрөнүшөт. Сын атоочту зат атооч менен туура ээрчиштирүүгө үйрөнүшөт. Тарбиячынын (чоң кишинин) берген суроосуна негизинде жайылма сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>Тема: «Манас деген ким?»<br>Балдар Манас тууралуу түшүнүк алышат. Тарбиячыны угууга жана суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшөт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «э» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн (артикуляция аппараты) өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Декабрь |
| 14. | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Тема: «Кыш мезгили ырдап жатат...»<br>Балдар кыш мезгилине мүнөздүү сапаттар тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет.<br>Этиштерди колдонушат, менен, жана, да, дагы, гана, аркылуу, байламталарды колдонуу.<br>Сөз байлык: сын атоочторду колдонуу; кар, кыш сыяктуу сөздөрүнө сын атоочторду тандап алууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>Тема: «Жаңы жылга даярдык көрөбүз»<br>Балдар Жаңы жыл тууралуу түшүнүк алышат. Байланыштырып сүйлөө көндүмүн жана тыбыштарды туура айтууну өнүктүрүшөт.<br>Балдар сөздөрдү так айтууга үйрөнүшөт, балаты жана оюнчуктар тууралуу эки же үч сөздөн турган сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөнүшөт.<br>Тыбыштарды айтуу, ой жүгүртүү жана табышмактарды табууну өнүктүрүү.<br>Сөз байлыгын байытуу: кагаздан, айнектен жасалган оюнчуктар.<br>Балдар майрамдар жана каада-салттарга кызыга башташат, балдарда сезимдер пайда болот.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «д» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн (артикулляция аппараты) өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>Тема: «Жаңы жыл кирип келди»<br>Тарбиячы Жаңы жыл тууралуу аңгеме айтып берет. Жаңы жыл тууралуу сүрөттү карап чыгуу. | 4-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 16 | Балдар Жаңы жыл тууралуу түшүнүк алышат. Балатыны жана оюнчуктарды карашат жана суроолорго жооп беришет.<br>Көңүл буруу жана сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт жана ошондой эле «Жаңы Жыл» темасы боюнча сөз байлыгын кеңейтишет.<br>Балдарды жакшы көргөн жана Жаңы Жылга белек алып келген ата жөнүндө түшүнүк калыптанат. Балдардын көңүлү көтөрүңкү болуп кубаныч сезим пайда болот. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>Тема: «Куурчак үчүн кардуу кыр»<br>«Кышкы сейилдөө» сүрөтүн карап чыгуу жана аңгеме түзүү.<br>Балдарда кыш мезгили, кыш мезгилинде ойнолуучу оюндар тууралуу алгачкы түшүнүктөр калыптана баштайт. Балдар кардын сапаттары тууралуу түшүнүк алышат. Чана жана коньки тебүү жөнүндө аңгеме түзүүгө үйрөнүшөт. Жандоочторду колдонууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>Тема: «Буратино конокто»<br>Балдар төмөнкү сөздөрдү сүйлөөдө колдонушат: жүк ташуучу унаа, жеңил унаа, жол чырак, жүргүнчүлөр үчүн жалгыз аяк жол, унаа тетиктеринин аталыштары, жол, жанжол. Кыймыл этиштерди колдонушат.<br>Тыбыштырады туура жана так айтууга үйрөтүү: «б» тыбышы. Сүйлөө моторикасын жана мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Кышында токойдо»<br>Балдар кыш мезгили жана өсүмдүктөр менен таанышышат жана кыш мезгилине байланыштуу сөздөрдү колдонушат: ачык суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшөт. «Кышкы токой» темасына байланыштуу сүрөттөрдү карап чыгышат. Берилген тема боюнча чакан аңгемелерди (3–4 сүйлөмдөн турган) түзүшөт. Монолог (жалгыз) сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырышат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбардар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>Тема: «Көмөч» жомогуна саякат<br>Балдар байланыштырып сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт. Ачык жана катуу окуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт. Сын атоочторду колдонуу менен бирге сүйлөмдөрдү түзүүнү үйрөнүшөт: камыр, күрөң, үлпүлдөк, куу, сары, куунак, ойноок.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «з» тыбышы. Сүйлөө «з» мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>Тема: «Маша (куурчак) конокто»<br>Балдар эмеректердин аталыштары менен таанышышат, эмеректерди жана алардын колдонулушун үйрөнүшүп такташат. Эмеректерди карап чыгуу жөндөмү калыптанат, эмеректердин негизги сапаттарын белгилешет: эмеректер тууралуу билимдерин кеңейтишет; үйрөнүшөт, көңүл коюу жөндөмүн өнүктүрүшөт, этиштерди, зат жана сын атоочторду колдонуу менен бирге берилген тема боюнча сөз байлыгын кеңейтишет; берилген тема боюнча жалпылап айтууну колдонушат; нерселердин сапаттарын билдирүүчү сөздөрдү колдонушат; ой жүгүртүү, көңүл коюу жана көрүү жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт; сүйлөөдө жандоочторду туура колдонууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>Тема: «Дасторкон жайып, досторубузду конокко чакыралы»<br>Сүйлөөдө «идиш аяк» темасы боюнча түшүнүктөр калыптанат жана сөздөр колдонулат. Сөз жазоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы сөздөрдү түзүүгө үйрөнүшөт. Этиштерди колдонушат. Чоң кишилер менен бирге аңгемелерди түзүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **Кесиптер**<br>Тема: «Коенек сыркоолоп калды»<br>Балдар доктурдун кесиби жана мээрман айым менен таанышышат. Доктурдун кесибине кызыгышат. Негизги эмгек процесстерин жана аларды жасоо ирээтин белгилешет.<br>Сырткы келбеттин сапаттарын белгилөөгө үйрөнүшөт. Медицинага байланыштуу сөздөрдү үйрөнүшөт. Татаал сүйлөмдөрдү айтууга үйрөнүшөт. Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «п» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>Тема: «Канаттуулар жылынуу үчүн учуп келишти». М.Джангазиевдин «Канаттууларды сактагыла!» аттуу ырын окуу<br>Балдар канаттууларды бир бирлеринен айырмалоого жана кышкы канаттуулардын аталыштарын үйрөнүшөт; кышкы канаттуулардын сырткы келбети, жүрүш-турушу жана жашоосу менен таанышышат. Жапайы жана үй канаттуулардын мүнөздүү сапаттары менен таанышышат. Үй канаттууларына кайрымдуу мамиле жасоого үйрөнүшөт. Канаттууларга кам көрүүгө кызыгышат.<br>Канаттуулар жөнүндөгү ырлардын мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт, тарбиячынын сөздөрүн кайталашат, тууранды сөздөрдү айтууга үйрөнүшөт, тарбиячынын суроолоруна жооп берет. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>Тема: «Апалар керек!»<br>Жапиев Ж. «Гүлдесте» ырынан үзүндү окуп берүү.<br>Балдар 8-март майрамы менен таанышышат. Кызыгуу, көргөнүн жана укканын эстеп калуу сезимдерин өнүктүрүшөт. Сылык сөздөрдү жаттап сөз байлыгын кеңейтишет. Сүйлөөдө сын атоочторду колдонушат. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>Тема: «Чагылыштар»<br>А.Карасартовдун табышмактар баракчасынан «Жаз»,«Жаан», «Жамгыр» жөнүндө табышмактарды окуу (Бөбөктөр үчүн хрестоматия, Бишкек-2016) .<br>«Кийим-кече», «баш кийим» жана «бут кийим» темалары боюнча сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт. Жазгы кийим-кече боюнча сөз байлыгын кеңейтишет. Сын атоочту зат атооч менен туура ээрчиштирүүгө үйрөнүүнү улантышат. Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «т» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар.**<br>Тема: «Суу жашоочулары»<br>Балдар суу жана аквариумдун жашоочулары тууралуу билимдерин кеңейтишет. Аквариумдагы балыктарды карашат, балыктардын дем алышын жана тамактанышын түшүнүүгө аракеттенишет. Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: аквариум, канат, балык. Сөздөрдү туура жана так айтууга үйрөнүшөт. Балыкты карап, сүрөттөгү аңгемелерди айтууга үйрөнүшөт. Балдардын монологиялык сүйлөө жөндөмүн өнүктүрөт. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Нооруз майрамын тособуз»<br>Нооруз майрамы жөнүндөгү сүрөттөрдү карап чыгышат.<br>Бизди куурчап турган айлана-чөйрө тууралуу түшүнүк алуу менен бирге балдардын сөз байлыгы кеңеет. «Нооруз майрамы», табияттын ойгонушу, майрамга даярдык көрүү жана аны өткөрүү тууралуу түшүнүк алышат. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>Тема: «Адамдардын жазгы иштери» сүрөтү боюнча аңгеме түзүү»<br>Байланыштырып сүйлөө: сүрөттүн негизинде аңгеме түзүү, аныктамаларды, салыштырмаларды жана кыймыл аракеттерди тандоо, этиштерди көптүк санда колдонуу.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «к» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт. Балдардын монологиялык сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 1-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 30 | **Космос**<br>Тема: «Асманга жана булуттарга байкоо жүргүзөбүз»<br>Балдардын сөздөрдү колдонуу жана сөздөрдү эстеп калуу жөндөмүн жандандырышат, Сөздөрдү туура жана так айтууну калыптандырышат. Сөз айкалыштарды түзүүгө жана сүрөттөөчү сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөнүшөт. Байкоолорго талдоо жүргүзүү, жыйынтык чыгаруу жана грамматикалык жактан туура сүйлөөгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>Тема: «Маша чоң апасыныкына конокко бара жатат»<br>Т. Тыныбековдун «Жөжөлөрүм» ырынан үзүндү окуу жана жаттоо.<br>Балдарга канаттуулар жана алардын балапандары тууралуу маалымат берүү. Балдардын сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү: сүйлөмдөрдү туура түзүү, сөздөрдү так айтуу; сөз байлыкты кеңейтүү, канаттуулардын үндөрүн айырмалоого үйрөтүү; эстеп калуу, элестетүү, логикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана акырын сүйлөп, маектешүүгө үйрөтүү. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>Тема: «Мунара» (Мөл булак, 2000) аңгемесин окуу жана айтып берүү<br>Балдардын жапайы жана үй жаныбарлары тууралуу билимин бекемдөө. Зат атоочторду көптүк жана жекелик санда колдонууга үйрөтүү; тарбиячынын суроолоруна жооп берүү, тууранды сөздөрдү туура айтуу боюнча көнүгүүлөрдү жасоо, сөздөрдү туура так айтууга үйрөтүү; балдардын акыл-эс жөндөмүн өнүктүрүү, сүйлөө, көңүл коюу, эстеп калуу, ой жүгүртүү, табиятка кызыгуу жана артисттик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «г» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>Тема: «Алар Ата Мекенди коргошкон»<br>Жеңиш Күнү тууралуу түшүнүк алышат. Улуу Ата Мекендин согушунун ветерандарына сый-урмат көрсөтүү жана аларга кам көрүү сезимдери калыптанат. Тарбиячынын аңгемелерин угуу жана суроолорго жооп берүү көндүмдөрүн бекемдөө. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>Тема: «Ийнеликтин үйүндө». А. Осмоновдун «Ийнелик» ыр саптарын окуу<br>Угуу жөндөмүн жакшыртуу; тема боюнча сөз байлыкты кеңейтүү; «курт-кумурскалар» тууралуу түшүнүк берүү. Сүрөттүн негизинде сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөтүү. Сабак учурунда табышмактарды табышат, зат атоочторду көптүк санда колдонушат, логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт жана курт-кумурскаларга кайрымдуу мамиле кылууга үйрөтүү.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «в» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр. «Каакым-кукум» аңгеме түзүү**<br>Өздөрү жашаган жерде өсүүчү өсүмдүктөр менен таанышуунун улантышат Каакым-кукум тууралуу билимдерин кеңейтишет жана бекемдешет. Чоң кишинин айтуусунун негизинде сүрөтчү аңгемелерди түзүүгө үйрөнүшөт. Сын атоочторду колдонууга үйрөнүшөт. Гүлдөр тууралуу табышмактарды табууга үйрөнүшөт. Кээ бир гүлдөрдүн жана бөлүктөрүн (жалбырак, сабак) аталыштарын жатташат (каакым-күкүм, мак, роза) | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>Тема: «Сен менин досумсуң жана мен сенин досуңмун»<br>Бир бирлерине кайрымдуу мамиле жасоого үйрөнүшөт. «Достук» темасы боюнча сөз байлыкты кеңейтишет. Ж. Мамбеталиевдин «Досум» деген ыр саптарын угушат. Адабий чыгармаларды угууга, түшүнүүгө жана достук тууралуу чакан аңгеме түзүүгө үйрөнүшөт.<br>Тыбыштарды туура жана так айтууга үйрөтүү: «с» тыбышы. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт жана туура дем алууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Май |

## «АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ МЕНЕН ТААНЫШУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Бала бакча**<br>Тема: Топ менен таанышуу. Маектешүү: «Өзүң жана досторуң жөнүндө айтып берчи»<br>Балдарда бала бакчага барууну каалоо сезими пайда болот. Баланын социалдык чөйрөсү катары бала бакча менен таанышууну улантуу, сылык болуу көндүмдөрүн үйрөнүү: Чоң кишилердин аттарын айтуу аларга «сиз» деп айтуу, саламдашуу, коштошуу, сылык түрдө бир бири менен маектешүү. Күнүмдүк жашоодо «сылык» сөздөрдү колдонууга үйрөнүү («Кичи пейилдикке, мага жардам берип коесузбу», «мени менен ойноңузчу»). Бала бакчанын имараты менен таанышуу: чоң бөлмө, уктоочу бөлмө, ажаткана ж. б. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **Коопсуздук ишмердүүлүктүн негиздери. Санитардык жана гигиеналык көндүмдөр**<br>Тема: «Мен ден соолукту боломун»<br>Ден соолук жана сергек жашоо мүнөзү тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет. Кээ бир тамак аштардын пайдасы жана зыяны тууралуу түшүнүк алышат.<br>Педагог колду дайыма жууш керектигинин маанисин айтып берет. К. Чуковскийдин «Мойдодыр» ырынан үзүндү угушат.<br>Жеке колдонулуучу гигиеналык буюмдарына (бет аарчы, сүлгү, тарак, кийим-кече, бут кийим) этияттык менен мамиле кылууну, аларды эч кимге бербөө жана башка адамдардын жеке колдонулуучу буюмдарын колдонбоо керектигин түшүнүшөт. Жагымдуу өз өзүн баалоо калыптанат.<br>«Кооптуу – коопсуз» оюну. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>Тема: «Менин ынтымактуу үй-бүлөм»<br>Балдар үй-бүлөлөрү, жакшы көргөн адамдары, алардын кайрымдуулугу тууралуу айтып беришет. Үй-бүлөсүндөгү үй-бүлө мүчөлөрү бири бирине жардам көрсөткөндөрү жөнүндөгү суроолорго жооп беришет.<br>Ар бир баланын үй-бүлөсү бар экендигин, алар бири бирин жакшы көрүшкөнүн жана бири бирине кам көргөндүгүн түшүнүшөт. Ролдук оюн «Атам менен апам жасай турган үй иштери. Мен эмне кылып жардам берейин?».<br>Үй-бүлө көрсөтүлгөн сүрөттөрдү карашат, үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттарын алардын бири бирине болгон мамилелерин (эмне кылып жатышат, алар кантип бир бирлерине кам көрүшөт? Кайсыл жакка барышат, ж. б.) айтышат.<br>«Менин үй-бүлөм» коллажын топтошуп бирге жасашат. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>Тема: «Мен ойноп жатам». С. Маршактын «Менин тобум зыңкылдак» ырын окуу<br>Балдар оюнчуктарга кызыгып, алардын аталыштарын үйрөнүшөт. «Оюнчуктар» тууралуу түшүнүк алышат. Бала бакчада оюнчуктар менен таанышышат, алар менен ойноого үйрөнүшөт. Ар бир оюнчукту өз ордуна коюуга үйрөнүшөт.<br>«Биздин жакшы көргөн оюнчуктарыбыз» панносун жасашат. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Тема: «Күз мезгили, бизге конокко келиңиз!»<br>Күзгү табиятка байкоо жүргүзүшөт жана өзгөрүүлөрдү белгилешет: күндөр кыскарат, сууктайт, жаан жайт, көлчүктөр пайда болот, күн жакшы тийбей калат.<br>Күз мезгилинде кийилүүчү кийимдер жана бут кийимдер жөнүндө маалыматтар талкууга алынат. Кийимдердин аталыштары такталат жана бөлүнөт. Күзгү кийим-кече жайкы кийим-кечеден эмнеси менен айырмалана тургандыгын түшүндүрүүгө үйрөтүү. Өздөрүнүн ден соолугуна кам көрүү жана мезгилге карата туура кийинүүгө үйрөтүү. Табияттагы, аба-ырайындагы жана адамдарды кийимдериндеги өзгөрүүлөрдү байкоого үйрөнүшөт.<br>Балдарда табияттагы кубулуштарга өз ара байкоо жүргүзүү кызыкчылыгы пайда болот.<br>Суу, кум, таш жана топурак менен оюндар. Имитация оюндары: «Жаандын үндөрү», «Шамал болуп жатат», «Ким эмне кийген» оюну, «Жароокер күн» оюну. Дарактын жалбырактары менен сүрөт тартуу. | 1-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>Тема: «Бакчада». А. Осмонов «Күздө» ырын окуу<br>«Жер жемиштер» жана «жашылчалар» боюнча түшүнүктөрдү, алардын аталыштарын жана аларга мүнөздүү сапаттарды бекемдешет.<br>Жашылчалар (сабиз, бадыраң, пияз, помидор, капуста, картөшкө) жана жемиштер (алмурут, алма) тууралуу түшүнүктөрдү кеңейтишет.<br>«Эң сонун мүшөк», «Даамын татып көр» оюндары.<br>Түстүү кагаздарды томолоктоштуруп, алмаларды же болбосо, чоң аппликацияларды жасоо | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Күзгү жалбырактар менен саякаттоо»<br>Дарактар жердин флорасынын бөлүгү катары, алардын кооздугу жана пайдасы, табияттагы, аба-ырайындагы өзгөрүүлөрдү калыптандырышат жана ошондой эле өсүмдүктөрдүн жашоого тийгизген таасири тууралуу маалыматтарды бекемдөө. Өсүмдүктөрдүн дүйнөсүн изилдөөгө кызыгуу пайда болот. Табиятты коргоого үйрөнүшөт. Дарактарды жана бадалдарды тигүү жана кыюу иштерине байкоо жүргүзүү.<br>«Жалбыракты тап, мен көрсөтөм», «Дал ушундайды тап» жана «Пазлдарды чогулт» оюндары. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>Тема: «Биз бакчада иштейбиз»<br>Балдардын чоң адамдардын эмгеги жана алардын аракеттери тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет. Чоң адамдардын эмгегин урматтоого үйрөнүшөт. Бакчада жана үйдө өсүүчү өсүмдүктөрдү өстүрүүгө кызыгуу пайда болот. Каражаттар менен таанышышат: күрөк, шыпыргы, тырмоо. Көрсөтмө материалдарды колдонуу менен бирге чоң адамдардын эмгегине байкоо жүргүзүү. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>Тема: «Степашка менен бирге конокко баруу»<br>Үй жаныбарлары, алардын өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары жана адаттары менен таанышышат. Үй жаныбарларынын аталыштарын жана адамга тийгизген пайдасын бекемдешет. «Үй» сөзүнүн келип чыгышын талдашат. Табияттагы бардык жандыктардын бир бири менен болгон байланыштары тууралуу маалымат берилет. Бардык нерсени билүү каалоосу пайда болот.<br>Оюндар – окшоштуру/имитация оюндары, адамдын дене мүчөлөрүн жаныбарлардын дене мүчөлөрү менен салыштыруу. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>Тема: «Үч аюу» орус эл жомогун окуу (Бөбөктөр үчүн хрестоматия, Бишкек-2016)<br>Жапайы жаныбарлардын жашаган жерлери, жеген тамак-аштары, кыймыл-аракеттери жана чыгарган үндөрү тууралуу жөнөкөй түшүнүктөрдү алышат. Жапайы жаныбарлар тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет (аюу, коен, түлкү, тыйын чычкан, кирпичечен).<br>Манжа театры аркылуу оюндар коюу.<br>Оюндар – музыканын коштоосу менен жапайы жаныбарлардын кыймыл-аракеттерин окшоштуруп жасоо. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>Тема: «Менин канаттуу досторум»<br>Күз мезгилин сүрөттөгөн А. Маделиевдин «Жыл – он эки ай» ыр саптарынан үзүндүлөрдү окуу.<br>Канаттуулар кайсыл жакка учуп кетишет? Табияттагы өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт. Күз мезгилиндеги канаттуулардын санына көңүл бурушат. Канаттуулардын жарымы жылуу жерлерге учуп кеткендигин түшүнө башташат жана кыш мезгилинде канаттуулардын жашоосун жеңилдетүү жолдорун үйрөнө башташат. Байкоолорду жеке тажрыйба менен байланыштырганга үйрөнүшөт.<br>Оюндар: «Мен айтканды тап», «Пазлдарды чогулт». | 3-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>Тема: «Мен бул жерде жашайм»<br>Биз жашаган шаар (айыл) жөнүндөгү сүрөттөрдү карап чыгуу.<br>Бишкек шаарынын жана Кыргызстандын символикалары менен таанышуу. Ата Мекенди сүйүүгө үйрөтүү. Мамлекеттик символикалар менен таанышуу (герб, желек, гим).<br>Шаарда (айылда) сейилдөө. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>Тема: «Манас деген ким»<br>«Манас» эпосунан «Манастын төрөлүшү» үзүндүсүн окуу.<br>Кыргыз элинин маданиятына жакындашат. Балдардын жана ата-энелердин аттарынын маанилери менен таанышышат. Ат, атасынын аты жана фамилиясы деген сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Ыр саптардын так айтууга жана үй-бүлө тууралуу макалдардын маанисин түшүндүрүүгө үйрөнүшөт. | 1-апта | Декабрь |
| 14. | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Тема: «Кыш мезгилинин шоктугу»<br>Кыш мезгилинин кооздугун көрүп, айтып берүүгө үйрөтүү. Кыш мезгили тууралуу сөздөрдү үйрөнүшөт. Кыш мезгилине мүнөздүү белгилерди жана күндүн узактыгына көңүл бурууга үйрөнүшөт. Табиятты сүйүүгө жана күн суукталганда дарактарга кайрымдуу мамиле жасоого үйрөтүү.<br>Кар жана муз менен оюндар. Музыканын коштоосу менен окшоштуруу оюндары: «Кар жаап жатат», «Боорон чапкын». Оюндар: «Ким кандай кийинген», «Пазлды чогулт». | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы.**<br>Тема: «Балатыны жасалгалайлы»<br>Майрам жөнүндө айтып берүүгө жана аларды даярданууга, катышууга үйрөтүү. Балаты оюнчуктарын жасоодо биргелешип иштөө маданиятына үйрөтүү. Кагаздан жасалган оюнчуктарды «алакандан» жана геометрия фигураларынан (үч бурчтук, төрт бурчтук, тоголок) жасоо. Балаты жөнүндө билимдерин бекемдөө. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>Тема: «Жаңы жыл кирип келди»<br>Чоң кишилердин жана балдардын жашоосундагы кыш, жаз, жай жана күз мезгилдерине мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жана өзгөрүлөрү менен таанышуу.<br>Жаңы жыл майрамы менен таанышуу. «Жаңы жылдык балаты» – эң сонун кышкы майрам. Жаңы жылдын алдында балдардын көңүлү көтөрөңкү болуп ар кандай сырдуу сезимдер пайда болот.<br>Окшоштуруу оюндар, Аяз ата жана Аяз кыз тууралуу ырларды окуу жана кышкы оюндарды ойноо менен бирге Жаңы Жыл майрамын күтүү.<br>Оюн: «Сүрөттү чогулт». | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>Тема: Кышкы оюндар «Чана тебүү»<br>Т. Кожомбердиевдин «Күлүк чана» ырын окуу.<br>Табияттагы, аба-ырайындагы жана адамдардын кийиминдеги эң жөнөкөй өзгөрүүлөрдү байкоого үйрөнүшөт. Кышкы оюндар жана кар жана муз менен ойноону билишет. Сүйлөөдө «чана, лыжа, коньки, дөң» деген сөздөрдү колдонушат. Кышкы табиятка байкоо жүргүзүүгө жана жөнөкөй өзгөрүүлөрдү көрүүгө үйрөнүшөт: кыш абдан суук мезгил, кар жаап жатат, ал суук, кар менен ойносо болот, аяз кишини кардан жасаса болот, кар жылуу жерде бат эрийт, кардын формалары ар кандай, кар абдан кооз.<br>Сүрөт тартуу – пластика бөтөлкөлөрүндөгү суу менен көчөдө ойноо. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>Тема: «Шаңдуу саякат»<br>Балдар «транспорт» түшүнүгү тууралуу билим алышат: жер, аба жана суу. Жол эрежелерин үйрөнүшөт. Коопсуздук жана өзгөчө кырдаал тууралуу түшүнүк алышат. Жол чырагынын өңдөрү тууралуу билимдерин бекемдешет. Өздөрүнүн ден соолугу жана жашоосуна болгон жоопкерчилик сезимин калыптандырышат.<br>Сюжеттик жана ролдук оюндар: «Жаш шоопурлар», «Жүргүнчүлөр» жана «Жол чырак». | 2-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Балаты балдарга конокко келди»<br>З.Александрованын «Балаты» ырын окуу. (Бөбөктөр үчүн хрестоматия Бишкек-2016).<br>Өсүмдүктөр дүйнөсү, кыш мезгилинде дарактар жана бадалдар кандай көрүнүп тургандыгы тууралуу түшүнүк алышат. Дайыма жашыл болуп турган өсүмдүктөр тууралуу түшүнүктү түшүнүүгө үйрөнүшөт. Балаты жөнүндөгү табышмактарды табууга үйрөнүшөт.<br>Кышында кандай жемиштерди (лимон, апельсин, өрүк, банан, мейиз) жеш керек болгондукту үйрөнүшөт.<br>Оюн: «даамын татып көр» | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>Тема: «Мышык балдары менен» жана «Түлкү» сүрөттөрүн карап чыгуу<br>Тарбиячы кыш мезгилинде жаныбарлардын кантип жашай тургандыгы тууралуу баяндап/аңгеме айтып берет.<br>Жапайы жана үй жаныбарлары, үй жаныбарларын багуу өзгөчөлүктөрү, жапайы жаныбарлардын жашоосу тууралуу маалымат алышат.<br>Үй жаныбарлары тууралуу түшүнүк алышат (ит, мышык, эчки, уй, жылкы). Жапайы жаныбарлар тууралуу түшүнүк алышат (аю, коен, түлкү, тыйын чычкан, кирпичечен). Балдар кыш мезгилинде жапайы жаныбарлар кантип жашай тургандыгы тууралуу түшүнүк алышат.<br>Балдар «з-с» тыбыштарын айтууга үйрөнүшөт. Балдардын монолог сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>Тема: «Мен жашаган үй»<br>Адамдын жашоосун жеңилдеткен үй тиричилик техникасы тууралуу түшүнүк алышат. Үй тиричилик техникасын колдонууга кызыгышат.<br>Үй тиричилик техникасын карап чыгуу көндүмүн өнүктүрүү. Үй тиричилик техникасы менен таанышуу: муздаткыч, чаң соргуч, микроволновка, сыналгы/телевизор, компьютер. Үй тиричилик техникасына аяр мамиле жасоого жана аларды колдонууга үйрөнүшөт. Үй эмеректери тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет. Үй эмеректерин төрт бурчтук, тоголок жана тик бурчтук менен салыштырып окшоштуктарды табышат.<br>Балдардын сөз байлыгын кеңейтишет. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>Тема: «Чоң апанын үйүндө»<br>«Идиш-аяк» жөнүндөгү билимди бекемдешет жана «идиш-аяк» сөзүн жалпылаштырышат. Идиш-аяктарды жана эмеректерди (уктоочу бөлмө, ашкана) бир биринен айырмалоого үйрөтүшөт. Идиш-аяктарды тигил же бул белгилерге жана колдонуу максатына жараша салыштырууга жана бөлүүгө үйрөнүшөт. К.Чуковскийдин «Федорино горе» ырын угушат.<br>Геометрия фигуралары менен болгон окшоштуктарды табышат. Өз алдынча иш кылууга аракеттенишет.<br>Балдардын сөз байлыгын кеңейтишет. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>Тема: «Бардык кесиптер жакшы»<br>Кесиптер тууралуу маалымат беришет. Ашпозчунун кесиби менен таанышышат. Чоң адамдардын эмгегин урматтоого үйрөтүү. Өз алдынча иш алып барууну өнүктүрүү.<br>Балдардын сөз байлыгын кеңейтишет. Сюжеттик жана ролдук оюндар. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>Тема: К. Ушинскийдин «Каз жана турна» аңгемесин окуу<br>Канаттуулар менен таанышууну жана аларды бири биринен айырмалоого үйрөнүүнү улантышат. Үй канаттуулары менен таанышуунун улантышат.<br>Төмөнкү түшүнүктөрдү калыптандырышат: кыштаган жана учуп кеткен канаттуулар.<br>Канаттууларды сырткы келбети жана чыгарган үндөрү боюнча айырмалоого үйрөтүү; канаттууларга байкоо жүргүзүү. | 4-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 24 | Кыштаган канаттууларга жардам берүү керектигин түшүнө башташат, уюктарды дарактарга илишет жана аларга жем беришет.<br>Окшоштуруу оюну – «Ким кандай үн чыгарат» | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>Тема: «Урматтуу айымдар, майрамыңыздар кут болсун»<br>М. Жангазиевдин «Апаңдын аты ким?» же А. Кыдыровдун «8-март» ырын окуу. (Бөбөктөр үчүн хрестоматия Бишкек-2016).<br>8-март майрамы тууралуу маалымат алышат. Адабий чыгармаларды угууга жана тарбиясынын суроолоруна жооп берүүгө үйрөнүшөт. Апаны, чоң апаны, таенени жана эжени урматтоого үйрөнүшөт.<br>«Менин апам» көргөзмөсү.<br>«Апамданы көйнөктөрү» долбоорун ишке ашыруу. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер.**<br>Тема: Темиркул Үметалиевдин «Өрүк гүлү» же М. Жангазиев «Байчечекей» ырын окуу<br>Жаз мезгилине мүнөздүү белгилерди айтуу, аба-ырайы менен суунун өзгөрүүлөрүн байланыштыруу жана ойгонуп жаткан табияттын кооздугун байкоого үйрөнүшөт. Үйөр жана тамчы тууралуу түшүнүк алышат.<br>«Саулени сейилдөөгө кийинтели» оюнунда табияттын жана жазгы кийим-кеченин өзгөрүүлөрү тууралуу билимди бекемдешет.<br>Окшоштуруу оюну:«Тамчы». Тыбыштарга жана үндөргө көңүл коюуу жөндөмүн өнүктүрүү.<br>Паркта сейилдөө. Ала-телек жерлерди жана агып жаткан сууларга байкоо жүргүзүү. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар.**<br>Тема: «Биздин аквариум»<br>Балдар балыктар тууралуу түшүнүктөрү кеңейтишет. Дене мүчөлөрүнүн негизги бөлүктөрүн атоого жана алардын өзгөчөлүктөрүн айырмалоого үйрөнүшөт. Аквариумдагы балыктарды багууга, аларга байкоо жүргүзүүгө жана дене түзүлүшүн карап чыгууга үйрөнүшөт.<br>Балыктын дене түзүлүшүн кишинин дене мүчөлөрү менен салыштырышат.<br>Жекелик жана көптүк сандагы сөздөрдү («Аз-көп») жана өлчөмдөрдү бекемдешет («кичинекей-чоң»), (чоң балык – бир, кичинекей балыктар – көп). | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар**<br>Тема: «Биз Нооруузду күтөбүз»<br>Балдар табиятка байкоо жүргүзүүгө жана өзгөрүүлөрдү белгилөөгө үйрөнүшөт: күн жылып келе жатат, күн тийип жатат, чөп өсүп келе жатат, жаан жаап жатат, байчечекейлер гүлдөп жатат, дарактар бүчүрлөнүп жатат. Өлкөдө Нооруз майрамын майрамдоо тууралуу айтып берүү. Нооруз майрамынын каада-салттары тууралуу маалымат алышат, улуттук кийим-кечелер жана сөйкө, шакектер жана башкаларды жасоо жолдору менен таанышуу. Нооруз майрамында тамак-аштарды даярдоо менен таанышуу. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>Тема: «Биз жаз иштерин жасайбыз»<br>Балдар чоң кишилердин жасаган иштери тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтишет, негизги жазгы иштер менен таанышышат. Жазгы иштеринде колдонулуучу нерселерди колдонууну үйрөнүшөт. Жазгы иштеринде колдонулуучу нерселерди пайдалануунун үйрөнүшөт (суу куйгуч/суугаргыч менен өсүмдүктөргө суу куябыз, бул жерден суу толтурабыз, бул жерден суу куюлат, күрөк менен жер казабыз ж. б.).<br>Практикалык иш: урук тигебиз. Өсүмдүктүн өсүп чыгышына байкоо жүргүзөбүз.<br>Багуу: суугаруу, жер жумшартуу. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>Тема: «Ракета менен саякаттоо»<br>Балдар космос, асман, күн жана ай тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү алышат.<br>Төмөнкү сөздөрдү түшүнүшөт: «ракета», «космонавт».<br>«Космос» темасы боюнча ар кандай сүрөттөрдү карашат.<br>«Ракетада учуп бара жатабыз» коллажын бирге жасашат. | 2-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>Тема: «Канаттуулар кантип жазды алып келишти». Оюн: «Тооккана»<br>Канаттуулардын жашаган жери, жеген тамагы жана чыгарган үндөрү тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү алышат.<br>Чоң кишилердин үй жаныбарларын жана канаттууларды багуусу боюнча алгачкы түшүнүктөрдү алышат. Жазында канаттуулардын балапандары пайда болушу тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү алышат.<br>Сөздөрдү жасоо, канаттууларды жекелик жана көптүк санда айтуу боюнча көнүгүүлөрдү жасоо: тооктор – балапандар, каздар – каз балапандары, өрдөктөр – өрдөктөрдүн балдары. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>Тема: «Үй жаныбары тууду». А.Осмоновдун «Кашка торпогум» ырын окуп берүү<br>Балдар жашаган жердеги жапайы жана үй жаныбарлары тууралуу билимдерин бекемдеп толукташат. Китептерде керектүү маалыматты табууга үйрөнүшөт. Жаңы нерсеге кызыгуу жана үйрөнүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. Табиятта бардык нерселер бири бири менен байланышканын жана «зыяндуу» же «керексиз» жаныбарлардын жок экендиги тууралуу билим алышат. Тарбиячынын жазында жапайы жана үй жаныбарларынын балдары туулгандыгы жөнүндөгү аңгемени угушат. Жаныбарлардын балдарынын аталыштарын жатташат.<br>Оюн: «Ким үн чыгарып жатат? Тапсаң». Жаныбарлардын чыгарган үндөрүн окшоштуруп чыгаруу оюну. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>Тема: «Жеңиш Күнү»<br>Жеңиш Күнү майрамы менен таанышышат. Мекенчил жана ахлак-адеп сапаттары калыптанат. Улуу Ата Мекендик согушу, коргоочулардын аты-жөндөрү жана армиянын функциялары менен таанышышат. Улуу Ата Мекендик согушунун ардагерлерин урматтоо, ардагерлери жана Мекен менен сыймыктануу о.э. чоң кишилерди угууга үйрөнүшөт.<br>Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: Ата Мекен, баатыр, ардагер, жеңиш, жоокер, армия, коргоочу. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>Тема: Ж. Мамытов «Кумурска» деген ырын окуу<br>Балдар кээ бир курт-кумурскалар, аларга тамак-аш, суу, аба жана жылуулук керек экендиги жөнүндө түшүнүк алышат (көпөлөк, коңуз, айлан көчөк, кумурска).<br>Ар кандай курт-кумурскаларга мүнөздүү өзгөчөлүктөр жана жылуу, басуу, учуу, чуркоо жана секирүү ыкмалары жөнүндө түшүнүк алышат.<br>Окшоштуруп үн чыгаруу оюндары: «Курт-кумурскалар ойгонушту». «ж-ж-ж», «з-з-з», «с-с-с» тыбыштарын чыгарууну бекемдеп жакшыртышат. Сөз байлыкты кеңейтишет. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>Тема: М.Жангазиевдин «Май келет дайым гүл менен» же А. Кыдыровдун «Сулуу май» ырын окуу.<br>Балдар гүлдөр (талаа, токой, шалбаа жана бакчада өскөн гүлдөр), алардын түзүлүшү, пайдасы, өсүү шарттары тууралуу маалымат алышат.<br>Көңүл буруу жана гүлдөрдө болуп жаткан өзгөрүүлөрүн себебин билүү жөндөмүн жакшыртышат. Өсүмдүктөрдүн жана гүлдөрдүн коозлугуна кызыгышат. Сөз байлыгын кеңейтишет.<br>Оюн: «Түстүү дүйнө». | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>Тема: «Сен менин досумсуң жана мен сенин досуңмун». Достук жөнүндө маек куруу<br>Бир бирлерине кайрымдуу мамиле жасоо жана курдаштар менен бирге иш жасоого үйрөнүшөт. Алардын мамилелерине байкоо жүргүзүшөт: ким менен көбүрөөк маектешет, ким ким менен көбүрөөк ойнойт, себебин билүү, ким ким менен дос.<br>Оюн: балдардын колдорундагы геометриялык фигураларды табууда «Дал ушундайды тап» оюнун ойноо. | 4-апта | Май |

## *«ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Бала бакча**<br>Тема: Бир, көп<br>Балдар бала бакча менен таанышууну улантышат (бала бакчанын имараты, эс алуу үчүн эшиктеки чатырча ж. б.).<br>«Бир» жана «көп» деген түшүнүктөр жана көп, бир, бирден же бирден эмес деген сөздөр менен таанышышат. Курчап турган айлана-чөйрөдө бир бирине окшош болгон нерселерди жана алардын арасынан бир нерсени атоого үйрөнүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>Тема: Бир, көп жана нерселерди/заттарды түс боюнча бөлүштүрүү<br>Заттарды белгилүү бир өлчөмдө бөлүштүрүү боюнча көнүгүүлөрдү жасашат (сүлгү жана бетаарчынын сүрөттөрү болгон кагаздар саны бирөө же андан көп); сүлгү жана бетаарчылардын өңдөрүн жана турган жерлерин (астында же үстүндө) айтууга үйрөтүү.<br>Бийиктикте турган заттардын коркунучтуу жана кооптуу экендигин түшүнүүгө үйрөтүү (мисалы, даракка, дубалга чыкпоо ж.б). | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>Тема: «Биздин үйдө ким жашайт?». Оң жакта, сол жакта, жаныбызда<br>Балдар үй-бүлө мүчөлөрүнүн сүрөттөрүн сол жакка курагы боюнча коюга үйрөнүшөт; оң жакта, сол жакта, жаныбызда деген сөздөрдү колдонушат (мисалы, чоң апамдын оң жагында чоң атам, атамдын жанында апам ж. б.) | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>Тема: Бирөө, көп, заттарды түс боюнча бөлүштүрүү<br>Балдар 2-3 түстөн турган сызыкчаларга оюнчуктарды коюуга үйрөнүшөт; сызыкчалардын түсүн жана оюнчуктардын санын айтууга үйрөнүшөт (бирөө жана көп); «жана» жана «ал эми» сөздөрүн колдонууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Тема: Бирөө жана көп<br>Балдар атайын жасалган жерде бир жана андан көп затты (кол чатыр, жаан, тамчы, резина өтүктөр) табууга үйрөнүшөт. Төмөнкү сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт: «жаан абдан жаап жатат, ал эми бизде болсо бир гана кол чатыр бар» ж. б. Көп жана бирөө жана «жана», «ал эми» деген сөздөрдү колдонууну жакшыртышат. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жемиштер жана жашылчалар**<br>Тема: Геометриялык фигура: «тоголок»<br>Балдар «тоголок» фигурасы, анын өлчөмү жөнүндө түшүнүк алышат жана анын контурун колу менен кармап изилдешет. Салыштыруу аркылуу сүрөттө геометриялык фигураны (алма, бадыраң, сабиз, алма ж. б.) табууга үйрөнүшөт. Көз менен өлчөп болжолдоону жана кармап билүүнү өнүктүрүшөт. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: Чоңдук, көлөм<br>Балдар эки затты (дарактар жана бадалдар, үстөл жана отургуч) чоңдугу боюнча салыштырууну үйрөнүүдө чоң жана кичинекей деген сөздөрдү колдонушат. Бирден зат же андан көп затты табуунун улантышат. Канча дарак бар экендигин сурашат (бир жана көп). | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>Тема: Бир жана көп түшүнүктөрүнүн калыптанышы<br>Балдар жер жемиштерди же жемиштерди себетке салуу менен бирге бир, көп, бирден жана бир нечеден деген түшүнүктөрү менен таанышууну улантышат.<br>Оюн: Ким көптү чугултат? | 4-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>Тема: Геометриялык фигура: «төрт бурчтук». Төрт бурчтукту тоголок менен салыштыруу | 1-апта | Ноябрь |
| 9 | Балдар «төрт бурчтук» фигурасы, анын өлчөмү жөнүндө түшүнүк алышат жанан анын контурун кол менен кармап изилдешет жана тоголок фигурасы менен салыштырышат.<br>Көз менен өлчөп болжолдоону жана кармап билүүнү өнүктүрүшөт.<br>Улактар жана күчүктөрдүн сүрөтүн кароо менен бирге бир жана көп деген түшүнүтөрдү бекемдешет. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар.**<br>Тема: Узун-кыска.<br>Балдар эки затты салыштыруу менен бирге узун жана кыска деген түшүнүктөрү менен таанышышат. Салыштырууда төмөнкү сөздөрдү колдонушат: узун, кыска, бир бирине окшош.<br>Оюн: Кимдин куйругу узун? | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>Тема: Мейкиндик<br>Балдар заттардын жайгашкан же турган жерин аныктоого үйрөнүшөт: бактагы, бактын астындагы жана алдындагы ар кандай канаттуулар/чымчыктар; астында, үстүндө, алдында деген сөздөрдү салыштыруу аркылуу туура колдонуунун үйрөнүшөт. Бийик – жапыз, бийиктиги боюнча окшош деген сөздөрдү туура колдонуунун үйрөнүшөт (сабактарды салыштыруу, уялар кайсыл жерде жайгашкан).<br>Оюн: Чымчыкты/кушту тап. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>Тема: Заттардын чоңдугун салыштыруу<br>Балдар үйлөрдү салыштырууга үйрөнүшөт жана чоң, кичинекей, бийик жана жапыз деген сөздөрдү колдонуу менен бирге алардын айырмачылыктарын айтып беришет. Дарактарды салыштырышат: Узун, кыска. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>Тема: Бирөө-көп түшүнүктөрүн бекемдөө жана чоңдуктар менен таанышууну улантуу<br>Сүрөттү салыштыруу менен бирге бирөө-көп, чоң-кичинекей, узун-кыска, жана бийик-жапыз түшүнүктөрүн (мисалы, көп аскер, бир жылкы) (мисалы, чоң же кичинекей жылкы/талаа, узун же кыска жол) бекемдешет. | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият жана кубулуштар**<br>Тема: Кенен, тар<br>Балдар заттарды салыштырууну үйрөнүшөт: мисалы, сүрөттөгү дөңдүн жана муздун кенендигин; салыштыруунун негизинде затты кенен-тар же бири бирине окшош деп айтышат.<br>Табияттагы кышкы кубулуштарга (кар бат бат жайт, кичинекей жана муздак кар алаканга тийгенде эрийт, чоң күрткү колго тийгенде эрибейт, аяз кишинин мурду чоң же кичинекей) байкоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>Тема: Геометрикалык фигура: «үч бурчтук», аны тоголок жана төрт бурчтук менен салыштыруу<br>Балдар «үч бурчтук» фигурасы, анын өлчөмү жөнүндө түшүнүк алышат жана анын контурун кол менен кармап изилдешет жана тоголок жана төрт бурчтук фигуралары менен салыштырышат.<br>Улактар жана күчүктөрдүн сүрөтүн кароо менен бирге бир жана көп деген түшүнүктөрдү бекемдешет. Үч бурчтук, тоголок жана төрт бурчтукту бир бирлери менен сылыштырып айырмалоого үйрөтүү.<br>Көз менен өлчөп болжолдоону жана кармап билүүнү өнүктүрүшөт.<br>Эки топтогу заттарды бир бирлери менен салыштырууга үйрөтүү (балаты үчүн кызыл жана сары оюнчуктар). Сүйлөөдө төмөнкү сөздөрдү колдонушат: чоң-кичинекей, көптөн, бирдей, ошончо-канча.<br>Аяз атаны сүйүүнү менен күтүшөт. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>Тема: Бийик-жапыз сөздөрүн жана биз билген геометриялык фигураларын бири бирлери менен салыштыруу<br>Балдар заттарды бийиктиги боюнча салыштырууга үйрөнүшөт. Балдар сөздөрдү сыпатына жараша аташат: бийик-жапыз, өйдө-жогору.<br>Үч бурчтук, тоголок жана төрт бурчтук түшүнүктөрүн бекемдешет жана Аяз Атанын берген белектердин арасынан бир бирине окшош фигураларды табышат.<br>Келе жаткан майрамга балдар кубанышат. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>Тема: Калың-жука. Багыттар/мейкиндик.<br>Балдар калың-жука деген түшүнүктөрү менен таанышышат. Төмөнкү сөздөрдү сүйлөөдө колдонушат: калын-жука, калыңдыгы жана жукалыгы боюнча бир бирине окшош, калыңыраак-жукараак.<br>Балдар төмөнкү сөздөрдү колдонуу менен бирге багытты же мейкиндикти белгилейт: астыда-алдыда, оң жакта сол жакта, үстүндө-астыңда (астымда чана, аркамда аяз киши, сол жагымда карагайлар өсөт, оң жагымда дөң, ылдый жакта муз, үстүбүздө муз бар). | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>Тема: Бир биринен айырмаланып турган заттарды салыштыруу<br>Балдар бир биринен айырмаланып турган заттарды салыштырууга үйрөнүшөт (көтөрүүчү кран – жеңил унаа; велосипед – чана же лыжа). Төмөнкү сөздөрдү колдонуу менен бирге заттын сыпатын аташат: кенен-тар, кенинирээк-тарыраак, бир бирине окшош; Төмөнкү сөздөрдү колдонуунун бекемдешет: астыда-алдыда, оң жакта сол жакта, үстүндө-астыңда<br>Түстөрдү колдонууну бекемдешет: кызыл, сары, жашыл.<br>Оюн: «Дал ушундайды тап». | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Тема: Бир топтогу заттарды салыштыруу<br>Балдар эки топтогу заттарды төмөндө берилген сөздөрдү колдонуу менен бирге салыштырууга үйрөнүшөт (үй өсүмдөктөрүнүн бутакчаларындагы жалбырактарды жана гүлдөрдү): көп-аз, бирдей; заттарды сол жактан оң жакты көздөй коюшат (жер жемиштер, жашылчалар жана кургатылган жемиштер).<br>Оюн: «Даамын татып көр». | 3-апта | Январ |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>Тема: Заттардын чоңдугун салыштыруу жөндөмүн калыптандыруу<br>Балдар бир бирине окшош жана окшош эмес заттарды салыштырууга үйрөнүшөт (чоң аюу, кичинекей мамалак; чоң үй, кичинекей торпок; чоң эчки, кичинекей улак; чоң жылкы, кичинекей кулун; чоң эшек, кичинекей такай ж. б.)<br>Оң менен сол колду айырмалай башташат (оң жагымда мышык, сол жагымда…). | 4-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>Тема: Тоголок, үч жана төрт бурчтуктарды бир бирлери менен салыштыруу жөндөмдөрүн калыптандыруу<br>Балдар тоголок, үч жана төрт бурчтуктарды бир бирлери менен салыштырганды үйрөнүшөт жана эмеректерде жана башкаларда өңдөрүнө жана чоңдуктарына карабастан (шкаф, тумба, үстөл, муздаткыч); бир бирлерине окшош геометриялык фигураларды табышат; болжолдоп көз менен ченөөчү сөздөрдү колдонуу менен бирге (узунураак-кыскараак, кененирээк-тарыраак) заттарды узундугуна жана чоңдугуна жараша салыштырышат. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>Тема: Санга жараша заттарды салыштыруу<br>Балдар заттарды жана сүрөттөр тартылган кагаздарды тизүү менен бирге салыштырууну үйрөнүүнү улантышат (чыныдар жана кашыктар): «ушунчалык-канча» жана «мындан аз-мындан көп» деген сөздөрдү түшүнүүгө аракеттенишет; Эки топтогу заттардын салыштырууга үйрөнүүнү улантышат (чыныдар жана табактар). Салыштырууда төмөнкү сөздөрдү колдонушат: ушунча – канча, көп – аз.<br>Оюн: «Дал ушундайды тап». | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>Тема: Геометриялык фигураларды салыштыруу: төрт бурчтук, тоголок, үч бурчтук<br>Балдар кесиптер, иштин жыйынтыктары тууралуу түшүнүк алышат, (мисалы, оюндар: «дүкөн», «чач тарач», «оорукана», «сарай»). Геометриялык фигураларды салыштырууну улантышат: төрт бурчтук, тоголок, үч бурчтук. Ар кесиптердин ээлери тарабынан колдонулган жабдуулардын арасынан геометриялык фигураларды табышат.<br>Сөз байлыгын кеңейтишет: дүкөнчү, чач тарач, доктур, чабан. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>Тема: Заттарды салыштырууну улантуу, заттарды тизүү аркылуу салыштыруу<br>Балдар заттарды тизүү аркылуу салыштыруу ыкмасын колдонуунун улантышат (мисалы, канча оюнчук таранчы бар, канча оюнчук таранчы кагазга тартылган), заттарды сол жактан оң жакты көздөй тизүүнү, төмөндө берилген сөздөрдү колдонуу менен бирге эки башка затты (чоңдугу, бийиктиги жана калыңдыгы менен айырмаланган заттар) салыштырууну улантышат: бийик, жапыз, калың, ичке/жука.<br>Балдарда канаттууларга жаны ачуу жана аларга жардам берүү сыяктуу сезимдер пайда болот: жем жана нандын күкүмдөрүн берүү. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>Тема: Заттарды жана геометриялык фигураларды салыштыруу көндүмүнө үйрөтүү<br>Балдар заттарды кагазда тартылган сүрөттөрдүн үстүнө коюуга үйрөнүшөт (гүлдөр, белектер ж. б.); геометриялык фигураларды айырмалоо жана атоо жөндөмүн жакшыртышат: үч бурчтук, тоголок, төрт бурчтук, ар кандай заттардын арасынан геометриялык фигураларды табууга үйрөнүшөт (мисалы, геометриялык фигуралардан жасалган гүлдөр, күн ж. б.).<br>Балдар жакындап калган майрамга абдан кубанышат. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>Тема: Санабастан үндөрдү чыгаруу<br>Балдар заттарды кагазда тартылган сүрөттөрдүн үстүнө коюуга үйрөнүүнү улантышат (баш кийим, топчу); санабастан айтылган санга жараша кыймыл аракет (1–3) жасоо (мисалы, кагазда канча тамчы бар болсо, ошончо жолу кол чабуу), санабастан үндөрдү чыгаруу.<br>Аба-ырайына жараша балдардын кийген кийимдерине байкоо жүргүзүүнү улантуу. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү**<br>Тема: Топтогу заттардын санын белгилөө<br>Балдар топтогу заттардын санын белгилөөнү улантышат: кайсыл топто заттын саны көп/аз/бирдей (балыктар, медузалар ж. б.) . Топтогу заттардын санын белгилөөдө тизүү аркылуу салыштырууну колдонушат: ушунча-канча, бирдей, көп-аз. | 3-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>Тема: Топтогу заттардын санын белгилөөнү улантуу<br>Тизүү аркылуу салыштыруу жана кагаздын үстүнө коюу ыкмасынын жардамы менен заттардын санын 1ден 3кө чейин салыштыруу боюнча көнүгүүлөрдү жасоо (редиска, жоогазын, каакым-кукум, дарактар-бадалдар ж. б.); кайсыл топто заттын саны көп/аз/бирдей. Ар кандай чоңдуктагы заттардын санын көрүүгө үйрөнүшөт (мисалы, боз үйдүн ичи жана дасторкондун үстүндөгү идиштер ж. б.).<br>Сөз байлыкты кеңейтишет: боз үй, туш кийиз, төшөк, боорсок. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>Тема: Эрте менен, кечинде, күндүз деген сөздөр менен таанышуу<br>Балдар топтогу заттардын саны ар кандай болгон заттар менен салыштырууну улантышат (дарактарды, өсүмдүктөрдү, гүлдөрдү жана башкаларды отургузуу). Салыштырууда төмөнкү сөздөр колдонулат: көп-аз; башынан-андан кийин.<br>Эрте менен, кечинде, күндүз деген сөздөр менен таанышуу. Аталган сөздөрдүн ырааттуулугун аныкташат. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>Тема: Заттарды чоңдугу боюнча коюуга үйрөтүү<br>Балдар заттарды чоңдугу боюнча коюуга үйрөтүү (ракеталарды чоңдугу боюнча коюшат); заттарды кагазда тартылган сүрөттөрдүн үстүнө коюуга үйрөнүшөт; геометриялык фигураларга окошош болгон заттардын формаларын аташат (мисалы, ракета, планета, күн, ай ж. б.).<br>Сөз байлыкты кеңейтишет (космос, ракета, планета). | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>Тема: Ашыгын тап<br>Балдар ашып калган кагазды табууга үйрөнүшөт (чабалекей, чыйырчык, торгой, балык); ойлонуу жөндөмүн өнүктүрүшөт.<br>Кыймылдуу оюн: «Таранчы жана мышык». | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>Тема: Бирдей, канча-ошончо жолу сыяктуу сөздөрүн колдонуу менен бирге үндөрдү чыгаруу жана кыймыл-аракет жасоо<br>Балдар таркатылуучу материалдардын алдына сүрөттөрдү коюуга үйрөнүшөт: үй жаныбарларын сарайдын сүрөтү тартылган кагаздын алдына коюлат; жапайы жаныбарлар токойдун сүрөтү тартылган кагаздын алдына коюлат. Санабастан 1ден 3кө чейин үн чыгаруу жана кыймыл аракет кылуу боюнча көнүгүүлөрдү аткаруу (мисалы, кагазда канча тоңкулдак бар болсо, ошончо жолу такылдатуу), төмөнкү сөздөрдү колдонуу менен заттарды бири бири менен салыштыруу: бирдей, канча-ошончо жолу.<br>Оюн: «Ким кандай үн чыгарганын тап». | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>Тема: Бөлүктөрдү чогулт<br>Балдар бөлүктөрдү чогултууну үйрөнүшөт (Жеңиш темасы боюнча жөнөкөй сүрөттөрдүн бөлүктөрүн чогултат), бирдей/тең заттарды белгилөөгө үйрөнүшөт (мисалы, оюнчук жоокерлер, танкалар, желектер); мейкиндикте тез арада багытты табууну үйрөнүшөт.<br>Жакындап калган майрамга абдан кубануу сезимин балдарда калыптандыруу. | 1-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>Тема: Ашып калган затты аныктоо жөндөмүн бекемдөө<br>Балдар ашып калган затты табууга үйрөнүшөт (чымын, аары, көпөлөк, таранчы); бир топтогу затты экинчи топтогу заттын үстүнө койуу ыкмасы менен заттарды саны боюнча салыштыруу көнүгүүлөрдү жасоо ( көпөлөктөр жана аарылар). Төмөндөгү сөздөрдү колдонуу менен салыштыруу: көп, аз, канча, ошончо, бирдей.<br>«З-з-з», «с-с-с», «ж-ж-ж» тыбыштарын айтуу менен сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүү. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>Бир топтогу затты экинчи топтогу заттын үстүнө же алдына коюу ыкмасы менен заттарды саны боюнча салыштыруу жөндөмүн бекемдөө.<br>Балдар бир топтогу затты экинчи топтогу заттын үстүнө же алдына коюу ыкмасы менен заттарды салыштырууну улантышат (мисалы, ар кандай өңдөр); гүлдөрдүн геометриялык мозаикасын жасашат.<br>Жыты боюнча өңдөрдү белгилөө көнүгүүлөр аткарышат (ландыш, жоогазын, сирень). Жыттоо сезимин өнүктүрүшөт. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>Тема: Геометриялык фигураларды айырмалай билүү жөндөмүн бекемдөө<br>Балдар «Биздин коногубуз - Буратино» формасы боюнча геометриялык фигураларды бөлүштүрүүнү улантышат; көңүл буруу, кайрымдуу, башкаларга жардам берүү сезимдерин жакшыртышат. Бөлүктөрдү чогултууну улантышат (мисалы, «Достук» темасы боюнча сүрөттүн бардык бөлүктөрүн чогултушат).<br>Шаинскийдин «Улыбка» ырынын коштоосу.<br>Сабакты бирге ырдоо менен жыйынтыктоо. | 4-апта | Май |

## «КОНСТРУКЦИЯЛОО» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Бала бакча**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Муз тепкич»*<br>Балдар ар кандай курулуш материалдары менен таанышышат. Имаратты анализдөөгө үйрөнүшөт.<br>Курууга же конструкциялоого кызыгышат. | 1 | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Санитардык жана гигиеналык көндүмдөр**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Мунара»*<br>Балдар үлгүнүн негизинде жана ырааттуулук боюнча курууга үйрөнүшөт. | 1 | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. Үйүмдүн тепкичтери*<br>Балдар курулуш материалдары тууралуу түшүнүк алышат. Үлгүнүн негизинде бир нерсени куруу жөнүндө айтып берүүгө үйрөнүшөт. | 1 | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>*ЛЕГО куруу. «Эки тепкичтүү муз тепкич»*<br>Үлгүнүн негизинде бир нерсени куруу жөнүндө айтып берүүгө үйрөнүүнү улантышат. Өз алдынча куруу бөлүктөрүн тандоого үйрөнүшөт. | 1 | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Мунаралар жана муз тепкичтер»*<br>Балдар имараттарга сенсордук талдоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт. Мунаранын чоңдугун ырааттуулук менен кичирейтишет жана аны тоголокчолордон курушат. Өңдөр, форма жана куруу бөлүктөрү тууралуу түшүнүк алышат. | 1 | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Жемиш бакчасына жолчо»*<br>Балдар жолчолорду курууга жана кирпичтери ар кайсы жактары менен коюуга үйрөнүшөт. Балдар куруу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. | 1 | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>*ЛЕГО куруу. «Жолчолор»*<br>Балдар куруу бөлүктөрүн туура коюуга үйрөнүшөт; курулуштардын бөлүктөрүн белгилеп анын бөлүктөрү тууралуу айтып беришет. | 1 | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>*ЛЕГО куруу. «Түшүмдү жыйноо үчүн тепкич»*<br>Балдар курулуштарду өзгөртүүгө жана курулуш кандай бөлүктөрдөн тургандыгын айтып беришет. | 1 | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Көмөч үчүн жолчо»*<br>Жаныбарлардын макетин жасоо үчүн тоголок бөлүктөрдү тандоого үйрөнүшөт жана аларды оюнда колдонушат. | 1 | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Эки узун жолчо»*<br>Куруу ыкмаларын көрсөтүү менен үлгүнүн негизинде курууга үйрөнүшөт: биринчи жолчо түлкү экинчи жолчо коен үчүн. Курулушту узунунан курууга үйрөнүшөт. | 1 | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>*ЛЕГО куруу.«Бийик жана жапыз дубал»*<br>Бийик дубалдарды курууга үйрөнүшөт; бөлүктөрдү аталыштарын аташат; кирпичтер, кубиктер. Дубалга канаттууларды тургузушат.<br>Куруу же салуу көндүмдөрүн жакшыртышат. | 1 | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым, менин үйүм**<br>*ЛЕГО куруу. «Отургуч жана диван»*<br>Балдар төмөнкү түшүнүктөрдү кеңейтишет: «кичинекей отургуч», «чоң диван». Белгилүү ырааттуулук менен курулушту курууга үйрөнүшөт. | 1 | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Ат жана жоокерлер»*<br>Балдар ойноодо курулуштарды туура колдонууга жана курулуш бөлүктөрүн туура коюуга үйрөнүшөт: чоң жана кичинекей аттар үчүн. | 1 | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Дарбаза»*<br>Балдарды курулушту туурасынан курууга үйрөнүшөт; ар кандай чоңдуктагы дарбазалар.<br>Курулуш бөлүктөрүн туура коюу көндүмдөрүн жакшыртып бекемдешет. | 1 | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>*ЛЕГО куруу. «Матрешка үчүн үйчө»*<br>Балдар курулуш фигураларын туура атоого үйрөнүшөт (төрт бурчтук, үч бурчтук). Үйчөнү курууга жана анын ичине Матрешка үчүн ар кандай момпосуйларды коюуга үйрөнүшөт. | 1 | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>*ЛЕГО куруу. «Кичинекей там»*<br>Татаалдашкан курулуштарды курууга үйрөнүшөт. Өңдөргө жана курулушту жасалгалоого көңүл бурушат (мисалы, үйдөн жанына балаты жана аяз кишини коюшат). Мейкиндикке ар кандай нерселерди коюуга үйрөнүшөт. | 1 | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>*ЛЕГО куруу. «Оюндар үчүн кышкы аянтча»*<br>Тарбиячынын тапшырмасын аткарышат. Элестетүү жөндөмүн жакшыртышат. | 1 | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>*ЛЕГО куруу. «Каaалаганыңдай сал/кур»*<br>Өздөрүнүн унааларын киргизүү үчүн ар кандай дарбазаларды курушат. Курулуштар менен ойноого үйрөнүшөт.<br>Үлгүнүн негизинде курууга үйрөнүшөт; курулуш бөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү. | 1 | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>*ЛЕГО куруу. «Парк үчүн дубалча»*<br>Үйрөнүшкө жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү бекемдөө максатында курулуштарды курушат. Парктын ичине дарактарды жана бадалдарды жайгаштырышат. Бир бирине тоскоолдук жасабастан бирге курууга үйрөнүшөт. | 1 | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбардар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>*«Зоопарк»*<br>Жаныбарлар үчүн ар кандай чоңдуктагы капастарды салышат (мисалы, аюу үчүн чоң капас, мамалак үчүн кичинекей капас; уй үчүн чоң капас, торпок үчүн кичинекей капас).<br>Салуу/куруу көндөмдөрү жакшыртышат. | 1 | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>*ЛЕГО куруу. «Бала бакча үчүн тосмо/дубал»*<br>Балдар чоң жерди бардык жагынан тосууга үйрөнүшөт жана ал жерге бала бакча үчүн керектүү болгон эмеректерди коюшат (мисалы, шкаф, тумба, үстөл, отургуч ж.б.).<br>Кантип куруу керек экендиги тууралуу айтып беришет. | 1 | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>*ЛЕГО куруу. «Чашкалар/чынылар жана табактар»*<br>Балдар көрсөтүлгөн ыкмалардын негизинде чашкаларда/чыныларды жана табактарды жасоого үйрөнүшөт; жасалган нерсеге талдоо жүргүзүшөт.<br>Курулуш бөлүктөрүн жана алардын түстөрүн атоо жөндөмүн жакшыртышат. | 1 | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **Кесип**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Аттар үчүн кашаа»*<br>Балдар чабанга жерди бардык жагынан тосууга жардам беришет; кирпичтерди коюшат.<br>Фантазиясын өнүктүрүшөт. | 1 | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>*ЛЕГО куруу. «Каалоосу боюнча дубал»*<br>Балдар жерди бардык жагынан тосууга үйрөнүшөт жана дубалга канаттууларды отургузушат. Курулуш материалдарын чоңдугу жана түсү боюнча алмаштырып коет. Өздөрү салган курулушка талдоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт. | 1 | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>*ЛЕГО куруу. «Апалар үчүн белек»*<br>Балдар апаларына аяр мамиле кылуу жана белек үчүн «сыйкырдуу кутуча» жасоо каалоосун көрсөтүшөт. Баштаган ишти аягына чейин бүтүрүүгө үйрөнүшөт. | 1 | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Көпүрө»*<br>Балдар төмөнкү курулуш материалдарын туура колдонууга үйрөнүшөт: устун, кубик, кырдуу устун. Курулуш материалдарынын аталыштарын аташат жана алардын колдонуу максаттарын үйрөнүшөт. | 1 | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Өрдөктөр үчүн көл»*<br>Балдар жерди бардык жагынан тосууга үйрөнүүнү улантышат. Кантип сала тургандарын айтып берүү жөндөмүн жакшыртышат. | 1 | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар**<br>*ЛЕГО куруу. «Үй-боз үй»*<br>Балдар, узунду, бийиктик жана туурасы тууралуу билимдерин бекемдешет. Боз үйдү салышат жана анын тегерек четине бак-дарактарды жана өсүмдүктөрдү отургузушат. | 1 | Март |
| 29 | **Жазгы иштер**<br>*Курулуш материалдарынан куруу «Парк»*<br>Балдар каалоосу боюнча берилген курулуш материалдарды колдонууга үйрөнүүнү улантышат. Өздөрү салган курулуштарга талдоо жүргүзүү көндүмүн жакшыртышат. | 1 | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Кеме – ракета»*<br>Ири курулуш материалдарынан курууга үйрөнүшөт.<br>Үйрөнгөн нерселерди жана заттарды бекемдешет. | 1 | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>*ЛЕГО куруу. «Үйчө жана дарбаза»*<br>Балдар үйчө жана дубал курууга үйрөнүшөт;<br>Үйчө, канаттуулар жана башка кичинекей нерселер/заттар менен ар кандай оюндарды коюшат. | 1 | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>*ЛЕГО куруу. «Ар кандай үйлөр»*<br>Балдар тарбиячынын үлгүсүн карабастан өз алдынча иштөөгө үйрөнүшөт. Жаныбарлардын чоңдугуна жараша ар кандай «үйчөлөрдү» салышат (мисалы, уйга чоң үй, коенго кичинекей үй).<br>Балдар элестетүү жана фантазиясын өнүктүрүшөт. | 1 | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>*ЛЕГО куруу. «Мына унушдай кирпичтер»*<br>Балдар кичинекей курулуш бөлүктөрүнөн өз алдынча курулуштарды курууга үйрөнүшөт (мисалы, танк же желек үчүн). Курулуштар менен ойноого үйрөнүшөт. | 1 | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>*ЛЕГО куруу. «Бал челек»*<br>Балдар жерди бардык жагынан тосууга үйрөнүшөт. Бал челек курушат, анын ичине аарыларды жайгаштырышат жана курт-кумурскалар жана кичинекей нерселер/заттар менен ар кандай оюндарды коюшат (чымындар, аарылар, көпөлөктөр, ийнеликтер). | 1 | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>*«План боюнча»*<br>Планга жана элестетүү боюнча ар кандай курулуштарды салууга аракеттенишет.<br>Чыгармачылык жана куруу/салуу көндүмдөрүн жакшыртышат. | 1 | Май |
| 36 | **Достук**<br>*«План боюнча»*<br>Балдар конструируют по своему замыслу и представлению.<br>Балдардын элестетүү жана фантазияларын өнүктүрүшөт. | 1 | Май |

## *«КӨРКӨМ АДАБИЯТ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Балдар бакчасы**<br>Тема: «Балдар бакчасында таанышуу». М. Жангазиевдин «Балдар бакчасында» (үзүндү) окуп жана айтып берүү<br>Балдар көркөм адабият аркылуу; бала бакчасы тууралуу билимин өркүндөтүшөт, бала бакчасынын иш-чараларына көнүгүшөт; балдар менен өз ара ойноону үйрөнүшөт; суроо берүү жана жооп берүүгө үйрөнүшөт; көркөм адабий чыгармаларды түшүнүүгө, кайра айтып берүүгө, аңгеме түзүүгө, берилген тема тууралуу баарлашууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖН (КООПСУЗ ЖАШООНУН НЕГИЗДЕРИ). Санитардык-гигиеналык жөндөмдөр**<br>Тема: Таза жана тыкан болуу<br>Балдар чыгармаларды: жомокторду, тазалык тууралуу ырларды, жаңылмачтарды, табышмактарды окуу менен өздөрүнүн маданий-гигиеналуу саламаттыкты калыптандырышат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>Тема: Чоң энемдин үйүндө коноктоо<br>Балдар үй-бүлө мүчөлөрүн туура айырмалоону: апа, ата, чоң эне, эже ж. б. у. с. жана аларга туура кайрылууну үйрөнүшөт. Улуу кишинин эмне тууралуу сүйлөп жатканын түшүнүүгө, кыска көркөм адабий чыгармаларды угууга көнүгүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар. Ырларды окуу жана жаттоо. А. Бартонун «Топ», «Аюу», «Самолет». Б. Асаналиевдин «Куурчак»**<br>Тема: Менин сүйүктүү оюнчугум<br>Балдар өздөрүнүн сүйүктүү оюнчуктары тууралуу айтып бере алышат. Ырларды, жомокторду жана аңгемелерди окуу менен бул билимдерин бышыкташат. Түрдүү оюнчуктар менен ойноону, берилген оюнчук тууралуу өздөрүнүн көз карашын сүрөт түрүндө тарта алышат. | 4-апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 5 | **Күз мезгили. Жансыз табият. Кийим-кече**<br>**Көркөм окуу: Т. Кожомбердиевдин «Булут» ырын окуу**<br>Тема: «Жаратылыш тууралуу эмнелерди билебиз?» Түрдүү касиетке ээ жаратылыш.»<br>Балдар жансыз табиятка кызыга башташат. Суу эмне экени тууралуу ой жүгүртүшөт. Дарактардагы жалбырактардын өзгөрүшүнө көңүл бурушат. Күз мезгилине ылайык кийим-кече тандоого далалат жасашат. Жайга салыштырмалуу салкын болуп калганын байкашат. Асан үсөндү айырмалашат. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: мөмө-жемиштер, жашылчалар**<br>Тема: «Алтын күз»<br>«Чамгыр» аттуу Орус эл жомокторун окуу.<br>Балдар күз мезгили тууралуу көп билим алышат. Жашылчалар, жер-жемиштер тууралуу сөз кылышат жана китептеги сүрөттөрү боюнча баяндама жасашат. Түшүм жыйноо учурундагы кызыктуу окуяларды айтып беришет. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар чыгармаларын окуу жана айтып берүү. Б. Асаналиевдин «Тал», «Гүлдөр» ырларын окуу**<br>Тема: «Жашаган кыштакка/шаарга саякат»<br>Балдар өздөрү отурукташкан кыштак/шаар тууралуу билимин кеңейтишет. Үйдө, балдар бакчасында өскөн дарактар, бадалдар жана гүлдөр тууралуу айтып бергенге көнүгүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер. Түшүм жыйноо тууралуу элдик ырларды окуу (кыргызча), «Оп майда»**<br>Тема: «Түшүм жыйноо»<br>Балдар чоң кишилер күзүндө мыкты түшүм алуу үчүн көп эмгектене турганын баамдашат. Түшүм, түшүм жыйноо тууралуу көркөм адабий чыгармалары аркылуу өздөштүрүшөт. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары чыгармаларын окуу жана айтып берүү**<br>**С. Маршактын «Акылдуу чычкан жөнүндө» жомогун окуп берүү**<br>Тема: «Жакшы көргөн үй жаныбарлары тууралуу айтып бер»<br>Балдар көркөм адабий чыгармалар аркылуу билимдерин бекемдешет. Жомокторду, ырларды, үй жаныбарлары тууралуу жомокторду жана аңгемелерди окуу жана угуу кезегинде оң эмоция алуусу калыптанат. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар. Окуу жана окуганы тууралуу айтып берүү**<br>**С. Маршактын «Зебрлер», «Пил», Т. Үмөталиевдин «Торпогум», А.Осмоновдун «Аары» деген кыска ырларын окуу**<br>Тема: «Кандай жапайы жаныбарларды билесиң?» «Алар кайда байырлашат жана эмне менен тамактанышат?» Жапайы жаныбарлар тууралуу билиминин кеңейиши, аларды үй жаныбарлары менен салыштыруу уланат. Балдар үйдө жана эркиндикте жашаган жаныбарлардын ортосундагы окшоштук жана айырмачылыктарды табууга умтулушат. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар. Окуу жана көркөм айтып берүү**<br>Тема: «Канаттуулар. Күз мезгили»<br>Ш. Садыбакасовдун «Короз» аңгемесин окуу.<br>Балдар канаттуулар тууралуу жомок, ырлардын мазмунун угуу жана түшүнүүгө үйрөнүшөт. Канаттуулар тууралуу кыска ыр саптарын жаттоого үйрөнүшөт. Кайсы канаттуулар алар жашаган кыштакта же шаарда байырлашарын билишет. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин мекеним, менин шаарым/кыштагым чыгармаларын окуу**<br>**С. Эралиевдин «Менин жерим эң сонун»**<br>Тема: «Мен бул жерде жашайм».<br>Балдардын өздөрү жашаган айыл же шаар тууралуу элестетүүсү кеңеет. Аңгемелерди угууну үйрөнүшөт, маекти улоого көнүгүшөт. Өздөрүнүн кыштагы же шаары тууралуу болгон маалыматтары менен бөлүшүшөт. | 4-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 13 | **Жети осуят. «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү окуу, окутуучуларга айтып берүү, Айкөл Манас тууралуу сүрөттөрдү кароо**<br>Тема: «Баатыр Манас»<br>Балдар Манас баатыр тууралуу окуу менен жана айтып берүү аркылуу билим алышат жана маалыматтарга ээ болушат. Жакшы менен жаманды айырмалай башташат. Чыгармалар тууралуу сүрөттөргө ой жүгүртө башташат. | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш. Жансыз табият, кубулуштар**<br>**А. Маделиевдин «Кыш убак» ырын окуп талдоо**<br>Тема: «Кыш келди»<br>Балдар кыш тууралуу билимин кеңейтет. Чана тебүүнү үйрөнүшөт. Кар тууралуу көп нерсени үйрөнүшөт. Анын касиеттерин: ак, муздак, сыймалак экенин өздөштүрүшөт. «Жаңы жыл» майрамы тууралуу билим алышат. Балатыны коздоо керек экенин билишет. Жаңы жыл майрамы тууралуу окушат жана айтып беришет. | 2-апта. | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>Тема: «Жаңы жылды тосууга даярданабыз»<br>Балдардын жаңы жыл тууралуу элеси калыптанат.<br>Жаңы жылга даярдануу. Майрамга карата ар бир бала менен жекече ырларды жаттоо. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл, салам!**<br>**А. Кадыровдун «Елка» же З. Александрованын «Балаты» ырын окуу жана талдоо**<br>Тема: «Мына эми кирип келди Жаңы жыл»<br>Жаңы майрам тууралуу балдарга видео көрсөтүү жана айтып берүү. Токойдо жасалгаланган балатынын сүрөтүн карап чыгуу.<br>Балдардын Жаңы жыл майрамы тууралуу билими артат. Оюнчуктарды, балатыны кароо, Жаңы жыл майрамы тууралуу чыгармаларды окуу, баамдоону өнүктүрөт, ой жүгүртүүнү байытат, сөз байлыгын өстүрөт. Кубаныч жана жыргалчылык сезими пайда болот. Аяз ата балдарга белек бере турганын үйрөнүшөт. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар. Т. Кожомбердиевдин «Күлүк чана» ырын окуу**<br>Тема: «Кар дөбөсүндө оюнчуктарды сыйгалатуу»<br>Кышкы жыргалчылык тууралуу сүрөттөрдү кароо жана видеолорду көрүү.<br>Балдардын кыш жана кышкы оюндар тууралуу түшүнүктөрү биринчи жолу калыптанат. Кардын курамы жөнүндөгү билими өсөт. Чана, коньки үстүндө, лыжа тебүү жөнүндө аңгемелерди курууга үйрөнүшөт. Кыш жөнүндө так айтып берүүгө көнүгүшөт. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Унаа. Жол жүрүү эрежелери. Унаанын түрлөрү тууралуу окуу жана айтып берүү**<br>Тема: «Унаа деген эмне» Түрдүү унаалардын сүрөттөрүнө көз жүгүртүү<br>Балдар унаанын түрлөрүн айырмалоого үйрөнүшөт. Унаа жөнүндө жазылган көркөм чыгармаларды окуу менен билимин бекемдешет. Унаа жөнүндө айтып беришет, унаанын түрлөрүнүн сүрөтүн тартышат, алар тууралуу аңгемелерди курушат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: мөмө-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар. З. Бабаевдин «Кыш» ырын окуп, талдоо**<br>Тема: «Өсүмдүк дүйнөсү кышында кандай өзгөрөт?»<br>Кыштын белгисин алып жүргөн сүрөттөрдү көрсөтүү. Суроо – жооп түрүндө ишке ашат.<br>Балдар кыштын белгилери менен, өсүмдүк дүйнөсүнүн өзгөрүшү менен таанышышат. Балдар өз көзү менен көргөнү тууралуу, кыш тууралуу, эмнелер өзгөргөнү тууралуу аңгеме түзүүгө аракет кылышат. Кыш тууралуу түстүү сүрөттөрдү колдонуу менен аңгеме курууну үйрөнүшөт. Бул билимдер кыш темасындагы чыгармаларды окуу менен бекемделет. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары. Окуу жана чыгармаларын айтып берүү. К. Кудайбергенов Эл казынасынан «Торгой менен булбулдун» аңгемесинен үзүндүнү окуу, талдоо**<br>Тема: «Кышындагы жаныбарлар»<br>Балдар кыш мезгилинде жана күз мезгилиндеги айбанаттардагы өзгөрүүлөрдү салыштырышат. Алар кантип тамактанышат, кайда байырлашат. Сөз байлыгы кеңеет. | 4 -апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 21 | **Эмерек. Турмуш-тиричилик буюмдары. Чыгармаларын окуу**<br>Тема: «Үйдө эмеректин мааниси»<br>С. Маршактын «Стол кайдан келген» чыгармасынан үзүндү окуу.<br>Эмеректин бөлүктөрү менен таанышышат. Куурчактардын эмеректери менен ойноону үйрөнүшөт. Баамдоо, көңүл буруу, үй эмеректери менен оюнчук эмеректерди салыштырууну өркүндөтөт. Кандай себептерден улам, тигил же бул эмеректин белгиленген жерге койду жана Маша үчүн эмне үчүн белгилүү эмеректин дал келишин түшүндүрүп берет ж. б. у. с. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяк**<br>Тема: «Конокторду чакырабыз»<br>Балдардын «Идиш-аяк» жалпылоочу сөздөр тууралуу түшүнүктөрү калыптанат. Бардык идиш-аяктын аталыштарын, максатына ылайык колдонуу жөнүндө таанышышат. Идиш-аякты таза кармоону, ирееттөөнү, тазалыкта сактоону түшүнүшөт. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>Тема: «Ар бир кесип ардактуу» кесиптерди чагылдырган сүрөттөрдү карап чыгуу<br>Балдардын бала бакчасындагы алгачкы күнүнөн тартып аларды улуу кишилердин кесиптери менен тааныштыруу. Балдар ар бир кесип ардактуу экенин үйрөнүшөт. Балдар ата-энелеринин кесиби жөнүндө маалымат алышат жана кесиптер тууралуу бай маалымат тажрыйбасын алышат. Аңгемелерди түзүшөт. Адабий чыгармаларды окуу менен кесиптер тууралуу үйрөнүшөт. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кышында канаттуулар. Кышында канаттуулар тууралуу элдик ырларды окуу жана айтып берүү**<br>Тема: «Кышында канаттууларга жардам бергиле»<br>Канаттууларга тамак-аш табуунун кыйынчылык туудурганын чагылдырган сүрөттөргө көз жүгүртүү.<br>Балдар кандай канаттуулар туруктуу байырлашат, кайда жашашат экенин үйрөнүшөт. Алардын кышында түрүн өзгөртүүсү менен таанышышат. Жапайы канаттууларды үй канаттуулары менен салыштырышат. Өзгөчөлүктөрүн бөлүп чыгышат. Канаттууларга эмне себептен уя жасай тургандын себебин үйрөнүшөт. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **Эл аралык 8-март аялдардын күнү. Аялдардын күнү тууралуу чыгармаларды окуу**<br>Тема: «Энелердин күнү»<br>Ж. Жапиев «Гүлдесте» ырынан үзүндү окуп берүү.<br>Энелердин майрамы тууралуу маалымат алышат. Энелер үчүн кубанычтуу болушат, «8-март» майрамы тууралуу сөз байлыгы артат, эмне себептен бул майрам энелерди майрамы деп аталып калганын билишет. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз. Жансыз табият, кубулуштар, кийим-кече. Жансыз табият тууралуу жана алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу чыгармаларды окуу. Т. Кожомбердиев «Көлчүктөгү ай»**<br>Тема: «Жаратылыштын кубулуштары деген эмне?»<br>Жансыз эмес табияттын өзгөрүшү, кубулуштары тууралуу көркөм адабияттагы айырмачылыктарды үйрөнүшөт. Жансыз табият жана анын кубулуштары тууралуу мурунку чыгармаларды эстешишет. Жаратылыш тууралуу жаңы түшүнүктөр, мезгилдик кийим-кече, жыл мезгилдери тууралуу сөз байлыгы өсөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: деңиз, дарыя жандыктары, деңиздер, дарыялар. Деңиз, дарыя жандыктары тууралуу көркөм адабий чыгармаларды окуу**<br>Тема: «Кандай жандыктар сууда жашайт?»<br>Суу дүйнөсү тууралуу балдардын билими кеңеет. Жаз мезгилинде суу дүйнөсү кандайча өзгөрөрү тууралуу үйрөнүшөт. Деңиз, дарыя жандыктары тууралуу маалымат алышат: балык, дельфин, акула, крокодил ж. б. у. с. окулган чыгарма же болбосо, уккан аңгемеси боюнча текст түзүүгө үйрөнүшөт. Сүрөт тартууну жана деңиз жандыктарын колго жасоону үйрөнүшөт. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз. Өсүмдүк дүйнөсү: мөмө-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар. Нооруз. Чыгармаларды окуу жана айтып берүү. А. Омокееванын «Аалам эненин жомоктору», «Туулган күн» (үзүндү). «Каакым» Тажик элдик ырлары**<br>Тема: ««Нооруз – жаз майрамы». Сүрөттөрдү, видеолорду көрүү<br>Балдар жазындагы өсүмдүк дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу үйрөнүшөт. | 4-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 28 | Табияттагы өзгөрүүлөрдүн айырмачылыктарын үйрөнүшөт. «Нооруз» майрамы тууралуу билимин кеңейтет. Жаратылыштын ойгонушун үйрөнүшөт, элдин «Нооруз» майрамына болгон даярдыгын байкашат. Сөз байлыгы өсөт. Балдар майрам тууралуу ырларды ырдап, бийлешет. Жаз тууралуу көркөм адабий чыгармаларды окушат. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жазгы эмгек. Жаз мезгили тууралуу көркөм адабий чыгармаларды окуу. Н. Жүндүбаеванын «Жамгыр» ырын окуу, талдоо**<br>Тема: «Жаз короодо сейилдеп жүрөт»<br>Балдар жаз жана жазындагы чоң кишилердин түйшүктөрү тууралуу жомокторду, аңгемелерди, жаңылмачтарды, табышмактарды окушат. Жаз жана жазындагы чоң кишилердин түйшүктөрү тууралуу макал-лакаптарды жатташышат. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос. Косманавтика күнү.**<br>Космос тууралуу сүрөттөргө көз жүгүртүү.<br>Тема: «Биринчи космонавт».<br>Балдар космос тууралуу маалымат алышат. Космонавттын шаймандарынын аталыштары менен таанышышат. Дүйнөдөгү биринчи космонавт тууралуу маалымат алышат. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жазгы канаттуулар. Жаз тууралуу чыгармаларды көркөм окуу жана айтып берүү. А. Токтомушев «Көпөлөк», Т. Үмөталиев «Өрүк гүлү», М. Жангазиев «Май келет дайым гүл менен»**<br>Тема: «Келгин канаттуулар»<br>Канаттуулар тууралуу, т. а. келгин канаттуулар тууралуу, алардын кайдан кайтып келгени жана эмне себептен улам аларды келгин канаттуулар деп атап калышканы тууралуу балдардын билимин кеңейтет. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары. Окуу жана айтып берүү.**<br>**Л. Толстойдун «Мышык менен түлкү» аңгемесин окуу жана талдоо**<br>Тема: «Эмне себетен айбанаттарды жапайы жана колго үйрөтүлгөн деп бөлүштүрүшөт?»<br>Жапайы жана колго үйрөтүлгөн айбанаттар тууралуу билимди бекемдөө улантылат. Балдар алардын жашоо, тамактануу сымал өзгөчөлүктөрүн салыштырышат. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш күнү. Жеңиш күнү тууралуу ырларды жана аңгемелерди окуу**<br>Тема: «Биз бул күндү колдон келишинче жакындаттык»<br>Балдар Жеңиш майрамы тууралуу маалымат алышат. Согуш ардагерлеринин баркын билишет. Угуу жөндөмүн бышыкташат жана суроолорго жооп берүүнү үйрөнүшөт. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар. Көркөм адабий чыгармаларды окуу. А. Осмоновдун «Ийнеликтикте конокто», «Чегиртке», Т. Үмөталиевдин «Жөргөмүш»**<br>Тема: «Курт-кумурскалар да көңүлдү жакшы көрүшөт»<br>Балдар курт-кумурскалардын түрлөрүн үйрөнүшөт. Алардын өзгөчөлүктөрү менен таанышышат. Чыгармалар курт-кумурскалардын байырлаган жерлери, тамактануусу, өсүмдүк дүйнөсүн уруктандырууга катышканы тууралуу маалыматтарды берет. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр. Көркөм окуу**<br>Тема: «Гүлдөрдүн өзгөчөлүктөрү»<br>Т. Үмөталиевдин «Өрүк гүлү» ырынан үзүндү окуп, талдоо.<br>Балдар гүлдөр жана алардын түрлөрү, коодугу тууралуу билимдерди алууну улантышат. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук. Окуу, жаттоо. Достук тууралуу жамактар жана тамашалар. Достук тууралуу сүрөттөрдү кароо, видеолорду көрүү: улуулардын улуулар менен, балдар менен, достору менен**<br>Тема: «Достук – бул дүйнө»<br>Балдар бири-бирине жакшы мамиле жасоону үйрөнүшөт. «Достук», «ынтымактуу», «достошуу» сымал сөз байлыгын өстүрөт. Көркөм адабий чыгарманын мазмунун угуу жана түшүнүүнү улантышат. | 4-апта | Май |

## МУЗЫКАЛЫК ӨНҮГҮҮ боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

Педагог музыкалык чыгармаларды Репертуар графасынан өз каалосуна карата тандап алат.

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ. Программалык милдеттер: Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу | МАЗМУНУ. Программалык милдеттер: Ырдоо. Ырдоо көндүмүн өздөштүрүү | МАЗМУНУ. Программалык милдеттер: Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар: Көнүгүүлөр, бийлөө, оюндар | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | «Саламатсыңбы, музыка» | Балдар ар кандай музыканы угууга үйрөнүшөт жана аны угууну каалашат. | Балдар ырдоого жана кайталануучу сөздөрдү ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар ар кандай музыкынын ылдамдыгына жараша топтошуп басуу, бут бүгүп отуруу, буттарын кыймылдатууга үйрөнүшөт. | Угуу: «Бешик ыры» С. Медетова «Вальс» Д. Кабалевский; «Марш» М. Журбин; Ырдоо: «Мы умеем чисто мыться» Н. Френкель. Музыка-ритмикалык кыймылдар: оюн «Солнышко и дождик» муз. М.Раухвергера; «Пляска с погремушками» В. Антоновой. «Биз солдатбыз» А. Малдыбаева | Сентябрь |
| 2 | 2 | | | | | | |
| 3 | 2 | | Балдар ырдын жана аспаптык пьесанын маанайын түшүнүүгө үйрөнүшөт жана ошондой эле ырды жана пьесанын мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт. | Балдар билген ырларды таанууга жана алардын мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт. | Балдар чоң кишинин көрсөткөнүнө жараша бийлөө, музыканын коштоосу менен бийди баштоо жана бүтүү жана эки бөлүктөн турган ырды айырмалоого үйрөнүшөт. | | |
| 4 | 2 | | | | | | |
| 5 | 2 | «Түстүү күз мезгили» | Балдар музыкалык чыгарманы аягына чейин угуу жана музыканын мүнөзүн түшүнүүгө үйрөнүшөт. | Балдар ар кандай мүнөздөгү ырлардын эмоционалдык жагдайына түшүнөт.. | Балдар басуу, акырын чуркоо, мамалак, коен жана чоң кишиллердин басканын туроо, айлануу жана музыканын коштоосу менен бөлмөдө ээн эркин кыймылдоого үйрөнүшөт. | Угуу: «Листопад» Т. Попатенко; «Күз мезгили» С. Майкапара; «Күз мезгили» укр. Нар. мел. Обр. Н. Метлов; «Осенняя песенка» Ан. Александрова; «Грустный дождик» Д. Кабалевского; Ырдоо: «Өткүн» А .Малдыбаева | Октябрь |
| 6 | 2 | | | | | | |
| 7 | 2 | «Шаңдуу – муңдуу» | Балдар чыгарманын 1 жана 2 бөлүктөн турган түрлөрүн айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ырдын сөздөрүн ырдоо жана билген ырларын угуп жана билүүгө үйрөнүшөт. | Балдар заттар менен бийлөөгө үйрөнүшөт. Чуроо, секирүү жана башка кыймылдырды жасоодо кыймылдоо жөндөмдөрүн жакшыртышат. Ойноого үйрөнүшөт (беттерин алакандары менен жаап, чоң кишилерден жашынуу). | «Петушок», «Зайчик» муз. Л. Лядовой; «Медведь» Е. Тиличеевой»; «Гуси» р.н.п. обр. Н. Метлова; «Зайчик» р.н.п. обр. Н. Лобачева; «Ах, ты Котенька» «Птички летают» Л. Банниковой; «Коза рогатая» р.н.м. обр. Е. Туманяна; Музыка-ритмикалык кыймылдар: «Зайцы» Е. Тиличеевой; «Заинька, выходи» Е. Тиличеевой | |
| 8 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу | Ырдоо. Ырдоо көндүмүн өздөштүрүү | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар: Көнүгүүлөр, бийлөө, оюндар | | |
| | | | Программалык милдеттер | | | | |
| 9 | 2 | «Музыка ким жөнүндө айтып берет (жаныбарлар, канаттуулар)» | Балдар ырдын мазмунун айтып берүүгө үйрөнүшөт. | Балдар ырдашат, чоң кишилер менен бирге ырдашат, ырдоого кыймылдоого үйрөнүшөт. | Балдар өнөктөшү менен бийлөө жана музыканын алмашуусу менен кыймылды өзгөртүүгө үйрөнүшөт. | «Петушок» рус. Нар приб.<br>Музыка-ритмикалык кыймылдар: «Прыжки», «Этюд» муз. К. Черни; «Ладушки» Н. Римский-Корсаков; «Игра с куклой» В. Красевой; «Зайчик» муз. Л. Лядовой; «Медведь» Е. Тиличеевой»;<br>«Гуси» р.н.п. обр. Н. Метлова; «Зайчик» р.н.п. обр. Н. Лобачева;<br>«Ах, ты Котенька»<br>«Птички летают» Л. Банниковой; «Коза рогатая» р.н.м. обр. Е. Туманяна;<br>«Зайцы» Е. Тиличеевой; «Заинька, выходи» Е. Тиличеевой | Ноябрь |
| 10 | 2 | | | | | | |
| 11 | 2 | | Балдар үнду бийиктикке жараша айырмалоо (октава-септима), динамикалык өзгөрүүлөрдү байкоого үйрөнүшөт (катуу- акырын). | Балдар билген ырларды таанууга үйрөнүшөт. | Балдар ритмге жараша кол чабуу, бутту кыймылдатуу, акырын секирүү, музыкалык оюнга кызыгуу жана музыкалык-эмоционалдык ишке эмоционалдык жактан таасир берүүгө үйрөнүшөт. | | |
| 12 | 2 | | | | | | |
| 13 | 2 | «Кышкы сюрпризы» | Балдар үнду бийиктикке жараша айырмалоо жөндөмүн бекемдешет (октава-септима), музыкалык аспаптарды билишет: молоточек, погремушка, бубен, барабан. | Балдар фортепиананын коштоосу менен бир ылдамдыкта шаңдуу, кыймылдуу ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын бөлүгүнө жараша кыймылдоого үйрөнүшөт: акырын чуркоо, колду көтүрүп түшүрүү; эки буттап секирүү; музыкага жараша бирге бийлөө. | Угуу: «Вальс снежных хлопьев» (из балета «Щелкунчик») П. Чайковского; «Дед Мороз» Р. Шумана;<br>Ырдоо: Зима» В. Красевой;<br>«Наша Елочка» В.Красевой<br>«Кандай сонун балаты» Э.Койбагарова<br>Музыка-ритмикалык кыймылдар: «Танец около елки» муз. Р. Раввина | декабрь |
| 14 | 2 | | | | | | |
| 15 | 2 | | Балдар майрамдык ырдын мазмунун жана маанайын түшүүнү, текст боюнча суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшөт. | Балдар бирдей ылдамдыкта ырдоо жана ырды бирге баштоого үйрөнүшөт. | Балдар музыкалык чыгармалардын мүнөзүн кыймыл аркылуу берүү, секирүү жана бутунун учу менен басууга үйрөнүшөт. | | |
| 16 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу** | **Ырдоо. Ырдоо көндүмүн өздөштүрүү** | **Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар: Көнүгүүлөр, бийлөө, оюндар** | | |
| | | | **Программалык милдеттер** | | | | |
| 17 | 2 | «Суйүктүү оюнчуктар» | Балдар музыкалык чыгарманы аягына чейин угуу жана аны билүүгө үйрөнүшөт. | Балдар ачык ырдоо жана ырды бирге баштоого үйрөнүшөт. | Балдар ритмге жараша басуу жана музыканын бөлүктөрүнө жараша кыймылды өзгөртүү жана шаңдуу музыканын мүнөзүн берүүгө үйрөнүшөт. | Угуу: «Зайчик» муз. Л. Лядовой; «Медведь» Е. Тиличеевой»; «Гуси» р. н. п. обр. Н. Метлова; «Зайчик» р. н. п. обр. Н. Лобачева; Ырдоо: «Ах, ты Котенька» «Птички летают» Л. Банниковой; «Коза рогатая» р. н. м. обр. Е. Туманяна; Музыка-ритмикалык кыймылдар: «Зайцы» Е. Тиличеевой; | январь |
| 18 | 2 | | | | | | |
| 19 | 2 | | Балдар музыкалык аспапты угуу жана анын мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт. | Балдар бир бирлеринен калбастан ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын жеңил жана шаңдуу мүнөзүн жана аны кыймыл аркылуу берүүгө үйрөнүшөт. | | |
| 20 | 2 | | | | | | |
| 21 | 2 | «Катуу-акырын» | Балдар үндөн ритмин жана динамикасын кабыл алууга үйрөнүшөт. | Балдар ырдын кайталануучу сөздөрдү ырдоо жана билген ырларын таанууга үйрөнүшөт. | Балдар бийлөөдө музыканын мүнөзүн берүү, заттар менен бийлөө жана музыка менен бийди баштап бүтүрүүгө үйрөнүшөт. | Угуу: «Вальс снежных хлопьев» П. Чайковский; «Солдатский марш» муз. Л. Шульгина; Ырдоо: «Люлю, бай»; «Бай-бай, бай-бай» р.н. колыбельные; «Мы умеем чисто мыться»; «Мамочка» Бокалова; М. Иорданского; Музыка-ритмикалык кыймылдар: «Этюд» К. Черни; «Игра с куклой» В. Карасевой; «По улице мостовой» р.н. п. обр. Т. Ломовой | февраль |
| 22 | 2 | | | | | | |
| 23 | 2 | | Балдар ар кандай музыкага эмоционалдык жактан таасир берүүгө үйрөнүшөт жана музыкалык чыгармаларды үйрөнүшөт. | Балдар чоң кишилердин жардамы менен кыйкырбастан ырдоо жана диапозонду кеңейтүүгө үйрөнүшөт. | Балдар ритмди билүү жөндөмүн жакшыртышат. | | |
| 24 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ: Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу | МАЗМУНУ: Ырдоо. Ырдоо көндүмүн өздөштүрүү | МАЗМУНУ: Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар: Көнүгүүлөр, бийлөө, оюндар | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программалык милдеттер | | | | |
| 25 | 2 | «Жаз мезгилинде коңгуроолордун шыңгырашы» | Балдар ар кандай мүнөздөгү музыка угуу, анын мазмунун түшүнүү жана музыканын ритм, тембр жана динамикага жараша кабыл алууга үйрөнүшөт. | Балдар ырдоо, чоң кишинин интонациясына жараша ырдоо жана жөнөкөй ырларды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар марштын бүтүшү менен ритмге жараша кыймылдоо, басып бара жатып түрсөлдөтүп басуу жана кол кармашып айланып басууга үйрөнүшөт. | «Весною» Майкопара; «Есть у солнышка друзья» муз. Тиличеевой; «Зима прошла» Н. Метлова; «Пирожки» Т. Филиппенко; «Ак гүлдор» Т. Казакова «Закличка солнца» слова народные, обр. И Лазарева; «Греет солнышко теплее» муз. Т. Вилькорейской; | март |
| 26 | 2 | | | | | | |
| 27 | 2 | | Балдар кыймылдуу ыр угуу, алардын мазмунун түшүнүү жана музыканын ритм, тембр жана динамикага жараша кабыл алуу жөндөмүн жакшыртышат. | Балдар ырдын кайталануучу сөздөрдү ырдоо жана чоң кишинин интонациясын жараша ырдоо жана жөнөкөй ырларды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын шаңдуу жана жай мүнөзүн берүү, эркин бийлөө, ритмди туура берүүгө үйрөнүшөт. | «Солнышко и дождик» М. Раухвергер, «Игра с погремушками» И. Кишко. «Прятки с платочками» р .н .м. обр. Р. Рустамов «Игра с бубном» Г. Фрид | |
| 28 | 2 | | | | | | |
| 29 | 2 | «Музыкалык календарь» | Балдар контрастык чыгармаларды гана эмес, пьесаларды угууга үйрөнүшөт. | Балдар чоң кишилер менен бирге ырдоого чоң кишинин интонациясына жараша ырдоо жана жөнөкөй ырларды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын коштоосу менен ритмге жараша басуу жана чуркоо, музыканын башталышы жана бүтүшү менен бийлөөгө үйрөнүшөт. | «Вальс» Д. Кабалевского; «Детская полька» Глинки; «Ладушки» р. н. п.; «Люлю, бай», «Жаз келди» А.Малдыбаева;«Баатыр жөжө» К. Эралиева р. н. м.; «Птички летают» муз. Банниковой; «Медвежата» М. Красева; «Пляска с погремушками» муз. В. Антоновой. «Зайчик» Л. Лядовой; «Медведь» Е. Тиличеевой; «Грустный дождик» Д. Кабалевского»; «Птички летают» Банник; «Мышки» Н. Сушева. | апрель |
| 30 | 2 | | | | | | |
| 31 | 2 | | Балдар билген музыкалык чыгармаларды таанууга үйрөнүшөт; бийик жана жапыз үндү айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар чоң кишилер менен бирге кыйкырбастан ырдоо жана жөнөкөй ырлдарды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар бийдин мүнөзүн алакан менен чаап, түрсүлдөп басуу жана бут бүгүп партнер менен бийлеп айырмалоого үйрөнүшөт. | | |
| 32 | 2 | | | | | | |

<table>
<tr><th rowspan="3">№ Жумалар</th><th rowspan="3">Сабактардын саны</th><th rowspan="3">Тема</th><th colspan="3">МАЗМУНУ</th><th rowspan="3">Репертуар</th><th rowspan="3">АЙ</th></tr>
<tr><th>Музыка угуу.<br>Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу</th><th>Ырдоо.<br>Ырдоо көндүмүн өздөштүрүү</th><th>Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар: Көнүгүүлөр, бийлөө, оюндар</th></tr>
<tr><th colspan="3">Программалык милдеттер</th></tr>
<tr><td>33</td><td>2</td><td rowspan="4">«Шаңдуу оркестр»</td><td rowspan="2">Балдар билген музыкалык чыгармаларды таанууга үйрөнүшөт; бийик жана жапыз үндү айырмалоого үйрөнүшөт. Музыкалык чыгармаларды үйрөнүшөт.</td><td rowspan="2">Балдар чоң кишилер менен бирге созуп ырдоо жана жөнөкөй мелодияларды туура ырдоого үйрөнүшөт.</td><td rowspan="2">Балдар топтошуп бир багытты көздөй акырын чуркоо, бийдин кыймылдарын өздөштүрүү жана жупташып бийлөөгө үйрөнүшөт.</td><td rowspan="4">«Бубен» М. Красева; «Марш»<br>М. Журбина; «Гусельки» р. н. м. обр.<br>Н. Метлова; «Пляска»<br>«Кукла шагает и бегает» Тиличеева;<br>М\д игра «Дождик» р. н.<br>«Ноги и ножки» Тиличеев;<br>«Весенняя» белгисиз автор<br>«Мы флажки свои поднимем»<br>Вилькорейский;<br>«Березка» Рустамов<br>«Шарики» Кишко;<br>«Грустный дождик» Д. Кабалевского»;<br>«Птички летают» Банник; «Мышки»<br>Н. Сушева; «Көпөлөк» А. Аманбаева</td><td rowspan="4">Май</td></tr>
<tr><td>34</td><td>2</td></tr>
<tr><td>35</td><td>2</td><td rowspan="2">Балдар ар кандай мүнөздөгү музыкага таасир берүү, аны угууну каалоо, ырдоо менен аспантык пьесанын маанайын түшүнүүгө үйрөнүшөт.</td><td rowspan="2">Балдар чоң кишилер менен бирге созуп ырдоо жана жөнөкөй мелодияларды туура ырдоого үйрөнүшөт.</td><td rowspan="2">Балдар бийлөөдө музыканын алмашышы менен кыймылдарды өзгөртүү, жуп менен залда ээн эркин кыймылдоо жана оюнда каармандардын образдарын берүү жана заттар менен бийлөөгө үйрөнүшөт (коен, ау).</td></tr>
<tr><td>36</td><td>2</td></tr>
</table>

## «КӨРКӨМ ӨНӨР» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>**Сүрөт тартуу:** «Шарларга түстүү жиптерди таңуу»<br>Балдар бала бакча менен таанышат. Баланын эң жакынкы социалдык чөйрөсү катары аны коздоо иши жүргүзүлөт. Сүрөт тартууну үйрөнүшөт. Өйдөдөн төмөндү көздөй түз чийимдерди үзгүлтүксүз, тыкыз чийишет; калем сапты туура кармоону үйрөнүшөт. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк: «Май токоч»**<br>Балдар бала бакчасына кайтып келгени үчүн кубанычта болот. Кызыктуу иш менен алектенүүнү каалашат. Чопону алакандары менен ийлеп төгөрөк формадагы предметти жасоого аракет кылышат. Таякча менен жабыштырылган сүйрөттүн үстүнөн кээ бир бөлүкчөлөрүн (көз, ооз) тартууну каалашат. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖН (КООПСУЗ ЖАШООНУН НЕГИЗДЕРИ), Санитардык-гигиеналык көндүмдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тиш щеткасы»<br>Балдар маданий-гигиеналык жөндөмдөр тууралуу билим алышат. Тиш щеткасы, самын, бет аарчы менен колдонууну үйрөнүшөт. Өз саламаттыгын сактоону үйрөнүшөт. Кыска вертикалдуу чийимдерди бириктирүү менен ишке ашкан сүрөт тартууну үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Чоңдор жана кичинелер»<br>Балдар өз тайпасы тууралуу билимин бекемдешет. Тайпа «мейкиндигинде» өз ордун табуу, өзүн өзү алып жүрүү маданияты, жабык жай ичинде тазалык жана ирээтти сактоо, коопсуздук сактоо жөндөмүн калыптандырат. Тоголок формадагы предметтер менен таанышышат. Эки колунун тең бармактары менен бирдей форманын контурун тегиздегенди үйрөнүшөт. Аны төгөрөк топ деп аташат; жабыштыруу усулдары менен үйрөнүшөт (бөлүкчөлөрүнө желим чапташат, колуна бир аз желим алып, сүрөттү кагазга бастырып чапташат). | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Сүрөт тартуу:** «Менин үйүмө кеткен жол»<br>Балдар өз үйү жана үй-бүлөсү тууралуу маалымат алышат. Өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн аттарын аташат. Солдон оңду көздөй, чийим менен үзгүлтүксүз кетүүнү, таякчага боекту жакшылап алуу жана таякчаны жакшылап жуу менен сүрөт тартууну үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Чай менен нан ушандылары»<br>Балдар өз жакындарына камкордук көрсөтүшөт. Өз жакындарына жакшылык кылууну каалашат. Желимден түз таякчаларды колун ийлөө менен жасоону үйрөнүшөт. Желим менен тыкан иштөөнү үйрөнүшөт. Колу менен жасоо жана аны менен ырахаттануу сезими өрчүйт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Оюнчук темир жол үчүн рельстер»<br>Балдар кыска вертикалдуу чийим менен рельстерди курууну үйрөнүшөт (таяныч чийимдери). Боектор менен сүрөт тартууну, таякчаны туура кармоону үйрөнүшөт. Балдардын образдык элестетүүсү, ой жүгүртүүсү өнүгөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Шаңдуу кыйрабас»<br>Балдар «Шаңдуу кыйрабастын» даяр калыбына форманы кичирейтүү менен тоголок форманын бөлүкчөлөрүнөн сүрөт жаратууну үйрөнүшөт; белгилүү мазмундагы композицияны түзүүнү үйрөнүшөт, тапшырмаларды тыкандык менен аткарууну үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Жансыз табият, кубулуштар, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Мөндүр»<br>Балдар кебездүү таякчалар менен булуттарды жана мөндүрдү тартууну үйрөнүшөт. Өздөрүнүн жана курбуларынын сүрөттөрүнө кубанууну үйрөнүшөт. Тартылган предметтерди жана кубулуштарды атоону жана кагаздын бетине сүрөттү батырууга көнүгүшөт. | 1-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 5 | **Кол өнөрчүлүк:** «Таштардан жол жасоо»<br>Балдар жансыз табият тууралуу билим алышат. Түрдүү формадагы предметтер тууралуу билимин бекемдешет; бөлүкчөлөрдү терип, аларды кагаздын бетине жабыштырууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: мөмө-жемиштер, өсүмдүктөр, жашылчалар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Табактагы алма жана жер-жемиштер»<br>Балдар салттуу эмес сүрөт тартуу техникасы менен таанышышат. Тарелканын үстүнө ритм менен тегиз чекиттерди коюуну үйрөнүшөт. Балдардын түстүү дүйнөнү өздөштүрүүсү, чыгармачылыгы өнүгөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Күздүн түшүмү» (бадыраң, помидор, картошка ж. б. у. с.)<br>Балдар предметтердин формасы тууралуу билимин бекемдешет. Чоңдугу боюнча предметтерди айырмалоону үйрөнүшөт; желим менен тыкан иштөөнү үйрөнүшөт. Жабыштыруучуну тыкан колдонуу учурунда аарчыгычтарды колдонууга көнүгүшөт. Кагаз бетинде предметтерди бирдей бөлүштүрүүнү үйрөнүшөт. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жалбырактардын түшүшү»<br>Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт, образдык ой жүгүртүүсү калыптанат. Балдар таякчаны туура кармоону, аны тегиз боекко малууну, ашыкчасын банканын кырына сүртүүнү үйрөнүшөт. Таякчанын чачтары менен кагаз бетине жалбырактарды тартууну үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Өзөктөр жана бутактар»<br>Балдар гүлдөрдүн, дарактардын жана бадалдардын түзүлүшү тууралуу билим алышат. Алакандары менен желимди тегиз ийлөөнү үйрөнүшөт. Тыкан иштөөгө көнүгүшөт. Балдар өздөрү жараткан нерселер менен ырахаттанууга көнүгүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Алтын талаа»<br>Балдар күз мезгилиндеги эмгек тууралуу: талааны, бактарды, огороддорду жыйноо. Балдар кагаз бетинде ритм менен боеону, эгинди тартууну үйрөнүшөт. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Алмаларды жыйнайбыз»<br>Балдар эмгектенүүгө ниеттерин билдиришет, бактын белгилүү бөлүктөрүнө даяр формаларды жабыштырууну үйрөнүшөт. Балдар төгөрөк формадагы нерселер тууралуу билимин кеңейтишет. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Чырмаланган жип менен мышыктардын оюну»<br>Балдар үй жаныбарлары тууралуу билим алышат. Балдар мышыктардын элесин графикалык же караан түрүндө тартууга далалат жасашат. Кагаздан калемсапты көтөрбөстөн айлана менен кеткен сызык менен жабышкан чийимдерди тартышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Сүйүктүү кучукка белек»<br>Балдардын образдуу түрдө дүйнөнү өздөштүрүүсү жана образдуу ой жүгүртүүсү калыптанат. Балдар мындан мурунку дарстарда үйрөнгөн жөндөмдөрүн кол өнөрчүлүктө колдонушат. Жаныбарларга жакшы мамиле жасоо каалоосу өөрчүйт, алар үчүн жакшылык кылуу ниети пайда болот. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Бөжөктөр үчүн чөп-чар»<br>Балдар жапайы айбанат тууралуу маалымат алышат. Аларга боор тартуу, жардам берүү каалоосу пайда болот. Балдар кагаздын бетине тегиз кыска кесинди чийимдер менен чөп тартуу жөндөмүн бекемдешет.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Тыйын чычканга белек»<br>Балдар айбанат тууралуу маалымат алышат. Аларга боор тартуу, жардам берүү каалоосу пайда болот. Балдар түрдүү предметтердин формасы тууралуу билимин бекемдешет; кагаздын белгилүү бир бөлүгүнө даяр формаларды жабыштырууга жатыгышат. | 2-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар/Канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Канаттуулар үчүн буудай дандары»<br>Балдар канаттуулар тууралуу билим алышат. Аларды көрүү жана аларга кам көрүү каалоосу пайда болот. Балдар таякчанын этеги менен кагаздын белгилүү бир бөлүгүнө ритм менен сүрөттү жабыштыруу менен таякчанын учу менен сүрөт тартууну үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Балапандарга уя»<br>Балдар буталык жол менен уя курууну үйрөнүшөт: шарды тоголоктоо, диск жасоо, былчыйтуу, терүүнү. Толуктоолорду уюштуруу жана композицияларды ойноо. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин мекеним, менин шаарым/кыштагым**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кыргызстандын желеги»<br>Балдар өзүнүн мекени тууралуу баштапкы билим алышат. Балдардын өз мекенине болгон сүйүүсү артат. Балдар желектин көркөм образын түзүүгө үйрөнүшөт. Ишинде эки түстөгү гуашты колдонууга, таякчаны туура кармоону, башка түскө таякчаны боердун алдында сууга тазалап чайкап алуу, чийиминен сыртка чыгарбай боего көнүгүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Менин шаарымдагы үйлөрдөгү түстүү жарыктар»<br>Балдар өз мекени, анын аталышы, көрктүү жерлери менен таанышышат жана өз шаарына болгон сүйүү артат. Сүрөткө жаркыраган терезелердин элесин чагылдырууну үйрөнүшөт, тыкан жабыштыруу менен тегерек форма тууралуу билимин бекемдешет. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуят**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кулун Аккула»<br>Балдар Манастын образы жана анын кулун досу Аккула менен таанышышат. Колунун кыймылын машыктырышат, сүрөттүн эң жөнөкөй элементи катары түз сызыктарды жүргүзүшөт, кулундун жалы менен куйругун соңуна чейин тартып чыгышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Аркан тартмай»<br>Балдар Манас жакшы көргөн оюндар менен таанышышат. Колго жасоо менен кыймылдуу оюндарды чагылдырышат. Желимди алакандары менен тегиз тоголоктошуп, мурунку дарстарда алган билимин бекемдешет. Балдардын ой жүгүртүүсү жана чыгармачылыгы өнүгөт. | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш. Жансыз табият, кубулуштар, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кар, кар себелейт»<br>Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт. Балдар табияттагы кубулуштарды түстөрдү колдонуу менен кагаз бетине түшүрүшөт. Балдар кол өнөрчүлүктөн оң эмоция алууну үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Кышкы кийим-кече»<br>Балдар өздөрү кийген кийим-кеченин аталыштарын жатташат. Жалпылоочу аталыштарды өздөштүрөт. Даяр фигураларды жабыштыруу менен белгилүү композицияны алууга көнүгүшөт. Моторикасын машыктырышат жана ошону менен бирге көңүл бурууcу өөрчүйт. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>**Сүрөт тартуу:** «Балатыны оюнчуктар менен коoздоо»<br>Балдар жаңы жыл майрамына даярдануу менен кубанууга көнүгүшөт. Коoздолгон балатыны тартууну үйрөнүшөт. Балатыны коoздоого, тоголок форма жана чийимдерди тартууга көнүгүшөт. Гүлгүн жана көгүш түстөр менен таанышышат. Балдар кооз сүрөттөргө суктанууга үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Жаңы жылдык шакечелер»<br>Балдар жакындап келе жаткан майрамга кубанышат. Мындан мурунку дарстарда алган билимдерин бекемдешет. Түстөрдү өз алдынча ылайыкташтырып тандоого көнөт. | 3-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 16 | **Келгин, Жаңы Жылым, келгин!**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жашыл ийнелүү балаты»<br>Балдар вертикалдуу, горизонталдуу жана ийилген сызыктарды чийүү менен балатынын образын жаратышат. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт, Кооз (өзөк, бутак) балаты тартууга ашыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Жаңы жылдык оюнчуктар»<br>Балдар чоңдугуна карата жана формасына карата айырмалоону өздөштүрөт, бөлүктөрдү туура чогултууну, жабыштыруунун усул-ыкмаларын үйрөнүшөт. Балдардын ой жүгүртүүсү жана чыгармачылыгы өнүгөт. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Дөбөчө»<br>Балдар вертикалдуу, түз кеткен же диаганалдуу дөбөчөлөрдү тартууну жана аларды ылайыктуу боену үйрөнүшөт. Ак түс жана кар тууралуу маалыматтарды алышат. Моторикасын машыктырышат, көңүл бурууга үйрөнүшөт, так кыймылдоо, таякча жана суу менен тыкан иштөөгө жатыгышат. Өз ишинен оң эмоция алууга көнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Кар тобу»<br>Балдар алакандары менен төгөрөк формаларды жасап, машыгышат. Тыкан иштөөгө көнүгүшөт. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Унаа. ЖЖЭ**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жеңил машина»<br>Балдар унаалар тууралуу билим алышат. Анын түрлөрүн үйрөнүшөт. Жол жарыктарын аташат, анын маанилерин жана жолдо жүрүү эрежелерин өздөштүрөт. Машинанын бөлүктөрүн: терезе, дөңгөлөк, эшиктерин тыкандык менен чийимдин сыртына чыгарбай тартууну үйрөнүшөт. Колдун моторикасын машыктырышат, кагаз бетинде иштөөгө көнүгүшөт, көңүл бурууга үйрөнүшөт, так кыймылдоого жатыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Жөө жүргүнчүлөрдүн жолу»<br>Балдар трассадагы жөө жүргүнчүлөрдү жолу менен таанышышат жана жолдо жүрүү эрежелерин өздөштүрүшөт. Чийимдин чегинен чыгарбай жабыштырууну үйрөнүшөт. Тыкан иштөөгө машыгышат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш. Өсүмдүк дүйнөсү.: мөмө-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кар баскан дарактар»<br>Балдар кыштын көрүнүшүн тартууну үйрөнүшөт. Дарактарды тартууну кагазга бир нече дарак түшүрүүнү өздөштүрөт. Таякчаны тазалап чайкоого көнүгүшөт. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Мандариндер, апельсиндер»<br>Балдар төгөрөк формадагы нерселерди жасоону үйрөнүшөт. Алакандары менен төгөрөк формадагы нерселерди жасаганды үйрөнөт. Түрдүү чоңдуктагы нерселерди жасашат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Токойдогу Жаныбарлар»<br>Балдар жапайы жана үй Жаныбарлары тууралуу билимин бекемдешет. Балдар мазмундуу оюндарды өздөштүрөт. Боектор менен жаныбарлардын изин тартышат, дарактар жана бадалдарды тартышат. Балдар жаныбарларга жакшы мамиле кылууну үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Күчүктүн уясы»<br>Балдар бир нече бөлүктөн турган нерсени түстүү кагаз менен жасоону үйрөнүшөт (тик бурч, айлана, үч бурчтук) бөлүктөрдүн формасын айырмалашат. Гүлдөр тууралуу маалыматты такташат. Балдардын гүл дүйнөсүн өздөштүрүүсү өнүгөт. | 4-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 21 | **Эмерек. Турмуш-тиричилик буюмдары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Каныкей куурчагынын текчеси»<br>Балдар эмеректерди таанышат. Аталыштарын жатташат, бөлүктөрүн айырмалашат, жасоо жолу тууралуу маалыматтарды алышат. Тик бурчтуктарды тартып, тегиз боего машыгышат. Боек менен иштөө жөндөмүн колдонушат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Чаң соргучту оңдоо»<br>Балдар турмуш-тиричилик буюмдары тууралуу маалымат алышат, Алардын түрү, колдонуу максаты жана ыкмасы менен кеңири түрдө таанышышат. Чоң желимден бир аз үзүп алып иштөөгө машышыгышат. Алардын кагаздын бетиндеги чийимдерден чыгарбай жабыштырууну өздөштүрүшөт. Колго жасоону үйрөнүшөт, материал жана шаймандар менен кырдаалга ылайык иштөөнү үйрөнүшөт. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяк**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тарелкалар жана табактар»<br>Балдар идиш-аяктын аталыштарын, түрлөрүн, колдонулуш максаттарын айырмалашат. Ашкана, үйдө, чай ичүү максатта колдонулаарын байкашат. Балдар нерселерди эстетикалык кабыл алууну үйрөнүшөт. Балдар айлана тартууну, айлананы тегиз боеону үйрөнүшөт. Боек менен тыкан иштөөгө жатыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Федора чоң эне үчүн идиш-аяк»<br>Балдар даяр бөлүктөр менен иштешет. Ирети менен жайгаштырат. Жабыштыргычты тегиз шыбашышат. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт. Алардын образдык элестетүүсү артып, кооз нерсе жаратууга болгон каалоосу өрчүйт. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер.**<br>**Сүрөт тартуу:** «Автобуста бара жатабыз»<br>Балдар кесиптер жөнүндө сүйлөшөт. Автомобилдердин сүрөтүн тартышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Аба майданындагы учактар»<br>Балдар учкуч тууралуу маалыматтарды алат. Узартылган формадагы окшош эки желимди тең бөлүштүрүп, аларды былчыйтуу жолу менен жабыштырып, өзү каалаган формадагы буюмдуу жасоону үйрөнүшөт. Балдарды өз каалоосу менен жасаган нерседен ырахат алуу сезимин тарбиялайт. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кышкы канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Таранчы үчүн кожогат»<br>Балдар канаттуулар тууралуу билим алышат. Аларды кантип кароону үйрөнүшөт. Бармак живописин колдонуу менен кожогаттын бутагын тартышат. Балдардын бир нерсеге көңүл токтотуусу, кол кыймылынын дааналыгы, аракети артат, өз чыгармачылыгынан жагымдуу сезимдерди алууга үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Чымчык уя»<br>Балдар түрдүү форманын бир нече элементтерин бириктирүү менен бир бүтүн композиция түзүшөт. Бөлүктөрдүн формасын (тик бурчтук, айлана, үч бурчтук) айырмалашат. Түстөрдү жатташат. Балдардын түстөр дүйнөсүн кабыл алуу тажрыйбасы өрчүйт. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март эл аралык аялдар күнү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Апам үчүн гүлдөр»<br>Балдар апасы, чоң энеси же эже-сиңдиси үчүн сүрөт тартууну каалашат. Өсүмдүктөрдүн (бутагы, өзөгү, жалбырактары) сымал бөлүктөрүн тартууну жана сырткы көрүнүшүн айырмалоону үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Торт»<br>Балдар өз жакындарына сүйүүлөрүн билдиришет. Аларга жагымдуу сезимдерди тартуулагысы келет. Айлана түрүндөгү формаларды шарлар менен же шыпыргылар менен кооздоону үйрөнүшөт. Декоративдүү элементтерди өз алдынча жайгаштырууну каалашат. Кол өнөрчүлүк жөндөмдөрүн бекемдешет. | 1-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 26 | **Жаз мезгили. Жансыз табият, кубулуштар, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Асан-үсөн»<br>Балдар таякча менен асан-үсөн тартууну үйрөнүшөт. Түстөр дүйнөсүн өздөштүрүшөт. Асан-үсөн тартуу учурунда кыймылынын дааналыгына аракет кылышат. Кагаз бетинде болжолдуу түрдө иштеп, композицияны соңуна чыгарышат. Балдар жаңы нерсени үйрөнүүгө умтулушат, боек менен иштөөдөн оң эмоция алышат, кооздукка билими кеңейет.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Түтүкчөлөр»<br>Балдар созулган тик бурчтук формасын жабыштырууну үйрөнүшөт. Түрдүү узундуктагы жана калыңдыктагы түтүкчөлөргө кызыгуусу артат. Кооз болушу үчүн түрдүү формадагы түтүкчөлөрдү ирети менен жайгаштырышат. Өздөрү билген жабыштыруунун түрдүү ыкмаларын колдонушат. Өз колу менен жасалган нерселерден ырахат алуу сезими өсөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: деңиз, дарыя жандыктары, деңиздер, дарыялар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Алтын балык»<br>Балдар суу дүйнөсү жана анда жашаган жандыктар менен таанышат. Балыктарды жалпылоону, классификациялоону (деңиз балыктары, аквариум балыктары, балыктар, тузсуз сууда жашоочу балыктар). Кагаздын бетине жайылган балыктын сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт. Сүрөттү пропорциялуу түрдө болушуна, тыкан боеого, сүрөттөгү бөлүкчөлөрдү толуктоого аракет кылышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Балыктар дарыяда сүзүшөт»<br>Балдар дарыя балыктары тууралуу билимин бекемдешет. Бөлүктөрдөн бүтүн нерсе жасоону, кол өнөрчүлүк ыкмаларын, ишти соңуна жеткирүүнү үйрөнүшөт. Балдардын образдык элестетүүсү калыптанат. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: мөмө-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>**Сүрөт тартуу:** «Нооруз майрамы»<br>Балдар «Нооруз» майрамы тууралуу маалымат алышат. Майрам үчүн желектерди, шарларды даярдашат. Айлана жана төрт бурчтук формадагы нерселерди тартууга жатыгат. Калем сап менен боеого көнүгүшөт (чийимдин сыртына чыгарбоону, таякча менен өйдөдөн ылдый же солдон оңду карай чийүүнү үйрөнүшөт). Кагаздын бош бөлүгүнө сүрөттү кайталап көчүрүүгө үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Кышкы камдоолор»<br>Балдар жемиштер, жер жемиштер жана жашылча жемиш тууралуу маалымат алышат. Сүрөттү жабыштырууда билген ыкмаларын колдонот. Материал жана жабдуулар менен тыкан иштөөгө машыгышат. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жазгы иш**<br>**Сүрөт тартуу:** «Эгин эгүү»<br>Балдар жазгы эмгек тууралуу билим алышат. Жерди даярдоо, бактарды тазалоону үйрөнүшөт. Тик бурч формасындагы сүрөттөрдү тартышат (урук чалуучу чаңдар); таякчанын учу менен сүрөт тартууну үйрөнүшөт, тик бурчтуктун ичине ритм менен сүрөттү жабыштырууну үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Биздин жардамчы шаймандар»<br>Балдар жазгы эмгек жөнүндө билим алышат. Балдар эки бөлүктөн турган нерселерди (тырмооч, күрөк) жасоону үйрөнүшөт. Бөлүктөрдү бири-бирине улантуу менен бүтүн нерсе жасоону өздөштүрөт. Түрдүү сүрөттөрдү бириктирүү менен билген ыкмаларын кайталашат. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>**Сүрөт тартуу:** «Ракеталар ааламга учат»<br>Балдар баштапкы аалам тууралуу билимин бекемдешет: планеталар, жылдыздар, космонавт, күн.<br>Геометриялык фигуралардан турган сүрөт тартууну үйрөнүшөт (ичке тик бурчтук, айланалар, үч бурчтуктар); кагаз бетинде иштешет, түстөрдү негизин бекемдешет (көк, кызыл, сары); көз болжолун өнүктүрүшөт. | 2-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 30 | **Аппликации:** «Ааламга учуу»<br>Балдар кара кагаз үстүнө даяр бөлүкчөлөрдү жабыштырууну үйрөнөт; форманы толугу менен жабыштырууну үйрөнөт; кооз композиция жасоого умтулат. Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт, образдык элестетүүсү калыптанат. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жазгы канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Канаттууларды багуу»<br>Балдар канаттуулар тууралуу (учат, чокуйт, уя жасашат) элементардык билим алат.<br>Жемди, тик бурчтуу формаларды тартууну (буудайды) үйрөнүшөт. Боек менен тыкан иштешет. Балдардын канаттууларга жардам берүү каалоосу пайда болот.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Уядагы балапандар»<br>Балдар «Уядагы балапандар» композициясын кантип жасоо керек экенин өздөштүрөт. Буталык жол менен уя жасашат. Уянын көлөмүнө ылайык 1-3 балапан ийлөөнү үйрөнөт. Композицияны курт-кумурскалар менен толуктап ойношот. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Күчүк»<br>Балдар жаныбарларды классификациялоо менен таанышат (жапайы жана үй жаныбарлары). Салыштыруу, айырмалоо, жакындык жана айырмачылыктарын табууну өздөштүрөт. Контурду айланта тартууну, таякчаны туура кармоону, колдун майда булчуңдарын машыктырышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Бөжөк»<br>Балдар контур боюнча түрдүү нерселерди жайгаштырууну үйрөнөт (дене, баш, куйрук, кулактар); тыкандык менен жабыштырууга машыгат. Колу менен жасоо жана аны менен ырахаттануу сезими өрчүйт. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май жеңиш күнү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Салют»<br>Балдар Жеңиш күнүнө арналган майрам тууралуу маалымат алат. Балдардын өз элин, жерин коргогон согуштун ардагерлерине болгон сый-урматы артат. Балдар кагаз бетинде иштөөгө көнөт, узун сызыктарды дааны чийүүгө машыгат. Композицияны толукташат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Майрамдагы даам-татымдар»<br>Балдар түрдүү сүрөттөр үчүн билген ыкмаларын колдонушат. Материал жана жабдуулар менен иштөө ыкмаларын бекемдешет. Балдардын ой жүгүртүүсү жана чыгармачылыгы өнүгөт. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Сулуу көпөлөк»<br>Балдар курт-кумурскалар тууралуу маалымат алышат. Түстүү боекторду колдонууну үйрөнөт. Таякчаны жуушат, башка түскө таякчаны боердон мурун аны аарчуу менен кургатат. Балдардын өз алдынчалыгы, чыгармачылыгы өнүгөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Жылдыз курт»<br>Балдар курт-кумурскалар тууралуу билимин арттырат. Чийилген сызыктын чегинде айлана чийүүнү үйрөнөт. Тыкандык менен бөлүкчөлөрдү жабыштырууну үйрөнөт. Балдардын кооз нерсе жасоого болгон умтулуусун арттырат. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Күндө сапсары каакымдар»<br>Балдар чекиттерди коюу менен гүлдүн образын кагаз бетине түшүрүүнү өздөштүрөт. Гүлдөр тууралуу билимин бекемдешет (сары, жашыл). Балдардын эстетикалык дүйнөнү өздөштүрүүсү өнүгөт, табиятты сүйүүсү, аны чагылдырууга дааалат жасоосу артат; табиятка аяр мамиле кылууну үйрөнөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Гүл челек»<br>Балдар кесиндилерден нерсе жасоону өздөштүрөт. Алакандары менен тоголок жасашат. Челектин кырларын ийип же созуп жатыгышат. Тыкан жабыштырууну үйрөнөт. | 3-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 36 | **Достук**<br>**Сүрөт тартуу:** «Курбуңдун сүрөтүн соңуна чыгар»<br>Балдар достук тууралуу маалымат алат. Улууларга урмат, кичүүлөргө ызат көрсөтүүгө үйрөнөт. Өзүнө өзү ишенүү каалоосу, жамаатта иштөө сезими, эмоцияларга даярдыгы артып, эл менен сүйлөшүү аркылуу өздөрү инсан катары жетилет. Контур ичинде калемсап менен туура иштөөгө жатыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Достук дарагы»<br>Балдардын достук тууралуу билими кеңейет. Жамаат болуп иштөө чыгармачылыгы артат, өз алдынчалыгы өсүп, активдүүлүгү өрчүйт. Балдар жабыштыруучуну тыкан колдонуу жана түстүү кагаз менен иштөөнү үйрөнөт (кесилген алакандар). | 4-апта | Май |

## *«ДЕН СООЛУКТУ БЕКЕМДӨӨ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

***Эскертме: Педагогдун тандоосу боюнча 3-сабак таза абада кыймылдуу оюндар жана кинезиологиялык көнүгүүлөрдү колдонуу менен өтүлөт.***

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Милдеттер:**<br>Балдарды басуу жана белгиленген багытта чуркоо менен тааныштыруу; чектелген таяныч аянтында басууда тең салмактуулукту сактоого үйрөтүү.<br>**I бөлүк.** Чакан тайпаларда тарбиячынын артынан түз багытта басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү: Эки параллелдүү сызык боюнча басуу жана чуркоо (тосқоолдук же жыгачтардан турган); «жолдун» узундугу – 2,5 м, туурасынан – 25 см.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мага чуркагыла».<br>**III бөлүк.** Бардык тайпа менен колунда оюнчугу бар болгон (куурчак же машина) тарбиячынын артынан басуу («үйүр менен»). | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **Милдеттер:**<br>Балдарды басуу жана белгиленген багытта чуркоо менен тааныштыруу; чектелген таяныч аянтында басууда тең салмактуулукту сактоого үйрөтүү.<br>**I бөлүк.** Чакан тайпаларда тарбиячынын артынан түз багытта басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү: Эки параллелдүү сызык боюнча басуу жана чуркоо («жолдун» узундугу 3м чейин өсөт).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мага чуркагыла».<br>**III бөлүк.** Бардык тайпа менен колунда оюнчугу бар болгон (куурчак же машина) тарбиячынын артынан басуу («үйүр менен»). | 1-апта | Сентябрь |
| 3 | **Милдеттер:**<br>Бардык тайпа менен биргеликте балдарды басуу жана түз багытта тарбиячынын артынан чуркоо менен тааныштыруу; балдарды эки буту менен бирдей ордунда секирүүгө үйрөтүү.<br>**I бөлүк.** Бардык тайпа менен тарбиячынын артынан басуу («үйүр менен»). «Тегиз жол менен» оюн көнүгүү.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү: бир орунда эки бут менен секирүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мышык – чычкан».<br>**III бөлүк.** Колунда чоң тобу болгон тарбиячынын артынан басуу. | 2-апта | Сентябрь |
| 4 | Бардык тайпа менен биргеликте балдарды басуу жана түз багытта тарбиячынын артынан чуркоо менен тааныштыруу; балдарды эки буту менен бирдей ордунда секирүүгө үйрөтүүнү улантуу.<br>**I бөлүк.** Бардык тайпа менен тарбиячынын артынан басуу («үйүр менен»). «Тегиз жол менен» оюн көнүгүү. | 2-апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 4 | **II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү: бир орунда эки бут менен жана бир нерсени текеректеп секирүү (кубик, желек ж. б.).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мышык – чычкан»» - «Кошки - мышки».<br>**III бөлүк.** Колунда чоң тобу бар тарбиячынын артынан басуу | 2-апта | Сентябрь |
| 5 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден ирети менен кезектешип чуркоо жана басуу көнүгүүлөрү, алакан жана тизеге таянып, төрт буттап жөрмөлөө.<br>**I бөлүк.** Ирет менен бир бирден басуу жана чуркоо («Поезд» оюн көнүгүүсү).<br>**II бөлүк.** 1. Шыңгырактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) алакан жана тизеге таянып, төрт буттап жөрмөлөө (аралык – 5 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Өз үйүңдү тап».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3-апта | Сентябрь |
| 6 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден ирети менен кезектешип чуркоо жана басуу көнүгүүлөрү, алакан жана тизеге таянып, төрт буттап жөрмөлөө.<br>**I бөлүк.** Ирет менен бир бирден басуу жана чуркоо («Поезд» оюн көнүгүүсү).<br>**II бөлүк.** 1. шыңгырактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) алакан жана тизеге таянып, төрт буттап жөрмөлөө (аралык – 5 м);<br>б) «жылан» болуп колду белге таянып, нерселердин ортосунда басуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Өз үйүңдү тап».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3-апта | Сентябрь |
| 7 | **Милдеттер:** Чакан тайпа менен бир бирден балдарды басуу жана чуркоо менен тааныштыруу; бири бирине топту тоголотуу менен түртүүгө үйрөтүү.<br>**I бөлүк.** Чакан тайпа менен ирети боюнча бирден басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тизелеп туруп, топту бири бирине тоголотуу;<br>б) нерсенин тегерегинде эки буттап секирүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Менин шаңдуу тобум».<br>**III бөлүк.** Колунда чоң тобу болгон тарбиячынын артынан бир бирден ирети менен басуу. | 4-апта | Сентябрь |
| 8 | **Милдеттер:**<br>Чакан тайпа менен бир бирден балдарды басуу жана чуркоо менен тааныштыруу; бири бирине топту тоголотуу менен бат-бат түртүүгө үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Чакан тайпа менен ирети боюнча бирден басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тизелеп туруп, топту бири бирине бат-бат тоголотуу;<br>б) нерсенин тегерегинде эки буттап секирүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Менин шаңдуу тобум».<br>**III бөлүк.** Колунда чоң тобу болгон тарбиячынын артынан бир бирден ирети менен басуу. | 4-апта | Сентябрь |
| 9 | **Милдеттер:**<br>Айлана боюнча чуркоону үйрөнүү; кичирейтилген таяныч аянтын айланта чуркоо.<br>**I бөлүк.** Айлана боюнча басуу жана чуркоо (ориентация боюнча – кубиктер ж. б. у. с.).<br>**II бөлүк.** 1. Кубик менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) Эки параллелдүү чийимдин ортосунда басуу жана чуркоо (туурасынан – 25 см);<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Күн жана жаан».<br>**III бөлүк.** Дем алуу органдары үчүн гимнастика «Тарбиялуу шамал». | 1-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 10 | **Милдеттер:**<br>Айлана боюнча чуркоону үйрөнүү; кичирейтилген таяныч аянтын айланта чуркоо; эки буттап секирүүгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Айлана боюнча басуу жана чуркоо (ориентация боюнча – кубиктер ж.б.у.с.).<br>**II бөлүк.** 1. Кубик менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) Эки параллелдүү чийимдин ортосунда басуу жана чуркоо (туурасынан – 20 см);<br>б) нерсени айланып туруп, бир орунда эки бут менен секирүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Күн жана жаан».<br>**III бөлүк.** Дем алуу органдары үчүн гимнастика «Тарбиялуу шамал». | 1-апта | Октябрь |
| 11 | **Милдеттер:** Чачыранды түрдө басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө; ордунан узундукка секирүүдө жарым бүгүлгөн тизе менен туруп калууга үйрөнүүнү улантуу; топту түз тоголотууга көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен балдар токтоп, көнүгүүлөрдү аткарышат.<br>**II бөлүк.**<br>1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жерге төшөлгөн тоскоолдуктарды секирип өтүү, жарым бүгүлгөн бут менен жерге түшүү;<br>б) топту түз багытта тоголотуу, аны эки кол менен энергетикалуу түрдө түртүү жолу менен ишке ашыруу.<br>**3. Кыймылдуу оюн «Токойдогу аюнукунда».**<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн – «Бүлдүркөн үчүн токойго». | 2-апта | Октябрь |
| 12 | **Милдеттер:**<br>Чачыранды түрдө басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө; ордунан узундукка секирүүдө жарым бүгүлгөн тизе менен туруп калууга үйрөнүүнү улантуу; топту түз тоголотууга көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен балдар токтоп, көнүгүүлөрдү аткарышат.<br>**II бөлүк.**<br>1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жерге төшөлгөн тоскоолдуктарды секирип өтүү (жарым бүгүлгөн бут менен жерге түшүү, колдор бош түрүндө);<br>б) максатка мээлеп, топту түз багытта тоголотуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Токойдогу аюнукунда».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Бүлдүркөн үчүн токойго». | 2-апта | Октябрь |
| 13 | **Милдеттер:**. Айлана боюнча басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү; бири бирине энергетикалуу түрдө топту тоголотуу жөндөмүн өстүрүү; төрт буттап жөрмөлөөгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Белгиленген чекитке жетүү максатында айлана боюнча басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Барактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бири бирине топту тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык – 1,5 м); б) максатка мээлеп, топту түз багытта тоголотуу (аралык – 5 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ак терек, көк терек».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Ким көбүрөөк барак чогултат?». | 3-апта | Октябрь |
| 14 | **Милдеттер:** Айлана боюнча басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү; бири бирине энергетикалуу түрдө топту тоголотуу жөндөмүн өстүрүү; төрт буттап жөрмөлөөгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Белгиленген чекитке жетүү максатында айлана боюнча басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Гүл менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бири бирине топту тоголотуу (аралык– 2 м); б) түз багытта төрт буттап жөрмөлөө (аралык – 5 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ак терек, көк терек».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Ким көбүрөөк гүл чогултат?». | 3-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо учурунда үйрөнүү жана тарбиячынын белгиси менен аракет кылуу; кичирейтилген таяныч аянты менен басууда туруктуу тең салмакты сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Белгиленген чекитке жетүү максатында айлана боюнча басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) төрт буттап тоскоолдуктун алдында жөрмөлөө (жердин деңгээлинен бийиктиги – 50 см);<br>б) Эки параллельдүү чийимдин ортосунда басуу жана чуркоо (туурасынан – 20 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ашкабак чапмай».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 4-апта | Октябрь |
| 16 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо учурунда үйрөнүү жана тарбиячынын белгиси менен аракет кылуу; кичирейтилген таяныч аянты менен басууда жана чуркоодо туруктуу тең салмакты сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Белгиленген чекитке жетүү максатында айлана боюнча басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) төрт буттап тоскоолдуктун алдында жөрмөлөө (жердин деңгээлинен бийиктиги – 40 см);<br>б) Эки сызыктын ортосунда басуу жана чуркоо (туурасынан – 20 см), кол белге таянып турат<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ашкабак чапмай».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 4-апта | Октябрь |
| 17 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо учурунда үйрөнүү жана тарбиячынын белгиси менен аракет кылуу; кичирейтилген таяныч аянты менен басууда туруктуу тең салмакты сактоого көнүгүү.<br>Алдыга жылуу менен секирүүдө жарым тизеси бүгүлгөн калыпта туруп калуу жөндөмүн бекемдөө.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен (мисалы, шыңгыракты шылдыратуу) басуудан чуркоого өтүү жана кайрадан басууга өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Жиптер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) Эки параллелдүү чийиндин ортосунда басуу жана чуркоо (жерге төшөлгөндүн туурасы – 20 см, узундугу – 3 м);<br>б) 1,5 м аралыгында алдыга жылуу менен эки буттап секирүү («бөжөктөрдөй»).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кулундар».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Ким кантип кыйкырат?». | 1-апта | Ноябрь |
| 18 | **Милдеттер:** тарбиячынын белгиси менен басуу жана чуркоону кезектештирип көнүгүү; кичирейтилген таяныч аянты менен басууда туруктуу тең салмакты сактоого көнүгүү; алдыга жылуу менен секирүүдө тизеси жарым бүгүлгөн калыпта туруп калуу жөндөмүн бекемдөө.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен (мисалы, шыңгыракты шырылдатуу) басуудан чуркоого өтүү жана кайрадан басууга өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Жиптер менен жалпы өстүрүүчү көнү гүлөрдү жасоо<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жол менен басуу (туурасынан – 20 см, узундугу – 3 м);<br>б) алдыга жылуу менен эки буттап секирүү (аралык – 2 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кулундар».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 1-апта | Ноябрь |
| 19 | **Милдеттер:**<br>Көнүгүүлөрдү аткаруу менен бир бирден иретти бузбастан басуу тарбиячынын белгиси менен жөндөмүн бекемдөө; бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү менен топту тоголотуу көнүгүүлөрү. | 2-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19 | **I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын буйругу менен «Көпөлөктөр!» токтоо жана канаттары сымал кол булгалоо; «Бөжөктөр!» буйругу менен токтоо жана бир орунда эки буту менен секирүү керек. Чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Алкак менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Коюма карышкыр тийди».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Ким кантип кыйкырат?» | 2-апта | Ноябрь |
| 20 | **Милдеттер:**<br>Көнүгүүлөрдү аткаруу менен бир бирден иретти бузбастан басуу жөндөмүн бекемдөө тарбиячынын белгиси менен; бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү жана топту тоголотуу.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын буйругу менен «Көпөлөктөр!» токтоо жана канаттары сымал кол булгалоо; «Бөжөктөр!» буйругу менен токтоо жана бир орунда эки буту менен секирүү керек. Чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Алкак менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир алкактан экинчи алкакка 1,5м алдыга жылуу менен бирге секирип көнүгүү (2–3 алкак);<br>б) топту түз багытта тоголотуу (максатка чейин).<br>3. **Кыймылдуу оюн** ««Коюма карышкыр тийди».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Аюдай бас, чычкандай жөрмөлө». | 2-апта | Ноябрь |
| 21 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден тизмелеп чуркоо жана басуу жөндөмдөрүн бекемдөө; элпектикти өөрчүтүү жана топту кармоо жана ыргытууда көз болжолду өнүктүрүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен чуркоого анан кайра басууга өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Желектер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) топту кармоо жана кайра аны тарбиячыга ыргытуу (аралык – 0,5 м);<br>б) шыңгыракка чейин төрт буттап жөрмөлөө (аралык – 5 м), туруу, шыңгыракты алып шыңгыратып коюу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Уядагы канаттуулар».<br>**III бөлүк.** Колду кыймылдатуу менен бирге дем алуу гимнастика (куштардын канаттары). | 3-апта | Ноябрь |
| 22 | **Милдеттер:** Бир бирден тизелеп чуркоо жана басуу жөндөмдөрүн бекемдөө; элпектикти өрчүтүү жана топту кармоо, ыргытууда көз болжолду өнүктүрүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен чуркоого, анан кайра басууга өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Желектер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) топту кармоо жана кайра аны тарбиячыга ыргытуу; б) нерселердин ортосунда жөрмөлөп жүрүү (3–4 кубик же үйлөтүлгөн топ), бири биринен 1,5 м аралык узактыкта турган топтор.<br>3.**Кыймылдуу оюн** «Уядагы канаттуулар».<br>**III бөлүк.** Колду кыймылдатуу менен бирге дем алуу гимнастика (куштардын канаттары). | 3-апта | Ноябрь |
| 23 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн көнүгүүлөрдү аткаруу менен биргеликте ишке ашуусу керек; кичирейтилген таяныч аянтында басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү. | 4-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу көнүгүүлөрдү аткаруу менен тарбиячынын белгиси менен: «Тоолор!» буйругу менен кол булгалоо, «көл!» буйругу менен отуруп калуу. Бир бирден ирети менен чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр сары жана кызыл жиптер менен.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) төрт буттап ийилген нерсенин алдына кирүү (бийиктик – 50 см);<br>б) эки чийимдин ортосунда басуу (туурасынан – 20 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Айлампа».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу.<br>Дем алуу органдары үчүн гимнастика. | 4-апта | Ноябрь |
| 24 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн көнүгүүлөрдү аткаруу менен биргеликте ишке ашуусу керек; кичирейтилген таяныч аянтында басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу көнүгүүлөрдү аткаруу менен тарбиячынын белгиси менен: «Түндүк!» буйругу менен кол булгалоо, «сандык!» буйругу менен отуруп калуу. Бир бирден ирети менен чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр **сары жана кызыл жиптер менен.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) төрт буттап ийилген нерсенин алдына кирүү (жердин деңгээлинен бийиктиги – 40 см);<br>б) эки чийимдин ортосунда басуу (туурасынан – 20 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Бүркүт тумшугу».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Өз ордунду тап». | 4-апта | Ноябрь |
| 25 | **Милдеттер:**<br>Залдын бардык аянтын колдонуу менен басууга жана чуркоого үйрөнүү; кичирейтилген таяныч аянтында басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү; алдыга жылуу менен секирүү учурунда жарым бүгүлгөн тизе менен жерге туруп калууну өнүктүрүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. Кезеги менен басуу жана чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.**<br>1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр **султанчиктер менен.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тактада басуу (туурасынан 20 см), колу менен тең салмактуулукту сактоо;<br>б) бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү (диаметр 35 см) жарым бүгүлгөн бут менен жерге түшүү (алкак жалпак, интервалы жок жанына коюулушу керек, 3–4 даана).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Жигиттер».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 1-апта | Декабрь |
| 26 | **Милдеттер:**<br>Залдын бардык аянтын колдонуу менен басууга жана чуркоого үйрөнүү; кичирейтилген таяныч аянтында басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү; алдыга жылуу менен секирүү учурунда жарым бүгүлгөн тизе менен жерге туруп калууну өнүктүрүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. Басуу жана чачырап чуркоо кезеги менен.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр **султанчиктер менен.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жерде жаткан тактада басуу (туурасынан 15 см);<br>б) бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү (диаметр 30 см) жарым бүгүлгөн бут менен жерге түшүү (алкак жалпак, интервалы жок жанына коюулушу керек, 5–6 даана).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Жигиттер».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 1-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 27 | **Милдеттер:**<br>Айлананын чегинде басуу жана чуркоо өнөрүн бекемдөө; өйдөдөн секирүүнү үйрөнүү; топту тоголотууга үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Айлана боюнча басуу жана чуркоо эки тарапка тарбиячынын белгиси менен (кубиктер максат болот).<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү<br>а) жумшак нерсеге отургучтан секирүү (бийиктик 15 см);<br>б) топту түз багытта тоголотуу (топту эки колдоп күч менен түртүү).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Шамал жана ак кар».<br>**III бөлүк.** Адатынча басууну бутунун башы менен басууга кезектештирип бастыруу | 2-апта | Декабрь |
| 28 | **Милдеттер:**<br>Айлананын чегинде басуу жана чуркоо өнөрүн бекемдөө; өйдөдөн секирүүнү үйрөнүү; топту тоголотууга үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Тарбиячынын белгиси менен эки жакка тең айлана боюнча басуу жана чуркоо (кубиктер максат болот).<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жарым бүгүлгөн бут менен отургучтан секирүү (бийиктик 20 см);<br>б) топту отурган абалда буттарды ачайтып бири бирине тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык 1,5 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Тегирмен».<br>**III бөлүк.** Адатынча басууну бутунун башы менен басууга кезектештирип бастыруу | 2-апта | Декабрь |
| 29 | **Милдеттер:**<br>Эки нерсенин ортосунда тийбей басуу жана чуркоо; бири бирине топту тоголотууга үйрөнүү; төрт буттап ийилген нерсенин алдына кирүү. Кыймылдын координациясын башкаруу.<br>**I бөлүк.** Эки нерсенин ортосунда тийбей чачырап басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Тоскоолдуктар (кегли) менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) нерселердин арасы менен бири бирине топту тоголотуу (ийилген нерсе, кубиктер, тоскоолдуктар ж. б. у. с.), балдардын ортосундагы аралык 1,5 м;<br>б) төрт буттап ийилген дуганын алдына кирүү (ийилген дуганын жерден бийиктиги 50 см), ийилген эки дуганын ортосундагы аралык 1 м.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Бөжөк».<br>**III бөлүк.** Бир сызыкка коюлган буюмдардын арасынан жыланча болуп бирден басуу, кадимкидей басуу менен алмаштыруу керек. | 3-апта | Декабрь |
| 30 | **Милдеттер:**<br>Эки нерсенин ортосунда тийбей басуу жана чуркоону улантуу; бири бирине топту тоголотууга үйрөнүү; төрт буттап ийилген нерсенин алдына кирүү. Кыймылдын координациясын башкаруу.<br>**I бөлүк.** Эки нерсенин ортосунда тийбей басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Тоскоолдуктар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) нерселердин ортосунда бири бирине топту дарбазага тоголотуу (ийилген нерсе –дуга), балдардын ортосундагы аралык 2 м;<br>б) төрт буттап дуганын алдына кирүү (3–4 шт.), дуганын бийиктиги 50 см.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Торгой жана мышык».<br>**III бөлүк.** Бир сызыкка коюлган буюмдардын арасынан жыланча болуп бирден басуу, кадимкидей басуу менен алмаштыруу керек. | 3-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31 | **Милдеттер:**<br>Айлана боюнча басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү; тайпа менен тоскоолдуктун алдына жөрмөлөө; тең салмактуулукту сактоону машыктыруу.<br>**I бөлүк.** Айлана боюнча басуу жана чуркоо (максат – кубиктер).<br>**II бөлүк.** 1. кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр **(ар бир балага экиден).**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тайпа ичинде тоскоолдукка тийбестен жөрмөлөө (жерден бийиктиги 50 см);<br>б) тактада басуу (туурасынан 20 см), колду белде кармоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кампадагы чычкандар».<br>**III бөлүк.** Бир сызыкка коюлган буюмдардын арасынан жыланча болуп бирден басуу (чычкандардай болуп), кайра кадимкидей басуу менен алмаштыруу керек. | 4-апта | Декабрь |
| 32 | **Милдеттер:** Айлана боюнча басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү; тайпа менен тоскоолдуктун алдына жөрмөлөө; тең салмактуулукту сактоону машыктыруу.<br>**I бөлүк.** Айлана боюнча басуу жана чуркоо (максат – кубиктер).<br>**II бөлүк.** 1. кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр **(ар бир балага экиден).**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тайпа ичинде тоскоолдукка тийбестен жөрмөлөө (жерден бийиктиги 40 см);<br>б) тактада басуу (туурасынан 15 см), колду белде кармоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Балапандар жана чымчыктар».<br>**III бөлүк.** Бир сызыкка коюлган буюмдардын арасынан жыланча болуп бирден басуу, кайра кадимкидей басуу менен алмаштыруу керек. | 4-апта | Декабрь |
| 33 | **Милдеттер:**<br>Эки экиден ээрчишип басуу жана тизилүү менен таанышуу; тең салмактуулукту сактоо жана секирүү көнүгүүлөрүн кайталоо.<br>**I бөлүк.** Бир иретке тизилүү, эки иретке тизилүү – түгөйлөр (тарбиячынын жардамы менен).<br>Эки экиден басуу, чачырап басуу, чачырап чуркоо. Айлана болуп тизилүү.<br>**II бөлүк.** 1. Таякча менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тактада басуу (туурасынан 20 см), колду белде кармоо, бир бутунун согончогун экинчи бутунун бармактарына коюу менен башты жана белди түз кармоо керек;<br>б) алдыга жутунуу менен секирүү (аралык 2 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кар урушмай».<br>**III бөлүк.** Оюн «Машанын куурчагын табабыз». | 1-апта | Январь |
| 34 | **Милдеттер:**<br>Эки экиден ээрчишип басуу жана тизилүү менен таанышуу; тең салмактуулукту сактоо жана секирүү көнүгүүлөрүн кайталоо.<br>**I бөлүк.** Бир иретке тизилүү, эки иретке тизилүү – түгөйлөр (тарбиячынын жардамы менен).<br>Эки экиден басуу, чачырап басуу, чачырап чуркоо. Айлана болуп тизилүү.<br>**II бөлүк.** 1. Кагаз карлар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) тең салмактуулукту сактоо жана белди түз кармоо менен тактада басуу (тактанын туурасынан 15 см), колду белде кармоо; б) бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү (3–4 даана, бири биринин үстүнө коюлган төшөктүн үстүндө).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Түлкү жана коендор».<br>**III бөлүк.** Дем алуу органдары үчүн гимнастика. | 1-апта | Январь |
| 35 | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чачырап чуркоого көнүгүү; жарым бүгүлгөн бут менен отургучтан секирүү; нерсенин айланасында топту тоголотууга үйрөнүү; кыймылдын координациясын өрчүтүү. | 2-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 35 | **I бөлүк.** Басуу жана чачырап чуркоо кезеги менен тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Желектер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жарым бүгүлгөн бут менен отургучтан секирүү (бийиктик 20 см);<br>б) нерсенин айланасында топту тоголотууга үйрөнүү (топту, тоскоолдуктарды, кубиктерди ж. б. у. с.).<br>3.**Кыймылдуу оюн** «Трамвай».<br>**III бөлүк.** Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. | 2-апта | Январь |
| 36 | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чачырап чуркоого көнүгүү; жарым бүгүлгөн бут менен отургучтан секирүү; нерсенин айланасында топту тоголотууга үйрөнүү; кыймылдын координациясын өөрчүтүү.<br>**I бөлүк.** Басуу жана чачырап чуркоо кезеги менен тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Желектер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) отургучтан жумшак нерсенин үстүнө секирүү (бийиктик 20 см), колду бош таштоо;<br>б) нерсенин айланасында топту быякка-тиякка тоголотууга үйрөнүү, аны кол менен түртүп, бирок алыс кое бербестен.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Поезд».<br>**III бөлүк.** Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. | 2-апта | Январь |
| 37 | **Милдеттер:**<br>Ийилген нерсенин<br>түгөйү менен басууга көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Эки экиден тизилүү, эки экиден басуу, зал боюнча чачырап чуркоо, чачырап басуу.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бири биринин дарбазасына топту тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык 1,5–2 м);<br>б) тайпа ичинде жогорку четине тийбестен ийилген нерсенин алдына жөрмөлөө.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Түтүкчөнү түшүр».<br>**III бөлүк.** Оюн орто ылдамдыктагы «Ак кар жаады». | 3-апта | Январь |
| 38 | **Милдеттер:**<br>Түгөйү менен басууга көнүгүү, чачырап чуркоо, ийилген нерсенин алдынан жөрмөлөө жана топту тоголотуу; көз болжолду жана кыймыл-аракеттин эпкетигин өстүрүү.<br>**I бөлүк.** Эки экиден тизилүү, эки экиден басуу, зал боюнча чачырап чуркоо, чачырап басуу.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бири биринин дарбазасына топту тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык 2 м; б) тайпа ичинде жогорку четине тийбестен ийилген нерсенин алдына жөрмөлөө. (бир нече жолу кайталап) (жерден бийиктиги 50–40 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ким көбүрөөк кар чогултат?».<br>**III бөлүк.** Оюн орто ылдамдыктагы «Ак кар жаады». | 3-апта | Январь |
| 39 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо көнүгүү кезегинде тарбиячынын белгиси менен токтотулат; тайпа ичинде жөрмөлөө жөндөмүн бекемдөө; чектелүү таяныч аянтында тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо; тарбиячынын «Токто!» буйругу менен балдар токтоп, андан кийин чуркоого өтүш керек.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү; | 4-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 39 | а) тайпа ичинде тоскоолдуктун алдынан чуркоо (жерден бийиктиги 40 см);<br>б) жерде жаткан тактада басуу, бир бутунун согончогун экинчи бутунун бармактарынын үстүнө коюп, колду белде кармоо, башты жана белди түз кармоо керек (тактанын туурасынан 20 см).<br>3.Оюн «Коендор».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Январь |
| 40 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо көнүгүү кезегинде тарбиячынын белгиси менен токтотулат; тайпа ичинде жөрмөлөө жөндөмүн бекемдөө; чектелүү таяныч аянтында тең салмактуулукту сактоого көнүгүү, дөңгөчтү аттоо жана басуу.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо; тарбиячынын «Токто!» буйругу менен балдар токтоп, андан кийин чуркоого өтүш керек.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү;<br>а) тайпа ичинде тоскоолдуктун алдынан чуркоо (жерден бийиктиги 40 см);<br>б) белди түз кармоо менен тизелерди өйдө көтөрүп, дөңгөчтү аттап басуу (бийиктик 5 см),<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ак бөжөк отурат».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Январь |
| 41 | **Милдеттер:**<br>Чачырап чуркоо жана басуу жөндөмүн бекемдөө; секирүү учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк** Тартип боюнча бирден басуу, бир бирден ирети менен чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен басууга өтүү чачырап, андан кийин чуркоо. Көнүгүүлөр басуу кезегинде жана чуркоо учурундан кезеги менен аткарылат.<br>**II бөлүк.** 1. Шыңгырактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) оң жана сол бутту алмаштырып тоскоолдуктарды секирип аттоо аркылуу басуу (8–10 даана) (эки тоскоолдуктардын ортосундагы аралык 30 см);<br>б) бир алкактан экинчи алкакка секирип көнүгүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кампадагы чычкандар».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Чычкан кайда бекинди?» | 1-апта | Февраль |
| 42 | **Милдеттер:**<br>Чачырап чуркоо жана басуу жөндөмдөрүн бекемдөө; секирүү учурунда тең салмактуулукту сактоо.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, бир бирден ирети менен чуркоо. Тарбиячынын белгиси менен басууга өтүү, чачырап, андан кийин да чуркоо. Көнүгүүлөр басуу кезегинде жана чуркоо учурундан кезеги менен аткарылат.<br>**II бөлүк.** 1. Шыңгырактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) кубиктер жана тоскоолдуктардын ортосунда басуу (4– 5 даана);<br>б) алдыга жутунуу менен секирүү аралык 3 м.<br>3.**Кыймылдуу оюн** «Тез моторлор».<br>**III бөлүк.** Дем алуу органдары үчүн гимнастика. | 1-апта | Февраль |
| 43 | **Милдеттер:**<br>Тарбиячынын белгиси менен чуркоо жана басуу көнүгүүлөрдү аткаруу; энергиялуу түрдө топту түз багытта түртүү жана тоголотуу.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу көнүгүүлөрдү аткаруу, тарбиячынын белгиси менен; басуу жана чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Кичирээк алкактар менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) отургучтан секирүү (бийиктик 20 см) жарым бүгүлгөн тизе менен (бир нече жолу кайра кайра кайталоо); | 2-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 43 | б) үйлөтүлгөн топту түз багытта бут менен тоголотуу (500 г); бир нече жолу кайталоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Тез ал».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 2-апта | Февраль |
| 44 | **Милдеттер:**<br>Тарбиячынын белгиси менен чуркоо жана басуу көнүгүүлөрдү аткаруу; жарым бүгүлгөн тизе менен секиргенден кийин туруп калууну улантуу; энергиялуу түрдө топту түз багытта түртүү жана тоголотуу.<br>**I бөлүк.** Тарбиячынын белгиси менен бир иретте басуу учурунда көнүгүүлөрдү аткаруу; басуу жана чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Кичирээк алкак менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) жумшак нерсеге отургучтан секирүү (бийиктик 20 см);<br>б) отурган абалда үйлөтүлгөн топту түз багытта бут менен тоголотуу (500 г) (аралык 1,5 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Тез алып, тез кое сал».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 2-апта | Февраль |
| 45 | **Милдеттер:**<br>Нерселерди аттоо менен басууга көнүгүү, тоскоолдуктун алдынан жөрмөлөө; тоскоолдуктун (жип/шнур) үстүнөн топту ыргытуу.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден дөңгөчтү оң жана сол бут менен кезектеп аттоо (бийиктик 5 см). Чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эки колдоп топту жиптин үстүнөн ыргытуу;<br>б) жипке тийбестен алдынан ийилип өтүү (тайпа ичинде).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мазай чоң ата».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 3-апта | Февраль |
| 46 | **Милдеттер:**<br>Нерселерди аттоо менен басууга көнүгүү, тоскоолдуктун алдына жөрмөлөө; тоскоолдуктун (жиптин) үстүнөн топту ыргытуу.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден дөңгөчтү оң жана сол бут менен кезектеп аттоо (бийиктик 5 см). Чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эки колдоп топту жиптин үстүнөн ыргытуу;<br>б) жиптин алдынан ийилип өтүү (бийиктик 50–40 см полдон).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Учкучтар».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу | 3-апта | Февраль |
| 47 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн көнүгүүлөрдү аткаруу менен биргеликте тарбиячынын белгиси менен ишке ашуусу керек; кичирейтилген таяныч аянты боюнча тең салмактуулукту сактоо менен төрт буттап түз жөрмөлөөгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен көнүгүүлөрдү аткаруу менен; чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) төрт буттап жөрмөлөө – «курттардай болуп» залдын бир бурчунан экинчи бурчуна чейин (аралык 3–4 м), туруу, түздөнүү, өйдөгө чыйралуу, баштын үстүнөн колду чабуу;<br>б) жерде жаткан тактада басуу, колду белде кармоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Турна».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 48 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн көнүгүүлөрдү аткаруу менен биргеликте тарбиячынын белгиси менен ишке ашуусу керек; кичирейтилген таяныч аянты боюнча тең салмактуулукту сактоо менен төрт буттап түз жөрмөлөөгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, көнүгүүлөрдү аткаруу менен тарбиячынын белгиси менен; чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) түз багытта төрт буттап жөрмөлөө аралыгы 4 м милдеттүү түрдө андан кийин чыйралуу (2 жолу);<br>б) кубиктердин ортосунда жылан болуп басуу, колду белде кармоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Таранчы жана мышык».<br>**III бөлүк.** Жай басуу. | 4-апта | Февраль |
| 49 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө айлана боюнча ишке ашат; тең салмактуулукту сактоо менен кезектешип басууга көнүгүү (тепкичтин жыгачтары аркылуу); алдыга жүткүнүп секирүү учурунда тизени чала бүгүп, жерге түшүү.<br>**I бөлүк.** Бир иретте тизилүү, бир бирден тизилүү; тартип боюнча бирден басуу айлана боюнча ишке ашат кезеги менен чуркоо (оңго жана солго).<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) колду белге кармап, полго төшөлгөн тепкичтин жыгачтарынан аттап басуу, аттап басууда оң жана сол бутту алмаштыруу;<br>б) алдыга жүткүнүү менен секирүү (2–3 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Жыгач жана жөжөлөр».<br>**III бөлүк.** Жай басуу. | 1-апта | Март |
| 50 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана айланып чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө; тең салмактуулукту сактоо менен кезектешип басууга көнүгүү (тепкичтин жыгачтары аркылуу); алдыга секирүү учурунда тизени чала бүгүп жерге түшүү.<br>**I бөлүк.** Бир иретте тизилүү, бир бирден тизилүү; тартип боюнча бирден басуу айлана боюнча ишке ашат, кезеги менен чуркоо (оңго жана солго).<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) кубиктерди, үйлөтүлгөн топторду, дөңгөчтөрдү (5-6 даана) аттоо менен басуу), баладан бир кадам алыстыкта жайгаштырылышы керек;<br>б) тоскоолдуктарды аттоодо алдыга жүткүнүү менен секирүү (5–6 даана).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Көпөлөктү карма».<br>**III бөлүк.** Дем алуу көнүгүүлөрү. | 1-апта | Март |
| 51 | **Милдеттер:**<br>Түгөйү менен чачырап чуркоого көнүгүү; ордунан уч узундукка секирүү менен таанышуу; топту тоголотууда эпилектикти машыктыруу.<br>**I бөлүк.** Бир бирден ирети менен тизилүү (тарбиячынын жардамы менен). Эки экиден басуу; зал боюнча чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир орундан узундукка секирүү (аралык 25 см);<br>б) үйлөтүлгөн топторду түз багытта тоголотуу (белгиленген чийимден балдар алдын көздөй тоголотот, аны эки кол менен энергетикалуу түрдө түртүү жолу менен ишке ашыруу, андан кийин чуркоо).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Көбүк».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча колду кыймылдатуу менен бирден басуу. | 2-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 52 | **Милдеттер:**<br>Түгөйү менен чачырап чуркоого көнүгүү; ордунан узундукка секирүү менен таанышуу; топту тоголотууда эпектикти машыктыруу.<br>**I бөлүк.** Бир бирден ирети менен тизилүү (тарбиячынын жардамы менен). Эки экиден басуу; зал боюнча чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Кубиктер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир орундан узундукка секирүү (аралык 30 см);<br>б) үйлөтүлгөн топторду түз багытта тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык 2 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Шамал, бороон».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча колду кыймылдатуу менен бирден басуу. | 2-апта | Март |
| 53 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө айлана боюнча ишке ашат; топту жерге таштоо жана эки кол менен кармоону үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Ирет менен бир бирден тизилүү. Айлана боюнча басуу (оңго жана солго), тарбиячынын белгиси менен чуркоого өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) топту жерге таштоо жана аны эки кол менен кармоо.<br>б) төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө алаканга жана тизелерге таянуу менен ишке ашат.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ким ташты алысыраак ыргытат?».<br>**III бөлүк.** Жай басуу. | 3-апта | Март |
| 54 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө айлана боюнча ишке ашат; топту жерге таштоо жана эки кол менен кармоону үйрөнүү; тактанын үстүндө жөрмөлөөнү үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Ирет менен бир бирден тизилүү. Айлана боюнча басуу (оңго жана солго), тарбиячынын белгиси менен чуркоого өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) топту жерге таштоо жана аны эки кол менен кармоо;<br>б) төрт буттап гимнастика отургучунун үстүндө алакан менен тизелерге таянып жөрмөлөө.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Крабдар».<br>**III бөлүк.** Дем алуу көнүгүүлөрү. | 3-апта | Март |
| 55 | **Милдеттер:**<br>Тырмышып чыгуу учурунда жыгачтарды туура кармоого үйрөнүү; чачыратылган басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө жана тоскоолдуктарды аттоо менен басуу.<br>**I бөлүк.** Ирети менен тизилүү. Басуу жана чачырап чуркоо (кезеги менен).<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) ийилген тепкичке тырмышып чыгуу (коопсуздук милдеттүү сакталышы керек);<br>б) жиптерден секирип аттоо аркылуу басуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ким көбүрөөк гүл терет?».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Март |
| 56 | **Милдеттер:**<br>Тырмышып чыгуу учурунда жыгачтарды туура кармоого үйрөнүү; чачыратылган басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө жана тоскоолдуктарды аттоо менен басуу.<br>**I бөлүк.** Ирети менен тизилүү. Басуу жана чачырап чуркоо (кезеги менен). | 4-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 56 | **II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эңкейиш тепкичке тырмышып чыгуу;<br>б) дөңгөчтөрдү аттоо менен басуу (6–8 кадам бири биринен алыс турган дөңгөчтөр).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Алтын дарбаза».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Март |
| 57 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо көнүгүү кезегинде тарбиячынын белгиси менен токтотулат, гимнастикалык отургучтун үстүндө басууда тең салмактуулукту сактоо, ордунан узундукка секирүүдө тең салмактуулукту сактоо.<br>**I бөлүк.** Ирет менен тизилүү. Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен токтоо, белги менен басууну улантуу. Көнүгүүлөр басуу кезегинде жана чуркоо учурундан кезеги менен аткарылат.<br>**II бөлүк.** 1. Гимнастика үчүн атайы отургучтун үстүндө жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) колду белде кармап, гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу (орточо ылдамдык);<br>б) бир ордундан узундукка секирүү (эки тоскоолдуктардын ортосундагы аралык 25 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Талааны эгүүгө кеттик!».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 1-апта | Апрель |
| 58 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо көнүгүү кезегинде тарбиячынын белгиси менен токтотулат, гимнастикалык отургучтун үстүндө басууда тең салмактуулукту сактоо, ордунан узундукка секирүүдө тең салмактуулукту сактоо.<br>**I бөлүк.** Ирет менен тизилүү. Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен токтоо, белги менен басууну улантуу. Көнүгүүлөр басуу кезегинде жана чуркоо учурундан кезеги менен аткарылат.<br>**II бөлүк.** 1. Гимнастика үчүн атайы отургучтун үстүндө жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) колду белде кармап, гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу;<br>б) бир ордундан узундукка секирүү (аралык 30 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Дарак отургузабыз».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 1-апта | Апрель |
| 59 | **Милдеттер:**<br>Иреттен чыкпай бир бирден басууну кайталоо, чачырап чуркоо; топту жерге таштоо; ордунан узундукка секирүүгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Тизени өйдө көтөрүү менен тартип боюнча бирден басуу – «Аттар»; чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Кичирээк алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир ордундан узундукка секирүү (аралык 30 см), негизги көңүл эки буттап жерге туруп калууга бурулат;<br>б) топту жерге таштоо жана аны эки кол менен кармоо.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «ракетада учабыз».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 2-апта | Апрель |
| 60 | **Милдеттер:**<br>Иреттен чыкпай бир бирден басууну кайталоо, чачырап чуркоо; топту жерге таштоо; ордунан узундукка секирүүгө көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Тизени өйдө көтөрүү менен тартип боюнча бирден басуу – «Аттар»; чачырап чуркоо. | 2-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 60 | **II бөлүк.** 1. Кичирээк алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир орундан узундукка секирүү (аралык 35 см);<br>б) топту бири бирине тоголотуу (балдардын ортосундагы аралык 2 м).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Айдагы космонавттар».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 2-апта | Апрель |
| 61 | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чачырап чуркоого көнүгүү, топту өйдөнү көздөй ыргытуу жана аны эки кол менен кармоо; тактанын үстүндө жөрмөлөөнү кайталоо.<br>**I бөлүк.** Ирети менен тизилүү. Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен басууга өтүү, андан кийин чачылып чуркоого өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) өйдөнү көздөй топту ыргытуу жана тосуп алуу;<br>б) төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Жыгач жана жөжөлөр».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн «Жөжөнү табабыз». | 3-апта | Апрель |
| 62 | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чачырап чуркоого көнүгүү, топту өйдөнү көздөй ыргытуу жана аны эки кол менен кармоо; тактанын үстүндө жөрмөлөөнү кайталоо.<br>**I бөлүк.** Ирети менен тизилүү. Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен басууга өтүү, андан кийин чачылып чуркоого өтүү.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) топту өйдөгө ыргытуу жана жерге таштоо. Аны эки кол менен кармоо (ар бир бала жеке ылдамдыгына карата ишке ашырат);<br>б) төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө алаканга жана тизелерге таянуу менен ишке ашат.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Таранчы жана мышык».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3-апта | Апрель |
| 63 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден ирети менен басуу жөндөмүн бекитүү; ийилген тепкич менен тырмышып чыгуу жана тактанын үстүндө басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Көнүгүүлөр музыка же шаңгырак менен коштолот.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эңкейиш (ийилген) тепкичке тырмышып чыгуу жыгачтарды туура кармоо;<br>б) жерде жаткан тактада басуу (башты жана белди түз кармоо керек).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Мишканыкына конокко баруу».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 4-апта | Апрель |
| 64 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден ирети менен басуу жөндөмүн бекитүү; топту эки колдоп ыргытуу, ийилген тепкич менен тырмышып чыгуу жана тактанын үстүндө басуу учурунда тең салмактуулукту сактоого көнүгүү<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо. Көнүгүүлөр музыка же шыңгырак менен коштолот.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эңкейиш (ийилген) тепкичке тырмышып чыгуу;<br>б) топту өйдө көздөй эки колдоп ыргытуу;<br>в) жерде жаткан тактада басуу (белди түз кармоо керек).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ким кантип кыйкырат?».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 4-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 65 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө айлана боюнча ишке ашат; туруктуу тең салмактуулукту сактоого көнүгүү жогорку таяныч боюнча басууда, тоскоолдуктардан секирүү учурунда<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо, айлана боюнча басуу жана чуркоо (оңго жана солго) тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) колду белде кармап, гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу (башты жана белди түз кармоо керек);<br>б) эки бут менен жиптерден секирүү (жиптердин аралыгы 35 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Аскерде кызмат өтөймүн».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 1-апта | Май |
| 66 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө айлана боюнча ишке ашат; туруктуу тең салмактуулукту сактоого көнүгүү жогорку таяныч боюнча басууда, тоскоолдуктардан секирүү учурунда<br>**I бөлүк.** Ирет боюнча бирден басуу жана чуркоо, айлана боюнча басуу жана чуркоо (оңго жана солго) тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу, колдор дененин эки жагында;<br>б) эки бут менен жиптердин ортосунан секирүү (жиптердин аралыгы 40 см).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Тыңчылар. Жөрмөлөп өт – тийип кетпесин».<br>**III бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу. | 1-апта | Май |
| 67 | **Милдеттер:**<br>Чачырап басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө; ордунан секирүүдө жарым бүгүлгөн тизе менен туруп калууга үйрөнүүнү улантуу; топту өйдө ыргытууга көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Басуу жана чачырап чуркоо (кезеги менен) тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Шыңгырактар менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**.**<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир орундан узундукка секирүү (аралык 35 см);<br>б) топту өйдөнү көздөй ыргытуу жана тосуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Чиркейди карма».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 2-апта | Май |
| 68 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоо жөндөмдөрүн бекемдөө чачырап; ордунан узундукка секирүүдө жарым бүгүлгөн тизе менен туруп калууга үйрөнүүнү улантуу; топту өйдө ыргытууга көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Басуу жана чачырап чуркоо (кезеги менен) тарбиячынын белгиси менен.<br>**II бөлүк.** 1. Шыңгырактар менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) бир орундан узундукка секирүү (жерге төшөлгөн жарыш жолчонун туурасы 40 см);<br>б) топту өйдөнү көздөй ыргытып, ыргыткан топту жерге чаптырып туруп, эки колдоп тосуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Айлан көчөк».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 2-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 69 | **Милдеттер:**<br>Көнүгүүлөрдү аткаруу менен бир бирден иретти бузбастан басуу жөндөмүн бекемдөө; топту өйдө ыргытууга көнүгүү; төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен «Бакалар» дегенде отуруп калуу, «Короздор» дегенде тизелерди өйдө көтөрүү менен басуу, «Кеттик, чуркадык!» деген буйругу берилгенде залда чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эки кол менен топту өйдөгө ыргытуу жана аны кайра колду төшкө тийгизбей тосуп алуу;<br>б) төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Аарылар».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3-апта | Май |
| 70 | **Милдеттер:**<br>Көнүгүүлөрдү аткаруу менен бир бирден иретти бузбастан басуу жөндөмүн бекемдөө; топту өйдө ыргытууга көнүгүү; төрт буттап тактанын үстүндө жөрмөлөө.<br>**I бөлүк.** Тартип боюнча бирден басуу, тарбиячынын белгиси менен «Бакалар» дегенде отуруп калуу, «Короздор» дегенде тизелерди өйдө көтөрүү менен басуу, «Кеттик, чуркадык!» деген буйругу берилгенде залда чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) эки кол менен топту өйдөгө ыргытуу жана аны кайра колду төшкө тийгизбей тосуп алуу;<br>б) төрт буттап гимнастика үчүн атайы жасалган отургучтун үстүнөн жөрмөлөө;<br>в) алкактан топту алып, баштын үстүнө көтөрүү, чыйралуу, түздөнүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Отургучтун жанында ат чабабыз».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3-апта | Май |
| 71 | **Милдеттер:**<br>Нерселерди секирип аттоо менен басуу жөндөмүн бекемдөө, чачырап чуркоо; гимнастикалык дубалга тырмышып чыгуу; тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Баладан бир кадам алыстыкта жайгашкан жиптерден (тоскоолдуктардан) аттап басуу; чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) гимнастикалык дубалчанын ар бир жыгачтары менен жөрмөлөп чыгуу;<br>б) жерге төшөлгөн тактада басуу.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Айлампа».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Май |
| 72 | **Милдеттер:**<br>Нерселерди секирип аттоо менен басуу жөндөмүн бекемдөө, чачырап чуркоо, гимнастикалык дубалга тырмышып чыгуу; тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**I бөлүк.** Баладан бир кадам алыстыкта жайгашкан жиптерден (тоскоолдуктардан) аттап басуу; чачырап чуркоо.<br>**II бөлүк.** 1. Жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдардын негизги түрү:<br>а) гимнастикалык дубалчанын ар бир жыгачтары менен жөрмөлөп чыгуу;<br>б) гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу, колдор дененин эки жагында<br>3. Шариктер менен ойноо «Ынак курбулар».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 4-апта | Май |

# 4-5 КУРАКТАГЫ БАЛДАР ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ САБАКТАР БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАР

## *«КЕП ӨСТҮРҮҮ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Бала бакча**<br>**Тема:** «Келгиле, таанышалы». У.Жумабаевдин «Бакчабызды сүйөбүз» ырын окуу<br>Балдар бала бакча жөнүндө аңгеме айтып берүү менен тыбыштарды айтуу көндүмдөрүн бекемдешет. Сын атоочторду зат атоочтор менен ээрчиштирүүдө тыбыштарга көңүл бурууга үйрөтүү. Топто белгилүү жүрүш-туруш эрежелерин үйрөнүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Тема:** Эмне үчүн тыкан болуу керек. Таракты кантип туура колдонуу керек<br>Т.Самудиновдун «Сүлгү», «Самын», «Тиш паста» ырларынан педагогдун таңдоосу боюнча жаттоо.<br>Грамматикалык жактан туура сүйлөөнү үйрөнүшөт.<br>Тарбиячынын жардамы менен ырды жатташат жана аны так окушат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Тема:** Менин үй-бүлөм». Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелер тууралуу туура түшүнүк берүү<br>И. Исаковдун «Ата-энемди сүйөмүн» ырын окуу.<br>Балдар ырды талдоо жүргүзүү жана аны талкуулоого үйрөнүшөт. Үй-бүлө боюнча сүрөттү карашат. Балдар үйдө кандай иштерди жасагандары тууралуу маектешишет.<br>Балдар мурун өздөрү билбеген адабий чыгармаларды айтып берүүгө үйрөнүшөт. ч–щ тыбыштарын так айтууга жана аларды бир бирлеринен айырмалоо көнүгүүлөрүн аткарышат.<br>«Үй сюжеттери» ролдук оюну. «Үй иштери» дидактикалык оюну.<br>Үй иштери боюнча коллаж жасашат. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Тема:** «Менин жакшы көргөн оюнчугум» аңгемесин түзүү<br>Жакшы көргөн оюнчуктарын сүрөттөп беришет.<br>Өздөрүнүн оюнчуктарын сүрөттөп айтып беришет. Сын атоочту зат атооч менен ээрчиштирүүгө жана жекелик жана көптүк санды туура колдонууга үйрөнүшөт. Сын сыпаттык сын атооч сөздөрүн үйрөнүшөт. «а» тыбышын туура айтуу үчүн «а-а-а» аттуу куурчактын ырын ырдашат. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** А. Осмоновдун «Күздө» ырын окуу<br>Оюн: «Ар кандай сөздөрдү эсте».<br>Балдар А. Осмоновдун «Күздө» ырын туура окууга үйрөнүшөт жана аны жатташат. Сүйлөөдө ар кандай сөздөрдү колдонуу керек экендиги тууралуу түшүнүк алышат. «Күз мезгили» сөзү үчүн ар кандай сын атоочторду тандоо жана сын атоочту зат атооч менен ээрчиштирүүгө үйрөнүшөт. Кийим-кечелердин аталыштарын жаттап, сөз байлыгын байытышат (күрмө, шапке, шарф, бут кийим, гөлөш). «у-у-у» аттуу шамалдын ырын жаттоо аркылуу сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт, алакандарын кыймылдатуу менен бирге тууранды сөздөрдү колдонушат жана тыбыштарды угуу жөндөмүн өнүктүрүшөт.<br>Оюн: «Кайсынысы ашык?» | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>**Тема:** Ж. Кудайбергенованын «Жашылчалардын ыры» ырынан үзүндү окуу<br>Балдар тематикалык ырларды окууга үйрөнүшөт. Сөз байлыгын байытышат, сүйлөм түзүү жана эмоцияларды берүүгө үйрөнүшөт. Сөздөрдү грамматикалык жактан туура колдонууга үйрөнүшөт. Сөз байлыгын кеңейтишет. «о-о-о» тыбыштарын айтуу аркылуу «о» тыбышын туура жана так айтууга үйрөнүшөт.<br>Бир нерсени кармалоо сезимдерин өнүктүрүшөт.<br>Оюн: «Бакчада-чарбакта», «Сыйкырдуу баштыкча». | 2-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Биз токойдо сейилдеп жүрөбүз»<br>Г. Кайзердин «Токой аралаганда» аңгемеси менен таанышуу.<br>Балдар «ийне жалбырактуулар жана кубулмө жалбырактуу бак-дарактардын» түшүнүктөрүн үйрөнүшөт жана бул сөздөрдү колдоно башташат.<br>Сын атоочторду зат атоочтор менен ээрчиштирүүдө сөздөрдү туура колдонууга үйрөнүшөт. Сөз байлыгын байытышат. Токойдогу үндөрдү окшоштуруп айтып, тобурчак, чырпык сыяктуу нерселерди алып, угуу жөндөмүн жакшыртышат. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>**Тема:** «Табияттын белектери» темасы боюнча балдар аңгеме түзүшөт<br>Балдар ар кандай сүрөттөөчү аңгемелерди (адамдардын бакча жана дачада эмгектениши) түзүүгө жана аларды кызыктуу айтып берүүгө үйрөнүшөт. «Сүйлөм» деген терминин менен таанышышат. Сүйлөө сүйлөмдөрдөн тургандыгы тууралуу билим алышат. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>**Тема:** «Мышык жана анын балдары» сүрөтү боюнча аңгеме түзүү<br>Балдар грамматикалык жактан туура сүйлөө жөндөмүн жакшыртышат жана үй жаныбарларын жана алардын балдарынын аталыштарын айтышат. Сүрөттөөчү сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөнүшөт. Үй жаныбарлары жөнүндөгү табышмактарды табышат. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** «Арстан менен коен» кыргыз эл жомогун окуу жана айтып берүү<br>Балдар жапайы жаныбарлары тууралуу маалымат алышат. Тарбиячынын суроолоруна толук жооп берүү жана сын атоочту зат атооч жана зат атоочту сан атооч менен ээрчиштирүүгө үйрөнүшөт. Бир нерсени туура жана мазмуну боюнча айтып берүүгө үйрөнүшөт.<br>Каармандын интонацияларын айтып берүү жана алардын сезимдерин баштан өткөрүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттулар**<br>**Тема:** Тоголок Молдонун «Күз» аңгемесин окуп айтып берүү<br>Балдар адабий чыгарманы окуп атйып берүү, канаттуулардын өзгөчөлүктөрүн эстеп калуу жана төмөнкү сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт: жүн, тумшук, канаттуулар. Сөз байлыгын кеңейтишет (этиш, сын атооч, тактооч).<br>Ар кандай материалдарды колдонуу аркылуу «канаттуулардай сүйлөшөт». | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>**Тема:** «Бишкек шаарындагы парктарга/айылга баруу»<br>Сүрөттөрдү карап чыгуу. Балдар өздөрүнүн шаары/айылы тууралуу сүрөттөрдү карашат жана шаары тууралуу айтып беришет: цирк, кинотеатр, парк, көчөлөр ж. б.<br>«Менин эс алуу күндөрүм» темасы боюнча 3–4 сүйлөмдөн турган аңгеме түзүшөт. Диалог түзүү жана монолог айтуу жөндөмүн өнүктүрүшөт. Сүрөт боюнча ырааттуулук менен кыска аңгеме айтып беришет. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** Манас деген ким болгон? «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү окуп берүү<br>Балдар Манас жана анын осуяттары тууралуу чакан аңгеме (3–4 сүйлөм) айтып беришет. «Манас» жана «эпос» сөздөрүн колдонуу менен сүйлөм түзүүгө үйрөнүшөт. Грамматикалык жактан туура сүйлөшөт.<br>Сөз байлыгын байытышат. | 1-апта | Декабрь |
| 14. | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Кыш мезгили жөнүндө маектешүү»<br>«Жыл мезгилдери» дидактикалык календарынан сүрөт тандап карап чыгуу.<br>Балдар тери, драп, жана жака деген сөздөрү менен таанышышат. Териден жана драптан жасалган деген сөздөрү менен сүйлөм түзүшөт. Байланыштырып сүйлөө, сөздүк колдонуу, сын атоочту зат атооч жана зат атоочту сан атооч менен ээрчиштирүүгө үйрөнүшөт.<br>«У-у-у» тыбыштарын айтуу менен бирге «у» тыбышын туура айтуу жөндөмүн бекемдешет. | 2-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>**Тема:** «Эгерде кыш болбосо…»<br>Балдар болуп өткөн нерселерди жана жеке тажрыйбаларын байланыштырып айтып берүүгө үйрөнүшөт. Сөздү грамматикалык жактан туура колдонууну улантышат. Достук мамиле түзүү, биргелешип иштөө, демилге көтөрүү, бирөөнү угуу жана сөз байлыкты кеңейтүүгө (сын атооч сөздөр) үйрөнүшөт. Сөздө жөндөө жана сөздүн көптүк санда колдонуу боюнча көнүгүүлөрдү жасашат, угуу жөндөмүн жакшыртышат, сөздөрдү жана сөз айкалыштарын туура колдонууга үйрөнүшөт. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы Жыл!**<br>**Тема:** «Балатыга конокко келдик!»<br>Т. Жайнаков «Аяз ата» ырынан үзүндү таңдап окуу жана жатто.<br>Балдар ырдын мазмунуна жараша интонацияны туура коюу жана аны жаттоого үйрөнүшөт. Ырды так сезим менен айтып берүүгө үйрөнүшөт. Сөздү эстеп калуу жөндөмүн жакшыртышат. Туура жана так сүйлөөгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** «Эгер көнсө сөзүмө» Ж. Садыковдун ыры менен таанышуу. «Кышкы оюндар» сүрөтү боюнча аңгеме түзүү<br>Балдар сүрөттү белгилүү бир ырааттуулук менен карап, сүрөттөп берүүгө үйрөнүшөт. Сүрөт боюнча аңгеме түзүшөт. Элестетүү, эстеп калуу жана ой жүгүртүү жөндөмдөрүн жакшыртышат. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** «Чоң апабыздыкына/таенебиздикене конокко барабыз» аңгемесин түзүү<br>Балдар этиш (баруу, сүзүү, учуу) жана зат атооч сөздөрүн (суу, аба, жер) жатташат. Унаалардын жана кесиптердин аталыштарын жаттап, сөз байлыкты байытышат. Өз алдынча сүйлөп айтып беришет. Сөздү грамматикалык жактан туура колдонуу көнүгүүлөрүн жасашат.<br>Сүйлөө мүчөсүн өнүктүрүшөт, учактын учушун окшоштуруп «у» тыбышын айтышат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Сүрөттөлүшү боюнча тап» оюну. Жашылча, жемиш жана өсүмдүктөр тууралуу табышмактарды табуу<br>Балдар заттын сүрөттөлүшү боюнча аларды табууга жана табышмактарды табууга үйрөнүшөт. Жашылча, жемиш жана өсүмдүктөр тууралуу билим алышат жана аларды бекемдешет. Сүйлөөдө этиштерди колдонушат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбардар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Айбанаттардын кыштоосу» орус эл жомогун окуп айтып берүү<br>Балдар жомокту өз алдынча ырааттуулук менен айтып берүүгө үйрөнүшөт. Айтып берүүдө төл жана бөтөн сөздү колдонууга үйрөнүшөт. «ж» – «ш» тыбыштарын туура айтууга үйрөнүшөт жана сүйлөө мүчөлөрүн жакшыртышат. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** «Тиричилик техникасынын дүйнөсүндө»<br>Балдар адам тарабынан үй тиричилигинде колдонулган электр жабдуулар жана алардын ар кандай түрлөрү менен таанышышат. Электр жабдууларынын түзүлүшү тууралуу түшүнүк алышат. Кандайдыр бир затты же нерсени сүрөттөө боюнча аңгеме түзүү жана аларды бир бирлери менен салыштырууга үрөнүүнү улантышат. «Чаң соргуч», «муздаткыч», «сын алгы» сөздөрүн колдонуп, ар кандай сүйлөмдөрдү түзүшөт. Сүйлөм жана анын түзүлүшү тууралуу билимдерин бекемдешет.<br>Үй тиричилик техникасына аяр мамиле кылуу жана аларды колдонууда коопсуздук эрежелерин сактоого үйрөнүшөт.<br>Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт (чаң соргучтун чыгаргын үнүн окшоштуруп ырдоо «щ-щ-щ»). | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:**. Идиш-аяктарды карап чыгуу жана бөлүштүрүү<br>Балдар жаңы сөздөрдү жасоого (мисалы, салат/салат салгыч, нан-нан салгыч, кофе – кофе куйгуч) жана зат атоочторго – п/ж мүчөсүн (мисалы, китеп – китепче, үй-үйчө ж.б.) улап, жаңы сөздөрдү жасоого үйрөнүшөт. Сүйлөөдө ар кандай сын сыпатты көрсөтүүчү сөздөрдү колдонушат. | 2-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **Кесиптер**<br>**Тема:** М. Ормонбековдун «Буудай нан болот» аңгемесин окуп талдоо<br>Балдар ата-энесинин жана башка залкар адамдардын кесиптери менен таанышышат. Эркектер жана айымдар бир кесипти бирдей жакшы жасай алгандары тууралуу түшүнүк алышат.<br>Ар кандай кесиптердин сүрөттүн көрүүнүн негизинде ата-энелеринин кесиптери жөнүндө талкуу өткөрүшөт. Сөз байлыгын кеңейтишет.<br>Ролдук оюн: «Кесипти тандайлы» | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** «Сагызгандын үйүндө». Канаттуулардын сүрөттөрүн кароо<br>Балдар байланыштырып сүйлөө, кандайдыр бир тема боюнча сөздөрдү колдонуу жана тыбыштарды угуу көндүмдөрүн өнүктүрүп жакшыртышат жана сын атоочторду колдонуу жана зат атоочторду сын атоочтор менен ээрчиштирүү жөндөмүн бекемдешет. Берилген сүрөттүн негизинде чакан аңгемелерди түзүүгө үйрөнүшөт. «с» жана «сь» тыбыштарын туура айтууну бекемдешет. Чаң соргуч («сь-сь-сь») менен суунун («с-с-с») үнүн окшоштуруп айтып, «с» жана «сь» тыбыштарын кайталашат.<br>Балдар сыртта сейилдеп жүргөндө канаттуулар/канаттууларга тамак-аш берүүгө кызыгышат. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** «Урматтуу айымдар, майрамыңыздар менен куттуктайбыз!»<br>Балдар 8-март майрамы тууралуу түшүнүгүн кеңейтишет. Айымдарды урматтоого үйрөнүшөт.<br>Чоң апалар, таенелер, эжелер/сиңдилер/карындаштар жөнүндө аңгеме түзүү жана грамматикалык жактан туура сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөнүшөт. Монолог айтуу жөндөмүн жакшыртышат.<br>Ж. Бузурманкуловдун «Менин апам» ырын карап чыксаңар болот. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Жаз келди». Жаз мезгили тууралуу сүрөттөрдү кароо<br>Балдар бир топтогу заттарды карап чыгуу жөндөмүн бекемдешет (кийим-кече, бет кийим, баш кийим). Жаз мезгилинде кийилүүчү кийимдердин аталыштарын туура жана алардын аба-ырайына туура келишин айтууга үйрөнүшөт. Жаңы сөздөрдү жасоо жана зат атоочторду сын атоочтор менен ээрчиштирип сүйлөө аркылуу сөз байлыгын кеңейтишет. Түшүнүү жана сөздөрдү колдонуу жөндөмүн жакшыртууну улантышат. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** «Суу падышачылыгына саякат»<br>Балдар деңиз жана анын жашоочулары тууралуу билим алышат. Суроолорго толук жооп берүү жөндөмүн үйрөтүшөт.<br>Төмөнкү сөздөрдү туура колдонууга үйрөнүшөт: ичинде, үстүндө, астында, арасында.<br>«Ш» тыбышын туура айтууга үйрөнүшөт.<br>Сөз байлыгын байытышат: деңиз жашоочулары, ташбака, деңиз кирпичечен, деңиз жылдызы, сегиз бут, краб, коралл, балыр ж. б. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Нооруз келди!»<br>Балдар табияттагы өзгөрүүлөр түшүнүк алышат, жаздын белгилерин жана Нооруз майрамы тууралуу билимдерин бекемдешет.<br>Тыбыштарды угуу жөндөмүн жакшыртышат. Сөздөгү «з» тыбышын аныктоого жана сүйлөмдөрдү жана сөздөрдү жасоого үйрөнүшөт. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** «Биз мыкты иштейли». Е. Пермяктын «Кол эмне үчүн керек?» чыгармасы менен таанышуу жана аны улантуу<br>Балдар адабий чыгарманы эмоционалдуу кабыл алуу, сүйлөө жөндөмүн жакшыртуу жана аңгемени айтып берүүгө үйрөнүшөт. Суроолорго толук жооп берүү, ой жүгүртүү жана элестетүүнү жакшыртууга үйрөнүшөт. «Ч» тыбышын туура айтуу жөндөмүн бекемдөө. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт.<br>Балдар бакчада, чарбакта иштөөнү каалашат (жерди даярдоо, уруктарды отургузуу, гүлдөрдүн тамырларын отургузуу). | 1-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 30 | **Космос**<br>**Тема:** «Космоско саякат»<br>Балдар чоң адамдардай аңгеме түзүүгө үйрөнүшөт. Космос тууралуу жөнөкөй түшүнүк алышат. Татаал сүйлөмдөрдү колдонууга үйрөнүшөт. Бир нерсени билүү жөндөмүн жакшыртышат.<br>Достордун ой-пикирлерине жана достук мамилелерге көңүл бурууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** А. Осмоновдун «Кара чыйырчык» деген ырын окуу<br>Тыбыштар: р – л тыбыштарын айырмалоо<br>Балдар канаттуулардын сүрөтүн карап, аңгеме түзүүгө үйрөнүшөт. Сүйлөмдөрдө сөздөрдү ээрчиштирүүгө үйрөнүшөт. Монолог айтуу жана так сүйлөө жөндөмүн жакшыртышат. Р – л тыбыштарын айырмалоо боюнча көнүгүүлөрдү аткарышат жана сөздөгү тыбышты угууга үйрөнүшөт. Сүйлөө мүчөлөрүн өнүктүрүшөт. Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы сөздөрдү жасоого үйрөнүшөт.<br>Сейилдөөдө балдар уяларды карашат жана алардын жүрүш-турушуна байкоо жүргүзүшөт. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Ит күчүктөрү менен» сүрөтүн кароо<br>Балдар жапайы жана үй жаныбарлары тууралуу кеңири маалымат алышат. Бир бирине окшош жапайы жана үй жаныбарларын табышат (карышкыр – ит, коен – бакма коен ж.б.) жана аларды бири биринен айырмалашат. Бир нерсени сүрөттөөчү сүйлөмдөрдү түзүшөт. Жаныбарлардын балдарынын аталыштарын үйрөнүшөт. Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: калың, жумшак. Аталган сөздөрдү колдонуу менен сүйлөмдөрдү түзүшөт. 3–4 сөздөн турган сүйлөмдөрдү түзүшөт. Адам менен жаныбардын дене түзүлүшүн салыштырышат.<br>«Бул кимдин тамагы» оюну. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** «Жеңиш күнү». Жеңиш күнү тууралуу сүрөттөрдү карашат. Тарбиячы майрам тууралуу айтып берет<br>Балдар армия тууралуу кеңири маалымат алышат (Улуу Ата Мекендик согушта аскерлер коркпостон сугушушкан жана Ата Мекенин коргошкон). Аңгеме боюнча берилген суроого толук жооп берүү жөндөмүн бекемдешет.<br>Сүйлөөдө макал-лакаптары жана жаңылмачтарды айтышат жана сөз байлыгын кеңейтишет: Ата Мекен; коргоо, сыймыктануу, согушуу; адилетүү, элдик, баатырдык согуш; жөө аскерлер, танкисттер, учкучтар; фашизм; генералдар, маршалдар, башчылар.<br>Балдар мекенчил сезимин сезишет, Ата Мекенин сүйүшөт, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери менен сыймыктанышат жана аларга кам көрүшөт.<br>«Майрамдык салют» ишин бирге жасашат. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** «Биздин тааныштарыбыз –курт-кумурскалар»<br>Балдар жапан аары, жөргөмүш жана ийнеликтин окошош жана окшош эмес белгилери менен таанышышат. Курт-кумурскалар жөнүндөгү табышмактарды табышат жана өздөрү табышмактарды ойлоп табышат. Сүйлөөдө жаңы сөздөрдү колдонушат. Сүрөттүн негизинде сүйлөм түзүүгө үйрөнүшөт. «Ж» жана «з» тыбыштарын туура айтуу жөндөмүн бекемдешет: «ж-ж-ж» (доңуздун ыры) жана «з-з-з» (чымындын ыры) деп ырдашат. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Тема:** «Алгачкы гүлдөр»<br>Балдар жаздын белгилери тууралуу билимдерин бекемдешет. Сөз байлыгын байытышат: «Алгачкы гүлдөр» (жаз, ала-телек жер, байчечекей, гүл, ачыла элек гүл, сабак, жалбырак, мимоза; алгачкы, биринчи, аппак, ак, сары). Грамматикалык жактан туура сүйлөө жөндөмүн жакшыртышат (сан аттоочту зат атооч менен ээрчиштирүү).<br>Сөздөрдө р – л тыбыштарын айырмалоо боюнча көнүгүүлөрүн жасашат; сөздө тыбышты угуу, анын ордун табуу жана берилен тыбыш боюнча сөз айтууга үйрөнүү<br>Оюн: «Жыты менен гүлдү ата». | 3-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** «Достук жакшы нерсе!» «Түлкү менен турна» орус эл жомогун угуу жана аны айтып берүү<br>Балдар жомок угуу жана адабий чыгарманы айтып берүүгө үйрөнүшөт. Диалог түзүү жана логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 4-апта | Май |

## *«АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ МЕНЕН ТААНЫШУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Таанышуу. Бала бакча**<br>**Тема:** «Келгиле таанышалы»<br>Балдар бала бакча кызматкерлери тууралуу кошумча маалымат алышат. Бала бакчанын бөлмөлөрү менен таанышышат: уктоочу бөлмө, тамак ичүүчү бөлмө, ашкана, кир жуучу бөлмө ж.б. Ар бир бөлмөнү айырмалоо жана аларды колдонуу кызматын үйрөнүшөт, ар бир бөлмөдө кандай иштер жасала тургандыгын билишет, ар бир мөлмөдөгү жабдуулар жана алардын аталыштары менен таанышышат. Ошондой эле жабдууларды колдонуу максаты жана алар эмнеден жасалгандыгы тууралуу маалымат алышат. Кайсыл жерде? Кимде? Ким? Эмне кылып жатат деген суроолорго туура жооп берүүгө үйрөнүшөт.<br>Сылык мамиле жасоого үйрөнүшөт: чоң кишилердин атын жана атасынын атын айтып кайрылуу, «Сиз» деп кайрылуу, саламдашуу, коштошуу, сылык түрдө бири бири менен сүйлөшүү. Күнүмдүк жашоодо «сылык» сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт. Балдар жана чоң кишилер менен маектешүү жөндөмүн жакшыртышат. Ар кандай сүрөт тартуу ыкмаларын жана аппликацияларды колдонуу аркылуу «Биздин жакшы көргөн бала бакчабыз» коллажын жасашат. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Тема:** Т. Самудиновдун «Сүлгү», «Самын», «Тиш паста» ырларынан педагогдун тандоосу боюнча жаттоо<br>Балдар маданий жана гигиеналык көндүмдөрүн үйрөнүүнү улантышат: колду, бетти туура жуу, чачты тароо жана тишти туура жууга үйрөнүшөт. Денени таза кармоо керектигин үйрөнүшөт. Балдар өз алдынча денени таза кармоо, жеке ден соолукка кам көрүүгө үйрөнүшөт.<br>Сюжеттик жана ролдук оюн: «Биз кичинекей балдарга кам көрөбүз». | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Тема:** Менин ысмым эмне үчүн ушундай?<br>Балдар өздөрүнүн аттарынын маанисине кызыгышат. Балдардын жана кыздардын аттарынын маанилерин жана алардын ата-энелери аларга ушундай ат бергенин түшүнө башташат. Балдар жана кыздардын мүнөздөрүн айырмалай башташат. Өзүңдүн атыңды тарт. «Биз ушунчабыз!» иши. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Тема:** «Биз ойноп жатабыз»<br>Б. Асаналиевдин «Селкинчек» китебинен «Көз айнек» аңгемесин окуу, балдар ар кандай оюндар жана оюн ойноого кызыгышат. Топто оюнчуктар менен таанышышат жана эл оюнчуктары тууралуу түшүнүк алышат: кийизден, жыгачтан жасалган оюнчуктар.<br>Балдар урушпастан ойноо жана оюнчуктар менен бөлүшүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Күз мезгили, конокко келиңиз»<br>Балдар күзгү кийим-кечелерди элестетүү жөндөмүн үйрөнүшөт. Кийим-кечелер үчүн зарыл болгон материалдарды көрүп, кармалоо аркылуу айырмалоого үйрөнүшөт. Материалды жана аны колдонуу максатын байланыштырууга үйрөнүшөт. Күзгү кийим жана бут кийимдер тууралуу билимдерин бекемдешет. Кийим-кечелердин жана бут кийимдердин аталыштарын жатташат. Кийим-кечелердин аталыштарын тактап, аларды айырмалашат. Сезондук кийимдердин айырмаланышын үйрөнүшөт. Өздөрүнүн ден соолугуна кам көрүүгө жана жыл мезгилине жараша кийим-кече тандоого үйрөнүшөт.<br>Оюн: «Кармалап дал ушундай материал тап». Бул оюн бир бирине окшош материалдарды табуу көндүмдөрүн жакшыртууга багытталган. | 1-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>**Тема:** «Бакчада»<br>Балдар «жемиштер» жана «жашылчалар» түшүнүктөрүн жалпылоо, алардын аталыштарын, аларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү жана өсүмдүктөрдүн уруктарын үйрөнүшөт. Жемиштер (алма, алмурут, апельсин, лимон) жана жашылчалар (сабиз, бадыраң, помидор, пияз, капуста, картөшкө) тууралуу билимдерин кеңейтишет.<br>Ар кандай жемиштер, жашылчалар жана уруктардан жер жемиштерди жасоо аркылуу майда моториканы жакшырышат. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Күзгү гербарий»<br>Т. Козубековадун «Айгүлдүн сүроосу» деген ыр менен таанышышат.<br>Балдар өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр тууралуу түшүнүк алышат. Бак-дарактардагы же бадалдардагы курт-кумурскалардын жашоосу тууралуу түшүнүк алышат. Өсүмдүктөрдүн негизги бөлүктөрү тууралуу түшүнүк алышат. Бак-дарактар, алардын кооздугу жана пайдасы, табияттагы сезондук өзгөрүүлөр жана алардын өсүмдүктөргө тийгизген таасири тууралуу билимдерин бекемдешет.<br>Өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөөгө кызыгышат жана табиятты коргоого үйрөнүшөт.<br>Күзгү жалбырактардан коллаж жасашат. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>**Тема:** «Күзгү иштер жыл бою адамды багат». «Нан бышыр» кыргыз фольклорунун чыгармысын окуу. «Нан каяктан келип чыгат» темасы боюнча балдар менен маек куруу<br>Балдар чоң адамдардын кылган ишине жана алардын жасаган иштерине аяр мамиле жасоого кызыгышат. Балдар буудайды себүүдөн баштап нандын жасалышына чейин түшүнүк алышат. Буудайды өстүрүүгө канча адам катышкандыгы тууралуу маалымат алышат. Сөз байлыгын кеңейтишет: наабайчы, дыйканчы.<br>Балдар ашпозчу алып келген жаңы жабылган нандын даамын татып көрүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>**Тема:** «Биздин короодо»<br>Э. Ибраевдин «Төө», «Топоз», Т. Үмөталиевдин «Торпогум», элдик «Биздин кой» ырлары аркылуу үй жаныбарлар жөнүндө маек куруу.<br>Балдар үй жаныбарлары тууралуу билимин кеңейтишет. Үй жаныбарлары жана алардын балдары (төө, кой, топоз) менен таанышышат, алардын адамга тийгизген пайдасы тууралуу билимдерин бекемдешет. Табиятта бардык жандыктар бири бири менен байланышта экендигин түшүнүшөт. Балдар үй жаныбарларга кызыгышат.<br>Оюн: «Жаныбардын баласын тап». | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** «Маймылдыкында».<br>Балдар ар кандай жаныбарлардын өзгөчөлүктөрү, аларга тамак, суу, аба жана жылуулук керек экендиги тууралуу түшүнүк алышат. Жаныбарлар дүйнөсүнүн түрдүүлүгү жана алардын жашоо жери тууралуу маалымат алышат. Тропика өлкөлөрүндө жашаган жаныбарлар менен танышышат (жираф, пил, бегемот ж. б.).<br>Окшоштуруу оюну: «Маймылдар». | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Тема:** канаттуулар каякка учуп кетишет? А. Кыдыровдун «Чабалекей» деген ырын окуу<br>Балдар табияттагы ар кандай өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүнү улантышат. Канаттуулардын жана курт-кумурскалардын санына көңүл бурууга үйрөнүшөт, канаттуулардын жарымы жылуу жерлерге учуп кетерин түшүнө башташат. Кышында канаттууларга жардам берүүгө үйрөнүшөт. Айтылып жаткан нерсени жеке байкоо менен байланыштырууга үйрөнүшөт.<br>6-8 бөлүктөн турган канаттуулардын сүрөтүн жасашат. («Сүрөттү чогулт», «Пазлдар»). | 3-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>**Тема:** «Менин шаарым». Биз жашаган шаар/айыл тууралуу сүрөттөрдү карап чыгуу<br>А. Бартонун «Желек» ырын окуу.<br>Балдар төмөнкү түшүнүктөрдү алууну улантышат: «көчө, шаар/айыл». Шаарда/айылда жайгашкан атактуу, сонун жерлери менен таанышууну улантышат. Кыргызстандын символикасы менен таанышышат (герб, желек, гимн).<br>Мекенчилдик жана Ата Мекенди сүйүү сезимин үйрөнүшөт.<br>Балдар шаарда/айылда/районда сейилдешет жана ал жерде жайгашкан ар кандай белгилүү жерлерди аныкташат. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** «Манастын осуяттары. Манас жөнүндөгү сүрөттөрдү кароо, «Манас» эпосунан үзүндүнү окуу<br>Балдар «Манас» эпосунун үзүндүлөрү жана анын башкы каармандары менен таанышышат. Эпостун мазмуну менен таанышышат: Манастын төрөлүшү жана анын балалыгы. Достук, Ата Мекен жана эл жөнүндөгү макал-лакаптарды жатташат. Адабий чыгармалар жана эл жомокторунун каармандарынын сапаттарын талкуулашат.<br>Оюн: «Көлөкөлөрдүн театры» - көлөкөлөр менен ойношот жана каармандардын образдарын жаратышат. | 1-апта | Декабрь |
| 14. | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Кышында көчөдө сейилдөө». А. Пушкиндин «Кышкы кеч» ырын окуу<br>Балдар табияттагы жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө, аба ырайына жана адамдардын кийим-кечесине байкоо жүргүзүүнү улантышат. Кышкы кубулуштарды атоого үйрөнүшөт (кар, туман, муз, кардын жаашы, бубак). Адамдардын кышкы кийимдери, тайгалакта жана кар жааганда коопсуздук жүрүш-туруш эрежелерин үйрөнүшөт. Өз алдынча кышкы кубулуштарга байкоо жүргүзүү жана суроо берүүгө үйрөнүшөт.<br>Оюн–эксперимент «Муз»: Ар кандай формаларда боелгон сууну тоңдурушат жана тоңдурулган муз менен аларга курган имаратты коздошот. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>**Тема:** «Балаты үчүн жаңы жылдык оюнчуктар». Жаңы жыл жана балатынын оюнчуктары тууралуу сүрөттөрдү карап чыгуу<br>Балдар З. Александрованын «Балаты» аттуу ырын жатташат. Жаңы жылдык оюнчуктар жана белектер тууралуу маалымат алышат.<br>Оюн-эксперимент «Муздан жасалган заттар»: сууга таштан, шуурудан, жалбырактардан жасалган сүрөттөрдү тоңдурушат жана аларды карашат. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>**Тема:** «Жакында, жакында Жаңы жыл кирип келет!»<br>Балдар Т. Тыныбековдун «Көрөлү аяз атаны» деген ырын. Жаңы Жыл майрамы, анын каармандары (Аяз ата, тамаша, ыр) жана майрамга даярдык тууралуу түшүнүк алышат.<br>Түстүү айнектер менен оюн: «Дүйнөнү өзгөрт». | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** «Аяз киши менен ойнойбуз»<br>Балдар кышкы оюндар менен таанышышат. Балдар кышкы табиятка жана жөнөкөй өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт (кыш мезгили эң суук мезгил, кар жаап жатат, ал суук, кар менен ойносо болот, кардан аяз киши жана ар кандай курулуштарды жасаса болот). Сүйлөөдө төмөнкү сөздөрдү колдонушат: аяз киши, тоголок ж. б.<br>Оюн-эксперимент: «Кышкы фигуралар»: кардан, аяз кишини/айымды, кызды жана коёндорду жасашат.<br>Оюн: «Кышкы падышалык». | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** «Саякаттайбыз»<br>Балдар ар кандай коомдук жана жеке унаалар, жүк ташуучу жана жеңил унаалар, жүк ташуу үчүн унаалардын кузову, алардын максаты жана жүктөр (өзү төкмө, сүт ташыгыч, фургон, почта, өрт өчүргүч жана тез жардам көрсөтүүчү унаалар) менен таанышышат. | 2-апта | Январь |

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 18 | Балдарга жергиликтүү шарттарды көңүлгө алуу менен бирге унааларды атоого үйрөтүү (автобус, трамвай, жүк ташуучу унаа, жеңил унаа, өрт араба, учак, кеме). Унаанын ар кандай бөлүктөрүн атоого үйрөнүшөт (кабина, руль, кузов, дөңгөлөк). Унаанын түрлөрүн жана жолдорду атоого үйрөнүшөт (жол жана тротуар).<br>Унаанын чоңдугу боюнча аларды бир сызыкка тизүү. Оюн: «Сыйкырдуу белгилер». | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Бак-дарактар эмнени айтышат»<br>Балдар айлана-чөйрө жана кышында болуучу өзгөрүүлөр тууралуу маалымат алышат. Кыштын белгилери тууралуу маалымат алышат. Балдардын кышкы жашылчалар (ит мурун, өрүк, жүзүм), жемиштер (хурма, мандарин, киви), аларды колдонуунун пайдасы тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү.<br>Оюн: «Даамын татып көр». Даамын татуу: таттуу – кычкыл. Ит мурундан чай даярдоо жана аны ичүү. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Умканын үйүндө»<br>В. Сутеевдин «Мыео деген ким?» аңгемеси менен таанышуу.<br>Жапайы жана үй жаныбарлар, үй жаныбарларын үйдө багуу жана жапайы жаныбарлардын жашоосу тууралуу билимдерин кеңейтүү. Түндүктө жашоочу жаныбарлар тууралуу түшүнүк берүү: ак аюу, бугу, мөөр. Жаныбарлардын жашаган жери, жеген тамагы, чыгарган үндөрү тууралуу маалымат берүү.<br>Оюн: «Ким өттү?». Жаныбарлардын издери боюнча аларды белгилөө. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** «Биздин үйдөгү жардамчыларыбыз»<br>Балдарга адамдын жашоосун жеңилдетүүчү үй тиричилик техникасы тууралуу маалымат берүү. Үй тиричилик техникасы менен тааныштыруу: чаң соргуч, микротолкундук печка, үтүг ж.б. Үй эмереги тууралуу маалымат берүү. Үй тиричилик техникасын колдонууда коопсуздук эрежелерин сактоого балдарды үйрөтүү.<br>«Фиксики» мульфильмин көрүү.<br>Оюн-эксперимент: «Жеңил-оор».<br>Ролдук оюн: «Баарын өзүбүз оңдойбуз». | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:** Федора апанын үйүндө<br>Идиш-аяктар тууралуу маалыматты бекемдөө жана «Идиш-аяктар» түшүнүгүн жалпылоо. Идиш-аяктарды (чай, кашыктар, чынылар ж.б.) жана эмеректерди (уктоочу бөлмө, ашкана) айырмалоого үйрөтүү. Идиштерди жана эмеректерди тигил же бул белгилери жана колдонуу максаты боюнча салыштыруу жана бөлүүгө үйрөтүү.<br>Оюн: «Биз конок күтүп жатабыз».<br>Оюн-эксперимент: «Даамын татып көр» (таттуу, кычкыл, туздуу, ачуу). | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>**Тема:** «Бизге ким жаңы костюм тигип берет?»<br>Кесиптер тууралуу маалымат берүү. Тигүүчүнүн кесиби менен тааныштыруу. Адамдын эмгегин сыйлоого үйрөтүү. Кийим-кечеге жана сырткы келбетке аяр мамиле кылууга үйрөтүү, тыкан болууга кызыктыруу.<br>**Тема:** «Мен көп нерсени кылганды билем».<br>Максат: кесиптер тууралуу түшүнүк берүү жана кичинекей балдарга кам көрүүгө балдарды кызыктыруу (тамак-аш берүү, ойнотуу, ырдоо, кийинүүдө жардам берүү). Сабырдуу болууга үйрөнүү.<br>**Мазмуну:**<br>1. Мөл булактан «Ата энемди сүйөмүн» деген ырын окуу.<br>2. Маектешүү, баланын жүрүш-турушун баалоо.<br>3. Конкурс «Биз – эң мыкты жардамчыбыз». («Ким эң мыкты деңгээлде нанды мактайт?», «Эң мыкты оюнчук – оюн», «Эң мыкты бешик ыры», «Кийинүүдө жардам беребиз»). Кенже топто акцияга даярдык. | 3-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** «Сактагыла куштарды» Т. Үмөталиевдин ырын окуп талдоо<br>Канаттуулардын ар түрдүүлүгү менен танышууну улантышат. Кыштоочу жана жылуу жерге учуп кетүүчү канаттуулар менен таанышышат. Кыштоочу канаттууларды үндөрүнүн жана сырткы келбети боюнча айырмалоого үйрөтүү: канаттуулардын калтырган издерине байкоо жүргүзүү. Уяларды илүү аркылуу канаттууларга жардам берүү керектиги тууралуу айтуу. Кыргызстандын сейрек кездешүүчү канаттулары менен балдарды тааныштыруу. Канаттууларга тамак берүү максатында балдар үчүн шарттарды түзүп берүү. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** «Айымдарды куттуктайбыз»<br>Балдарды майрам менен таанышууну улантуу. Балдардын 8-март майрамы тууралуу түшүнүк берүүнү улантуу. Апалар, чоң апалар, таенелер жана кыздарга сый-урмат көрсөтүүгө үйрөтүү. Ырларды так жана эмоция менен айтып берүүгө үйрөтүү.<br>«Кожойке» долбооруна апаларды чакыруу. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Жазгы сейилдөө». Ж. Абдылдаевдин «Жаз» ырын окуу<br>Жазга мүнөздүү белгилерди айтууга үйрөтүү: күндүн температурасы менен суунун абалы менен байланыш түзүү; табияттын коздугун байкоо. Үйөр, тамчы, кардын ээриши жана анын сапаттары тууралуу түшүнүк берүү (күн жылыганда кар эрийт). Табияттын сезондук өзгөрүүлөрү жана жазгы кийимдер тууралуу билимдерин бекемдөө.<br>Оюн-эксперимент: «Туткундан бошотуу»: сыйкырчы тарабынан тоңдурулган кичинекей оюнчуктарды эритүү. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** «Нептундукунда»<br>Балыктар жөнүндөгү түшүнүктөрдү кеңейтүү. Жаныбарлар дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн жана айлана-чөйрө менен өз ара мамилелерин көрсөтүү. Балыктын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүк берет: бакалоорлор, канаттар, куйруктар. Кыргызстандын көлдөрү жана дарыяларынын жашоочулары менен тааныштыруу.<br>Оюн-эксперимент «Чөктү, чөккөн жок». | 1-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Ноорузга чакырабыз»<br>Себеп-натыйжа байланыштарын жана кубулуш менен окуялардын ортосундагы көз карандылыкты түшүнүү көндүмүн түшүнүүгө үйрөтүү. Жазгы табиятка жана эң жөнөкөй өзгөрүүлөрдү байкоо: күн жылыйт, кар эрийт, күн жакшы тиет, чөп өсөт, бак-дарактагы жалбырактар, бак-дарактар бүчүрлөнөт. Өлкөбүздө Нооруз майрамын майрамдоо тууралуу айтып берүү. Нооруз майрамына мүнөздүү каада-салттар тууралуу айтып берүү. Балдарды улуттук кийимдер жана зер буюмдар кандай жолдор менен жасаларын тааныштыруу. Балдарды Нооруз майрамында жасала турган тамак-аштар менен тааныштыруу.<br>«Бешик той» жана «Сүнөт той» кыргыз каада-салттарын көрсөтүү. | 1-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** «Бакчада иштейли». К. Ушинскийдин «Таңкы нур» деген аңгемесин окуу<br>Жазгы табиятка байкоо жүргүзүү, өзгөрүүлөрдү белгилөө: жазгы иштер башталды: жер саюу, гүлдөрдүн жашылчалардын уруктарын отургузуу, жемиш дарактарын отургузуу, малды жайытка чыгаруу.<br>Тыбыштар менен ойноо: «Тапсаң. Ким үн чыгарып жатат?»: көздү жумуп ар кандай үндөрдү табуу (кумду себүү, сууну куюу, кагазды бырыштыруу, фольганын үнү ж. б.). | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>**Тема:** «Биз жаш космонавтпыз»<br>Балдарга космос тууралуу кеңири маалымат берүү. Планеталардын аталыштары менен тааныштыруу. Ю. Гагариндин биринчи жолу космоско учушу жөнүндө балдарга айтып берүү. Балдардын төмөнкү тема боюнча сөз байлыгын кеңейтүү: космос. | 2-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 30 | Күзгү менен оюн: «Дубалдын боорундагы шоола». Дубалдын боорундагы шоола чагылдыруу үчүн ар кандай заттарды колдонуп, эксперимент жасоо.<br>Сюжеттик жана ролдук оюн: «Биз – космонавтпыз». | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** «Чыйырчык эмне жөнүндө ырдап жатат»<br>Табияттагы эң жөнөкөй нерселерди байкоого жана канаттуулардын жүрүш-турушун байкоого үйрөтүү. Кышкысын жылуу жерлерге учуучу канаттуулар тууралуу маалымат берүү. Канаттуулар тууралуу түшүнүк берүү.<br>Өз алдынча табияттын кубулуштарына байкоо жүргүзүү, себеп-натыйжа байланыштарды чагылдыруучу суроолорду берүүгө үйрөтүү. Айлана-чөйрөгө кызыктыруу.<br>Көңүл бурдуруучу оюн: «Учат, учпайт». | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Бизде козу туулду»<br>Балдар жашаган жердеги жапайы жаныбарлар тууралуу маалымат берүү жана аларды бекемдөө. Жапайы жаныбарлар жазында төлдөй тургандыгы тууралуу айтып берүү. Жаныбарлардын балдарынын аталыштарын үйрөтүү. Жаңы нерселерди кызыктыруу жана үйрөнүүгө шыктандыруу.<br>Оюн: «Жаныбарлардын балдарын тап жана алардын аталыштарын айт». | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** «Жеңиш күнү»<br>Балдарды 9-май – Жеңиш Күнү менен тааныштыруу. Балдарда мекенчил сезимдерин калыптандыруу. Балдарды Ата Мекенибиздин коргоочулары, армиянын функциялары жана аскердик кесиптери менен тааныштыруу. Балдарда Улуу Ата Мекендик согушунун ардагерлери менен сыймыктануу, аларды жана Ата Мекенди урматтоо сезимдерин калыптандыруу.<br>Төмөнкү сөздөрдү колдонуу: Ата Мекен, баатыр, ардагер, аскер, армия, коргоочу.<br>Биргелешип иштөө: «Биз тынчтыкты жакшы көрөбүз!» | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** «Жөргөмүш менен саякаттоо». И. Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» тамсили менен таанышуу<br>Кээ бир курт-кумурскалар жөнүндө түшүнүк берүү (көпөлөк, курт, айлан көчөк, кумурска, ийнелик).<br>Курт-кумурскаларга тамак-аш, суу, аба жана жылуулук керек экендиги жөнүндө айтып берүү.<br>Ар кандай курт-кумурскаларга мүнөздүү өзгөчөлүктөр жана алардын секирүү, учуу, сүрүнүү, чуркоо жолдору тууралуу айтып берүү. Табият жана адамдар үчүн курт-кумурскалардын керек экендиги жөнүндө айтып берүү.<br>«Баарын көрөбүз, баарын билебиз» оюну: чоңойтуп көрсөтүүчү айнек аркылуу курт-кумурскаларды кароо. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Тема:** «Жазгы гүлдөр». М. Жангазиевдин «Байчечекей» ырын окуу<br>Балдарга талаада, бакчада жана шалбаада өсүүчү гүлдөр, алардын түзүлүшү, пайдасы, өсүү шарттары тууралуу кеңири түшүнүк берүү. Көңүл коюу жана гүлдөрдөгү өзгөрүүлөрдүн себептерин белгилөө жөндөмүн жакшыртуу. Өсүмдүктөр жана гүлдөрдүн кооздугуна кызыктыруу.<br>Оюн-эксперимент: «Гүлдү жыты боюнча ата». | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** Топтогу улан кыздардын мамилелери<br>Балдар менен кыздардын ортосунда достук жана өз ара мамиле түзүү. «Урушалыбы же урушпайлыбы?», «Кантип жардам суроо керек?», «Кантип оюнчук жана момпосуй суроо керек?» темасы боюнча маектешүү.<br>Оюн: «Оюнчук сура». | 4-апта | Май |

## *«ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>**Тема: Чоңдуктарды жана геометриялык фигураларды салыштыруу жөндөмүн жакшыртуу**<br>Балдар эки башка заттын чоңдуктарын салыштыруу жөндөмүн жакшыртышат (аянтчадагы эки козу карынды: биринчи козу карын экинчи козу карындан бийик; биринчи козу карын экинчи козу карындан кичинекей); аянтчада узун жана кыска скамейкаларды, бийик жана жапыз муз тепкичтерди табуу көнүгүүлөрүн жасоо; геометриялык фигуралар жөнүндөгү билимди бекемдөө (заттардын арасынан тоголок, төрт бурчтук жана үч бурчтуктарга окшош фигураларды табуу).<br>Өнүктүрүүчү оюн: «Түстөр жана формалар». | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Тема: Заттардын санын салыштыруу жөндөмүн жакшыртуу**<br>Балдар санды салыштыруу жөндөмүн жакшыртышат (бирөө – көп, мисалы, ширеңке, кичинкей ширеңкелер); бир нерсени/затты жана көп нерсени/затты белгилөө; эки топтогу нерселерди салыштырышат, аларды теңдешет (тиш жуугуч менен тиш пастасынын сандарын теңдешет).<br>Ширеңкелер менен ар кандай нерселерди жана фигураларды жасашат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Тема:** Оң, сол, алдыда, артта сыяктуу сөздөрдү колдонууну бекемдешет<br>Балдар нерселердин турушун белгилөөнү үйрөнүүнү улантышат (үй-бүлө мүчөлөрүнүн сүрөттө турушу): астыда, артта, оңдо жана солдо. Кагаздын ар кайсы жагына жазууну жана тартууну үйрөнүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Тема: 1 саны менен таанышуу**<br>Балдар 1 саны менен таанышышат; калган сандардын арасынан 1 санын табышат, чоңдукту, оюнчуктардын окшоштуктарын табууга жана аларды дал ушул белгилер боюнча бириктирүүгө үйрөнүшөт; оюнчуктарды чоңдуктары боюнча салыштыруу жөндөмүн жакшыртышат (чоң, кичинекей, эң кичинекей) жана ушул сөздөрдү сүйлөөдө колдонушат. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема: Эки топтогу заттарды саны боюнча салыштыруу**<br>Балдар эки топтогу заттарды бир биринин астына же үстүнө коюп салыштырууга үйрөнүшөт (көптөгөн майда жана чоң таштар); таш жетпей турган топко таш кошуу жана жыйынтыкты айтууга үйрөнүшөт: ушунча, канча, бирдей, аз, көп; оң жана сол жакты атоого үйрөнүшөт (сол, оң кол, бут, ийин ж.б.).<br>«Модельерлер» оюну: бычылган кийимдерди геометриялык фигуралар менен «боешот» (кыздар үчүн пальто, балдар үчүн күрмө). | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>**Тема: Сан атооч – 1. Заттардын санын белгилөө**<br>Балдар 1 саны тууралуу билимдерин бекемдешет: заттардын санын атоого үйрөнүшөт; биринчи топтогу бирдей сандан турган заттардын астына же үстүнө экинчи топтогу сандарды коюп, алардын санын салыштыруу (биринчи текчеде 1 алма, экинчи текчеде 1 өрүк).<br>«Төрт бурчтук» оюну. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** 2 саны менен таанышуу. «Алыс» жана «жакын» түшүнүктөрү менен таанышуу<br>Балдар 2 менен таанышышат; заттарды санаганды үйрөнүшөт (ак кайын, ромашка ж.б.); үч бурчтукту геометриялык фигуралардын арасынан табууга үйрөнүшөт.<br>«Алыс» жана «жакын» түшүнүктөрү менен таанышышат.<br>«Түстөр жана формалар» оюну. | 3-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 8 | **Күз иштери**<br>**Тема:** «Кече күнү», «бүгүн» жана «эртең» түшүнүктөрү менен таанышуу<br>Балдар санаганды үйрөнүшөт (картөшкө жана сабиз), «Мындай болбойт» оюну, кагаздан табышат: кайсыл түшүмдү кандай чогултуу керек? «Кечээ күнү», «бүгүн» жана «эртең» түшүнүктөрү менен таанышуу. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>**Тема:** Сан атооч – 2<br>Балдар «2» тууралуу билимдерин бекемдешет: заттардын санын атоого үйрөнүшөт; санды заттын саны менен салыштырууга үйрөнүшөт (музоо жана козу).<br>Заттын узундугун салыштыруунун негизинде уйлар үчүн кашаа менен лотоктордун узундугун белгилөө (узун-кыска, узунураак-кыскараак). | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** «3» менен таанышуу<br>Балдар 3» менен таанышышат; сандардын арасынан 3тү табышат; 1, 2 жана 3тү башка заттардын саны менен салыштырууну улантышат (коендор, түлкүлөр жана карышкырлар).<br>Балдар адамдын дене түзүлүшүнүн аталыштарын атоого жана көрсөтүүгө үйрөнүшөт (баш тоголок, көздөр сүйрү, каректер тоголок, кулактар сүйрү). | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Тема:** 1ден 3кө чейин саноого үйрөнүү. Заттарды бийиктиги боюнча салыштыруу<br>Балдар 1ден 3кө чейин саноого үйрөнүшөт жана сан атоочторду ырааттуулук менен санашат; санды заттын саны менен салыштырууну улантышат (өрдөктөр, каздар жана тооктор); заттарды белгилери боюнча бириктиришет; салыштыруунун негизинде заттарды бийиктик боюнча белгилешет (бийик, жапыз, бийигирээк, жапызыраак).<br>Бир нерсени кармалап саноого үйрөнүшөт. Саноодо «Сыйкырдуу мүшөктү» жана башка каражаттарды (тобурчак, таш, дайнектер) колдонушат. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>**Тема:** Карап заттын кең болушун аныктоо<br>Балдар заттын санын белгилеп салыштырышат (мектеп, бала бакча, дүкөн); топтогу заттардын тең жана тең эмес болушун салыштырышат (карандаштар жана таякчалар); карап заттардын кең болушун аныктоого үйрөнүшөт (менин көчөм жана тротуар) (кең, таар, кеңирээк, таарыраак). | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** «Тоголок/шар» жана «куб» геометриялык фигуралары менен таанышуу<br>Күндүн бөлүктөрү тууралуу кошумча маалымат берүү.<br>Балдар «тоголок/шар» жана «куб» геометриялык фигуралары менен таанышышат жана аларды башка фигуралардын арасынан табышат; шар мене куб ар кандай өлчөмдө боло турганды тууралуу түшүнүк алышат; эки топтогу заттарды салыштырууга үйрөнүшөт (мисалы, аскерлер жана аттар).<br>Күндүн бөлүктөрү тууралуу кошумча маалымат алышат.<br>Чоң фигураларды кармап, оюндарды ойношот (шарик алаканыбызда тоголонот, ал эми куб болсо, тоголонбойт). | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар**<br>**Тема:** Заттардын жайгашышын же турушун белгилөө<br>Балдар эки топтогу заттардын тең же тең болбошун аныктоого үйрөнүүнү улантышат (муздар жана таштар), бир биринен алыс турган заттардын тең же тең эмес болушун аныктоого үйрөнүшөт; заттардын жайгашышын же турушун белгилөөгө үйрөнүшөт (сол жакта, оң жакта, алдыда же астыда).<br>Кардын формасын карашат. Жалпы мыйзам ченемдүүлүктү табышат. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>**Тема:** «3» тууралуу билимди бекемдешет. «Сүйрү» геометриялык фигурасы менен таанышуу<br>Балдар «3» сан атоочу тууралуу билимин бекемдешет; топтогу заттардын тең же тең эмес болушун аныктоого үйрөнүшөт (тегерек табактагы таттуулар жана төрт бурчтук табактагы таттуулар); | 3-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15 | «чоң», «кичинекейрээк» жана «эң кичинекей» сөздөрүн колдонуу менен бирге заттарды бири бири менен салыштырышат.<br>«Сүйрү» геометриялык фигурасы менен таанышышат.<br>Түстүү кагаздан кесилген кагаздарды (ар кандай узундуктагы жана чоңдуктагы) колдонуп, балаты үчүн оюнчуктарды жасашат. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>**Тема:** «4» менен таанышуу. Заттарды санга жараша коюуу<br>Балдар «4» менен таанышышат; сандардын арасынан 4тү табышат; 1, 2, 3 жана 4тү башка заттардын саны менен салыштырууну улантышат (балатынын оюнчуктары жана белектер). Заттарды санга жараша коюуга үйрөнүшөт.<br>Балдар адамдын дене түзүлүшүнүн аталыштарын атоого жана көрсөтүүгө үйрөнүшөт заттардын жайгашышын же турушун белгилөөгө үйрөнүшөт (сол жакта, оң жакта). | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** Мейкиндик тууралуу түшүнүктөр. «Тик бурчтук» геометриялык фигурасы менен таанышуу<br>Балдар мейкиндикти аныктоого үйрөнүшөт (лыжа жана чана тебүү – алыс, жакын); тыбыштарды саноо жана тыбыштарды 1–4кө чейин саноого үйрөнүшөт.<br>«Тик бурчтук» геометриялык фигурасы менен таанышышат.<br>«Бөлүк жана бүтүн» оюну. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** «4» тууралуу билимди бекемдешет. Кагазды туура колдонуу<br>Балдар «4» сан атоочу тууралуу билимин бекемдешет; топтогу заттардын санынын аныктоого үйрөнүшөт (жүк ташуучу унаа, мотоцикл, трактор, автобус, жол чырак ж.б.); кагазды туура колдонууга үйрөнүшөт.<br>Көнүгүү: «Катаны тап». | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «5» менен таанышуу. Карап, заттардын калыңдыгын аныктоо<br>Балдар «5» менен таанышышат; заттардын жайгашышын аныкташат (балаты сол жакта, ак кайын оң жакта, помидорлор алдыда, капуста артта); карап, заттардын калыңдыгын аныкташат.<br>Өнүктүрүүчү оюн: «Танграм». | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** 5ке чейин саноо. «Бат» жана «жай» түшүнүктөрүн түшүндүрүү<br>Балдар 5ке чейин санаганды үйрөнүшөт; 5 санын заттын саны менен салыштырууга үйрөнүшөт (козулар, улактар, кулундар, тыйын чычкандар, кирпичечендер ж.б.). бир биринен алыс турган заттардын тең же тең эмес болушун аныкташат; мисалдын негизинде «бат» жана «жай» түшүнүктөрүн түшүндүрүү.<br>Жаныбарларды экиге бөлүп жалпылаштырышат: жапайы жана үй жаныбарлары. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** «4» сан атоочун бекемдөө<br>1ден 5ке чейин саноо жөндөмүн бекемдешет; заттарды карап, геометриялык фигураларды белгилөөгө үйрөнүшөт (шкаф, муздаткыч, үстөл, отургуч, керебет ж.б.); сандарды кайталашат, 1-5ке чейин санап жасаган кыймылдарын санашат, чоң заттардын арасынан кичинекей заттарды саноо жөндөмүн бекемдешет. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:** «6» менен таанышуу. «Цилиндр» геометриялык фигурасы менен таанышуу<br>Балдар «6» менен таанышышат. Сандардын арасынан 6ны табышат, 1, 2, 3, 4, 5, 6 сандарын заттардын саны менен салыштырууга үйрөнүшөт (кружкалар, табактар, чынылар, кашыктар, вилкалар).<br>Заттардын жайгашышын же турушун белгилөөгө үйрөнүшөт (сол жакта, оң жакта, өйдө, астыда, ортосунда).<br>«Цилиндр» геометриялык фигурасы менен таанышышат. Цилиндрге окшош затты табышат.<br>Көнүгүү: «Ашыгын тап». | 2-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **Кесип**<br>**Тема:** 1ден 6га чейин саноо. Жалпак жана көлөмдүү геометриялык фигураларынын окшоштуктары жана айырмачылыктары<br>Балдар заттардын санын салыштырышат (мугалим – китептер, дептерлер, учкуч – учактар, куруучу – күрөктөр, балкалар ж. б.; жалпак (тоголок, төрт бурчтук, үч бурчтук, тик бурчтук, сүйрү) жана көлөмдүү (шар, куб, цилиндр) геометриялык фигураларынын окшоштуктары жана айырмачылыктарын белгилөөнү жакшыртышат; окуяларды өз ырааттуулугу менен жайгаштырууга үйрөнүшөт.;<br>Окшош заттарды элестетүүнү жакшыртуу (доктур – дары, ашпозчу – каша, дүкөнчү – тараза ж. б.). | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** «6» сан атоочун бекемдөө<br>Балдар үлгүнүн негизинде саноо жана заттын санына жараша саноого үйрөнүшөт (карга, сагызган, көгүчкөн, таранчы ж. б.); эки топтогу ар кандай чоңдуктагы заттарды салыштыруу көнүгүүлөрүн аткарышат жана заттын саны алардын чоңдугуна же кичиникейлигине көз карандысыз экендигин түшүнүшөт.<br>Көнүгүү: «Ашыгын тап». | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** Заттарды санына жараша жайгаштыруу көндүмүнө үйрөтүү<br>Балдар ар кандай жайгаштырылып турган заттардын санын аныктоого үйрөнүшөт (ак гүлдөр, көк гүлдөр, жана тарбиячынын айткан саны боюнча букеттерди жасоо);<br>Заттарды (Матрешкалар) санына жараша жайгаштырууга үйрөнүшөт.<br>Оюн: «Пазлдарды чогулт» (гүлдүн сүрөтү, 4-6 бөлүктөн турат). | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** Ар кайсы жакта турган заттардын санын белгилөө<br>Балдар ар кайсы жакта турган заттардын санын белгилөөгө үйрөнүшөт жана аларды бир сызыкка тизишет (күн, жылдыздар, күрмөлөр, баш кийимдер, жемперлер); кагаздагы сүрөттөрдүн жайгашуусун айтышат (оң жакта, сол жакта, ортосунда); тыбыштарды саноо жана 1ден 6га чейин саноо аркылуу кыймылдарды санашат.<br>Оюн: «Тетрис». | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** Салмагы боюнча заттарды аныктоо. Окуяларды өз ырааттуулугу боюнча белгилөө (күндүн бөлүктөрү)<br>Балдар бир сызыкта турган заттарды гана эмес, ар кандай формадагы (балыктар, рактар, крабдар) заттарды санашат, заттарды салмагы боюнча аныкташат жана төмөнкү сөздөрдү колдонушат: оор-жеңил, ооруураак-жеңилирээк; окуяларды өз ырааттуулугу боюнча белгилөөгө үйрөнүүнү улантышат (күндүн бөлүктөрү).<br>Оюн: «Пазлдарды чогулт» (деңиз жашоочулары) (4 – 6 бөлүк). | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>**Тема:** Ар кандай интервалда топтордогу заттардын тең же тең эмес болушун аныктоо. «Кече күнү», «бүгүн» жана «эртең» сыяктуу түшүнүктөрүн түшүндүрүү<br>Балдар ар кандай интервалда топтордогу заттардын тең же тең эмес болушун аныкташат (пияз, калемпир, кызылча, сабиз); заттардын геометриялык фигураларына окшош болушун белгилөө; «кечээ күнү», «бүгүн» жана «эртең» сыяктуу түшүнүктөрүн түшүндүрүү жана аларды туура колдонууну улантуу.<br>Көнүгүү: «Жубун тап». | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** 3 затты узундугу боюнча салыштыруу<br>Балдар 3 затты узундугу боюнча салыштырууга үйрөнүшөт (казылган жөөк, отолгон жөөк, казылган эки жөөк ж. б.), заттарды узундугуна же кыскалыгына жараша бир сызыкка коюу;<br>Көнүгүү: «Ашыгын тап». | 1-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 30 | **Космос**<br>**Тема:** 3 затты кеңдиги боюнча салыштыруу<br>Балдар 3 затты кеңдиги боюнча салыштырууга үйрөнүшөт («Күн системасынын планеталары» плакатын карап планеталарды кеңдиги боюнча бир сызыкка коюшат; сол жакка, оң жакка, алдыга же астыга учуп бара жаткан ракеталарды санашат).<br>Оюн: «Геометриялык фигуралардан ракетаны чогулт». | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** 4 затты бийиктиги боюнча салыштыруу<br>Балдар 4 затты бийиктиги боюнча салыштырууга үйрөнүшөт (канаттуулар учуп келишти: илегилектер, турналар, чыйырчыктар, торгойлор, чабалекейлер ж. б.), заттарды бийиктиги же жапыздыгы боюнча бир сызыкка коюу; айлана-чөйрөдөгү заттарды геометриялык фигураларына окшоштуруу.<br>Көнүгүү: «Катаны тап». | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** Кагазды колдонуу жөндөмү<br>Балдар кагазды колдонууга үйрөнүшөт; кагаздар менен иштешет (коен, эчки, уй, ит, карышкыр, мышык, пил, маймыл, жираф ж. б.), аталган жаныбарлардын окшоштуктарын белгилешет жана белгилердин негизинде бириктиришет.<br>Оюн: «Геометриялык фигураларынан жаныбарды чогулт». | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** Ар кандай кыймылдардын багыттарын айырмалоо<br>Балдар заттарды салмагы боюнча тизип аныктоого үйрөнүшөт; заттардын жайгашуусун же турушун айтууга үйрөнүшөт; 1ден 6га чейин саноого үйрөнүшөт, кыймылдын багыттарын айырмалоо жана айтылган жакты көздөй барууга үйрөнүшөт; адамдын денесинде окшош геометриялык фигураны табышат.<br>Оюн: «Аскерлердин парады» жана «Аскерге эмне керек?». | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** Угуп жана карап саноо. 5 затты калыңдыгы боюнча салыштыруу<br>Балдар кармап 1ден 6га чейин санашат; заттардын формасын жана көлөмүн аныкташат. Оозеки 1ден 10го чейин санашат.<br>5 затты калыңдыгы боюнча салыштыруу жана калыңдыгы боюнча бир сызыкка коюуга үйрөнүшөт (мисалы, кагаздар менен иштөө: доңуздар, жөргөмүштөр, айлан көчөктөр); үлгүнүн негизинде заттарды көргөзүшөт.<br>Оюн: «Сыйкырдуу аарынын уялары» | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр.**<br>**Тема:** «Бат» жана «жай» түшүнүктөрүн бекемдөө<br>Балдар ар кандай гүлдөрдүн сүрөттөрү болгон кагаздарды ырааттуулук менен коюуга үйрөнүшөт; тапшырманын негизинде же өз алдынча иштешет, «бат» жана «жай» түшүнүктөрүн бекемдешет.<br>Көнүгүү: «Жубун тап». | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** Биргелешип иштөө<br>«Достуктун поезди» – балдар биргелешип бир нерсени жасоого үйрөнүшөт; кагазда заттардын турушун белгилешет: өйдө жагында, ылдый жагында, ортосунда. | 4-апта | Май |

## *«КОНСТРУКЦИЯЛОО» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Сүрөттүн негизинде куруу – бала бакчанын макети»*<br>Балдар курулуш материалдарынын аталыштарын үйрөнүшөт (кирпич, кубик, пластина) жана алардын туруктуулугу тууралуу түшүнүк алышат: кыска – узун, жапыз – бийик, тар – кең. Ырааттуулукту белгилөө достору менен макулдашууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>*ЛЕГО куруу. «Өрт өчүргүч»*<br>Балдар унааны ар кайсы бөлүктөрдөн салууга жана материалдын түсүн жана чоңдугун айырмалоого үйрөнүшөт. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>*Курулуш материалдарынан куруу жана ЛЕГО. «Желектер менен кооздолгон кооз дарбаза»*<br>Балдар кубиктерди бир биринин үстүнө коюп дарбаза жасоо жана аны желектер менен коздоого үйрөнүшөт; «тик» түшүнүгү менен таанышышат. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>*Курулуш материалдарынан куруу жана ЛЕГО. «Унаалар үчүн унаакана»*<br>Балдар ар кандай бөлүктөрдөн эшиктери ачылып-жабылган дарбаза жасоого үйрөнүшөт. Үлгүнү анализдөөгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>*Кагаздан жасоо. Кийим-кече*<br>Балдар төрт бурчтуктуу кийимдерди бүктөөгө үйрөнүшөт (бетаарчы, фартук, баш кийимдер). | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>*ЛЕГО куруу. «Бакча»*<br>Балдар бак-дарактардын чоңдугуна жараша ар кандай нерселерди курууга үйрөнүшөт (мисалы, алма бак, өрүк ж.б.). Төмөнкү сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт: оң жак, сол жак, ортосунда. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>*Түз жерде куруу. «Ак кайыңдар жана ромашкалар»*<br>Балдар мозаиканы көрүп, аны геометриялык фигуралардан жасоого үйрөнүшөт (мисалы, дарактар жана гүлдөр). Курулуш кандай бөлүктөрдөн салынганын аныктоого үйрөнүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күз иштери**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Жүк ташуучу унаа түшүмдү жүктөп алып барат»*<br>Балдар оюнчуктун жана түшүмдүн көлөмүнө жараша ар кандай курулуштарды кууруну үйрөнүүнү улантышат (мисалы, сабиз, картөшкө, ж.б.). | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Үйлар үчүн сарайлар»*<br>Балдар узун пластиналарды колдонууга үйрөнүшөт. (пластиналардан курулуштун дубалын көтөрүшөт жана чатырын жасашат. Эшиктерди кирпичтерден жасашат); төмөнкү сөздөрдү колдонушат: узун, кыска. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>*ЛЕГО куруу. «Токой»*<br>Балдар оюнчуктун чоңдугуна жараша курулушту салууга үйрөнүшөт (мисалы, карышкыр, коендор жана түлкүлөр). Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: бийик, жапыз. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>*ЛЕГО куруу. «Тооккана»*<br>Балдар курулуштан башка курулушту курууга үйрөнүшөт (мисалы, сарайдан тооккана жасашат), кубиктерди кирпичтерге алмаштырышат. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>*ЛЕГО куруу. «Бийик там»*<br>Балдар бийик курулуштарды курууга үйрөнүшөт жана алар кандай бөлүктөрдөн тургандыгын жана кандай ырааттуулук менен салынышы керектигин белгилешет. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>*ЛЕГО куруу. «Боз үй»*<br>Балдар үлгүнү кароо, ал кандай бөлүктөрдөн салынганын жана анын ар кайсы бөлүктөрүн белгилөөгө үйрөнүшөт. | 1-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>*Кагаздан жасоо. «Вагондордогу муздар»*<br>Балдар төрт бурчтукту экиге бүктөшөт жана алардын төрт жагы жана учтуры бир бирине үстүнө коюшат. Желимди колдонуп, кагазды түтүктөй жумуру кылып тоголоктоп муз жасашат. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>*Кагаздан жасоо. «Белектер»*<br>Балдар картондон жана открыткалардан белек салуучу кутуларды жасоого үйрөнүшөт. Кутуларга кагаздан жасалган таттууларды салышат.<br>Демилге көтөрүү, ойлоп табуу жана чыгармачылыкты өнүктүрөт. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы жыл!**<br>*Түз жерде куруу. «Балаты»*<br>Балдар кагазды чийилген жерден айруу, тоголоктоо жана ар кандай бөлүктөрдө сүрөт тартууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Коенду чанага сүйрөйлү»*<br>Балдар жараксыз материалдардан чана жасоого үйрөнүшөт. Түстөрдү жана формаларды айырмалоо жөндөмүн жакшыртышат. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Автобус»*<br>Балдар бир нерсени көрүп жана эстеп, курулуш куруу жөндөмүн өнүктүрүшөт: курулуштарга талдоо жүргүзүшөт.<br>Элестетүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>«Түз жерде куруу»<br>Балдар геометриялык фигуралардан мозаика жасоону үйрөнүүнү улантышат (мисалы, капуста, помидор ж.б.); геометриялык фигуралар тууралуу билимдерин жакшыртууну улантышат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Иткана»*<br>Балдар оюнчуктун чоңдугуна жараша курулуш курушат. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>*Жараксыз материалдардан бир нерсе куруу/салуу. «куурчак үчүн эмерек»*<br>Балдар ырааттуулукту белгилөө, материалдарды тандоо (шкафтар, үстөлдөр, керебеттер үчүн ж. б.) жана досторунун кыймыл-аракеттерин макулдаштырууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>*Жараксыз материалдардан бир нерсе куруу/салуу. «Чай ичүүчү сервис»*<br>Балдар ар кандай материалдардан оюнчуктарды жасоого үйрөнүшөт.<br>Колдордун майда моторикасын жана чыгармачылыгын өнүктүрөт. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесип**<br>*Кагаздан жасоо. «Учкуч»*<br>Балдар кагазды бүктөп, желим менен жабыштырып, учак жасоого үйрөнүшөт.<br>Балдардын эмгектерин анализдөөгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>*Табигый материалдан жасоо. «Көгүчкөн»*<br>Балдар ар кандай табигый материалдарды колдонуу, бөлүктөрдү пластилин менен жабыштыруу жана ар кандай нерселерди жасоого үйрөнүшөт. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>*Табигый материалдан жасоо «Гүлдөр үчүн ваза»*<br>Балдар йогурттун банкасын коoздоого үйрөнүшөт жана банкага жараша ар кандай сүрөттөрдү тартышат. | 1-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>*Курулуш материалдарынан куруу. «Көпүрө»*<br>Балдар бөлүктөрдүн колдонуу максаттары жана алардын аталыштары тууралуу түшүнүк алышат: тирек, аралык, эңкейиш.<br>Объектинин узундугун же кең болушун айырмалоого үйрөнүшөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>*Кагаздан жасоо. «Балыктар»*<br>Балдар тоголокту экиге бүктөп жабыштырат жана үлгүнүн негизинде тоголоктун эки бөлүгүн бириктиришет.<br>Элестетүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>*Кагаздан жасоо. «Гүл» (үлгү боюнча)*<br>Балдар даяр үлгүлөрдө гүл жасоого үйрөнүшөт.<br>Ойлонуп гүл жасоого үйрөнүшөт. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>*Жараксыз материалдардан бир нерсе куруу/салуу. «Каражаттар»*<br>Балдар тарбиячынын түшүндүрүүсүнүн негизинде күрөк, тырмоо жана башкаларды жасашат. Затты жасоо планын сактоо түшүнүгү тууралуу маалымат алышат. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>*Түз жерде куруу. «Планета»*<br>Балдар ар кандай композицияларды түз жерде жасоого үлантышат (мисалы, күн, ай жана жылдыздар).<br>Элестетүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>*Курулуш материалынан куруу. «Чымчыктар үчүн уялар» (үлгүнүн негизинде)*<br>Балдар ар бир деталды айырмалоого үйрөнүшөт. Кандай бөлүктөрдөн жасоо керектигин түшүнүшөт. Табигый материалдардан чымчыктарды жасашат (чырпыктар, тобурчактар, канаттулардын жүндөрү, жаңгактар, кабыктар). | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>*Табигый материалдан жасоо «Коен»*<br>Балдар табигый материалдарынан ар кандай нерселерди жасоону улантышат, элестетүү жөндөмүн жана колдун майда моторикасын өнүктүрүшөт. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>*Кагаздан жасоо. «Жылдыз»*<br>Балдар даярдалган бөлүктөрдөн өз алдынча жалдыз жасоого үйрөнүшөт. Элестетүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>*Жараксыз материалдардан бир нерсе куруу/салуу. «Доңуздар, жөргөмүштөр, айлан көчөктөр» (үлгүнүн негизинде)*<br>Балдар жараксыз материалдардан курт-кумурскаларды жасоого үйрөнүшөт.<br>Ой жүгүртүү жана колдордун майда моторикасын өнүктүрүшөт. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>*«План боюнча»*<br>Планга жана элестетүү боюнча ар кандай гүлдөрдү жасоого аракеттенишет.<br>Чыгармачылык жана куруу/салуу көндүмдөрүн жакшыртышат. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>*«План боюнча»*<br>Планга жана элестетүү боюнча ар кандай курулуштарды салууга аракеттенишет.<br>Чыгармачылык жана куруу/салуу көндүмдөрүн жакшыртышат. | 4-апта | Май |

## *«МУЗЫКАЛЫК ӨНҮГҮҮ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

Тарбиячы «репертуар» графасында жайгашкан материалдардын арасынан сабактардын репертуарын тандайт.

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү** | **Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо** | **Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы** | | |
| | | | **Программанын максаттары** | | | | |
| 1 | 2 | «Жай мезгилин эске түшүрүү» | Балдар музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин жана басымдарын айырмалоо жана музыканын маанайын кыймылдоодо берүүгө үйрөнүшөт. | Балдар кыйкырып ырдабастан, ырдоо жана башка балдардын ырдашын угууга үйрөнүшөт; мелодияны туура берүү, биргелешип ырдоо жана берилген тема боюнча импровизация жасоо көндүмүн үйрөнүшөт. | Балдар эки экиден бийлөө, бийлегенде бир бирин жоготпоо, эмоционалдуу ээн эркин бийлөө жана нерселерге ээ болууга үйрөнүшөт. | «Шайыр эжелер» К. Молдобасановдуку;<br>«Пастушок» С. Майкапара<br>«Кукушечка» р. н. п. Обр. И. Арсеева<br>«Пружинки» р. н. м.<br>«Прыжки» под англ. Н. М. «Полли», д. и.<br>«Птицы и птенчики»<br>«Огородная хороводная»<br>Б. Можжевелова «Покажи Ладошку»<br>«Курочка и петушок», Г. Фрида «Мы идем с флажками» | Сентябрь |
| 2 | 2 | | | | | | |
| 3 | 2 | | Балдар музыка угуп кыймылдоо, каармандын мүнөзүн чагылдыруу жана музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин жана басымдарын берүүгө үйрөнүшөт. | Музыкалык чыгармаларды ырдоо процессинде үндүн диапозонун жакшыртышат. | Балдар кыймылдоодо марш жана хороводдун мүнөзүн көрсөтүү жана нерселерге ээ болууга үйрөнүшөт; экиден бийлөө көнүгүүлөрүн аткаруу, музыкага жараша бийлөө, партнерду туура кармоо жана нерселерге ээ болууга үйрөнүшөт. | | |
| 4 | 2 | | Балдар музыкалык чыгарманы сахналаштыруу жана айырмалоого үйрөнүшөт: регистр, темп, үндүн мүнөзү. | Балдар кыйналбастан ырдоо жана өз алдынча жапыз жана бийик үндөрдү табууга үйрөнүшөт. | Ритмди сезүү жана музыканын өзгөрүлүшүнө таасир берүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | | |
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 5 | 2 | «Бешик ыры жана марш» | Балдар музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин жана басымдарын айырмалоо жана музыканын маанайын айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар үн аппаратын жакшыртышат, үндүн диапазонун бийиктетишет жана музыкага жараша ээн эркин ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын мүнөзүн кыймылдоо аркылуу көрсөтүү, тездикти кармоо, көнүгүүлөрдү аткаруу жана ээн эркин тегерек түзүүгө үйрөнүшөт. | Угуу:<br>«Кукушечка» р. н. п. Обр. И. Арсеева<br>«Осень» Ю. Чичкова<br>«Пружинки» р. н. м.<br>«Прыжки» под англ. н. м. «Полли»<br>Легкий бег под латв. н. м.<br>«Танец осенних листочков»<br>А. Филиппенко, Е. Макшанцева<br>«Огородная хороводная»<br>Б. Можжевелова<br>«Заинька, выходи» Е. Тиличеевой<br>д. и. «Птицы и птенчики»<br>«Кап-кап-кап…» рум. н. п. обр.<br>Т. Попатенко<br><br>«Жамгыр» Г. Эсенгулова<br>«Күз» Т. Казаков | Октябрь |
| 6 | 2 | | | | | | |
| 7 | 2 | | Балдар музыкалык чыгарманы башка аталыштары окшош чыгармалар менен салыштыруу, айымалоого жана музыкалык чыгармалардын мааныйын белгилөөгө үйрөнүшөт. | Балдар ырдоодо музыкалык тажрыйбаны колдонууга үйрөнүшөт. | Балдар бийдин кыймылдарынын ырааттуулугун эстеп калуу, музыканын өзгөрүлүшү менен өз алдынча кыймылдарды өзгөртүү жана бийлөөгө үйрөнүшөт. | | |
| 8 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | | |
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 9 | 2 | «Менин жакшы көргөн музыкам» | Балдар маанайы боюнча окшош жана контрастык музыкалык чыгармаларды, ырларды жана сүрөттөрдү салыштырууга үйрөнүшөт жана ырлардын жанрлары менен таанышышат. | Балдар ырдоо көндүмүн жакшыртышат, өз алдынча ырдоо, акырын дем алуу жана башка балдардын ырдашын угууга үйрөнүшөт. | Балдар чыгармачылык көз карандысыздыкты көрсөтүүгө үйрөнүшөт. | «Материнские ласки» (из альбома «Бусинки» А. Гречанинова)<br>«Кисонька-мурысонька» р. н. п.<br>«Барабанщик» М. Красева<br>«Осень» Ю. Чичкова<br>«Танец осенних листочков» А. Филиппенко, Е. Макшанцева<br>«Марш» А. Гречанинова<br>«Марш» И. Беркович<br>«Мы идем с флажками»<br>«Кто как идет?» | Ноябрь |
| 10 | 2 | | | | | | |
| 11 | 2 | | Балдар эл ырларынын жанрлары тууралуу түшүнүк алышат, музыканын өзгөрүлүшүн жана музыкалык чыгармалардын түрүн айырмалоого үйрөнүшөт. Элдик мелодияларды иштеп чыгуу менен таанышышат: оркестр, фортепиано. | Балдар орточо тездикте кыйкырбастан ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыкалык чыгарманын мүнөзүнө жана жанрына жараша бийлөө, бий кыймылдарын ойлоп табуу, музыканын башталышы жана бүтүшү менен бийди бүтүрүү жана бирге бийлөөгө үйрөнүшөт. | «Новая кукла», «Болезнь куклы» П. Чайковского<br><br>«Кисонька-мурысонька» р. н. п.<br>«Где был Иванушка» р. н. п.<br>«Топ» К. Букалаев<br>«Мишка», «Бычок», «Лошадка» А. Гречанинова, А. Барто<br>«Пружинки» р. н. м.<br>«Топ и хлоп» Т. Назарова-Метнер<br>«Заинька, выходи» Е. Тиличеевой<br>д. и. «Петушок, курочка и цыпленок»<br>«Узнай свой инструмент»<br>«Гармошка» Е. Тиличеевой | |
| 12 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | | |
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 13 | 2 | «Саламатсызбы, кыш мезгили!» | Балдар музыканын мүнөзүнө туура келген музыка аспаптарынын тембрларын табууга үйрөнүшөт жана ырдын жанрларынын түрлөрү менен таанышышат. | Балдар орточо тездикте кыйкырбастан ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар бийлөө, эмоционалдуу музыканы угуу жана активдүү болууга үйрөнүшөт. | «Музыкальный ящик» Г. Свиридов<br>«Сагынам» кырг. элдик ыры. В. Янковский<br>«Кисонька-мурысонька» р. н. п.<br>«Как на тоненький ледок» р. н. м. «В лесу родилась елочка» Л. Бекман<br>«Полька» А. Жилинского<br>«Петрушки», «Снежинки» О. Берта,<br>«Топ и хлоп» Т. Назаров-Метнер<br>«Игра Д. Мороза со снежками»<br>П. Чайковский<br>«Музыкальный ящик» Г. Свиридов<br>Колядки: «Здравствуйте», «С Новым годом!»<br>«Полька» А. Жилинского<br>«Считалка» В. Агафонникова<br>«Топ и хлоп» Т. Назарова-Метнер<br>«Медведь и заяц» В. Ребикова<br>Д.и. «Громко-тихо»<br>«Лиса» р. н. жаңылмачтар В. Попов | декабрь |
| 14 | 2 | | | | | | |
| 15 | 2 | «Шайыр рождество» | Балдар аспаптык музыкадагы «романс» жанры тууралуу түшүнүк алышат жана оркестр тарабынан аткарылган романс менен таанышышат, музыкадан сүрөттөөчүлүктү угушат жана каармандын мүнөзүн айырмалашат. | Балдар ырдоо жөндөмүн жакшыртып бекемдешет. | Балдар бий кыймылдарын ойлоп табуу, каармандардын бий кыймылдарын туура берүү жана оюнга катышууга үйрөнүшөт. | | |
| 16 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | | |
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 17 | 2 | «Кышкы оюндар» | Балдар элдик аспаптарынын тембрларын жана музыканын өзгөрүлүшү менен пьесанын бөлүктөрүн айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар обондуу жана назиктүү ырдоо жана башка балдардын ырдашын угууга үйрөнүшөт; кыйкырбастан башталышын жана аягын акырын ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар каармандардын кыймылдарын так берүүгө үйрөнүшөт, ритмикалык угууну жакшыртышат. | «Танец куклы» К. Молдобасановдуку<br>«Смелый наездник» Р. Шуман<br>«Голубые санки» М. Иорданский<br>«Как на тоненький ледок» р. н. м.<br>«Пляска парами» лат. н. м.<br>«Медведь и заяц» В. Ребиков<br>«Игра Д. Мороза со снежками» П. Чайковский | январь |
| 18 | 2 | | | | | | |
| 19 | 2 | | Балдар музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин жана басымдарын айырмалоого үйрөнүшөт жана музыкада берилген адамдардын сезимдери тууралуу түшүнүк алышат. | Балдар кыйкырбастан бирге өз убагында ырдоо жөндөмүн бекемдешет; алгачкы үндөрдүн негизинде ырларды билүүгө; үндүү тыбыштарды ырдоо жана кыска дем алуу; эмоционалдуу ырдоо, башкалардын ырдашын угуу. | Балдар музыкалык чыгарманын мүнөзүнө жана жанрына жараша бийлөө, музыканын үнүнүн өзгөрүлүшү менен кадам шилтөөнү өзгөртүү, нерселерди (лента, гүлдөр) ээн эркин колдонуу жана текст боюнча бий кыймылдарын жасоого үйрөнүшөт. | | |
| 20 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ: Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 21 | 2 | «Музыкалык аспаптардын дүйнөсүндө» | Балдар аз контрастык пьесаларынын бөлүктөрүнүн өзгөрүлүшүн айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар өз убагында ырдоо жөндөмүн жыкшыртып бекемдешет. | Балдар өз убагында өз алдынча бийди баштоо, бир бирин жоготпостон бирге бийлөө жана нерселерди туура колдонууга үйрөнүшөт. | Д.и. «Веселые дудочки»<br>«Лошадка» Н. Потоловский<br>«Гармошка» Е. Тиличеев<br>«Музыкальный ящик» Г. Свиридов<br>«Петя и волк» С. Прокофьев<br>«Детские игры» Ж. Бизе<br>«Если добрый ты» Б. Савальев<br>«Барабанщик» М. Красев<br>«Улыбка» В. Шаинский<br>«Марш» Беркович<br>«Бий» К. Молдобасанова муз. ритм. д.<br>«Самолеты» М. Магиденко<br>«Покажи ладошку» лат. н. м.,<br>«Платочек» укр.<br>«үчжарымда болсоңда» К. Букалаев н. п.<br>Д.и. «Веселые дудочки», «Угадай на чем играю» | февраль |
| 22 | 2 | | | | | | |
| 23 | 2 | | Балдар «ноктюрн» жаңы жанры менен таанышышат жана музыканын маанайынын жана үндөрүнү өзгөрүлүшүн айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ар кандай ырларды ырдоо, ырдоодо музыканын мүнөзүн берүү жана коштоосуз ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар өз алдынча бийлөө, бирге ырдоого жана текст боюнча бийлөөгө үйрөнүшөт. | | |
| 24 | 2 | | | | | | |
| 25 | 2 | «Шаңдуу жазгы тамчылар» | Балдар контрастык чыгармалардын маанайын жана пьесанын маанайынын өзгөрүлүшүн айырмалоо жөндөмүн бекемдешет. | Балдар өз убагында ырдоону баштоо жана үндүн сапаттарын аныктоого үйрөнүшөт. | Балдар өз алдынча бийди баштоо жана бүтүрүү жана ошондой эле музыка бүткөндө бийди токтотууга үйрөнүшөт. | «Материнские ласки» А. Гречанинов<br>«Чимирик» К. Молдобасанов<br>«Бабочка» Э. Григ<br>«Улыбка» В. Шаинский<br>«Кайыгым» Н. Давлесов<br>«Солнышко лучистое» Е. Тиличеев<br>«Жаз майрам»К.Эралиева<br>«Ак гүлдөр» Т. Казаков<br>р. н. п. «Что ты хочешь, кошечка?»<br>Г. Зингер<br>«Полька» А. Жилинский<br>«Пружинки» р. н. м.<br>«Пляска парами» лат. н. м.<br>«Платочек» укр. Н. Метлов<br>Д. и. «Веселые дудочки»<br>«Скачут по дорожке» | март |
| 26 | 2 | | | | | | |
| 27 | 2 | | Балдар мелодияны оркестрлештирүү үчүн музыкалык аспапты тандоого үйрөнөт. | Балдар жалгыз жана чакан топтор менен ырдоо, эмоционалдуу ыр ырдоого жана тоникти кармоого үйрөнүшөт. | Балдар эмоционалдуу бийлөө, бирге ырдоо, вальс бийлөө, музыканын тездигин жана бийлегенде туура кыймыл-аракет жасоого үйрөнүшөт. | | |
| 28 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү | Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо | Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы | | |
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 29 | 2 | «Ойнойбуз жана ырдайбыз» | Балдар музыканын мүнөзүн аныктоого үйрөнүшөт: шаңдуу, тамашалуу, зээкүр. | Балдар жалгыз жана чакан топтордо ырдоо, эмоционалдуу ырдоо жана тоникти кармоо жөндөмдөрүн бекемдешет. | Балдар музыканын коштоосу менен бийди баштоо жана бүтүрүүгө үйрөнүшөт: колоннадан бир биринен ашпоо жана түз туруу; топтой жеңил секирүү; музыканын алмашыш менен кыймыл-аракеттерди алмаштыруу; бирге эмоционалдуу бийлөө; кезек менен бийлөөгө үйрөнүшөт. | «Пастушок» С. Майкапар<br>«Кукушечка» р. н. п. Обр. И. Арсеев<br>«Паучок» р. н. п.<br>«Ой, кулики! Весна поет!», «Жаворонушки прилетели!» р. н.<br>«Пружинки» р. н. м.<br>«Посеяли девки лен» р. н. м.<br>«Танец с платочками» р. н. м.<br>«Кайыгым» Н. Давлесова р. н. п.<br>«Где был Иванушка?» р. н. п.<br>«Сорока-сорока» р. н. Т. Попатенко<br>«Кап-кап-кап…» рум. н. п. Т. Попатенко<br>«Ой, хмель мой, хмелек» р. н. п.<br>М. Раухвергера<br>«Лиса» р. н. жаңылмач В. Попова | апрель |
| 30 | 2 | | | | | | |
| 31 | 2 | | Балдар музыканын мүнөзүн, музыкадагы жана ырлардагы маанайды айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар киришүүдөн кийин ырдоо, туруктуу ырдоого үйрөнүшөт.<br>Ырдоодо музыканын мүнөзүн берүүгө үйрөнүшөт: коштоосуз ырдоо; ар кандай ырларды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар эки экиден, эмоционалдуу жана кезектешип (кыз, бала) бийлөөгө үйрөнүшөт. | | |
| 32 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | МАЗМУНУ | | | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү** | **Ырдоо. Ырдоо жөндөмүн үйрөнүү. Ырдоо** | **Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар. Бийлөө көнүгүүлөрү. Оюндар. Музыкалык жана оюн чыгармачылыгы** | | |
| | | | **Программанын максаттары** | | | | |
| 33 | 2 | «Шаңдуу талаада» | Балдар аталыштары окшош болгон пьесалардагы маанайдын маанисин айырмалоо, музыканын мүнөзүн берүү, белгилөө жана музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ырдоодо ырдын мүнөзүн берүү, коштоосуз ырдоо жана ар кандай ырларды ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар өз алдынча бийди баштоо жана музыка бүткөндөн кийин бийди токтотуу, бирге бийлөө, бир биринен ашпоого үйрөнүшөт. Образга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү так берүүгө үйрөнүшөт.<br>Бийдин музыканын мүнөзү жана тездигине жараша эмоционалдуу бийлөөгө үйрөнүшөт; аралыкты сактоо; музыка алмашкандан кийин бий кыймылдарын алмаштыруу. | «Детские игры» Ж. Бизе<br>«Кукушечка» р. н. п. И. Арсеев<br>«Паучок» р. н. п.<br>«Мамалак» С. Мамбекова<br>«Если добрый ты» Б. Савальев<br>«Улыбка» В. Шаинский<br>«Песенка про кузнечика» В. Шаинский<br>«Бегал заяц по болоту» В. Гечик<br>«Полька» А. Жилинский<br>«Пляска парами» лат. н. м.<br>«Курочка и петушок» Г. Фрид<br>«Огородная хороводная» Б. Можжевелов<br>Д. и. «Эхо», «Качели»<br>«Угадай, на чем играю»<br>«Воробей» Т. Ломовая<br>«Гармошка» Е. Тиличеева | Май |
| 34 | 2 | | | | | | |
| 35 | 2 | | Балдар музыкада музыкалык чыгармалардын аткарылышынын тездигин жана аталыштары окшош болгон пьесаларды салыштырууга үйрөнүшөт. | | Балдар музыканын мүнөзү жана тездигине жараша эмоционалдуу бийлөө, аралыкты сактоо жана музыка алмашкандан кийин бий кыймылдарын алмаштырууга үйрөнүшөт. | | |
| 36 | 2 | | | | | | |
| **Бардыгы: 72** | | | | | | | |

## *«КӨРКӨМ ӨНӨР» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакчасы менен таанышуу**<br>**Сүрөт тартуу:** «Текчелер үчүн сүрөттөр»<br>Балдар «Мен бала бакчанын – баласымын» же «балдар бакчасы – бул менин өз үйүм» сымал түшүнүктөрү менен таанышышат.<br>Балдар предметке байланыштуу сүрөттөрдү тартууга үйрөнүшөт жана сүрөттүн максатына карата түстүү сызыкчалар менен анын рамкасын кийгизүүнү үйрөнүшөт. Балдар бала бакчасын, анда иштегендерди жана алардын эмгектерин сыйлоону үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Биздин сүйүктүү балдар бакчасы»<br>Балдар түстүү кагаздардан чоң үйдүн образын түзүүгө үйрөнүшөт; кагазды түз кылып кесүүгө, бурчтарды чыгарууга, бөлүктөрдөн бир бүтүн сүрөт чыгарууга үйрөнүшөт, тең экиге бөлүүгө көнүгүшөт, ыргакты башкаруу; тыкандык менен жабыштырууга машыгышат. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ Санитардык-гигиеналык көндөмдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Атыр жыттуу самын жана жумшак бет аарчы жашасын!»<br>Балдар өздүк гигиенаны сактоо эрежелери менен таанышат. Өздүк гигиенанын предметтерин тартууну үйрөнүшөт; түстүү карандаштар менен тартууну үйрөнүшөт. Балдардын маданий-гигиеналык көндөмдөрү өсөт, дайыма сулуу, таза, тыкан, өз денесин сыйлоону үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Өрт өчүрүү үчүн колдонулган тепкич»<br>Балдар өрт коопсуздук эрежелери менен таанышууну улантат; өрткө аяр мамиле жасоону үйрөнүшөт. Балдар жеңил эмес жумуштарды жасаган өрт өчүргүч сымал кесиптерге сый мамиле жасоону үйрөнүшөт, бул кесиптердин канчалык коркунучтуу экенин түшүнүшөт.<br>Балдар желимди алакандары менен узартып, бурчтарын жабыштырууну үйрөнүшөт. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Сүрөт тартуу:** «Менин апамдын сүрөтү»<br>Балдар үй-бүлөлүк мамилелер тууралуу билимдерин кеңейтишет; жакындарды сүйүү тууралуу маалымат алышат. Адамдын келбетин сүрөткө тартууну үйрөнүшөт, бирдейликти чагылдырууга көнүгүшөт; түстүү карандаштар менен сүрөт тартуу ыкмаларын бекемдешет, кагаз бетине сүрөттү туура түшүрүүгө жатыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Менин үй-бүлөм үчүн кооз бет аарчылар»<br>Балдар квадраттын үстүнө сүрөт тартууну үйрөнүшөт, анын ортосун жана чекелерин элементтер менен толтурушат; түстөрдү туура тандоону үйрөнүшөт; жарашыктуулукту өздөштүрүшөт; жабыштыруу ыкмаларын бекемдешет. Балдар жасалган ишти иликтөө жана ага эстетикалык баа берүүнү үйрөнүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Шаңдуу матрешкалар»<br>Балдар элдик оюнчуктар болгон матрешкалар менен таанышышат; аны карап, болушунча окшоштуруп сүрөт тартууга аракет кылышат, кийимдерин туура чагылдырууга далалат жасашат. Балдардын көз болжол, ыргактык сезими, формасы, бирдейликти сактоого аракети өсөт. Түстүү карандаш менен иштөө усул-ыкмаларын бекемдешет.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Сүйүктүү оюнчук»<br>Балдар өздөрү элестеткен сүйүктүү оюнчуктарын колдон жасоого үйрөнүшөт. Бул оюнчуктарга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү чагылдырышат. Форманын сыртын сыймалак кылууну үйрөнүшөт. Кичине бөлүктөрүн толуктоону үйрөнүшөт. Балдар оюнчуктарга аяр мамиле жасоону үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Жансыз табият жана кубулуштар, мезгилдик кийимдер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тып-тып-тып тамчылаган жаан»<br>Балдар жансыз дүйнө жөнүндөгү маалыматтарын кеңейтишет; айлана-чөйрө жөнүндөгү билген маалыматтарын кагаз бетине образдуу түрдө чагылдырууга аракет кылышат; жабыштыруу ыкмасын колдонуу менен жамгырды чагылдырууга аракет кылышат, кагаздын бетине тегиз боекту чачыратууга аракет кылышат. Балдар тарбиячынын сөздөрүнө кулак салууга көнүгүшөт. | 1-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 5 | **Түстүү кагаз менен иштөө:** «Кар»<br>Балдар жаратылыштагы болуп жаткан кубулуштарга көңүл бурууну үйрөнүшөт. Кагазды бирдей айруу менен карга окшоштурууну үйрөнүшөт; бөлүкчөлөрдү тыкандык менен кагаз бетине тегиз жабыштырышат. Балдар жаратылыштагы болуп жаткан кооздукту баалоого үйрөнүшөт. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, жемиштер**<br>**Сүрөт тартуу: «Бышкан таттуу алма»**<br>Балдар жемиштер тууралуу өз билимдерин байытышат. Гуашь боектору менен түстүү алмаларды тартууну үйрөнүшөт. Тоголок жана сүйрү формадагы нерселерди тартууну үйрөнүшөт. Боео жөндөмүн бышыкташат.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Шабдалылар жана өрүктөр»<br>Балдар тоголок жана сүйрү формадагы жана түрдүү чоңдуктагы нерселерди өз колдору менен жасоо жөндөмдөрүн бекемдешет. Желимди алакандары менен ийлешип, тегерек форма жасашат. Балдар өз эмгектерин туура баалоону үйрөнүшөт. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Дарактар жана бадалдар»<br>Балдар дарактар жана бадалдардын сырткы көрүнүшүндөгү орчундуу айырмачылыктарды айырмалай башташат (тамыр, өзөк, бутактар) жана алардын айырмачылыктарын (дарактыкы бир өзөк, бадалдыкы көп өзөк). Балдар түз, кыйшак, сынык, толкундуу сызыктарды кагаз бетинен карандашты көтөрбөстөн аны үч бармагы менен өтө сыкпастан кармап чийимдерди чийгенди өздөштүрүшөт; үстөлдө туура отурууну өздөштүрүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Себеттеги козу карындар»<br>Балдар квадраттын бурчтарын кесип салып айлана жасоону үйрөнүшөт. Балдар кайчыны туура кармоону, аны менен кагазды кесүүнү, кагаздын бөлүктөрүн түстүү кагазга жабыштырууну үйрөнүшөт. Балдар өз иштерин образдуу көз караш менен кароого жана аларга баа берүүгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Кол эмгек. Күз мезгили**<br>**Сүрөт тартуу:** «Алма бакта алма бышты»<br>Балдар күз мезгилинде бакта жана короодо түшүм бышаарын аңдашат. Бул түшүмдү чогултуу керек экенин, өз убагында чогултпаса кеч болуп каларын түшүнүшөт. Жоон жана ичке теректин бутактарын тартуу үчүн түрдүү калем саптын учтарын колдонууну түшүнүшөт. Балдар улуулардын эмгектерин баалоого, образдуу кабыл алууга жана ой жүгүртүү, чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көнүгүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Себеттеги картөшкө»<br>Балдар күз мезгилинде кол эмгектин баалуулугун түшүнүшөт. Чуңкур форма алуу үчүн бармактын учу менен желимди сыгууну үйрөнүшөт. Балдар түрдүү чоңдуктагы тегерек формаларды жасоо жөндөмүн бекемдешет. Тыкан жабыштыруу жөндөмдөрүн өдөштүрүүнү улантышат. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жайлоодогу улактар»<br>Балдар төрт буттуу жаныбарларды тартууну үйрөнүшөт. Төрт буттуу жаныбарлардын денеси сүйрү болот экенин билишет; айбанаттарды салыштырууну алардын жалпы жана айырмалуу жактарын аныкташат; образдуу кабыл алууга жана ой жүгүртүү, чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көнүгүшөт. Таякча жана боек менен иштөөнү үйрөнүшөт. Балдар өз мекениндеги жаратылышты эстетикалык көз караш менен баалоого үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «үй жаныбарлары»<br>Балдар салттуу эмес жол менен иштөө ыкмасын колдонуу менен түстүү кагаздарда жаныбарларды чагылдырууну үйрөнүшөт – «Түстүү айрылган кагаз менен иштөө», үй жаныбарларынын элестерин тартышат. Биргелешип иш алып барууну үйрөнүшөт. Жалпылашып жасаган иштин натыйжасы менен кубанууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Токойдо ким жашайт»<br>Балдар мындан мурун даярдалган атайы сүрөттү толуктоого үйрөнүшөт (каалоо боюнча); сүрөттөрдү салыштырууну үйрөнүшөт, алардагы жаңы пайда болгон бөлүкчөлөрдү табышат, мындан мурун үйрөнгөн өнөрлөрүн иш учурунда колдонушат, боек менен боеону үйрөнүшөт.<br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Аюу»<br>Балдар жапайы айбанаттар тууралуу билим алышат.<br>Бир нече бөлүктөн турган нерселерди жасашат. Кулак, жүз сыяктуу мүнөздүү белгилерди чагылдырышат. Кол өнөрчүлүктүн тааныш ыкмаларын колдонушат: тоголотуу, чокмолоштуруу, созуу аркылуу бөлүктөрүн жабыштыруу. Балдардын өз алдынча кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артат. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Канаттуулар»<br>Балдар кыштоочу жана келгин канаттуулар тууралуу маалымат алышат. Орчундуу мүнөздөрү аркылуу канаттууларды айырмалоону үйрөнүшөт. Боек менен боео жана боекту колдонууну үйрөнүшөт; канаттууларды байкоодон алган натыйжаларын чагылдырууга аракет кылышат. Балдардын канаттууларга болгон сүйүүсү артат.<br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Өрдөк жана анын жөжөлөрү»<br>Балдар квадрат түрүндөгү формадан айлана кесип алууну үйрөнүшөт. Тик бурчтуктан сүйрү форманы кесип алууну да үйрөнүшөт. Кайчы менен иштөө, бөлүкчөлөрдү жабыштырууга жатыгышат. Балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, менин шаарым/ айылым**<br>**Сүрөт тартуу: «**Менин сүйүктүү шаарым»<br>Балдар өз шаарынын аталышы тууралуу билим алышат. Шаардын көрктүү жерлерин билишет. Алар жашап жаткан үйлөрдүн кабаттарынын саны, формасы, түрү, терезелери ар түркүн формада болорун баамдашат. Геометриялык фигуралардан жасалган нерселерди тартууну үйрөнүшөт. Таякча менен бир тарапты гана көздөгөн чийимдерди жүргүзүүнү үйрөнүшөт. Балдар өз шаарын сүйүшөт жана ага кооз нерселерди тартуулоого үйрөнүшөт.<br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Чыны кап»<br>Балдар кыргыздардын турмуш-тиричиликтик буюмдары менен таанышышат. Идиштин орчундуу айырмалуу өзгөчөлүгүн чагылдырууга далалат жасашат. Анын бирдейлигин көзмөлдөшөт. Идиштин чекелерин былчыйтуу, түбүн чуңкур кылуу сымал иш-аракеттер менен таанышат. Балдардын кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артат. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Сүрөт тартуу:** «Көөкөр»<br>Балдар кыргыз улуттук «Манас» эпосу тууралуу билимин өркүндөтөт; Манас баатырдын турмуш-тиричиликте жана жоого кеткенде колдонгон буюмдары менен таанышат (чыны кап, кумура, кумган, чанач, көөкөр). Идиштерди окшоштурууга аракет кылышат. Боек менен иштөө жөндөмүн бекемдешет. Балдардын «Манас» эпосуна болгон кызыгуусу артат.<br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** китепче – «Кыргыз улуттук музыкалык аспаптары»<br>Балдар Манас ойногон кыргыз улуттук музыкалык аспаптары менен таанышат. Балдар өз колдору менен кичинекей китепче даярдашат. Балдар кайчы менен иштөө жана жабыштыруу жөндөмдөрүн бекемдешет. | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Жансыз дүйнө, кубулуштар, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Катуу шамал дуети»<br>Балдар жаратылыштагы кубулуштар тууралуу билимин кеңейтишет; курчап турган чөйрөдөгү нерселерге көңүл бурусун өркүндөтөт; шамал дарактардын өзөгүн жана бутактарын кантип ийип жатканын байкайт. Бул көрүнүштөрдү сүрөттө чагылдырууга аракет кылышат. Түстүү калем сап менен иштөө жөндөмүн бекемдешет. Балдар көркөм өнөргө кызыга башташат. | 2-апта | Декабрь |

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 14 | **Кол өнөрчүлүгү:** «Кышкы көйнөк кийген кыз»<br>Балдар адамдын жашоосунда керектелген кийимдин бөлүктөрүнүн максаттары менен таанышат; материал менен кийимдин бөлүгүнүн максаттарынын байланышын аныкташат; кийимдин жашоо үчүн керектүү болгондугунан улам табылганын билишет. Кийимдеги адамдын мүчөсүн бөлүп көрсөтүүнү үйрөнүшөт (баш, тондун ылдый жагы кеңирирээк болуп кетет, колдор), алардын бирдей кеңдикте болушун каалайт. Балдардын кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артат. | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жаңы жылдык куттуктоо кагаздары»<br>Балдар өз алдынча сүрөттү берейин деген оюн аныкташат; пландаштырылган нерсени чагылдырышат; сүрөт тартуунун техникалык ыкмаларын бекемдешет; таякчаны туура кармоо, колдонуу жана аны кургатууну үйрөнүшөт. Балдардын инициативдүүлүгү, өз алдынчалыгы, эстетикалык сезими өсөт, фантазиясы, жакындарды кубандыруу сезими өркүндөйт. Балдар өз колу менен даярдаган сүрөттөргө кубанууга үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Майрамдын балатысы»<br>Балдар үч бурчтуктардан түстүү балатыны даярдоого үйрөнүшөт; квадраттарды тең экиге бөлүп үч бурчтуктарды жасоо үчүн мындан мурун үйрөнгөн ыкмаларын колдонушат; өз колдору менен куттуктоо кагаздарын жасоону үйрөнүшөт; мындан мурун билген ыкмаларын өз алдынча айкалыштырууга аракет кылышат; балдардын форма жана ыргак боюнча сезимдери өрчүйт; | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Кош кел, жаңы жыл!**<br>**Сүрөт тартуу:** «Биздин кооз балаты»<br>Балдар сүрөттө жаңы жылдык балатынын образын чагылдырууга аракет кылышат; ылдый жагындагы бутактары жазы болуп кеткен жаңы жылдык балатыны тартууга көнүгүшөт; балдар түстүү боекторду колдонууну үйрөнүшөт; кургагандан кийин бир түстүн үстүнө экинчи түс менен боеону үйрөнүшөт; иштин эмоционалдуу баалуулугун чыгарат. Балдар өз колдору менен жасаган сүрөттөр менен кубанышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Аяз кыз бийлейт»<br>Балдар узун тондуу аяз кызды тартышат; анын тону конус формасында болот; фигураны вертикалдуу жайгаштырат; колду бир аз кыймылдатуу менен фигуранын кыймылын камсыздашат; балдардын форма жана пропорция сымал сезими өркүндөйт; майрамды күтүүдө мыкты сезимдери пайда болот. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кар»<br>Балдар кышкы элдин турмуш-тиричилиги жана салты менен мыкты таанышат; дөңдөн чана менен муз тебүү; лыжа тебүү; кардан кол өнөрчүлүгү жасоо. Кооз аязатанын сүрөтүн тартып, ага баш кийим, мойнуна шарф тагышат. Кышкы кийимдерди толугу менен чагылдырууга аракет кылышат. Кийимди коoздоодо кыргыз улуттук орнаментин колдонушат. Көз болжолду өрчүтөт; түстөрдү тандашат; формаларды жана пропорцияларды тууралашат. Балдардын өзүнө өзү ишенгичтиги, инициативдүүлүгү, тажрыйба жүргүзүүгө болгон кызыгуусу артат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Кар дөңү»<br>Балдар түстүү кагаздардан бөлүктөрдү жасоого үйрөнүшөт (кар дөңдөрү), айруу жолу менен мындан мурун үйрөнгөн ыкмаларды колдонушат. Балдар жаратылышка суктанууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Унаа. ЖЖЭ**<br>**Сүрөт тартуу:** «Түстүү жарык»<br>Балдар жолдо жүрүү жөнүндө маалымат алышат; автоунаа өтө турган жолдо кышында ойнобош керек экенин, муздун үстүндө түртүшпөө керек экенин, түстөрдү үйрөнүшөт, түстүү жарыктагы кызыл, сары жана жашыл түстөрдүн маанисин үйрөнөт. Сүрөттө тик бурчтук жана айлананы тартууну үйрөнүшөт, Мындан мурун тааныш болгон сүрөт тартуунун ыкмаларын колдонушат. Көңүл буруу жана жоопкерчилик тууралуу маалымат алышат. | 1-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 18 | **Кол өнөрчүлүгү:** «Мына биздин поезд кетип баратат»<br>Балдар биргелешип бир нерсе жаратууну үйрөнөт. Желимди тең бөлүшүүнү үйрөнөт, форма жана пропорция тууралуу маалымат алышат, кол өнөрчүлүктүн жаңы ыкмалары менен таанышышат, курчап турган чөйрө тууралуу өз сезимдери менен бөлүшүүнү үйрөнүшөт. | 1-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүк дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, жемиштер, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Бүлдүркөндөрдүн сабагы»<br>Балдар таякчалар менен бүлдүркөндүн сабагын тартууну үйрөнүшөт, жалбырактарын болсо таякчаны суулап алуу менен тартышат, ыргак жана түстү мыкты деңгээлде өздөштүрүшөт. Балдар курчап турган айлана-чөйрө жөнүндө өз пикирлерин жана сезимдерин кагаз бетине түшүрүүгө үйрөнүшөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Кышка жасалган жемиштер»<br>Балдар кышка камдануу тууралуу маалымат алышат. Айлана жана сүйрү формадагы буюмдарды даярдоону үйрөнүшөт. Чийимдин ичине бөлүкчөлөрдү тыкандык менен жабыштырышат (банка). Балдардын көркөм өнөргө кызыгуусу артат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Боз бөжөктүн ак бөжөккө айланышы»<br>Балдар коендун кышында түсүн өзгөртүшүн үйрөнүшөт. Анын боз түсүн ак түскө айландырат. Балдар көркөм өнөрдүн түрдүү ыкмаларын колдонуу менен өз алдынча чыгармачылык менен алектенишет. Балдардын ой жүгүртүүсү жана фантазиясы өсөт. Табиятты таануу жана чындыктарды чагылдыруу тууралуу кызыгуусу артат.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Күчүк»<br>Балдар үй жаныбарлары тууралуу билимин өркүндөтөт. Балдар күчүк иттин баласы экенин үйрөнүшөт. Түзүүчү ыкма менен образдын көрктүүлүгүн чагылдырат. Тыкан жабыштыруу жолу менен таанышат. Балдардын көркөм өнөргө кызыгуусу артат. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Турмуш-тиричилик буюмдары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кийим-кече үчүн текче»<br>Балдар эмеректин түрдүү бөлүктөрү тууралуу маалымат алышат (ашкана, жатакана).<br>Тик бурчтук формасындагы нерселерди тартуу жөндөмүн бекемдешет, алардын орчундуу мүнөздүү белгилерин тартышат; таякча менен түрдүү иштөө жолдорун өздөштүрүшөт. Балдар образдуу дүйнөнүн кабыл алууга машыгышат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Телевизор»<br>Балдар турмуш-тиричилик буюмдары тууралуу билимин кеңейтишет. Тик бурчтуктун бурчтарын тоголоктоого үйрөнүшөт, бөлүкчөлөрдү чоңдугуна карата айырмалашат, аларды өз орундарына жайгаштырышат. Балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат, дүйнөнү образдуу кабыл алуусу өрчүйт. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяк**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кашыкка сүрөт»<br>Жыгачка сүрөт тартуу өнөрү менен таанышуу. Айлананын ичине сүрөт тартууга үйрөнүшөт, жер жемиштерди, жалбырактарды, чөптөрдү тартышат. Түстөрдүн түрүн колдонушат, аларды айкалыштырышат, өсүмдүк дүйнөсүнүн чийимдерин үйрөнүшөт. Балдардын дүйнөнү эстетикалык жол менен кабыл алышы өсөт, түстү тандоо, айкалыштыруу, эмгек ишчилерине болгон сүйүүсү жана аларга көрсөткөн сый-урматы артат.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Куурчактар үчүн идиш-аяк»<br>Балдар идиш жана алардын колдонулуу максаты тууралуу билим алышат. Идиш-аяктарды айырмалашат жана аларга атоо беришет. Аларды жалпылаштырышат, окшоштуктарына карата аларды бөлүштүрүшөт. Идиш жасоо билимин өркүндөтүшөт, кол өнөрчүлүгүн машыктырышат. Балдардын ишке болгон өз алдынчалуулугу жана тыкандыгы өсөт. Идишке аяр мамиле жасоого машыгышат. | 2-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 23 | **Кесиптер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Этек тарткычты коздоо»<br>Балдар тарбиячынын жардамчысы кесиби тууралуу билимин кеңейтишет; тарбиячынын жардамчысынын эмгегинин мазмуну менен таанышат; ал инсан колдонгон эмгек шаймандарынын колдонулуш максаттарын үйрөнүшөт. Нерселерди кооздоо жөндөмдөрүн бекемдешет, бул үчүн сызыктарды, боекторду, чекиттерди, айланаларды жана башка тааныш нерселерди колдонушат. Балдардын эстетикалык дүйнөнү кабыл алуу жолу өнүгөт, муну менен бирге улуулардын кылган ишин баалоо жана аларды бул үчүн сыйлоо сезими өнүгөт.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Өрт өчүрүүчү машина»<br>Балдар өрт өчүрүү коопсуздугу менен таанышат. От менен коркунучсуз мамиле кылууну үйрөнөт. Балдар жетишпеген бөлүктөрүн толуктап, машина жасоого көнүгүшөт. (дөңгөлөктөрүн тагат, терезелерин салат), квадраттардан айлана жасашат, узун кагаздан квадрат жасашат, белгилүү бир орунга колго тийген бөлүктөрүн жабыштырышат. Балдар өрт өчүрүү кызматкери сымал кесиптин ээлерине сый көрсөтүшөт, алардын оңой эмес жумушуна сый көрсөтүшөт, бул кесиптин татаалдыктарына түшүнүү менен мамиле кылышат. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кышында канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Таранчы»<br>Балдар кышындагы чымчыктардын жашоосу тууралуу маалымат алышат; көчөдө чымчыктардын иш-аракетине байкоо жүргүзүшөт; таранчынын сүрөтүн тартууга аракет кылышат, аларга денесинин турпатын окшоштурганга аракет кылышат (дене мүчө – сүйрү, баш – тегерек, канаттар – жарым сүйрү, куйрук, көз, тумшук), кооз түктөр; боек менен таякча менен сүрөт тартууга көнүгүшөт. Көркөм өнөргө суктанууга улантышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Чымчыктар жем жегенге учуп келишти жана жемди чокуп жеп жатышат»<br>Балдар канаттуулар тууралуу өз билимдерин өркүндөтүшөт. Көркөм өнөргө эң жөнөкөй дененин түзүлүшүн жасоого аракет кылышат: баш менен денени төмөнгө ийилтет; кол өнөрчүлүк ыкмаларын бекемдешет; өз жумушун курдашынын жумушу менен байланыштырышат, эң жөнөкөй мазмундарды чагылдырууга аракет кылышат. Биргелешип жасаган ишинин натыйжаларына кубанууга, үзүрүн көрүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март эл аралык аялдар күнү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Сүйүктүү энеме жана чоң энеме жасалган белек»<br>Балдар гүлдөр жана анын түркүн түрлөрү тууралуу маалыматтарды алышат; таякча менен түрдүү жол менен сүрөт тартууну үйрөнүшөт; бир эле сүрөттө түрдүү материалдарды айкалаштырышат (фломастерлер, карандаштар, боектор). Балдардын өз энесине, чоң энесине болгон сүйүүсү артат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Энеме майрамда жоогазын белекке берем»<br>Балдардын фантазиясы өнүгөт, чыгармачылык ой жүгүртүүсү артат; бөлүкчөлөрдү кесип, кагазга жабыштырууну үйрөнүшөт (фон), бүтүн бир бөлүктү түзүшөт. Жабыштыруу усталыгын үйрөнүшөт. Балдар жакындарына эстетикалык-нравалык мамиле жасоону үйрөнүшөт, туугандарын кубандырууга маани беришет. Балдар даяр ишти баалоону жана барктоону үйрөнүшөт. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз. Жансыз дүйнө, кубулуштар, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Булут каптаган асман»<br>Балдар жансыз табият менен таанышат. Булуттар кантип пайда болору тууралуу маалымат алышат. Калем саптын түрдүү учтарын колдонуп иштешет. Өз колу менен даярдаган сүрөттөргө жакшы мамиле жасоого үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Шоола чачкан күн»<br>Балдар жансыз табият тууралуу маалымат алышат; кол өнөрчүлүктүн тааныш болгон усул-ыкмаларын колдонушат (желимден шар жасоо, узун формадагы нерсени жасоо, былчыйтуу). Балдар тыкан иштөөгө көнүгүшөт. | 2-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 27 | **Суу дүйнөсү: деңиз, дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Балакай – осьминог»<br>Деңизде жана океанда жашоочулар жөнүндө балдарга окутуп үйрөтөт. Балдардын алакан басмалары менен иш тажрыйбасын үйрөтөт, балдардын алакандарынын жардамы менен осьминогдун келбетин окшоштура алат.<br>Ийри сызыктарды колдонуу менен деңиз жандыктардын көркөм образдарды жаратуу үчүн үйрөнүү (балыр жана осьминогдун кармалагыч мүчөсү). Балдардын өз алдынча өздөштүрүү, демилге көтөрүү, сезүү, билүүгө тырышчалыкка үйрөтөт. | 3-апта | Март |
| | **Түстүү кагаз менен иштөө:** «Суу жаныбары бака»<br>Суулардагы, деңизде жана океандаргы жашоочулардан балдарыбыз тарбия катары үлгү алат. Суу жаныбары менен таанышуу – баканын сырткы көрүнүшү жөнүндөгү элестерди байытат, кагазга майда-чүйдөсүн тыкандык менен жабыштырып, тик бурчтуктан баканынын көрүнүшүн жасай билүү жөндөмдүүлүгүн бекемдейт. Жаратылыш дүйнөсүнө аяр мамиле жасоого тарбиялайт. | | |
| 28 | **Жаз. Өсүмдүк дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, жемиштер, гүлдөр, дарактар, бадалдар. Нooруз**<br>**Сүрөт тартуу:** «Гүлдөгөн бутак»<br>Балдар жазында табияттын өзгөрүшү тууралуу маалымат алышат; келе жаткан Нооруз майрамы тууралуу маалымат алышат; бүтүн бир нерсе жасоого көнүгүшөт; түрдү элементтерди бириктиришет; (бутак жана анда өсүп чыккан гүлдү). Гүлдүн салаалап өсүшүн чагылдырууга аракет кылышат, 5–6 желекчени бириктиришет. Гүлгүн түс алуу үчүн ак менен кызыл түстү аралаштырып көрүшүп, жаңы түс алышат. Балдар айлана-чөйрөдө болуп жаткан кубулуштарды өз сүрөттөрүндө чагылдырышат. Гүлдөп жаткан өсүмдүктөрдүн көрүнүшүнө суктанууга көнүгүшөт. | 4-апта | Март |
| | **Кол өнөрчүлүгү:** «Бактабы же короодобу»<br>Балдар сабиз менен капустаны жасашат; бул жашылчаларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү чагылдырышат; сабиздин көрүнүшү тармал куйруктары бар конус (түйүлдүк түрүндө). Түрдүү жашылчаларды бир эле формадан жасаса болот экенин билишет (туруп менен кызылча), себеби алардын көрүнүшү окшош. Балдардын короодогу жашылчаларга болгон кызыгуусу артат, чыгармачыл ой жүгүртүүсү жана элестетүүсү өсөт. | | |
| 29 | **Жазында кол эмгектенүү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Трактор талаасы»<br>Жазгы талаа жана огородогу иштери жөнүндө окутулат. Тик бурчтук жана тегерекченин келбети менен трактордун көрүнүшүн жасай билүү (турак-жай, дөңгөлөк, терезе). Карандаш жана түстүү боектор жардамы менен жөндөмдүүлүгүн бекемдейт (жай, ортосуна карандаш менен катуу басып, тез чийбөө). Балдардын чыгармачылыкка аракеттенүсүү. | 1-апта | Апрель |
| | **Түстүү кагаз менен иштөө:** «Атам менен бакчага кутуча астык»<br>Балдардын тартылган сүрөттүн ортосуна төрт бурчтук жана үч бурчтук кесип үйрөнүү, геометриялык фигураны айрымасы – бөлүктөрдөн бир нечеге бөлүү; жабыштыргыч менен бекемдөө. Балдардын өз каалоосу менен эмгектенип аракеттенишет. | | |
| 30 | **Космос**<br>**Сүрөт тартуу:** «Күн планетасы»<br>Күн жөнүндө кабыл алуусу (күн-жарык булагы).<br>Эртең менен күндүзгү жана кечки күн кайда болот. Эмне себептен күндү көпкө кароого болбойт. Щетка менен сызык чийгенди үйрөнүү, өйдө, ылдый, оң тараптан бир калыпта айланта;<br>Улам өсүп отурган айланаларды күндүн тегерегине чийишет. Балдар жаңы нерсе үйрөнүүгө умтулат. | 2-апта | Апрель |
| | **Кол өнөрчүлүгү:** «Жылдыздарга уч, ракета»<br>Балдар курчап турган айлана-чөйрө тууралуу маалымат алышат (космос тууралуу). Кол өнөрчүлүк ыкмаларын бекемдешет: тоголотуу, чымчып алуу, жаюу. Балдардын кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артат. | | |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31 | **Жазгы канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Турналар учуп келишти»<br>Балдар келгин канаттуулар тууралуу өз билимин өркүндөтүшөт. Бaрактын жазы бетине сүрөттү тууралоого үйрөнүшөт, сүрөт тартуунун түрдүү ыкмалары менен (таякча менен); көркөм өнөр сүрөт чеберчилигин арттырышат (А.К. Саврасов «Турналар келишти»); өз иш ордун уюштурууну үйрөнүшөт, тыкан иштешет.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Ылай ичиндеги таранчылар»<br>Балдар чымчыктардын жазында өзүн алып жүрүшүн байкашат. Балдар төрт бурчтуктун чекесин бүгүү менен айлана; тик бурчтуктун чекесин бүгүү менен сүйрү форма жасашат; түстүү кагаз менен иштөө усулун өркүндөтүшөт; чыгармачылык ой жүгүртүүнү алдыга жылдырат. Балдар айлана-чөйрөдөгү кубулуштар тууралуу билим алууну каалашат. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Менин сүйүктүү үй жаныбарым»<br>Балдар өздөрүнүн сүрөттөрүндө үй жаныбарларынын образдарын берүүгө аракет кылышат (денесинин формасын, дене бөлүктөрүнүн орун алышы жана өзгөчөлүктөрү, алардын чоңдуктарын, пропорцияларын); өздөрүнө жаккан жаныбарларды тандашат; боек менен иштөө жөндөмүн бекемдешет. Балдар образдуу кабыл алууну жана оңдоону үйрөнүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Жапайы жаныбарлардын хандыгы»<br>Балдар бир нече бөлүктөн турган нерселерди чогултууга аракет кылышат; алардын ар биринин мүнөздүү белгилерин чагылдырат; (кулак, тумшук, куйрук). Кол өнөрчүлүктүн тааныш ыкмаларын колдонушат: жууруу, жаюу, шыбоо менен бөлүктөрдү бириктирүү. Балдардын өз алдынчалуулугу өсөт, кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артат. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш күнү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Мына бизде кандай салют!»<br>Балдар 9-май Жеңиш майрамы тууралуу билим алышат. Жабыштыруу ыкмасын өздөштүрүшөт; эки колу менен бир учурда иштөөгө аракет кылышат; (бармактар менен, кебездүү таякча менен, бет аарчы менен, кебез, тыгын менен); түрдүү көркөм өнөр шаймандары жана фейерверг эффекттерин берүү үчүн түрдүү ыкмаларды колдонуу. Балдар түстөрдү айырмалашат, ыргак жана айкалышуу тууралуу маалымат алышат; атуулдук сезимдери ойгонот.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Желек менен коoздолгон үй»<br>Балдар шаар ичиндеги болуп жаткан майрам тууралуу өз сезимдерин билдиргенге аракет кылышат; кагазды түз кылып кесишет; бурчтарын чыгарышат; бөлүктөрдөн бир бүтүн нерсени жасашат. Түстүү кагаздардан үйдүн элесин дайындашат; аны желектер менен кооздошот. Балдар бирдей жабыштыруу жана тыкан иштөө жөндөмдөрүн өркүндөтүшөт. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жылдыз курт»<br>Балдар курт-кумурскалар тууралуу маалымат алышат. Түрдүү чоңдуктагы айланаларды чийишет; баракты тең экиге бөлүп иштөөнү өздөштүрүшөт; көркөм өнөрдүн эң негизги ыкмасы катары түстөрдү жана формаларды берүүнү өнүктүрүшөт. Балдардын эстетикалык табити өсөт; сүрөт тартууда пропорциялуулукту сактоого көнүгүшөт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Чымын – анын достору менен бирге»<br>Балдар өз каалоосу менен тандаган курт-кумурскаларды өз колдору менен жасашат (көпөлөктөрдү, жөргөмүштөрдү, аарыларды, ийнеликтерди), алардын өздөрүнө тиешелүү мүнөздүү белгилерди жана түстөрүн туура чагылдырышат. Майда бөлүктөрүн жасоо үчүн материалдарды тандашат. Балдардын баамдоо сезими өсөт, алардын жамаат болуп иштөө өнөрү артат, жандуу табиятты баалоого кызыгышат. | 2-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кооз гүлдөр»<br>Балдар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен гүлдөрдү тартышат; аларды түдүү багыттарга каратышат; айлана жана сүйрү формаларды тартуу билимин бекемдешет; байкоо жөндөмүн арттырат; курчап турган айлана-чөйрөдөгү кооздукту кабыл алууну өздөштүрөт; таякчаны түрдүү жол менен колдонууну өздөштүрүшөт. Балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат.<br><br>**Түстүү кагаз менен иштөө:** «Гүлзар» (биргелешип түстүү кагаз менен иштөө)<br>Балдар жазгы жаратылыштын сулуулугуна оң жана эмоционалдуу кабыл алышат. Балдар айлана түрүндөгү нерселерди кесүүнү үйрөнүшөт, тик бурчтуктун чекелерин кесип салуу менен тегерек форма алышат; бөлүктөрдөн бир бүтүн нерсе жасашат. Биргелешип иш алып барууга көнүгүшөт. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>**Сүрөт тартуу:** «Курбу үчүн сүрөт»<br>Балдар курбулар кандай касиеттерди алып жүрүү керек экенин үйрөнүшөт: башка бирөөгө күйүмдүү болуу, кыйын кырдаалда курбусуна жардам берүү; баарлашуу; түшүнүшүү. Сүрөттүн негизги мазмунун табышат, өз оюн соңуна чыгарышат. Балдардын өз алдынчалуулугу өсөт, чыгармачылыгы өркүндөйт.<br><br>**Кол өнөрчүлүгү:** «Боорсоктун курбулары»<br>Балдар достук жөнүндө өз билимин өркүндөтүшөт. Кол өнөрчүлүктүн ыкмаларын бекемдешет. Алакандары менен бир өңчөй кылып желимди тегиздешет. Көз, оозду тартууда таякчаны колдонууну үйрөнүшөт; Балдар оюндагы каарманга оң мамиле жасоого көнүгүшөт; жомоктогу ойдон чыгарылган каармандарды желимден жасоого кызыгуулары артат. | 4-апта | Май |

## *«ДЕН СООЛУКТУ БЕКЕМДӨӨ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1-2 | **Милдеттер:**<br>Бир бирден катарга тизилип чуркоого жана басууга көнүгүү;<br>эки чийимдин ортосунда басуу жана чуркоо кезегинде тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү; жарым бүгүлгөн бут менен жерге түшүүгө көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Төрт боо, эки таякча (же эки кубик), кыймылдуу оюн үчүн түстүү жиптер, желекче.<br>**I бөлүк**<br>Бир катарда бирден басуу, бир бирден бир катарда чуркоо (2–3 жолу).<br>**II бөлүк**<br>1. Эч кандай нерселерди колдонбостон жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – эки чийимдин ортосунда басуу жана чуркоо (туурасы 20 см), колдор бош ташталат (2–3 жолу);<br>б) секирүү – эки бут менен секирүү, аралык 2 м. (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Өз түсүңдү тап»<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, жетекчинин колунда желекче. | 1-апта | Сентябрь |
| 3, 6<br>Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чуркоого үйрөнүү, аралыкты сактоо; узундукка секирүүгө үйрөнүү, туура жүткүнүү жана эки буттап жерге туруп калуу;<br>Алыска ыргытуу; көз болжолду өстүрүү; белги боюнча кыймылдай билүүнү өнүктүрүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: желекче.<br>**I бөлүк**<br>Бири биринин артынан басуу, отуруу, колду түрдүү абалда кармоо жана түрдүү алыстыктагы кадамдар менен. Бири биринин артынан чуркоо. | 1-2 апталар | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 3, 6 Сыртта сабак өтүү | Айланага тизилүү.<br>**II бөлүк.** Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр<br>Көз үчүн көнүгүүлөр,<br>Дем алуу үчүн көнүгүүлөр «Сааттар», «Соргуч», «Чоң болуп өсүү».<br>Негизги кыймыл-аракеттер<br>**Кыймылдуу оюндар:** «Желекке чейин ким тез чуркап барат?» (4 жолу), «Арыктан секирип өт» – узундукка секирүү (4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Учактар» (2 жолу).<br>**III бөлүк.** Аянттын ичинде жай басуу. | 1-2 апталар | Сентябрь |
| 4-5 | **Милдеттер:**<br>Басууга жана чуркоого үйрөнүү, тарбиячынын белгиси менен кыймыл-аракеттерди ишке ашыруу; секирүү учурунда күч менен жер тебүүгө жана жарым бүгүлгөн бут менен жерге туруп калууга үйрөнүү; бири бирине топту тоголотууга көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Топтор балдардын санына жетиштүү болушу керек, эки тосмо, боо, бир нече коңгуроолор (же жиптер).<br>**I бөлүк.**<br>Басуу жана бир бирден бир катарда чуркоо токтоп калуу керек тарбиячынын белгиси менен;<br>Басуу жана чуркоо кезектешүү менен (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.** 1. Желектер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) секирүү – бир орунда туруп секирүү («Коңгуроого жетүү») (6–8 жолу);<br>б) ыргытуу – топту бири бирине ыргытуу, аралык 1,5 м (10–12 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Боз бөжөк жуунуп жатат».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдагы оюн «Желекчени тапчы». | 2-апта | Сентябрь |
| 7-8 | **Милдеттер:**<br>Кичирейтилген таяныч аянты боюнча тең салмактуулукту сактоо менен төрт буттап түз жөрмөлөөгө көнүгүү. Топту тоголотуу учурунда түртүлүү күчүн жөнгө салууга үйрөнүүнү улантуу; нерселердин ортосунда жөрмөлөп өтүүгө көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Топтор балдардын санына жетиштүү болушу керек, эки боо (узундугу 2 м), кубиктер (сегиз–он), желектер түркүн түстө болушат.<br>**I бөлүк.** Басуу жана бир бирден бир катарда чуркоо; эки чийимдин ортосунда (аралык 20 см); Залдын бардык аянты боюнча чачырап басуу жана чуркоо (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) ыргытуу – топту бири бирине тоголотуу, аралык 1,5–2 м (8–10 жолу);<br>б) тырмышып чыгуу – эки нерсенин ортосунда жөрмөлөө (таякчалар, кубиктер, топтор), түз бир катарга тизилген (4–5 даана), нерселердин ортосундагы аралык 0,5 м (2 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Өзүңө түгөй тап».<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, жетекчинин колунда желекче. | 3-апта | Сентябрь |
| 9, 12 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоодо көнүгүү; «ийинден түртүп» топту ыргытууга үйрөнүү; көңүлдү бир жерге токтотууну үйрөнүү, угуу аркылуу кабыл алуу.<br>Колдонулуучу каражаттар: Балдардын ар бирине жете турган санда желекчелер (жарымы окшош түстө, экинчи жарымы башка түстө), жаңгактар.<br>**I бөлүк.** Бири биринин артынан басуу, тизени абдан бийик көтөрүү менен (колду белде кармоо менен), колду ар башка абалда кармоо менен (өйдө, баштын артына, капталдарга). Бири биринин артынан чуркоо. Басуу. Айланага тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>Дем алуу үчүн атайын көнүгүүлөр.<br>**Кыймылдуу оюндар:** «Өзүңө түгөй тап» – желек менен чуркоо, «Ким алысыраак ыргытат» – ыргытуу жаңгактар.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Аюнун чээнинде», «Учактар».<br>**III бөлүк.** Аянт ичинде тыптынч басуу. | 3-4 апталар | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 10-11 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоодо көнүгүү тарбиячынын белгиси менен токтоп калуу керек;<br>Боонун алдына жөрмөлөп кирерде тайпа болуп чогулууга үйрөнүү;<br>Туруктуу тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Ар бир балага эки жип, эки тосмо жана боо, кубиктер (сегиз – он), топтор.<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу тарбиячынын белгиси менен токтоп калуу керек жана тапшырмаларды аткаруу менен;<br>Чачырап басуу жана чуркоо (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Жип менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тырмышып чыгуу – боонун алдына жөрмөлөп кирүү (бийиктиги 50 см), тайпа ичинде колун полго тийгизбөө (4–6 жолу);<br>б) тең салмактуулук– баладан эки кадам алыстыкта орун алган кубиктерди аттап өтүү менен басуу (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Шыңгыракты шыңгырарт», «Качма топ» – топко жет.<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдагы оюн «Кайда жашырылганын тап». | 4-апта | Сентябрь |
| 13-14 | **Милдеттер:**<br>Басууда кадам шилтеп басууга үйрөнүү;<br>Басууда туруктуу тең салмактуулукту сактоого көнүгүү; алдыга жылып секирүүнү кайталоо<br>Колдонулуучу каражаттар: ар бир бала үчүн эки желекче, эки гимнастикалык отургучтарга, кеглдер (төрт-алты)<br>**I бөлүк.** Боодон аттап колоннада бирден басуу;<br>Тарбиячынын белгиси менен токтоп басуу жана чачырап (2-3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Желекчелер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – гимнастикалык отургучта басуу (бийиктиги 30 см), бел таянуу (3 жолу);<br>б) секирүү – алдыга жылып бир сызыкка тизилген кеглдерден өтүп, эки буттап секирүү, (аралыгы 3 м) (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Канаттуулардын учуп кетиши», «Күн жана жаан».<br>**III бөлүк.** Кол үчү көнүгүүлөрдү жасап бир бирден колоннада басуу. | 1-апта | Октябрь |
| 15, 18 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоого үйрөнүү, басууда аралыкты сактоого үйрөнүү; эки буттап секирүүгө үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Кинезиологиялык («Көздөр», «Тиштер») жана дем алуу («Семафор», «Асан-үсөн», «Казадр учат») көнүгүүлөрү.<br>**II бөлүк.**<br>**Кыймылдуу оюн** «Доңуз» – чуркоо (4 жолу),<br>«Ким бат кыймылдайт» – чуркоо (4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ак терек – көк терек».<br>**III бөлүк.** Аянтта басуу. | 1-2 апта | Октябрь |
| 16-17 | **Милдеттер:**<br>Катарда өз ордун табуу менен чуркоо жана басууга үйрөнүү;<br>боону аттап өтүүгө көнүгүү;<br>топту тоголотуу учурунда багытты сактоого көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: топтор, боо балдардын санына жетиштүү болушу керек (алты – сегиз).<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, Катарда өз ордун табуу менен чачырап басуу, бармак учунда басуу, чачырап басуу жана чуркоо (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) секирүү – боону эки буттап аттап секирүү, алардын ортосундагы аралык 35–40 см, жалпы узундугу 3 м (3–4 жолу);<br>б) ыргытуу – топту бири бирине ыргытуу, аралык 2 м (8–10 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ашкабак чапмай».<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу. | 2-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19-20 | **Милдеттер:**<br>Нерселерди аттап өтүү менен басууга үйрөнүүнү улантуу,<br>бармак учунда басууну кайталоо, чачырап чуркоо;<br>боо аркылуу топту ыргытып үйрөнүү,<br>тактанын үстүндө жөрмөлөп көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: эки такта, жарым тайпага жетерлик топтор, эки тосмо, боо (же торчо).<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, оң жана сол бут менен кезектештирип нерселерди аттап өтүү;<br>Чачырап чуркоо, бармактын учу менен кезектешип басуу (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Нерселерди катыштырбастан жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) ыргытуу – баштан ашырып эки колдоп тордун аркы бетине топту ыргытуу, аралык 2 м (6–8 жолу);<br>б) тырмышып чыгуу – жерге төшөгөн тактанын үстүндө жөрмөлөө, төрт буттап (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Ким көбүрөөк гүл чогултат?».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдагы оюн «Тап жана унчукпа». | 3-апта | Октябрь |
| 21, 24 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**:<br>Басуунун түрлөрүнө үйрөнүү, чуркоого жана секирүүлөргө көнүгүү; машиналардын дөңгөлөктөрүнө секирүү кезегинде тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү.<br>**I бөлүк.** Бири биринин артынан басуу, буттарды алдыга-өйдө кыймылдатуу, буттун учун алдыга өйдө кыймылдатуу, буттарды капталдарга ойнотуу (аскерлер сымал). Бири биринин артынан чуркоо, алдыга чуркоо. Басуу. Катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>1. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр:<br>Дем алуу органдарына жана кинезиологиялык гимнастика.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) «Кулаба» – Машинанын дөңгөлөктөрүндө басуу (4 жолу);<br>б) «Секиребиз» – чийимден баштап, машинанын дөңгөлөктөрүнө чейин секирүү (аралык – 3 м) (4 жолу).<br>**Кыймылдуу оюн** «Ак терек - көк терек»<br>**III бөлүк.** Аянт ичинде тыптынч басуу. | 3-4 апталар | Октябрь |
| 22-23 | **Милдеттер:**<br>Тизелерди бийик көтөрүү менен, катарда өз ордун табуу менен басууну кайталоо; ийилген темирдин алдына тайпа менен бирге жөрмөлөп кирүүгө үйрөнүүнү улантуу; тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Гимнастикалык отургучтар, ийилген темир (төрт – алты), ар бир балага эки жиптен.<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу тизелерди абдан жогору көтөрүү менен, Басуу жана чуркоо катарда өз ордун табуу керек; Чачырап басуу жана чуркоо (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Жип менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тырмышып чыгуу –ийилген темирдин алдына жөрмөлөп кирүү, колун полго тийгизбөө менен (бийиктиги 50–40 см), тайпа ичинде (4–5 жолу);<br>б) тең салмактуулук – гимнастика үчүн атайын жасалган отургучта басуу, ортосунда отуруу, туруу пандан ары басуу (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Түшүм».<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, жетекчинин колунда сабиз болот. | 4-апта | Октябрь |
| 25-26 | **Милдеттер:**<br>Кыймылдын багытын өзгөртүү менен басууну жана чуркоону үйрөнүү; нерселердин ортосунда басуу жана чуркоону кайталоо;<br>жогорулатылган таянычта басуу учурунда туруктуу тең салмактуулукту сактоого үйрөнүүнү улантуу; секирүүгө көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: бир бирден кубик ар бир балага, эки отургучтар, бир нече үйлөтүлгөн топ. | 1-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 25-26 | **I бөлүк.** Кыймыл-аракеттин багытын өзгөртүү менен басуу жана чуркоо; Чачырап басуу жана чуркоо нерселердин ортосунда (кубиктер менен) (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Кубик менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – баладан эки кадам алыстыкта орун алган кубиктерди аттап өтүү менен басуу (2–3 жолу);<br>б) секирүү – эки бут менен секирүү, алдыга жылуу менен жана 3 м (2–3 жолу) аралыктарда жайгаштырылган топторду бүгүү.<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Коендор».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдагы оюн «Тап жана унчукпа». | 1-апта | Ноябрь |
| 27, 30 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Чуркоо жана басуу кезегинде башты жана белди түз абалда сактоо менен үйрөнүү; узундукка секирүүгө көнүгүү; эркин түрдө гимнастика үчүн атайын даярдалган дубалга тырмышып чыгууга үйрөнүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: гимнастика үчүн атайын даярдалган дубал, дөңгөлөктөр.<br>**I бөлүк.** Бири биринин артынан басуу кыймыл-аракеттин багытын дайыма алмаштырып туруу керек. Бири биринин артынан чуркоо. Секирип туруу, колду ар башка абалда кармоо менен. Басуу. Айланага тизилүү.<br>**II бөлүк.** Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр<br>Кинезиологиялык («Көздөр», «Башты чайкоо») жана дем алуу органдары үчүн («Термелгич», «Кулактар», «Кирпи чечен») көнүгүүлөр ( 5 жолу).<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) «Бир орундан кыймылдабастан ким алысыраак секирет», секирүү бир орундан кыймылдабастан (4 жолу);<br>б) «4 жыгачка чейин тырмышып чык», эркин түрдө гимнастика үчүн атайын жасалган жыгач менен тырмышып чыгуу (4 жолу).<br>в) **Кыймылдуу оюн** «Мыймыйлар жана күчүктөр», «Тоокканадагы түлкү» (2 жолу).<br>**III бөлүк.** Аянт ичинде тыптынч басуу. | 1-2 апталар | Ноябрь |
| 28-29 | Айлананын чегинен чыкпастан басуу жана чуркоону үйрөнүү, колдору менен кармаоо керек; бармак учунда басууну кайталоо жана чачырап чуркоо; жарым бүгүлгөн бут менен жерге туруп калууну үйрөнүү; топту бири бирине ыргытууга көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: алкактар (беш-алты), тайпанын жарымына жете турган топтор.<br>**I бөлүк.** Басуу айлананын чегинен чыкпастан, колдору менен кармаш керек (катарда туруу менен), чуркоо айлананын чегинен чыкпастан, колдору менен кармаш керек, бир катарда бирден басуу бармактын учу менен, чачырап чуркоо тарбиячынын белгиси менен токтоп калуу керек (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Эч кандай нерселерди колдонбостон жалпы өстүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) эки буттап секирүү – алкактан алкакка секирүү (5–6 алкак) (2–3 жолу);<br>б) ыргытуу – топту бири бирине ыргытуу (эки колдоп төмөндөн өйдөнү көздөй), аралык 1,5 м (6–8 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Коен жана карышкыр».<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, биринчи баланын колунда «Коен». | 2-апта | Ноябрь, |
| 31-32 | **Милдеттер:**:<br>Басуу жана чуркоону кайталоо; кыймыл-аракеттин багытын дайыма алмаштырып туруу керек; топту өйдө кайра жерге ыргытууну үйрөнүү; гимнастика үчүн атайын жасалган отургучтардын үстүндө жөрмөлөп көнүгүү. Колдонулуучу адабияттар: Топтор балдардын санына жетиштүү болушу керек, эки гимнастикалык отургучтар.<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу; тарбиячынын белгиси менен кыймыл-аракеттин багытын дайыма алмаштырып туруу керек; тизелерди абдан жогору көтөрүү менен бир катарда бирден басуу, чачырап басуу жана чуркоо (2–3 жолу). | 3-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31-32 | **II бөлүк.**<br>1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) ыргытуу – топту ыргытуу; өйдө ыргыган топту кайра эки колдоп кармап алуу (6–8 жолу);<br>б) тырмышып чыгуу – алакан жана тизе менен гимнастика үчүн атайын жасалган отургучтун үстүндө жөрмөлөө (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Бүркүт тумшугу».<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу , намыстуу бүркүттүн белин кайталоо. | 3-апта | Ноябрь |
| 33, 36 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**:<br>Чуркоонун жана басуунун түрлөрүн кайталап көнүгүү; айлананын чегинен чыкпастан, топту жоготпостон, топту бири бирине ыргытууга көнүгүү; Алыска граната ыргытуу, көз болжолду өстүрүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Топ, жаңгактар, желектер түркүн түстө болушат ар бир баланын санына жетишээрлик болушу абзел.<br>**I бөлүк.** Бири биринин артынан басуу, бармактын учу туш тарапка караган түз буттар менен басуу («пингвиндер сымал»). Бири биринин артынан чуркоо. Басуу. Катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>1. Кинезиологиялык жана дем алуу органдары үчүн атайын жасалган жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) «Дөңгөлөккө чейин ыргытуу» – тобурчактарды алыска ыргытуу, дөңгөлөктөргө жетүүгө далалат жасоо (аралык 3–4 м ) (5 жолу);<br>б) «Топту берип кой» – турган абалда; айлананын чегинен чыкпастан, топту бири бирине ыргытуу (5 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Бөжөктөр», кагаздан жасалган көгүчкөн, «Көгүчкөндү карма».<br>**III бөлүк.** Колунда желекчеси бар жетекчинин аркасынан бир катарда бирден басуу. | 3-4 апталар | Ноябрь |
| 34-35 | **Милдеттер:**<br>Басуу жана чуркоону үйрөнүү; айлананын чегинен чыкпастан, колдору менен кармаш керек (кезектен чыкпастан;), басууну улантуу керек; токтоп калуу керек тарбиячынын белгиси менен; курсакка жатып жөрмөлөө менен таанышуу; туруктуу тең салмактуулукту сактоо жана белди түз кармоого көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Эки гимнастикалык отургучтар, кубиктер (сегиз – он), алкактар (диаметри 30–35 см).<br>**I бөлүк.** Басуу жана чуркоо айлананын чегинен чыкпастан, кезектен чыкпастан колдору менен кармаш керек;<br>Басуу жана чуркоо, токтоп калуу керек тарбиячынын белгиси менен жана көнүгүүлөрдү аткаруу милдеттүү түрдө жүрөт (отуруп калуу, секирүү, алакандарды чабуу) (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Нерселерди катыштырбастан жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тырмышып чыгуу – гимнастика үчүн атайын жасалган отургучтун үстүндө жөрмөлөө, эки кол менен тырмышып чыгуу (эки кол менен отургучтардын капталдарын кармоо) (2–3 жолу);<br>б) тең салмактуулук – гимнастика үчүн атайын жасалган отургучта басуу аттап отүү менен кубиктер (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Үйдөн үйгө секирүү», 30–35 см аралыкта орун алган алкактан алкакка секирүү.<br>**III бөлүк.** Колунда желекчеси бар жетекчинин аркасынан бир катарда бирден басуу | 4-апта | Ноябрь |
| 37-38 | **Милдеттер:**<br>Залдын дубалын бойлой басууга көнүгүү, бурчтарда кайрылыштарды белгилеп өтүү керек; боонун үстүндө басууну үйрөнүү, аталган боо түз жайгаштырылышы керек; тоскоолдуктарды аттап өтүүгө көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Боо (узундугу 2 м), сегиз-он дөңгөч (бийиктиги 6 м), тепкич же гимнастика үчүн атайын даярдалган отургуч, ар бир балага экиден султанчик. | 1-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 37-38 | **I бөлүк.**<br>Бир катарда бирден басуу залдын дубалын бойлоп басуу керек, Басуу тизелерди абдан жогору көтөрүү менен; залдын дубалын бойлоп басуу, чуркоо керек бурчтарда кайрылыштарды белгилөө керек (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Султанчиктер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – боодо басуу, аталган боо түз жайгаштырылышы керек, бир буттун согончогун экинчи буттун бармагынын үстүнө коюу менен (2 жолу);<br>б) секирүү – дөңгөчтү аттап өтүү (колдор эркин калат), бийиктиги 6 см (3–4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Аттар» – буттарды абдан бийик көтөрүү менен чуркоо, тоскоолдуктарды аттоо, тездетүү менен, «Муздардын үстүндө басуу» – тарбиячы тарабынан төшөлгөн «муздарды» басуу<br>**III бөлүк.**<br>Аз кыймылдагы оюн «Ким кетти?». | 1-апта | Декабрь |
| 39, 42 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Чуркоо жана басуу учурунда белди түз кармоого үйрөнүү; басуунун, секирүүнүн, топту ыргытуу жана тосуунун түрлөрү жасоого көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Топ, дөңгөлөктөр<br>**I бөлүк.**<br>Ыргакты алмаштыруу менен бири биринин артына басуу. Бири биринин артынан чуркоо. Басуу. Катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>1. Кинезиологиялык жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (моюн», «Көңүл буруу», «Дарак») жана дем алуу органдары үчүн («Каздар учат», «Короз») көнүгүүлөр<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) «Кармалба» секирүү (4 жолу);<br>б) ыргытуу жана кармоо –«Кимди атаса, ошол топ кармайт» – аралык 2 м (4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Койчу жана короо мал», «Бөжөктөр».<br>**III бөлүк.**<br>Аянт ичинде тыптынч басуу. | 1-2 апталар | Декабрь |
| 40-41 | **Милдеттер:**:<br>Түгөйлөрү менен катарлап басууну үйрөнүү; залдын дубалын бойлоп басуу керек, басуу жана чуркоону кайталоо; катарда өз ордун табуу керек; секирүүдө жарым бүгүлгөн буттар менен отуруп калууну үйрөнүү; топту бири бирине ыргытууга көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Топтор балдардын санына жетиштүү болушу керек, эки гимнастикалык отургучтар, резинкалар.<br>**I бөлүк.**<br>Түгөйлөрү менен басууну үйрөнүү; залдын дубалын бойлоп басуу керек; Басуу жана бир бирден бир катарда чуркоо катарда өз ордун табуу керек; андан кийин чачырап чуркоо керек (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) секирүү – резинкадан жасалган төшөккө гимнастика үчүн атайын жасалган отургучтардын үстүнөн секирүү (же килемге) (5–6 жолу);<br>б) ыргытуу – топту бири бирине ыргытуу эки колдоп баштан ашырып, аралык 2 м (6–8 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Кеңгуру» – резинканы же жыгачты ашып секирүү, расалардын ортосундагы аралык 1 м бийиктиги 12–15 см,<br>«Кругом» – биринчи бир андан кийин экинчи жумшак тегерекке секирүү.<br>**III бөлүк.**<br>Бир катарда бирден басуу. | 2-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 43-44 | **Милдеттер:**<br>Басууну улантуу керек; бурчтарда кайрылыштарды белгилөө керек; басуу жана чуркоого көнүгүү тарбиячынын белгиси менен токтоп калуу керек; кайталап топту өйдө ыргытуу; кайра жерге тийгенден кийин кармап алуу; ийилген темирдин алдына жөрмөлөп кирүүгө көнүгүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Төрт таякчалар (же кубиктер), кубиктер ар бир баланын санына жетишээрлик болушу абзел, тайпадагы балдардын жарымынын санына жетишээрлик топтор, бир нече ийилген темир (бийиктиги 50 см).<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, бурчтарда кайрылыштарды белгилеп өтүү керек, басуу жана чуркоо тарбиячынын белгиси менен токтоп калуу керек, басуу учурунда тапшырмаларды аткаруу.<br>**II бөлүк.** 1. Кубик менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) ыргытуу – топту ыргытуу; өйдө ыргыган топту кайра эки колдоп кармап алуу (6–8 жолу);<br>б) тырмышып чыгуу – ийилген темирдин алдына жөрмөлөп кирүү, түз, колун полго тийгизбөө менен (4–5 жолу),<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Чымчыктар жана мышык», «Коендор жана караоолчу».<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдагы оюн «Чымчыкты тап». | 3-апта | Декабрь |
| 45, 48 Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Басуунун жана чуркоонун түрлөрүн үйрөнүү; секирүүгө көнүгүү эки буттап алдыга жылуу менен ыргытууда көз болжолду өстүрүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: Дөңгөлөктөр, жаңгактар.<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, багытты өзгөртүү менен. Бири биринин артынан чуркоо. Басуу. Катарга туруп калуу.<br>**II бөлүк.** 1. Кинезиологиялык жана дем алуу органдары үчүн атайы жасалган жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) «Дөңгөлөккө чейин ким биринчи секирет» – эки буттап дөңгөлөктөргө чейин секирип баруу (4 жолу);<br>б) «Ким алысыраак ыргытат» – эркин түрдө тобурчактарды алыстыктарга ыргытуу (4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Коендор жана карышкыр», «Карлар».<br>**III бөлүк.** Аянт ичинде тыптынч басуу. | 3-4 апталар | Декабрь |
| 46-47 | **Милдеттер:**<br>Басууну улантуу керек; эки экиден катардан чыкпастан чуркоо, ийилген тактанын үстүндө жөрмөлөөнү үйрөнүү, тең салмактуулукту сактоону үйрөнүү.<br>Колдонулуучу каражаттар: ар бир балага бир нече боо же өрүлгөн чач жана экиден желекче, эки такта, төөнөгүчтөр жана топтор оюн үчүн.<br>**I бөлүк.** Катардан чыкпастан эки экиден басуу; бир катарда бирден басуу, оң жана сол буттап алмак салмак боону аттоо;<br>чачырап чуркоо (кайталап кезектешүү менен 2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Кар менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тырмышып чыгуу – ийилген тактанын үстүндө жөрмөлөө; өйдө төрт буттап, тактанын чекесин эки колдоп кармоо (2–3 жолу);<br>б) тең салмактуулук – колду артка кылып, жерге төшөлгөн тактанын үстүндө басуу (2–3 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Төөнөгүчтү кулат», «Сааттар»<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу. | 4-апта | Декабрь |
| 49-50 | **Милдеттер:**:<br>Нерселердин ортосунда басууга жана чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукту сактоо жана секирүү кезегинде көнүгүүлөрдү кайталоо.<br>Колдонулуучу каражаттар: эки гимнастикалык отургучтар, боо, сегиз – он алкак, ийилген темир кыймылдуу оюн үчүн.<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу;<br>Чачырап басуу жана чуркоо, нерселердин ортосунда, аларга эч нерсени тийгизбестен; бармактын учу менен бир катарда бирден басуу (2–3 жолу). | 1-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 49-50 | **II бөлүк.**<br>1. Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасоо.<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – гимнастика үчүн атайын жасалган отургучта басуу, ортосуна келгенде эки экиден тарап кетүү (3–4 жолу);<br>б) секирүү – боолорду эки буттап аттап кетүү керек (3–4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Маймылдар».<br>**III бөлүк.** Колунда желекчеси бар жетекчинин артынан бир катарда бирден басуу. | 1-апта | Январь |
| 51, 54<br>Сыртта сабак өтүү | **Милдеттер:**<br>Муздун үстүндө чуркап көнүгүү; секирүү учурунда тең салмактуулукту сактоо менен көнүгүүлөрдү кайталоо.<br>Колдонулуучу каражаттар: чаналар<br>**I бөлүк.** Бир катарда бирден басуу;<br>Чачырап басуу жана чуркоо, кар топторунун арасында, аларга эч нерсени тийгизбестен; (2–3 жолу).<br>**II бөлүк.**<br>1. Дем алуу органдары үчүн жасалган жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр<br>2. Кыймылдын негизги түрлөрү:<br>а) тең салмактуулук – кар жолу менен басуу, (3–4 жолу);<br>б) сыймалануу – муз жолунда сыймалануу (3– 4 жолу).<br>3. **Кыймылдуу оюн** «Чананын үстүндө» – бири бирин сүйрөө;<br>«Кимдин учагы алысыраак учат?» – кагаз учактары менен ойноо.<br>**III бөлүк.** Бир катарда бирден басуу, жетекчинин колунда кар. | 1-2 апталар | Январь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Түстүү күз мезгили»<br>Балдар бак-дарактар, алардын кооздугу жана пайдасы тууралуу кеңири маалымат алышат жана табияттагы сезондук өзгөрүүлөрү жана анын өсүмдүктөргө тийгизген таасири тууралуу түшүнүк алышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: суу – эритүүчү. Сууну тазалоо. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>**Тема:** «Бирге жардам берели». А. Токтомушевдин «Эмгек майданы» ырын окуп талкулоо<br>Балдар табияттагы сезондук өзгөрүүлөрү адамдын жашоосуна тийгизген таасирин такташат. Күз мезгили тууралуу түшүнүк алышат: сууктоо, күндүн кыскарышы. Нерселердин, алардын сапаттары, касиеттери жана максаттары тууралуу кеңири түшүнүк алышып жалпылаштырышат. Бейтааныш нерселерди/заттарды колдонууга үйрөнүшөт: шыпыргы менен жалбырактарды шыпырышат, секатор менен бак-дарактарды кесишет ж. б.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: масса деген эмне? | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>**Тема:** «Үйдө ким жашайт?». А. Токтомушевдин «Адамдын канаты» ырын окуу<br>Балдар жаныбарлар жана аларды багуу өзгөчөлүктөрү тууралуу кеңири түшүнүк алышат. Кыргызстандын үй жаныбарларынын көп түрдүүлүгүн изилдешет.<br>Үй жаныбарлары, алардын балдарды жана алардын пайдасы тууралуу кеңири маалымат алышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: абанын сапаттары. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** «Илбирс»<br>Балдар жапайы жаныбарлар тууралуу кеңири түшүнүк алышат. Жапайы жаныбарларына мүнөздүү сапаттарды байкоого үйрөнүшөт. Карышкыр, илбирс жана башка жапайы жаныбарлардын айырмалоочу белгилери жана сапаттары тууралуу кеңири маалымат алышат. «Жапайы», «Сейрек кездешүүчү жаныбарлар» сыяктуу түшүнүк алышат жана табияттын байланышы тууралуу маалымат алышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: 38 тоту куш; узундукту эмне менен ченесе болот. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Тема:** «Канаттуулардын бака-шакасы». Канаттуулар каякка учуп кетишет?<br>Балдар табияттагы сезондук өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүнү улантышат жана канаттуулардын санына көңүл бурушат. Канаттуулардын жарымы жылуу жерлерге учушарын жана жарымы кыштай тургандыгын түшүнүшөт.<br>Байкоо менен жеке тажрыйбаны байланыштырууга үйрөнүшөт. Жапайы жана үй канаттууларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү жакшыртышат (тооктор учушпайт, өрдөк жана каздар үй жана жапайы жаныбарларга киришет ж. б.).<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: канаттуулар эмне үчүн учушат? Аба. Заттардын сапаттары: жеңил, оор. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, Бишкегим, шаарым/айылым**<br>**Тема:** «Өлкөбүзгө саякат». М. Жангазиевдин «Фрунзе шаарым» ырын окуу<br>Балдар Бишкек шаарынын символикасы менен таанышышат (желек, герб, гимн). Бишкек шаары жана анын тарыхы тууралуу кеңири маалымат алышат. Ата Мекенди сүйүүгө үйрөнүшөт жана «Биз эмне себептен Ата Мекенибизди сүйөбүз жана сүйүшүбүз зарыл?» суроосун талкууга алышат.<br>«Менин көчөм». Балдар көчөнүн планын түзүшөт, айылдын жана шаардын аталыштарын айтышат, шарттуу белгилер жана символдор менен таанышышат. Коомдук жерлерде жүрү-туруш эрежелерин талкуулашат жана иштеп чыгышат. Коллективдик иш: бала бакчанын желегин ойлоп табышат: «Биздин желек». | 4-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** «Манас жана анын осуяттары». «Манас» эпосунан үзүндү окуу<br>Балдар «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү (Манастын балалыгы жана башкы каармандар) менен таанышууну улантышат. Каармандардын сапаттарын талкуулашат.<br>Достук, Ата Мекен жана эл тууралуу макалдарды үйрөнүшөт.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: Эмне үчүн шамал болот? Шамалдын иши. | 1 -апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Кыш келди»<br>Балдар табияттагы аба ырайы, өсүмдүк дүйнөсү, кузгу кийим-кечелердин сезондук өзгөрүүлөрүн байкашат. Табияттагы кубулуштарга байкоо жүргүзүү жана себеп-натыйжа суроолорун берүүгө үйрөнүшөт, табиятка кызыгышат. Кышкы кубулуштар тууралуу кеңири маалымат алышат: кар, туман, муз, тайгалак, кардын жаашы.<br>Кышкы кийимдер тууралуу маалымат алышат жана ар кандай материалдардын сапаттары менен таанышышат (тери, жүн, кездеме, баркит, синтепон). Кыргыз жана орус элинин салттуу кийимдери менен таанышышат жана аларды изилдешет.<br>Тайгалак болгондо жана кар жааганда коопсуздук эрежелерин үйрөнүшөт.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: кар, муз жана алардын сапаттары менен таанышышат. | 2 -апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>**Тема:** «Сыйкырдуу». Балаты үчүн оюнчуктарды кароо<br>Балдар жаңы жылдык оюнчуктар жана белектер тууралуу кеңири маалымат алышат. Үй-бүлөлүк жана коомдук майрамдар боюнча маалыматы кеңейтип, майрамдарга карата жакшы маанай мамилени түптөшөт. Ар кандай заттардын жана материалдардын сапаттары менен жана майрамдарда коопсуз жүрүм-турум эрежелери менен таанышышат.<br>Балдар үйгө же тайпага жаңы жылдык оюнчуктарды жасашат, жагымдуу эмоцияларды алышат жана майрамдык маанайлары көтөрүлөт. | 3 -апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы Жыл!**<br>**Тема:** «Аяз Кыз жана Аяз Ата сиздерди чакырат»<br>Балдар жаңы жылдык майрам жана анын каармандары тууралуу кеңири маалымат алышат: Аяз Атат жана Аяз Кыз. Адамдар майрамдарга кантип даярдана тургандыгы тууралуу түшүнүк алышат: карнавал, майрамдык дасторкон ж.б.<br>Жакын адамдарга, досторго жана Аяз Атага каалоо тилек айтуу эрежелерин иштеп чыгышат. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** «Аяз ата конокто»<br>Балдар кышкы оюндар, кар менен ойноо жана музда ойноо тууралуу түшүнүк алышат. Кышкы табиятка байкоо жүргүзүү жана өзгөрүүлөрдү байкоого үйрөнүшөт: эң суук мезгил, кар жаап жатат, ал үшүп калды, кар менен ойносо болот – карды тоголоктоо, аяз киши жасоо, кардан курулуштарды жасоо.<br>Кышкы спорт оюндарынын спортсмендери жана спорт жабдуулары менен таанышышат. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** «Биз сүзөбүз, учабыз жана барабыз». А. Кадыровдун «Акылдуу машиналар» деген ырларын окуу<br>Балдар «транспорт» жана анын классификациясы тууралуу түшүнүк алышат: жер, аба, суу. Суу жана аба транспорту тууралуу түшүнүк алышат. Ар кандай кесиптердин ээлери ар кандай транспортторду айдай тургандыгы тууралуу маалымат алышат (шоопур, машинист, учкуч, капитан). Жол жана транспортто жүрүм-турум эрежелери тууралуу билимдерин бекемдешет. Көчөдө коопсуз жүрүш-турушка үйрөнүшөт. Коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар тууралуу түшүнүк алышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: кемелер эмне себептен чөгүшпөйт? Дагарага суу куюп, ал жерге кайыкты салышат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Кышкы бакча эмне жөнүндө айтып берет»<br>Балдар айлана-чөйрө жана сезондук өзгөрүүлөр тууралуу түшүнүк алышат. | 3-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19 | Кардын өсүмдүктөр дүйнөсү үчүн керек болгондугун аныкташат. Ит мурун, чычырканак, жаңгак сыяктуу жемиштерди кышкы жемиштер деп атоонун себептерин үйрөнүшөт. Жер-жемиштерди жана жашылчаларды кышкы даярдоо жана алардын пайдасы тууралуу түшүнүк алышат. Салат жасоого, кургак жемиштер, жалбырактар жана гүлдөрдөн чай жасоо жана алардын даамын билүүгө үйрөнүшөт.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: жытташат, жасап көрүшөт, кармашат жана табышат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Жаныбарлардын кышташы»<br>Балдар жапайы жана үй жаныбарлары, аларды үйдө багуу жана алардын кыш мезгилиндеги жашоосу тууралуу кеңири маалымат алышат. Түндүк жаныбарлары тууралуу кеңири түшүнүк алышат: ак аюу, кара түлкү, бугу, марал, морж.<br>Жаныбарлардын жашашы, кышташы, тамак-ашы, кыймылдашы, чыгарган үндөрү, жапайы жана үй жаныбарларынан айырмалоочу сапаттары тууралуу жөнөкөй түшүнүк алышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: термостун сапаттары: жылуукту кантип сактоо керек? | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** «Алар эмне үчүн керек?». С. Маршак «Стол кайдан келди»<br>Балдар адамдын үй-тиричилигин жеңилдетүүчү эмеректер жана тиричилик техникасы тууралуу кеңири маалымат алышат.<br>Үй эмеректери жана эмеректерди жасоо материалдары тууралуу кеңири маалымат алышат, жыгачтын сапаттары менен таанышышат, элдик өнөр жайы (бешик, сандык, үстөл, отургуч) тууралуу маалымат алуу аркылуу салттуу маданият менен таанышышат.<br>Тиричилик техникасы менен таанышышат: чаң соргуч, үтүк, микротолкундук меш, кофе жасагыч ж.б. Тиричилик техникасын жана электр энергиясын колдонуу – коопсуздук эрежелерин бекемдешет.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: магнитти карап чыгышат, ар кандай нерселерди магнитке жабышышын изилдешет. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:** «Коноктор үчүн дасторкон жаялы»<br>Балдар идиш-аяктар тууралуу кеңири маалымат алышат жана аларды бөлүштүрүүгө үйрөнүүнү улантышат, тигил же бул идиштердин сапаттарына жана колдонуу максаттарына жараша бөлүштүрүшөт жана салыштырышат.<br>Үстөлдө отууру жүрүш-туруш эрежелерин иштеп чыгышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: сынган жана сынбаган идиш-аяктар. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>**Тема:** «Биз жөнөтмө алдык», «Телекөрсөтүү»<br>Балдар почточу, почта жана телевидение кызматкерлери тууралуу кеңири маалымат алышат. Почточу, алып баруучу, диктор жана оператордун кесиптери менен таанышышат.<br>«Оригами» ыкмасын колдонуп, конверт жасоого үйрөнүшөт.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: сыналгы жасашат жана бала телепрограммасын даярдашат. «Дирилдеткич», «чыйылдаткыч» жасоо аркылуу үндөрдү жаратышат/чыгарышат. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** «Канаттуулар кышында». М. Жангазиевдин «Канатууларды сактагыла» ырын окуу<br>Балдар канаттуулар, алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары тууралуу кеңири маалымат алышат. Жашоо шарты менен канаттуулардын сырткы келбетинин ортосундагы байланышы тууралуу натыйжа чыгарууга үйрөнүшөт. Жандуулардын маанилүүлүгү тууралуу түшүнүк алышат. Табиятта себеп-натыйжа байланыштарын табуу жана ага аяр мамиле кылууга үйрөнүшөт. «Ачка куш» оюну: тарбиячы ар кандай түстөгү кагаздарды полго таштайт. Мындан кийин «кушка/чымчыкка» «сөөлжандарды» топтоону сунуштайт. Тарбиячы куш биринчи кезекте чоң кагаздарды, андан кийин кичинекей кагаздарды чокуп жегенин баса белгилеп айтат. | 4-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** «Биз сиздерди куттуктайбыз». Ж. Жапиевдин «Куттуу болсун мартыңар» ырын окууну улантуу<br>Балдар коомдук жашоо жана 8-март майрамы менен таанышуунун улантышат. «Бардык апалар маанилүү» долбоорунун үстүндө иштөө: балдар апаларынын кесиптери менен жана апалары кайсыл «эркек» кесибинде ийгиликтүү иштеп атканы менен таанышышат. 8-март майрамы жөнүндөгү ырды угушат. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Жазгы тамчы» К. Бекнозарованын «Жамгырда» аттуу ырын окуу<br>Балдар жаз мезгилинин белгилерин атоо, аба ырайынын температурасы менен суунун абалынын ортосундагы байланышты белгилөө жана табияттын ойгонушун байкоого үйрөнүшөт. Сезондук өзгөрүүлөр адамдын жашоосуна тийгизген таасирин тактташат. Үйөр (суу үстүндө аккан муз) жана тамчы тууралуу түшүнүк алышат.<br>«Тамчынын саякаты» долбоору. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** «Алтын балык менен деңизге барабыз». «Деңиздер», «Океандар», «Дарыялар», «Балыктар» темалары боюнча сүрөттөрдү карап чыгуу<br>Балдар суу булактары, сууну сактоо зарылчылыгы жана табиятты кирдетпөө тууралуу түшүнүк алышат. Балыктар тууралуу кеңири маалымат алышат. Суу жашоочулары менен таанышышат: сазан, кит, дельфин, форель ж. б.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: сууну тазалоо жана табиятты коргоо моделин көрсөтүшөт. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>**Тема:** «Жазгы майрамдык маанай»<br>Балдар жазгы табиятка байкоо жүргүзүү жана өзгөрүүлөрдү байкоого үйрөнүшөт: күн жылыйт, кар эрийт, күн тиет, чөп өсөт, бак-дарактар бүчүрлөнөт. Нооруз майрамын майрамдоо тууралуу айтып беришет. Нооруз майрамын майрамдоо салттары тууралуу түшүнүк алышат. Салттуу кийим-кечелерди тигүү жана зергер буюмдарды жасоо менен таанышышат. Нооруз майрамына карата жасалган тамак-аштар менен таанышышат.<br>Майрамда өзүн алып жүрүү эрежелерин иштеп чыгышат. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** «Түшүм жакшы болот». А. Токтомушевдин «Эмгек майданы» ырын окуп, талкулоону улантуу<br>Балдар табиятта жана аба ырайындагы өзгөрүүлөрдү өз алдынча байкоого үйрөнүүнү улантышат: күн жылый баштады, күн тиет, чөп өсүп жатат, жаан жаап жатат, бак-дарактар бүчүрлөнө баштады, жазгы иштер башталды: жер казып жатышат, гүлдөрдүн жана жашылчалардын уруктарын тигип жатышат, бак-дарактарды отургузуп жатышат. Себеп-натыйжы суроолорун берүүгө үйрөнүшөт жана айлан-чөйрөгө кызыгышат.<br>«Балдар лабораториясында» иштешет: өсүмдүктөрдүн чаңдашуу жолдору, жер, аба жана суунун өсүмдүккө керектиги тууралуу түшүнүк алышат: өсүмдүктөрдү багуу.<br>Үй өсүмдүктөрүн кайрадан отургузуу: «Өсүмдүктөрдү өзүбүз отургузалы». | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>**Тема:** «Космоско саякат»<br>Балдар төмөнкү сөздөрдү колдонууну бекемдешет: «ракета», «космонавт», «космодром», «Саманчы жолу». Космос тууралуу кеңири маалымат алышат. Планеталардын аталыштары менен таанышууну улантышат. Космос тууралуу билимди бекемдеп, аны системага келтиришет (жылдыздар, топ жылдыздар, күн системасы, планеталар). Дүйнө жана космонавттар тууралуу билимдерин тактташат.<br>Төмөнкү сөздөрдү сөз байлыгында активтештиришет: топ жылдыздар, Дүйнө, Күн системасы, планеталардын аталыштары, космонавт, антоним сөздөр.<br>«Космоско эмне үчүн ракета менен учушат» долбоору: реактивдүү кыймылдыткыч кантип иштейт? – аба шариги менен салыштырышат. Космоско саякаттоону көрсөтүшөт. Балдар күндүн шоолалары жана анын ролу менен таанышышат.<br>Сырттан (көчөдөн) күндүн шооласын кармоо. | 2-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** «Жаз келди»<br>Т. Кожомбердиевдин «Жөжө», А. Кадыровдун «Чабалекей»<br>Балдар табияттагы жана канаттуулардын жүрүш-турушундагы өзгөрүүлөрдү байкашат. Жылуу жакка учуп кетүүчү канаттуулар тууралуу кеңири маалымат алышат. Жазында балапандар жумурткалардан жарылып чыга тургандыгы тууралуу кеңири маалымат алышат. Балапандардын аталыштарын айтууга үйрөнүшөт.<br>Айлана-чөйрөгө кызыгышат: сейилдешет, чымчыктар, күн, шамал, жаан тууралуу ырларды айтышат. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Жайлоодо». Э. Ибраевдин «Ай, ак козум» ырын окуу<br>Балдар өздөрү жашаган жерде кездешүүчү жапайы жаныбарлар, алардын тамактанышы, жашоосу жана аларды адамдардын багышы тууралуу кеңири маалымат алышат.<br>Жапайы жана үй жаныбарларынын пайдасы тууралуу билимдерин бекемдешет. Жазында жан-жаныбарлар төлдөй тургандыгы тууралуу маалымат алышат жана алардын аталыштарын үйрөнүшөт.<br>«Тоого саякат» долбоору: балдар кээ бир тоонун жашоочулары жана алардын жашоо шарттары менен таанышышат жана жараксыз жана табигый материалдардан моделдерди жасашат. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** «Жеңиш Күнүңүз менен куттуктайбыз». Улуу Ата Мекендик согушуна байланыштуу сүрөттөрдү жана курман болгон баатырлардын эстеликтеринин сүрөттөрүн көрүү.<br>Балдар армия тууралуу кеңири түшүнүк алышат (аскерлер Улуу Ата Мекендик согушта баатырдык менен согушушкан жана өлкөбүздү коргошкон). Панфилов баатырлары менен таанышышат. Жеңиш Күнү майрамы тууралуу аңгеменин мазмуну боюнча берилген суроолорго толук жооп берүү жөндөмүн бекемдешет.<br>Төмөнкү сөздөрдү колдонушат: фронт, тыл, партизан аскерлери. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** А. Осмоновдун «Чегиртке», «Ийнелик», «Кумурска» ырларын окуу<br>Балдар курт-кумурскалардын ар түрдүүлүгү менен таанышышат. Курт-кумурскалардын сырткы түзүлүшү жана жашоосу тууралуу кеңири түшүнүк алышат.<br>Сөз байлыгын кеңейтишет жана аларды колдонушат: курт-кумурскалар, көпөлөк, доңуз, чегиртке, айланкөчөк, ийнелик, канат, мурутчалар.<br>«Билерман» оюну: курт-кумурскалардын жашоосу тууралуу түшүнүктөрдү бекемдешет. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Тема:** «Биздин букеттер»<br>Балдар шалбаада, талаада, токойдо жана бакчада өсүүчү гүлдөр, алардын түзүлүшү жана өсүү шарттары тууралуу кеңири маалымат алышат. Өсүмдүктүн өзгөрүүлөрүнүн себебин байкоо жөндөмүн жакшыртышат. Өсүмдүктөргө кызыгышат.<br>«Планетабызды гүлдөр менен коздойлу» долбоору: Планетабызга аяр мамиле кылууга үйрөтүү. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** «Планетабыздагы балдар достошот». Ш. Бейшеналиевдин «Ал менин досум» аңгемесин окуу<br>Балдар сүйлөшүү көндүмдөрүн жакшыртышат: балдар менен мамиле түзүү, маектешүү, макулдашуу, жардамга келүү, социалдык жүрүш-туруш.<br>Достук жөнүндөгү макалдарды түшүнүүгө үйрөнүшөт.<br>«Достук аралчасы» долбоору: чыр-чатаксыз мамиле түзүү тууралуу маалымат алышат жана топто жагымдуу психологиялык атмосфераны түзүү. | 4-апта | Май |

## *«САБАТ АЧУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>Балдар бала бакча жөнүндө аңгеме түзүшөт. | 1 | сентябрь |
| 2 | **Санитардык гигиеналык көндүмдөр** жөнүндө аңгемелешүү. | 1 | сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>Балдар менин үй-бүлөм жөнүндө ангеме түзүшөт. | 1 | сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>Оюнчуктар жөнүндө аңгемелешүүдө сөз менен таанышууну баштайт. | 1 | сентябрь |
| 5 | **Күз. Жансыз табият, өзгөрүүлөр, сезондук кийим-кече**<br>Тема боюнча ангемелешүүдө сөздөр менен тааныштырууну улантышат. | 1 | октябрь |
| 6 | **Күз. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер жемиштер, жашылча-кызылчалар**<br>Балдар «Сөз»деген терминди бирге чечмелешет. | 1 | октябрь |
| 7 | **Күз. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>«Сүйлөм» жөнүндө түшүнүк алышат. Сүйлөмдүн сөздүк түзүлүшү менен тааныштыруу улантылат. | 1 | октябрь |
| 8 | **Күз күрөш**<br>«Муун» деген түшүнүктү алышат. Сөздүн муундук түзүлүшү менен таанышууну улантышат. | 1 | октябрь |
| 9 | **Күз. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>Балдар «сөздүн» тыбыштык түзүлүшү менен таанышышыт. | 1 | ноябрь |
| 10 | **Күз. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>Балдар сөздөгү тыбыштардын ыраатын үйрөнүшөт. | 1 | ноябрь |
| 11 | **Күз. Канаттуулар**<br>Балдар -үндүү, -үнсүз тыбыштарды айырмалоого үйрөнүшөт. | 1 | ноябрь |
| 12 | **Менен өлкөм, менин шаарым/ айылым**<br>Балдар үч-төрт тыбыштан турган сөздөрдү анализдешет. Тыбыштардын аталышын белгилешет. | 1 | ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>Балдар сөздөгү тыбыштардын ыраатын үйрөнүүнү улантышат. | 1 | декабрь |
| 14 | **Кыш. Жансыз табият, өзгөрүүлөр, сезондук кийим-кече**<br>Балдар сөздөрдөн тандалган тыбышты атоого үйрөнүшөт, ***«каткалаң үнсүз» «жумшак үндүү»*** деген терминдерди туура пайдаланууга үйрөнүшөт. | 1 | декабрь |
| 15 | **Аяз ата фабрикасы**<br>Балдар -үндүү, -үнсүз тыбыштарды айырмалоону улантышат. | 1 | декабрь |
| 16 | **Кел, Жаңы жыл, жаркырап!**<br>Балдар үнсүз тыбыштардын «каткалаң», «жумшагын» айырмалоону бышыкташат. | 1 | декабрь |
| 17 | **Кышкы оюн зооктор**<br>Балдар «сөз», «тыбыш», «үндүү тыбыш» деген терминдерди туура пайдаланууга үйрөнүшөт. | 1 | январь |
| 18 | **Унаа. Жол эрежесин сактоо**<br>Балдар үч-төрт тыбыштан турган сөздөрдү анализдөөнү, тыбыштардын аталышын белгилөөнү үйрөнүшөт. | 1 | январь |
| 19 | **Кыш. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Балдар (төрт-беш) тыбыштан турган сөздүн тыбыштык анализин жүргүзүүнү бышыкташат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | январь |
| 20 | **Кыш. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жана жапайы жаныбарлар**<br>Балдар үндүү, үнсүз тыбыштардын аталышы боюнча аныктоо (жумшак, каткалаң), сөздү атоо, белгиленген тыбыштар менен сөздөрдү атоого үйрөнүшөт (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 21 | **Эмеректер. Үйдө колдонуучу техника**<br>Белгиленген тыбыштарды табууну бышыктоо (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>Балдар тыбыштык анализди жасоону бышыкташат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | февраль |
| 23 | **Кесиптер**<br>Балдар «сөздүн» тыбыштык түзүлүшү менен таанышууну улантышат. | 1 | февраль |
| 24 | **Канаттуулар кышында**<br>Балдар үндүү, үнсүз тыбыштарды аталышы боюнча аныктоо (жумшак, каткалаң), сөздү атоо, белгиленген тыбыштар менен сөздөрдү атоону улантып иштешет. | 1 | февраль |
| 25 | **Айымдар майрамы 8-март**<br>Балдар «сөздүн» тыбыштык түзүлүшү менен таанышууну улантышат. | 1 | март |
| 26 | **Жаз айы. Жансыз табият. өзгөрүүлөр, сезондук кийим-кече**<br>Балдар сөздөрдөн тандалган тыбышты атоо, «каткалаң үнсүз» «жумшак үндүү» деген терминдерди туура пайдаланууга үйрөнүшөт. | 1 | март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: деңиздер, дарыялар жаныбарлары, океандар**<br>Балдар сүйлөм, сүйлөмдүн сөздүк түзүлүшү менен таанышууну улантышат. | 1 | март |
| 28 | **Жаз. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Балдар (төрт-беш ) тыбыштан турган сөздүн тыбыштык анализин жүргүзүүнү бышыкташат. | | март |
| 29. | **Жаз жарыш**<br>Балдар «сөз», «тыбыш», «үндүү тыбыш», деген терминдерди туура пайдаланууга үйрөнүшөт (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | апрель |
| 30 | **Космос**<br>Балдар тыбыштык анализди жасоону бышыктоону улантышат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | апрель |
| 31 | **Канаттуулар жазында. техника**<br>Белгиленген тыбыштарды табууну бышыкташат. «сөз», «тыбыш», «үндүү тыбыш», деген терминдерди туура пайдаланууну улантышат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: үй жана жапайы жаныбарлар**<br>Балдар үндүү, үнсүз тыбыштарды аталышы боюнча аныктоону (жумшак, каткалаң), сөздү атоону, белгиленген тыбыштар менен сөздөрдү атоону улантышат. | 1 | апрель |
| 33 | **Жеңиш куну. 9 май**<br>Балдар (төрт-беш) тыбыштан турган сөздүн тыбыштык анализин жүргүзүүнү бышыктоону улантышат. | 1 | май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>Балдар үндүү, үнсүз тыбыштарды аталышы боюнча аныктоо (жумшак, каткалаң), сөздү атоо, белгиленген тыбыштар менен сөздөрдү атоо иштерин улантышат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | май |
| 35. | **Гүлдөр**<br>Балдар үндүү, үнсүз тыбыштарды аталышы боюнча аныктоо (жумшак, каткалаң), сөздү атоо, белгиленген тыбыштар менен сөздөрдү атоо иштерин улантышат (педагог өтүлгөн темалардан чыгарманы өзү тандоого ээ). | 1 | май |
| 36 | **Достошуу**<br>Балдар «сөздүн» тыбыштык түзүлүшү менен таанышууну улантышат жана бышыкташат. | 1 | май |

## *«ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>**Тема:** Геометриялык фигураларды жана аларды башка заттар менен салыштыруу жөндөмүн бекемдөө<br>Балдар жөнөкөй элементтерден көптүктөрдү жасоо жана алардын бөлүктөрүн белгилөөгө көнүгүшөт; жалпак геометриялык фигуралар тууралуу кеңири түшүнүк алышат (үстөлдүн үстү, шкафтын эшиктери, сүрөттөр, дубалга асылуучу күзгүлөр ж. б.). | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Тема:** 1ден 6га чейин саноо. Сандардын ырааттуулугу тууралуу түшүнүк берүү<br>Балдар топто ар кандай заттардын бирдей санын аныктоого үйрөнүшөт. Үч жана төрт бурчтуктар тууралуу кеңири маалымат алышат (транспорт; кийим-кечеге коюлуучу гигиеналык талаптар ж. б.).<br>Сандардын ырааттуулугу тууралуу кеңири түшүнүк алышат: 1ден 6га чейин санашат, заттын санын 1ден 6га чейин белгилешет. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Тема:** «7» сан атоочу менен таанышуу. Күндүн аталыштары менен таанышышат<br>Балдар 7 менен таанышышат жана 1ден 7ге чейин санаганды үйрөнүшөт. Айтылган нерсени табууга үйрөнүшөт (адамдарды жайгашышы же турушун белгилешет). «Үй-бүлө менен эс алуу»).: ортосунда, үстүндө, алдында, оң , сол. Күндүн аталыштары жана алардын ырааттуулугу менен таанышышат. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Тема:** Фигураларды карап чыгуу: сүйрү жана тик бурчтук. Жыл мезгилдери: «Күз мезгили»<br>Балдар сүйрү жана тик бурчтук, алардын сапаттары жана түрлөрү тууралуу кеңири маалымат алышат (өнүктүрүүчү оюндар «сүрөттү чогулт»).<br>Үлгүнүн жана айтылган сандын негизинде саноого жана айтылган санга жараша тыбыштарды чыгарууга үйрөнүүнү улантышат: «Күз мезгили», ай «сентябрь». | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «7» тууралуу билимди бекемдешет<br>Балдар «7» тууралуу билимди бекемдешет жана 1ден 7ге жана 7ден 1ге чейин санашат; заттын жайгашуусун белгилейт: алдыда, артта, оңдо, солдо, аркабызда (көрсөтүү аркылуу, мисалы, асан-үсөн, булуттар, жаан, кол чатыр). Күндөр жана алардын ырааттуулугу тууралуу кеңири маалымат алышат. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>**Тема:** «8» сан атоочу менен таанышуу. «Кечээ», «бүгүн» жана «эртең» сыяктуу түшүнүктөрүн кайталоо<br>Балдар 8 саны менен таанышышат жана 1ден 8ге чейин санаганды үйрөнүшөт; көптүктүн аз/көп же бирдей болушун аныктоого үйрөнүшөт (алма, бүлдүркөн, өрүк ж. б.); төмөнкү сөздөрдү колдонуу менен бир нерсенин салмагын билүүнү үйрөнүшөт: жеңил, оор. «Кечээ», «бүгүн» жана «эртең» сыяктуу түшүнүктөрүн кайталашат. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** Бүтүн жана бөлүктөр<br>Балдар бүтүн нерсени жана анын бөлүктөрүн салыштырышат, көптүк ар бир бөлүктөн көп/чоң, ал эми бөлүк болсо, бүтүндөй көптүктөн аз экенин түшүнүшөт.<br>Жыл мезгилдерин түшүнүшөт: «Күз мезгили», «Октябрь». | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күз иштери**<br>**Тема:** Заттарды салмагы боюнча салыштыруу. Күндүн бөлүктөрүн кайталап бекемдөө<br>Балдар топтогу заттардын тең же тең эмес болушун аныктап көнүгүшөт (мисалы, алмалар жана алмуруттар). Заттарды салмагы боюнча салыштырууга үйрөнүшөт. Көрсөтүлгөн багытты көздөй барууга көнүгүшөт. Күндүн бөлүктөрүн кайталап бекемдешет. | 4-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
| --- | --- | --- | --- |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Апта» түшүнүгү тууралуу маалымат алуу<br>Балдар «апта» түшүнүгү тууралуу маалымат алуу. Айланадагы көлөмдүү геометриялык фигураларга окшош заттарды табышат (шар, куб, цилиндр: мисалы, кой, ат, мышык ж. б.). | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** Эсептик жана иреттик сандар<br>Балдар заттардын жайгашуусун белгилешет (мисалы, оң жагымда бугу, сол жагымда түлкү, коен алдымда). Туура саноого үйрөнүшөт жана «Канча?», «Канчанчы?» деген суроолорго жооп беришет. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Тема:** «8» тууралуу билимди бекемдешет<br>Балдар «8» тууралуу билимди бекемдешет жана 1ден 8ге чейин санашат – чымчыктарды сана; ар кандай нерселердин санын белгилөөгө үйрөнүшөт жана алардын жыйынтыктарын оозеки айтышат (чымчыкдан 2, чымчыктан 3 ж. б.). | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>**Тема:** Айтылган санга жараша кыймылдоо. Жыл мезгилдерин айырмалай билүү: «Күз мезгили»<br>Балдар көрсөтүлгөн сүрөттөрдүн айырмачылыктарын белгилөөгө үйрөнүшөт (бир кабаттуу жана көп кабаттуу имараттар).<br>Айтылган санга жараша саноо жана айтылган санга жараша кыймылдоону улантышат. Жыл мезгилдерин айтуу жана айырмалоону бекемдешет: «Күз мезгили», ноябрь. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** «9» сан атоочу менен таанышуу<br>Балдар 9 менен таанышышат жана 1ден 9га чейин санаганды үйрөнүшөт; 1ден 9га жана 9дан 1ге чейин саноону үйрөнүшөт. Айланадагы заттарды геометриялык фигураларга салыштырууга көнүгүшөт. («Манас айылы» сүрөтү: түркүктөр, дарбаза, дубалдар). | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «9» тууралуу билимди бекемдешет<br>Балдар «9» тууралуу билимди бекемдешет (булуттар, асман, кар); фигуралардын жайгашуусун карап, фигураларды атоо жана алардын башка заттардын арасында турушун белгилөөгө көнүгүшөт (желектер, топтор, баш кийимдер). | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз атанын фабрикасы**<br>**Тема:** Убакыт жана жыл мезгилдери: «Кыш мезгили»<br>Балдар жыл мезгилдерин айтып айырмалоого үйрөнүшөт: «кыш мезгили», «декабрь».<br>Айтылган багытты көздөй барышат же кыймылдашат (оюнчуктар кызыл кутучада, оюнчуктар көк кутучада ж. б.). | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы Жыл!**<br>**Тема:** Геометриялык жана көлөмдүү геометриялык фигуралар<br>Балдар кагазды туура колдонууну өнүктүрүшөт. Жалпак жана көлөмдүү геометриялык фигураларды айырмалап аларды аташат (гирляндалар, кар, шарлар, балаты оюнчуктары ж. б.). | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** Көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышуу: «Пирамида»<br>Балдар Көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышышат: «Пирамида». Күн бөлүктөрүнүн ырааттуулугун такташат. Жыл мезгилдерин үйрөнүшөт: «кыш мезгили», «январь». | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** Чоңдукту эки параметр менен салыштыруу: узундугу жана кеңдиги боюнча салыштыруу<br>Балдар 5 затты чоңдуктун эки параметри менен салыштырышат: узундугу жана кеңдиги боюнча салыштыруу; коомдук транспортто өзүн-өзү алып жүрүү жана көчөдөн өтүү эрежелери тууралуу кеңири маалымат алышат: «жер», «жер асты», «суу», «аба» транспорту тууралуу кеңири түшүнүк алышат. | 2-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** Чоңдукту эки параметр менен салыштыруу: бийиктиги жана калыңдыгы боюнча салыштыруу<br>Балдар 5 затты чоңдуктун эки параметри менен салыштырышат: бийиктиги жана калыңдыгы боюнча салыштырышат жана төмөнкү сөздөрдү тактап түшүнүшөт: бийик-жапыз, бийигирээк-жапызыраак, калың-жука, калыңыраак-жукараак (байчечекей, кызыл карагай, карагай ж. б.). | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «0» жана «10» сан атоочу менен таанышуу<br>Балдар «0» жана «10» сан атоочу менен таанышышат: 1ден 9га чейин саноого көнүгүшөт жана төмөнкү суроолорго жооп беришет: «Канча?», «Канчанчы?»; затты анын санына жараша саноого үйрөнүшөт жана төмөнкү сөздөрдү колдонушат: эң чоң, кичинекей, көп, аз.<br>Оюн: «Жаныбарлардын токойдогу жашоосу». | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** Кармап, үлгүнүн жана айтылган сандын негизинде саноо<br>Балдар кармап, үлгүнүн жана айтылган сандын негизинде санашат; көрсөтүлгөн заттардын айырмачылыктарын табууга көнүгүшөт (диван, керебет, үстөл, отургуч, парта). | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:** 1ден 10го чейин саноо<br>Балдар үлгүнүн негизинде 1ден 10го чейин оозеки санашат; ар кайсы жакта жайгашкан заттарды санашат (оң, сол ж. б.); бөлүктөрдү чогултуп, тоголокту чогултушат. Цилиндр тууралуу кеңири маалымат алышат (бокалдар, фужерлер, вазалар). | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесип**<br>**Тема:** Жыл мезгилдерин айырмалоо жөндөмүн бекемдөө<br>Балдар жыл мезгилдерин айырмалоо жана аларды атоо жөндөмүн бекемдешет: «кыш мезгили», «февраль».<br>«Сыйкырдуу сандык» оюну: Бир эле учурда тыбыштарды жана оюнчуктарды саноого көнүгүшөт.<br>(мисалы, ар бир кесип үчүн каражаттар: сүрөтчүгө боегуч, ашпозчуга бычак, шоопурга унаа, музыкантка музыкалык аспап). | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** 9 менен 10 сан атоочунун жанында турган сандар<br>Балдар 9 менен 10 сан атоочунун жанында турган сандар тууралуу маалымат алышат. Көз менен өлчөшөт жана бирдей узундуктагы нерселерди табышат. «Чымчыктарга тамак бер» оюну. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** 11ге чейин саноо. Бирдей узундуктагы нерселерди/заттарды көз менен өлчөө<br>Балдар үлгүнүн жана айтылган санга жараша 11ге чейин санашат. Бирдей узундуктагы заттарды көз менен өлчөшөт (мисалы, «кичинекей сыйкырчынын эмереги»). | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** Бирдей бийиктиктеги жана калыңдыктагы заттарды көз менен өлчөө жөндөмүн жакшыртуу. Кармап саноо жөндөмүн бекемдөө<br>Көз менен болжолдоп өлчөө жана бирдей бийктиктеги жана калыңдыктагы заттарды табууну улантышат (мисалы, хан сарай жана анын курулуштары). Кармап, айтылган санга, кыймылдын жана айтылган тыбыштын санына жараша санашат. 1ден 11ге чейин санашат. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** Төрт бурчтукту бирдей эки бөлүккө бөлүү. Кандайдыр бир сандан 1ге көп же андан аз болгон үндөрдү чыгаруу<br>Балдар төрт бурчтукту бирдей эки бөлүккө бөлүүгө үйрөнүшөт. Кыймылдын багыттарын аныктоого үйрөнүүнү улантышат. «Балыктын падышачылыгына саякат» оюну. Кандайдыр бир сандан 1ге көп же андан аз болгон үндөрдү чыгарууга үйрөнүшөт (1ден 10го чейин). | 3-апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>**Тема:** Көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышуу: «Конус». Убакыттар жана жыл мезгилдери менен таанышуу: «жаз мезгили»<br>Балдар көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышышат: «Конус».<br>Балдар жыл мезгилдерин айтып, аларды айырмалоого үйрөнүшөт: «жаз», «март».<br>Топтогу заттардын тең же тең эмес болушун белгилөөнү улантышат.<br>«Ушундай ар кандай өсүмдүктөр» оюну. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** 2–4 сандарынын негизинде сандардын саны менен таанышуу<br>Балдар 2–4 сандарынын негизинде сандардын саны менен таанышышат.<br>Балдар заттардын чоңдуктарын салыштырышат (жазгы иштер); ар кандай чоңдуктагы 10 затты бир бирлери менен салыштырууга көнүгүшөт. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>**Тема:** Көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышуу: овалоид. 1ден 10го чейин ирети менен саноо<br>Балдар көлөмдүү геометриялык фигура менен таанышышат: овалоид (жумурткага окшош).<br>1ден 10го чейин ирети менен санашат. Заттын багыты анын санына эч кандай таасир тийгизбей тургандыгын түшүнүшөт (космоско саякат). | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** 1ден 5ке чейинки сандардын саны<br>Балдар 1ден 5ке чейинки сандардын саны менен таанышууну улантышат. Кагазды туура колдонуу жана анын ар кайсы жактарын айтууга үйрөнүшөт (бурчтары, эки жагы ж. б.).<br>Жыл мезгилдерин белгилешет: «жаз мезгили», «апрель». «Сүрөттү чогулт» оюну: 6–8 бөлүктөн турган сүрөт (синица, таранчы, тоңкулдак). | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** Чектеш сандарды салыштыруу жана алардын аныктамасы. Көлөмдүү фигуралар тууралуу түшүнүктөрдү бекемдөө: цилиндр, овалоид<br>Балдар чектеш сандарды салыштыруу жана аныктоого көнүгүшөт: эки сандын кайсынысы аз же көп (6 жана 7, 7 жана 8).<br>Балдар оюну: эмнеси окшош жана эмнелери менен айырмаланат: «Биздин укмуштуу жаныбарларыбыз: ит-карышкыр, коен-бакма коен, чочко- каман, мышык – сүлөөсүн, кой – кулжа, каз – көк каз».<br>Көлөмдүү фигуралар тууралуу түшүнүктөрдү бекемдөө: цилиндр, овалоид (овоид – жумурткага окшош). | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** Төрт бурчтукту 4 бирдей бөлүккө бөлүү. Көлөмдүү фигуралар тууралуу түшүнүктөрдү бекемдөө: шар, конус, пирамида<br>Балдар төрт бурчтукту 4 бирдей бөлүккө бөлүүгө көнүгүшөт. Балдар чектеш сандарды салыштыруу жана аныктоого көнүгүшөт: эки сандын кайсынысы аз же көп (8 жана 9, 9 жана 10).<br>Көлөмдүү фигуралар тууралуу түшүнүктөрдү бекемдөө: шар, конус, пирамида.<br>Оюн: «Окторду сана». | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** 5 сан атоочун 2 аз санга бөлүү жана 2 аз санды кошуу<br>Балдар 5 сан атоочун 2 аз санга бөлүү жана 2 аз санды кошууга үйрөнүшөт; аталган ар түрдүү оюнчуктарын сандарын камтыган топторду түзүүгө көнүгүшөт.<br>Оюн: «жаныбызда канча көпөлөк жана ийнелик бар?»: нерселерди 2 жана 4 бирдей бөлүккө бөлүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Тема:** 5 сан атоочун 2 аз санга бөлүү жана 2 аз санды кошуу. Жыл мезгилдерин айырмалоо жөндөмүн бекемдөө: «жаз мезгили»<br>Балдар 5 сан атоочун 2 аз санга бөлүү жана 2 аз санды кошууга үйрөнүүнү улантышат: 1ден 10го чейин айтылган санга жана үлгүгө жараша тыбыштарды айтууга үйрөнүүнүн улантышат.<br>Жыл мезгилдерин айырмалоо жөндөмүн бекемдөө: «жаз мезгили», май.<br>Пазлдарды чогулт: «Гүлдөр салынган ваза». | 3-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** 10 сан атоочунун иреттик жана сандык курамы тууралуу түшүнүгүн бекемдөө. Нерселерди геометриялык фигураларга окшоштуруу жөндөмүн бекемдөө<br>Балдар 10 сан атоочунун иреттик жана сандык курамы тууралуу түшүнүгүн бекемдешет. Бизди курчап турган нерселерди/заттарды геометриялык фигураларга окшоштуруу жөндөмүн бекемдешет.<br>«Сандар жана фигуралар менен достошу». | 4-апта | Май |

## *«КОНСТРУКЦИЯЛОО» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>*Курулуш материалынан салуу. «Бала бакчанын жери»*<br>Балдар байкоонун негизинде бала бакчанын участогун салышат. Конструкторлордун жаңы түрлөрү (түз жана магнит), тиркемелери жана бөлүктөрдүн негизги кармагычтары (шариктер) менен таанышышат.<br>Эксперимент/тажрыйба кылуу жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>*Курулуш материалынан салуу. «Этият бол»*<br>Балдар жол эрежелери менен таанышышат. Ар кандай унаалар, алардын колдонуу максаттары жана түзүлүштөрү тууралуу кеңири малымат алышат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм.**<br>*Кагаздан жасоо. «Жакын адамдарым үчүн белек»*<br>Балдар тик бурчтуу кагазды экиге бүктөгөндү үйрөнүүнү улантышат; кагазды «гармошка» кылып бүктөгөндү үйрөнүшөт; жасалган нерсени аппликация менен кооздошот, өз колдору менен ар кандай нерселерди жасап, жакын адамдарын кубантышат. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>*Жараксыз материалдан салуу/жасоо. «Шаңдуу оюнчуктар»*<br>Балдар мурун колдонулган нерселерди алып, алардан оригиналдуу оюнчуктарды жасашат. Ушундай сабак балдардын ар кандай оригиналдуу нерселерин жасоо жөндөмүн өркүндөтөт.<br>Элестетүү, ойлоп табуу жана чендерди колдонуп. ар кандай нерселерди жасоо жөндөмдөрүн жакшыртат. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>*Түз жерде конструкциялоо. «Асан-үсөн, булуттар жана жаан»*<br>Балдар түз жерде ар кандай курулуштарды жасоону улантышат (кесилип алынган фигураларды сүрөттөрдүн үстүнө коюшат, тарбиячы көрсөткөндөй сүрөттөрдү коюшат). | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>*Кагаздан жасоо. «Өсүмдүктөр үчүн себет»*<br>Балдар төрт бурчтуу кагазды төрт жана он алты кичинекей төрт бурчтук кылып бүктөгөө жана төрт бүгүлгөн сызыктарын кесип, себет жасоого үйрөнөт. | 2-апта | Октябрь |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>*Табигый материалынан жасоо. «Гүлдөр үчүн кичинекей чакалар»*<br>Балдар табигый материалынан ар кандай нерселерди жасоого үйрөнүшөт. Колдун майда моторикасын жакшыртышат. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>Табигый материалынан жасоо. «Түшүм жыйноо»<br>Балдар ар кандай бөлүктөрдү (табигый материалдар) чогултуп, адам баласынын фигурасын жасашат, жанында алма салынган себет. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлар**<br>Кагаздан жасоо – оригами. «Мышык»<br>Балдар жаңы ыкма жана оригами техникасы менен таанышышат. Кагазды ар кандай кылып бүктөөгө үйрөнүшөт. Колдун майда моторикасын жакшыртышат. | 1-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>Табигый материалынан жасоо. «Коенек»<br>Балдар жаңы техника менен таанышышат. Өздөрү ойлоп, жаныбарларды жасашат. Бөлүктөрдү бириктирүү үчүн пластилин колдонушат. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>Кагаздан жасоо – оригами. «Суудагы ак куулар»<br>Балдар кагазды ар кандай кылып бүктөөнү улантышат. Колдун майда моторикасын жакшыртышат.<br>Бирге жана бир бирлерине жардам берип иштөөгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, Бишкегим, шаарым/айылым**<br>Курулуш материалынан салуу. «Театр»<br>Балдар курулуштун сырткы жана ички жактары үчүн деталдарды айырмалоого үйрөнүшөт (куурчактар үчүн үй, куурчактар театры, шаңдуу балдар үчүн үй, үчүю үчүн бөлмө). | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>Курулуш материалынан салуу жана ЛЕГО «Манас айылы»<br>Балдар чоң жерди тосууну үйрөнүүнү улантышат; жараксыз материалынан дубал, тирегич жана дарбаза жасап, алар менен тосуу, жаныбарларды, адамдарда жана чымчыктарды көрсөтүшөт, чакан нерселерди сюжеттерге бириктиришет.<br>Композиция жасоо жөндөмүн жакшыртышат. | 1-апта | Декабрь |
| 14. | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>Кагаздан жасоо. «Балаты үчүн шурулар»<br>Балдар түстүү кагаздан жана картондон чоң оюнчуктарды жасоого үйрөнүшөт; атайлап кесилген 6–9 бөлүктөн турган окшош бөлүктөрдү бириктирип, оюнчуктарды жосоо ыкмасын үйрөнүшөт (тоголок, ромб, сүйрү, төрт бурчтук ж. б.). | 2-апта | Декабрь |
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>Жараксыз материалынан жасоо. «Балаты үчүн оюнчуктар»<br>Балдар ар кандай материалдардан оюнчук жасашат.<br>Колдун майда моторикасын жана бир нерселерди чыгармачылык менен жасоо жөндөмдөрүн жакшыртышат. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы Жыл!**<br>Жараксыз материалынан жасоо. «Балаты турган жер»<br>Балдар оюнчуктар илинген балатыларды жасоого үйрөнүшөт (балаты оюнчуктары, гирляндалар ж. б.) жана алардын баарын бириктиришет.<br>Бир бирлери менен макулдашууга үйрөнүшөт. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>Жараксыз материалынан жасоо. «Аяз киши»<br>Балдар бөлүктөрдөн ар кандай нерселерди жасоо, аларга деталдарды кошуу жана бириктирилген жерлерди билүүгө үйрөнүшөт.<br>Жасалган нерсени коздоо жөндөмүн жакшыртышат. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>Курулуш материалынан салуу. «Көпүрө»<br>Балдар айтылган шарттарга жараша салуу/куруу жана курулуштун кеңдигин аныктоого үйрөнүшөт. Бир бирлери менен макулдашууга үйрөнүүнү улантышат жана жасоо/курууунун эң рационалдуу жолдорун табышат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Кагаздан жасоо. «Үйдө өскөн гүл»<br>Балдар кагаз менен өз алдынча иштөө жана кагазды тоголоктоого (шарик, сүйрү) үйрөнүшөт жана алардан гүлдөрдү жасап, бутакка жабыштырышат. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>Кагаздан жасоо. «Ит»<br>Балдар түрүлгөн кагазды жабыштырып, иттин дене түзүлүшүнүн бөлүктөрүн кесишет жана аларды бириктиришет. | 4-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>Магниттен жасоо. «Сыйкырчынын кир жуугуч машинасы»<br>Балдар магниттер менен иштөөгө үйрөнүшөт; магниттерди үстөлдүн үстүнө тигинен коюшат, анын деталдарын белгилеп, кандай ырааттулук менен салуу керектигин аныкташат. | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>Кагаздан жасоо. Папье-машеден колдонуу «Ваза»<br>Балдар салуу-куруунун жаңы ыкмасы менен таанышышат; Кагазды кичинедей айрып, айрылган бөлүктөрдү сууга малып, банкага жабыштырышат. | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесип**<br>Кагаздан жасоо. «Сыйкырдуу сандык»<br>Балдар кубик түрүндөгү кутуча, анын капкагын жасоого үйрөнүшөт жана ага сүрөт тартышат. Төрт бурчтуу кагазды он алты кичинекей төрт бурчтуктарга туура бүктөөнү үйрөнүшөт жана бүктөлгөн жерлерди бирдей кылып кесишет. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери кагаздан жасоо**<br>«Биздин канаттуу досторубуз»<br>Балдар иштөө техникасы менен таанышышат. Кагаздан ар кандай фигураларды кесип, аларга ар түрдүү деталдарды жабыштырышат. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>Магниттен жасоо. «Момпосуйлар»<br>Балдар магниттик конструкциядан көлөмдүү геометриялык фигураларды жасоого үйрөнүшөт.<br>Түз моделдерден көлөмдүү моделдерди жасоо жөндөмүн жакшыртышат. | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>Магниттен жасоо. «Сыйкырдуу фигуралар»<br>Балдар магниттик конструкциядан көлөмдүү геометриялык фигураларды жасоону улантышат.<br>Өздөрү жасаган нерселерге талдоо жүргүзүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>Кагаздан жасоо. «Сегиз бут»<br>Балдар бырыштырылган кагаз жана ар кандай түстөгү салфеткалардан көлөмдүү нерселерди жасоону үйрөнүүнү улантышат. Бир несрени элестетип ой жүгүртүү жана бирге иштөө жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нooруз**<br>Кагаздан жасоо. Папье-маше колдонуу. «Жемиштер»<br>Кагазды кичинекей айрып, айрылган бөлүктөрдү сууга малып, банкага жабыштырышат. Бул көнгүүнү жасоодо балдарга эч ким көрсөтүп бербестен, болгону гана түшүндүрүп берет. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>ЛЕГОдон жасоо. «Жаз жана эмгек майрамы»<br>Балдар бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү ар кандай нерселерди жасашат. Заттардын чоңдуктарына көңүл бурууга үйрөнүшөт. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>Магниттен жасоо. «Ракета жана космонавт»<br>Балдар ар кандай геометриялык фигуралардан адамдарды жасоого үйрөнүшөт (сүйрү, учтары бүктөлгөн тик бурчтуктар). Конструкциялоо ыкмаларын кеңейтишет. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>Жараксыз материалынан жасоо. «Канаттуулар, жаныбарлар жана адамдардын фигуралары»<br>Балдар канаттуулар, жаныбарлардын жана адамдардын фигураларын жана алардын кыймыл-аркеттерин көрсөтүп жасоого үйрөнүшөт. Схемаларды өз алдынча анализдеп, аларды өзгөртүүгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>Кагаздан жасоо. «Арстан»<br>Балдар жаныбарларды кагаздан жасоого үйрөнүшөт.<br>Элестетип ой жүгүртүү жөндөмүн жана колду майда моторикасын өнүктүрүшөт. | 4 -апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>ЛЕГОдон жасоо. «Аскерлер жана автоматтар»<br>Балдар майда деталдардан фигураларды жасоого үйрөнүшөт; фигуралар менен ойноону улантышат.<br>Ойлоп табуу жөндөмүн жана колдун майда моторикасын өнүктүрүшөт. | 1-апта | Май |
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>Кагаздан жасоо. «Көпөлөктөр»<br>Балдар кагазды бүктөө жана бүктөлгөн сызыкчаны кесүүгө үйрөнүшөт.<br>Курт-кумурскаларды өз алдынча тыкандык менен жасашат. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>Түз жерде жасоо. «Паласты коелу»<br>Балдар кагаздан жасалган ар кандай геометриялык фигураларды коюуну үйрөнүүнү улантышат. Керектүү фигураларды алып, аларды үстөлгө жайгаштырышат. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>«Досум үчүн белек»<br>Балдар өздөрү бир нерсени жасашат. Белекти өз алдынча жасашат. Чыгармачылык жана ойлоп табуу жөндөмүн өнүктүрүшөт. | 4-апта | Май |

## *«КӨРКӨМ АДАБИЯТ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>**Тема:** «Мен бала бакчамды жакшы көрөм»<br>Балдар макал-лакаптарды колдонууну үйрөнүшөт. Рифма менен таанышууну улантышат. Рифманы сезүү жана фонематикалык угууну өнүктүрүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Тема:** «Тазалык чын ден соолуктун ачкычы». К. Чуковский «Жуунуш керек ар күндө» үзүндү ырын окуу (Бал бөбөк, К.Сейдекулова, 2007, 51 бет). Н.Жүндүбаева «Кимдин уулу болду экен» ырын окуп талдоо. Балдар жомок окууга үйрөнүшөт. Балдарга жомокто сыйкырдуулукту көрүүгө жардам берүү. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Тема:** «Биздин ынтымактуу үй-бүлөбүз». Ш.Садыбакасовдун «Апама айтам» Н.Жүндүбаева «Кимдин уулу болду экен» ырын окуп талдоо.<br>Балдар көркөм адабият менен таанышууну улантышат. Каармандардын кылган нерселерин анализдөөгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Тема:** «Менин жакшы көргөн оюнчуктарым»<br>Балдар ар кандай элдердин фольклорунда орун алган тамсил менен таанышышат. Тамашалоо жана элестетүү сезимдерин өркүндөтөт.<br>Чыгарманы окугандан кийин кол кап куурчактар менен чыгармачылык долбоорун даярдашат. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Алтын түстүү күз мезгили». А. Маделиевдин «Октябрь», «Ноябрь» ырларын улантып окуу<br>Балдар көркөм чыгармаларды окуп айтып берүү аркылуу интеллектуалдык жана эмоционалдык тармактарын өнүктүрүүгө үйрөнүшөт. Көркөм чыгармаларды окуу билим алууга гана шарт түзбөстөн сезимдердин пайда болушуна да шарт түзөт. | 1-апта | Октябрь |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>А.Токтомушев «Арсланбоб»(мазмунун айтып берүү)<br>**Тема:** «Күз мезгилинин марттыгы»<br>Балдар көркөм адабиятынын ар кандай жанрларын үйрөнүшөт: жомок, аңгеме, поэзия – ыр, оозеки эл чыгармачылыгы – табышмактар, макал-лакаптар. Балдар табышмактарга абдан кызыгышат. Табышмактарды табууну оюн катары кабыл алышат. Табышмактар балдарды нерсенин сапаттарын же кубулуштарга ой жүгүртүү жана аларды салыштырууга, алардын негизинде бир нерселерди жасоо жана бөлүктөрдү бүтүн нерсе салыштырууга үйрөтөт. | 2-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>Окуу жана ырды жаттоо. М. Жангазиев «Алмурут», Н. Жүндүбаева «Чемичке»<br>**Тема:** «Күзгү кубулуштар»<br>Балдар сөздөрдү жана эпитеттерди байкоо, ырларды жаттоо, табышмактарды табуу жана макал-лакаптарды колдонуу аркылуу эстеп калуу жөндөмүн жакшыртышат. | 3-апта | Октябрь |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>М. Ормонбеков «Буудай нан болот» чыгармасын көркөм окуу<br>**Тема:** «Бардык нерсенин башаты – нан»<br>Балдар буудай өстөрүү жана нан жабуу тууралуу түшүнүк алышат, нанга жана адамдардын эмгегин сыйлоого үйрөнүшөт. Табышмактарды табуу жана макалдарды айтууга үйрөнүшөт. Каймана маанилүү сүрөттөмөлөрдү түшүнүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>Окуп айтып берүү жана окуган чыгармаларды айтып берүү<br>Орус эл жомогу: «Карышкыр жана жети улак». Светлана Луговая «Ачкычтар»: «Көп тилдүү, Шайыр компания», «Кит», «Африканын ой толгоолору». (Ырлар Т.Самудиновдун котормосунан)<br>**Тема:** «Үй жаныбарлар жапайы жаныбарлардын эмнеси менен айырмаланат».<br>Балдар көркөм чыгармаларды окугандан кийин сезимдерин көрсөтүүгө үйрөнүшөт. Эл жомокторунун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү жана жомоктордогу окуялардын ырааттуулугун айтып берүүгө үйрөнүшөт. | 1-апта | Ноябрь |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Тема:** «Жапайы жаныбарларынын өзгөчөлүктөрү»<br>Окуп жана окуган көркөм чыгарманы айтып берүү: «Эмнеден коркушуптур» албан эл жомогун, «Чыпалак бала» Ч. Айтматовдун жомогун.<br>Балдар жомоктордун элдик гана эмес, автордук болгондугу тууралуу түшүнүк алышат. Жомоктун мазмунун жана каармандардын мүнөздөрүн ойлоп түшүнүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Ноябрь |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>Ачык айкын окуп айтып берүү<br>**Тема:** «Жөжөлөр» А. Токтомушев тамсил<br>Балдар көркөм чыгармалардын ар кандай жанрларын окуп угуу менен бирге адеп-ахлактын ченемдерине, социалдык жана турмуш-тиричилик кубулуштарды баалоого үйрөнүшөт. Табышмактар акылмандыкты түшүнүү жана ар түрдүү тилдерди үйрөнүү жана адамдардын кылган нерселерин баалоого үйрөтөт. Мисалы, «Эмне эксең, ошону оросуң». | 3-апта | Ноябрь |
| 12 | **Менин өлкөм, шаарым/айылым**<br>Окуп айтып берүү<br>С. Ишеновдун «Мекеним» жыйнагынан ырды тандап окуу<br>**Тема:** «Мен мекенчилмин»<br>Балдар өздөрүн адам катары кабыл ала башташат жана ички дүйнөсү жөнүндө ойлонушат. Ошондуктан ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүп, өздөрүнүн жеке ой-пикирлеринин калыптануусуна шарт түзүү зарыл. Жакшылап тандалган чыгармалар жана жомоктор балага айлан-чөйрө жана татаал социалдык мамилелерди көрсөтө алат. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Тема:** «Айкөл Манас»<br>Эпостун үзүндүлөрүн окуу жана жаш манасчылар тууралуу окуу. Бешик ырлары менен таанышуу. Кыргыз жана орус бешик ырлары. Фольклордук майрам: «Кырк курак». | 1-апта | Декабрь |
| 14 | **Кыш мезгили. Кышкы табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Бизди эмне куурчап турат» К.Бекназарованын «Кышкы күн» аттуу ыры<br>Балдар көркөм чыгармаларды окуу аркылуу айлана-чөйрө тууралуу кеңири маалымат алышат. Жансыз табият жана кубулуштар тууралуу билимдерин бекемдешет. | 2-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15 | **Аяз Атанын фабрикасы**<br>**Тема:** «Жаңы жылга даярдык»<br>Ачык-айкын окуу. «Аяз кыз» орус эл жомогун, Т. Кожомбердиев «Елкада». «Машак» украин жомогу, «Күкүк» немистердин жомогу.<br>Балдар жомоктун көркөм образдары тууралуу ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт. Образдуу сөз айкалыштарды жана тилди түшүнүүгө үйрөнүшөт. Каармандын терс жактарын талкуулашат: жалкоолук, оройлук. | 3-апта | Декабрь |
| 16 | **Жаңы Жыл!**<br>Жаңы жыл тууралуу чыгармаларды ачык айкын окуу жана айтып берүү<br>**Тема:** «Аяз ата бизге белек алып келди»<br>Балдар адамдардын сапаттары жана мамилелери тууралуу кеңири маалымат алышат. Табигый процесстеринин ырааттуулугу тууралуу кеңири маалымат алышат. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюндар**<br>**Тема:** «Жомоктордон жасалган салат». Түрдүү жомокторду окуу<br>Балдар жомоктордун образдары жана сюжеттери менен эксперименттөө жана тамашалоого үйрөнүшөт. | 1-апта | Январь |
| 18 | **Транспорт. Жол эрежелери**<br>**Тема:** «Бизге автобустар келе жатышат». А. Кадыровдун «Акылдуу машиналар»<br>Балдар поэтикалык угуу, ритмди сезүүнү өнүктүрүшөт жана кээ бир сөздөрдү тыбыштар менен алмаштыруу ыкмасы менен таанышат. | 2-апта | Январь |
| 19 | **Кыш мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Тема:** «Кыш мезгили тууралуу жазган акындар жана жазуучулар»<br>А. Пушкин «Кышкы кеч», З. Бабаев «Кыш», А. Маделиев «Кыш убак» жана башкалар.<br>Балдар бир тема тууралуу жазылган ар кандай чыгармаларды салыштырууну үйрөнүшөт жана сөз байлыгын кеңейтишет. | 3-апта | Январь |
| 20 | **Кыш мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Тема:** «Кыш мезгилиндеги жаныбарлар». «Акылсыз хан» кыргыз эл жомогу<br>Балдар турмуштагы ар кандай абалдарда (макал-ылакаптар) жараша образдуу сөздөрдү колдонуу жана туура сүйлөөгө үйрөнүшөт. Мисалы, «Жалкоого күн кеч кирбейт», «Отуз жолу өлчөп, бир кес – он жолу ченеп, бир жолу кес» сыяктуу макал-лакаптар ой жүгүртүү, сөздөрдүн ачык-айкын жана толук айтууга үйрөтөт жана балдардын жүрүш-турушуна жана кылган иштерине өз таасирин тийгизет. Макал-лакаптар элдик акылмандыкты, тилдин курчтугун жана жашоо абалдарынын тактыгын чагылдырат. Баланын макал-лакаптарды түшүнүшү адам баласынын жашоого болгон мамилесин түшүнүшүү менен байланыштуу болот. Алар балдарга жашоо абалдарына ой жүгүртүп жалпылаштырууга жана адамдардын кылган иштерин жана жүрүш-туруштарын түшүнүүгө жардам берет. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Эмерек. Тиричилик техникасы**<br>**Тема:** «Энциклопедия менен таанышуу»<br>Балдар энциклопедия менен таанышышат. Бардык нерсени билүү жана маалыматтык адабият колдонууга кызыгуусун арттыруу.<br>Бөлүктөр: «Эмерек», «Тиричилик техникасы». | 1-апта | Февраль |
| 22 | **Идиш-аяктар**<br>**Тема:** «Куурчагымдын жакшы көргөн идиштери»<br>Балдар бардык нерсени билүү жөндөмүн жакшыртуу менен бирге энциклопедия менен таанышууну улантышат. Бөлүк: «Идиш-аяктар». | 2-апта | Февраль |
| 23 | **Кесиптер.**<br>**Тема:** «Бардык кесиптер маанилүү». Д. Сулайманов «Алдар көсөнүн насыяты»<br>Балдар гезит тууралуу маалымат алышат жана анын китептен айырмаланышы менен таанышышат; гезит чыгаруу тармагында иштеген адамдардын кесиптери менен таанышышат.<br>Долбоор: балдар гезитин чыгаруу. | 3 -апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 24 | **Кыш мезгилинде канаттуулардын кыймыл-аракеттери**<br>**Тема:** «Кыштоочу канаттуулар»<br>А. Токтомушовдун «Чыйырчыктар дос» ырын окуу.<br>Кыштоочу канаттуулар тууралуу сүрөттөрдү карашат.<br>Балдар канаттуулардын келип чыгышы тууралуу маалымат алууга үйрөнүшөт. Ар кандай процесстердин себебин түшүндүрүүчү жоопторду ала билүү үчүн туура суроо берүүгө үйрөнүшөт. (Бирок балдар бир нерсени түшүнүүгө аракеттенбестен ал болуп жаткан нерселерди баалоо, алардын жаман же жакшы, туура же туура эмес болушун билүүгө кызыгат. Бул көрүнүш адамды баалоо системасы менен ички дүйнөнүн калыптанышын көрсөтөт. Баланын ар кандай нерселерди билүү талабы кең жана туруксуз болот. Балдар китепти эмоционалду кабыл алышып, ага суктанып кубанышат жана кызыгышат). | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-март майрамы**<br>**Тема:** «Апалардын майрамы». Ж. Жапиевдин «Куттуктайбыз»<br>Балдар 8-март майрамы менен таанышууну улантышат.<br>Долбоор: «Апаларыбыздын кесиптери». | 1-апта | Март |
| 26 | **Жаз мезгили. Табият, кубулуштар, кийим-кечелер**<br>**Тема:** «Ырлар»<br>Балдар фольклордун чакан түрлөрү менен таанышууну улантышат – балдар ырлары. Балдар ырларын колдонуу жана айтууга үйрөнүшөт. | 2-апта | Март |
| 27 | **Суу дүйнөсү: Деңиз жана дарыя жашоочулары, деңиздер, дарыялар**<br>**Тема:** «Укмуштуу суу дүйнөсү»<br>К. Ушинский «Суу» аңгемесин окуу.<br>Балдар адабий чыгармалардын мазмунун терең ойлонушат жана мазмунду чагылдыруучу түрлөрдүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүшөт, адабий жанрды поэзиядан айырмалоого үйрөнүшөт. Балдар жомок, аңгеме жана башкалардын каармандарынын мүнөздөрүн мазмунду түшүнө башташат. | 3-апта | Март |
| 28 | **Жаз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер-жемиштер, жашылчалар, дарактар, бадалдар. Нооруз**<br>**Тема:** «Ажайып кооз жаз келди». К. Жусуповдун «Нооруз» ырын угуу<br>Балдар Нооруз майрамы жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтип, ырларды ачык-айкын окуп жаттоого үйрөнүшөт. | 4 -апта | Март |
| 29 | **Жаз иштери**<br>**Тема:** «Макалдар»<br>Балдар адамдын сапаттары менен макал-лакаптар аркылуу таанышышат: жалкоолук, ач көздүк, коркоктук, мактанчаактык. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос. Космос жана косманавттар тууралуу чыгармаларды окуу**<br>**Тема:** «Экинчи косманавт»<br>Энциклопедия менен таанышууну улантышат. Бөлүк «космос». Сүрөттөрдү карашат.<br>Долбоор: «Космоско саякат». | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Жаз мезгилиндеги канаттуулар**<br>**Тема:** «Чар каргалар учуп келишти» К. Бекназарованын «Келгин куштар» деген ырын окуу<br>Балдар кыштоочу жана учуп кетүүчү канаттуулар менен таанышууну улантышат. Канаттуулардын өзгөчөлүктөрүн белгилешет.<br>Талкуу: «Эмне себептен кээ бир канаттулар жылуу жерлерге учуп кетишет, ал эми калгандары болсо кыштап калышат?». | 3-апта | Апрель |
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлар**<br>«Койчу, жолборс жана түлкү» кыргыз эл жомогун окуу<br>**Тема:** «Жаз мезгилиндеги жапайы жана үй жаныбарлары»<br>Балдар жапайы жана үй жаныбарларын кайталашат. | 4-апта | Апрель |
| 33 | **9-май – Жеңиш Күнү**<br>**Тема:** «Согуш ардагерлери»<br>Балдар Ата Мекенди коргоочулар, баатырлар тууралуу кеңири маалымат алышат, Ата Мекенди коргоочулар башынан оор мезгилди өткөргөндүгүнө ой жүгүртүп адамдык эмоционалдык сапаттарын өздөштүрүшөт. | 1-апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 34 | **Курт-кумурскалар**<br>**Тема:** «Ийнелик жайы бою ойноду». И. Крылов «Ийнелик менен кумурска»<br>Балдар чыгарманы толук айтып берүүгө үйрөнүшөт. | 2-апта | Май |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Тема:** «Гүлдүү талаа». М. Ормонбеков «Гүлдүү талаа»<br>Балдар чыгарманы кайра айтып берүүгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Май |
| 36 | **Достук**<br>**Тема:** «Биз бирге ойнойбуз». С. Ишенов «Адилет бол», «Улууларды сыйлаган», «Бой көтөрбө», «Ойногондо»<br>Балдар ар кандай жүрүм-турумдар тууралуу маалымат алышат. Топто балдар менен кыздардын ортосундагы жагымдуу мамилелердин маанилүүлүгү тууралуу билим алышып, аны бекемдешет.<br>Суроого жооп издешет: «Балдар кыздардын оюндарына катыша алышабы? Кыздар балдардын оюндарына катыша алышабы?».<br>Оюн: «Мен кыздардын/балдардын беш оюнчугун билем», Ойноодо өздөрүнө жаккан нерсени тартышат же пластилин менен жасашат. | 4-апта | Май |

## «МУЗЫКАЛЫК ӨНҮГҮҮ» БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:

Тарбиячы «репертуар» графасында жайгашкан материалдардын арасынан бир ай үчүн сунушталган репертуардан сабактардын репертуарын тандайт

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү. Ырдоо | Ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүү. Ыр чыгармачылыгы. Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар | Көнүгүүлөр, бий, оюндар, музыка жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | Ай |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 1<br>2 | 2<br>2 | «Композитор, аткаруучу, угуучу» | Балдар музыканы образдуу кабыл алуу, аталыштары окшош, бирок мүнөзү менен айырмаланган музыкалык чыгармаларды салыштырып анализдөөгө үйрөнүшөт. | Балдар ар кандай ырларды ырдаганды үйрөнүшөт. | Балдар музыкага жараша ритмикалык бийлөөгө үйрөнүшөт. | П.И.Чайковский «Детский альбом» оркестр<br>«Марш труда» В. Власов,<br>А. Малдыбаев, В Фере<br>«Ходит месяц над лугами» С. Прокофьев;<br>«Эски обон» К. Молдобасанов<br>«Кукушка», «Скок поскок» русс. нар. песни;<br>«Карагат» А. Ураимов р. н. п.<br>муз. ритм. Кыймылдар:<br>«Марш» Т. Ломовая;<br>«Росинки» С. Майкапар;<br>«Этюд» Гнесина | Сентябрь |
| 3<br>4 | 2<br>2 | | Балдар музыкалык чыгарманын бир, эки жана үч бөлүктөн турган формаларын айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ырдын аяк чендерин өз алдынча ойлоп ырдоо жана ырдын акыркы мүчөлөрүн жеп салбастан чоюп, бириктирип ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыкага жараша эмоционалдуу жана ритмикага жараша бийлөө, текст менен өз алдынча оюн ойноого үйрөнүшөт. | | |
| 5<br>6 | 2<br>2 | «Күзгү жармаңке» | Балдар П. Чайковский, Р. Щедрин жана башка композиторлордун музыкасына кызыгышат, бийик үндөрдү угуу жөндөмүн өнүктүрүшөт, музыкалык аспаптардын тембрларын айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ар кандай ырларды ырдоо, бириктирип ырдоо, ар бир муунду ырдоо жана ырдоодо акцентти белгилөөгө үйрөнүшөт | Балдар шамал жана жалбырактын кыймылдарын окшоштуруп берүү жана үндү өзгөртпөстөн ырдоого үйрөнүшөт. | П. И. Чайковский «Времена года»,<br>«Дождик» К. Молдобасанов<br>«Вальс» Давлесов<br>«Листопад» Т.Попатенко,<br>«Мына минтип» А.Малдыбаев<br>р.н.п. «Журавли» А.Лившиц,<br>«Упражнение с листочками» муз. Делиба<br>Хоровод «У рябинушки» «Калина» | Октябрь |
| 7<br>8 | 2<br>2 | | Балдар ар кандай доордун музыкалык чыгармаларын жана алардын стилдерин салыштырып анализдөө, өздөрүнүн ой-пикирлерин айтуу жана эки жана үч сааттык формаларды айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ырдын аягына чейин интонацияны кармоо, жай ырларды ырдоо, 2-октаванын до ре диапозонун кеңейтүү жана ар кандай ырларды (олуттуу, күлкүлүү, жай) үйрөнүшөт. | Балдар музыканын өзгөчөлүктөрүн кыймыл менен берүү, бийлөөдө ар кандай нерселерди эркин колдонуу, катуу кыймылдарды байкоо, музыканын бөлүктөрүн айырмалоо жана бийлөөдө бийдин мүнөзүн берүүгө үйрөнүшөт. | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү. Ырдоо | Ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүү. Ыр чыгармачылыгы. Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар | Көнүгүүлөр, бий, оюндар, музыка жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | Ай |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 9<br>10 | 2<br>2 | «Музыка эмне жөнүндө айтып берет» | Балдар клавесин менен таанышышат жана музыканы образдуу кабыл алууну өркүндөтүшөт. | Балдар октаванын чегинде бийик ырдоо, ырдын мүнөзүн өзгөртүп ырдоо, ырдын аягына чейин интонацияны кармоого үйрөнүшөт. | Балдар шамдагайлык жана эптүүлүктү жакшыртышат жана музыкага жараша кыймылды алмаштыруу жөндөмүн өркүндөтүшөт. | П. И. Чайковский «Детский альбом»<br>«Колыбельная» С.Майкапар,<br>«Карагат» Урматов<br>«Мына минтип» А. Малдыбаев<br>«Урожай собирай» Тиличеева<br>«Марш» Т. Ломова «Росинки»<br>С.Майкапара «этюд» Е. Гнесина<br>«Догадайся кто поет» Е. Тиличеева | Ноябрь |
| 11<br>12 | 2<br>2 | | Балдар эки жана үч бөлүктөн турган музыканы аныктоо жөндөмүн жакшыртышат, музыка тууралуу кеңири маалымат алышат. | Балдар кыйналбастан ээн-эркин ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар бийлөөдө музыканын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү жана музыканын ылдамдыгына жараша ритм менен кыймылдоого үйрөнүшөт. | | |
| 13<br>14 | 2<br>2 | «Музыкадагы жанрлар» | Балдар музыканын жанрларын белгилөө, музыканын мүнөзү тууралуу айтуу жана анын өзгөчөлүктөрүн салыштырып анализдөөгө үйрөнүшөт жана ырдоо, бийлөө жана марш тууралуу маалымат алышат. | Балдар кыйналбастан ээн-эркин ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар ар түрдүү бийлерди эмоционалдуу бийлөө, бир нече кичи болуп тегеректешип бийлөөгө үйрөнүшөт. | «Марш» Д. Шостакович,<br>«Торжественный марш»<br>К. Молдобасанова<br>«Парень с гармошкой», «Колыбельная» Г. Свиридова,<br>«Елочная песня» Т. Попатенко р. н. п.<br>«Бакча» Б. Тургунбаева н. п.<br>муз. ритм. Кыймылдар:<br>«Вальс» Р. Глиера;<br>«Комузчу» П. Шубин<br>«Пляска птиц» Н. Римский-Корсаков,<br>«Первая утрата» Р. Шуман<br>«Вальс» Д. Кабалевский,<br>вальс из балета «Чолпон». Раухбергер<br>«Праздничная» А. Сидельников | декабрь |
| 15<br>16 | 2<br>2 | «Музыкадагы ачыктыктын каражаттары» | Балдар аспаптардын чыгарган үндөрүн айырмалоо, эки бөлүктөн турган чыгармаларын аныктоого үйрөнүшөт, музыканын ачык-айкын болушу менен таанышышат. | Балдар кыйналбастан ээн эркин ырдоого үйрөнүшөт. Ырдоодо акцент жасашат. Эң жөнөкөй мелодияларды ырдашат. | Балдар ар түрдүү бийлерди эмоционалдуу бийлөө, бийлөөдө музыканын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү, музыканын ылдамдыгын сактап, ритм менен бийлөө, чыгарманын формасына жараша кыймылдоого үйрөнүшөт. | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү. Ырдоо | Ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүү. Ыр чыгармачылыгы. Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар | Көнүгүүлөр, бий, оюндар, музыка жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 17 | 2 | «Табияттын музыкасы» | Балдар угуу жөндөмүн жакшыртышат, үзүндүнү угуп, музыкалык чыгарманын аталышын айтууга үйрөнүшөт. | Балдар кыйналбастан ээн-эркин жана так ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын сүйлөмдөрүнүн алмашуусу менен кыймылдарды өзгөртүшөт, музыканын жанрын белгилешет жана өз алдынча кыймылдарды тандашат. | «Утро» «Вечер» С. Прокофьев<br>муз. П. И. Чайковский<br>«На тройке» Прокофьев,<br>«Танец снежинок» Глиера<br>«Дудочка» М. Парцхаладзе.<br>«Пришла зима» Ю. Слонов<br>«Мамалак»Г. Эсенгулов р. н. п.<br>«Аппак кар» А. Бодошев н. п.<br>«Веселая сказка» Д. Кабалевский | январь |
| 18 | 2 | | | | | | |
| 19 | 2 | | Балдар музыкалык жанрларды белгилеп, мүнөздөмө берүү жана ырды угууда башка жанрлардын мүнөздөмөлөрүн айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар эң жөнөкөй мелодияларды импровизация кылуу жөндөмүн жакшыртышат. | Балдар бийдин кыймылдарын так жана ритм менен жасоо, убагында бийлөө, бийдин сүрөөсүн бузбоо жана кол кармашып тегеректешип алып эки жакка басып ырдоого үйрөнүшөт. | | |
| 20 | 2 | | | | | | |
| 21 | 2 | Музыкалык образдарды берүүдөгү регистрдин ролу | Балдар регистрлер тууралуу түшүнүк алышат. | Балдар жөнөкөй ырларды таза ырдоо жана ырга жараша ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын ар бир бөлүгүн белгилеп, музыкага жараша кыймылдоого үйрөнүшөт. | Оркестр «Во саду ли во огороде»,<br>Финал концерта №5 Л. В. Бетховен,<br>менуэт ре мажор В. Моцарт<br>«Ак-Жолтой» А. Молдыбаев<br>«Боавые солдаты» Филиппенко<br>«Марш» В. Власов,<br>А. Малдыбаев, В. Фере.<br>«Мы военные» А. Сидельноков | февраль |
| 22 | 2 | | | | | | |
| 23 | 2 | | Балдар элдик ырларынын ар түрдүү варианттары менен таанышышат. | Балдар бир үн менен ырдоого үйрөнүшөт жана кыйналбастан ырдоо жөндөмүн жакшыртышат. | Балдар оюн жана бий кыймылдарында импровизация жасоого үйрөнүшөт. | | |
| 24 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү. Ырдоо | Ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүү. Ыр чыгармачылыгы. Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар | Көнүгүүлөр, бий, оюндар, музыка жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 25 | 2 | «Ритмдер дүйнөсүндө» | Балдар музыкалык чагармаларды салыштырып, анализ жасоого үйрөнүшөт. | Балдар октаванын чегинде мелодияга интонация жасоо жөндөмүн бекемдешет жана кульминацияны үн менен беришет. | Балдар металлофондо тааныш болгон ырларды аткарууга үйрөнүшөт. | «Ищи», м. д. и. «Ритмические полоски»<br>«Определи по ритму»<br>«Бакча» Б. Тургунбаев<br>«Маме в день 8 марта» Е. Тиличеева<br>«Нооруз» А. Долотказиев<br>«Шаг и бег» Ф. Надененко «Марш» В. Власов<br>«Будь ловким» Н. Ладукин | март |
| 26 | 2 | | | | | | |
| 27 | 2 | | Балдар музыканын образын жана интонациясын берген музыканын ачыктыгынын каражаттарын айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ритмдүү сүрөттү так көрсөтүүгө үйрөнүшөт: эмоционалдуу ырдоо. | Балдар ар түрдүү кадам шилтөө, басуу жана жупташып кыймылдоо ыкмаларын бекемдешет, музыканын бүтүшү менен бийди токтотуу жана бийлөөдө ар кандай нерселерди (лента, гүлдөр) колдонууга үйрөнүшөт. | | |
| 28 | 2 | | | | | | |
| 29 | 2 | Музыкадагы сүреттөө | Балдар музыканын ачыктыгынын каражаттарын айырмалоо, музыкалык чыгармалардын образдуу мазмунун аныктоого үйрөнүшөт; музыкалык чыгармалардан таасирленүү. | Балдар ырларга мелодия жазууга үйрөнүшөт, октаванын чегинде мелодияга интонация жасоо жөндөмүн бекемдешет жана кульминацияны үн менен беришет. | Балдар бөлмөдө же башка жерде ээн-эркин кыймылдоо, залда бийлөө, эмоционалдуу жана эркин бийлөө, бийлөөдө музыканын мүнөзүн берүүгө үйрөнүшөт. | «Тревожная минута» С. Майкапар,<br>«Утренняя молитва» П. И. Чайковский,<br>«Первая потеря» Р. Шуман<br>«Баба Яга» П. И. Чайковский,<br>«Смелый наездник» Р. Шуман,<br>«Клоуны» Д. Кабалевский<br>«Сверчок» Е. Тиличеева<br>«Дудочка» М. Парцхаладзе<br>«Песня солнышку» В. Иванников<br>«Селкинчек» А. Темирбеков<br>«Круговаая пляска» С. Разоренов | апрель |
| 30 | 2 | | | | | | |
| 31 | 2 | | Балдар табияттын кээ бир кубулуштарынын дабыштарын, эки жана үч бөлүктөн турган чыгармаларды айырмалоого үйрөнүшөт. | Балдар ырдоодо ритмдүү сүрөттү көрсөтүүгө үйрөнүшөт, сөздүн мүчөлөрүн катуу кыйкырып ырдабастан, тоникти кармоо жана коштоо менен жана коштоосуз пиано жана меццо пиано ырдоого үйрөнүшөт. | Балдар музыканын ар бир бөлүгүн белгилөө жана музыканын мүнөзүнө жараша оюн процессинде чыгармачылык көрсөтүүгө үйрөнүшөт. | | |
| 32 | 2 | | | | | | |

| № Жумалар | Сабактардын саны | Тема | Музыка угуу. Музыкалык чыгармаларды кабыл алуу. Ырдоо жана угуу жөндөмүнүн өнүгүшү. Ырдоо | Ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүү. Ыр чыгармачылыгы. Музыкалык жана ритмикалык кыймылдар | Көнүгүүлөр, бий, оюндар, музыка жана оюн чыгармачылыгы | Репертуар | АЙ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Программанын максаттары | | | | |
| 33 | 2 | | Балдар музыканын сүрөттөөчүлүк мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кеңири түшүнүк алышат жана музыкалык жана сүйлөө интонациясынын байланыштары тууралуу маалымат алышат. | Балдар жөнөкөй мелодияларды импровизация жасап, кеменин жана поезддин үндөрүн окшоштуруп чыгарышат | Балдар музыканын мүнөзүнө жараша ритм менен кыймылдоо жана чыгарманын үч бөлүктөн турган формасына жараша кыймылдоону өз алдынча алмаштырууга үйрөнүшөт. | «По малинку в сад пойдем», «Детская полька» М. И. Глинка, «Пляска птиц» Н. Римский-Корсаков, «Гуси» А. Филиппенко, «Кукушка» Л. Куперен, «Кулунум» А. Малдыбаев н. п. «Песенка друзей» В. Герчик «Майская песенка» Е. Тиличеева «Кош бол, биздин бакчабыз» В. Ниязалиев. | Май |
| 34 | 2 | | | | | | |
| 35 | 2 | | Балдар музыкалык чыгармаларды салыштырып, анализдөөгө үйрөнүшөт. | Балдар ыңгайлуу диапозондо ырларды таза ырдоо жөндөмүн бекемдешет. | Балдар ыр жана тегеректешип алып ырдоонун мазмунун өз алдынча сахналаштырууу жана бир бирин туурабастан кыймылдоого үйрөнүшөт. | | |
| 36 | 2 | | | | | | |
| Бардыгы: 72 | | | | | | | |

## *«КӨРКӨМ ӨНӨР» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бала бакча менен таанышуу**<br>**Сүрөт тартуу:** «Биздин тобубуз»<br>Балдар өздөрүнүн топторунда (бала бакчада) жашоодон алган таасирлерин кагаз бетине түшүрүүгө үйрөнүшөт. Балдардын кыймыл-аракеттерин жана өз ара мамилелерин көрсөтүү менен бирге жөнөкөй сюжеттерди түстүү калемдер менен тартып көрсөтүү жана сүрөттүн жалпы максатын бирге талкуулоого үйрөнүшөт. Балдарда композиция сезими пайда болот, балдар дос болуу жана дос күтүүгө тарбияланышат жана биргелешип иштөөгө жана жасоого кызыгышат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Көнүгүүлөрдү жаса!»<br>Балдар дене көнүгүүлөрүн жасап жаткан балдардын фигураларын жасашат. Фигураларды жасоодо узун цилиндрди (валик) колдонушат жана керектүү жактарын кесип, ал жерлерге деталдарды чапташат. Жасалган фигуранын колдорунун жана буттарынын жайгашышын өзгөртүү менен фигуранын кыймылдашын көрсөтүшөт. Балдар өзүлөрү жасаган нерселерге/заттарга жакшы мамиле жасоого үйрөнүшөт. | 1-апта | Сентябрь |
| 2 | **КЖЭ. Маданий жана гигиеналык көндүмдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Сүлгүнү ромашкалар менен коолдойлу»<br>Балдар өздүк гигиена эрежелери тууралуу маалымат алышат: ар дайым татынакай, таза жана тыкан болууга, өз денеге кам көрүүгө; өздүк гигиена буюмдарын тартууга; тилкеге сайма түшүрүүдө бир нукта малып иштөө ыкмасы аркылуу кыл калемдин учу менен сүрөт тартууну үйрөнүшөт (чекиттер). Бул ыкманы колдонууда балдардын симметрияны, чыгарманы сезүүсү, боек менен сүрөт тартуу жөндөмдүүлүгү өнүгөт.<br><br>**Аппликация:** «Өрт өчүрүүчү машина»<br>Балдар өрт өчүрүү кесиби тууралуу билим алуу менен бирге өрт өчүрүү учурунда керектүү шаймандар жана өрт өчүрүү машинасы менен таанышышат. Өрттүн пайдалуу жактары жана кооптуулугу тууралуу түшүнүк алышат, өрт менен күрөшүү тууралуу малымат алышат. Тең экиге бүктөлгөн тик бурчтуктан жана төрт чарчыдан машинанын сөлөкөтүн кесип алып, ак баракка тыкан чаптоону үйрөнүшөт. Берилген маалыматтардан соң балдардын түмөн түйшүктүү өрт өчүрүү кесибине болгон сый урматы артып, бул кесиптин кооптуу экендигинен кабардар болушат. | 2-апта | Сентябрь |
| 3 | **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>**Сүрөт тартуу:** «Үй-бүлөлүк портрет»<br>Балдар үй-бүлөдөгү үй-бүлөлүк мамиле түшүнүгүн, өзүлөрүнүн үй-бүлөдөгү ордун, жакындары жана туугандарына тиешелүүлүгүн аңдап билишет. Балдар адамдын портретин тартууну, пропорцияларды туура берүүнү; түстүү калем менен сүрөт тартуунун жолун жана ыгын, сүрөттүн баракка туура жайгашуусун үйрөнүшөт. Балдардын жакындарына болгон сүйүүсү артат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Менин ынтымактуу үй-бүлөм»<br>Балдар адамдын тулку боюн узартылган цилиндрден (валик) рационалдуу ыкма аркылуу кесип, керектүү бөлүкчөлөр менен толуктап жасоого; (ата баланын тулку боюн); бышыктоо үчүн адамдын тулку боюн конустан жасоого; (эне жана кыздын тулку боюн); бөлүктөрдүн көлөмүн салыштырууга, жасалган буюмдун туруктуулугун камсыздап, тигинен орното билүүгө; колу буттун абалынын анча чоң эмес өзгөрүүсүнөн тулку бойдун кыймылга келе тургандыгын көрсөтүүгө; өз иш аракетинин жыйынтыгын баалоого үйрөнүшөт. | 3-апта | Сентябрь |
| 4 | **Оюнчуктар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Улуттук кийимчен куурчак»<br>Балдар адамдын тулку боюн сүрөттөөгө; кыргыз элинин улуттук кийиминин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн жеткире билүүгө үйрөнүшөт. Калем менен контур чийүүгө жана дыкаттык менен түстүү калем колдонууга көнүгүшөт. Жыйынтыгында, балдардын улуттук каада-салтка болгон урмат-сыйы жана кызыгуусу артат. | 4-апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 4 | **Аппликация:** «Биздин сүйүктүү мамалак»<br>Балдар өзүлөрүнүн сүйүктүү оюнчугунун сүрөтүн бөлүктөргө туура бөлүп тартууну үйрөнүшөт. Бөлүктөрдү тегерек жана сүйрү формада кесүүгө, дыкаттык менен чаптоого жана даярдалган бөлүктөрдү ак баракка туура жайгаштырууга, жыйынтыгында, балдар өз оюнчуктарына этият мамиле жасоону үйрөнүшөт. | 4-апта | Сентябрь |
| 5 | **Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Катуу шамал согууда»<br>Балдар жаратылыш кубулуштары тууралуу түшүнүк алышат; шамалдын бак-дарактын сөңгөгүн жана бутактарын кантип ийээрин байкагычтык менен кароого жана ар кыл материалдарды колдонуу менен (боек, калем) бул нерсени сүрөт аркылуу берүүгө үйрөнүшөт; сүрөттү боек, калем менен тартуу жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүшөт. Жыйынтыгында, балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 1 апта | Октябрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Ким жамгырда калды?»<br>Балдар жаратылыш кубулуштары тууралуу билимин кеңейтишет; (жамгырдуу күн) берилген темага ылайык өз алдынча сюжет түзүүнү өздөштүрүшөт. Таасирдүү кейипкердин сүрөтүн тартууга кызыгышат (жамгырда калган жаныбарлар). Бөлүктөрдү чоюу жана моделдөө жолу менен скульптуралык ыкманы өздөштүрүшөт (бир бүтүн кесимден жасоо). Жыйынтыгында, балдардын пластилин менен иштөөгө болгон кызыгуусу артат. | | |
| 6 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: өсүмдүктөр, жер жемиштер жана жашылчалар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Бакчадагы табышмак»<br>Балдар табышмакта өз сүрөттөөлөрүндө жашылчалардын түзүлүшүн, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн таамай түс жана фантазиялык образдар менен берүүгө, жыйынтыгында, балдар өз иш аракеттеринин жыйынтыгын баалоону үйрөнүшөт. | 2 апта | Октябрь |
| | **Аппликация:** «Жер жемиш менен табак»<br>Балдар нерселерди/заттарды тегерек жана сүйрү формада кесүүнү өздөштүрүшөт. Нерселерге/заттарга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү берүү максатында көз болжол менен, кайчынын жардамы менен өтө чоң эмес оюктарды жасоого; Дыкаттык менен чаптоону өздөштүрүүгө; Жыйынтыгында, балдар биргелешип иштөөгө үйрөнүшөт. | | |
| 7 | **Күз мезгили. Өсүмдүктөр дүйнөсү: гүлдөр, дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Биздин сейил бактагы дарактар»<br>Балдар бак-дарактардын түзүлүшүндөгү белгилер тууралуу маалымат алышат. Бак-дарактардын бутактарынын жана алардын учтарынын түзүлүшүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн берүү менен жалбырактуу бак-дарактардын сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт (ак кайың, эмен, ак терек, мажүрүм тал); калем менен сүрөт тартуунун техникалык ыкмасын өздөштүрүшөт; таасирдүү образ жаратууда ар кандай чараларды колдонуу менен көркөм өнөрдү өркүндөтүшөт. | 3-апта | Октябрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Күзгү дарактар»<br>Балдар бак-дарактардын түрлөрүн жасоого үйрөнүшөт (жоон, ичке, бийик, түз, ийри). Балдар бардык манжалары менен нерселерди/заттарды жасоого, жасаган иштерине анализ берүүгө үйрөнүшөт | | |
| 8 | **Күзгү иштер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Бакчада алмалар бышты»<br>Балдар күз мезгилиндеги жасала турган иштер тууралуу маалымат алышат. Жалбырактуу бак-дарактардын сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт. Мөмө бактарынын учтарынын жайылгандыгын көрсөтө алуу максатында, самсаалаган бак-дарактын сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт. Боек менен сүрөт тартууну, (башка боек менен боердон мурда кыл калемди тазалап алып, жаңы боелгон нерсенин үстүнөн боебоону, сүрөттү баракка туура жайгаштырууну, жыйынтыгында, чоңдордун эмгегин баалоону үйрөнүшөт. | 4-апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 8 | **Аппликациялар:** «Авто унаалар талаадан түшүмдү алып кетип жатышат» Балдардын күз мезгилиндеги эмгек тууралуу түшүнүгү кеңеет. Чоңдордун эмгеги тууралуу таасирленүүсүн чагылдырууну; өтө татаал эмес сюжет түзүүнү (деталдардан кесип, чаптап автоунаа жасап, калем менен мөмө-жемиш жана жашылчалардын сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт. Жыйынтыгында, балдар чоңдордун эмгегин баалоону үйрөнүп, эмгектенүүгө болгон каалоосу ойгонот. | 4-апта | Октябрь |
| 9 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Ала мурутчан»<br>Балдар сүрөттө мышыктын образын берүүгө; кыл калем менен жаныбарлардын сүрөтүн тартууга; бардык төрт аяктуу жаныбарлардын тулку боюнун сүйрү болоорун көрсөтүүгө; кыл калем жана боек менен иштөө жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүүгө үйрөнүшөт. Жыйынтыгында, балдардын образдуу кабылдоосу, элестетүүсү, көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 1-апта | Ноябрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Ит күчүгү менен»!<br>Балдар бирдей объекттен турган өтө татаал эмес, бирок көлөмү жагынан айырмасы бар сюжеттик композиция түзгөндү үйрөнүшөт. Ийилген жана эки учунан кесилген цилиндрден (валик) улуттук оюнчук стилиндеги жабыштыруу ыкмасы менен таанышышат. Жаныбарлардын тулку боюнун түзүлүш өзгөчөлүгүн анализдөөнү, деталдарды көлөмүнө жана пропорциясына жараша жайгаштырууну, эки колдун бирдей иштөөсүнө үйрөнүшөт. | | |
| 10 | **Күз мезгили. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жаныбарлар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тыйын чычкан жаңгак кемирет»<br>Балдар жапайы жаныбарлар тууралуу билимин тереңдетет; токой жаныбарларына болгон кызыгуулары артат. Образдардын таасирдүү болуусун (сүйрү тулку бой, үлпүлдөк куйрук, кулактар); Боек менен иштөө жөндөмдүүлүгүн чыңдашат. Жыйынтыгында, балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 2-апта | Ноябрь |
| | **Аппликация:** «Түлкү»<br>Балдар жапайы жаныбарлар жөнүндөгү билимин кеңейтишет. Бир канча бөлүктөн турган буюмдарды, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн сүрөттөө менен жасоону үйрөнүшөт (кулактарын, тумшугун, үлпүлдөгөн куйругун). Түз, кыйгач, төрт чарчы жана тик бурчтуктун бурчтарын тегеректеп кесүү жана дыкаттык менен чаптоо ыкмалары менен буюмдардын сүрөтүн кесүүнү өздөштүрүшөт. Жыйынтыгында балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өнүгөт. | | |
| 11 | **Күз мезгили. Канаттуулар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Канаттуулар түштүккө учуп кетишет»<br>Балдар келгин канаттуулар жөнүндөгү билимин чыңдашат, канаттуулардын тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө жараша ажырата билүүгө; канаттуулардын кыймылда болгон абалын, тулку боюн жана тулку боюнун негизги бөлүктөрүнүн сүрөтүн тартууга; (куштун башы, тулку бою, канаттары, куйругу) үйрөнүшөт. Балдар боек менен сүрөт тартуу жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүп, сүрөт аркылуу өздөрүнүн таасирденгендигин чагылдырып, канаттууларга байкоо жүргүзүшөт. Жыйынтыгында балдардын канаттууларга болгон сүйүүсү артып, аларга камкор мамиле жасоону үйрөнүшөт. | 3-апта | Ноябрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Биздин көлмө»<br>Балдар суўда сүзө ала турган канаттуулар жөнүндө билим алышат. Куштун моюнун жана башын жасоого керектелүүчү пластилинден үзүп алып, жууруп жасоого үйрөнүшөт; көркөм образ жаратуу үчүн жууруп жасоодогу кеңири колдонулган ыкмаларды колдонушат (чоюу, ийүү, чымчып алуу, түздөө). Жыйынтыгында балдардын форманы жана пропорцияны сезе билүүсү өнүгөт. | | |
| 12 | **Менин өлкөм, менин шаарым, менин айылым**<br>**Сүрөт тартуу:** «Мекен эмнеден башталат?»<br>Ата-эне, жаратылыш, туулган жер, ата мекен сыяктуу түшүнүктөрдү аңдай билүү жолу менен балдар патриоттук сезимин ойгото алышат. Сезимдерин көркөм өнөр чыгармачылыгы аркылуу; сүрөт тартуунун ар кандай ыкмаларын колдонуу менен балдар сүрөт тартууда чыгарманын идеясын толугу менен бере алышат. Балдардын элестетүү жөндөмдүүлүгү, чыгармачылыгы, ата мекенге болгон сүйүүсү артат. | 4-апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 12 | **Аппликация:** «Биздин шаар» (биргелешкен иш)<br>Балдар өз шаары тууралуу билимин кеңейтишет. Майда жана экиге бүктөлгөн кагазды кесип, үй жасоону үйрөнүшөт. Кайчы менен иштөө техникасын жакшыртышат; көз өлчөм менен түз кесүү (үйдүн дубалы), кыйгач кесүү (үйдүн чатыры) жана ийип кесүү (терезелер). Катары менен бири-бирин кайталаган сүрөттөр аркылуу шаардын панорамасын түзүүдө балдар жаратуу жөндөмдүүлүгүн арттырышат. Жыйынтыгында, балдардын өз шаарына болгон сүйүүсү артат. | 4-апта | Ноябрь |
| 13 | **Манастын жети осуяты**<br>**Сүрөт тартуу:** «Ыйык Ысык-Көл»<br>Балдар кыргыз калкына тиешелүү 7 ыйык нерсе тууралуу маалымат алышат, алар: комуз, калпак, боз үй, ак боз ат, Айкөл Манас, Ала-Тоо жана Ысык-Көл. Балдар өздөштүргөн ыкмаларды колдонуп, көлдүн сүрөтүн тартууну үйрөнүшөт (ар кандай көлөмдөгү кыл калемдер, поролон сиңиргичтер, тиш тазалагыч). Жыйынтыгында, балдар элестетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, «Манас» эпосуна болгон кызыгуусу артат. | 1-апта | Декабрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Булбул – комуз»<br>Балдар «Манас» баатыр ойногон музыкалык инструменттер тууралуу маалымат алышат; жууруп жасоонун ар кандай ыкмаларын колдонуу менен (жаюу, тартуу, чоюу, түздөө) инструменттин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн берүүгө аракеттенип, комуз жасаганды үйрөнүшөт. Жыйынтыгында балдардын «Манас» эпосуна болгон кызыгуусу артат. | | |
| 14 | **Кыш. Жансыз жаратылыш, кубулуш, кийим**<br>**Сүрөт тартуу:** «Сыйкырдуу кар бүртүктөрү»<br>Балдар жаратылыш кубулуштары жөнүндөгү билимин кеңейтишет (кар түшүү); алардын айлана чөйрөгө, жаратылышка болгон байкоо сезими, кызыгуусу артат. Симметриялык абалда элементтерди радиус боюнча жайгаштырып жана кош борбордуу чөйрөлөрдө симметриялуу курулуш элементтери менен борбордук чекиттен тегеректеп сайма саюуну үйрөнүшөт; кыл калемди колдонуу жөндөмдүүлүгүн жакшыртышат (кыл калемдин учу менен бардык багытта эркин кыймыл менен сүрөт тартуу). Жыйынтыгында балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 2-апта | Декабрь |
| | **Аппликация:** «Тон кийген кыз»<br>Балдар адамдын сүреттөгү кийимчен тулку боюн обочо бөлүп карап, пропорцияларын эске алышат (башы, тулку бойдо төмөн жагы кеңейтилген тону, колдору, буттары). Майда бөлүктөрдү көз болжол менен кесүүгө, сүрөттү дыкаттык менен чоң баракка чаптоого үйрөнүшөт (баш кийимди, топчуларды ж.б.). Жыйынтыгында балдардын түстүү кагаз менен иштөө кызыкчылыгы артат. | | |
| 15 | **Аяз Атанын өнөр жайы**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жаңы жылдык куттуктоо баракчалары»<br>Жакын адамдар үчүн куттуктоо баракчаларын даярдоо каалоосунун ойгонуусу. Балдар ойлоруна келген сүреттүн мазмунун өз алдынча тартууга, сүрөт тартуунун техникалык ыкмаларын чыңдоого: боекту туура колдонууга, кыл калемди жууганга, кургатууга, демилге көтөрүүгө, фантазияны курчутууга, өз көркөм сүрөтүнө эмоционалдуу баа берүүгө үйрөнүшөт. | 3-апта | Декабрь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Шыңгыраган коңгуроолор»<br>Балдар көлөмдүү буюмдарды колго жасоого үйрөнүшөт; көркөм өнөр техникасын жакшыртышат. Шарды кысып, формага келтирүү жолу менен коңгуроо жасоону үйрөнүшөт. Фигураларды ар кандай жасалгалоо ыкмалар менен жасоого: шуру, топчу, сайма саюу аркылуу орнамент түшүрүү ыкмалары менен бышыкташат. Эки колдун бирдей иштешине көнүгүшөт. Балдардын форманы, пропорцияны сезе билүү сезими ойгонот, тыкандыкка үйрөнүшөт. | | |
| 16 | **Саламатсыңбы, Жаңы жыл!**<br>**Сүрөт тартуу:** «Майрамдык балаты»<br>Балдар жаңы жылдык майрамдын алдында жакшы таасир калтырууну; сүрөттө жасалгаланган балатынын образын жаратууну; балатыны төмөндү карай узарган бутактары менен тартууну; түрдүү түстөгү боекторду колдонууну; кургактыгы боюнча боекторду биринин үстүнө бирин туура жайгаштырууну; тартылган сүрөттү анализдөөнү жана баа берүүнү; тартылган сүрөттү кубаныч сезим менен кабыл алууну үйрөнүшөт. | 4-апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 16 | **Аппликация:** «Балатыда Петрушка» (куурчак театрындагы каарман)<br>Балдар кагаздан Петрушканын келбетин кагаз бетине түшүрүүгө; бөлүкчөлөрдү сүйрү формада; кийиминин симметриялуу бөлүгүн эки кабат кагаздан кесүүгө; (Петрушканын жеңи, шымы); көз болжол менен майда деталдарды кесүүгө; (баш кийим, топчу ж.б) кесилген деталдарды дыкаттык менен ак баракка чаптоого үйрөнүшөт. Жыйынтыгында, балдардын аппликация менен иштөө кызыкчылыгы артат. | 4-апта | Декабрь |
| 17 | **Кышкы оюн-зооктор**<br>**Сүрөт тартуу:** «Балдар кышында аянтчада болушат»<br>Балдар татаал эмес сюжет түзүүгө; адамдын тулку боюн, формасын, пропорция жана бөлүктөрүн жана жөнөкөй кыймылдардын сүрөтүн тартууга; (чана тебүү, кар көтөрүү, күрөккө кол сунуу ж.б.); жана түстүү калем менен боего көнүгүшөт. балдарда өзүнө ишенүү, демилге көтөрүү сезими ойгонуп, көркөм чыгармачылыкка болгон кызыгуусу артат. | 1-апта | Январь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Аяз кыз»<br>Балдар аяз кыздын образын жаратууганы үйрөнүшөт. Адамдын тулку боюн жасоого, дене бөлүкчөлөрүнүн көлөмүн сүрөттөгө жана жайгаштырууга, жууруп жасоонун ыкмаларын үйрөнүшөт: фигураны тоголоктоо, чоюу, бириккен жерлерин түздөө; баштаган ишти аягына чыгарууга тырышуу; Балдар жасаган нерселерин баалаганды, сүрөттүн даана, так берилип берилбегендигин байкоого үйрөнүшөт. | | |
| 18 | **Транспорт. Жол жүрүү эрежелери**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жол жүрүүнүн шартуу белгилери»<br>Балдар коопсуз жол жүрүү тууралуу маалымат алышат. Жол жүрүүнүн шарттуу белгилеринин аталыштарын жана алардын маанисин; чектен чыгарбастан жол жүрүүнүн шарттуу белгилеринин сүрөтүн тартууга жана боеого; көчөдө жүргөндө ориентир алууга, күнүмдүк турмушта жол жүрүү эрежелерин билүү ыкмаларын колдонууга, жыйынтыгында, балдар өз ден соолуктарына камкор мамиле жасоого үйрөнүшөт. | 2-апта | Январь |
| | **Аппликация**: «Шаар көчөлөрүндөгү авто унаалар»<br>Балдар жамааттык чыгарма жаратууга; экиге бүктөлгөн тик бурчтук жана төрт чарчыдан автоунаанын макетин кесүүгө (автобустар, троллейбустар жана жеңил автоунаалар) үйрөнүшөт. Чийилген чек жана көз болжол менен кайчы менен кесүү техникасын өздөштүрүшөт. Кесилген автоунаалардын кыймыл багытын көрсөтүп, жайгаштырууну үйрөнүшөт. | | |
| 19 | **Кыш. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жемиштер, жашылчалар, мөмө-жемиштер, гүлдөр, бак-дарактар, бадалдар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Карагайлар чоңбу же кичинеби?<br>Балдар өсүмдүктөр дүйнөсүнүн түрдүүлүгү боюнча маалымат алышат. Сүрөттү кагаздын кеңири тилкесине жайгаштырууну үйрөнүшөт. (бактардын бактын жогору жана төмөн жагына алыс жана жакын жайгашуусу); бактардын бийиктигине карап, картаң же жаш экендигин, алардын түсүн жана мүнөздүү өзгөчөлүгүн көрсөтө билүүгө үйрөнүшөт (картаң карагайлар күңүртүрөөк, жаш карагайлар ачыгыраак). Жыйынтыгында балдардын эстетикалык кабылдоосу, элестетүүсү өнүгөт. | 3-апта | Январь |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Токойдогу аюудан жер жемиш, козу карын аламын»<br>Балдар өсүмдүктөр дүйнөсү тууралуу түшүнүгүн кеңейтүү үчүн ой пикирин, элестетүү сезимин өнүктүрүшүп, пластилиндин толук бир кесиминен ар кандай: козу карын, жер жемиш формасында жууруп жасоо ыкмаларын бышыкташат. Жыйынтыгында балдардын пластилин менен иштөө кызыкчылыгы артат. | | |
| 20 | **Кыш. Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тыйын чычкан жаңгак кемирет»<br>Балдар жапайы жана үй жаныбарлары тууралуу маалымат алышып, ар кыл графикалык материалдарды, түстүү калемдерди, акварелди, түстүү борлорду, гуашты колдонуп, алардын сүрөтүн тартууга аракет кылышат. Жыйынтыгында балдардын жаныбарларга болгон сүйүүсү жана көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 4-апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 20 | **Аппликация:** «Терезедеги мышык»<br>Балдар үй жаныбарлары тууралуу маалымат алышып, кесүү ыкмаларын колдонуу менен сюжеттик композиция курууга: чийилген чек боюнча экиге бүктөлгөн кагаздан мышыктын сөлөкөтүн түз, кыйгач, тегерек формада кесүү ыкмаларын колдонуп, кесүүгө үйрөнүшөт. Бул композиция экиге бөлүнүп, бүктөлгөн элементтерди жайгаштыруу аркылуу бышыкталат. | 4-апта | Январь |
| 21 | **Турмуш-тиричилик техникалары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Биздин бала бакчадагы бөлмөбүз»<br>Балдар бала бакчадагы бөлмөлөрүнүн белгилүү бир жерин тандап, интерьер жаратуу (эшиктен, терезеден ж.б), түстүү калем менен сүрөт тартуу жөндөмдүүлүктөрүн бышыкташат; композицияны сезе билүүнү, ак барактын үстүнө интерьердин деталдарын жайгаштырууну, тик бурчтуу формадагы буюмдардын сүрөтүн, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып тартууну үйрөнүүнү бышыкташат. Жыйынтыгында балдардын образдык кабылдоосу өнүгөт. | 1-апта | Февраль |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Куурчак үйүнүн эмеректери»<br>Балдар куурчактын эмеректерин пластилинден жасоого; пластилин менен иштөөнүн ыкмаларын колдонууга; (тоголоктоо, чоюу, басуу); деталдарды пластилинге басып киргизүүгө, көлөмү жана түсү жагынан ар түрдүү буюмдарды жаратууга үйрөнүшөт; Жыйынтыгында баланын чыгармачылыктын натыйжалуу түрүнө болгон кызыгуусу, чыгармачыл ой чабыты, колдун майда моторикасы, образдык кабылдоосу өнүгөт. | | |
| 22 | **Идиш-аяк**<br>**Сүрөт тартуу:** «Городецкийдин жазмасы» мотиви боюнча жазылган табактар»<br>Балдар идиш-аяктар тууралуу билимин кеңейтишет. Городецкийдин жазмасы бар буюмдар менен таанышышат; тегеректин ичине оймо салууга; ачыла элек гүлдүн жана жалбырактын сүрөтүн тартууга, жазуунун колоритин, түстөрдүн, фондун жана өсүмдүк элементтеринин сүрөтүнүн айкалышын чагылдырууга үйрөнүшөт; эстетикалык кабылдоону, түстү, композицияны сезе билүүнү өнүктүрүшөт. Жыйынтыгында балдардын көркөм табити өнүгөт. | 2-апта | Февраль |
| | **Аппликация:** «Кумганды кесип, чапта»<br>Балдар идиш-аяк жана анын колдонулушу тууралуу маалымат алышат. Экиге бүктөлгөн кагаздан симметриялык буюмдардын сүрөтүн кесүүгө; дыкаттык менен чаптоодо көрүү-кыймылдоо координациясын өнүктүрүшөт. Жыйынтыгында балдардын идиш-аякка аяр мамиле жасоого тарбияланат. | | |
| 23 | **Кесиптер**<br>**Сүрөт тартуу:** «Куруучулар үй курушууда»<br>Балдар куруучулук кесиби тууралуу маалымат, куруучулук кесибинин маанисин жана куруучулукта колдонулган шаймандары тууралуу түшүнүк алышат; Сүрөт тартууда сейилдөө учурунда, экскурсияга чыкканда, баарлашууда алган таасирди так, даана сүрөттөй алууну; курулуш учурундагы көрүнүштү: курулуп жаткан үйдү, ар кандай абалда турган адамдарды, автоунааларды тартууну үйрөнүүнү бышыкташат. Жыйынтыгында балдардын ыраазычылык билдирүү сезими жана улуулардын эмгегин сыйлоону үйрөнүшөт. | 3-апта | Февраль |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Кыл калем ханышасы»<br>Балдар «сүрөтчүлүк» чыгармачыл кесиби менен таанышышат. Айлана-чөйрөдөгү эмоционалдык-эстетикалык кабылдоо жөндөмдүүлүгүн өрчүтүшөт; сүрөтчүнүн аркалаган эмгеги менен таанышышат; ар кыл жаратуучулук ыкмаларды колдонуп, жаңы нерсе жасоого үйрөнүшөт. Жыйынтыгында балдардын жаңы нерсе жаратууга болгон кызыгуусу артып, чоңдордун эмгегин баалоону үйрөнүшөт. | 3-апта | Февраль |
| 24 | **Канаттуулар кышында.**<br>**Сүрөт тартуу:** «Кыштоочу канаттуулар»<br>Балдар канаттуулардын кышындагы жашоосу тууралуу маалымат алышат; сырттагы канаттуулардын жүрүм-турумдарын байкоо каалоосун өнүктүрүшөт; акварель боегу менен сүрөт тартуу техникасын жакшыртышат; канаттуулардын сүрөтүн тартуу жөндөмдүүлүгүн бышыктап, өз алдынча, дыкаттык жана көңүл коюп иштөөгө; тулку бой түзүлүшүн сүрөттөп, боз чымчыктын сүрөтүн тартууга үйрөнүшөт (тулку бою – сүйрү, башы – тоголок, канаттары – сүйрү сымал, куйругу, көздөрү, тумшугу, үлпүлдөк жүнү); сүрөт тартууда боек, кыл калем менен иштөөгө көнүгүшөт. Балдар көркөм өнөр менен жакындан таанышышат. | 4-апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 24 | **Аппликация:** «Бутактагы таранчылар»<br>Балдар канаттуулар жөнүндөгү билимин бышыкташат жана алардын кышындагы жүрүм-турумдары жөнүндөгү билимин тереңдетишет. Түстүү кагаздардан канаттуулардын образын, тиешелүү көлөм жана түстү тандап, башынын, тулку боюнун, куйругунун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу менен кесүүгө; кесилген формаларды баракка татынакай жайгаштырууга жана биргелешип жасаган ишке жакшы баа берүүгө үйрөнүшөт. | 4-апта | Февраль |
| 25 | **8-Март – айымдардын майрамы**<br>**Сүрөт тартуу:** «Сүйкүмдүү апама портрет»<br>Балдар конкреттүү бир адамдын (апасынын, чоң апасынын, карындашынын) сырткы келбетин, мүнөзүн жана көңүл көйүн чагылдыруу үчүн сүрөттөө-таасир калтыруу каражаттарын колдонуп, портрет тартууну үйрөнүшөт. «Портрет тартуу» көркөм өнөр жанры менен таанышышат. Жыйынтыгында балдардын жакындарына болгон сүйүүсү артып, аларга жагымдуу нерсе тартуулоо каалоосу ойгонот. | 1-апта | Март |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Балдар майрамда көңүлдүү бийлешет»<br>Балдар кыймылда болуп жаткан (бийлеп жаткан) адамдын тулку боюн чагылдырууну үйрөнүшөт. Жаратуучулук ыкмасын жакшыртууну улантышат; Балдардын жакындарына болгон эстетикалык, адеп-ахлактык мамилеси жакшырып, жакындарына кубаныч тартуулоо каалоосу пайда болот; балдардын фантазиясы, чыгармачыл ой чабыты өнүгөт. | | |
| 26 | **Жаз. Жансыз жаратылыш, кубулуш, кийим-кече**<br>**Сүрөт тартуу:** «Тып-тып, тамчы тамат»<br>Балдар жаратылыш кубулуштары жөнүндөгү билимин тереңдетишет. Жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү байкап, аларды сүрөттө чагылдырууга; мурда тартылган сүрөт менен салыштырууга; кубулуштарды ар кандай кылып чагылдырууда ээ болгон ыкмаларды колдонууга үйрөнүшөт. Таш жана түстүү карандаш менен сүрөт тартууга көнүгүшөт. Балдардын симметрияны, композицияны сезе билүүсү өнүгүп, жаратылышка болгон кызыгуусу, сүйүүсү артат. | 2-апта | Март |
| | **Аппликация:** «Көлчүктөгү кепич»<br>Балдар бут кийим жана анын колдонулушу тууралуу маалымат алышат. Түгөйлүү буюмдардын экиден сөлөкөтүн кесүүгө үйрөнүшөт (өтүктөр, туфлилер, кепичтер, спорт бут кийимдери). Экиге бүктөлгөн кагаздан симметриялык сүрөттөрдү кесүү менен балдар аппликациялык техникаларын жакшыртышат. Балдар чыгармачыл тапшырмага ылайык форманы даана чагылдырууга жана ага кошумча көрк берүүгө үйрөнүшөт. Түгөйлөрдүн бирөөсүн өзгөртпөстөн, көлчүктүн басмырт чагылышын берүү үчүн экинчи түгөйүнүн четтерин жулмалап коюшат. Балдардын айлана-чөйрөнү таануу кызыгуусу артат. | | |
| 27 | **Суу астындагы дүйнө: деңиз, дарыя жаныбарлары, деңиздер, дарыялар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Деңиз алиппеси»<br>Балдар деңиз жана океанда жашоочу суу жаныбарлары тууралуу билимин тереңдетишет. Деңиз жөнүндөгү түшүнүктөрүн өз алдынча жана чыгармачылык менен чагылдырууну үйрөнүшөт; деңиз өсүмдүктөрүнүн жана жаныбарларынын сүрөтүн тартууга кызыгышат (дельфиндин, акуланын, крабдын, осьминогдун, медузанын, деңиз атынын ж. б.). Деңиз жаныбарларынын сүрөтүн көрсөтмө куралдарга таянып, тартышат. Балдардын көркөм өнөргө болгон кызыгуусу артат. | 3-апта | Март |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Укмуштуу үлүл кабыктары»<br>Балдар деңиз жана океанда жашоочу суу жаныбарлары жөнүндөгү билимдерин бышыкташат. Формалардын баштапкы калыбын жалпайтууга (тегерек, овоид (жумуртка сымал), конус, кесилген конус) жана так образ жаратуу үчүн түрүн өзгөртүүгө: кыйыштырып, созуп, басып, кесип, тилке жана из түрүндөгү кесиндилер менен толтуруп, эки кат үлүлдү жасоо ыкмасы менен таанышышат жана чыныгы бермет үлүлүнө окшоштуруп, кооз шуру же түстүү конфет салып коюшат. Балдардын жаратуучулукка болгон кызыгуусу артат. | | |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 28 | **Жаз. Өсүмдүктөр дүйнөсү: жер жемиштер, жашылчалар, мөмө-жемиштер, гүлдөр, бадалдар. Нooруз**<br>**Сүрөт тартуу:** «Бакчалар гүл ачууда»<br>Балдар жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөө, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу жөндөмдүүлүктөрүн бышыкташат. Сүрөттү баракка туура жайгаштырууну үйрөнүшөт (төмөнкү учуна жакын жана андан ары); түстүү калем менен сүрөт тартууну бышыкташат.<br><br>**Аппликация:** «Жазгы букет»<br>Балдар аппликациядан татынакай сүрөт жаратуу жөндөмдүүлүгүн бышыкташат; сүрөттү баракка туура жайгаштырууну, экиге бүктөлгөн төрт чарчы жана тик бурчтуу кагаздан гүлдөрдү (жоогазын таажычалары) жана жалбырактарды кесүүгө үйрөнүшөт. Жыйынтыгында, балдардын эстетикалык кабылдоосу өнүгөт. | 4-апта | Март |
| 29 | **Жазындагы эмгек**<br>**Сүрөт тартуу:** «Талаадагы автоунаалар»<br>Балдар айылдык жашоочулардын эмгектери, жазгы талаа жумуштары тууралуу түшүнүк алышат. Тик бурчтук жана тегерек формаларды (корпус, дөңгөлөктөр, терезелер) колдонуп, автоунаанын сүрөтүн жаратууну үйрөнүшөт. Боео, калем менен боео ыкмаларын бышыкташат. Жыйынтыгында балдар адамдардын аткарган айыл чарба иштерине болгон урмат сыйы артат.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Биз эмгекти сүйөбүз»<br>Балдар жазгы талаа жумуштары боюнча түшүнүгүн тереңдетишет. Балдар образдын таасирдүү болуусуна, адамдын кыймылдагы абалын тартуу, буюмдардын кичине тобунан өтө татаал эмес сюжет түзүү жөндөмдүүлүгүн бышыкташат. Сүрөт тартуунун ыкмаларын жакшыртышат; композициялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт. | 1-апта | Апрель |
| 30 | **Космос**<br>**Сүрөт тартуу:** «Ракета менен учабыз»<br>Балдар космос жөнүндө түшүнүгүн тереңдетишет. Сызыктарды кыл калемдин учу менен жогору, солго, төмөн, оңго тартууга; иллюминаторду, космонавттардын жүзүн, жылдыздарды, улам чоңойтуу менен айланткан кыймылда тартууга үйрөнүшөт. Жыйынтыгында балдардын умтулууга, элестетүүгө, чыгармачылыкка тарбияланышат.<br><br>**Аппликация:** «Жылдыздуу асман»<br>Балдар аалам жөнүндөгү түшүнүгүн тереңдетишет (космос жөнүндө). Кооз конфеттин кагаздарынан жана фольгадан жылдызчаларды кесүүнү үйрөнүшөт; бурчтан бурчка эки катталып бүктөлгөн кагазды кесүү техникасын жакшыртууну; аппликациянын тааныш техникаларын өз алдынча айкалыштырууну (симметриялуу менен катталганды айкалыштыруу). Жылдызчаларды фонго жабыштыруу, жарашыктуу жайгаштыруу үчүн жылдыруу аркылуу композициялык жөндөмдүүлүктөрүн бышыкташат. Жыйынтыгында балдардын аалам таанууга болгон кызыгуусу артат. | 2-апта | Апрель |
| 31 | **Канаттуулар жазында**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жаз келди, келгин канаттуулар учуп келишти»<br>Балдар жаздын белгилерин такташат; жаратылыштын ойгонуу мезгили болгон жаз мезгили жөнүндөгү билимин бышыкташат; келгин канаттуулар жөнүндөгү билимин тереңдетишет. Канаттуулардын сүрөтүн тартууда алардын тулку боюн туура тартууга жана көлөмүн туура алууга; алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн даана сүрөттөөгө жана атоого; мурдагы сабактарда ээ болгон ыкмаларды колдонуп, канаттуулар жөнүндөгү жалпы маалыматтарга таянуу менен сүрөтүн тартууга, сүрөт тартуунун ар кандай ыкмаларын колдонууга үйрөнүшөт. Балдардын канаттуулардын жашоосуна болгон кызыгуусу артып, аларда канаттууларга болгон жакшы, аяр мамиле пайда болот.<br><br>**Кол өнөрчүлүк:** «Чабалекейлер учуп келишти»<br>Балдар канаттуулардын жазындагы абалы жөнүндөгү түшүнүгүн тереңдетишет. Канаттууларды эки бөлүктөн: тулку боюн, канаттарын чыныгы канаттуулардыкы сымал форма берип, кошумча материалдарды колдонуп, көздөрүн, тумшугун, канаттарын, куйругун жасаганды үйрөнүшөт. Балдардын таанып билүүчүлүк кызыкчылыгы калыптанып, жаратуучулугун, таасирленүүсүн чагылдыра билүүсү уланат. | 3-апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 32 | **Жаныбарлар дүйнөсү: жапайы жана үй жаныбарлары**<br>**Сүрөт тартуу:** «Мамалактар ойношот»<br>Балдар сүрөттө жапайы жаныбарлардын образын даана чагылдырууга үйрөнүшөт (тулку боюнун формасын жана дене мүчөлөрүн, көлөм жана пропорциясы боюнча төп келүүсүн); боек менен сүрөт тартуу жөндөмдүүлүгүн бышыкташат. Балдардын образдык кабылдоосу жана элестетүүсү өнүгөт. | 4-апта | Апрель |
| | **Аппликация:** «Биздин чарбак»<br>Балдар үй жаныбарлары жөнүндөгү билимин тереңдетишет. Түрдүү чоңдуктагы сүйрү формадагы материалдан ар кандай жаныбарлардын образын жаратуу жөндөмдүүлүктөрүн бышыкташат (кой, уй, такай, торопой ж.б.) бурчтары тоголоктолгон, эки катталган кагаздан сүйрү форманы кесүүнү бышыктап, мейкиндиктин элесин бергенге үйрөнүшөт (жанында, капталында, оң жагында, сол жагында, жакын, алыс). Балдар үй жаныбарларга аяр мамиле жасоого тарбияланышат. | | |
| 33 | **9-Май – Жеңиш күнү**<br>**Сүрөт тартуу:** «Жеңиш күнүнө карата шаар үстүндөгү салют»<br>Балдар Жеңиш майрамынан алган таасирди чагылдырууга; көркөм чыгармачылык менен үйдүн үстүнө салютту тартып, композиция түзгөндү; боекторду аралаштырып, керектүү түстөрдүн палитрасын даярдоо жөндөмдүүлүгүн бышыкташат. Балдардын ата мекенге болгон сүйүүсү артат. | 1-апта | Май |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Биз майрамга барабыз»<br>Балдар ар кандай жаратуучулук ыкмаларды колдонуп, адамдардын фигурасын жасоо жөндөмдүүлүгүн бышыкташат (желекчелер, гүлдөр менен майрамга бара жаткан балдарды), жыйынтыгында, балдардын элестетүү сезими өнүгүп, айлана-чөйрөгө болгон кызыгуусу артат. | | |
| 34 | **Чымын-чиркей, курт-кумурскалар**<br>**Сүрөт тартуу:** «Уядагы кумурскалар»<br>Балдар чымын-чиркей, курт-кумурскалар жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетишет. Тегерек, сүйрү формаларды тартууга, ойлогон образдын пропорцияларын сүйлөшүүгө; таш жана түстүү калем менен сүрөт тартууга; көркөм өнөрдүн негизги мааниси болгон түс жана форма берүү жөндөмдүүлүгүн бышыкташат. Балдардын эстетикалык табити өсүп, сүрөттөгү пропорцияны сезе билүүсү өнүгөт. | 2-апта | Май |
| | **Аппликация:** «Кооз көпөлөктөр»<br>Балдардын табиятка байкоо жүргүзүүсү, кызыгуусу артат. Эки катталган төрт чарчы жана тик бурчтук кагаздан көпөлөктөрдүн сөлөкөтүн графикалык же аппликациялык каражаттар аркылуу кесүүгө; көпөлөктөрдүн канаттарынын ар кандай форма жана кооздуктагы варианттарын кесүүгө; форма жана ритмди сезе билүүсү; балдардын өз алдынчалуулугу жана чыгармачылыгы өнүгөт. | | |
| 35 | **Гүлдөр**<br>**Сүрөт тартуу:** «Нарцисс гүлдестеси»<br>Балдар жазгы гүлдөрдүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн: түсүн, түзүлүшүн, сабагын, жалбырактарын сүрөттө чагылдырууга; сүрөттү баракка татынакай жайгаштырууга; эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүүгө үйрөнүшөт. Гүлдөрдү ар түрдүү ыкмалар менен тартууну улантышат: ар кандай багытка карай тегерек жана сүйрү форманы тартууга; кыл калемдин түгү жана учу менен тартууга; Балдардын эстетикалык кабылдоосу өнүгүп, көркөм чыгармачылыкка болгон кызыгуусу артат. | 3-апта | Май |
| | **Кол өнөрчүлүк:** «Биз шалбаага баргандыз, биз шалбаачаны жасагандыз»<br>Балдар талаа гүлдөрү тууралуу маалымат алышат. Балдар жазгы кооз жаратылышка болгон оң эмоционалдуу ойлорун билдиришет. Тандоолору боюнча шалбаа гүлдөрүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, түзүлүш, түсүн чагылдырып, жасаганды үйрөнүшөт (ромашка гүлү, көк түстөгү кекире майсаң гүлү, кызыл апийим). Балдардын байкоо сезими күч алып, жандуу жаратылышка болгон кызыгуусу артат. | | |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 36 | **Достук**<br>**Сүрөт тартуу:** «Доско эмне белек берүүгө болот?»<br>Балдар достук тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетишет. Балдар өз эмгегинин мазмунун өз алдынча ойлоого, жасоо процессинин ирээтин белгилөөгө; сүрөттөөгө үйрөнүшөт. Балдар өз алдынча иштөөгө, демилгелүүлүккө, ойлогон оюн ишке ашырууга тарбияланат. | 4-апта | Май |
| | **Аппликация:** «Мен, сен жана алар – бардыгыбыз бекем досторбуз»<br>Балдар достун кандай сапаттарга ээ болуусу керектиги тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетишет. Балдардын бири-бири үчүн болгон тынчсыздануусу, кыйын абалда бири-бирине жардамга келүүсү, социалдык туюму, баарлашуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат. Балдар татаал контур аркылуу сүрөт кесүүгө (манжаларды көндүрүү); ойлогон образга ылайык сүрөт кесүүгө; (күн, куш, көпөлөк, бак ж. б.) өз алдынчалуулукка, чыгармачылыкка тарбияланат. | 4-апта | Май |
| | Бардыгы 72 сабак | | |

## *«ДЕН СООЛУКТУ бекемдөө жана ДЕНЕ ТАРБИЯ» боюнча БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ:*

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 1-2 сабак | **Милдеттер.** Катарда бирден басууга жана чуркоого, чачырап чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү; гимнастикалык отургучта дене бойду түз кармап, эки буттап, күч менен полдон (жерден) турууга, алдыга секирүүгө, топ ыргытышууга көнүгүү;<br>**Колдонуучу каражаттар:** Топтун жарымына: 2 гимнастикалык отургуч (бийиктиги 30-35 см), 8-10 куб (бийиктиги 6 см), топ (диаметри 10-12 см).<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; жалгыздан бир катарга тизилүү, жалгыздан катарда буттун учу менен басуу, бөйрөк таянуу (тизени бүкпөө); жалгыздан катарда чуркоо; тарбиячынын белги берүүсү боюнча чачырап басуу; чачырап чуркоо; катарда басып баратып орун алмашуу.<br>**II бөлүк. *Предметсиз жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>Тең салмактуулук – гимнастикалык отургучтун үстү менен бөйрөк таянып, баладан эки аттам ары жакта коюлган кубиктер аркылуу аттап басуу (3-4 жолу).<br>Эки аттам аралыкта секирүүлөр – жерден күч менен эки буттап алдыга секирүү (4 м аралыкта) 2-3 жолу.<br>Катарда тик туруп, эки кол менен топ ыргытуу (балдардын арасындагы аралык 2,5 метр), (10-12 жолу)<br>***«Биз шайыр балдарбыз» кыймылдуу оюн - чуркоо***<br>Балдар аянтчанын бир тарабында чектин ары жагында турушат. Карама-каршы тарапка да чек чийилет. Аянтчанын борборунда оюн баштоочу турат. Оюнчулар бир ооздон:<br>**Биз шайыр балдарбыз,**<br>**Ойногонду сүйөбүз.**<br>**Бир, эки, үч**<br>**Кана кууп жетип ал!**<br>«Кууп жетип ал!» сөзүнөн кийин балдар аянтчанын карама-каршы тарабына өтүшөт, оюн баштоочу аларды кармайт. Карама-каршы тарапка өткөнгө чейин оюн баштоочу оюнчуну тосуп калса, кармалган болуп эсептелип, бир жолку оюндан чыгат. Оюн эки жолу кайталанган соң жаңы оюн баштоочу тандалат.<br>**III бөлүк. Кыймылы аз оюн «Топ кимде?»** | 1 апта | Сентябрь |
| 3-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Катарда бирден басууга жана чуркоого, чачырап чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү; гимнастикалык отургучта дене бойду түз кармап, эки буттап, күч менен полдон (жерден) турууга, алдыга секирүүгө, топ ыргытышууга көнүгүү; | 1 апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 3-сабак ачык абада | **Колдонуучу каражаттар:** Топтун жарымына: 2 гимнастикалык отургуч (бийиктиги 30–35 см), 8–10 куб (бийиктиги 6 см), топ (диаметри 10–12 см).<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; жалгыздан бир катарга тизилүү, жалгыздан катарда буттун учу менен басуу, бөйрөк таянуу (тизени бүкпөө); жалгыздан катарда чуркоо; тарбиячынын белги берүүсү боюнча чачырап басуу; чачырап чуркоо; катарда басып баратып орун алмашуу.<br>**II бөлүк. *Предметсиз жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>1. Колду кежигеге алып, толтурулган топтордон аттап, гимнастикалык отургучтардын үстү менен басуу.<br>2. Бири-биринен 40 см аралыкта жылан түрүндө коюлган предметтердин арасынан эки бут менен алдыга секирүү (аралыгы 4 метр).<br>3. Катарга туруп, топту жерге урган соң бири-бирине ыргытышуу; тарбиячынын белги берүүсүнөн кийин балдар топту жерге урган соң, тосуп алып, түгөйлөрүнө ыргытышат.<br>***«Биз шайыр балдарбыз» кыймылдуу оюну***<br>**III бөлүк. «Топ кимде?» кыймылы аз оюн**<br>Тулку бойду түз кармап, басууга, чуркоого үйрөнүү; тактайчаларды калтырбай, бир ыкма менен гимнастикалык дубалга тырмышууга үйрөнүү. | 1 апта, | Сентябрь |
| 4-сабак | **Милдеттер.** Предметтер аралык басууну жана чуркоону кайталоо; буттун учу менен басууну үйрөнүү; жерден күч менен эки буттап секирүүгө жана предметке жетүү үчүн кол шилтөөгө (бийиктикке) үйрөнүү; эки кол менен жогору көздөй топ ыргытуу; 1,5 минутага чейин жүгүрүү;<br>**Колдонуучу каражаттар:** балдардын санына жараша топ, эки мамы, боо, бир канча тасма;<br>**I бөлүк.** Катарга тизүү, тапшырманы түшүндүрүү. Бөйрөк таянып, буттун учу менен чуркоо. Бир катарга коюлган предметтердин арасы менен басуу, чуркоо. (аралыгы 40 см). Басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү кезек менен жасалат. Чуркоо 40-50 с аз эмес. Тарбиячынын белги берүүсү боюнча үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Топ менен жасалуучу жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>1. Секирүүлөр – эки бут менен секирүү («Предметке секирип жет») 4-6 жолку секирүү, андан соң тыныгуу жана кайрадан тарбиячынын белги берүүсү боюнча секирүү (3–4 жолу).<br>2. Эки кол менен кичинекей топ ыргытуу (диаметри 6–8 см) (катары менен12–15 жолу).<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо (1,5 мин чейин).<br>**«Бир абалда катып кал» кыймылдуу оюну – чуркоо**<br>Балдар аянтчада чачыранды чуркашат. Тарбиячынын «токто» белгисинен кийин балдар токтоп, дароо бир абалда катып калат. Оюнда так, тез жана кызыктуу абалда катып калган бала утат.<br>**III бөлүк. *«Тап, бирок унчукпа» оюну*** | 2 апта | Сентябрь |
| 5-сабак | **Милдеттер.** Предметтер аралык басууну жана чуркоону улантуу; буттун учу менен басууну үйрөнүү; полдон (жерден) эки буттап, күч менен тартылууга жана предметтерге чейин секирүүдө кол шилтөөгө үйрөнүү (бийиктикке); эки кол менен топту жогору ыргытууга көнүгүү; 1,5 мин. чейин чуркоо.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топтор, 2 мамы, боо, бир канча тасма (диаметри 6–8 см).<br>**I бөлүк.** Катарга тизүү, тапшырмаларды түшүндүрүү. Бөйрөк таянып, буттун учу менен басуу, чуркоо. Бир катарга коюлган предметтер арасында басуу жана чуркоо (аралыгы 40 см). Басуу жана чуркоо кезек менен жүргүзүлөт. Чуркоо 40–50 см ден кем эмес. Тарбиячынын белгиси боюнча үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Топ менен жасалуучу жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунда туруп секирүү фронталдуу ыкма менен аткарылат («Предметке жет») (4–5 жолу).<br>Алаканды чаап, топту жогору ыргытып, эки кол менен тосуп алуу (15–20 жолу). | 2 апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 5-сабак | Предметтер арасында төрт аяктап, кезек менен басуу жана чуркоо (2–3 жолу)<br>***«Бир абалда катып кал» кыймылдуу оюну- чуркоо***<br>**III бөлүк. *«Тап, бирок унчукпа» оюну*** | 2 апта | Сентябрь |
| 6-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Колдун ар түрдүү абалында тизени жогору көтөрүп, биринин аркасынан бири басуу. Жай чуркоо 2 мин, 20 сек. Басуу, 3–4 терең дем алуу. Чынжырча түрдө тизилүү<br>**Колдонуучу каражаттар:** ийилген такталар, гимнастикалык дубал, топ.<br>**I бөлүк.** Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 1-комплекс<br>1. «Көздөр»» (кинезиологиялык көнүгүүлөр)<br>**Бүркүттөй көрүш үчүн**<br>**Көздү жумуп - ачалы**<br>Колдун үч манжасы менен көздүн үстүн акырын басып, кармап туруу зарыл 1-2 сек. (6 жолу)<br>2. «Тил» (кинезиологиялык көнүгүүлөр).<br>**Тилиңерди көрсөткүлө,**<br>**Баарың аны карагыла**<br>Тилди сунуу жана киргизүү (10 жолу)<br>3. «Сааттар» (дем алуу көнүгүүлөрү)<br>**Сааттар алга жүрүп барат**<br>**Бизди кошо чакырышат**<br>Алгачкы абал – буттар бир аз ачылган.<br>1 – алдыга кол шилтөө – «тик» (дем алуу),<br>2 – артка кол шилтөө – «так» (дем чыгаруу) (8 жолу).<br>4. «Насос» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Гүлгө сууну куюш үчүн**<br>**Суу толтуруп алабыз.**<br>Алгачкы абал (дем алуу),<br>1-2 – тулку бойдун капталга ийилиши, колдордун белден тайышы («с-с-с») – дем чыгаруу<br>3-4 – алгачкы абал (дем алуу),<br>Эми экинчи капталга (8 жолу).<br>5. «Чоң болгонду калаймын» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Элге пайда келтирип**<br>**Бат чоңойсом деп тилейм**<br>Алгачкы абал<br>1-2 – колдорду өйдө көтөрүп, чоюлуп, буттун учу менен туруу (дем алуу).<br>3-4 – колдорду ылдый түшүрүп, дене бойду бош таштап, «ух-х-х» деген үн чыгаруу (дем чыгаруу). (8 жолу)<br>6. «Канаттар» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Канаттарды алга жайып**<br>**Учалы биз көкөлөп**<br>И. п. – буттар бир аз ачылган<br>1 – колдорду капталдан жогору көтөрүү (дем алуу).<br>2-4 – колдорду капталдан төмөн түшүрүү (дем чыгаруу). (8 жолу)<br>**II бөлүк.** Негизги кыймылдар.<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү<br>2. Эңкейиштеги тактадан түз, андан соң капталдап чуркоо.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү<br>4. Бир ыкма менен гимнастикалык дубалга тырмышуу (4 тактай), экинчи өтмөккө өтүү жана төмөн түшүү.<br>5. Жай ылдамдыкта чуркоо. 2 мин 20 сек. (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>**Кыймылдуу оюндар** «Оюн баштоочулар», «Учту-учту»<br>**III бөлүк.** Аянтчада бир калыпта басуу | 2 апта | Сентябрь |
| 7-сабак | **Милдеттер.** 1 минутага чейин тизени жогору көтөрүп, тынымсыз басууга көнүгүү; алакан жана тизе таянып, гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөө; топту жогору ыргытууну үйрөнүү; боонун үстү менен басууда чапчандык жана туруктуу тең салмактуулукту өнүктүрүү. | 3 апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 7-сабак | **Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топтор, (диаметри 20-25 см) 2 гимнастикалык отургуч, 2 аркан (боо)<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү (секирик менен) Бөйрөк таянып, тизени жогору көтөрүп басуу. Тарбиячынын аркасынан бирден чуркоо (1 минутага чейин), чуркоо ылдамдыгы бир калыпта. Жөнөкөй басууга өтүү.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Эки бут менен секирүү – сол бут алдыда, оң бут аркада, буттардын абалын секирип, алмаштыруу. Бул секирүү тарбиячынын эсеби менен аткарылат 1–8, андан соң тыныгуу жана кайрадан секирүү (3–4 жолу).<br>Алакан жана тизенин жардамы менен гимнастикалык отургучтун үстүндө жөргөлөө (2–3 жолу).<br>Бөйрөк таянып, жоон аркандын үстү менен капталдап басуу (2–3 жолу), башты жана арканы түз кармоо.<br>Топту эки кол менен жогору ыргытуу, топту жогору ыргытуу жана алакан чаап тосуп алуу (10–12 жолу)<br>«Кайырмак» - кыймылдуу оюну.<br>Оюнчулар тегеректешип турушат. Дал ортодо – тарбиячы турат, учуна кум салынган кап байланган арканды кармап турат. Ал кап байланган арканды полдун так үстү менен айлантат, ал эми балдар капка буттарын тийгизбегенге аракеттенип, эки бут менен жогору секиришет. Мугалим 2–3 жолу капты айлантып, капка буттары тийген балдарды санап, секирүү тууралуу керектүү көрсөтмөлөрдү берип, бир аз тыныгуу жасайт.<br>**III бөлүк. *Катарда жалгыздан басуу.*** | 3 апта | Сентябрь |
| 8-сабак | **Милдеттер.** Тизени өйдө көтөрүп, басууга, 1 минутага чейин тынымсыз чуркоого көнүгүү; алакан жана тизе таянып, гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөө; топту жогору ыргытууну үйрөнүү; боонун үстү менен басууда чапчандык жана туруктуу тең салмактуулукту өнүктүрүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топтор, (диаметри 20-25 см) 2 гимнастикалык отургуч, 2 аркан (боо)<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү (секирүү менен) Бөйрөк таянып, тизени жогору көтөрүп басуу. Тарбиячынын аркасынан бирден чуркоо (1 минутага чейин), чуркоо ылдамдыгы бир калыпта. Жөнөкөй басууга өтүү.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Эки бут менен секирүү – сол бут алдыда, оң бут аркада, буттардын абалын секирип, алмаштыруу. Секирүү тарбиячынын эсеби менен аткарылат 1–8 жолу, андан соң тыныгуу жана кайрадан секирүү (3–4 жолу).<br>2,5 м аралыкта эки катар болуп туруп, топту бири-бирине ыргытуу (буттарды ийиндин энине жараша коюп, эки кол менен жогору).<br>Билек жана тизеге таянып, отургучтун үстү менен жөргөлөө.<br>Тең салмактуулук – бөйрөк таянып, баштын үстүнө кап көтөрүп, жоон аркандын үстү менен капталдап басуу.<br>***«Сүйүктүү тамагыңды ата» кыймылдуу оюну – топту ыргытуу жана тосуу***<br>Балдар тегеректешип, ал эми тарбиячы топ менен айлампанын дал ортосунда турат. Мугалим балага топту ыргытат, бала топту жогору карай үч жолу алакан чаап ыргытып, тосуп алып жатып, сүйүктүү тамагын атайт. Тамактын атын кайталоого болбойт.<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Сентябрь |
| 9, 12-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Аралыкты сактоо менен басуу жана чуркоо; топту ыргытууну жана жерге секиртүүдөн соң тосуп алууну үйрөнүү; чыдамдуулукту калыптандыруу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** такталар, топтор.<br>**1 бөлүк.** Биринин аркасына бири басуу.<br>Жай чуркоо 2 мин. 20 сек (180 м). Басуу, 3–4 терең деим алуу<br>**2 бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 1-комплекс<br>Б). Негизги кыймылдар | 3,4 апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 9, 12-сабак ачык абада | 1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Топту жогору ыргытуу жана жерге секиртүүдөн соң эки кол менен тосуп алуу.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Такталардын үстү менен биринин аркасынан бири түз басуу. Такталардын үстү менен чуркоо.<br>5. Жай чуркоо 2 мин. 20 сек. (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Оюн баштоочулар», «Самолеттор»** кыймылдуу оюндары<br>**3 бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3,4 апта | Сентябрь |
| 10-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын берген белгиси аркылуу кыймылдын ылдамдыгын өзгөртүү менен басууну жана чуркоону үйрөнүү; каптал менен алкактын четтерине тийбей өтүүнү үйрөнүү; алдыга секирүүдө тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша, жыгач устундар жана кубиктер (6-8 даана, 15 см бийиктикте), 2-4 алкак, каптар.<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; Катарда жалгыздан басуу. Тарбиячынын белгиси боюнча балдар жай ылдамдыкта басууга өтүшөт; катарда жалгыздан жана чачырап басуу – орточо ылдамдыкта 30-40 сек. чейин.<br>**II бөлүк. Таяк менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.**<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>Алкактан топ топ болуп, каптал менен өтүү (жогорку жагына тийбестен) (5–6 жолу).<br>Башка кап көтөрүп, устундардан (кубиктерден) аттоо 2–3 жолу).<br>Капты тизеге кыпчыган абалда эки бут менен секирүү, – «Кенгуру» (3 м аралыкта) (2–3 жолу).<br>***«Барабан» кыймылдуу оюну***<br>Балдар тамандарын параллелдүү коюп, согончокторун полго такап, отургучта отурушат. Ал эми мугалим балдардын маңдайында белгилүү бир ыргакта кезек менен оң жана сол бутунун учу менен жана кезек менен эки бутунун тең учу менен ыргакты өзгөртөт. Балдар көнүгүүнү кайталашат, бирок согончокту полго бекем такалуу абалда болот. Андан соң ыргак өзгөрүлүп, согончоктор жерден алынып, буттун учу жерге такалат. Ушуну менен катар тулку бойдун түз болуусун текшерүү зарыл.<br>**III бөлүк.** Көнүгүүлөрдү аткарып, жалгыздан катарда басуу (колдор капталда, колдор төмөндө, колдор кежигеде). | 4 апта | Сентябрь |
| 11-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын берген белгиси аркылуу кыймылдын ылдамдыгын өзгөртүү менен басууну жана чуркоону үйрөнүү; каптал менен алкактын четтерине тийбей өтүүнү үйрөнүү; алдыга секирүүдө тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша, жыгач устундар жана кубиктер (6-8 даана, 15 см бийиктикте), 2-4 алкак, каптар.<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; Катарда жалгыздан басуу. Тарбиячынын белгиси боюнча балдар жай ылдамдыкта басууга өтүшөт; катарда жалгыздан жана чачырап басуу – орточо ылдамдыкта 30-40 сек. чейин.<br>Басууга өтүү жана катарда үчтөн басуу, жалпы өнүктүрүүчү мүнөздөгү көнүгүүлөрдү жасоо үчүн араларды ачып, кармашуу.<br>**II бөлүк. Таяк менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.**<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>Алкактан топ-топ болуп, каптал менен өтүү (жогорку жагына тийбестен) (5–6 жолу)<br>Башка кап көтөрүп, устундардан (кубиктерден) аттоо 2–3 жолу).<br>Капты тизеге кыпчыган абалда эки бут менен секирүү, – «Кенгуру» (3м аралыкта) (2–3 жолу)<br>***«Барабан» кыймылдуу оюну***<br>**III бөлүк.** Көнүгүүлөрдү аткарып, жалгыздан катарда басуу (колдор капталда, колдор төмөндө, колдор кежигеде). | 4 апта | Сентябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 13-сабак | **Милдеттер.** Экиден катарга тизилүүгө үйрөнүү; 1 минутага чейин тынымсыз чуркоого көнүгүү; гимнастикалык отургучтун үстү менен таянып басууга үйрөнүү; боодон секирүүгө жана топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Топтун жарымындагы балдар үчүн топтор (диаметри 20–25 см), 8-10 кыска боолор (өрүлгөн), 2 гимнастикалык отургуч<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; Катарга жалгыздан тизилүү, басуу; тарбиячынын белгиси боюнча катарга экиден тизилүү. Катарда экиден басуу, чачырап чуркоо, чачырап басуу, катарда жалгыздан басуу, 1 минутага чейин бир калыпта чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бөйрөк таянып, гимнастикалык отургучта таянып, капталдап басуу (2-3 жолу).<br>Бири-биринен 50 см аралыкта жайгашкан эки боо аркылуу эки бут менен секирүү (4-5 даана) – 2-3 жолу.<br>3 м аралыкта катарда туруп, эки кол менен көкүрөк туштан топ ыргытуу (баскетбол оюну ыкмасы боюнча)<br>***«Шамал-бороон» кыймылдуу оюну.***<br>Балдар-канаттуулар эркин учушат. «Шамал-бороон» деген мугалимдин белгисине балдар уясына – гимнастикалык тепкичке учуп кетүүгө аракет жасашат. Оюн бир канча ирээт кайталанат.<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа» аз кыймылдуу оюну.** | 5 апта | Сентябрь |
| 14 сабак | **Милдеттер.** Экиден катарга тизилүүгө үйрөнүү; 1 минутага чейин тынымсыз чуркоого көнүгүү; гимнастикалык отургучтун үстү менен таянып басууга үйрөнүү; боодон секирүүгө жана топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Топтун жарымындагы балдар үчүн топтор (диаметри 20–25 см), 8–10 кыска боолор (өрүлгөн), 2 гимнастикалык отургучта.<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү; Катарга жалгыздан тизилүү, басуу; тарбиячынын белгиси боюнча катарга экиден тизилүү. Катарда экиден басуу, чачырап чуркоо, чачырап басуу, катарда жалгыздан басуу, 1 минутага чейин бир калыпта чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Баладан үч кадам аралыкта коюлган кубиктерди аттап, каптал менен гимнастикалык отургучтун үстү менен таянып басуу (2–3 жолу).<br>Оң жана сол каптал менен боо аркылуу(5–6 даана) эки бут менен секирүү. Боолордун арасындагы аралык 35–40 см (2–3 жолу).<br>Алгачкы абалдан эки кол менен көкүрөк туштан топ ыргытуу, буттар ийиндин жазылыгында (8–10 жолу)<br>***«Шамал-бороон» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа» аз кыймылдуу оюну.** | 1 апта | Октябрь |
| 15, 18-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Басууга жана чуркоого көнүгүү; 180 градуска бурулган, жерде жаткан таяктын үстүнөн секирүү; топту ыргытууда, тосууда жана жерден секирген учурда манжаларды көндүрүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 4 гимнастикалык таяктар, топтор.<br>**I бөлүк.** «чычкандар сыяктуу», «пингвиндер сыяктуу», тизени жогору көтөрүп, биринин аркасынан бири басуу (колдор аркада). Колдор үчүн көнүгүүлөрү менен басуу (капталга, жогору карай)<br>Жай чуркоо 2 мин. 20 сек (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Чынжырча түрүндө тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №2-комплекс<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүүлөр)<br>**Көздөрүбүз зор көрүүгө**<br>**Укалайбыз аз-аздан**<br>1 минутанын ичинде, көздү жаппастан, үстүңкү жана астыңкы кабакты укалоо. | 1-2 апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 15, 18-сабак ачык абада | 2. «Тиштер» (кинезиологиологиялык көнүгүүлөр)<br>**Тишти катуу укалайбыз**<br>**Анан таттуу эстейбиз**<br>Көздү жабуу. Сөөмөй жана ортон менен бир учурда сол тарабынан жана оң тарабынан азуу тиштердин байланышкан жерин укалоо. Укалоонун соңунда, денени бош коюп, эстөө сымал үн чыгаруу (8 жолу)<br>3. «Алакан» (кинезиологиялык көнүгүүлөр)<br>**Алаканды ушалап**<br>**Күч беребиз манжага.**<br>Оң колдун муштумга түйүлгөн манжаларын сол алакандын үстүнөн өйдө, ылдый кыймылдатуу. Экинчи колду дагы дал ушундай кыймылдатуу.<br>4. «Үй» (кинезиологиялык көнүгүүлөр)<br>**Сонун чоң үй салабыз,**<br>**Анда чогуу жашайбыз**<br>Колдун түздөлгөн манжа учтарын бириктирүү. Оң колдун манжалары менен сол колдун манжа учтарын күч менен басуу же тескерисинче.<br>5. «Кулактар» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Кулактарды ачабыз**<br>**Баарын жакшы угабыз**<br>Алгачкы абал –о. с. (дем алуу),<br>1 – башты оңго ийүү – терең дем алуу<br>2 – башты солго ийүү – эркин дем чыгаруу<br>Кулактарды ийинге жакын кармоого аракет кылуу (8 жолу).<br>5. «Түтүкчө эриндер» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Терең-терең дем алабыз**<br>**Абадан көп жутабыз**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1 – Ичти өзүнө тартып, толук дем чыгаруу.<br>2 – Эриндерди түтүкчө сымал кармап, дароо дем алып, өпкөнү аба менен жылчыксыз толтуруу.<br>3 – дем алып жаткан сыяктуу кыймылдар.<br>4 – 2–3 с аралыгында тыныгуу, андан соң башты жогору көтөрүп, бир калыпта жана жай ооз аркылуу дем чыгаруу (8 жолу).<br>Б). Негизги кыймылдар.<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Жерде жаткан гимнастикалык таяктар аркылуу секирүү (ордунан), андан соң 180 градуска бурулуп, 2 бут менен секирүү.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Манжалар менен топту ыргытуу жана тосуу. Бул кыймыл дагы жерден секирген соң.<br>5. Жай чуркоо 2 мин. 20 сек. (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **Кыймылдуу оюндар «Аюу токойдо», «Ак терек – көк терек».**<br>**III бөлүк.** Аянтчада бир калыпта басуу. | 1-2 апта | Октябрь |
| 16-сабак | **Милдеттер.** Жалгыздан катарда басууда тарбиячынын белгиси менен бурулууну үйрөнүү; устундар аркылуу чуркоого көнүгүү; секирүүдө жарым ийилген буттар менен жерге түшүү жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; бири-бирине топ ыргытууну жана тоскоолдуктардан жөргөлөп өтүүнү кайталоо.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша 2 гимнастикалык отургучтар, топтор (диаметри 20 см), матрацтар же резина дорожкалар, 5–6 устун (бийиктиги 10 см)<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын «Бурулуш!» белгисинде балдар башка тарапка бурулушуп, басууну улантышат; бири-биринен 70-80 см алыс аралыкта коюлган кыска устундар аркылуу чуркоо. Басуу жана чуркоо кезек менен жүргүзүлөт. | 2 апта | Октябрь |

<table>
<tr><th>№</th><th>МАЗМУНУ</th><th>МӨӨНӨТҮ</th><th>АЙ</th></tr>
<tr><td>16-сабак</td><td>II бөлүк. Чоң топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.<br>Секирүүлөр – буттардын орто бүгүлгөн абалында отургучтан секирүү (6–8 жолу).<br>Баштан ашырып, бири-бирине топ ыргытуу (10–12 жолу).<br>Тоскоолдуктардан жөргөлөп, өтүү (гимнастикалык отургуч).<br>«Аюу токойдо» кыймылдуу оюну.<br>«Аюу» үңкүрдө оюнчулардан оолак отурат.<br>Балдар акырын үн салышарт:<br>Аюу чейинине барабыз,<br>Алмасынан алабыз.<br>Аюу уктап жатканда<br>Үйдү көздөй качабыз.<br>Мындай сөздөрдү укканда аюу ойгонуп, ыркырап балдарды көздөй жөнөйт. Балдар туш тарапка качышат, аюу тосуп калган балдарды үңкүрүнө алып жөнөйт. Оюн бир канча жолу уланат.<br>III бөлүк. «Топ кимде?» кыймылы аз оюн – чапчаңдык, көңүл буруу<br>Балдар колдорун аркаларына алып, ийиндерине жөлөнүшүп, айлампада турушат. Оюн баштоочу айлампанын ортосунда турат. Мугалимдин белгиси боюнча балдар бири-бирине топту беришет. Оюн баштоочу артка бурулган учурда оюнчулардан бирөө тез арада топ тийгизип, жанында турган оюнчуга топту берет. Оюн баштоочу, ага топту ким тийгизгендигин же топ кимдин колунда экендигин билүүсү зарыл. Оюн баштоочу «Колдор» деген маалда, оюнчу эки колун тең оюн баштоочуга көрсөтүүсү зарыл. Эгерде туура тапса, оюн баштоочулук башка оюнчуга өтөт. Эгерде оюн баштоочу жаңылып калса, оюн жүргүзүүнү улантат.</td><td>2 апта</td><td>Октябрь</td></tr>
<tr><td>17-сабак</td><td>Милдеттер. Жалгыздан катарда басууда тарбиячынын белгиси менен бурулууну үйрөнүү; устундар аркылуу чуркоого көнүгүү; секирүүдө жарым ийилген буттар менен жерге түшүү жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; бири-бирине топ ыргытууну жана тоскоолдуктардан жөргөлөп өтүүнү кайталоо.<br>Окуу куралдары. Балдардын санына жараша 2 гимнастикалык отургучтар, топтор (диаметри 20 см), матрацтар же резина дорожкалар, 5–6 устун (бийиктиги 10 см).<br>I бөлүк. Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын «Бурулуш!» белгисинде балдар башка тарапка бурулушуп, басууну улантышат; бири-биринен 70-80 см алыс аралыкта коюлган кыска устундар аркылуу чуркоо. Басуу жана чуркоо кезек менен жүргүзүлөт.<br>II бөлүк. Чоң топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.<br>Секирүүлөр – буттардын орто бүгүлгөн абалында отургучтан секирүү (6–8 жолу).<br>Баштан ашырып, бири-бирине топ ыргытуу (10–12 жолу).<br>Тоскоолдуктардан жөргөлөп, өтүү (гимнастикалык отургуч) «Аюу токойдо» кыймылдуу оюну<br>III бөлүк. «Топ кимде?» кыймылы аз оюну.</td><td>2 апта</td><td>Октябрь</td></tr>
<tr><td>19-сабак</td><td>Милдеттер. Тарбиячынын белгисине жараша кыймылдын ыргагын өзгөртүү менен басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгуу; чачыранды абалда чуркоо; кыймылдын координациясын өнүктүрүү жана мээленген жерге топту ыргытуудагы көз өлчөм; тең салмактуулукту сактоо менен догоонун астына жөргөлөп кирүүгө көнүгүү.<br>Колдонуучу каражаттар: Балдардын санына жараша топтор (диаметри 6–8 см), 4–6 догоо, 6–8 ичи шыкалган топтор.<br>I бөлүк. Катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын берген белгисине жараша кезек менен бир калыпта басуу (анда-санда кагылган коңгуроонун үнүнө жараша) жана тез басуу (тез-тез кагылган коңгуроонун үнүнө жараша).</td><td>3 апта</td><td>Октябрь</td></tr>
</table>

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 19-сабак | Тарбиячынын белгисисине жараша чачыранды чуркоо: «Илек илек!» деген сөздү укканда балдар, экинчи бутун бүгүп, бир бут менен туруулары жана «Коендор» деген сөздү укканда, үч жолу секирүүлөрү зарыл.<br>**II бөлүк.** ***Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. 2 метр аралыкта оң жана сол кол менен туурасынан топ ыргытуу (4–5 жолу).<br>2. Жөрмөлөө – догоонун асты менен колду жерге тийгизбестен, түз жана капталдап жөргөлөө (топ-топ болуп), (3–4 жолу).<br>3. Бөйрөк таянып, башты жана далыны түз кармап, буттун учу менен предметтерге тийбей шыкалган топторду аттап, басуу (3–4 жолу).<br>***«Ак терек – көк терек» кыймылдуу оюну***<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу | 3 апта | Октябрь |
| 20-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгисине жараша кыймылдын ыргагын өзгөртүү менен басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгууну улантуу; чачыранды абалда чуркоо; кыймылдын координациясын өнүктүрүү жана мээленген жерге топту ыргытуудагы көз өлчөм; тең салмактуулукту сактоо менен догоонун астына жөргөлөп кирүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топтор (диаметри 6-8 см), 4-6 догоо, 6-8 ичи шыкалган топтор.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын берген белгисине жараша кезек менен бир калыпта басуу (анда санда кагылган коңгуроонун үнүнө жараша) жана тез басуу (тез тез кагылган коңгуроонун үнүнө жараша). Тарбиячынын белгисисине жараша чачыранды чуркоо: «Илек илек!» деген сөздү укканда балдар, экинчи бутун бүгүп, бир бут менен туруулары жана «Коендор» деген сөздү укканда, үч жолу секирүүлөрө зарыл.<br>**II бөлүк.** ***Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. 2 метр аралыкта оң жана сол кол менен туурасынан топ ыргытуу (4-5 жолу)<br>2. Предметтердин арасы менен жөргөлөө («жылан» сымал тизилген, бири биринен 1,5 м аралыкта коюлган шише сымал таякча, шыкалган топтор, кубиктер (2-3 жолу).<br>3. Гимнастикалык отургучтун үстү менен капталдап, таянып басуу. Отургучтун дал ортосуна келгенде отуруп, андан соң туруп, андан ары өтүү (2-3 жолу).<br>***«Ак терек – көк терек» кыймылдуу оюну***<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Октябрь |
| 21,<br>24-сабак<br>ачык<br>абада | **Милдеттер.** Туура түртүлүү жана жерге түшүү менен узундукка секирүүгө үйрөнүү; тең салмактуулукту сактоого, басууга жана чуркоого; чыдамдуулукту калыптандырууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** автоунаанын дөңгөлөктөрү<br>**I бөлүк.** Багытты өзгөртүү менен биринин аркасынан бири басуу. Тизени жогору көтөрүп, 2 мин. 20 сек убакытында жай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Айлампага тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 2-комплекс<br>Б). Негизги кыймылдар.<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 2 мин. 20с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Бөйрөк таянып, дөңгөлөктөрдүн үстү менен басуу.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 2 мин. 20с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Узундукка, алыстан чуркап келип, секирүү.<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо. 2 мин. 20с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **Кыймылдуу оюндар:** «Саздан сазга», «Ак терек – көк терек».<br>**III бөлүм.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апта | Октябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 22-сабак | **Милдеттер.** Басып жана катарда экиден чуркап бара жатып бурулууга үйрөнүү; алкакка каптал менен кирип, өтүү; секирүүгө жана тең салмак кармай билүүгө көнүгүү;<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, 2 гимнастикалык отургуч, 1-2 матрац (же поролон килемчелер).<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү. Катарга экиден тизилүү. Катарда экиден басуу, тарбиячынын «Бурулгула!» деген белгисинде балдар сол ийин менен бурулуп, басууну улантышат. Катарда экиден басуу, чуркоонун ыргагын өзгөртпөстөн, тарбиячынын белгисинен соң дагы бурулуу. Чуркоо менен басуу кезеги менен жүргүзүлөт.<br>**II бөлүк. *Алкактын жардамы менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бири биринен 1 м аралыкта катары менен үч алкактан жөргөлөп өтүү (топ-топ болуп, жерге колду тийгизбей, каптал менен) (2–3 жолу).<br>Буттун учу менен гимнастикалык отургучтун үстү аркылуу басып, ортосундагы предметтен (кубик же шыкалган топ) аттап, секирбестен өтүү (2–3 жолу).<br>Жумшак тоскоолдуктардан эки бут менен секирип өтүү (бийиктиги 20 см), төрт кадамдан соң тоскоолдукка секирүү (5–6 жолу).<br>***«Ак сандык – көк сандык» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Жей турган аш, жебей турган аш» аз кыймылдуу оюну.** | 4 апта | Октябрь |
| 23-сабак | **Милдеттер.** Басып жана катарда экиден чуркап бара жатып бурулууга үйрөнүү; алкакка каптал менен кирип, өтүү; секирүүгө жана тең салмак кармай билүүгө көнүгүү;<br>Окуу куралдары. Балдардын санына жараша алкактар, 2 гимнастикалык отургуч, 1–2 матрац (же поролон килемчелер).<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн, катардын тегиздигин текшерүү. Катарга экиден тизилүү. Катарда экиден басуу, тарбиячынын «Бурулгула!» деген белгисинде балдар сол ийин менен бурулуп, басууну улантышат. Катарда экиден басуу, чуркоонун ыргагын өзгөртпөстөн, тарбиячынын белгисинен соң, дагы бурулуу. Чуркоо менен басуу кезеги менен жүргүзүлөт.<br>**II бөлүк. *Алкактын жардамы менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. Төрт аяктап, тоскоолдуктардан өтүү (2–3 жолу).<br>2. Гимнастикалык отургуч менен басып, дал ортосунда айланып, андан ары басуу (2–3 жолу).<br>3. Тоскоолдуктардан секирүү (бийиктиги 20 см) – 2–3 жолу.<br>***«Ак сандык – көк сандык» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Жей турган аш, жебей турган аш» аз кыймылдуу оюну.** | 4 апта | Октябрь |
| 25-сабак | **Милдеттер.** Тизени жогору көтөрүп, басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгууну улантуу, чачыранды абалда чуркоо; гимнастикалык отургучтун үстү менен басып бара жатып, кичинекей топту бир колдон экинчи колго өткөрүүнү үйрөнүү; чапчаңдык жана кыймыл координациясын өнүктүрүү; катарда туруп, секирүүгө жана топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Тайпанын жарымына топ (диаметри 10–12 см), балдардын санына жараша кичинекей топ, (диаметри 6–8 см), 2 гимнастикалык отургуч, 6–8 шише сымал таякча.<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү, тапшырманы түшүндүрүү, жалгыздан катарга тизилүү. Катарда жалгыздан басуу, тизени жогору көтөрүп, тарбиячынын белгисине жараша басуу, чачыранды абалда чуркоо, бир чийинге коюлган шише сымал таякчалардын арасы аркылуу чуркоо (аралыгы 40 см); жалгыздан кадимки жай абалда басуу.<br>**II бөлүк. *Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – кичинекей топту оң колдон сол колго алдыдан жана арка тараптан өткөрүп, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (2–3 жолу).<br>Бир катарга коюлган шише сымал таякчалардын арасы аркылуу алгач бир, андан соң эки: оң жана сол бут менен секирүү (2–3 жолу). | 1 апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 25-сабак | Буттар ийиндин жазылыгы боюнча ачылып, топту төмөн жактан ыргытуу (3 м аралыкта катарда туруу абалында). 8-10 жолу кайталоо.<br>***«Чалынган аттар» кыймылдуу оюну.***<br>Оюнчулар чийиндин ары жагына туруп, 3-4 командага бөлүнүшөт. Чийиндин маңдайына желекчелерди, мамыларды коюшат. Тарбиячынын белгисинен кийин алгачкы оюнчулар эки бут менен секирип, желекчелерге жетип, айланып чуркап келүүлөрү зарыл. Андан соң экинчи оюнчулар ж.б. Эстафетаны биринчи аткаргандар жеңүүчү аталышат. Чийинден желекчелерге чейинки аралык 20 м ден кем болбоого тийиш. Колдордун жардамы менен, эки бут менен бирдей, бир убакта теминип, туура секирүү керек. Көрсөтүлгөн багытта чуркоо зарыл<br>**III бөлүк. «Ким мындай кыйкырат?»** аз кыймылдуу оюну.<br>Оюн баштоочу тандалат. Ал ар кандай жаныбарлардын кыйкырыктарын туурайт, ал эми балдар аны табышат. Оюн оюнчулардын алмашуусу менен бир канча жолу ойнолот. | 1 апта | Ноябрь |
| 26-сабак | **Милдеттер.** Тизени жогору көтөрүп, басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгууну улантуу, чачыранды абалда чуркоо; гимнастикалык отургучтун үстү менен басып бара жатып, кичинекей топту бир колдон экинчи колго өткөрүүнү үйрөнүү; чапчаңдык жана кыймыл координациясын өнүктүрүү; катарда туруп, секирүүгө жана топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Тайпанын жарымына топ (диаметри 10–12 см), балдардын санына жараша кичинекей топ, (диаметри 6–8 см), 2 гимнастикалык отургуч, 6–8 шише сымал таякча.<br>**I бөлүк.** Катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү, тапшырманы түшүндүрүү, жалгыздан катарга тизилүү. Катарда жалгыздан басуу, тизени жогору көтөрүп, тарбиячынын белгисине жараша басуу, чачыранды абалда чуркоо, бир чийинге коюлган шише сымал таякчалардын арасы аркылуу чуркоо (аралыгы 40 см); жалгыздан кадимки жай абалда басуу.<br>**II бөлүк. *Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – кичинекей топту оң колдон сол колго алдыдан жана арка тараптан өткөрүп, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (2–3 жолу).<br>Бир катарга коюлган шише сымал таякчалардын арасы аркылуу алгач бир, андан соң эки: оң жана сол бут менен секирүү (2–3 жолу).<br>Буттар ийиндин жазылыгы боюнча ачылып, топту төмөн жактан ыргытуу (3 м аралыкта катарда туруу абалында). 8–10 жолу кайталоо.<br>***«Чалынган аттар» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Ким мындай кыйкырат?»** аз кыймылдуу оюну. | 1 апта | Ноябрь |
| 27, 30-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Басууга жана чуркоого көнүгүү; боого тийип албастан, секирүү; топту ыргытууга жана тосууга (төмөн жактан жана көкүрөк туштан) көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 20 см узундукта боо, топтор.<br>**I бөлүк.** Чоң кадамдар менен, ыргакты өзгөртүп, «чычкандар сыяктуу», «пингвиндер сыяктуу» биринин аркасынан бири басуу.<br>2 мин. 55 сек. жай чуркоо (200м). Басуу. Чачыранды туруу.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №3-комплекс<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Көздөрүбүз тың көрүүгө**<br>**Укалайбыз аз-аздан**<br>Үч манжа менен үстүнкү кабакты акырын басуу жана 1-2 сек. кармап туруу (8 жолу).<br>2. «Тегерек тартабыз» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Чоң тегерек тартабыз**<br>**Айлананы карайбыз**<br>Көз жана бери чыгарылган тилди айлантып, бирдей кыймылга келтирүү (8 жолу). | 1, 2 апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 27,<br>30-сабак<br>ачык<br>абада | 3. Баш чайкоо (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Башыбызды чайкайбыз,**<br>**Көйгөйлөрдү таштайбыз.**<br>1. «Бак» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Биз чоңоюп өсөбүз,**<br>**Асманга да жетебиз.**<br>Чөк түшүп, башты төмөн бүгүп, эки кол менен тизени кучактоо. Бул - бара-бара бакка айлана турган тукум. Акырындан жогору туруу, дене бойду түздөө, колдорду жогоруу чоюу.<br>Шамал сокту. Бактын кыймылын туурап, дене бойду терметүү. (6 жолу)<br>«Кулактар» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Кулактарды ачабыз,**<br>**Баарын жакшы угабыз.**<br>Алгачкы абал –о. с. (дем алуу),<br>1 – башты оңго ийүү – күч менен дем алуу.<br>2 – башты солго ийүү – эркин дем алуу,<br>Кулактарды ийиндерге жакындатууга аракет жасоо (8 жолу).<br>«Жебе» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Оңго-солго, солго-оңго,**<br>**Кайра баарын башынан.**<br>Алгачкы абал – бөйрөк таянып туруу (дем алуу).<br>1- тулку бойду оңго ийүү (дем чыгаруу).<br>2 – алгачкы абал (дем алуу).<br>3- тулку бойду солго ийүү (дем чыгаруу).<br>4 – алгачкы абал (дем алуу). (8 жолу.)<br>«Өз жүрөгүңдү тыңша» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Аста демден алабыз,**<br>**Жүрөктү биз тыңшайбыз.**<br>алгачкы абал – о. с.<br>1–2 – Мурун аркылуу жай дем алуу. Көкүрөк клеткалары кеңейип баштаганда дем алууну токтотуп, тыныгуу жасоо. 4 с.<br>3–4 – Мурун аркылуу жай акырын дем алуу. (8 жолу).<br>Б). Негизги кыймылдар<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Ордунда туруп, боонун үстүнөн секирүү (боонун узундугу – 20см).<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Төмөн жактан жана көкүрөк туштан топ ыргытуу (топту акырын тосуп алууга аракет жасоо).<br>5. Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Таранчылар жана мышык», «Учту – учту» кыймылдуу оюндары.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1, 2 апта | Ноябрь |
| 28-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын багытын өзгөртүп басууну жана предметтер арасында чуркоону улантуу, оң жана сол бут менен алмак салмак алдыга секирүү; отургучтун үстүнө көмкөрөдөн жаткан абалда жөргөлөө жана топту буюмдардын арасы менен тоголотуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша 2 гимнастикалык отургуч, топ (диаметр 20–25 см), 5–6 шише сымал таякчалар.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын белгисине жараша багытын өзгөртүү (терезеге, эшикке, желекке жана шише сымал таякчага карай ж. б.) бир катарга коюлган шише сымал таякчалардын арасы менен чуркоо. Басуу жана чуркоо кезек кезеги менен жүргүзүлөт. Катарга экиден, андан соң үчтөн тизилүү.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Оң бут менен, андан соң сол бут менен кезек-кезеги менен алдыга жылып, секирүү (эки жолу секирүү) (аралыгы 4 м) – 2–3 жолу.<br>Көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургуч менен жөргөлөө (отургучтун капталдарын карманып) 2–3 жолу.<br>Кадамдап алдыга жылуу менен топту жерге уруу (аралыгы 5 м) 2–3 жолу. | 2 апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 28-сабак | ***«Куу түлкү» – кыймылдуу оюну – чуркоо.*** Оюнчулар бири-биринен бир кадам алыстыкта тегеректешип турушат. Айлампанын сырты түлкүнүн үйү деп эсептелет. Мугалимдин белгисине жараша балдар көздөрүн жумушат, ал эми түлкү балдарды айлампанын сыртынан тегеренип басат жана оюнчунун бирөөсүнө тийет, жана ал оюнчу оюн улантуучу – «куу түлкү» болот. Андан соң балдар көздөрүн ачышып, 3 жолу бир добуштан сурашат (алгач акырын, андан соң катуу үн менен): «Куу түлкү, сен кайдасың?» Балдар үчүнчү жолу сурашканда гана «түлкү» тез аранын ичинде айлампанын ичине кире качып, колуп көтөрүп: «Мен бул жактамын!» деп айтат. Бардык оюнчулар залдын ичи менен чуркап баштаганда, куу түлкү аларды кармайт (колу менен тийет). Түлкү 2–3 баланы кармаган соң, мугалим «айлампага!» деп команда берген соң, оюн кайрадан башталат. Эгерде түлкү көп убакытка чейин эч кимди кармай албаса, анда башка оюнчу тандалат.<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа»** кыймылы аз оюн. | 2 апта | Ноябрь |
| 29-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын багытын өзгөртүп басууну жана предметтер арасында чуркоону улантуу; Оң жана сол бут менен алмак салмак алдыга секирүү; отургучтун үстүнө көмкөрөдөн жаткан абалда жөргөлөө жана топту предметтердин арасы менен тоголотуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша 2 гимнастикалык отургуч, топ (диаметр 20–25 см), 5–6 шише сымал таякчалар.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын белгисине жараша багытын өзгөртүү (терезеге, эшикке, желекке жана шише сымал таякчага карай ж. б.) бир катарга коюлган шише сымал таякчалардын арасы менен чуркоо. Басуу жана чуркоо кезек кезеги менен жүргүзүлөт. Катарга экиден, андан соң үчтөн тизилүү.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Белгиленген жерге чейин оң жана сол бут менен секирүү (кезек менен) (аралыгы 4 м) 2–3 жолу.<br>Түз багытта, шыкалган топту (салмагы 0,5 кг) түртүп, жөргөлөп басуу, (аралыгы 6 м) 1–2 жолу;<br>Алдыга кадамдап басып, топту (диаметри 6–8 см) жерге элөө (2–3 жолу).<br>***По «Куу түлкү» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа»** аз кыймылдуу оюну. | 2 апта | Ноябрь |
| 31-сабак | **Милдеттер.** Кыймылды өзгөртүп, чуркоого көнүгүү, буюмдар арасында «жылан» түрүндө басуу; белгиленген жерге чейин топту алып барууну кайталоо; тең салмактуулукту кармап, колго топту кармап, алкактан өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 2 гимнастикалык отургуч, 2–4 даана догоо (алкак)<br>**I бөлүк.** Туурасынан, узунан катарга жалгыздан тизилүү. Кыймылды тездетүү жана акырындатуу менен тарбиячынын белгиси боюнча басуу; предметтер арасында чуркоо; чачыранды абалда басуу.<br>**II бөлүк. *Чоң топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Алдыга жылуу менен топту бир колдоп, жерге уруу (аралыгы 5 м) 2–3 жолу<br>Топ-топ болуп, үстүңкү бөлүгүнө тийбестен алкактан өтүү (2–4 жолу).<br>Тең салмактуулук – колду кежигеге алып, буттун учу менен гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу (2–3 жолу).<br>***«Келгин канаттуулардын учушу» кыймылдуу оюну.***<br>Балдар – канаттуулар залдын бир тарабына жайгашышып, алардын кыймылын туурашат: жем издешет, сууга түшүшөт, сайрашат, канаттарын сылашат ж. б. «Канаттуулар, учкула!» деген буйрук берилээр замат балдар колдорун эки капталга жайып «учушат». «Бороон» деген буйрукту угаар замат чоңдорунун «Бир, эки, үч» деген буйругу менен канаттуулар уяларына карай учушат – гимнастикалык тепкичке чыгышат. | 3 апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 31-сабак | Тарбиячынын «Бороон токтоду. Күн чыкты» буйругун угаар замат канаттуулар уяларынан чыгып, кайрадан жем жей турган жерге учуп келишет. Жеңилгендер деп, бороон учурунда гимнастикалык тепкичтен орун алганга жетишпей калгандар эсептелет. Балдардын гимнастикалык тепкичтин жогору тарабына чыгууларында жана төмөн түшүүлөрүндө тарбиячы балдардын жыгылып кетүүлөрүнөн коргойт. Оюн 3–4 жолу кайталанат.<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча катарда жалгыздан басып, кол менен жасалуучу тапшырмаларды аткаруу. | 3 апта | Ноябрь |
| 32-сабак | **Милдеттер.** Кыймылды өзгөртүп, чуркоого көнүгүү, предметтер буюмдар арасында «жылан» түрүндө басуу; белгиленген жерге чейин топту алып барууну кайталоо; тең салмактуулукту кармап, колго топту кармап, алкактан өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 2 гимнастикалык отургуч, 2–4 даана догоо (алкак)<br>**I бөлүк.** Туурасынан, узунан катарга жалгыздан тизилүү. Кыймылды тездетүү жана акырындатуу менен тарбиячынын белгиси боюнча басуу; предметтер арасында чуркоо; чачыранды абалда басуу.<br>**II бөлүк. *Чоң топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Басып баратып, 6 м аралыгында топ жерге уруу (2–3 жолу).<br>Билек жана тизени таянып, төрт аяктап, гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөө (2 жолу).<br>Колду кежигеге алып, шыкалган топтордун арасында буттун учу менен басуу (аралыгы 3 метр) 2–3 жолу.<br>***«Келгин канаттуулардын учушу» кыймылдуу оюну***<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча катарда жалгыздан басып, кол менен жасалуучу тапшырмаларды аткаруу. | 3 апта | Ноябрь |
| 33, 36-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Туура түртүлүү жана жерге түшүү менен чуркап келип, секирүүгө үйрөнүү; басууга жана чуркоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** боо<br>**I бөлүк.** Багытты өзгөртүү менен «чычкандар сыяктуу», «аскерлер сыяктуу» биринин аркасынан бири басуу. Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (200м). Басуу. 3–4 жолу терең дем алуу. Басуу. Чынжырча түрүндө тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №3- комплекс.<br>Б). Негизги кыймылдар.<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Колдорду эки тарапка сунуп, таман менен жиптин үстүндө басуу.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Чуркап келип, узундукка секирүү («Ким алыска секирет?»).<br>5. Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Таранчылар жана мышык», «Учту-учту» кыймылдуу оюндар.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апта | Ноябрь |
| 34-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча жалгыздан катарда басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгуу; тең салмактуулукту жана секирүүнү сактап, каптал менен жиптин астынан өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 3 гимнастикалык отургучтар, 2 мамы жана боо, жарым тайпага каптар.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу, чачыранды басуу (тарбиячынын белгиси боюнча), «катып калуу» кыймылын аткаруу; чачыранды чуркоо. Басуу жана чуркоо кезеги менен кайталанат.<br>**II бөлүк. *Гимнастикалык отургучтарда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Жөргөлөө – жиптин астынан полго, жиптин үстүңкү жагына колго тийгизбестен каптал менен өтүү (5–6 жолу)<br>Предметке чейин оң бут менен, андан соң сол бут менен секирүү (аралыгы 5 м) 2–3 жолу.<br>Тең салмактуулук – бөйрөк таянып, баштын үстүнө кап коюп, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу. | 4 апта | Ноябрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 34-сабак | ***«Жоолук таштамай» кыймылдуу оюну***<br>Балдар тегеректешип отурушат. Колунда жоолугу бар бир оюнчу тандалат. Оюнчу айланып басып, отургандардын бирөөсүнүн аркасына жоолукту таштоо керек. Эгерде жоолук ташталган оюнчу жоолукту көрүп калса, анда ал жоолукту алып, жоолук таштаган оюнчуну кууп жетүүгө аракет кылат, жоолук таштаган оюнчу болсо, бошогон орунга жетип, отуруп калуусу керек. Оюн 3–4 жолу кайталанат.<br>**III бөлүк. «Топ кимде?»** кыймылы аз оюн. | 4 апта | Ноябрь |
| 35-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча катарда улам токтоо менен басуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгуу; Тең салмактуулукту сактоо менен секирүү менен жиптин астынан капталдап өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 3 гимнастикалык отургуч, эки мамы жана жип, тайпанын жарымына каптар.<br>**I бөлүк.** Катарда «катып калуу» калыбын аткаруу, жалгыздан басуу, чачыранды басуу, чачыранды чуркоо. Басуу жана чуркоо кезеги менен кайталанат.<br>**II бөлүк.** ***Гимнастикалык отургучтарда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Жиптин астынан түз жана капталдап өтүү. (2–3 жолу)<br>1. Буюмдар арасында оң жана сол бут менен секирүү (ар бир буттап кезеги менен) (кубиктер, таякчалар) 2–3 жолу.<br>2. Колду кежигеге алып, предметтер арасында буттун учу менен басуу. Эгерде мурунку сабактарда көнүгүүлөр бекем өздөштүрүлүүсү үчүн өз-өзүнчө, жай абалда аткарылып келсе, кайталоо учурунда бир канча көнүгүүлөрдүн (бардык) түрлөрүн, балдардын кабыл алуусуна жараша аткарылат.<br>***«Жоолук таштамай» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Топ кимде?»** кыймылы аз оюну. | 4 апта | Ноябрь |
| 37-сабак | **Милдеттер.** Катарда дистанцияны кармап, предметтер арасында чуркоого, предметтерге тийип албастан, арасында жалгыз чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукта дене бойду түз кармап, эңкейишке коюлган тактанын үстүндө басууна үйрөнүү; тоскоолдуктардан эки бут менен секирүү жөндөмдүүлүктөрүн иштеп чыгуу; бири-бирине топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** балдардын санына жараша гимнастикалык таякчалар, 4 даана такта, устунчалар (бийиктиги 12-20 см), эки тайпага жетээрлик санда топтор (диаметри 20 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү, катарга жалгыздан тизилүү, катарда жалгыздан басуу, предметтер арасында басуу (топ менен).<br>**II бөлүк. *Таякча менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – колдорду капталга сунуп, эңкейишке коюлган тактанын үстүндө түз басуу (2–3 жолу).<br>Секирүүлөр – устунчалардын үстүндө эки бут менен секирүү (учтанчалардын арасындагы аралык 50 см) – 2–3 жолу.<br>Туурасынан маңдай-тескей туруп, эки кол менен топ ыргытышуу (тизелеп туруу ыкмасы менен) – 10–15 жолу.<br>***«Аркан тартмай» кыймылдуу оюн.***<br>Оюн бир канча жолу кайталанат.<br>**III бөлүк. «*Бир абалда катып кал*».** | 1 апта | Декабрь |
| 38-сабак | **Милдеттер.** Катарда дистанцияны кармап, предметтер арасында чуркоого, предметтерге тийип албастан, арасында жалгыз чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукта дене бойду түз кармап, эңкейишке коюлган тактанын үстүндө басууна үйрөнүү; тоскоолдуктардан эки бут менен секирүү жөндөмдүүлүктөрүн иштеп чыгуу; бири-бирине топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** балдардын санына жараша гимнастикалык таякчалар, 4 даана такта, устунчалар (бийиктиги 12–20 см), эки тайпага жетээрлик санда топтор (диаметри 20 см). | 1 апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 38-сабак | **I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү, катарга жалгыздан тизилүү, катарда жалгыздан басуу, предметтер арасында басуу (топ менен)<br>**II бөлүк. *Таякча менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*<br>*Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бөйрөк таянып, эңкейишке коюлган такта менен кадамдам басуу (2–3 жолу). Кыймыл милдеттүү коргонуу менен орточо ыргакта аткарылат. Залдын четине ташталган жиптин оң жана сол тарабы менен 4 м аралыкта алдыга жылуу менен секирүүлөр; (2–3 жолу).<br>Тизе бүккөн абалда, эки кол менен колду бийик көтөрүп, ыргытуу (диаметри 20–25 см) (10–12 жолу).<br>***«Аркан тартмай» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «*Бир абалда катып кал*».** | 1 апта | Декабрь |
| 39, 42-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Басууга, жай чуркоого, чыдамкайлыкты калыптандырууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** топ, аркан.<br>**I бөлүк.** Аянтчанын бурчтарында таамай бурулуу менен, биринин аркасынан бири басуу, биринин аркасынан бири жай чуркоо 2 мин. 35 с (200 м). Басуу. Чачыранды туруу.<br>**II бөлүк**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №3-комплекс.<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүүлөр).<br>**Бүркүттөй көрүш үчүн.**<br>**Көздү жумуп, ачалы.**<br>2. Колдун үч манжасы менен кабакты акырын басып, 1–2 сек кармап туруу (8 жолу).<br>3. «Моюн» (кинезиологиялык көнүгүүлөр).<br>**Ээкти ылдый кылабыз,**<br>**Анан башты чайкайбыз.**<br>Башты жай абалда бир тараптан экинчи тарапка буруу, эркин дем алуу. Ээк мүмкүн болушунча төмөн түшүрүлүп, ийинди бош коюу керек. Көздөр ачык абалда, ийинди көтөрүп, башты жай буруу (8 жолу).<br>4. «Көңүл бургула» (кинезиологиялык көнүгүүлөр).<br>**Күчтүү болуу максатта,**<br>**Алаканды чапкыла.**<br>Сол алаканды ачып, анын так ортосунда жайгашкан көңүл буруу чекитине оң колдун баш бармагы менен акырын басуу. Басууда – дем алуу, кое бергенде – дем чыгаруу. Оң колго да дал ушундай көнүгүү (8 жолу).<br>«Насос» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Гүлгө сууну куябыз,**<br>**Суу толтуруп алабыз.**<br>Алгачкы абал –о. с. (Дем алуу),<br>1-2 – Тулку бойду капталга ийүү, колдор капталдан таят («с-с-с») – дем чыгаруу<br>3-4 – алгачкы абал (дем алуу),<br>Тулку бойду экинчи капталга ийүү (8 жолу).<br>«Чоңоюп бойго жетебиз» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Элге пайда келтирип,**<br>**Тез чоңойсом деп тилейм.**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1-2 –Эки колду көтөрүп, чоюлуп, буттун учу менен туруу (дем алуу).<br>3-4 –Таман менен жерге түшүү (дем чыгаруу) (8 жолу.)<br>«Канаттар» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Канаттарды алга жайып,**<br>**Учабыз биз көкөлөп.**<br>Алгачкы абал – буттардын арасы бир аз ачылган.<br>колдорду капталга сунуп, жогору көтөрүү (дем алуу). 2–4 –жолу.<br>Колдорду капталга сунуп, төмөн түшүрүү (дем чыгаруу) (8 жолу).<br>«Дем алабыз»(дем алуу көнүгүүсү).<br>**Терең-терең дем алып,**<br>**Тынчтанабыз эс алып.**<br>Кезеги менен мурундун бир таноосун басып, экинчи таноо аркылуу дем алуу – андан соң тескерисинче; | 1-2 апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 39,<br>42-сабак<br>ачык<br>абада | Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Ордунда туруп, таяктын үстүнөн секирүү (аралыгы – 50 см, 6 даана таякча).<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Айлампанын борборунда – оюн баштоочу. Балдарга кезеги менен топ ыргытып, алардан тосуп алат.<br>5. Жай абалда чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **Кыймылдуу оюндар:** «Аркан тартмай», «Кыш келди». | 1-2 апта | Декабрь |
| 40-сабак | **Милдеттери.** Кол кармашкан абалда, терс тарапка бурулуу менен басууга жана чуркоого көнүгүү; алдыга жылуу менен буттарды алмыштырып секирүүгө үйрөнүү; Топту ыргытып, тосуп алуу абалында шише сымал таяксалардын арасы менен төрт аяктап жөргөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ (диаметри 10 см), тайпанын жарымына 8–10 шише сымал таякча.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түз болгондугун текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү. Оюн баштоочу тарбиячынын белгиси боюнча катарга тизет жана катардын аягын издеген балага жакындап, балдарга кармашууну сунуштоо менен айлампа түзөт. Балдар айлампанын чоюлуп же тарып кетпегендей аралыкта, б. а. алар басканда айлампа бузулбай тургандай болуп кармашышат. Башка тарапка бурулуу үчүн токтоого белги берилет жана басуу уланат; андан соң балдар эки тарапка тең кезеги менен өтүшөт. Катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Желекчелер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Секирүүлөр – 5 м аралыкта алдыга жылуу менен буттарды алмаштырып, секирүү (2–3 жолу).<br>Топту эки кол менен жогору ыргытып, алакан чаап тосуп алуу (10–12 жолу).<br>Шише сымал таякчаларга тийбестен төрт аяктап, басуу (2–3 жолу).<br>***«Кыш келди» – кыймылдуу оюну-чуркоо.***<br>Балдар кол кармашпастан айлампа түзүшөт. Тарбиячы айлампада туруп, мындай дейт:<br>**Аппак мамык жамынып,**<br>**Жашыл чапан карагай,**<br>**Кичинекей чегедек,**<br>**Ак тон кийген баладай.** *А. Токомбаев*<br>Балдар тарбиячысын кайталашып, айлануу, отуруу ж. б. «кыймылын» жасап, аянтчада чуркашат.<br>Тарбиячы улантат:<br>**Болсок деле секелек,**<br>**Бороонду биз жекелеп,**<br>**Кырга чыгып барабыз,**<br>**Чанабызды жетелеп.** *З. Бабаев*<br>Балдар ырдын маанисине жараша кыймылдарды аткарышат. Оюн бир канча жолу кайталанат.<br>**III бөлүк.** «Колдорду жылытабыз» дем алуу көнүгүүлөрү | 2 апта | Декабрь |
| 41-сабак | **Милдеттери.** Кол кармашкан абалда, терс тарапка бурулуу менен басууга жана чуркоого көнүгүү; алдыга жылуу менен буттарды алмыштырып секирүүгө үйрөнүү; топту ыргытып, тосуп алуу абалында шише сымал таяксалардын арасы менен төрт аяктап жөргөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша желекчелер, жарым тайпага топ (диаметр 10 см) 8–10 шише сымал таякчалар.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түз болгондугун текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү. Оюн баштоочу тарбиячынын белгиси боюнча катарга тизет жана катардын аягын издеген балага жакындап, балдарга кармашууну сунуштоо менен айлампа түзөт. | 2 апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 41-сабак | Балдар айлампанын чоюлуп же тарып кетпегендей аралыкта, б.а. алар басканда айлампа бузулбай тургандай болуп кармашышат. Башка тарапка бурулуу үчүн токтоого белги берилет жана басуу уланат; андан соң балдар эки тарапка тең кезеги менен өтүшөт. Катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Желекчелер менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Белгиленген жерге чейин (кубик, шише сымал таякча) кезек менен оң жана сол бут менен секирүү (ар бир бут менен үч жолу) 5 м аралыкта (2–3 жолу).<br>Топту баш менен жөргөлөтүп, шише сымал таякчалардын арасы менен төрт аяктап басуу (2 жолу).<br>Шыкалган топту түз багытта (салмагы 1 кг) тоголотуу (2 жолу).<br>3. ***«Кыш келди» – кыймылдуу оюну-чуркоо. 40-сабакты караңыз***<br>**III бөлүк.** «Колдорду жылытабыз»дем алуу көнүгүүсү | 2 апта | Декабрь |
| 43-сабак | **Милдеттер.** Басууга жана чачыранды абалда чуркоого көнүгүү; чапчаңдык жана көз өлчөмдү өнүктүрүү менен топту тосуп алууну бышыктоо, көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөөгө жана тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Жарым тайпага (диаметри 20–25 см) топ, 2 гимнастикалык отургуч, каптар (8–10 даана).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү. Жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын белгиси боюнча «бир абалда катып калуу», андан соң кайра басуу; чачыранды абалда чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Туурасынан катарда туруп, топ ыргытуу (төмөн жактан эки кол менен) 2,5 м аралыкта.<br>Эки кол менен карманып, көмкөрөдөн жаткан абалда гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөө (отургучтун капталын кармануу менен) 2–3 жолу<br>Тең салмактуулук – колдорду капталга сунуп (же бөйрөк таянып) баштын үстүнө капты коюп, гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу – 2–3 жолу.<br>***«Кызыл мурун – Аяз» кыймылдуу оюну – чуркоо.***<br>Залдын каршы тарабында эки шарттуу чийиндер «үйлөр» бар. Оюнчулар ошол эки сызыктын бирөөсүнө жайгашышат. Оюн баштоочу Кызыл мурун Аяз аянтчанын ортосуна туруп, мындай дейт:<br>**Мен Кызыл мурун Аязмын!**<br>**Мени менен ким жолго чыгат?**<br>Оюнчулар бир ооздон жооп беришет:<br>**Биз Аяздан коркпойбуз. Сизди жолдо коштойбуз**<br>Ушундан кийин балдар кийинки «үйгө» чуркап барышат, ал эми оюн баштоочу ошол убакта аларды кууп жетип, колун тийгизип, «тоңутуп салууга» аракет жасайт. «Тоңуп калган» оюнчу ошол жерде токтоп калат.<br>**III бөлүк. «Учту-учту» аз кыймылдуу оюн** | 3 апта | Декабрь |
| 44-сабак | **Милдеттер.** Басууга жана чачыранды абалда чуркоого көнүгүү; чапчаңдык жана көз өлчөмдү өнүктүрүү менен топту тосуп алууну бышыктоо, көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучтун үстү менен жөргөлөөгө жана тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Жарым тайпага (диаметри 20–25 см) топ, 2 гимнастикалык отургуч, каптар (8–10 даана).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түз болуусун текшерүү. Жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу, тарбиячынын белгиси боюнча «бир абалда катып калуу», андан соң кайра басуу; чачыранды абалда чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>3 м аралыкта бири-бирине топ (диаметри 20 см) ыргытуу (төмөн жактан эки кол менен тосуп алаарда алакан чаап) – 10–12 жолу. | 3 апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 44-сабак | Алакан жана тизеге таянып, капты белге салып, төрт аяктап жөргөлөө (2–3 жолу).<br>Тең салмактуулук – баштын үстүнө кап коюп, кадамдап, гимнастикалык отургучтун үстү менен капталдап басуу (2–3 жолу).<br>Негизги көңүл бурула турган нерсе – тулку бойду түз жана предметти баштын үстүндө кармоо.<br>***«Кызыл мурун Аяз» кыймылдуу оюну – чуркоо. 43-сабакты караңыз.***<br>**III бөлүк. «Учту учту» аз кыймылдуу оюну.** | 3 апта | Декабрь |
| 45, 48-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Топту ар кыл ыкма менен ыргытууну үйрөнүү; дөңгөлөктөрдөн секирүүгө көнүгүү чыдамкайлыкты калыптандыруу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** дөңгөлөктөр, топтор.<br>**I бөлүк.** Белги боюнча токтоо менен багытты өзгөртүп, биринин аркасынан бири басуу.<br>Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (100м). Басуу. 3–4 терең дем алуу. Басуу. Айлампада тизилүү<br>**II бөлүк**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №4-комплекс.<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. «Парашютисттер» көнүгүүсө. Балдар алкактан жай секирип, дөңгөлөктүн үстүнөн өтүшөт.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 45 с (100 м). Басуу. Чынжырча түрүндө тизилүү.<br>4. 2 м аралыкта түгөйлөшүп, бири-бирине топ ыргытуу (көкүрөктөн төмөн карай) жана жерге элеп, тосуп алуу.<br>5. Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Кызыл мурун Аяз», «Кар ханышасы» кыймылдуу оюндары.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апталар | Декабрь |
| 46-сабак | **Милдеттер.** Кол кармашып басууга жана чуркоого, чачыранды чуркоого көнүгүү; гимнастикалык дубалга чыгууну үйрөнүү; Тең салмактуулукту кармоого жана секирүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, гимнастикалык отургуч, (бийиктиги 30 см), кубиктер (бийиктиги 6 см), 6–8 шише сымал таякчалар, топтор.<br>**I бөлүк.** Жалгыздан катарга тизилүү; кол кармашып, тегеренип басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси боюнча оңго жана солго бурулуу. Негизги көңүл дистанцияга жана айлампанын формасына бурулат. Айлампа формасынын тегиздиги басуунун жана чуркоонун тегиздигинен жана ыргактуулугуна байланыштуу болот. Тарбиячынын белгиси боюнча улам токтоо менен чачыранды басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тырмышуу – такталардын бирөөсүн да калтырбай гимнастикалык дубал менен жогору чыгуу (2 жолу).<br>Тең салмактуулук – баладан эки кадам алыс коюлган кубиктерден аттап, гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу (11-сүрөт) – 2 жолу<br>Шише сымал таякчалардын арасынан оң жана сол бут менен секирүү (шише сымал таякчалардын аралыгы 40 см) – 2–3 жолу.<br>Топту дубалга уруу.<br>***«Кар ханышасы» – кыймылдуу оюну-чуркоо.***<br>Кар ханышасы тандалат. Балдар аянтчада чуркашат. Кар ханышасы кимге колу менен тийсе, ошол оюнчу тоңгон болуп эсептелет. Ал бала катып калуусу керек. Бир аз убакыттан соң оюн токтотулат жана жеңилгендер саналат. Бир аз тыныгуудан соң оюн кайрадан башталат. Кар ханышасын балдар эсептөө таякчасы менен тандашат.<br>**III бөлүк**. Катарда жалгыздан басуу. Аз кыймылдуу оюн. | 4 апта | Декабрь |
| 47-сабак | **Милдеттер.** Кол кармашып басууга жана чуркоого, чачыранды чуркоого көнүгүү; гимнастикалык дубалга чыгууну үйрөнүү; Тең салмактуулукту кармоого жана секирүүгө көнүгүү. | 4 апта | Декабрь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 47-сабак | **Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, гимнастикалык отургуч, (бийиктиги 30 см), кубиктер (бийиктиги 6 см), 6–8 шише сымал таякчалар, топтор.<br>**I бөлүк.** Жалгыздан катарга тизилүү; кол кармашып, тегеренип басуу жана чуркоо. Тарбиячынын белгиси боюнча оңго жана солго бурулуу. Негизги көңүл дистанцияга жана айлампанын формасына бурулат. Айлампа формасынын тегиздиги басуунун жана чуркоонун тегиздигинен жана ыргактуулугуна байланыштуу болот. Тарбиячынын белгиси боюнча улам токтоо менен чачыранды басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*<br>*Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тырмышуу – такталардын бирөөсүн да калтырбай гимнастикалык дубал менен жогору чыгуу (2 жолу).<br>Тең салмактуулук – баштын үстүнө кап коюп, кадамдап, гимнастикалык отургучтун үстү менен капталдап басуу (2–3 жолу).<br>Эки буттун ортосуна кысылган кап менен шише сымал таякчалардын арасынан секирүү (2–3 жолу).<br>***«Кар ханышасы» – кыймылдуу оюну – чуркоо.***<br>Кар ханышасы тандалат. Балдар аянтчада чуркашат, Кар ханышасы кимге колу менен тийсе, ошол оюнчу тоңгон болуп эсептелет. Ал бала катып калуусу керек. Бир аз убакыттан соң оюн токтотулат жана жеңилгендер саналат. Бир аз тыныгуудан соң оюн кайрадан башталат. Кар ханышасын балдар эсептөө таякчасы менен тандашат.<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыз басуу. Аз кыймылдуу оюн. | 4 апта | Декабрь |
| 49-сабак | **Милдеттер.** Буюмдарга тийип албастан, арасынан басууга жана чуркоого көнүгүү; эңкейишке коюлган тактанын үстү менен тең салмактуулукту кармап басуу жана чуркоо, буттарды алмаштырып секирүүгө көнүгүү; чапчаңдык жана көз өлчөмдү өнүктүрүү үчүн шакекчеге топ салуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 кесилген отургуч жана 4 тактай, балдардын санына жараша кубиктер, бир канча топ (диаметри 25 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү. Шахматтык тартипте жайгашкан кубиктердин арасы менен басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Кубик менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр кыймылдын негизги түрлөрү***<br>Тең салмактуулук – эңкейишке коюлган тактанын үстү менен басуу жана чуркоо (бийиктиги 40 см, туурасы 20 см) – 2–3 жолу.<br>Кубиктердин арасында оң жана сол бут менен секирүү (аралыгы 5 м) – 3–4 жолу.<br>3. Ыргытуу – эки кол менен топту шакекчеге салуу (5–6 жолу).<br>***«Кар» кыймылдуу оюну.***<br>Сюжетсиз «кар» менен оюн тамаша». Балдар тийгизгенге аракет жасап, «кар» менен бири-бирин урушат.<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа».** | 1 апта | Январь |
| 50-сабак | **Милдеттер.** Буюмдарга тийип албастан, арасынан басууга жана чуркоого көнүгүү; эңкейишке коюлган тактанын үстү менен тең салмактуулукту кармап басуу жана чуркоо, буттарды алмаштырып секирүүгө көнүгүү; чапчаңдык жана көз өлчөмдү өнүктүрүү үчүн шакекчеге топ салуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 кесилген отургуч жана 4 тактай, балдардын санына жараша кубиктер, бир канча топ (диаметри 25 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү, жалгыздан катарга тизилүү. Шахматтык тартипте жайгашкан кубиктердин арасы менен басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Кубик менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Кол менен тең салмактуулукту сактап, ийилген тактанын үстү менен басуу жана чуркоо (2–3 жолу).<br>Шахматтык ирээте жайгаштырылган шыкалган топтордун арасында эки бут менен секирүү (5–6 даана.), (топтордун ортосундагы аралык 50 см) – 2–3 жолу. | 1 апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 50-сабак | Туурасынан катарга туруп, бири-бирине топ ыргытуу (көкүрөк туштан эки кол менен), (балдардын ортосунда аралык 3 м) – 10–12 жолу.<br>***«Кар» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа»** аз кыймылдуу оюн. | 1 апта | Январь |
| 51, 54-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Кезеги менен кадам шилтеп, гимнастикалык дубалга тырмышып, чыгуу.<br>**I бөлүк**<br>Жоон санды жогору көтөрүү менен колду ар кандай кыймылдатып, биринин аркасынан бири басуу. Жай чуркоо. Мугалимдин буйругу менен балдар чачыранды абалда чуркашат, андан соң катардан өз оруңдарын табышат. Басуу. Айлампа түзүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: (№5-комплекс)<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Бүркүттөй көрүш үчүн**<br>**Көздү жумуп-ачалы.**<br>Колдун үч манжасы менен кабакты акырын басып, 1–2 сек басып туруу (8 жолу).<br>2. «Кулактар» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Кулактарды ачабыз,**<br>**Баарын жакшы угабыз.**<br>Кулактарды кезеги менен укалоо.<br>3. «Колдор» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Колдор күчтүү болууга,**<br>**Бекем ачып-жумгула.**<br>Акырындык менен ыргакты тездетип, манжаларды ачып, жумуп, колду чыканактан бүгүү. Кыймылды өтө чарчаганга чейин аткаруу. Андан соң колдорду баш коюп, силкүү (8 жолу).<br>4. «Билек» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Колдор күчтүү болушат –**<br>**Ары-бери кыймылдат.**<br>Сол кол менен оң колдун билегин кармап, укалоо. Дал ушул сыяктуу оң кол менен укалоо (8 жолу).<br>5. «Шамды өчүрөбүз» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Терең-терең дем алалы,**<br>**Шамды өчүрүп салалы.**<br>Алгачкы абал – буттарды ийиндин жазылыгына жараша коюу.<br>1- эркин дем алып, чыдаганга чейин демди ичине кармоо.<br>2 – оозду «түтүкчө» абалында кармоо.<br>3 – шам үйлөгөн сыяктуу 3 кыска тез дем чыгаруу: «фу-фу-фу» (8 жолу).<br>6. «Кирпи» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Кирпи, кирпи, ийнең менен сайбагын,**<br>**Эки жакты карагын.**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1 – башты оңго буруу (мурун менен кыска дем алуу).<br>2 – башты солго буруу (азыраак ачылган оздон дем чыгаруу), (8 жолу).<br>7. (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Кулактарды ачабыз**<br>**Эки жакты угабыз**<br>Алгачкы абал – о. с. (дем алуу),<br>1 – башты оңго ийүү – катуу дем алуу.<br>2 – башты солго ийүү – эркин дем алуу,<br>Кулакты ийинге жакын кармоого аракет жасоо (8 жолу).<br>Б). Негизги кыймылдар<br>1. Орточо ылдамдыкта түз жана «жылан» сымал чуркоо 1 мин. 10 с (150 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Бир өтмөктөн экинчи өтмөккө чыгып, кайрадан төмөн түшүп, алгач гимнастикалык дубалдын үчүнчү, андан соң төртүнчү баскычына чыгуу.<br>3. Жай чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү<br>4. Күүлөнүп, секирүү («Ким алыс секирет?»).<br>5. Орточо ылдамдыкта секирүү 1 мин. 10 с (150 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү<br>В). **«Эки аяз», «Ким кетти?» кыймылдуу оюндар.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1-2 апталар | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 52-сабак | **Милдеттер.** Айланып басууга жана чуркоого көнүгүү; ордунан узундукка секирүүнү үйрөнүү; баш менен алдындагы топту тоголотуу менен, төрт аяктап, жөргөөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Узун боо (аркан), 4–6 догоо, бир канча шыкалган топ, жарым тайпага топтор (диаметри 10–12 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү. Тарбиячы балдардын боодон жасаган айлампаларына көңүл бурат. Жалгыздан тигинен катарга тизилүү; оюн баштоочу катардын акырында турган бала менен биригип, айлампа түзөт. Тарбиячы балдарга отурууну жана сол колго арканды алып, бир аз бурулуп, оң тараптан баштап, айланып басууну сунуш кылат. Айлампадан оңго басуу, айланып чуркоо, андан соң токтоо, боону экинчи кол менен кармоо жана солго басууну жана чуркоону кайталоо.<br>**II бөлүк. *Аркан менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунан узундукка секирүү (аралыгы 40 см) – 6–8 жолу.<br>Баш менен алдыдагы топту тоголотуп, төрт аяктап, догоонун астынан өтүү.<br>3. Топту жогору ыргытуу.<br>***«Автоунаалар» кыймылдуу оюну – чуркоо.***<br>Автоунаалар катары менен гараждан чыгышат. Балдар «руль» кармашат. Мугалим жашыл желекчени көтөрүп, «Кеттик» деген учурда балдар залда бири-бирин сүзүп албаганга аракет жасашат. Мугалим сары желекче көтөргөн учурда балдар басууга өтүп, кызыл желек көтөрүлгөндө балдардын токтоосу зарыл. Мугалим жол эрежесин туура аткаргандарга баа коет.<br>**III бөлүк.** «Жолдо жүрөт, асманда учат» аз кыймылдуу оюн. | 2 апта | Январь |
| 53-сабак | **Милдеттер.** Айланып басууга жана чуркоого көнүгүү; ордунан узундукка секирүүнү үйрөнүү; баш менен алдындагы топту тоголотуу менен төрт аяктап, жөргөөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Узун боо (аркан), 4–6 догоо, бир канча шыкалган топ, жарым тайпага топтор (диаметри 10–12 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү. Тарбиячы балдардын боодон жасаган айлампаларына көңүл бурат. Жалгыздан тигинен катарга тизилүү; оюн баштоочу катардын акырында турган бала менен биригип, айлампа түзөт. Тарбиячы балдарга отурууну жана сол колго арканды алып, бир аз бурулуп, оң тараптан баштап, айланып басууну сунуш кылат. Айлампадан оңго басуу, айланып чуркоо, андан соң токтоо, боону экинчи кол менен кармоо жана солго басууну жана чуркоону кайталоо.<br>**II бөлүк. *Аркан менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунан узундукка секирүү (аралыгы 50 см) – 8–10 жолу.<br>Жерге колду тийгизбестен, тоскоолдуктардын жана догоонун астынан жөргөлөп өтүү (2–3 жолу).<br>Төмөн жактан эки кол менен топ ыргытуу (балдардын ортосундагы аралык 3 м).<br>***«Автоунаалар» кыймылдуу оюну – чуркоо.***<br>Автоунаалар катары менен гараждан чыгышат. Балдар «руль» кармашат. Мугалим жашыл желекчени көтөрүп, «Кеттик» деген учурда балдар залда бири-бирин сүзүп албаганга аракет жасашат. Мугалим сары желекче көтөргөн учурда балдар басууга өтүп, кызыл желек көтөрүлгөндө балдардын токтоосу зарыл. Мугалим жол эрежесин туура аткаргандарга баа коет.<br>**III бөлүк.** «Жолдо жүрөт, асманда учат» аз кыймылдуу оюн. | 2 апта | Январь |
| 55-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында басууну жана чуркоону кайталоо; бири-бирине топ ыргытуу жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; тең салмактуулукту сактоого жана алкактан өтүүгө көнүгүү;<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 4 шыкалган топ, 4 алкак.<br>**I бөлүк.** Предметтер арасында, аларга тийип албастан жалгыздан катарда басуу жана чуркоо; тарбиячынын белгиси боюнча тапшырманы аткарып, басуу; чачыранды абалда чуркоо; басуу менен чуркоо кезеги менен жүргүзүлөт; | 3 апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 55-сабак | **II бөлүк.** ***Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>3 м аралыкта туурасынан катарда туруп (эки кол менен көкүрөк туштан) бири-бирине топ ыргытуу (8–10 жолу).<br>Топ-топ болуп, алкактын үстүңкү бөлүгүнө тийбестен, капталдап өтүү (3–4 жолу).<br>Бөйрөк таянып, шыкалган топтордон аттап басуу (3–4 жолу).<br>***«Малина тергенге токойго барабыз» кыймылдуу оюн.***<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3 апта | Январь |
| 56-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында басууну жана чуркоону кайталоо; бири-бирине топ ыргытуу жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; тең салмактуулукту сактоого жана алкактан өтүүгө көнүгүү;<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 4 шыкалган топ, 4 алкак.<br>**I бөлүк.** Предметтер арасында, аларга тийип албастан жалгыздан катарда басуу жана чуркоо; тарбиячынын белгиси боюнча тапшырманы аткарып, басуу; чачыранды абалда чуркоо; басуу менен чуркоо кезеги менен жүргүзүлөт;<br>**II бөлүк.** ***Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бири-бирине топ ыргытуу жана (диаметри 10–12 см) жерге элеген соң тосуп алуу (10–12 жолу).<br>Кол менен жерге тийбестен оң жана сол каптал менен алкактан өтүү (13-сүрөт) (3–4 жолу).<br>Колду эки капталга сунуп, баштын үстүнө кап коюп, шыкалган топторду аттап, басуу (3–4 жолу).<br>***«Малина тергенге токойго барабыз» кыймылдуу оюн.***<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 3 апта | Январь |
| 57,<br>60-сабак<br>ачык<br>абада | **Милдеттер.** Топту бир канча жолу ыргытып, тосуп алууну үйрөнүү; дистанцияны сатап, басууга жана чуркоого көнүгүү; тең салмактуулукту сактоого үйрөнүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** топтор.<br>**I бөлүк.** Колду кыймылга келтирип, биринин аркасынан бири басуу (алдыга, эки тарапка, төмөн карай, алдыга айланып, аркага). Аянтчанын бир тарабында балдар чоң кадамдар менен чуркап, экинчи тарабында бир бут менен секирип жатышканда жай чуркоо. Басуу. Чачыранды абалда туруу.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №5-комплекс.<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 10 с (150 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Топту ыргытуу жана тосуу («Ким алыс ыргытат?»).<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 10 с (150 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Балдар бөйрөк таянып, дөңгөлөктөрдөн өтүшөт, акырында колду алдыга созуп, акырын секирип түшүү.<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо 2 мин. 35 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Ак аюулар», «Баландын атын ата» кыймылдуу оюндары.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу | 3-4 апта | Январь |
| 58-сабак | **Милдеттер.** Боону кармап, айланып, басууну жана чуркоону иштеп чыгуу; ичке жыгачтарды калтырбай, гимнастикалык дубалга чыгууга үйрөнүүнү улантуу; отургучтун үстүндө басууда, алдыга жылып секирүүдө жана түз багытта топту алып жүрүүдө туруктуу тең салмактуулукту сактаганга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Боо, 2 гимнастикалык отургуч, жарым тайпага топ.<br>**I бөлүк.** Багытты өзгөртүү менен боону кармап, оңго жана солго айланып, токтобостон басуу жана чуркоо (тарбиячынын белгиси боюнча), Тарбиячы бул көнүгүүнү балдар менен чогуу аткарат. Кезеги менен басуу жана чуркоо. | 4 апта | Январь |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 58-сабак | **II бөлүк.** ***Айлампада туруп, аркан менен аткарылуучу жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бир ысымдуу ыкма аркылуу гимнастикалык дубалга чыгуу (3-сүрөт), андан соң ичке жыгачтарды калтырбай басып, төмөн түшүү (2–3 жолу).<br>Бир буттун согончогун экинчи буттун учуна такап, гимнастикалык отургучтун үстүндө басуу, колдор эркин тең салмактайт (2–3 жолу).<br>Белгиленген жерге чейин алдыга жылуу менен эки буттап, секирүү (буттар өзүнчө, буттар бирге) (аралыгы 6 м) – 2–3 жолу.<br>Топту түз багытта тоголотуу.<br>***«Коендор жана Балтек» кыймылдуу оюну – секирүүлөр.***<br>Залда аралыгы 1,5 м болгон эки чийин бар. Бул чийиндер – тосмолор. Тосмонун бир тарабы – балдар – коендор болгон талаа. Экинчи тарабында – Жучка ит бар. Ал бакчаны кайтарат. Жучка уктап жатат. Мугалимдин белгиси боюнча коендор капуста жалбырактарын алуу үчүн акырын бакчага киришет. Коендор бакчада жүргөндө, Жучка секирип чыгып, качып бара жаткан коендорду кармоого аракет жасайт. Кармалгандар оюндан чыгышат. Оюн 4–5 жолу кайталанат.<br>**III бөлүк. «Топ оюн баштоочуга»** чоң топ менен эстафета. | 4 апта | Январь |
| 59-сабак | **Милдеттер.** Боону кармап, айланып, басууну жана чуркоону иштеп чыгуу; ичке жыгачтарды калтырбай, гимнастикалык дубалга чыгууга үйрөнүүнү улантуу; отургучтун үстүндө басууда, алдыга жылып секирүүдө жана түз багытта топту алып жүрүүдө туруктуу тең салмактуулукту сактаганга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Боо, 2 гимнастикалык отургуч, жарым тайпага топ.<br>**I бөлүк.** Багытты өзгөртүү менен боону кармап, оңго жана солго айланып, токтобостон басуу жана чуркоо (тарбиячынын белгиси боюнча), Тарбиячы бул көнүгүүнү балдар менен чогуу аткарат. Кезеги менен басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** ***Айлампада туруп, аркан менен аткарылуучу жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Гимнастикалык дубалга тырмышуу жана төртүнчү рейка менен басуу, төмөн түшүү (2 жолу).<br>Колду кежигеге алып, гимнастикалык отургуч менен басуу (2 жолу).<br>Боонун үстүнөн (6–8 даана) эки бут менен тынымсыз секирүү, боолордун аралыгы 50 см (2–3 жолу).<br>Белгиленген жерге чейин топту тоголотуу.<br>***«Коендор жана Жучка» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Топ оюн баштоочуга»** чоң топ менен эстафета. | 4 апта | Январь |
| 61-сабак | **Милдеттер.** Чачыранды абалда чуркоого жана басууга, эгерде 1,5 мин болсо үзгүлтүксүз чуркоого көнүгүү; ийилген тактадан тең салмактуулукту сактоого үйрөнүүнү улантуу; устунчалардын үстүнөн секирүүгө жана себетке топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, 6–8 устунчалар, 2–4 такта, бир канча чоң топ (диаметри 20–25 см).<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. Тарбиячынын белгиси боюнча чачыранды абалда басуу, катарга жалгыздан тизилүү, кыймылдын багытын өзгөртүү менен 1,5 мин га чейин орточо ыргакта чуркоо; катарда жалгыздан басуу. Үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.** ***Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Колду эки капталга алып, ийилген тактанын үстүндө басуу (туурасы 15 см, бийиктиги 30 см), (2–3 жолу).<br>Секирүүлөр – устунчалар аркылуу секирүү (6–8 даана. бийиктиги 10 см чейин) тынымсыз (2–3 жолу).<br>2 м аралыкта эки кол менен баштын үстүнөн топту себетке ыргытуу (шакекче) (5–6 жолу).<br>***«Кичинекей моторлор» кыймылдуу оюну – чуркоо***<br>Балдар – моторлор. Тарбиячынын «күйгүзөбүз» белгиси боюнча балдар моторду «от алдырышат» жана залда чуркашат. «өчүрөбүз» белгиси боюнча балдар токтошот. Оюн 5–6 жолу кайталанат.<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 1 апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 62-сабак | **Милдеттер.** Чачыранды абалда чуркоого жана басууга, эгерде 1,5 мин болсо үзгүлтүксүз чуркоого көнүгүү; ийилген тактадан тең салмактуулукту сактоого үйрөнүүнү улантуу; устунчалардын үстүнөн секирүүгө жана себетке топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, 6–8 устунчалар, 2–4 такта, бир канча чоң топ (диаметри 20–25 см).<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. Тарбиячынын белгиси боюнча чачыранды абалда басуу, катарга жалгыздан тизилүү, кыймылдын багытын өзгөртүү менен 1,5 мин га чейин орточо ыргакта чуркоо; катарда жалгыздан басуу. Үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – ийилген тактанын үстүнөн чуркоо, кадамдап түшүү (2–3 жолу).<br>Оң жана сол каптал менен устунчалардан секирүү(3–4 жолу).<br>3.Көкүрөк туштан эки кол менен топту себетке салуу (6–8 жолу).<br>***«Кичинекей моторлор» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Аз кыймылдуу оюн. | 1 апта | Февраль |
| 63, 66-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Балдарды тулку бойду түз кармап, басууга жана чуркоого үйрөтүү; Балдарды 500 м аралыкта өтүп бара жатканда кезеги менен сыйгаланган кадамдар менен басууга үйрөтүү. Чана тебүүнү үйрөтүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** чаналар<br>**I бөлүк.** Биринин аркасынан бири басуу. 500 м аралыкта кезеги менен сыйгаланган кадамдар менен басуу. Биринин аркасынан бири чуркоо. Басуу. Тегеректеп тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 6-комплекс.<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Көздөрүбүз оңго-солго,**<br>**Көздөрүбүз өйдө-ылдый,**<br>**Анан кайра башынан.**<br>Текстке ылайык көздүн кыймылы (8 жолу).<br>2. «Үй» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Сонун чоң үй салабыз,**<br>**Анда чогуу жашайбыз.**<br>Колдун түздөлгөн манжаларынын учун бириктирүү. Оң колдун манжасы менен сол колдун манжасын күч менен басуу жана тескерисинче (1 жолу).<br>3. (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Оозду ачып-жумабыз,**<br>**Таптак сүйлөп калабыз.**<br>Оозду ачуу жана астыңкы жаак менен солдон оңго, андан соң тескерисинче жай кылмылга келтирүү (1 жолу!.<br>4. «Алакан» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Алаканды басабыз,**<br>**Күчтүү болуп калабыз.**<br>Оң колдун манжалары менен каршылык бере турган сол колдун алаканын күч менен басуу (1 жолу).<br>5. «Сааттар»(дем алуу көнүгүүсү).<br>**Сааттар алга жылышат,**<br>**Бизди кошо чакырат.**<br>Алгачкы абал. - о. с.<br>1 – кол менен алдыга шилтөө – «тик» (дем алуу).<br>2 – кол менен артка шилтөө – «так» (дем чыгаруу) (8 жолу).<br>6. (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Канаттарын каккылап,**<br>**Короз эрте тургузат.**<br>Алгачкы абал – буттарды өзүнчө коюу.<br>1 – колду капталга көтөрүү (дем алуу).<br>2-3-4 – кол менен санга чабуу «ку-ка-ре-ку» (дем чыгаруу) (8 жолу).<br>7. «Өз жүрөгүбүздү тыңшайбыз» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Жүрөктү биз угабыз,**<br>**Акырын дем алабыз.** | 1-2 апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 63, 66-сабак ачык абада | Алгачкы абал. – о. с.<br>1-5 – мурун менен жай дем алуу. Көкүрөк клеткалары кеңейе баштаганда дем алууну токтотуу жана 4 сек. тыныгуу.<br>6-8 – ооздон жай дем чыгаруу (8 жолу.)<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. «Чаналар менен».<br>Балдар аянтчанын четинде бир чийинге үчтөн тизилишет, мугалимдин белгиси боюнча карама-каршы тарапка чуркашат. Андан соң чанага башка бала отурат.<br>2.«Чанадан секир».<br>Бир канча чана бири-биринен 1,5 м аралыкта турушат, балдар биринин аркасынан бири турушуп, чанага туруп, төмөн түшүшөт.<br>3. «Чананы атта».<br>Үч чана багытка каршы турат, балдар чананы аттап же үстүнө чыгып өтүшөт (чанага колдору менен таянып).<br>4. «Жылан болуп өт».<br>Төрт чана бири-биринен 50 см аралыкта турат, балдар биринин аркасынан бири чаналардын арасы менен жылан болуп келе жатышат.<br>5. «Ким биринчи чана айдайт?»<br>Балдар үч катарга тизилишет. Алдыда турган балдардыкы – чана. Буйрук боюнча балдар тез арада чананы кол менен таянып, болжогон жерге чейин тебишет (5–6 м).<br>Кайтып келишип, чананы башкага беришет.<br>В). **«Кар ханышасы», «Ким кетти?»** кыймылдуу оюндары.<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1-2 апта | Февраль |
| 64-сабак | **Милдеттер.** Кол кармашып, басууга жана чуркоого, чачыранды абалда басууга жана чуркоого көнүгүү; тизе бүгүп, ордунда туруп узундукка секирүүдө күч менен түртүлүп жана жерге түшүү жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; догоонун асты менен өтүүгө жана топту жерге элөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша таякчалар, 4–6 догоо, топтор (диаметри 10–12 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизүү, тапшырманы түшүндүрүү. Катарга жалгыздан тизилүү, андан соң айлампа түзүү; кол кармашып, айланып басуу жана чуркоо; тарбиячынын «Бир абалда катып кал!» белгиси боюнча токтоо менен, чачыранды абалда басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Таяк менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунда туруп, узундукка секирүү (аралыгы 50 см) – 8–10 жолу<br>Алдыга жылып, бир кол менен топ элөө (аралык 6 м) – 2–3 жолу.<br>Жөргөлөө – топ-топ болуп, кол менен жерге тийбестен догоонун асты менен өтүү (бийиктиги 40 см) – 2–3 жолу.<br>***«Сүйүктүү тамагыңды ата» кыймылдуу оюну – топту ыргытуу жана тосуп алуу.***<br>Балдар айлампада турушат. Тарбиячы топ менен айлампанын борборунда турат. Ал ар бир балага кезеги менен топ ыргытат, бала тосуп алып, алакан чаап, жогору ыргытат жана сүйүктүү тамагынын жана идишинин атын атап, кайра мугалимине ыргытат.<br>**III бөлүк.** Кол менен жасалуучу тапшырмалар менен катарда жалгыз басуу. | 2 апта | Февраль |
| 65-сабак | **Милдеттер.** Кол кармашып, басууга жана чуркоого, чачыранды абалда басууга жана чуркоого көнүгүү; тизе бүгүп, ордунда туруп узундукка секирүүдө күч менен түртүлүп жана жерге түшүү жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; догоонун асты менен өтүүгө жана топту жерге элөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша таякчалар, 4–6 догоо, топтор (диаметри 10–12 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизүү, тапшырманы түшүндүрүү. Катарга жалгыздан тизилүү, андан соң айлампа түзүү; кол кармашып, айланып басуу жана чуркоо; тарбиячынын «Бир абалда катып кал!» белгиси боюнча токтоо менен, чачыранды абалда басуу жана чуркоо. | 2 апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 65-сабак | **II бөлүк.** ***Таяк менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*** ***Кыймылдын негизги түрлөрү.*** Ордунда туруп, узундукка секирүү (аралык 60 см) –8–10 жолу Шише сымал таякчалардын арасынан төрт аяктап жөргөлөө (2–3 жолу). Бир кол менен кичинекей топту ыргытып, тосуп алуу (10–12 жолу). ***«Сүйүктүү тамагыңды ата» кыймылдуу оюну- топту ыргытуу жана тосуп алуу.*** **III бөлүк.** Кол менен жасалуучу тапшырмалар менен катарда жалгыз басуу | 2 апта | Февраль |
| 67-сабак | **Милдеттер.** Буюмдар арасында басууга жана чуркоого көнүгүү; каптарды узунунан ыргытууну үйрөнүү; таяктын асты менен өтүүгө жана андан атоого көнүгүү. **Колдонуучу каражаттар:** 3–4 гимнастикалык отургучтар, балдардын санына жараша катар, жөргөлөө жана аттоого бир канча таяк же резинка. **I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү. Предметтер, отургучтар арасында басуу жана чуркоо. Отургучтардын оң жагына үч катарга тизилүү. **II бөлүк.** ***Отургучта жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*** ***Кыймылдын негизги түрлөрү.*** 3 м аралыктан (ийинден) оң кол менен кап ыргытуу (5–6 жолу). Таяктын астынан жөргөлөө (боо) бийиктиги 40 см (2–3 жолу). Боодон аттоо (бийиктиги 40 см) – 2–3 жолу. ***«Өрт өчүргүчтөр окууда» кыймылдуу оюну – жөргөлөө.*** Гимнастикалык дубалдан 4–5 кадам алыстыкта чийин чийилет. Тарбиячы балдарды 3–4 звеного бөлөт. (гимнастикалык дубалдын өтмөк санына жараша). Ар бир өтмөктүн жогору жагына коңгуроо илинет. «Бир, эки, үч – чурка!» белгиси боюнча балдар гимнастикалык дубалга чуркап барышып, коңгуроону кагышат. Тарбиячы биринчи какканга баа коет. Андан соң башка балдар да ойношот. Качан ар бир бала ошол тапшырманы аткармайынча оюн улана берет. Коңгуроону каккан балдардын саны көп звено уткан болуп эсептелет. **III бөлүк.** Катарда жалгыз басуу. Катарда топ берүү эстафетасы. | 3 апта | Февраль |
| 68-сабак | **Милдеттер.** Буюмдар арасында басууга жана чуркоого көнүгүү; кичинекей каптарды узунунан ыргытууну үйрөнүү; таяктын асты менен өтүүгө жана андан атоого көнүгүү. **Колдонуучу каражаттар:** 3–4 гимнастикалык отургучтар, балдардын санына жараша катар, жөргөлөө жана аттоого бир канча таяк же резинка. **I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү. Предметтер, отургучтар арасында басуу жана чуркоо. Отургучтардын оң жагына үч катарга тизилүү. **II бөлүк.** ***Отургучта жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*** ***Кыймылдын негизги түрлөрү.*** 3 м аралыктан (ийинден) оң кол менен кап ыргытуу (5–6 жолу). Жонго кап көтөрүп, төрт аяктап, гимнастикалык отургуч менен жөргөлөө «Жөргөлө, түшүрүп жибербе» (2–3 жолу). Бир катарга коюлган шише сымал таякчалардын арасында буттун учу менен басуу (аралыгы 30 см) – 2–3 жолу. Боонун үстүнөн эки буттап секирүү ***«Өрт өчүргүчтөр окууда» кыймылдуу оюну.*** **III бөлүк.** Катарда жалгыз басуу. Катарда топ берүү эстафетасы | 3 апта | Февраль |
| 69, 72-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Бутту бүгүп, боонун үстүнөн секирүүгө үйрөнүү; оң жана сол кол менен жондон ары ыргытууга үйрөнүү; чыдамкайлыкты калыптандыруу. **Колдонуучу каражаттар:** боо, тобурчактар. **I бөлүк.** Бири-биринин аркасынан оң капталына кадамдап басуу. Балдар жылан сымал чуркап жатышканда, 2 мин. 20 с (200 м) ылдамдыгында жай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Чачыранды абалда туруу. **II бөлүк.** Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү: №6-комплекс. А). Негизги кыймылдар: 1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 10 с (180 м) түз жана «жылан сымал». Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. | 3-4 апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 69, 72-сабак ачык абада | 2. Бир бут менен таянып, «тизе бүгүү» ыкмасы менен боодон секирүү.<br>3. Жай чуркоо 2 мин. 20 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Оң жана сол кол менен тобурчактарды ийинден ары ыргытуу («Ким алысыраак ыргытат?»).<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>Б). **Кыймылдуу оюндар: «Үкү», «Бош орун».**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апта | Февраль |
| 70-сабак | **Милдеттер.** Жай, үзгүлтүксүз, чуркоого көнүгүү; ичке жыгачтарды калтырбай, гимнастикалык дубалга чыгууну үйрөнүү; гимнастикалык отругучтун үстүндө басууда жана буттарды алмаштырып секирүүдө тең салмактуулукту сактоого көнүгүү; топту тоголотууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургучтар, болжолдоо үчүн 2–4 шише сымал таякчалар, тайманын жарымына топ (диаметри 20–25 см)<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын аркасынан предметтер аралык чуркоого өтүү жана 2 мин чейин багытты өзгөртүү; чачыранды абалда басуу; катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тырмышуу – гимнастикалык дубалга ар кыл ыкмалар менен чыгуу жана төртүнчү ичке жыгач аркылуу жылуу; ичке жыгачтарды калтырбастан төмөн түшүү (2 жолу).<br>Бир буттун согончогун экинчи буттун учуна коюп, бөйрөк таянып, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (2–3 жолу).<br>Белгиленген жерге чейин буттарды алмаштырып секирүү (аралыгы 6 м) – 2–3 жолу.<br>Басып бара жатып, топ элөө (баскетболдук вариант – диаметри чоң топ) 8 м аралыкта.<br>***«Түлкү менен каздар» – кыймылдуу оюн- чуркоо.***<br>Карышкыр Түлкү жана койчунун ролун аткаруучу балдар тандалат, калгандары каздар болот. Койчу каздардын үйүрүн шалбаага кубалайт, каздар оттойт жана учушат. Түлкү:<br>**Каа, каа, калың каз**<br>**Кача албайсын, алың аз.**<br>**Каздар: Ой, ой, куу түлкү,**<br>**Куулук кылбай оозуң бас.** *А. Осмонов*<br>Түлкү каздардын сөзүнөн кийин аларды кубалап, кармоого аракет кылат. Каздар канаттарын каккылашып, шалбаанын үсту менен үйдү көздөй учушат. Кармалган каздар түлкүнүн үңкүрүнө барышат. Бир канча жолку качуудан соң түлкү тарабынан кармалган каздар саналат. Андан соң жаңы карышкыр жана койчу тандалат.<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча бурулуу менен катарда басуу. | 4 апта | Февраль |
| 71-сабак | **Милдеттер.** Жай, үзгүлтүксүз, чуркоого көнүгүү; ичке жыгачтарды калтырбай, гимнастикалык дубалга чыгууну үйрөнүү; гимнастикалык отругучтун үстүндө басууда жана буттарды алмаштырып секирүүдө тең салмактуулукту сактоого көнүгүү; топту тоголотууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургучтар, болжолдоо үчүн 2–4 шише сымал таякчалар, тайманын жарымына топ (диаметри 20–25 см).<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын аркасынан предметтер аралык чуркоого өтүү жана 2 мин чейин багытты өзгөртүү; чачыранды абалда басуу; катарга тизилүү.<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. Тырмышуу – гимнастикалык дубалга ар кыл ыкмалар менен чыгуу жана төртүнчү ичке жыгач аркылуу жылуу; ичке жыгачтарды калтырбастан төмөн түшүү (2 жолу).<br>2. Колду кежигеге алып, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (2–3 жолу). | 4 апта | Февраль |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 71-сабак | 3. Бир катарга коюлган предметтердин арасынан буттарды алмаштырып, секирүү.<br>4. Оң жана сол кол менен топту ыргытуу жана тосуп алуу.<br>***«Каз – ак куулар» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча бурулуу менен катарда басуу. | 4 апта | Февраль |
| 73-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча башка тарапка бурулуу менен катарда басуу; башка кап коюп, тең салмактуулукту сактап, тулку бойду түз кармап, аркандын (боонун) үстүндө басууну үйрөнүү; чапчаңдык жана көз болжолду өнүктүрүү менен алкактан алкакка секирүүгө жана бир-бирине топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ жана куму менен каптар, 8–10 алкак, аркан.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыз басуу, тарбиячынын берген белгиси боюнча башка тарапка бурулуу; башка тарапка бурулуп, чуркоо; басуу учурунда колдорго көнүгүү; чачыранды абалда чуркоо. Үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – баштын үстүнө кап коюп, кадамдап, гимнастикалык отургучтун үстү менен капталдап басуу (2–3 жолу).<br>40 см аралыкта жайгашкан бир алкактан экинчи алкакка секирүү (6–8 алкак) –2–3 жолу.<br>Бири-бирине топ ыргытуу жана туурасынан катардын ортосунда элеген соң тосуу. Бир кол менен элөө, эки кол менен тосуу (10–12 жолу).<br>***«Маятник» – кыймылдуу оюну оңго, солго эки бут менен секирүү.***<br>**III бөлүк. «Топ оюн баштоочуга!»** чоң топ менен эстафета. | 1 апта | Март |
| 74-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча башка тарапка бурулуу менен катарда басуу; башка кап коюп, тең салмактуулукту сактап, тулку бойду түз кармап, аркандын (боонун) үстүндө басууну үйрөнүү; чапчаңдык жана көз болжолду өнүктүрүү менен алкактан алкакка секирүүгө жана бир-бирине топ ыргытууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ жана куму менен каптар, 8–10 алкак, аркан.<br>**I бөлүк.** Катарда жалгыз басуу, тарбиячынын берген белгиси боюнча башка тарапка бурулуу; башка тарапка бурулуп чуркоо; басуу учурунда колдорго көнүгүү; чачыранды абалда чуркоо. Үч катарга тизилүү.<br>**II бөлүк. *Кичинекей топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Баштын үстүнө кап коюп, кадамдап, гимнастикалык отургучтун үстү менен бөйрөк таянып басуу (2–3 жолу).<br>Бир катарга коюлуп, шыкалган топтордун арасында эки буттап секирүү (5–б даана) (3–4 жолу).<br>Топторду жерге элөө жана алаканды чаап, тосуп алуу (10–12 жолу).<br>***«Маятник» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Топ оюн баштоочуга!»** чоң топ менен эстафета. | 1 апта | Март |
| 75, 78-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Узундукка күүлөнүү менен секирүү гимнастикалык дубалга бир ыкма менен көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** гимнастикалык дубал.<br>**I бөлүк.** Багытты өзгөртүү менен жылан сымал бирини аркасынан бири басуу. Жай чуркоо. Алдыга жылуу үчүн, тарбиячынын белгиси боюнча балдар эки буттап секиришет. Басуу. 2–3 терең дем чыгаруу. Айлампага тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №7-комплекс.<br>1. «Тил» (кинезиологиялык көнүгүүлөр).<br>**Тилибизди оң капталга,**<br>**Тилибизди сол капталга,**<br>**Анан өйдө, анан ылдый,**<br>**Болот баары жайында.**<br>Тилди ар тарапка кыймылдатуу (8 жолу). | 1-2 апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 75, 78-сабак ачык абада | 2. «Учуу» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Чымчыктардай учабыз,**<br>**Анын ылдый карайбыз.**<br>Колду эки жакка жайып туруп, бир канча жолу катуу шилтөө. Көздөрдү жумуп, канаттарды кагып учуп жүргөндү элестетүү.<br>3.«Алакан» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Алаканга күч жумша,**<br>**Күчтү ага кошкула.**<br>Укаланып жаткан алакандын түйүлгөн муштумдагы манжалар менен «буравчиктин» принциби менен кыймылга келтирүү. Тигил колду дагы...<br>«Кулактар» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Терең-терең демалабыз,**<br>**Анан токтоп калабыз.**<br>**Кулактарды ылдый,**<br>**Чунактарды ылдый.**<br>Терең дем чыгаруу, кулактарды учунан бери карай бүгүү. Демди ичке кармоо. «у-у-у» деп, тунук үн менен дем чыгаруу (8 жолу).<br>«Таң калабыз!» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Аланада таң калаарлык,**<br>**Сансыз-Сансыз керемет!**<br>Алгачкы абал –о. с.<br>1 – 2 – ийиндерди акырын көтөрүү (катуу дем алуу).<br>3-4 –ийинди бош коюу, эркин дем алуу.<br>«Селкинчек»(дем алуу көнүгүүсү).<br>**Өйдө-өйдө учабыз,**<br>**Булуттарды карайбыз.**<br>Алдыга жай ийилүү жана артка чалкалоо (8 жолу).<br>7. «Бурулуш» (дем алуу көнүгүүсү).<br>**Оңго-солго бурулабыз,**<br>**Бирибизге жылмаябыз.**<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м) түз жана «жылан сымал». Басуу (дем алуу көнүгүүсү).<br>2. Гимнастикалык дубалга бир ыкма менен чыгуу жана түшүү.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо (200 м). Басуу (дем алуу көнүгүүсү).<br>4. Күүлөнүп секирүү («Ким алыска секирет?»<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м). Басуу (дем алуу көнүгүүсү).<br>В).: **«Койчу», «Көбүк» кыймылдуу оюндары.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1-2 апта | Март |
| 76-сабак | **Милдеттер.** Кыймыл багытын өзгөртүү менен айланып басууга жана чуркоого жана чачыранды абалда чуркоого көнүгүү; күүлөнүү менен бийиктикке секирүүгө үйрөнүү; топко отуруп, фитбол тобунун үстүндө термелүүгө көнүгүү, кол менен тегеретүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 мамы, боо, 8–10 шише сымал таякча, (кубик), фитбол топтору.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; жалгыздан катарга тизилүү; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын белгиси боюнча кыймыл багытын өзгөртүү менен айланып басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Тасма менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. Күүлөнүп, бийиктикке секирүү (бийиктиги 30 см) – 5–6 жолу.<br>2. Фитболдо отуруп, термелүү (6–8 жолу).<br>3. Фитболдо колду алдыга артка сунуп, тегеретүү – 6–8 жолу.<br>3. ***«Үйлө, эмне болсо баарын ут» кыймылдуу оюну.***<br>Оюнчулар (бир канча бала) туурасынан катарга турушат жана белги боюнча шарды үйлөө менен алдыга жылдырышат. Ким финишке биринчи келген болсо, ошол оюнчу утат. Оюн балдардын бардыгы оюнга катышканга чейин уланат.<br>**III бөлүк.** Топ менен эстафета (чоң диаметрде). | 2 апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 77-сабак | **Милдеттер.** Кыймыл багытын өзгөртүү менен айланып басууга жана чуркоого, чачыранды басууга көнүгүү. Күүлөнүп туруп, бийиктикке секирүү; каптарды таамай ыргытууга, шише сымал таякчалардын астынан жөрмөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 мамыча, боо, 8–10 шише сымал таякча (кубиктер), ыргытуу үчүн каптар.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; жалгыздан катарга тизилүү жана айлампа куруу; катарда жалгыздан басуу; тарбиячынын белгиси боюнча кыймыл багытын өзгөртүү менен айланып басуу жана чуркоо. Кубиктерге (шише сымал таякчаларга) тийип албастан арасында басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Тасма менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*<br>*Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>1. Күүлөнүп, бийиктикке секирүү (бийиктиги 30 см) – 5–6 жолу.<br>2. Аралыктан каптарды таамай ыргытуу 3,5 м (5–6 жолу).<br>3. Шише сымал таякчалардан эки буттап секирүү (2–3 жолу).<br>***«Үйлө, эмне болсо баарын ут» кыймылдуу оюну.***<br>Оюнчулар (бир канча бала) туурасынан катарга турушат жана белги боюнча шарды үйлөө менен алдыга жылдырышат. Ким финишке биринчи келген болсо, ошол оюнчу утат. Оюн балдардын бардыгы оюнга катышканга чейин уланат.<br>**III бөлүк.** Топ менен эстафета (чоң диаметрде). | 2 апта | Март |
| 79-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын ыргагын алмаштыруу менен жана предметтер арасында чачыранды абалда чуркоого, тең салмактуулукту сактап, жана секирип, отургучтун үстүндө алакан жана таман менен жөргөлөө.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша алкактар, 2 отургуч, кубиктер, боолор.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, жалгыздан катарга тизилүү; тарбиячынын белгиси боюнча ыргакты алмаштырып басуу: эгерде коңгуроолор тез кагылса, балдар кыска, майда кадамдар менен, эгерде коңгуроо анда-санда кагылса – чоң кадамдар менен басышат. Предметтер (кубиктер) арасы менен чачыранды абалда басуу; катарда жалгыздан, төрттөн басуу.<br>**II бөлүк. *Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.*<br>*Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>«Аючасынан» алаканга жана таманга таянып, гимнастикалык отургучтун үстүндө жөргөлөө (2 жолу).<br>Колду кежигеге алып, кадамдап басып, ортосуна келгенде отуруп, туруп, андан ары гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу (2–3 жолу).<br>3. Бири-биринен 40 см аралыкта жайгашкан кыска боолордон оң (сол) каптал менен секирүү (2–3 жолу).<br>***3. «Крокодилдер жана ташбакалар» кыймылдуу оюну.***<br>Оюнчулардын арасынан 2 оюн баштоочу тандалат. Калган оюнчулар – ташбакалар, алар крокодилдердин карама-каршысына жайгашышат. Ташбакалар колдорун таянып, суунун түбү менен жээкке чыгышат. Ташбакалардын милдети – крокодилдердин колуна түшпөстөн кургакка чыгуу, крокодилдердин милдети – ташбакаларды тосуп калуу. Крокодилдер ташбакаларды кармоо үчүн биргелешишет. Кармалгандар крокодил болуп калышат. Оюн баштоочулардын алмашуусу менен уланат.<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Март |
| 80-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын ыргагын алмаштыруу менен жана предметтер арасында чачыранды абалда чуркоого, тең салмактуулукту сактап, жана секирип, отургучтун үстүндө алакан жана таман менен жөргөлөө.<br>**Колдонуучу каражаттар:** балдардын санына жараша алкактар, 2 отургуч, кубиктер, боолор.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, жалгыздан катарга тизилүү; тарбиячынын белгиси боюнча ыргакты алмаштырып басуу: эгерде коңгуроолор тез кагылса, балдар кыска, майда кадамдар менен, эгерде коңгуроо анда санда кагылса – чоң кадамдар менен басышат. | 3 апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 80-сабак | Предметтер (кубиктер) арасы менен чачыранды абалда басуу; катарда жалгыздан, төрттөн басуу.<br>**II бөлүк.** ***Алкак менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>«Аючасынан» алаканга жана таманга таянып, гимнастикалык отургучтун үстүндө жөргөлөө (2 жолу).<br>Гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу, ортосуна келгенде айланып, бурулуу жана кайра басуу (сөзсүз түрдө коргонуу керек) – 2–3 жолу.<br>3. Бир жана эки бут менен алкактан алкакка секирүү (17-сүрөт) – 2–3 жолу.<br>***«Крокодилдер жана ташбакалар», «Балыктар көлмөдө» кыймылдуу оюндары.***<br>**III бөлүк.** Катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Март |
| 81,<br>84-сабак<br>ачык<br>абада | **Милдеттер.** Алдыга жылуу менен эки буттап секирүүгө көнүгүү; баштын үстүнөн оң жана сол кол менен алыска ыргытуу ыкмасын үйрөнүү; чыдамкайлыкты калыптандыруу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** тобурчактар.<br>**I бөлүк.** Капталды көздөй оң каптал менен биринин аркасынан бири басуу. Балдар тизенин жогору көтөргөн учурда 2 мин. 20 с (200 м) ылдамдыкта жай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Айлампага тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 7-комплекс.<br>Негизги кыймылдар;<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 сек. (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. «Ийинден» ыкмасы менен оң жана сол кол менен тобурчактарды тигинен таамай ыргытуу (гимнастикалык дубалдагы өтмөк).<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Белгиленген жерге чейин эки буттап секирүү (аралыгы 3 м).<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо 2 мин. 20 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Көлмөдөгү балыктар», «Жоолук таштамай» кыймылдуу оюндар.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апта | Март |
| 82-сабак | **Милдеттер.** Түгөйү менен кайра жалгыз тизилип басууга көнүгүү, туурасынан таамай ыргытуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу; топ-топ болуп, тең салмакты сактап, жыгачтын асты менен жөргөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Ар бир балага эки даана кап, 3 алкак, 2 мамыча жана боо, 5–6 шыкалган топ.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, кайра жалгыздан тигинен катарга тизилүү, андан соң басып бара жатып, түгөй болуп тизилүү; түгөйү менен басуу, кыймылда баратып, кайра тигинен катарга тизилүү, тарбиячынын белгиси боюнча токтоо менен басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бир колду төмөн жакка алып, 3 м аралыкта каптарды туурасынан таамай ыргытуу. (5–6 жолу).<br>Оң жана сол каптал менен боонун (таяктын) астынан жөргөлөө (6 жолу).<br>Шыкалган топтордун арасында буттун учу менен басуу (18-сүрөт) – 2–3 жолу.<br>***«Алма бак – алма» кыймылдуу оюну.***<br>Оюн топ менен ойнолот. Балдар айлампада турушат, мугалим ар бир балага кезеги менен жемиш багынын атын атап, топ ыргытат, бала топту жогору ыргытканга жетишип, алакан чаап, кайсы мөмө экендигин айтат.<br>**III бөлүк.** «Үндөн тааны» аз кыймылдуу оюну. | 4 апта | Март |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
| --- | --- | --- | --- |
| 83-сабак | **Милдеттер.** Түгөйү менен кайра жалгыз тизилип басууга көнүгүү, туурасынан таамай ыргытуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу; топ-топ болуп, тең салмакты сактап, жыгачтын асты менен жөргөлөөгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Ар бир балага эки даана кап, 3 алкак, 2 мамыча жана боо, 5–6 шыкалган топ.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, кайра жалгыздан тигинен катарга тизилүү, андан соң басып бара жатып, түгөй болуп тизилүү; түгөйү менен басуу, кыймылда баратып, кайра тигинен катарга тизилүү, тарбиячынын белгиси боюнча токтоо менен басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ийинден оң жана сол кол менен 3 м аралыкта каптарды туурасынан ыргытуу. (6 жолу).<br>Колду жерге тийгизбестен догоонун астынан жөргөлөп өтүү (катары менен 4–5 даана) (2–3 жолу).<br>Колду кежигеге алып, шыкалган топтордун арасы менен аттап басуу (2–3 жолу).<br>***3. «Алма бак-алма» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк. «Үндөн тааны»** аз кыймылдуу оюн. | 4 апта | Март |
| 85-сабак | **Милдеттер.** Айланып басууга жана чуркоого көнүгүү; гимнастикалык отуручтун үстү менен басууда туруктуу тең салмактуулукту сактоону үйрөнүү. Фитбол менен көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургуч, 6–8 алкак, боо, жарым тайпага фитбол.<br>**I бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу, айланып басуу жана чуркоо, чачыранды абалда (кезеги менен); бири-биринен 30–40 см аралыкта жайгашкан боолордон оң жана сол бутту алмаштырып басуу.<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук– гимнастикалык отургучтун ортосуна келгенде 360° ка бурулуп, басуу (2–3 жолу).<br>Оң жана сол бут менен алкактан алкакка (6-8 даана) секирүү (2–3 жолу).<br>Фитбол топторунда термелүү: буттарды бириктирүү, буттары эки тарапка коюу (6–8 жолу). Топту ич менен тоголотуу.<br>***3. «Эмне жасаганыбызды айтпайбыз, жасаганыбызды көрсөтөбүз» кыймылдуу оюну.***<br>Оюн баштоочу тандалат.<br>Оюн баштоочу: Кайда жүрдүңөр? Эмне көрдүңөр?<br>Балдар: Эмне жасаганыбызды айтпайбыз, жасаганыбызды көрсөтөбүз Балдар кайсы кыймылды туурашары жөнүндө өз ара сүйлөшүшөт (картошка казууну, комузда ойноону, ийне менен тигүүнү, бакча иштетүүнү ж. б.).<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча тигинен катарда токтоп, басуу «бир калыпта катып кал!» | 1 апта | Апрель |
| 86-сабак | **Милдеттер.** Айланып басууга жана чуркоого көнүгүү; фитболдун-топтун үстүндө термелүүнү үйрөнүүнү улантуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургуч, 6–8 алкак, боо, фитбол топтору.<br>**I бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу жана чачыранды абалда айланып чуркоо (кезеги менен), оң жана сол бутту алмаштырып, боону аттап басуу (боолор бири-биринен 30–40 см аралыкта жайгашкан).<br>**II бөлүк.** ***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Топту ар бир кадам сайын алдыга жана артка берүү менен гимнастикалык отургучтун үстү менен басуу (2–3 жолу).<br>Оң каптал менен эки буттап секирүү (3 жолу секирүү), андан соң секирикте 180° ка бурулуу жана сол каптал менен секирүүнү улантуу. Эки жолу көрсөтүп, кайталоо.<br>Топтун үстүндө термелүү, буттар бирге, буттар эки жакка (8–10 жолу). Топту ич менен тоголотуу.<br>***«Эмне жасаганыбызды айтпайбыз, жасаганыбызды көрсөтөбүз» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Тарбиячынын белгиси боюнча тигинен катарда токтоп, басуу «бир калыпта катып кал!» | 1 апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 87,<br>90-сабак<br>ачык<br>абада | **Милдеттер.** «Ийин аркылуу» ыкмасы менен оң жана сол кол менен ыргытууну үйрөнүү; скакалка аркылуу секирүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** тобурчактар, скакалкалар.<br>**I бөлүк.** Түгөйү менен көзду жумуп, бурчтардан таамай бурулуп, биринин аркасынан бири басуу. 3 мин. (250 м) ылдамдыгында жай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Чынжырча түрүндө тизилүү.<br>**II бөлүк**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 8-комплекс.<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Көздөрүбүз оңго-солго,**<br>**Көздөрүбүз өйдө-ылдый,**<br>**Анан кайра башынан.**<br>Текстке ылайык көздүн кыймылы (8 жолу).<br>2. «Ооз» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Оозду ачып-жумабыз,**<br>**Таптак сүйлөп калабыз.**<br>Оозду ачуу жана астыңкы жаак менен алгач солдон оңго, андан соң тескерисинче жай кыймылдарды жасоо (8 жолу).<br>3. «Алакандар»(кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Алаканды басабыз,**<br>**Күчтүү болуп калабыз.**<br>Оң колдун манжалары менен сол колдун каршылык бере турган алаканын күч менен басуу (8 жолу).<br>4. «Бурулуш» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Башыбызды бурабыз,**<br>**Арта эмне карайбыз.**<br>Башты артка буруп, арт жакта турган предметтерди көргөнгө аракет кылуу. Кыймылды кайталоо (8 жолу).<br>5. «Сааттар» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Сааттар алга баратат,**<br>**Бизди кошо чакырат.**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1 – алдыга кол шилтөө – «тик» (дем алуу).<br>2 – артка кол шилтөө – «так» (дем чыгаруу) (1 жолу).<br>6. «Короз» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Канааттарын чапкылап**<br>**Короз эрте тургузат**<br>Алгачкы абал – буттар өзүнчө<br>1 – колду каптал тарапка көтөрүү (дем алуу).<br>2-3-4 – санды чапкылоо «ку-ка-ре-ку» (дем чыгаруу) (1 жолу).<br>7. «Насос» (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Суу толтуруп алабыз,**<br>**Гүлгө суудан куябыз.**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1-3- тулку бойдун капталга ийилүүсү, колдор капталда тайыйт «с-с-с» (дем чыгаруу). Көкүрөк клеткалары кеңейе баштаганда – дем алууну токтотуу жана тыныгуу 4 с.<br>4 – алгачкы абал (дем алуу) (8 жолу.)<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. «Ийин аркылуу» ыкмасы менен оң жана сол кол менен тигинен ыргытуу.<br>3. Орточо ылдамдыкта чуркоо 1 мин. 20 с (180 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Скакалкадан секирүү.<br>5. Орточо ылдамдыкта жай чуркоо 2 мин. 20 с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В) **«Үйүр», «Космонавттар» кыймылдуу оюну.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1-2 апта | Апрель |
| 88-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында басууга жана чуркоого көнүгүү; кыска скакалка менен секирүүнү үйрөнүү; алкакты айлантууга жана андан өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша скакалкалар, 8–10 кубик, алкактар. | 2 апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 88-сабак | **I бөлүк.**<br>Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; тигинен катарда жалгыздан басуу жана чуркоо; предметтер арасында (кезеги менен) басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Кыска скакалкалар менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунда туруп, кыска скакалканы алдыга айлантып, 5–6 секирикке чейин секирүү (3–4 жолу).<br>Туурасынан катарда туруп, алкакты бири-бирине тоголотуу (4–5 жолу).<br>Алкактан өтүү (4–5 жолу).<br>***3. «Космонавттар» кыймылдуу оюну.***<br>Жерге балдардын санынан бир санга аз айлампалар-иллюминаторлор жайгаштырылат. Музыка башталат, космонавт балдар ракетанын иллюминаторун айланып чуркашат. Музыка токтогондон соң оюнчулар ракетадан бош орун алууга аракет кылышат. Кечиккен оюнчу оюндан чыгат.<br>Оюн акыркы эки бала калганга чейин ойноло берет.<br>**III бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу. | 2 апта | Апрель |
| 89-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында басууга жана чуркоого көнүгүү; кыска скакалка менен секирүүнү үйрөнүү; алкакты айлантууга жана андан өтүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша скакалкалар, 8–10 кубик, алкактар.<br>**I бөлүк.**<br>Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; тигинен катарда жалгыздан басуу жана чуркоо; предметтер арасында (кезеги менен) басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Кыска скакалкалар менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ордунда туруп, кыска скакалка менен секирүү жана 6–8 м аралыкта алдыга жылуу (3–4 жолу).<br>4 м аралыкта бири-бирине алкак тоголотуу (8–10 жолу).<br>Алкактан өтүү (6 жолу).<br>***«Космонавттар» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу. | 2 апта | Апрель |
| 91-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча токтоп, катарда басууга жана чуркоого көнүгүү, чачыранды абалда чуркоого, тигинен ыргытуу максатында капты ыргытууда алгачкы абалды бышыктоо; жөргөлөөгө жана тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 2 гимнастикалык отургуч, ар бир балага экиден кап, 10–12 кубик.<br>**I бөлүк.**<br>Туурасынан, тигинен катарга тизилүү. Тарбиячынын белгиси боюнча тапшырмаларды аткаруу менен тигинен катарда жалгыздан басуу; кубиктерден аттап, басуу; кубиктерден секирүү менен чуркоо (бир жагынан кубиктер бири-биринен 40 см алыстыкта жайгашкан, бир жак тарабынан 70–80 см).<br>**II бөлүк.** ***Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Ийин аркылуу оң жана сол кол менен 3 м аралыкта каптарды тигинен ыргытуу (5–6 жолу).<br>Кийинки жолкусунда отургучтун үстүнөн жөргөлөө шарты менен полдо жөргөлөө (2–3 жолу).<br>Колдорду кежигеге алып, гимнастикалык отургучтун үстүндө буттун учу менен басуу (2–3 жолу).<br>***«Канаттуулардын учушу» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Предметтерге тийбестен, алардын арасынан жалгыздан катарда басуу | 3 апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 92-сабак | **Милдеттер.** Тарбиячынын белгиси боюнча токтоп, катарда басууга жана чуркоого көнүгүү, чачыранды абалда чуркоого, тигинен ыргытуу максатында капты ыргытууда алгачкы абалды бышыктоо; жөргөлөөгө жана тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша топ, 2 гимнастикалык отургуч, ар бир балага экиден кап, 10–12 кубик.<br>**I бөлүк.** Туурасынан, тигинен катарга тизилүү. Тарбиячынын белгиси боюнча тапшырмаларды аткаруу менен тигинен катарда жалгыздан басуу; кубиктерден аттап, басуу; кубиктерден секирүү менен чуркоо (бир жагынан кубиктер бири-биринен 40 см алыстыкта жайгашкан, бир жак тарабынан 70–80 см)<br>**II бөлүк. *Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>4 м аралыктан тигинен ыргытуу максатында (оң жана сол кол менен) – 6 жолу.<br>Бир буттун согончогун экинчи буттун учуна такап, колдорду капталга алып, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (2–3 жолу).<br>Басуу менен кезектетип, отургуч тун үстү менен жөргөлөө. (2–3 жолу).<br>***«Канаттуулардын учушу» кыймылдуу оюну.***<br>**III бөлүк.** Предметтерге тийбестен, алардын арасынан жалгыздан катарда басуу. | 3 апта | Апрель |
| 93,<br>96-сабак<br>ачык<br>абада | **Милдеттер.** Күүлөнүү менен бийиктикке секирүүнү үйрөнүү; тең салмактуулукка көнүгүү; чыдамкайлыкты калыптандыруу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 35 см бийиктикке тартылган аркан; дөңгөлөктөр.<br>**I бөлүк.** Тизени жогору көтөрүп, биринин аркасынан бири басуу. Орточо ылдамдыкта жай чуркоо 2 мин. 45 с (250 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. Чынжыр түрүндө тизилүү.<br>**II бөлүк**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: № 8 комплекс.<br>Б). Негизги кыймылдар.<br>1. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Тең салмактуулукту сактоо менен эки колду капталга алып, тез кадамдар менен дөңгөлөктөр аркылуу басуу.<br>3. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Күүлөнүү менен бийиктикке секирүү (бийиктиги – 35 см).<br>5. Орточо ылдамдыкта чуркоо 2 мин. 45 с (250 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Үкү», «Жигиттердин ат чабуусу» кыймылдуу оюн.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жа басуу. | 3-4 апта | Апрель |
| 94-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында тигинен тизилүү менен басууга жана чуркоого көнүгүү; бир аттуу ыкма аркылуу гимнастикалык дубалга чыгуу жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; тең салмактуулукка жана секирүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Чоң жип, жарым тайпага скакалка.<br>**I бөлүк.** Тигинен катарда басуу; 1 мин. чейин орточо ыргакта чуркоо. Предметтер арасында (кезеги менен) басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Гимнастикалык дубалга бир ыкма менен ичке жыгачтарды аттабастан түшүү (2–5 жолу).<br>Бөйрөк таянып, башына кап коюп, кадамдап каптал менен аркан (боо) аркылуу басуу (21-сүрөт) – 2–3 жолу.<br>***«Баланын атын ата» кыймылдуу оюн – топту ыргытууну жана тосууну билишет.***<br>Балдар айлампада турушат. Мугалим ортодо топ менен турат, кандайдыр бир жаныбардын атын атайт жана балага топту ыргытат. Бала топту тосуп, алып, кол чаап, жаныбардын атын атап, топту мугалимге ыргытат (уй-музоо, ат-кулун ж.б.).<br>**III бөлүк. «Үндөн тааны»** аз кыймылдуу оюн. | 4 апта | Апрель |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 95-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында тигинен тизилүү менен басууга жана чуркоого көнүгүү; бир аттуу ыкма аркылуу гимнастикалык дубалга чыгуу жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; тең салмактуулукка жана секирүүгө көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Чоң жип, жарым тайпага скакалка.<br>**I бөлүк.** Тигинен катарда басуу; 1 мин. чейин орточо ыргакта чуркоо. Предметтер арасында (кезеги менен) басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Бир аттуу ыкма аркылуу гимнастикалык дубалга тырмышуу, ичке жыгачтарды аттабастан кадамдап, гимнастикалык рейкалар аркылуу басуу, төмөн түшүү.<br>Алдыга жылуу менен боодон эки буттап, оң жагынан жана сол жагынан секирүү (аралыгы 3 м) – 3–4 жолу.<br>Бөйрөк таянып, буттун учу менен шыкалган топтор аркылуу өтүү (2–3 жолу).<br>***«Баланы ата» кыймылдуу оюну.***<br>«Аптанын күндөрү».<br>**III бөлүк. «Үнүнөн тааны»** аз кыймылдуу оюн. | 4 апта | Апрель |
| 97-сабак | **Милдеттер.** Башка жакка бурулууда түгөй менен басууга жана чуркоого көнүгүү; эки буттап секирип, алдыга жылууда гимнастикалык отургучка жайгаштырылган шыкалган топтордон аттоого көнүгүү; топту дубалга уруу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургучтар, 4–5 шыкалган топтор, кичинекей топтор.<br>**I бөлүк.** Түгөй менен басуу жана чуркоо, жалгыздан тигинен катарга тизилүү; башка жакка бурулуп, басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Тасма менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Тең салмактуулук – бөйрөк таянып, баладан эки кадам артта, шыкалган топтордун арасынан гимнастикалык отургуч үстүндө басуу (2–3 жолу)<br>Алдыга жылуу үчүн эки бут менен секирүү (2–3 жолу).<br>3 м аралыктагы дубалга бир кол менен топту чаап, (диаметри 8–10 см) эки кол менен тосуп алуу (8–10 жолу).<br>***«Тайманбастардын эстафетасы» кыймылдуу оюну.***<br>- солдаттык рюкзак менен 15 маралыкка чуркап келүү;<br>- «таамай ат» - шише сымал таякчаны гимнастикалык таякча менен уруу;<br>- «тийбей, жөргөлө» - узундугу 20 см боонун астынан жөргөлөө;<br>- ким биринчи учуп, келет? – учкучтар;<br>- «...талаадан өт» - боонун сызыгынан өтпөй, боодон өтүү.<br>**III бөлүк. Жай басуу** | 1 апта | Май |
| 98-сабак | **Милдеттер.** Башка жакка бурулууда түгөй менен басууга жана чуркоого көнүгүү; эки буттап секирип, алдыга жылууда гимнастикалык отургучка жайгаштырылган шыкалган топтордон аттоого көнүгүү; топту дубалга уруу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгуу.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургучтар, 4–5 шыкалган топтор, кичинекей топтор.<br>**I бөлүк.** Түгөй менен басуу жана чуркоо, жалгыздан тигинен катарга тизилүү; башка жакка бурулуп, басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк. *Тасма менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр.***<br>***Кыймылдын негизги түрлөрү***<br>Колду кежигеге алып, шыкалган топторду аттап, гимнастикалык отургуч менен каптал менен таянып басуу (2–3 жолу).<br>5 м аралыкка алдыга жылуу менен эки буттап секирүү (2–3 жолу).<br>Туурасынан катарда туруп, бири-бирине топ ыргытуу, топ жерден секирген соң эки колдоп секирүү (8–10 жолу).<br>***Подвижная игра «Тайманбастардын эстафетасы» кыймылдуу оюн.***<br>**III бөлүк.** Жай басуу. | 1 апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 99, 102-сабак ачык абада | **Милдеттер.** Секирүү боюнча скакалка аркылуу көнүгүү, чапчаңдыкты өнүктүрүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** скакалкалар, топ.<br>**I бөлүк.** Түгөйлөшүп, колдун тапшырмалары менен капталга таянып, басуу. Орточо ылдамдыкта 2 мин. 45 с (250 м) биринин аркасынан бири жай чуркоо. Басуу. 3–4 терең дем алуу. Айлампага тизилүү.<br>**II бөлүк.**<br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №9-комплекс.<br>1. «Көздөр» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Көздөрүбүз оңго-солго,**<br>**Көздөрүбүз өйдө-ылдый,**<br>**Анан кайра башынан.**<br>Текстке ылайык көздүн кыймылы (8 жолу).<br>2. (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Оозду ачып-жумабыз,**<br>**Таптак сүйлөп калабыз.**<br>Оозду ачуу жана астыңкы жаак менен алгач солдон оңго, андан соң тескерисинче, жай кыймылдарды жасоо (8 жолу).<br>3.«Ладошки» (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Алаканды басабыз,**<br>**Күчтүү болуп калабыз.**<br>Оң колдун манжалары менен сол колдун каршылык бере турган алаканын күч менен басуу (8 жолу).<br>4. (кинезиологиялык көнүгүү).<br>**Башыбызды бурабыз,**<br>**Арта эмне карайбыз.**<br>Башты артка буруп, арт жакта турган предметтерди көргөнгө аракет кылуу. Кыймылды кайталоо (8 жолу).<br>5. (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Сааттар алга баратат,**<br>**Бизди кошо чакырат.**<br>Алгачкы абал - о. с.<br>1 – алдыга кол шилтөө – «тик» (дем алуу).<br>2 – артка кол шилтөө – «так» (дем чыгаруу) (1 жолу).<br>6. (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Канааттарын чапкылап,**<br>**Короз эрте тургузат.**<br>Алгачкы абал – буттар өзүнчө<br>1 – колду каптал тарапка көтөрүү (дем алуу).<br>2-3-4 – санды чапкылоо «ку-ка-ре-ку» (дем чыгаруу) (1 жолу).<br>7. (дем алуу көнүгүүлөрү).<br>**Суу толтуруп алабыз,**<br>**Гүлгө суудан куябыз.**<br>Алгачкы абал – о. с.<br>1-3- тулку бойдун капталга ийилүүсү, колдор капталда тайыйт «с-с-с» (дем чыгаруу). Көкүрөк клеткалары кеңейе баштаганда – дем алууну токтотуу жана тыныгуу 4 с.<br>4 – алгачкы абал (дем алуу) (8 жолу.)<br>Б). Негизги кыймылдар:<br>1. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>2. Эки бут менен скакалкадан секирүү.<br>3. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>4. Айланып жаткан скакалкадан секирүү.<br>5. Орточо ылдамдыкта жай чуркоо 2 мин. 45 с (250 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү.<br>В). **«Аюу жана аарылар» кыймылдуу оюндар.**<br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 1-2 апта | Май |
| 100-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында тигинен тизилүү менен басууга жана чуркоого көнүгүү; күүлөнүп секирүүнү үйрөнүү; бири-бирине топ ыргытууга жана тырмышууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Ар бир балага экиден желекче, боо, топ.<br>**I бөлүк.** Туурасынан, тигинен катарга жалгыздан басуу; тарбиячынын белгиси боюнча боодон аттап басуу; боодон аттап чуркоо (залдын башка тарабында); чачыранды абалда басуу жана чуркоо. | 2 апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 100-сабак | **II бөлүк.** ***Желекче менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Күүлөнүп, секирүү (5–6 жолу).<br>Көкүрөк туштан эки кол менен бири-бирине топ ыргытуу (диаметри 20 см) (8–10 жолу).<br>«Аюучасынан» алакан жана таманга тянып, жөргөлөө (аралыгы 5 м) – 2 жолу<br>***«Жөргөмүш жана чымын» -кыймылдуу оюн-чуркоо.***<br>Айлампада – «желеде» жөргөмүш жашайт. Балдардын бардыгы чымындар. Тарбиячынын белгиси боюнча бардык балдар учушат, ызылдашат, чымындын учушун туурашат. «Жөргөмүш!» буйругу менен чымындар бир орунда катып калышат, ал эми жөргөмүш болсо желесинен чыгып, эч ким кыймылдай элекпи деп карайт. Кимде ким кыймылдаса, ошону желесине алып кетет. Жөргөмүш мугалимдин белгиси боюнча 2–3 жолу чыгат, ошондон кийин кармалган чымындардын саны эсептелет жана жаңы жөргөмүш тандалат.<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа»** аз кыймылдуу оюн. | 2 апта | Май |
| 101-сабак | **Милдеттер.** Предметтер арасында тигинен тизилүү менен басууга жана чуркоого көнүгүү; күүлөнүп секирүүнү үйрөнүү; бири-бирине топ ыргытууга жана тырмышууга көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Ар бир балага экиден желекче, боо, топ.<br>**I бөлүк.** Туурасынан, тигинен катарга жалгыздан басуу; тарбиячынын белгиси боюнча боодон аттап басуу; боодон аттап чуркоо (залдын башка тарабында); чачыранды абалда басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** ***Желекче менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Күүлөнүп, секирүү (5–6 жолу).<br>2 м аралыктан топту себетке (шакекчеге) (5–6 жолу).<br>Догоонун (алкактын) астынан өтүү – 5–6 жолу.<br>***«Жөргөмүш жана чымын» – кыймылдуу оюн.***<br>**III бөлүк. «Тап, бирок унчукпа»** аз кыймылдуу оюн. | 2 апта | Май |
| 103-сабак | **Милдеттер.** Предметтерге тийип албастан чачыранды абалда басууга жана чуркоого көнүгүү; топту бир кол менен жерге элөө жана эки кол менен тосуп алууга көнүгүү; алкактан өтүүгө жана тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша кичинекей топтор, 2 отургуч, кубиктер жана шише сымал таякчалар (8–10 жаана), алкактар.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; тигинен катарга жалгыздан тизилүү; предметтер арасында тигинен катарда басуу жана чуркоо; чачыранды абалда басуу жана чуркоо.<br>**II бөлүк.** ***Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Топту бир кол менен жерге элөө жана эки кол менен тосуп алууга көнүгүү (8–10 жолу).<br>Тырмышуу – оң (сол) каптал менен алкактан өтүү (5–6 жолу).<br>Каптал менен ортосуна келгенде топтоп туруп, андан ары гимнастикалык отургуч аркылуу басуу.<br>***«Гүлгө жет» кыймылдуу оюну.***<br>Баланын өйдө көтөрүлгөн колу жетер-жетпес жерге «гүлдөр» илинет. Балдар эки буту менен секирип, «гүлгө» жетүүгө аракет жасайт.<br>**III бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Май |
| 104-сабак | **Милдеттер.** Буюмдарга тийип албастан чачыранды абалда басууга жана чуркоого көнүгүү; топту бир кол менен жерге элөө жана эки кол менен тосуп алууга көнүгүү; алкактан өтүүгө жана тең салмактуулукту сактоого көнүгүү.<br>**Колдонуучу каражаттар:** Балдардын санына жараша кичинекей топтор, 2 отургуч, кубиктер жана шише сымал таякчалар (8–10 жаана), алкактар.<br>**I бөлүк.** Туурасынан катарга тизилүү, тулку бойдун түздүгүн текшерүү; тигинен катарга жалгыздан тизилүү; предметтер арасында тигинен катарда басуу жана чуркоо; чачыранды абалда басуу жана чуркоо. | 3 апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
| --- | --- | --- | --- |
| 104-сабак | **II бөлүк. *Топ менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Кыймылдын негизги түрлөрү.*** <br>Топту бир кол менен жерге элөө жана эки кол менен тосуп алууга көнүгүү (8–10 жолу). <br>Катары менен 3–4 жолу оң (сол) каптал менен алкактан өтүү. Кээ бир балдар алкакты кармап турушат, калгандары жөргөлөп өтүшөт, андан соң алар орун алмашышат. Топту жерге элеп, эки кол менен тосуп алып, гимнастикалык отургуч аркылуу басуу (5-сүрөт). <br>***«Гүлгө жет» кыймылдуу оюну.*** <br>**III бөлүк.** Тигинен катарда жалгыздан басуу. | 3 апта | Май |
| 105, 108-сабак ачык абада | **Милдеттер.** «Баштан ары» ыкмасы менен алыстыкка ыргытууну билүү менен топту ыргытууга жана тосууга көнүгүү. <br>**Колдонуучу каражаттар:** топтор, тобурчактар <br>**I бөлүк.** Түгөйлөшүп, кол үчүн берилген тапшырманы аткарып, капталдап, кадамдап биринин аркасынан бири басуу. 2 мин. 45 с (250 м), орточо ылдамдыкта 2 м биринин аркасынан бири жай чуркоо. Басуу. 3–4 жолу терең дем алуу. Чынжырча түрүндө тизилүү. <br>**II бөлүк** <br>А). Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр: №9 комплекс. <br>Б). Негизги кыймылдар. <br>1. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 2 мин. 45с (250 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. <br>2. Топту ыргытуу жана тосуп алуу. <br>3. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30 сек. (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. <br>4. «Баштан ары» ыкмасы менен тобурчактарды алыстыкка оң жана сол кол менен ыргытуу. <br>5. Орточо ылдамдыкта түз чуркоо 1 мин. 30 с (200 м). Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. <br>В). **«Багбан жана гүлдөр», «Жолдошуңду корго» кыймылдуу оюндары.** <br>**III бөлүк.** Аянтчада жай басуу. | 3-4 апталар | Май |
| 106-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын жай жана тез ыргагында басууга көнүгүү; көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучта жөргөлөө жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; шыкалган топтордон жана шише сымал таякчалардан басууну кайталоо. <br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургуч, шише сымал таякчалар жана шыкалган топтор (12 даанадан), ар бир балага бирден шакекче. <br>**I бөлүк.** Тигинен катарга жалгыздан тизилүү; тарбиячынын белгиси боюнча ыргакты тездетүү жана акырындатуу менен басуу жана чуркоо; «Тез катарга» оюн көнүгүүсү. <br>**II бөлүк. *Шакекче менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү, кыймылдын негизги түрлөрү.*** <br>Эки кол менен тартылып, көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучта жөргөлөө (отургучтун капталдарын кармаңып) 2–3 жолу. <br>Бөйрөк таяныл, шыкалган топтордун арасы менен басуу (2–3 жолу). <br>Шише сымал таякчалардын арасынан эки бут менен секирүү (2–3 жолу). <br>***«Жолдошуңду корго» кыймылдуу оюну – топту ыргытуу жана тосуп алуу.*** <br>Балдар айлампада турушат. Эки оюн баштоочуну тандашат. Алардын бири айлампанын борборунда турат, ага балдар топ тийгизгенге аракет кылышат (башка чапканга тыюу салынат), экинчи оюн баштоочу тулку бою менен топту колу, буту менен чаап, жолдошун коргойт. Оюн баштоочуга ким топ тийгизсе, ал анын ордун алат. Биринчи оюн баштоочу жолдошун коргойт, ал эми жолдошун коргой албаган оюн баштоочу айлампага турат жана оюн уланат. <br>**III бөлүк.** Эң чапчаң оюнчунун аркасынан катарда басуу. | 4 апта | Май |

| № | МАЗМУНУ | МӨӨНӨТҮ | АЙ |
|---|---|---|---|
| 107-сабак | **Милдеттер.** Кыймылдын жай жана тез ыргагында басууга көнүгүү; көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучта жөргөлөө жөндөмдүүлүгүн бышыктоо; шыкалган топтордон жана шише сымал таякчалардан басууну кайталоо.<br>**Колдонуучу каражаттар:** 2 гимнастикалык отургуч, шише сымал таякчалар жана шыкалган топтор (12 даанадан), ар бир балага бирден шакекче.<br>**I бөлүк.** Тигинен катарга жалгыздан тизилүү; тарбиячынын белгиси боюнча ыргакты тездетүү жана акырындатуу менен басуу жана чуркоо; «Тез катарга» оюн көнүгүүсү.<br>**II бөлүк.** ***Шакекче менен жалпы өнүктүрүүчү көнүгүү, кыймылдын негизги түрлөрү.***<br>Эки кол менен тартылып, көмкөрөдөн жатып, гимнастикалык отургучта жөргөлөө (2-3 жолу).<br>Тизени жогору көтөрүп, каптал менен топту аттап басуу (2–3 жолу).<br>Шише сымал таякчалардын арасынан секирүү (2–3 жолу).<br>***«Жолдошуңду корго» кыймылдуу оюн.***<br>**III бөлүк.** Эң шамдагай оюнчунун аркасынан катарда басуу. | 4 апта | Май |

**Расулова Гульмира Самсалиевна**
**Орусбаева Токтобюбю Абдысаматовна**
**Фадина Антонина Ивановна**
**Тунгатарова Назгуль Кырманчиевна**
**Дворянинова Людмила Федоровна**
**Лужанская Светлана Владиславовна**

**3төн 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ**
**ӨНҮКТҮРҮҮ «БАЛАЛЫК» ПРОГРАММАСЫ**

Редактор *А. Д. Токтомаметов*
Корректорлор: *К. Ашырова, Ж. Жапиев*
Компьютердик калыпка салган: *В. Коваль, В. Вихарев*

Басууга 00.00. 2017-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Ариби Arial.
Форматы 60 x 84 $^1/_8$. Көлөмү 44 накта басма табак
Нускасы 4500. Буйрутма № 263

Басма иштери «Аркус басмасы»
ЖЧКсында даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

«ST. art Ltd» ЖЧК
типографиясында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199

ARCUS PUBLISHING

ПОЛИГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС
ST.art Ltd®